ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫ

ЦЕЛИ В ОБЛАСТИ УСТОЙЧИВОГО РАЗВИТИЯ

SUSTAINABLE DEVELOPMENT GOALS

1 ЖАКЫРЧЫЛЫКТЫ ЖОЮУ
ЛИКВИДАЦИЯ НИЩЕТЫ
NO POVERTY

2 АЧКАЧЫЛЫКТЫ ЖЕҢҮҮ
ЛИКВИДАЦИЯ ГОЛОДА
ZERO HUNGER

3 ЧЫҢ ДЕН-СООЛУК
ХОРОШЕЕ ЗДОРОВЬЕ И БЛАГОПОЛУЧИЕ
GOOD HEALTH AND WELL-BEING

4 САПАТТУУ БИЛИМ
КАЧЕСТВЕННОЕ ОБРАЗОВАНИЕ
QUALITY EDUCATION

5 ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИК
ГЕНДЕРНОЕ РАВЕНСТВО
GENDER EQUALITY

6 ТАЗА СУУ ЖАНА САНИТАРИЯ
ЧИСТАЯ ВОДА И САНИТАРИЯ
CLEAN WATER AND SANITATION

7 АРЗАН ЖАНА ТАЗА ЭНЕРГИЯ
НЕДОРОГОСТОЯЩАЯ И ЧИСТАЯ ЭНЕРГИЯ
AFFORDABLE AND CLEAN ENERGY

8 ЖАКШЫ ЖУМУШ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮҮ
ДОСТОЙНАЯ РАБОТА И ЭКОНОМИЧЕСКИЙ РОСТ
DECENT WORK AND ECONOMIC GROWTH

7 ИНДУСТРИЯ, ИННОВАЦИЯ ЖАНА ИНФРАСТРУКТУРА
ИНДУСТРИАЛИЗАЦИЯ, ИННОВАЦИИ И ИНФРАСТРУКТУРА
INDUSTRY, INNOVATION AND INFRASTRUCTURE

10 ТЕҢСИЗДИКТИ АЗАЙТУУ
УМЕНЬШЕНИЕ НЕРАВЕНСТВА
REDUCED INEQUALITIES

11 ТУРУКТУУ ШААРЛАР ЖАНА ЖАМААТТАР
УСТОЙЧИВЫЕ ГОРОДА И НАСЕЛЕННЫЕ ПУНКТЫ
SUSTAINABLE CITIES AND COMMUNITIES

12 ЖООПКЕРЧИЛИКТУУ КЕРЕКТӨӨ ЖАНА ӨНДҮРҮҮ
ОТВЕТСТВЕННОЕ ПОТРЕБЛЕНИЕ И ПРОИЗВОДСТВО
RESPONSIBLE CONSUMPTION AND PRODUCTION

13 КЛИМАТТЫК ӨЗГӨРҮҮ МЕНЕН КҮРӨШ
БОРЬБА С ИЗМЕНЕНИЕМ КЛИМАТА
CLIMATE ACTION

14 СУУНУН АСТЫНДАГЫ ЖАШОО
СОХРАНЕНИЕ МОРСКИХ ЭКОСИСТЕМ
LIFE BELOW WATER

15 ЖЕРДИН ҮСТҮНДӨГҮ ЖАШОО
СОХРАНЕНИЕ ЭКОСИСТЕМ СУШИ
LIFE ON LAND

16 ТЫНЧТЫК ЖАНА АКЫЙКАТТЫК
МИР, ПРАВОСУДИЕ И ЭФФЕКТИВНЫЕ ИНСТИТУТЫ
PEACE, JUSTICE AND STRONG INSTITUTIONS

17 ЖАЛПЫ МАКСАТТАР ҮЧҮН ӨНӨКТӨШТҮК
ПАРТНЕРСТВО В ИНТЕРЕСАХ УСТОЙЧИВОГО РАЗВИТИЯ
PARTNERSHIPS FOR THE GOALS

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) 2018-ЖЫЛГА БАЯНДАМАСЫ

# 2018-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АДАМДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫН УКУКТАРЫНЫН ЖАНА ЭРКИНДИКТЕРИНИН САКТАЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) БАЯНДАМАСЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫ

70 жыл АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ
#STANDUP4HUMANRIGHTS







КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
АКЫЙКАТЧЫСЫ

# 2018-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) баяндамасы

Бишкек, 2019

Жылдык баяндама "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-июлундагы №136 Мыйзамынын 11-беренесине ылайык даярдалган.

Бул баяндама Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппараты тарабынан даярдалган. Аны даярдоого адам укуктары боюнча эксперт Дмитрий Кабак (kabak.dmitry@gmail.com) көмөк көрсөттү.

Мазмуну үчүн авторлор жооптуу.

Улуу Британия
Элчилиги
Бишкек

Дизайн жана басылма Эл аралык Penal Reform International уюмунун Борбордук Азиядагы аймактык Өкүлчүлүгү (Түрмө реформасы уюму PRI) тарабынан жана Кыргызстандагы Улуу Британия Элчилигинин каржылык колдоосундагы «Кыргызстанда кыйноолор жана катаал, адамгерчиликсиз жана кадыр-баркты басмырлаган мамилеге жана жазалоолорго каршы күрөшүүдө мамлекеттин жана жарандык коомдун аракетин колдоо» долбоорунун алкактарында даярдалган.

Бул жарыялоо Penal Reform International уюмунун Борбордук Азиядагы аймактык Өкүлчүлүгүнүн жана донор-уюмдун көз карашын чагылдырбайт.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Ш. Жээнбековдун сөзү ....... 7
Кыргыз Республикасыны Жогорку Кеңешинин Төрагасы Д.А. Джумабековдун сөзү ....... 9
Киришүү ....... 11
I БӨЛҮМ. Кыргыз Республикасы – Эл аралык коомчулуктун бөлүгү ....... 13
1.1. Кыргыз Республикасынын адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык механизмдердин алкактарындагы милдеттенмелери ....... 13
II БӨЛҮМ. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын жана анын аппаратынын 2018-жылдагы ишмердиги жөнүндө ....... 48
2.1. 2018-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) келген кайрылуулардын саны жана мүнөзү ....... 48
2.3. Адамдын жана жарандын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү ....... 65
2.4. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу фактылары жана 2018-жылдагы Көңүл буруу актылары ....... 89
2.5. КР Акыйкатчысынын 2017-жыл үчүн жылдык баяндамасынын сунуштамаларынын аткарылышы ....... 102
III БӨЛҮМ. СОЦИАЛДЫК, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ УКУКТАР ....... 104
3.1. Кыргыз Республикасындагы инкурабелдик бейтаптардын күчтүү таасир этүүчү оорутпай турган дарылык каражаттардын жеткиликтүүлүгү боюнча паллиативдик жардамга болгон укугу ....... 104
3.2. Майыптыгы бар адамдардын эмгек укуктарынын сакталышы жана ишке ашырылуусу ....... 113
3.3. Эмгек мигранттарынын укуктарынын чет өлкөлөрдө сакталышы ....... 127
IV БӨЛҮМ. Аялдардын жана балдардын укуктары ....... 143
4.1. Билим алууга укуктардын сакталышы ....... 143
4.2. Балдарга карата зомбулук маселелери жана эмгек мигранттарынын балдарына байланыштуу көйгөйлөр ....... 151
4.3. Алименттерди төлөө боюнча милдеттенмелердин аткарылышына байланыштуу маселелер ....... 164
V БӨЛҮМ. Жарандык жана саясий укуктар ....... 173
5.1. Тынч чогулуштарга эркин чогулуу укугу ....... 173
5.2. Абийир жана дин тутуу эркиндигине укуктарды жүзөгө ашыруу ....... 178
5.2.1. Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктарынын алкактарынан чыкпоо тууралуу тыюу салууларды бузуулар ....... 181
5.2.2. Мамлекеттик башкарууга дин аралашпоосу конституциялык принцибинин жана дин жана анын ырасымдарынын мамлекеттен ажыратуу принцибинин бузулушу ....... 183
5.2.3. Диний келишпөөчүлүк жана кодулоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тыюу салууларды бузуулар ....... 186
5.3. Аскер кызматкерлеринин укуктарын камсыз кылуунун абалы ....... 191
VI БӨЛҮМ. Адилеттүү соттук териштирүүгө укук ....... 200
6.1. Сот адилеттүүлүгүнө жетүүгө укук. Мамлекеттик алым ....... 200
6.2. Мыйзамсыз түрдө кылмыш жообуна тартылган жарандардын укуктарын сактоо (соттун чечими менен акталып чыккандар) ....... 207
6.3. Экстремисттик багыттагы материалдарды сактап жүрүүгө айыпталган жарандардын укуктарынын сакталышы ....... 209

6.3.1. Мыйзамдар боюнча «экстремисттик» делген материалдарды жиктөө көйгөйлөрү: ....215
6.3.2. Эстремисттик материалдарды таркатуу жана «сактоо» ниетинин жоктугу ....218
6.3.3. «Тыюу салынган материалдардын» тизмеси ....220
6.3.4. Жалгыз далил катары таанылган экспертизанын корутундусу ....221
6.3.5. Акыйкат сот өндүрүшүнүн стандарттарынын бузулушу ....226
6.3.6. Башка жазык ишинин алкагында ыкчам иликтөө жана тергөө иш чараларын жүргүзүү ....227
6.3.7. Мыйзамдарды бузуу менен алынган далилдерге жол берилбестик ....229
6.3.8. «Экстремисттик материалдарды сактоодо» айыптын үй-бүлө мүчөлөрүнө жана окуя болгон жерде жашаган бардык адамдарга таркашы ....231
6.3.9. Жабык соттук териштирүүлөр ....232
VII БӨЛҮМ. Адам укуктарынын укук коргоо органдары тарабынан жана эркиндикти чектеген же эркиндиктен ажыраткан жайларда сакталышы ....235
7.1. Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин мыйзамга ылайык келбеген иш-аракеттерине карата жарандардын арыздары ....235
7.2. Адам укуктарын сактоодо коомдук кеңири резонанс жаратканн 2018-жылдагы иштерди талдоо....246
7.3. Жабык жайларда медициналык жардам көрсөтүлүшүнө байкоо жүргүзүүнүн улуттук стандартары боюнча жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы ....259
7.3.1. Негизги жыйынтыктар жана сунуштар....264
VIII БӨЛҮМ. Психиатриялык стационарларда жүргөн адамдардын укуктарынын сакталышы ....274
8.1 Психиатриялык стационарга түшкөн адамдардын, аларды изилдөө жана дарылоо үчүн зарыл болгон мөөнөттө гана кармоого карата укуктары ....277
8.2. Психиатриялык мекемелерде жаткан адамдардын дарылык тамактанууга болгон укугу ....280
8.3. Адамдык кадыр-баркты басмырлоого жол бербеген сый жана адамгерчиликтүү мамилеге болгон укук....285
8.4. Психикалык оорулардан жабыркаган адамдардын бир аз жеңил чектелген шарттарда, мүмкүн болсо – жашаган жери боюнча психиатриялык жардам алууга болгон укугу ....286
БАЯНДАМАГА ТИРКЕМЕЛЕР ....291
№1 тиркеме. 2018-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сунуштамалары менен эсептешпеген, адам укуктары менен эркиндиктерин бузган мамлекеттик органдар, ишканалар, мекемелер, уюмдар жана алардын кызмат адамдары .... 292
№2 тиркеме. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине жарандардын кайрылууларынын келип түшүүсү жөнүндө 2018-жылдын жыйынтыгы боюнча санариптүү отчет. 2018-жылдын 31-декабрына карата.... 305
№3 тиркеме. 2018-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы боюнча отчет .... 306
№4 тиркеме. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын 2017-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө жылдык баяндамасы боюнча КР Жогорку Кеңешинин № 2662-VI Токтомунун сунуштамаларынын аткарылышы жөнүндө таблица .... 307
Корутунду .... 339

# КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **АУЖД** | Адам укуктарынын жалпы декларациясы |
| **БДСУ** | Бүткүл дүйнөлүк саламаттык уюму |
| **БУУ** | Бириккен Улуттар Уюму |
| **БУУӨП** | БУУнун өнүктүрүү программасы |
| **ДИМК** | Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия |
| **ДМЧА** | Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар |
| **ЕККУ** | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму |
| **ЖАМК** | Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы |
| **ЖӨБ** | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу |
| **ЖСУЭП** | Жарандык, саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт |
| **ЖЧК** | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| **ИИО** | Ички иштер органы |
| **КБ** | Коомдук бирикме |
| **КМДБ** | Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы |
| **КР** | Кыргыз Республикасы |
| **КР ЖАК** | Кыргыз Республикасынын Жазык аткаруу кодекси |
| **КР ЖПК** | КР Жазык процесстик кодекси |
| **КР КЖК** | Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза аткаруу кодекси |
| **КР СФ** | Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду |
| **КР ЭСӨМ** | КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги |
| **КФ** | Коомдук фонд |
| **Мамэкотех-инспекция** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция |
| **МКК** | КР Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик кадр кызматы |
| **ММК** | Массалык маалымат каражаттары |
| **ММКФ** | Медициналык милдеттүү камсыздандыруу фонду |
| **МСЭК** | Медициналык-социалдык эксперттик комиссия |
| **ОМ** | Орто мектеп |

| | |
|---|---|
| **ӨЭА** | Өмүр бою эркинен ажыратылган |
| **ӨЭУ** | Өкмөттүк эмес уюм |
| **«ПЖТ+»** | «Преференциялардын жалпы тутуму+» |
| **РИИБ** | Райондук ички иштер бөлүмү/Райондук ички иштер башкармалыгы |
| **РПСБ** | Республикалык психиатриялык саламаттык борбору |
| **САКБ** | Сот аткаруучулар кызматынын бөлүмү |
| **СМЭ** | Соттук-медициналык экспертиза |
| **ТИЗО** | Тергөө изолятору |
| **ТК** | Түзөтүү колониясы |
| **ТМ** | Түзөтүү мекемеси |
| **УКМК** | Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети |
| **УКЖ** | Убактылуу кармоочу жай |
| **УУКМ** | Улуттук укук коргоо мекемелери |
| **ҮДТ** | Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу |
| **ҮКБ** | Үй-бүлөнү коргоо бөлүмү |
| **ҮМБ** | Үй-бүлөлүк медицина борбору |
| **ШКО** | Шаардык клиникалык оорукана |
| **ЭЭУ** | Эл аралык эмгек уюму |
| **ЭСМУЭП** | Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт |
| **ЮНИСЕФ** | БУУнун балдар фонду |

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ СООРОНБАЙ ЖЭЭНБЕКОВ:

## *«АДАМ УКУГУНУН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫНДА КАМТЫЛГАН ИДЕЯЛАР КЫРГЫЗ КООМУНУН МЕНТАЛИТЕТИНЕ, ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНА ТУУРА КЕЛЕТ»**




Адам укуктарынын жалпы декларациясы кийинки мезгилде жалпы адамзат тааныган документтерге, алардын ичинде жарандык, саясий, экономикалык жана социалдык укуктар жөнүндөгү эл аралык пакттарга пайдубал катары кызмат кылды.

Декларацияда камтылган идеялар кыргыз коомунун менталитетине, дүйнө таанымына туура келет. Анда жазылган аялдар менен эркектердин тең укук-туулугу, адамдардын улутуна, тилине, динине карабай бирдей укугун таануу, коомдогу достук мамилелерди чыңдоо чакырыктары — биздин ата-бабала-рыбыз аздектеп келген баалуулуктар менен үндөш.

Ар бир инсандын ар-намысын сыйлоо, балдардын, аялдардын укугун кор-гоо — илгертен келе жаткан тарыхый мурасыбызды, улутубуздун рухий дөөлөттөрүн сактоо менен барабар.

Ошондуктан биз — Кыргызстандын эли, 1994-жылы, Орто Азия чөлкөмүндө

* *Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбековдун* «Адам укуктарынын жалпы декларациясы Кыргыз Республикасында конституционализмдин жана парламенттик демократиянын негизи катары» темасындагы эл аралык конференцияда сүйлөгөн сөзүнөн 10-декабрь, 2018-жыл

биринчи болуп, Адам укуктарынын жалпы декларациясына кошулганбыз.

Андан бери чейрек кылым убакыт өттү. Адам укуктарын коргоо — ошол бойдон биздин мамлекеттин негизги милдети катары сакталып келет.

Акыркы мезгилде, дүйнөнүн ар кайсы булуң-бурчунда, ишмердиги адам укуктарына каршы келген уюмдардын активдешкенин көрүп жатабыз.

Ар кандай саясий жана диний лозунгдарга жамынып, адам өмүрүн кыюуга баргандарды, адамдардын ден соолугун бузуп, аларды майып кылгандарга биз дайыма каршыбыз.

Биз алардын зордук-зомбулугун чечкиндүү айыптайбыз жана аларга каршы дүйнө коомчулугунун аракетин колдойбуз.

Кыргыз коомчулугу Декларацияда жазылбай калган, бирок, жалпы дүйнөгө зарыл болгон баалуулуктарды да сактоого ынтызар.

Мисалы, биздин — ата-бабаларыбыз адамгерчиликти бийик тутуп, адамдын баркын, кадырын жогору койгон. Ошону менен бирге эле жаратылышты кастарлап, жан-жаныбарга өзгөчө мамиле жасаган , табият менен ширелише жашаган эл экенибизди баса белгилегим келет.

Мунун далили катары — биздин дүйнө таанымыбызды таасын чагылдырган улуу жазуучубуз, нукура гуманист Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын айтсак болот.

Адам укуктарынын жалпы декларациясында сот адилеттигине жана соттук териштирүүлөрдүн ачык–айкындыгына чоң маани берилет. Ошону менен катар, укук коргоо органдарынын „өзүм билемдигине" жол бербөө зарылдыгы да баса белгиленген.

Кыргызстан акыркы мезгилде ушул багыттар боюнча чечкиндүү иштерди баштады. 2019-жылы соттук-укуктук реформанын практикалык этабы — жаңы укуктук нормалардын негизинде жашообуз башталат.

Сотко чейинки кармоо жана тергөө иштери, соттук териштирүүлөр, соттун чечимин аткаруу жумуштары кодекстердин жана мыйзамдардын жаңы нормалары менен жүргүзүлөт. Кылмыштардын жана жосундардын Бирдиктүү реестри түзүлөт. Тергөө, сот, соттун чечимин аткаруу процесстери ачык-айкын болот. Пробация институту ишке киргизилет. Кыргызстан жаңы укуктук мейкиндикке кирет.

Кыргыз Республикасынын
Президенти

С. Ш. Жээнбеков

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ТӨРАГАСЫ ДАСТАНБЕК ЖУМАБЕКОВ:

## *«АДАМ УКУКТАРЫН ЖАНА ЭРКИНДИГИН КАМСЫЗДООДО БИРИНЧИ КЕЗЕКТЕГИ МИЛДЕТ АДАМДЫН ИНСАНДЫГЫНЫН УКУКТУК СТАТУСУН, АНЫН ЭРКИНДИГИН ТАСТЫКТАГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЛУП САНАЛАТ»*.*




Бул багытта Кыргыз Республикасынын БУУнун Конвенцияларынын көбүнө жана адам укуктарына тиешелүү башка эл аралык документтерге кошулуусу, ошондой эле өзүнүн мүнөзү жана мазмуну боюнча жогоруда аталган документтердин талаптарына жооп берген бир катар мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды кабыл алуусу маанилүү кадам болуп саналат.

2010-жылдын 27-июнундагы референдумда (жалпы элдик добуш берүүдө) Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы кабыл алынган, анда эл аралык-укуктук эталонго толук жооп берген жана коомдон кадыресе турмуштук шарттардын түзүлүшүнө багытталган адам укуктарынын жана эркиндигинин тизмеги камтылган.

Өткөрүлүп жаткан сот-укуктук реформалардын алкагында жаңы Жарандык-процесстик кодекс, Административдик-процесстик кодекс, "Сот аткаруучуларынын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" Кыргыз

* КР Жогорку Кеңешинин төрагасы Д. А.Жумабековдун "Адам укуктарынын жалпы декларациясы Кыргыз Республикасында конституционализмдин жана парламенттик демократиянын негизи катары" темасындагы эл аралык конференцияда сүйлөгөн сөзүнөн. 10-декабрь, 2018-жыл.

Республикасынын Мыйзамы кабыл алынып 2017-жылдын июлунда колдонууга киргизилген, ошондой эле Кылмыш-жаза кодекси, Жосундар жөнүндө кодекс, Бузуулар жөнүндө кодекс, Жазык-процесстик кодекси, Жазык-аткаруу кодекси, “Мунапыстын негиздери жана аны колдонуунун тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган. Алар 2019-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

Аталган кодекстер менен мыйзамдардын концепциясы төмөнкүлөргө багытталган:

- жарандык процесстик мыйзамдарга алдын ала сот жыйналышы институтун киргизүүгө;
- колдонуудан калган сот өндүрүшүн кайра калыбына келтирүү маселелерин ЖПКда жөнгө салууга;
- жазык мыйзамдарын гуманизациялоого;
- соттолгондорду эркиндигинен ажыратпай туруп сот белгилеген сыноо мөөнөтүнө карата пробация органынын көзөмөлү алдында жайгаштырыла турган шарттуу соттоо формасы болуп эсептелген пробация институтун киргизүүгө;
- тараптардын ортосунда кызматташуу, күнөөнү мойнуна алуу, тараптардын келишүүсү тууралуу айыптоочу жана жактоочу тараптардын макулдашууларды түзүү мүмкүнчүлүгүнө;
- тергөө жана соттук процедураларды конкреттештирүүнүн эсебинен соттук тергөөнүн тартибин жөнөкөйлөтүүгө жана башкаларга.

Өткөрүлүп жаткан сот реформасынын негизги максаты эл аралык стандарттарга ылайык укуктун үстөмдүгүнүн негизинде сот адилеттүүлүгүнө карата адам укуктарынын ишке ашырылышы үчүн шарттарды камсыз кылуу болуп саналат.

Жогоруда аталган кодекстер менен мыйзамдардын кабыл алынышын адам укуктарына жана эркиндигине негиздерди камсыз кылууга карата Кыргызстандын умтулуусун тастыктаган дагы бир мисал болуп саналат деп эсептеймин.

Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин Төрагасы

Д.А. Жумабеков

# КИРИШҮҮ

Акыйкатчынын жылдык баяндамасы – бул өткөн жылдын окуяларын адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин призмасы аркылуу өткөрүү болуп саналат.

Сиздердин алдыңыздарда - 2018-жыл үчүн баяндама. 2018-жыл Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 25 жылдыгы, Кыргыз Республикасынын Парламентинин 80 жылдыгы жана Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 70 жылдыгы менен белгиленгенин көрсөтүүнү маанилүү деп эсептейм. Эл аралык конференция ушул датага туш келтирилди, ал 10-декабрда – Адамдын укуктарын коргоо күнүндө өткөрүлдү. Аталган конференциянын ишине Кыргыз Республикасынын Президенти С.Ш. Жээнбеков, Жогорку Кеңештин Төрагасы Д.А. Жумабеков жана Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри, Адам укуктары боюнча координациялык кеңештин төрагасы Ж. Разаковдор катышып, сөз сүйлөштү. Бул конференцияда өлкөнүн жогорку жетекчилиги Кыргыз Республикасынын аймагында адамдын жана жарандын укуктарын коргоо маселелериндеги өз позицияларын белгиледи.

КР Акыйкатчысынын жылдык баяндамасында арыз ээлеринин кайрылуулары чагылдырылган, аларды карап чыгуу менен аппараттын кызматкерлери конкреттүү даттануулардын жана иштердин жагдайларын калыбына келтирди, өлкөнүн башка мамлекеттик органдарына суроо-талаптарды жөнөттү, ошондой эле Кыргызстандын колдонуудагы мыйзамдарынын КР Конституциясына, адамдын укуктарын коргоо жаатындагы эл аралык мыйзамдарга, пактыларга жана конвенцияларга шайкештиги жагынан талаптарын кең-кесири иликтеди.

Тигил же бул маселени көтөрүү менен, биз бийликтин бардык органдарынын – Жогорку Кеңештин (парламенттин), Өкмөттүн жана аткаруу бийлик органдарынын түзүмүнө кирген башка органдардын күч-аракеттерин чагылдырууга аракет кылдык. Сот органдарынын ишин жана чечимдерин карап чыгуу менен, биз алардын көз карандысыздыгын урматтап, ошол эле учурда адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин козгогон сот практикасындагы тенденцияларды да белгиледик.

«Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамы Акыйкатчыга жана анын атынан иш алып баруучу кызматкерлерге кайрылууларды кароого гана эмес, ошондой эле өз демилгеси боюнча аракеттенүүгө укук берет. Акыйкатчы институту өзүнүн иши жарандардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын юрисдикциясында турган чет өлкөлүктөрдүн жана жарандыгы жок адамдардын ар күндөгү турмушуна оң өзгөрүүлөрдү алып келишине умтулат.

Сунушталып жаткан «2018-жыл үчүн жылдык баяндама» арыз ээлери кайрылышына негиз болгон маселелерди, ошондой эле чечим кабыл алып жаткан адамдардын көңүл буруусун талап кылган айрым темаларды чагылдырат. Адилеттүүлүк үчүн айта кетүү керек, айрым маселелер Акыйкатчынын баяндамаларында биринчи жолу белгиленип жаткан жок, бул үчүн

сунуштамаларды аткаруунун мониторинги жүргүзүлөт. Мындан тышкары, алардын айрым бөлүгүн чечүү башка мамлекеттик органдардын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына кирет.

Бир жагынан көз карандысыз орган болуу менен, Акыйкатчы аппаратынын ар түрдүү бийлик органдарына жана жабык мекемелерге баруу үчүн зарыл ыйгарым укуктары бар, экинчи жагынан, Омбудсмендин ыйгарым укуктары, ар кандай мамлекеттик орган сыяктуу эле, анын аракеттерин чектейт.

Өз ишибиздин натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында жарандык коомдун уюмдары жана эл аралык уюмдар менен кызматташтыкты жүзөгө ашырып, адамдын укуктары менен эркиндиктерин алда канча натыйжалуу камсыз кылууга жетишүүгө умтулуп жатабыз. Буга байланыштуу институтту автоматташтырууну, электрондук иш кагаздарын жүргүзүүнү киргизүүнү зарыл деп эсептейбиз – бул милдет финансылык каражаттарды, тиешелүү программалык камсыз кылууну жана Акыйкатчы институтунун кызматкерлерин окутууну талап кылат. Кызматташтыктын аркасында бизге бөлүнгөн каражаттардын чектеринде алдыга коюлган милдеттерди аркалап жатабыз. Алсак, 2018-жылы Окуу борборун түзүү боюнча иш башталды, анын базасында ар түрдүү иш-чараларды өткөрүү, ресурстук борборду жана адам укуктары боюнча китепкананы, анын ичинде жеткиликтүү онлайнды түзүү пландаштырылып жатат.

# І БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ — ЭЛ АРАЛЫК КООМЧУЛУКТУН БӨЛҮГҮ

## 1.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДАМ УКУКТАРЫ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ЭЛ АРАЛЫК МЕХАНИЗМДЕРДИН АЛКАКТАРЫНДАГЫ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ

Бүткүл дүйнөлүк коомчулук 2018-жылы анын универсалдык милдеттенмелери жана укуктук принциптери юридикалык күчкө ээ, б.а. адамдын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо болгон Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 70 жылдыгын майрамдады.

БУУнун Уставынын негизги максаттарына, укуктун үстөмдүгүнө, адам укуктарын коргоого жана демократиялык принциптердин тарапкери болгон Кыргызстан эл аралык деңгээлде адам укуктары чөйрөсүндө активдүү иштеп келүүдө. БУУнун алкактарындагы 9 эл аралык келишимдин ичинен 8 келишим өлкөбүз тарабынан ратификацияланган[1].

Кыргызстан 2011-жылдын 21- сентябрында кол коюлган БУУнун Майыптардын укуктары жөнүндөгү Конвенциясына кошулган. 2019-жылдын 7-февралында КР Жогорку Кеңешинин отурумунда депутаттар «Майыптардын укуктары жөнүндөгү БУУнун Конвенциясын ратификациялоо жөнүндө» мыйзам долбоорун кабыл алышкан[2]. 2019-жылдын 13-мартында Кыргыз Республикасынын Президенти С.Ш. Жээнбеков тарабынан Мыйзамга кол коюлган.

Кыргыз Республикасы баардыгы болуп БУУнун алкактарындагы адам укуктары чөйрөсүндөгү 40 эл аралык документтер боюнча милдеттенмелерди кабыл алган. 42 Эл аралык эмгек уюмунун, ошондой эле Хельсинки Корутунду актысы боюнча милдеттенмелерин тастыктап, адам укуктарын коргоо жана универсалдык баалуулуктарды баалоо, укуктун үстөмдүгү, адам укуктары жана демократия чөйрөсүндөгү БУУ жана ЕККУ принциптерин жана чемдерин аткарууга даярдыгын тастыктаган.

Мындан тышкары, Кыргызстан адам укуктарын коргоо чөйрөсүндө Европа Бирлиги менен кызматташууга өзгөчө маани берет. 2007-жылы «Европа Бирлигинин Борбордук Азия өлкөлөрү менен жаңы өнөктөштүгүнүн стратегиясы» кабыл алынган.

---

1. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (мындан ары – ЖСУЭП), Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (мындан ары –ЭСМУЭП), Кыйноолорго Аялдарга карата кодулоонун бардык түрүн жоюу жөнүндө конвенция, (мындан ары-АКЖК), Балдар укуктары жөнүндө конвенция (мындан ары – БУК), Расалык кодулоонун бардык түрүн жоюу жөнүндө эл аралык конвенция (мындан ары –РКЖК) жана Бардык эмгекчи мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенция (мындан ары – ЭМЭК).

2. "Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан 2006-жылдын 13-декабрында кабыл алынган жана 2011-жылдын 21-сентябрында кол коюлган Майыптардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясын ратификациялоо тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. http://president.kg/kg/okujalar/myjzamdar/13613_kirgizstan_mayiptardin_ukuktari_ghnnd_buunun_konvenciyasin_ratifikaciyaladi

Бул өлкөлүк документтин алкактарында Европа Бирлигинин Кыргыз Республикасы менен кызматташуусунун башкы багыттарынын бири катары укук үстөмдүгү жана адам укуктарынын сакталышы маселеси, анын ичинде КР жана ЕБ ортосунда эки тараптуу негизде «Адам укуктары боюнча диалогду» түзүү белгиленген.


2018-жылы июнда Бишкек шаарында КР жана ЕБ ортосундагы Адам укуктары боюнча кезектеги ар жылдык диалог жүргүзүлгөн. Мындай диалогдорду жүргүзүү жана ага катышуу Кыргызстандын демократия жана адам укуктарынын универсалдуу принциптерине тарапкерлигин тастыктайт жана адам укуктары боюнча бирдей түшүнүктү иштеп чыгууга жана аны өнүктүрүүгө, ЕБ тарабынан бул чөйрөдөгү кызматташуу программаларын колдоо жана ишке ашырууну кошо алганда шарт түзөт.

Аны ырастоо болуп Кыргызстандан чыккан товарларга Европа Бирлиги тарабынан 2016-жылдын 26-январынан тартып, «Преференциялардын жалпы тутуму+» (текстте мындан ары-ПЖТ+) колдонулушу болду. Евробирликтин ПЖТ+ тутуму - бул соода саясатынын куралы, ал өнүгүп жаткан өлкөлөргө алардын экономикалык өсүшүнө жана экспорттук кубатынын артышына көмөк көрсөтүү максатында импорттоого карата бажы алымдарын жоюуну карайт.

ПЖТ+ бенефициар өлкөлөр тарабынан адам укуктары, эмгекти коргоо, айлана чөйрөнү коргоо жана ак ниет башкаруу чөйрөсүндөгү 27 эл аралык конвенциянын талаптарын сактаган шартта, алымсыз сооданын артыкчылыктарын карайт.

ПЖТ+ ылайык Кыргызстандын экспорттоочулары Евробирликке 6 миңден ашуун аталыштагы товарларды алымсыз жабдып туруу мүмкүнчүлүгүн алышты. Адам укуктары боюнча универсалдык келишимдердин айлана чөйрөнү коргоо боюнча жана ак ниет башкаруу боюнча милдеттенмелерин аткаруу Кыргызстанга карата ПЖТ+ индикаторлору болуп саналат.

## ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫ (2015-2030)



Адам укуктары бардык программалар жана стратегиялар үчүн, тынчтык, коопсуздук, өнүгүү, гуманитардык жардам, экономикалык жана социалдык маселелер сыяктуу орчундуу тармактардын баарына өзөктүү тема болуп саналат.

Адамдардын жарандык, маданий, экономикалык, саясий жана социалдык укуктарынын сакталышынын даражасы адамдык туруктуу өнүгүүгө жетүүгө түздөн-түз таасирин тийгизет.

Туруктуу тынчтык жана өнүгүү планетанын жана бүтүндөй адамзатынын келечеги үчүн негизги өбөлгөлөр болуп саналат. Мындай көз караш 2030-жылга чейинки мезгилге Туруктуу өнүгүүнүн күн тартибинде бекитилген (2030-жылдын Күн тартибине), жакырчылыкты жоюуга, тынч коомдорду өнүктүрүүгө, калктын гүлдөп-өнүгүшүн жана жыргалчылыгын колдоо жана курчап турган чөйрөнү азыркы жана келечектеги муундар үчүн сактоону көздөйт. БУУнун мүчө-мамлекеттери бул Күн тартибин 2015-жылы Нью-Йоркто бир добуштан жактырышты жана муну менен туруктуу өнүгүүнүн максаттарын (ТӨМ) жана өзгөртүүгө багытталган дымактуу (амбициялуу) милдеттенмелерди[3] улуттук саясатка жана программаларга киргизүүнү, ошондой эле зарыл ресурстарды бөлүүнү камсыздоону өзүлөрүнө алышкан.

Кыргыз Республикасы тарабынан көз карандысыздык жылдары көптөгөн стратегиялык документтер иштелип чыккан, алар өзүлөрүнө абалды терең талдоону жана өлкөнү экономикалык өнүктүрүү боюнча көптөгөн сунуштамаларды камтышкан. Өз кезегинде «Комплекстүү өнүктүрүүнүн негиздери» (2001-ж.), «Жакырчылыкты жоюунун улуттук стратегиясы» (2003-ж.), «Жаңы экономикалык саясат» (2009), Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы (2013-2017-жылдар), алар мезгилдин чакырыктарына жооп бере турган өлкөнүн саясий, экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн негизги багыттарын аныктаган.

Өлкөнүн келечегин стратегиялык көрө билүүнүн болушу өлкөнүн узак мезгилге өнүгүү максаттарына жетүүгө шарт түзүүчү орто мөөнөттүү долбоорлорду жана программаларды жүзөгө ашырууга шарт түзөт.

2018-жылы ноябрда кабыл алынган Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдарга өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы[4] да аталышында туруктуулукту чагылдырган максат камтылбаганына карабастан, өлкөнүн келечегин стратегиялык көрө билүүнү аныктоого багытталган. Бул стратегияны ишке ашыруу үчүн Өкмөт тарабынан «Жаны доорго - кырк кадам» программасы кабыл алынган, ал бир эле убакта 5 жыл ичинде өлкөбүздүн калкынын турмушунун сапатын жакшыртууга багытталган биринчи кезектеги 40 кадамды ишке ашырууга эсептелген.

3. Туруктуу өнүгүүнүн максаттары Бириккен Улуттар Уюмунун бардык 193 мүчө-мамлекети тарабынан, 2000-жылдан 2015-жылга чейинки аралыктагы Миң жылдыктын өнүктүрүү максаттарын ишке ашыруунун тажрыйбасын жана сабактарын эске алуу менен 2015-жылы 25-сентябрда жактырылган. Туруктуу өнүгүүнүн максаттары дүйнөнүн бардык өлкөлөрү үчүн экономикалык, экологиялык жана социалдык өнүгүүсү үчүн туруктуу каражаттарды түзүүгө багытталган өнүктүрүү боюнча узак мөөнөттүү глобалдуу милдеттерди аныктайт. Бул жаңы глобалдык максаттар, ага жетүүнүн процесстери кыскача түрдө "2030 күн тартиби" деп аталат, 2016-жылы 1-январда күчүнө кирген жана аларга 2030-жылы жетишилүүгө тийиш.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, Бишкек ш. 2018-жылдын 31-октябры, ПЖ №221

Туруктуу өнүгүүнүн максаттары (ТӨМ) ошондой эле, жакырчылыкты жоюуга, планетанын ресурстарын сактоо жана баардыгы үчүн жыргалчылыкты камсыз кылууга багытталган 17 глобалдуу максаттан турат.

ТӨМдүн глобалдуу индикаторлорун жетекчиликке алып, улуттук органдар тарабынан өлкөлүк индикаторлор жана туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү үчүн өлкөлүк индикаторлор жана көрсөткүчтөр иштелип чыккан. Бирок, мамлекеттик деңгээлде ТӨМдү ишке ашыруу боюнча саясат аныктала элек, ал приоритеттүү багытта жылдарга бөлүштүрүлүп, глобалдуу максаттарга шайкеш келтирүү аныкталган эмес.

Улуттук программаларды жана стратегияларды ТӨМдүн иштелип чыгылып калган индикаторлорду жана жетишкендиктердин көрсөткүчтөрүн эсепке алуу менен адаптациялоо зарыл, ал өзүнө алган милдеттенмелерди ишке ашырууну эл аралык деңгээлде көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Парламент Туруктуу өнүгүүнүн максаттарын колдоого алып, ага жетүүгө мониторинг жүргүзөт[5].

Адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоо жана камсыздоо коомдун турмушундагы стабилдүүлүктүн негизги көрсөткүчү болуп саналат. Укук үстөмдүгү деген бардык мыйзам алдындагы актылар жана укук колдонуу актылары мыйзамга баш ийет жана карама-каршы келбейт, бардык ченемдик-укуктук актылар (анын ичинде конституция жана мыйзамдар) жана мамлекеттик бийликтин бардык ишмердиги адамдын ар-намысын, эркиндиктерин жана укуктарын коргоого баш ийет дегенди туюндурат. Анда укук үстөмдүгү ишке ашырылган мамлекет укуктук мамлекет деп аталат.

Мисалы, №16 максат мамлекетти Туруктуу өнүгүүнүн максаттары үчүн (ТӨМ) тынч жана ачык коомдорду белгилөөнү, сот адилеттигине баарынын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо жана натыйжалуу, отчеттуулуктагы бардык деңгээлдердеги ачык институттарды милдеттендирет. №16 максаттарга жетүү бир катар милдеттерди аткаруу боюнча бааланат, алардын айрымдары өзүнө укук үстөмдүгүнүн натыйжалуу, отчеттуулуктагы, транспаренттик институттарды түзүү сыяктуу элементтерин (16.6- милдет) камтыйт, ошондой эле ийкемдүү, ачык, бардык деңгээлдердеги чечим кабыл алуунун репрезентативдик процесстерине кеңири катышууга таянуучу (16.7 милдети) болуп саналат. Бирок, 16.3 милдети мамлекетти «улуттук жана эл аралык деңгээлдерде укук үстөмдүгүнүн өнүгүшүнө жана баардыгы үчүн сот адилеттигине бирдей жеткиликтүүлүктү» камсыздоого шарт түзүүчү милдеттендирүүчү болуп саналат, жаран менен мамлекеттин ортосундагы мамилелерди жандандырууга уникалдуу мүмкүнчүлүгүн берет[6].

Укук үстөмдүгү принцибинин универсалдуу аныктамасын The World Justice Project эл аралык уюму аныктады, ал соңку жылдардын аралыгында жыл сайын «Укук үстөмдүгүнүн индексин» түзөт. Глобалдуу изилдөө жүргүзүп, алардын

5. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 2017-ж. 10-июлдагы A/RES/71/313 Резолюциясы

6. Демократияга укук аркылуу Европа комиссиясы (Венециан комиссиясы) - "Укук үстөмдүгүнүн сакталышын баалоо үчүн көзөмөлдөө суроолорунун тизмеси" – Венециан Комиссиясынын 106-пленардык отурумунда кабыл алынган (Венеция, 2006-жылдын 11-12-марты).

укуктук чөйрөнү түзүү көрсөткүчү боюнча дүйнө өлкөлөрүнүн беделин аныктайт. Мындай универсалдуу принциптер болуп, өкмөттүн отчеттуулугу; адамдын укуктарын коргой турган жарыяланууучу жана туруктуу мыйзамдар; адилеттүү жана натыйжалуу процесс; сот адилеттигине жеткиликтүүлүк эсептелет[7].

Укук үстөмдүгү мыйзамды колдонууда сот тарабынан гана камсыздалаары мүмкүн болгондуктан, мындай шартта укук колдонуу тажрыйбасы укук үстөмдүгү принцибинин ишке ашуусунун чен-өлчөмү болуп саналат.

Ар кандай масштабдагы учурдагы экономикалык мамилелер үчүн маанилүү фактор болуп ишкерлер үчүн түзүлгөн укуктук жана экономикалык институттарга таянуу жана ушундай институттардын туруктуулугунан улам өнүгүүнү иштиктүү жүгүртүүнүн стабилдүүлүгү саналат. Инвестициялык климатты баалоодо, адатта, ар кандай аспектилер эске алынат, көбүнчөсүн укуктук тутумдун стабилдүү эместик тобокелчилиги инвестициялык климатты жагымдуу эмес катары аныктоого орчундуу аспект болуп саналат[8].

Укук үстөмдүгү соттордун тажрыйбасында ишкерлерге, алар рыноктун бардык катышуучуларына карата бирдей укуктук тажрыйбага шайкеш келүүчү соттун мыйзамдуу жана негизделген чечимине үмүттөнүү мүмкүнчүлүгүн берет. Ошентип, иштиктүү жүгүртүүнүн стабилдүүлүгү, анын ичинде бирдей укук колдонуу тажрыйбасы менен да мүнөздөлөт.

Саясий эркти иш тажрыйбада аткаруунун тастыктамасы болуп, Кыргызстанда бизнес-омбудсменди түзүү боюнча 2018-жылдагы демилгелер саналат[9]. Ыйгарым укуктуу адамдын жаңы институту ишкерлердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын мамлекеттик коргоонун кепилдиктерин камсыздоо жана алардын мамлекеттик бийликтин органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мекемелер жана мамлекеттик ишканалар жана кызмат адамдары тарабынан сактоо максатында түзүлөт. Ошентип, ишкердик ишмердиктин субьектилеринин кызыкчылыктары көңүл буруусуз жана коргоосуз калбайт. Өз кезегинде бул Кыргызстандын бүтүндөй бизнес-климатына оң таасирин тийгизмекчи.

## «ПАРИЖ ПРИНЦИПТЕРИНЕ» ЫЛАЙЫК ОМБУДСМЕН ИНСТИТУТУНУН РОЛУ

Акыйкатчы адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына парламенттик көзөмөл жүргүзүүчү конституциялык орган катары улуттук укук коргоо тутумунун «олуттуу элементи» болуп саналат, ал ички мыйзамдардын жана практиканын адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык ченемдерге шайкештигин камсыздоого, өкмөттөргө бул ченемдерди кол-

7. World Justice Project Rule of Law Index of 2016 / World Justice Project, 2016. URL: https://worldjusticeproject.org/our-work/wjp-rule-law-index/wjp-rule-law-index-2016

8. Укук үстөмдүгү жана аны укук колдонуу тажрыйбасында камсыздоонун проблемалары: Эл аралык жамааттык монография. - 2-басылышы., кайра иштелип чыгылган. — М.: Статут, 2010. — 49-б.

9. «Ишкердик иштин субъекттеринин укуктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адам (Бизнес-акыйкатчы) жөнүндө»

донууга көмөк көрсөтүү менен, адам укуктарына тиешелүү негизги проблемаларга мониторинг жүргүзүп жана улуттук деңгээлде чечүү болуп саналат.

1993-жылдын 20-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясы 48/1341993 Резолюциясын кабыл алган, ал «Адам укуктарын колдоо, коргоо менен алектенген улуттук укук коргоо мекемелери»[10], деп аталат, анда дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнө көз карандысыз, улуттук укук коргоо мекемелерин түзүү сунушталган (УУКМ). Резолюцияга тиркеме «Улуттук мекемелердин статусуна карата принциптерди», Париж принциптери катары белгилүү болгон принциптерди камтыйт.

Париж принциптери УУКМ ишенимдүүлүгүн, көз карандысыздыгын жана натыйжалуулугун баалоого шарт түзүүчү эл аралык стандарттарды өзүнө камтыйт. Ал толугу менен натыйжалуу болушу үчүн алар бардык адам укуктарын камтуучу ыйгарым укуктарга ээ болушу керек, жетекчилерин тандоодо жана дайындоодо инклюзивдүү жана ачык-айкындык жол-жобосу болушу зарыл. Улуттук укук коргоо мекемелери юридикалык жана практикалык жактан көз карандысыз болуп, өз ишмердигин ишке ашыруу үчүн жетишээрлик кадрдык жана финансылык ресурстарга ээ болушу керек, мамлекеттик тийиштүү органдар жана эл аралык уюмдар менен натыйжалуу кызматташуусу керек.

Ошентип, Париж принциптерине ылайык, улуттук укук коргоо мекемелери:

- даттанууларды алуу, иликтөө жана жөнгө салуу жолу аркылуу, конфликтти жөнгө салууда данакерлик кызматты көрсөтүү жана мониторингдик ишмердик жүргүзүү менен адам укуктарын **коргоону камсыздоо;**

- билим берүү чөйрөсүндө чараларды көрүү, маалыматтык-агартуучулук иштерди жүргүзүү, жалпыга маалымдоо каражаттарын колдонуу, жарыялоолорду басып чыгаруу, кадрларды даярдоо жана потенциалды түзүү, ошондой эле өкмөттөргө сунуштамаларды берүү жана аларга көмөк көрсөтүү аркылуу **адам укуктарын колдоону камсыздоо[11].**

Париж принциптери улуттук укук коргоо принциптери толук кандуу иштеши үчүн аныктап, бул мекемелер ийгиликтүү иштеши үчүн алар жооп бериши керек болгон алты негизги критерийди белгилеген:

- **ыйгарым укуктар жана функциялар:** адам укуктары чөйрөсүндөгү универсалдык стандарттарга негизделген кеңири мандат;

- **өкмөттөн көз карандысыздыгы;**

- **көз карандысыздыгы** мыйзам же конституция менен кепилденген;

- **плюрализм,** мүчөлүк курамдын жана/же натыйжалуу кызматташтыктын жардамында аны камсыздоону кошо алганда;

10. https://undocs.org/ru/A/RES/48/134

11. Караңыз: Аккредитациялоо боюнча комитетче, жалпы тартиптеги эскертүүлөрдүн 1.2. пункту.

- **жетээрлик ресурстар;**
- **иликтөө жүргүзүү боюнча талаптагыдай ыйгарым укуктар.**

Париж принциптерине ылайык, улуттук укук коргоо мекемеси тарабынан мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана аларды чыгымдоо тартиби өкмөт тарабынан жөнгө салынат, мындай жөнгө салуу укук коргоо мекемесинин өзүнүн ролун көз карандысыз жана натыйжалуу аткаруу жөндөмдүүлүгүнө кедергисин тийгизбөөгө тийиш[12].

2008-жылы декабрда БУУнун Башкы Ассамблеясы өзүнүн 63/172 резолюциясы менен (төмөн жактагы VII тиркемени караңыз) улуттук укук коргоо мекемелерине Эл аралык координациялык комитет аркылуу аккредитацияга жетишүү сунушталган. «Аккредитация» улуттук укук коргоо мекемелери Париж принциптерине ылайык келээрин же аларды толугу менен сактоону улантып жатканын расмий таануу болуп саналат.

Азыркы учурда аккредитациянын үч деңгээли бар:

- **«А»**[13] Добуш берүү укугуна ээ болгон Комитеттин мүчөсү, толугу менен Париж принциптерине ылайык келет;
- **«В»**[14] Комитеттин байкоочу болгон мүчөсү: Париж принциптерине толук эмес ылайык келет же мындай аныктама үчүн жетишээрлик документерди берген эмес;
- **«С»**[15] Комитеттин мүчөсү эмес: Париж принциптерине ылайык келбейт.

2005-жылы БУУнун Адам укуктары боюнча комитети өзүнүн 2005/74 резолюциясы менен[16] Париж принциптерине ылайык көз карандысыз, плюралисттик улуттук укук коргоо мекемелерин түзүүнүн жана чыңдоонун жана алардын ортосунда кызматташтыкты чыңдоонун олуттуу маанисин тастыктады:

- «А» статусундагы улуттук укук коргоо мекемелерине өзүнүн күн тартибинин бардык пункттары боюнча чыгып сүйлөөгө укук берген;

---

12. Караңыз: Эл аралык координациялык комитеттин аккредитациялоо боюнча комитетчеси, жалпы тартиптеги эскертүүлөрдүн 2.10 пункту.
13. "А" статусундагы мекемелер Париж принциптеринин сакталышын көрсөтөт. Алар эл аралык жана аймактык ишмердикте жана улуттук мекемелердин отурумдарына добуш берүү укуктарына ээ мүчө катары катыша алышат, Эл аралык координациялык комитеттин Бюросунун же ар кандай комитетченин курамына кире алат. Алар ошондой эле Адам укуктары боюнча сессиянын ишине катыша алат жана күн тартибинин ар кайсы пункту боюнча да чыгып сүйлөй алат, документация бере алат жана отурумдар залында өзүнчө орун ээлей алат.
14. "В" статусундагы мекемелер эл аралык жана аймактык ишмердикте жана улуттук мекемелердин отурумдарына байкоочу катары катыша алышат. Алар добуш бере алышпайт, Бюронун же анын комитетчесинин курамына кире алышпайт. Аларга улуттук укук коргоо мекемелеринин идентификациялык карточкалары берилбейт, алар күн тартибинин пункттары боюнча чыгып сүйлөй албайт жана Адам укуктары боюнча Кеңешке документация бере албайт
15. "С" статусундагы мекемелер Эл аралык координациялык комитетте же Бириккен Улуттар Уюмунун форумдарында укуктарга жана привилегияларга ээ эмес. Алар Эл аралык координациялык комитеттин отурумдарына Бюронун төрагасынын чакыруусу менен катышат. .
16. Азыркы учурда БУУнун адам укуктары боюнча кеңеши, БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 2006-жылдын 15-мартында 60/251 резолюциясы менен кабыл алынган.

- отурумдар залында алар үчүн атайын бөлүнгөн орундары болот;
- өзүлөрүнүн шарттуу белгиси менен документтерди чыгаруу укуктары да берилген.

2018-жылдын 8-августуна карата Эл аралык координациялык комитет Париж принциптерине ылайык 122 УУКМ аккредиттеген:

- «А» статусундагы УУКМ – 79;
- «В» статусундагы УУКМ – 33;
- «С» статусундагы УУКМ – 10.

Кыргызстандын, Казакстандын жана Тажикстандын УУКМ 2012- жылы «В» статусуна аккредиттелген, бул Париж принциптерине толук эмес ылайык дегенди билдирет.

## АДАМДЫН УКУКТАРЫН КОЛДОО ЖАНА КОРГОО ЖАГЫНАН ИШ ЖҮРГҮЗГӨН УЛУТТУК МЕКЕМЕЛЕРДИН СТАТУСУНА ТИЕШЕЛҮҮ ПРИНЦИПТЕР (ПАРИЖ ПРИНЦИПТЕРИ)

*БУУнун Башкы Ассамблеясы 1993-жылдын 20-декабры*

### ЫЙГАРЫМ УКУКТАР ЖАНА ФУНКЦИЯЛАР

1. Улуттук мекемеге адамдын укуктарын колдоо жана коргоо милдети жүктөлөт.
2. Улуттук мекемеге мүмкүн болушунча алда канча кеңири ыйгарым укуктар берилет, алар анын курамын жана анын карамагындагы чөйрөнү аныктаган конституциялык жана мыйзамдык актыда так баяндалат.
3. Улуттук мекеме, атап айтканда, төмөнкүдөй функцияларды жүзөгө ашырат:
   a) адамдын укуктарын колдоого жана коргоого тиешелүү маселелер боюнча пикирлерди, сунуштамаларды, сунуштарды жана баяндамаларды консультациялык негизде өкмөткө, парламентке жана ар кандай башка компетенттүү органга кызыкдар органдардын өтүнүчү боюнча же алда канча жогорку инстанцияга кайрылбастан ар кандай маселени кароого өз укугун жүзөгө ашыруу тартибинде берет; улуттук мекеме аларды ачыкка чыгаруу жөнүндө чечим кабыл ала алат; улуттук мекеменин бул корутундулары, сунуштамалары, сунуштары жана баяндамалары, ошондой эле ар кандай артыкчылыгы төмөнкүдөй тармактарга тиешелүү:
      i. ар кандай мыйзамдык жана административдик жоболорго, ошондой эле сот органдарына тиешеси бар жана адамдын укуктарын коргоону камсыз кылууга жана

күчөтүүгө багытталган жоболорго; буга байланыштуу улуттук мекеме колдонуудагы мыйзамдарды жана административдик жоболорду, ошондой эле мыйзам долбоорлорун жана сунуштарды иликтейт жана ал ушул жоболордун адамдын укуктары жаатындагы негиздүү принциптерге шайкештигин камсыз кылуу үчүн максатка ылайык деп эсептеген сунуштамаларды чыгарат; зарылчылык болгон учурда ал жаңы мыйзамдарды, колдонуудагы мыйзамдарга түзөтүүлөрдү кабыл алууну жана административдик чараларды көрүүнү же өзгөртүүнү сунуштайт;

ii. ал кароо зарыл деп чечкен адамдын укуктарын бузуунун ар кандай учурларына;

iii. бүтүндөй алганда, адамдын укуктарынын көз карашынан өлкөдөгү абал жөнүндө, ошондой эле алда канча конкреттүү маселелер жөнүндө баяндамаларды даярдоого;

iv. өлкөнүн ар кандай бөлүгүндө адамдын укуктарын бузуу учурларына өкмөттүн көңүлүн бурууга, ага ушундай бузууларды четтетүүгө багытталган чаралар жагынан сунуштарды берүүгө жана зарылчылык болгон учурда өкмөттүн позициясы жана мамилеси жагынан өз пикирин баяндоого;

b) улуттук мыйзамдарды, эрежелерди жана практиканы тиешелүү мамлекет катышуучусу болуп саналган адамдын укуктары боюнча эл аралык документтерге шайкеш келтирүүнү жана аларды натыйжалуу жүзөгө ашырууну кубаттайт жана камсыз кылат;

c) жогоруда көрсөтүлгөн документтерди ратификациялоого же аларга кошулууга көмөктөшөт жана аларды жүзөгө ашырууну камсыз кылат;

d) өздөрүнүн келишимдик милдеттенмелерин аткаруу үчүн мамлекеттер Бириккен Улуттар Уюмунун органдарына жана комитеттерине, ошондой эле региондук мекемелерге берүүгө жана, зарылчылык болгон учурда, алардын көз карандысыздыгын ойдогудай түрдө сактоо менен бул маселе боюнча өз пикирин билдирүүгө тийиш болгон баяндамаларды даярдоого катышат;

e) адамдын укуктарын колдоо жана коргоо маселелеринде компетенттүү болгон Бириккен Улуттар Уюму жана Бириккен Улуттар Уюмунун тутумундагы ар кандай башка уюмдар, башка өлкөлөрдүн региондук мекемелери жана улуттук мекемелери менен кызматташуу;

f) адамдын укуктары боюнча окуу жана изилдөө программаларын иштеп чыгууга көмөктөшүү жана аларды мектептерде, университеттерде жана кесиптик чөйрөлөрдө жүзөгө ашырууга катышуу;

g) адамдын укуктары жаатындагы абалды жана коомчулуктун маалымдар болушун арттыруу аркылуу, атап айтканда, маалымдоо жана агартуу иши аркылуу, ошондой эле бардык басма орган-

дарын пайдалануу аркылуу кодулоонун бардык формаларына, өзгөчө расалык кодулоого каршы күрөшүү боюнча күч-аракеттерди ачыкка чыгаруу.

## КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫКТЫН ЖАНА ПЛЮРАЛИЗМДИН КУРАМЫ ЖАНА КЕПИЛДИКТЕРИ

1. Улуттук мекеменин курамы жана шайлоо жолу менен же башка ыкма менен анын мүчөлөрүн дайындоо тартиби адамдын укуктарын колдоо жана коргоо боюнча ишке катышып жаткан коомдук күчтөрдүн (жарандык коомдун) плюралисттик өкүлчүлүгүн камсыз кылуунун, атап айтканда, өкүлдөр менен натыйжалуу кызматташтыкты орнотууга мүмкүндүк берүүчү ыйгарым укуктарды пайдалануу жолу менен же төмөнкүлөрдүн өкүлдөрүнүн катышуусу аркылуу камсыз кылуунун бардык зарыл кепилдиктерин караган жол-жобого ылайык белгиленет:
    a) адамдын укуктарынын жана расалык кодулоого каршы күрөшүүнүн маселелери жагынан иш жүргүзгөн өкмөттүк эмес уюмдардын, кесиптик бирликтердин, тиешелүү коомдук же кесиптик уюмдардын, мисалы, юристтердин, дарыгерлердин, журналисттердин жана көрүнүктүү окумуштуулардын ассоциациясынын;
    b) ар түрдүү философиялык жана диний агымдардын;
    c) университеттердин жана квалификациялуу эксперттердин;
    d) парламенттин;
    e) өкмөттүк ведомстволордун (бул учурда алардын өкүлдөрү маселелерди кароого консультант катары гана катышат).
2. Улуттук мекеме анын ишин үзгүлтүксүз жүзөгө ашырууну камсыз кылуучу инфраструктурага, атап айтканда, жетиштүү каржылоого ээ болууга тийиш. Мындай каржылоонун максаты улуттук мекемеге өзүнүн персоналына жана өзүнүн имарат-жайларына ээ болуу мүмкүнчүлүгүн берүүдө турууга тийиш, бул болсо ал өкмөткө көз карандысыз болушу жана анын көз карандысыздыгына таасир этиши мүмкүн болгон финансылык контролго алынбашы үчүн зарыл.
3. Мекеменин мүчөлөрүнүн чыныгы көз карандысыздык болушу ансыз мүмкүн болбогон мандатынын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн аларды дайындоо расмий акт менен таризделет, анда мандаттын колдонулушунун конкреттүү мөөнөтү көрсөтүлөт. Мандат улуттук мекеменин курамынын плюралисттик мүнөзү камсыз кылынган шартта калыбына келтирилиши мүмкүн.

## ИШТӨӨ УСУЛДАРЫ

Өз ишинин алкагында улуттук мекеме:

a) өзүнүн карамагынын чөйрөсүнө тиешеси бар ар кандай маселелерди, алар өкүлчүлүк тарабынан берилгенине же жоктугуна же алда канча жогорку инстанцияга кайрылбастан кароого кабыл алынганы-

на карабастан, анын мүчөлөрүнүн же ар кандай арыз ээсинин сунушу боюнча эркин карайт;

b) ар кандай адамды угат жана өзүнүн карамагынын чөйрөсүнө тиешеси бар кырдаалдарды баалоо үчүн зарыл болгон ар кандай маалыматты жана ар кандай документтерди кабыл алат;

c) коомчулукка түздөн-түз же ар кандай басма органы аркылуу кайрылат, өзгөчө өз пикирлерин жана сунуштамаларын ачыкка чыгаруу үчүн кайрылат;

d) жыйналыштарды туруктуу негизде жана зарылчылык болгон учурда, өзүнүн бардык мүчөлөрүнө ойдогудай кабарландырылгандан кийин алардын катышуусу менен өткөрөт;

e) зарылчылыкка жараша өзүнүн мүчөлөрүнүн ичинен жумушчу топторду түзөт жана анын функцияларын жүзөгө ашырууга көмөктөшүү үчүн жергиликтүү же региондук бөлүмдөрдү түзөт;

f) адамдын укуктарын колдоо жана коргоо жагынан иш жүргүзгөн башка соттук жана соттук эмес органдар (атап айтканда, омбудсмендер, арбитрлер жана башка ушундай органдар) менен консультацияларды өткөрөт;

g) улуттук мекемелердин ишмердигин кеңейтүүдө өкмөттүк эмес уюмдар ойноп жаткан негиздүү ролду эске алып, адамдын укуктарын колдоо жана коргоо, социалдык жана экономикалык өнүктүрүү, расизмге каршы күрөшүү, өзгөчө аялуу топторду (атап айтканда, балдарды, мигрант эмгекчилерди, качкындарды, дене мүчөсү жана акыл-эси жагынан кемчиликтери бар адамдарды) коргоо жагынан иш жүргүзгөн өкмөттүк эмес уюмдар менен байланышты өнүктүрөт.

## КВАЗИСОТТУК ЫЙГАРЫМ УКУКТАРГА ЭЭ БОЛГОН КОМИССИЯЛАРДЫН СТАТУСУНА ТИЕШЕЛҮҮ КОШУМЧА ПРИНЦИПТЕР

Улуттук мекемеге айрым адамдардын абалына тиешелүү даттануулар менен арыздарды угууга жана кароого *ыйгарым укук берилиши мүмкүн. Материалдарды ага айрым адамдар, алардын өкүлдөрү, үчүнчү тараптар, өкмөттүк эмес уюмдар, кесиптик бирликтердин ассоциациялары же ар кандай башка өкүлчүлүктүү уюмдар бериши мүмкүн. Бул учурда комиссиялардын башка ыйгарым укуктарына тиешелүү жогоруда баяндалган принциптерге зыян келтирбестен, аларга жүктөлгөн функциялар төмөнкүдөй принциптерге негизделиши мүмкүн:*

a) жараштыруу жолу менен же мыйзамда белгиленген чектерде милдеттүү чечимдерди чыгаруу аркылуу же, зарылчылык болгон учурда, купуялыктын негизинде ынтымак менен жөнгө салууга жетишүү;

b) арызды берген тарапка анын укуктары жөнүндө, атап айтканда, анын карамагында болгон укуктук коргоо каражаттары жөнүндө кабарлоо жана аларга жеткиликтүүлүктү алууга көмөктөшүү;

c) ар кандай даттанууларды же арыздарды угуу же аларды мыйзамда белгиленген чектерде ар кандай башка компетенттүү органга жөнөтүү;

d) атап айтканда, мыйзамдарга, эрежелерге жана административдик практикага түзөтүүлөрдү же өзгөртүүлөрдү сунуш кылуу, өзгөчө эгерде булар арыз берген адамдардын укуктарын коргоо максатында алар кабылган оорчулуктардын себеби болуп саналса сунуш кылуу аркылуу компетенттүү органдарга сунуштамаларды берүү.

*Булак: Башкы Ассамблеянын расмий отчеттору, кырк сегизинчи сессия, №49 толуктоо (A/48/49), 369–370-бб.*

## УЛУТТУК УКУК КОРГОО МЕКЕМЕЛЕРИНИН ЖАНА ПАРЛАМЕНТТЕРДИН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮ ЖӨНҮНДӨ БЕЛГРАД ПРИНЦИПТЕРИ

***(Белград, Сербия, 2012-жылдын 22-23-февралы)***

БУУнун Сербия Республикасындагы өлкөлүк тобунун колдоосу менен БУУнун Адамдын укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы, адамдын укуктарын колдоо жана коргоо жагынан иш жүргүзгөн Улуттук мекемелердин эл аралык координациялык комитети, Сербия Республикасынын Улуттук Ассамблеясы жана Омбудсмени уюштурган Улуттук укук коргоо мекемелеринин (УУКМ) жана парламенттердин өз ара аракеттенүүсүнүн маселелери боюнча 2012-жылдагы Эл аралык семинар

Бириккен Улуттар Уюмунун Уставына, Адамдын укуктарынын жалпы декларациясына, БУУнун Башкы Ассамблеясынын адамдын укуктарын колдоодо жана коргоодо Омбудсмендин, ортомчунун жана башка улуттук укук коргоо мекемелеринин ролу жөнүндө 63/169 жана 65/207-резолюцияларына, адамдын укуктарын колдоо жана коргоо жагынан иш жүргүзгөн укук коргоо мекемелери жөнүндө 63/172 жана 64/161-резолюцияларына жана БУУнун Адамдын укуктары боюнча кеңешинин адамдын укуктарын колдоо жана коргоо жагынан иш жүргүзгөн укук коргоо мекемелери жөнүндө 17/9-резолюциясына ылайык,

Улуттук мекемелердин статусуна тиешелүү принциптерде (Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясынын 48/134-резолюциясы менен кабыл алынган Париж принциптери) УУКМдер парламенттер менен «натыйжалуу кызматташтыкты» орнотууга тийиш деп каралганын таанып,

УУКМ жана парламент адамдын укуктарын колдоо жана коргоо боюнча өз милдеттенмелерин аткаруунун жүрүшүндө бири-бири менен өз ара аракеттенүүдөн олуттуу пайда ала алаарын белгилеп,

УУКМдин ар түрдүү институционалдык моделдеринин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен УУКМдердин жана парламенттердин алда канча интенсивдүү өз ара аракеттенүүсүн талап кылган тармактарды аныктоо зарылчылыгы жөнүндө эске салып,

УУКМдердин жана өкмөттөрдүн ортосундагы өз ара аракеттенүү жана кызматташтык кандай өнүгүүгө тийиш экендиги жагынан колдонмону сунуш кылган төмөнкүдөй принциптерди кабыл алат:

## I. Улуттук укук коргоо мекемелерин (УУКМ) түзүүдө жана анын иштешин, көз карандысыздыгын жана отчет беришин камсыз кылууда парламенттердин ролу

### A) УУКМди түзүү жөнүндө Мыйзам

1) Улуттук укук коргоо мекемелерин түзүү жөнүндө мыйзам долбоорун талкуулап, парламенттер тиешелүү таламдаш тараптар менен кең-кесири консультацияларды өткөрүүгө тийиш.

2) Парламенттер УУКМдердин иши үчүн УУКМдердин көз карандысыздыгын жана парламентке тикелей отчет беришин камсыз кылган, улуттук мекемелердин статусуна тиешелүү Принциптерге (Париж принциптерине) шайкеш келген жана адамдын укуктарын колдоо жана коргоо жагынан иш жүргүзгөн улуттук мекемелердин Эл аралык координациялык комитетинин (ЭКК) жалпы сын-пикирлерин, ошондой эле алдыңкы тажрыйбаны эске алган укуктук негизди иштеп чыгууга тийиш.

3) Парламенттер УУКМдерди түзүү жөнүндө мыйзамдарды кабыл алууга жана УУКМдерди түзүү жөнүндө мыйзамга ар кандай өзгөртүүлөрдү киргизүүгө тиешелүү өзгөчө ыйгарым укуктарга ээ болууга тийиш.

4) УУКМдерди түзүү жөнүндө мыйзамга мүмкүн болгон өзгөртүүлөрдү кароонун жана кабыл алуунун жүрүшүндө парламенттер сунуш кылынган түзөтүүлөр ушундай мекеменин көз карандысыздыгына жана иштешинин натыйжалуулугуна таасир эте тургандыгы же жоктугу жагынан аларды кылдат текшерүүгө жана УУКМдин мүчөлөрү жана жарандык коом уюмдары сыяктуу башка кызыкдар тараптар менен консультация өткөрүүгө тийиш.

5) Парламенттер УУКМди түзүү жөнүндө мыйзамдын аткарылышын контролдоого тийиш.

### B) Финансылык көз карандысыздык

6) Парламенттер УУКМди түзүү жөнүндө мыйзамга тиешелүү жоболорду киргизип, УУКМдин финансылык көз карандысыздыгын камсыз кылууга тийиш.

7) УУКМдер Стратегиялык планды жана/же Иш-чаралардын ар жылдагы программасын парламентте кароого сунуш кылууга тийиш. Парламенттер бул мекеменин финансылык көз карандысыздыгын камсыз кылуу үчүн бюджетти пландаштырууда УУКМдер сунуш кылган Стратегиялык планды жана/же Иш-чаралардын ар жылдагы программасын кабыл алууга тийиш.

8) Парламенттер жылдык бюджеттик көз карашынан алганда Стратегиялык планды жана/же Иш-чаралардын ар жыл-

дагы программасын талкуулоого УУКМдердин мүчөлөрүн тартууга тийиш.

9) Парламенттер УУКМдерди УУКМди түзүү жөнүндө мыйзамда жазылган функцияларды аткаруу үчүн жетиштүү болгон ресурстар менен камсыз кылууга тийиш.

### C) Дайындоо жана четтетүү процесси

10) УУКМди түзүү жөнүндө мыйзамда парламенттер ачык тандоонун жана дайындоонун, УУКМдин мүчөлөрүн кызмат ордунан четтетүү орун алган болсо, анын тартибин зарылчылык болгон учурда жарандык коомдун катышуусу менен так баяндоого тийиш.

11) Парламенттер дайындоо процессинин ачыктыгын жана айкындыгын камсыз кылууга тийиш.

12) Парламенттер УУКМди түзүү жөнүндө мыйзамга өзүнүн функциялык милдеттерин аткарып жаткан учурдагы иммунитет жөнүндө жобону киргизип, УУКМдин көз карандысыздыгын камсыз кылууга тийиш.

13) УУКМди түзүү жөнүндө мыйзамда парламенттер УУКМдин курамында бош орун болгон учурда ал акылга сыярлык мөөнөттө ээленүүгө тийиш экендигин так белгилөөгө тийиш. Кызмат ордунда болуу мөөнөтү аяктагандан кийин УУКМдин мүчөсү анын ордун ишин улантуучу ээлеген учурга чейин өз милдеттерин аткарууну улантууга тийиш.

### D) Баяндамаларды кароого берүү

14) УУКМдер баяндамаларды түздөн-түз парламентке берүүгө тийиш.

15) УУКМдер чыгымдар жөнүндө кыскача отчет менен катар ишмердик жөнүндө ар жылдагы баяндаманы, ошондой эле тиешелүү өлкөдөгү адамдын укуктары жагындагы абал жөнүндө жана адамдын укуктары менен байланышкан ар кандай башка маселелер жөнүндө баяндаманы парламентке берүүгө тийиш.

16) Парламенттер УУКМдердин баяндамаларын кабыл алууга, аларды кароого жана жооп берүүгө, ошондой эле УУКМдердин биринчи кезектеги милдеттерин талкуулоону жүргүзүүгө жана УУКМдердин алда канча маанилүү баяндамаларын өз учурунда талкуулоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү табууга тийиш.

17) Парламенттер УУКМдердин көз карандысыздыгын камсыз кылуучу УУКМдердин ишин талкуулоонун алкактык принциптерин иштеп чыгууга тийиш.

18) Парламенттер УУКМдер иштеп чыккан сунуштамаларды ачык талкуулоону жүргүзүүгө тийиш.

19) Парламенттер тиешелүү мамлекеттик органдар УУКМдердин сунуштамаларын канчалык толук карап чыккандыгы жана сунуштамаларга ылайык чараларды көргөндүгү жөнүндө тиешелүү мамлекеттик органдардан маалымат алууга тийиш.

## II. Парламенттердин жана УУКМдердин ортосундагы кызматташтыктын формалары

20) УУКМдер жана парламенттер кызматташтыктын негиздери жөнүндө макулдашууга, анын ичинде жалпы кызыкчылыкты билдирген адамдын укуктары жагындагы маселелерди талкуулоонун алкактарын белгилөөгө тийиш.

21) Парламенттер УУКМдин парламент менен өз ара аракеттенүүсүн камсыз кыла турган тиешелүү парламенттик комитетти дайындоого же уюштурууга тийиш.

22) УУКМдер тиешелүү адистешкен парламенттик комитет менен бекем иштөө мамилелерин өнүктүрүүгө, анын ичинде эгерде бул зарыл болсо, өз ара түшүнүшү жөнүндө меморандум аркылуу өнүктүрүүгө тийиш. УУКМдер жана парламенттик комитеттер ошондой эле, эгерде бул алардын иши үчүн зарыл болсо, калыптанган мамилелерди өнүктүрүүгө тийиш.

23) Тиешелүү адистешкен парламенттик комитеттин жана УУКМдин мүчөлөрү адамдын укуктарын коргоо жана колдоо ишинде маалымат алмашууну активдештирүү жана мүмкүн болгон тармактарды аныктоо үчүн жолугушууларды дайыма өткөрүүгө жана туруктуу диалогду жүргүзүүгө тийиш.

24) Парламенттер ар түрдүү парламенттик комитеттер өткөрүп жаткан жыйналыштардын жана жол-жоболордун жүрүшүндө адамдын укуктарынын маселелери боюнча УУКМдердин катышуусун камсыз кылууга жана эксперттик кеңеш үчүн кайрылууга тийиш.

25) УУКМдер парламенттерге адамдын укуктары менен байланышкан маселелер боюнча, анын ичинде тиешелүү мамлекет өзүнө алган адамдын укуктары жаатындагы эл аралык милдеттенмелер боюнча кеңештерди жана/же сунуштамаларды берүүгө тийиш.

26) УУКМдер парламенттерге көзөмөлдөө боюнча функцияларды аткарышына көмөктөшүү үчүн аларды маалымат жана сунуштамалар менен камсыз кылууга тийиш.

## III. Мыйзамдар жагынан парламенттердин жана УУКМдердин ортосундагы кызматташтык

27) УУКМдер адамдын укуктары жаатындагы ченемдерди жана принциптерди парламенттер сакташынын көз карашынан аларга жаңы мыйзам долбоорлорунун мазмунунун

жана жолун жолдоочулугунун маселеси боюнча консультация берүүгө тийиш.

28) Парламенттер мыйзам чыгаруу процесстерине УУКМдердин катышуусун камсыз кылууга, анын ичинде аларга мыйзамдардын жана саясаттын адамдын укуктары жагындагы ченемдерге шайкештиги жагынан өз пикирин айтууну сунуш кылууга жана консультация берүүгө тийиш.

29) Улуттук мыйзамдарды адамдын укуктары жагындагы мамлекеттик, ошондой эле эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү үчүн УУКМдер зарылчылык болгон учурда мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө сунуштарды берүүгө тийиш.

30) Адамдын укуктары жагындагы милдеттенмелерди аткарууга көмөктөшүүчү мыйзамдарды, келишимдик органдардын сунуштамаларын жана адамдын укуктарын бузулушу жагынан соттордун токтомдорун кабыл алуу аркылуу адамдын укуктарын колдоо максатында УУКМдер парламенттер менен бирге иштөөгө тийиш.

31) Сунуш кылынган мыйзамдардын жана саясаттын адамдын укуктарына таасирине баа берүүнүн натыйжалуу процессин камсыз кылуу үчүн УУКМдер парламенттер менен бирге иштөөгө тийиш.

## IV. Эл аралык укук коргоо өбөлгөлөрү жагынан УУКМдердин жана парламенттердин ортосунданы кызматташтык

32) Парламенттер УУКМдер менен консультация өткөрүп жана адамдын укуктары жагынан бардык эл аралык милдеттенмелерди тиешелүү мамлекет аткарышын контролдоп, адамдын укуктары жагындагы эл аралык келишимдерди ратификациялоо процессине катышууга умтулууга тийиш.

33) УУКМдер сунуш кылынган бир жактуу шарттар же чечмелөөлөр, тиешелүү мамлекет адамдын укуктары жагындагы милдеттенмелерди аткарышынын жана бул милдеттенмелерди сакташынын талаптагыдай мүнөзү жагынан өз пикири жөнүндө парламенттерге кабарлоого тийиш.

34) Эл аралык келишимдик органдарды мамлекет милдеттенмелерди сакташы жана келишимдик органдардын сунуштамаларын аткаруу боюнча чараларды көрүшү жөнүндө бүткүл тиешелүү маалымат менен камсыз кылуу максатында Парламент менен УУКМ кызматташууга тийиш.

35) УУКМдер региондук жана эл аралык укук коргоо механизмдери, анын ичинде Универсалдуу мезгилдүү баяндоо, келишимдик органдар жана атайын жол-жоболордун мандатарийлери мамлекетке даректеген ар түрдүү сунуштамалар жөнүндө парламенттерге дайыма маалымдап турууга тийиш.

36) Парламенттер жана УУКМдер аймактык жана эл аралык укук коргоо механизмдери иштеп чыккан сунуштамаларды тутумдук аткаруу стратегиясын биргелешип иштеп чыгууга тийиш.

## V. Адамдын укуктары жөнүндө билим берүү, кесиптик даярдоо жана маалымдар болушун арттыруу жагынан УУКМдердин жана парламенттердин ортосундагы кызматташтык

37) УУКМ жана парламенттер адамдын укуктарын урматтоо маданиятын өнүктүрүү үчүн биргелешип иштөөгө тийиш.

38) Адамдын укуктары жагынан билим берүү жана даярдоо мектептин жана университеттин программаларына жетиштүү көлөмдө киргизилиши үчүн, ошондой эле кошумча жана кесиптик даярдоонун, анын ичинде судьяларды эл аралык стандарттарга ылайык окутуунун алкагында УУКМдер жана өкмөттөр бирге көмөктөшүүгө тийиш.

39) УУКМдер жана парламенттер адамдын укуктары жагындагы потенциалды жана парламенттик жол-жоболорду өз ара арттырууга бирге көмөктөшүүгө тийиш.

40) УУКМдер, парламенттер жана парламенттердин бардык мүчөлөрү билим берүү кампанияларынын маалымдар болушун арттыруунун алкагында биргелешип иштөөгө умтулууга жана адамдын укуктарын колдоо боюнча конференцияларга, иш-чараларга жана иштерге катышууга бири-бирине түрткү берүүгө тийиш.

## VI. Адамдын укуктарын сактоо жагынан соттук жана административдик органдардын чечимдерин аткаруунун мониторинги

41) Парламенттер жана УУКМдер адамдын укуктары менен байланышкан маселелерди карап жаткан соттордун (улуттук жана, зарылчылык болгон учурда, региондук жана эл аралык) жана башка административдик органдардын чечимдерин аткаруунун мониторингин жүргүзүү учурунда ойдогудай түрдө кызматташууга тийиш.

42) УУКМдер улуттук, региондук жана эл аралык соттор мамлекеттин пайдасына чыгарылбаган адамдын укуктары жагындагы токтомдорго көз салууга жана, эгерде зарыл болсо, мыйзамдарга жана саясатка кандай өзгөртүүлөрдү киргизүү керектиги жөнүндө сунуштамаларды парламентке берүүгө тийиш.

43) Парламенттер адамдын укуктары жагындагы соттук чечимдерди аткаруу жагынан УУКМдердин сунуштамаларын ойдогудай түрдө эске алууга тийиш.

44) Парламенттер жана УУКМдер адамдын укуктары жагындагы стандарттарга толук шайкештикти камсыз кылуу үчүн соттук чечимдерди өз учурунда жана натыйжалуу аткарууда аткаруу бийлигине ойдогудай түрдө көмөктөшүүгө тийиш.

2012-жылдын 21-22-февралындагы Эл аралык эксперттик семинар улуттук укук коргоо мекемелери менен парламенттердин өз ара аракеттенүү принциптерине арналган жана ал «натыйжалуу кызматташтыкты» чыңдоо жана деталдуу түшүндүрүү үчүн «Белград принциптерин» кабыл алууга негиз болгон.

Серб Омбудсмени Саса Янкович: - «улуттук укук коргоо мекемелеринин көз карандысыздыгынын негизги проблемасы, алардын өзүлөрүнүн «институционалдык түпкү теги» – *парламент менен өз ара байланышы түзөт. Парламенттер менен улуттук укук коргоо мекемелеринин өз ара толуктоо жана өз ара мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү ыктымалдуулугу жогору, ал дайындоо, кызматтан четтетүү жана отчеттуулук маселелери менен эле чектелбеши керек деп белгилеген.*

Париж жана Белград принциптери бири-бирин толуктоо менен алар адам укуктарын коргоо жана колдоо менен алектенип, мамлекеттик органдар менен калктын ортосунда данакер болуп чыгуучу улуттук коргоо тутумунун бир бөлүгү болгон улуттук укук коргоо мекемелерине арналган. Ушуга байланыштуу Акыйкатчы Институтунун ишмердигин жөнгө салуучу мыйзамдарды эл аралык принциптерге ылайык келтирүү зарыл.

## БУУНУН КОМИТЕТТЕРИНЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОТЧЕТТУУЛУГУ

Айта кетчү нерсе, 2017-жылдын 23-ноябрында Кыргызстан өзүнүн улуттук баяндамасын БУУнун кыйноолорго каршы комитетине, ал эми 2018-жылдын 28-мартында БУУнун адам укуктары боюнча комитетине берүүгө тийиш эле, катчылык КР баяндамаларын кароонун датасын белгилеши керек эле. КРнын баяндамаларын даярдоо жана БУУга берүү – КР Өкмөтүнүн компетенциясы. КР баяндамаларын өз убагында берүү - эл аралык беделдин маселеси.

БУУнун негизги келишимдеринин аткарылышы жөнүндө КР баяндамаларын берүүнүн жакынкы мөөнөттөрү (хронологиялык тартипте).

1.1.1-таблица

| Келишимдин аталышы (кыскартылган аталышы) | Баяндама берүүнүн акыркы мөөнөтү, мезгилдүү баяндаманын номери |
|---|---|
| Кыйноолордун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле же жазалоонун алдын алуу боюнча конвенцияга Факультативдик протокол ККК-ФП | 2017-жылдын 23-ноябры, III мезгилдүү баяндама |
| Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт. ЖСУЭП | 2018-жылдын 28-марты, III мезгилдүү баяндама |
| Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга өлүм жазасын алып салууга багытталган экинчи факультативдик протокол . ЖСУЭП - ӨЖ ФП | ЖСУЭП боюнча баяндама менен, 2018-жылдын 28-мартында |
| Аялдарга карата кодулоонун бардык түрүн жоюу жөнүндө конвенция, АКЖК | 2019-жылдын 1-марты, IV мезгилдүү баяндама |

| | |
|---|---|
| Балдар укуктары жөнүндө конвенция, БУК | 2019-жылдын 6- ноябры, V-VI бириктирилген баяндама |
| Балдар укуктары жөнүндө конвенцияга балдардын согуштук конфликттерге катышуусуна карата Факультативдик протокол, БУК-СК ФП | Балдар укуктары боюнча баяндама менен 2019-жылдын 6-ноябры |
| Балдар укуктары жөнүндө конвенцияга Балдарды сатуу, балдар сойкулугу, балдар порнографиясына карата Факультативдик протокол, БУК-БС ФП | Балдар укуктары боюнча баяндама менен 2019-жылдын 6-ноябры |
| Бардык эмгекчи мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенция (ЭМЭК) | 2020-жылдын 24-апрели, II мезгилдүү баяндама |
| Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (ЭСМУЭП). | 2020-жылдын 30-июну, IV мезгилдүү баяндама |
| Расалык кодулоонун бардык түрүн жоюу жөнүндө эл аралык конвенция (РКЖК) | 2022-жылдын 5-октябры, XI-XII бириктирилген мезгилдүү баяндама |
| Майыптар укуктары жөнүндө конвенция (МУК) | КР тарабынан ратификацияланган (13.03.2019-ж.). Кыргызстан үчүн Конвенция күчүнө киргенден татып эки жылдын ичинде |

## БУУНУН АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА КОМИТЕТИНЕ ЖЕКЕЧЕ ДАТТАНУУЛАР

Адам укуктары боюнча эл аралык келишимдерде белгиленген милдеттенмелерди аткаруу эл аралык укуктун pacta sunt servanda – келишимдер аткарылышы керек деген принцибинен келип чыгат[17]. Аталган принципке ылайык, тийиштүү келишимдин катышуучу мамлекети ага тагылган эл аралык милдеттенмелерди ыктыярдуу түрдө кабыл алат, ал эми келишимдик орган ушул милдеттенмелерди аталган орган тарабынан аткарылышына байкоо жүргүзүү ыйгарым укуктарына ээ болот. Мунун баары мамлекеттин милдеттенмеси эл аралык келишимдерде бекемделген адам укуктарын бузууларды органдар тарабынан аныктап, адам укуктарынын бузуулары боюнча берилген сунуштамаларды мамлекет тарабынан аткарылуусу зарыл.

Адам укуктарын коргоого көмөк көрсөтүү жана чыңдоого чоң маани берүү менен 2013-жылы өлкөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдында Адам укуктары боюнча координациялык кеңеш түзүлгөн, ал адам укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүп, эл аралык уюмдардын сунуштамаларынын аткарылыш маселелерин координациялайт.


БУУнун Адам укуктары боюнча комитетине жөнөтүлгөн жекече даттануулар боюнча КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 8-ноябрындагы Токтому менен «БУУнун адам укуктары боюнча келишимдик органдарынын билдирүүлөрүн жана чечимдерин кароо боюнча мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүлөрүнүн маселелери жөнүндө Жобо» бекитилген.

17. Эл аралык келишимдердин укуктары жөнүндө 1969-ж. Вена конвенциясы 26-беренеси

2019-жылдын башына карата Кыргызстанга карата 24 чечим чыгарылган, алардын 21инде Комитет Кыргызстан 1994-жылдан бери анын катышуучусу болуп саналган Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактыларда бекитилген адам укуктарынын бузууларын тааныган. 13 даттануу боюнча каралуусу күтүлүп жатат.

1.1.1 - диаграмма


### КЫРГЫЗСТАН. БУУНУН АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА КОМИТЕТИНЕ ЖЕКЕЧЕ ДАТТАНУУЛАР




Адам укуктары боюнча комитеттин чечимдерин талдоо Кыргыз Республикасында орун алган негизги укук бузууларды көрсөтүп турат. Чечимдердин басымдуу бөлүгү, мурдагы жылдардагыдай эле кыйноолорду колдонуу, мыйзамсыз кармоолор, укуктук коргоонун сотко чейинки каражаттарына жеткиликтүүлүктүн жоктугу жана адилеттүү соттук териштирүүнүн принциптеринин бузулушуна караштуу маселелер.

1.1.2 - диаграмма

### БУУНУН АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА КОМИТЕТИНИН ЧЕЧИМДЕРИНДЕ КӨРСӨТҮЛГӨН АДАМ УКУКТАРЫНЫН БУЗУЛУШУ[18]




18. Үлүштүк катыш алар боюнча БУУнун Адам укуктары боюнча комитети тарабынан адам укуктарынын бузулуулары таанылган даттануулардын жалпы санына эсептелген (17; 100%), БУУнун расмий маалыматтарынын негизинде: http://juris.ohchr.org/ru

1.1.2-таблица

## БУУНУН АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА КОМИТЕТИНДЕ КАРАЛГАН ЖЕКЕЧЕ ДАТТАНУУЛАРДЫН ТАБЛИЦАСЫ[1] (2019-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ АЙЫНА КАРАТА)

| № | Автор, Билдирүүнүн номери, Кабыл алуу датасы | Темалар | Пактынын беренеси | Бузуу Чечимдин тиби | Сунуштамалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Марат Абдиев, 2892/2016, 17.10.2018 | кыйноолор – ыкчам жана калыс тергөө | ЖСУЭП-2-3, 7, 14-3-g; ЖСУЭП-ФП-3, 5-2-b | ЖСУЭП-7, 2-3; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 9. Пактынын 2-беренесинин 3 а) пунктуна ылайык катышкан мамлекет авторго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын берүүгө милдеттүү. Бул үчүн Пактыда бекемделген укуктары бузулган адамдарга зыяндын ордун толук толтурууну берүү зарыл. Бул учурда катышкан мамлекет башкалардан тышкары: а) кыйноолор жөнүндө автордун ырастоолоруна байланыштуу кылдат жана натыйжалуу тергөөнү жүргүзүү жана ырасталган учурда куугунтуктоо; жана b) кетирилген укук бузуулар үчүн авторго компенсация берүү үчүн чараларды көрүүгө милдеттүү. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларды четтетүү үчүн бардык зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү. |
| 2 | Арсен Амбарян, 2162/2012, 28.07.2017 | негизсиз камакка алуу – кармоо, кыйноо, сот адилеттиги | ЖСУЭП-14-1,3-a,f; 5, 2-3-a,b; 7; 9-1,2,3,4; ЖСУЭП-ФП-2, 5-2-b | ЖСУЭП-14-3-a; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 11. Пактынын 2-беренесинин 3 а) пунктуна ылайык катышкан мамлекет авторго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын камсыз кылууга милдеттүү. Бул Пактыда бекемделген укуктары бузулган адамдарга катышкан мамлекет зыяндын ордун толук толтурушун болжолдойт. Тиешелүү түрдө, катышкан мамлекет, атап айтканда, жасалган бузуулар үчүн автордун бир тууганына компенсацияны берүүгө милдеттүү. Катышкан мамлекет келечекте ушундай бузууларды четтетүү үчүн бардык зарыл кадамдарды жасоого милдеттүү. |

1. БУУнун расмий маалыматарынын негизинде: fttp://juris.ohchr.org/ru

| № | Автор, Билдирүүнүн номери, Кабыл алуу датасы | Темалар | Пактынын беренеси | Бузуу Чечимдин тиби | Сунуштамалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Фахридин Аширов, 2435/2014, 28.07.2017 | этностук тегинин белгиси боюнча кодулоо, негизсиз камакка алуу – кармоо, кыйноо, сот адилеттиги, сот адилеттиги – юридикалык жардам | ЖСУЭП-14-1; 3-e,g; 2-3; 26; 7; 9-1,3,4 | ЖСУЭП-14-1; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 9. Пактынын 2-беренесинин 3-пунктунун а) пунктчасына ылайык катышкан мамлекет авторго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын камсыз кылууга милдеттүү. Бул Пактыда каралган укуктары бузулган адамдарга зыяндын ордун толук толтурууну берүүнү болжолдойт. Ошентип, катышкан мамлекет, атап айтканда, а) авторду айыптоону жокко чыгаруу, авторду бошотуу жана зарылчылык болгон учурда адилеттүү соттун, күнөөсүздүк презумпциясынын принциптерине жана башка процесстик кепилдиктеге ылайык жаңы соттук процессти жүргүзүү; b) кыйноолор жөнүндө автордун ырастоолорун ыкчам жана калыс тергөөнү жүргүзүү; c) авторго талаптагыдай компенсацияны берүү үчүн тиешелүү кадамдарды жасоого милдеттүү. Мындан тышкары, катышкан мамлекет келечекте ушундай бузуулар кайталанбашы үчүн чараларды көрүүгө милдеттүү. |
| 4 | Кадыржан Батыров, 2163/2012, 13.07.2017 | ар-намыска жана абройго мыйзамсыз кол салуу, күнөөсүздүк презумпциясы, алгылыктуулук – укуктук коргоонун улуттук каражаттарынын түгөнүшү, алгылыктуулук – шайкеш эместик, укуктук коргоонун натыйжалуу каражаты | ЖСУЭП-14-2; 17-1; 2-1,3; ЖСУЭП-ФП-2, 3, 5-2-b | Жок; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 12.Комитет Факультативдик протоколдун 5-беренесинин 4-пунктуна ылайык аракеттенип, өзүнүн карамагында болгон фактылар катышкан мамлекет билдирүүнүн авторунун Пактынын 14-беренесинин 2-пунктунда каралган укуктарын бузгандыгы жөнүндө тастыктабайт деп эсептейт. |

| № | Автор, Билдирүүнүн номери, Кабыл алуу датасы | Темалар | Пактынын беренеси | Бузуу Чечимдин тиби | Сунуштамалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Алимжон Сайдаров Аваз Давудов Эркин Василов Хикматилло Эрбабаев 2359/2014, 17.03.2017 | улуттук, этностук же социалдык тегинин белгиси боюнча кодулоо, негизсиз камакка алуу – кармоо, кыйноо – өз учурунда жана калыс тергөө, адилеттүү сот, адилеттүү сот – юридикалык жардам | ЖСУЭП-14-3-d; 2-3; 26; 7; 9-1,2; ЖСУЭП-ФП-2 | ЖСУЭП-7, 2-3, 9-1 | 9. Пактынын 2-беренесинин 3-пунктунун а) пунктчасына ылайык катышкан мамлекет авторго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын берүүгө милдеттүү. Ал Пакт боюнча укуктары бузулган адамдарга зыяндын ордун толук төлөөгө тийиш. Тиешелүү түрдө, катышкан мамлекет, атап айтканда, кыйноолор жөнүндө авторлордун ырастоолорун ыкчам жана калыс тергөөнү жүргүзүү үчүн тиешелүү кадамдарды жасоого, ошондой эле авторлорго жетиштүү компенсацияны берүүгө милдеттүү. Катышкан мамлекет келечекте ушундай бузууларды четтетүү үчүн бардык зарыл кадамдарды жасоого милдеттүү. |
| 6 | Урматбек Акунов, 2127/2011, 27.10.2016 | калыс тергөө, жашоого укук, негизсиз камакка алуу – кармоо, кыйноолор, кыйноолор – өз учурунда жана калыс тергөө, пикирин эркин билдирүү | ЖСУЭП-19; 2-3; 6-1; 7; 9-1 | ЖСУЭП-2-3; 6-1; 7; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 10. Пактынын 2-беренесинин 3 а) пунктуна ылайык катышкан мамлекет өзүнүн атынан, ошондой эле өзүнүн көзү өткөн атасынын атынан иш алып барып жаткан авторго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын берүүгө милдеттүү. Бул Пакт тарабынан корголуучу укуктары бузулган адамдарга зыяндын ордун толук толтурууну болжолдойт. Буга байланыштуу катышкан мамлекет жаран Акуновдун өлүмүнүн конкреттүү жагдайларын жаңыдан ыкчам, калыс, натыйжалуу жана кылдат тергөөнү жүргүзүүгө, күнөөлүү адамдарды сот жоопкерчилигине тартууга жана авторго тиешелүү компенсацияны берүүгө, ошондой эле тиешелүү дооматтарды канааттандыруу боюнча ойдогудай чараларды көрүүгө милдеттүү. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларга жол бербөөгө милдеттүү. |

| № | Автор, Билдирүүнүн номери, Кабыл алуу датасы | Темалар | Пактынын беренеси | Бузуу Чечимдин тиби | Сунуштамалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Жахангир Базаров, 2187/2012, 21.10.2016 | этностук тегинин белгиси боюнча кодулоо, негизсиз камакка алуу – кармоо, кыйноо, адилеттүү сот, адилеттүү сот – юридикалык жардам | ЖСУЭП-14-1; 3-d,e,g; 2-3; 26; 7; 9-1,3,4 | ЖСУЭП-7; 2-3; 9-1; 14-3-g; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 8. Пактынын 2-беренесинин 3-пунктунун а) пунктчасына ылайык катышкан мамлекет авторго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын камсыз кылууга милдеттүү. Бул үчүн Пактыда таанылган укуктары бузулган адамдарга зыяндын ордун толук толтуруу зарыл. Тиешелүү түрдө, катышкан мамлекет, атап айтканда, авторду бошотуу үчүн тиешелүү чараларды көрүүгө; билдирүүнүн авторуна чыгарылган айыптоо өкүмүн жокко чыгарууга жана зарылчылык болгон учурда, адилеттүү соттук териштирүүнүн, күнөөсүздүк презумпциясынын принциптеринин жана башка процесстик кепилдиктердин негизинде жаңы соттук териштирүүнү жүргүзүүгө; кыйноолор жөнүндө автордун ырастоолорун ыкчам жана калыс тергөөнү жүргүзүүгө жана авторго ойдогудай компенсацияны берүүгө жана андан өндүрүп алынган соттук айып акылардын, ошондой эле ар кандай соттук чыгымдардын жана андан өндүрүп алынган башка тиешелүү жыйымдардын ордун толтурууга милдеттүү. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларды четтетүү үчүн бардык зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү. |
| 8 | Азимжан Аскаров, 2231/2012, 1.03.2016 | этностук тегинин белгиси боюнча кодулоо, негизсиз камакка алуу – кармоо, кыйноо, адилеттүү сот, адилеттүү сот – юридикалык жардам, камакта кармоо шарттары | ЖСУЭП-10-1; 14-1,2,3-b,e,5; 19; 2; 2-3; 26; 7; 9-1; ЖСУЭП-ФП-5-2-b | ЖСУЭП-7; 2-3; 9-1; 10-1; 14-3-b,e; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 10. Пактынын 2-беренесинин 3-пунктунун а) пункчасына ылайык катышкан мамлекет авторго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын берүүгө милдеттүү. Бул Пакт боюнча укуктары бузулган адамдарга зыяндын ордун толук толтурууну талап кылат. Ошентип, катышкан мамлекет, атап айтканда, авторду тез арада бошотуу боюнча тиешелүү кадамдарды жасоого; авторду айытоону жокко чыгарууга жана зарылчылык болгон учурда адилеттүү соттун, күнөөсүздүк презумпциясынын жана башка процесстик кепилдиктердин принциптерине ылайык жаңы соттук процессти жүргүзүүгө, ошондой эле авторго ойдогудай компенсацияны берүүгө милдеттүү. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларга жол бербөө үчүн кадамдарды жасоого милдеттүү. |

| № | Автор, Билдирүүнүн номери, Кабыл алуу датасы | Темалар | Пактынын беренеси | Бузуу Чечимдин тиби | Сунуштамалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 9 | Суюнбай Акматов, 2052/2011, 29.10.2015 | жашоого укук, алгылыктуулук – укуктук коргонун улуттук каражаттарынын бүтүшү, кыйноо, кыйноо – өз учурунда жана калыс тергөө | ЖСУЭП-2-3; 6-1; 7 ЖСУЭП-ФП-5-2-b | ЖСУЭП-6-1; 7; 2-3; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 10. Пактынын 2-беренесинин 3 а) пунктуна ылайык катышкан мамлекет авторго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын берүүгө милдеттүү. Бул үчүн Пакт тарабынан таанылган укуктары бузулган адамдарга зыяндын ордун толук толтурууну берүү зарыл. Буга байланыштуу катышкан мамлекет, атап айтканда, автордун уулунун өлүмүнүн конкреттүү кырдаалдарын жаңыдан ыкчам, калыс, натыйжалуу жана кылдат тергөөнү жүргүзүүгө, күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартууга, ошондой эле авторго ойдогудай компенсацияны жана канааттанууну берүүгө милдеттүү. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларга жол бербөө боюнча чараларды көрүүгө, анын ичинде ага байланышкан кандайдыр-бир жазык өндүрүшүнө карабастан жарандык доо боюнча зыяндын ордун толтурууну алуу үчүн тоскоолдуктарды жоюу аркылуу чараларды көрүүгө милдеттүү. |
| 10 | Маметкарим Эрназаров, 2054/2011, 25.03.2015 | жашоого укук, кыйноо, кыйноо – өз учурунда жана калыс тергөө, укуктук коргоонун натыйжалуу каражаты | ЖСУЭП-2-3; 6-1; 7; ЖСУЭП-ФП-5-2-b | ЖСУЭП-6-1; 7; 2-3; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 11. Пактынын 2-беренесинин 3-пунктунун а) пункчасына ылайык катышкан мамлекет авторго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын камсыз кылууга милдеттүү. Укуктук коргоо каражаты өзүнө автордун бир тууганынын өлүмүнүн кырдаалдарын калыс, натыйжалуу жана кылдат тергөөнү жүргүзүүнү, күнөөлүүлөрдү сот жоопкерчилигине тартууну жана зыяндын ордун толук толтурууну берүүнү, анын ичинде ойдогудай компенсацияны камтууга тийиш. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларды четтетүүгө милдеттүү. |

| № | Автор, Билдирүүнүн номери, Кабыл алуу датасы | Темалар | Пактынын беренеси | Бузуу Чечимдин тиби | Сунуштамалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 11 | Мунарбек Төрөбеков, 1547/2007, 27.10.2011 | негизсиз камакка алуу – кармалды, сот адилеттиги | ЖСУЭП-9-1,3; 14-1, 2, 3, 3-b, c, d, e; 16-1 | ЖСУЭП-9-3; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 8. Пактынын 2-беренесинин 3а) пунктуна ылайык катышкан мамлекет авторго тиешелүү компенсация түрүндө укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын берүүгө милдеттүү. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларды болтурбоо үчүн зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү. |
| 12 | Ахмет Гунан, 1545/2007, 25.07.2011 | адилеттүү сот, кыйноо, жашоого укук | ЖСУЭП-2-3; 6; 7; 9; 10-1; 14-1, 3-b, d, g | ЖСУЭП-6; 14; 7; 14-3-g, 14-1; 14-3-b, d; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 8.Комитет Пактынын 2-беренесинин 3а) пунктуна ылайык катышкан мамлекет авторго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын, анын ичинде кыйноону жана катаал мамилени колдонуу жөнүндө ырастоолорду калыс, натыйжалуу жана кылдат тергөөнү жүргүзүүнү жана автор кабылган мамиле үчүн жоопкерчилик тартуучу адамдарга каршы жазык ишин козгоону; анын ишин Пактыда бекемделген бардык кепилдиктерди сактоо менен кайталап териштирүү жөнүндө же аны бошотуу жөнүндө маселесин кароону, ошондой эле авторго зыяндын ордун толук толтурууну, анын ичинде ойдогудай компенсацияны берүүнү камсыз кылууга милдеттүү деп эсептейт. Мындан тышкары, катышкан мамлекет келечекте ушундай бузууларды четтетүү үчүн чараларды көрүүгө милдеттүү. |
| 13 | Турдукан Джумабаева, 1756/2008, 19.07.2011 | катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле жана жазалоо, эркиндигинен ажыратуу, жашоого укук, кыйноо, укуктук коргоонун натыйжалуу каражаты | ЖСУЭП-2-3; 6-1; 7 | ЖСУЭП-6-1; 7; 2-3; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 10. Пактынын 2-беренесинин 3а) пунктунун жоболоруна ылайык катышкан мамлекет авторго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын камсыз кылууга милдеттүү. Мындай каражат автордун уулунун өлүмүнүн кырдаалдарын калыс, натыйжалуу жана кылдат тергөөнү жүргүзүүнү, ал үчүн жоопкерчилик тартуучу адамдарды жазык куугунтуктоону жана зыяндын ордун толук толтурууну, анын ичинде тиешелүү компенсацияны камтууга тийиш. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларга жол бербөөгө милдеттүү. |

| № | Автор, Билдирүүнүн номери, Кабыл алуу датасы | Темалар | Пактынын беренеси | Бузуу Чечимдин тиби | Сунуштамалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 14 | Михаил Краснов, 1402/2005, 29.03.2011 | катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле жана жазалоо, жазык иши боюнча айыптоо өкүмү, камакка алуунун себептери, кыйноо, сот адилеттиги, ювеналдык юстиция | ЖСУЭП-10-1; 14-1, 3-b, c, g, 4; 17; 7; 9-2, 3 ЖСУЭП-ФП-2 | ЖСУЭП-7; 9-2; 14-1,3-b, c; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 10. Пактынын 2-беренесинин 3а) пунктуна ылайык катышкан мамлекет автордун уулуна укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын берүүгө, анын ичинде Пактынын жоболорун эске алуу менен анын айыптоо өкүмүн кайра кароого жана ага ойдогудай компенсацияны берүүгө милдеттүү. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларга жол бербөө боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү. |
| 15 | Нурбек Токтакунов, 1470/2006, 28.03.2011 | маалыматка жеткиликтүүлүк, укуктарды чектөө, маалыматка укук, алгылыктуулук – курмандыктын статусу, пикирлерди билдирүү эркиндиги, сот адилеттиги, укуктук коргоонун натыйжалуу каражаты | ЖСУЭП-14-1, 19-2,3; 2-3; ЖСУЭП-ФП-1,2 | ЖСУЭП-19-2; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 9. Пактынын 2-беренесинин 3а) пунктуна ылайык катышкан мамлекет авторго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын берүүгө милдеттүү. Комитет каралып жаткан учурда катышкан мамлекет берген жогорудагы 4.2-пункттагы маалымат автор үчүн коргоонун ушундай каражаты болуп саналат деп эсептейт. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларга жол бербөө жана Кыргызстанда чыгарылуучу өлүм жазасынын өкүмдөрү жөнүндө маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында бардык зарыл чараларды көрүшү керек. |

| № | Автор, Билдирүүнүн номери, Кабыл алуу датасы | Темалар | Пактынын беренеси | Бузуу Чечимдин тиби | Сунуштамалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 16 | Отабек Ахадов, 1503/2006, 25.03.2011 | инсандын коопсуздугу; алда канча жеңил жаза/өкүм; коргоо, жетиштүү убакыт жана шарттар, ыктыярсыз моюнга алуу; тез арада судьяга жеткирилди; айыпталуучулар/соттолгондор; алдын ала камоо; алгылыктуулук – укуктук коргоонун натыйжалуу каражатынын бүтүшү; негизсиз камакка алуу – кармоо; кыйноо; инсандын эркиндиги; сот адилеттиги; адамдык кадыр-барк, укуктук коргоонун натыйжалуу каражаты | ЖСУЭП-10-1; 14-1, 3-b, g; 15-1; 6-2; 7; 9-1, 3, 4; ЖСУЭП-ФП-2; 5-2-b | ЖСУЭП-14-3-g; 9; 14-1; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 9. Комитет Пактынын 2-беренесинин 3 а) пунктуна ылайык катышкан мамлекет авторго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын берүүгө, атап айтканда, кыйноону жана катаал мамилени колдонуу жөнүндө ырастоолорду ар тараптан жана кылдат тергөөнү жүргүзүүгө жана авторго катаал мамиле кылгандыгы үчүн күнөөлүү адамдарга каршы жазык ишин козгоого; Пактыда бекемделген бардык кепилдиктерге ылайык ишти кайталап териштирүү жөнүндө же аны бошотуу жөнүндө маселени кароого, ошондой эле авторго зыяндын ордун толук толтурууну, анын ичинде компенсацияны берүүгө милдеттүү деп эсептейт. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларга жол бербөө үчүн чараларды көрүүгө милдеттүү. |

| № | Автор, Билдирүүнүн номери, Кабыл алуу датасы | Темалар | Пактынын беренеси | Бузуу Чечимдин тиби | Сунуштамалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 17 | Феликс Кулов, 1369/2005, 26.07.2010 | адилеттүү соттук териштирүү, адвокатка тез арада жетүү, мыйзамсыз бөгөт коюу чарасы, күнөөсүздүк презумпциясы, күбөлөрдү суракка алууга укук, пикирин билдирүү эркиндиги | ЖСУЭП-2; 7; 9-1,3,4; 14-1,2,3-a,e,5; 15; 19; 25-a; ЖСУЭП-ФП-2 | ЖСУЭП-7; 9-1,3,4; 14-1,2,3-b,c,d,e,5; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 10. Пактынын 2-беренесинин 3а) пунктуна ылайык катышкан мамлекет авторго укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарын, анын ичинде ойдогудай компенсацияны берүүгө, ошондой эле авторго катаал мамиле үчүн Пактынын 7-беренесине ылайык жоопкерчиликти белгилөө максатында ишти козгоого милдеттүү. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларга жол бербөөгө милдеттүү. |
| 18 | Союзбек Калдаров, 1338/2005, 18.03.2010 | коргоонун убактылуу чаралары; катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле жана жазалоо; коргоо; даярдоо; ыктыярсыз моюнга алуу; тез арада судьяга жеткирилди; айыпталуучулар/соттолгондор; жашоого укук; күнөөсүздүк презумпциясы; негизсиз камакка алуу – кармоо; | ЖСУЭП-10-1; 14-2,3-c.d,g; 6-1; 7; 9-1,3,4; ЖСУЭП-ФП-2 | ЖСУЭП-9-3; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 10. Пактынын 2-беренесинин 3 а) пунктуна ылайык катышкан мамлекет авторго тиешелүү компенсация түрүндө укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын берүүгө жана келечекте ушундай бузууларды болтурбоо үчүн зарыл болгон өзгөртүүлөрдү мыйзамдарга киргизүүгө милдеттүү. |

| № | Автор, Билдирүүнүн номери, Кабыл алуу датасы | Темалар | Пактынын беренеси | Бузуу Чечимдин тиби | Сунуштамалар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | кыйноо; инсандын эркиндиги; адилеттүү сот; сот адилеттиги – процессти укукка жат создуктуруу; адамдык кадыр-барк; юридикалык жардам | | | |
| 19 | Рустам Латифулин, 1312/2004, 10.03.2010 | кодулоо; коргоо; даярдоо; айыпталуучулар/ соттолгондор; алгылыктуулук - предметтик компетенция; негизсиз камакка алуу – кармоо; инсандын эркиндиги; сот адилеттиги; сот адилеттиги – процессти укукка жат создуктуруу; контракттык милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн абакка камоо; жазык айыптоосу | ЖСУЭП-11; 14-1,3-c,d; 2-1; 26; 9-1,2; ЖСУЭП-ФП-2,3 | ЖСУЭП-9-1,2; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 10. Пактынын 2-беренесинин 3 а) пунктуна ылайык катышкан мамлекет билдирүүнүн авторуна тиешелүү компенсация түрүндө укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын берүүгө милдеттүү. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларга жол бербөө боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү. |

| № | Автор, Билдирүүнүн номери, Кабыл алуу датасы | Темалар | Пактынын беренеси | Бузуу Чечимдин тиби | Сунуштамалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 20 | Анарбай Уметалиев Анаркан Таштанбекова, 1275/2004, 30.10.2008 | жашоого укук, укуктук коргоонун натыйжалуу каражаты | ЖСУЭП-2-3; 6-1 | ЖСУЭП-2-3; 6-1 (эки автор жагынан жана атап айтканда, Үмөталиев жана Таштанбекова); Ой-пикирлерди кабыл алуу | 11. Пактынын 2-беренесинин 3 а) пунктуна ылайык катышкан мамлекет авторлорго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын камсыз кылууга, атап айтканда, алардын уулунун өлүмүнүн кырдаалдарын калыс тергөө, анын өлүмү үчүн жоопкерчилик тартуучу адамдарды куугунтуктоо жана адекваттуу компенсациялоо түрүндө камсыз кылууга милдеттүү. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларга жол бербөөгө милдеттүү. |
| 21 | Жахонтир Максудов, Адил Рахимов, Якуб Ташбаев Расулжон Пирматов, 1461/2006, 1462/2006, 1476/2006, 1477/2006, 16.07.2008 | коргоонун убактылуу чаралары; коргоо, даярдоо; тез арада судьяга жеткирилди; алдын ала камоо; негизсиз камакка алуу – кармоо; жекече кабарлоо жол-жобосу, жол-жобону бузуу; кыйноо; качкындын статусу; экстрадиция; укуктук коргоонун натыйжалуу каражаты | ЖСУЭП-14-3-b; 2-3; 6-2; 7; 9-1,3; ЖСУЭП-ФП-1 | ЖСУЭП-2; 6-2; 7, 9-1; ЖСУЭП-ФП-1; Ой-пикирлерди кабыл алуу | 14. Пактынын 2-беренесинин 3 а) пунктуна ылайык катышкан мамлекет авторлорго укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын, анын ичинде адекваттуу компенсацияны берүүнү камсыз кылууга милдеттүү. Мамлекетке кабардын авторлору кабылган кырдаалды контролдоо үчүн натыйжалуу чараларды көрүү сунуш кылынат. Катышкан мамлекетке авторлордун абалы жөнүндө жаңыланган маалыматы Комитетке туруктуу негизде берүү көптөн-көп сунуш кылынат. Катышкан мамлекет ошондой эле келечекте ушундай бузууларга жол бербөөгө милдеттүү. |

| № | Автор, Билдирүүнүн номери, Кабыл алуу датасы | Темалар | Пактынын беренеси | Бузуу Чечимдин тиби | Сунуштамалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 22 | Н.Т. 1522/2006, 19.03.2010 | ЖСУЭП 2-беренесинин күчүнүн экинчи даражадагы мүнөзү; адилеттүү сот | ЖСУЭП-14-1; 2-3; ЖСУЭП-ФП-2 | Алгылыксыздык жөнүндө чечим | 6. Ошондуктан Комитет токтом кылат:a) Факультативдик протоколдун 2-беренесине ылайык билдирүү алгылыктуу эмес деп эсептелсин; b) ушул чечим катышкан мамлекетке жана авторго кайра жөнөтүлсүн. |
| 23 | С.Б. 1877/2009, 30.07.2009 | Алгылыктуулук – курмандыктын статусу | ЖСУЭП-ФП-1 | Алгылыксыздык жөнүндө чечим | Чечимдин толук текстин төмөнкү шилтеме боюнча алууга болот: http://juris.ohchr.org/Search/Details/1516 |
| 24 | С.У. жана башкалар 1299/2004, 23.07.2015 | Сот адилеттиги | | Ишти токтотуу жөнүндө чечим | Комитет тарабынан суралган маалыматтарды берүүдөн баш тартканы үчүн №1299/2004 коммуникацияны кароону токтотуу жөнүндө чечим кабыл алган. |

1.1.3-таблицада. БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинде катталган, бирок азырынча карала элек 13 жекече даттануу тууралуу маалымат берилген. Даттанууларда көтөрүлгөн маселелер Кыргызстанда кандай укуктар көбүнчөсүн бузулаары жана бузулган укуктарды калыбына келтирүү үчүн коргоо издеп адам укуктары боюнча эл аралык механизмдерге кайрылууга негиз болгон мисалдар көрүнүп турат.

1.1.3 - таблица.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2018-жылы катталган** | | | |
| 1 | 3195/2018 | ЖСУЭП 12-2, 12-3, 14-1, 19-2. | Ой-пикирди билдирүү эркиндиги |
| 2 | 3200/2018 | ЖСУЭП 9, 10, 14, 2-3, 7. | Мыйзамсыз кармоо; кыйноолор; адилетсиз соттук териштирүүлөр |
| 3 | 3201/2018 | ЖСУЭП 9; 10; 14; 2-3; 7. | Мыйзамсыз кармоо; кыйноолор; адилетсиз соттук териштирүүлөр |
| 4 | 3202/2018 | ЖСУЭП 9; 10; 14; 2-3; 7. | Мыйзамсыз кармоо; кыйноолор; адилетсиз соттук териштирүүлөр |
| 5 | 3203/2018 | ЖСУЭП 9; 10; 14; 2-3; 7. | Мыйзамсыз кармоо; кыйноолор; адилетсиз соттук териштирүүлөр |
| 6 | 3204/2018 | ЖСУЭП 9; 10; 14; 2-3; 7. | Мыйзамсыз кармоо; кыйноолор; адилетсиз соттук териштирүүлөр |
| 7 | 3205/2018 | ЖСУЭП 9; 10; 14; 2-3; 7. | Мыйзамсыз кармоо; кыйноолор; адилетсиз соттук териштирүүлөр |
| 8 | 3206/2018 | ЖСУЭП 9; 10; 14; 2-3; 7. | Мыйзамсыз кармоо; кыйноолор; адилетсиз соттук териштирүүлөр |
| 9 | 3207/2018 | ЖСУЭП 9; 10; 14; 2-3; 7. | Мыйзамсыз кармоо; кыйноолор; адилетсиз соттук териштирүүлөр |
| **2017-жылы катталган** | | | |
| 10 | 2994/2017 | ЖСУЭП 2-3; 7; 14-3. | Камактагы таш боор мамиле; кысым көрсөтүүдөн улам моюнга алынган көрсөтмөлөрдүн негизинде айыптоолор |
| 11 | 2998/2017 | ЖСУЭП 2-3-а; 7; 9-1; 14-3-g; 26. | Камактагы таш боор мамиле; кысым көрсөтүү менен моюнга алууга мажбурлоо; документтештирилбей кармоо; сексуалдык тиешелүүлүгү боюнча кодулоо |
| 12 | 3000/2017 | ЖСУЭП 2-3-а; 7; 9-1; 9-2; 14-3-g. | Кыйноолор; мыйзамсыз кармоо; адилетсиз соттук териштирүүлөр |
| 13 | 3001/2017 | ЖСУЭП 2-3; 6-1; 10-1; 14. | Тынч жүрүштү уюштурганы үчүн авторго айып пул салынган |

Белгилеп коюучу нерсе, БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин чечимдерин, адам укуктарын бузуулар үчүн компенсациянын ордун толтуруу бөлүгүндө соттук актыларды кайра кароо тажрыйбасы башталды.

Мисалы, 2017-жылы 11-январда Жогорку сот БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин 2004-жылы Базар-Коргон РИИБ УКЖда каза болгон Ташкенбай Мойдуновдун үй-бүлөсүнө компенсация төлөө жөнүндө чечимин аткарды. Жогорку соттун чечими боюнча Кыргызстан жоопкер катары Финансы министрлиги аркылуу Мойдуновдун үй-бүлөсүнө 200 миң сом төлөнүп берилет. Буга чейин биринчи инстанциядагы сот (Биринчи май райондук соту, судья Эмил Аксамаевдин төрагалыгындагы отурумда) мамлекетти 500 миң сом төлөөгө милдеттендирген эле.

БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин чечиминин аткарылышынын башка бир мисалы болуп, Турдубек Акматовдун иши эсептелет. Ал 2005-жылы 3-майда милиция кызматкерлери тарабынан чакырылган, кийин Өзгөн районунун Мырзаке айылындагы милиция бөлүмүндө кармалган. 10 сааттык суракка алуудан кийин үйүнө кое берилген, ошол эле күнү кечинде каза болгон. БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин чечими менен 2015-жылы жашоого жана кыйноолордон эркин болууга укуктар бузулганы таанылган, жоопкерчиликке тартуу үчүн күнөөлүүлөрдү табуу жана туугандарына компенсацияларды төлөө каралган. Биринчи май райондук сотунун чечими менен Т.Акматовдун туугандарынын пайдасына 200 миң сом өндүрүү чечилген. Баяндама даярдалып жаткан учурда (2019-жылы 15-февралда) ишти апелляциялык инстанцияда кароо күтүлүп турган.

Мында, бюджеттин каражаттарынан компенсациялоо төлөөгө алып келген кыйноо колдонуунун курмандыгы болгон адамдын өлүмүнө күнөөлүүлөрдү аныктоо боюнча кошумча тергөө жүргүзүү маселеси натыйжалуу болбой калууда. Мисалы, Т.Мойдуновдун иши боюнча ИИБ эки кызматкеринин бирөөсү шалаакылык боюнча соттолуп, туугандарына компенсация (30 миң сом) төлөп берген, ал эми экинчиси өлкөдөн чыгып качып кеткен. Мында алардын аракети үчүн өлкөнүн бюджетинен 200 миң сом төлөнөт.

Ушуга байланыштуу жазанын болбой койбостугуна көңүл буруу керек. Анын натыйжасында БУУнун адам укуктары боюнча комитетинин чечими боюнча туугандарына төлөнүп берилген компенсация бюджетке регресстик тартипте кайра кайтарылышы керек.

## КР ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА КООРДИНАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

КР Өкмөтүнүн алдында 2014-жылы түзүлгөн жана КР Вице-премьер-министри тарабынан жетектелүүчү Адам укуктары боюнча Координациялык кеңеш улуттук мезгилдүү баяндамаларды даярдоо, БУУнун адам укуктары

чөйрөсүндөгү рекомендацияларын аткаруу боюнча мамлекеттик органдардын ишмердигин координациялоого багытталган.

2010-жылдан тартып 2015-жылга чейин Кыргызстан анын катышуучусу болуп саналган 7 негизги эл аралык келишим боюнча улуттук баяндамалар жана милдеттенмелерди аткаруу боюнча сереп берилген. Серептин натыйжасында КР Өкмөтүнө адам укуктары чөйрөсүндө 664 сунуштама берилген, сунуштамалардын аткарылышын ишке ашыруу боюнча баяндама берүүсү зарыл.

Бул сунуштамалар министрликтер жана ведомстволор менен макулдашуудан кийин Адам укуктары боюнча аракеттердин улуттук планына кирген жана 2018-жылы 2019-2021-жылдар аралыгына кабыл алынган. Укуктук милдеттенмелер адам укуктары боюнча БУУнун сунуштамалары боюнча механизмдер маанилүү жана жооптуу милдет болуп саналат.

Буга байланыштуу, адам укуктары боюнча тийиштүү эл аралык келишимдерге ылайык улуттук баяндамаларды белгиленген график боюнча берүү мамлекеттин эл аралык аренадагы беделин жана кадыр-баркын сактоого шарт түзөт.

# II БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН ЖАНА АНЫН АППАРАТЫНЫН 2018-ЖЫЛДАГЫ ИШМЕРДИГИ ЖӨНҮНДӨ

## 2.1. 2018-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНА (ОМБУДСМЕНИНЕ) КЕЛГЕН КАЙРЫЛУУЛАРДЫН САНЫ ЖАНА МҮНӨЗҮ

***КР Конституциясынын 41-беренеси:*** *«1. Ар бир адам мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттө негиздүү жооп берүүгө милдеттүү болгон мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын жетекчилерине кайрылууга укуктуу».*

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) КР Конституциясынын 108-беренесине жана «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык иш алып барат.

Акыйкатчынын ишмердүүлүгүнүн негизги багыты - адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулгандыгы туурасындагы жарандардын кайрылууларын карап чыгуу жана аларды калыбына келтирүү боюнча чараларды кабыл алуу болуп саналат.


«Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, Акыйкатчы өлкөнүн жарандарынын, ошондой эле Кыргызстанда жүргөн чет элдиктердин же жарандыгы жок адамдардын же алардын өкүлдөрүнүн, бейөкмөт уюмдардын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын, мекемелердин, ишканалардын, кызмат адамдарынын, мамлекеттик кызматчылардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген эл аралык келишимдер жана макулдашуулар менен белгиленген адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин бузган чечимдерине же аракеттерине (аракетсиздигине) тиешелүү болгон арыздарды жана даттанууларды карайт.

Акыйкатчыга болгон кат жүзүндөгү кайрылуулар ар кандай жолдор менен келет – каттар буйрутма жана кадимки почта аркылуу, интернет тармагын колдонуп, факстык байланыш аркылуу, бирок көпчүлүк жарандар КР Акыйкатчысынын мекемесине өздөрү келип, катты таштап кетүү жолун тандашат.

2018-жылдагы кайрылуулардын 63,3%ы өздөрү алып келгендер, 22,6%ы почта түйүндөрү аркылуу, 4,9%ы электрондук почта аркылуу, 1,9%ы «115 шыр байланыш» аркылуу, 1,3%ы факстык байланыш аркылуу келип түшкөн. 1,7%ы Акыйкатчынын аймактарга, ар кандай уюмдар менен мекемелерге болгон иш сапарларында берилген.

2.1.1 - диаграмма

## КАЙРЫЛУУЛАРДЫ ЖЕТКИРҮҮНҮН ТҮРЛӨРҮ





2018-жылы КР Акыйкатчысынын наамына кат жүзүндө 3237 кайрылуу келип, алардын 2092си (64,6%) – Борбордук аппаратка, 1145и (35,4%) – Акыйкатчынын (Омбудсмендин) аймактык өкүлчүлүктөрүнө түшкөн. Булардын 142си (4,4%) – 2050 адам кол койгон жамааттык кайрылуулар. 6115 адам оозеки түрдө кеңештерди алышкан. 2018-жылы Акыйкатчыга кайрылгандардын жалпы саны 11260 адамды түздү, алардын 47,4%ы – аялдар.

Бир дагы кайрылуу көңүл буруусуз калган жок. Ар бир кайрылуу боюнча текшерүүлөр жүрүп, тиешелүү органдарга каттар жолдонду, арыз ээлерине адистер тарабынан сунуштар берилип, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. 2018-жылы баардыгы болуп 13,2% учурларда арыз ээлеринин укуктары калыбына келтирилди.

2.1.2-диаграммада акыркы беш жылда жазуу түрүндө келген арыздардын динамикасы көрсөтүлдү.


2.1.2 - диаграмма

## 2014-ЖЫЛДАН 2018-ЖЫЛГА ЧЕЙИН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН НААМЫНА КЕЛГЕН ЖАРАНДАРДЫН ЖАЗУУ ТҮРҮНДӨГҮ АРЫЗДАРЫНЫН ДИНАМИКАСЫ




2.1.3 - диаграмма

### 2014-ЖЫЛДАН 2018-ЖЫЛГА ЧЕЙИН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) НААМЫНА ЖАРАНДАРДАН КЕЛГЕН КАЙРЫЛУУЛАРДЫН ЖАЛПЫ САНЫНЫН ДИНАМИКАСЫ




2.1.4 - диаграмма

### 2014-ЖЫЛДАН 2018-ЖЫЛГА ЧЕЙИН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) АППАРАТЫНА ООЗЕКИ КАЙРЫЛУУЛАРДЫН ЖАЛПЫ САНЫНЫН ДИНАМИКАСЫ




Жазуу түрүндө арыз менен кайрылгандардын географиялык бөлүнүшү кийинки таблицада:

2.1.1.-таблица

## 2018-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) БОРБОРДУК АППАРАТЫНА ЖАНА АНЫН АЙМАКТЫК ӨКҮЛЧҮЛҮКТӨРҮНӨ КЕЛГЕН АРЫЗДАРДЫН САЛЫШТЫРМАЛУУ ТАБЛИЦАСЫ

| № | Кайрылуу кайдан келди | Баардыгы болуп 2018-жылда түшкөн кайрылуулар | % | Кайрылуулар түштү: | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Борбордук аппаратка | Аймактардагы өкүлчүлүктөргө |
| 1 | Бишкек ш. | 1001 | 31,0 | 1001 | – |
| 2. | Чүй облусу | 576 | 17,8 | 350 | 226 |
| 3. | Ысык-Көл облусу | 415 | 12,8 | 174 | 241 |
| 4. | Ош облусу | 360 | 11,1 | 84 | 276 |
| 6. | Жалал-Абад облусу | 213 | 6,6 | 101 | 112 |
| 5. | Нарын облусу | 191 | 5,9 | 45 | 146 |
| 7. | Баткен облусу | 112 | 3,5 | 40 | 72 |
| 8. | Талас облусу | 89 | 2,7 | 17 | 72 |
| 9. | Эркинен ажыратуу жайлары | 134 | 4,1 | 134 | - |
| 10. | КМШ, алыскы чет өлкөлөр | 33 | 1,0 | 33 | - |
| 11. | Эл.почта аркылуу, өзүнүн дареги көрсөтүлбөгөн | 113 | 3,5 | 113 | - |
| | **Баардыгы** | **3237** | | **2092** | **1145** |

2.1.5 - диаграмма

## 2018-ЖЫЛЫ АЙМАКТАРДАН КЕЛГЕН ЖАРАНДАРДЫН КАЙРЫЛУУЛАРЫ




Таблицалардан жана диаграммалардан көрүнүп тургандай, кайрылуулардын көпчүлүк бөлүгү Бишкек шаарынан келген – 1001 (31,0%), Чүй облусунан – 576 (17,8%), Ысык-Көл облусунан – 415 (12,8 %), Оү облусунан 360 (11,1%), Жалал-Абад облусунан – 213 (6,6%), Нарын облусунан – 191 (5,9%). Эркинен ажыратуу жайларынан келгени 4,1% – бул Баткен (3,5%) жана Талас (2,7%) облустарына караганда көп.

Жаш курагына карап талдоо жүргүзүүдө КРАкыйкатчысына 30 жаштан 60 жашка чейинки курактагы адамдар көбүрөөк кайрылышаары белгилүү болду.

2.1.6 - диаграмма

2018-ЖЫЛЫ КР АКЫЙКАТЧЫСЫНА (ОМБУДСМЕНИНЕ)
АРЫЗ МЕНЕН КАЙРЫЛГАН ЖАРАНДАРДЫН ЖАШ КУРАГЫ




Калктын социалдык топтору боюнча жарандардын жазуу түрүндөгү кайрылууларынын бөлүштүрүлүшү:


2.1.2.-таблица

| № | 2018-жыы Акыйкатчыга кат түрүндө кайрылган жарандардын социалдык курамы | Кат жүзүндөгү кайрылуулардын саны | |
|---|---|---|---|
| | | Баардыгы | % менен |
| 1 | Жумушсуздар | 971 | 30,0 |
| 2 | Пенсионерлер | 465 | 14,4 |
| 3 | Бюджеттик мекемелердин кызматкерлери | 215 | 6,6 |
| 4. | Камактагылар, соттолгондор, айыпталуучулар | 214 | 6,6 |
| 5. | Саясий партиялардын мүчөлөрү жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү | 118 | 3,7 |
| 6.. | Майыптар | 105 | 3,2 |
| 7. | Адвокаттар | 74 | 2,3 |
| 8.. | Бизнесмендер, ишкерлер | 56 | 1,7 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9. | Фермерлер | 44 | 1,4 |
| 10. | Студенттер | 22 | 0,7 |
| 11. | Жогорку Кеңештин жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары | 17 | 0,5 |
| 12. | Үй кожейкелери | 16 | 0,5 |
| 13. | Башкалар, а.и. такталбагандар | 920 | 28,4 |
| | **Баардыгы** | **3237** | **100** |

2.1.7 - диаграмма

### 2018-ЖЫЛЫ КР АКЫЙКАТЧЫСЫНА (ОМБУДСМЕНИНЕ) КАЙРЫЛГАН ЖАРАНДАРДЫН СОЦИАЛДЫК КУРАМЫ




Диаграммадан көрүнүп тургандай, Акыйкатчыга кайрылгандардын басымдуу бөлүгү калктын социалдык жактан корголбогон катмары - жумушсуздар, пенсиядагылар, майыптар жана туруктуу жашаган жери жок адамдар.

Акыркы үч жылдагы талдоолор көрсөткөндөй, жарандардын кайрылууларынын тематикалык түзүмүндө жалпысынан алганда, өзгөрүүлөр байкалбайт.

2.1.3.-таблица

### 2018-ЖЫЛЫ КР АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) НААМЫНА КЕЛГЕН ЖАРАНДАРДЫН АРЫЗДАРЫНДА КӨТӨРҮЛГӨН МАСЕЛЕЛЕРДИН ТЕМАТИКАСЫ

| № | Жарандардын кайрылууларында көтөрүлгөн маселелердин тизмеси | Кайр-дын саны 2018 ж. | % менен |
|---|---|---|---|
| 1 | КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) өкүлүн соттук отурумга жиберүү тууралуу | 876 | 27,1 |
| 2 | Милиция кызматкерлеринин иш-аракетине/ аракетсиздигине болгон даттануулар | 423 | 13,1 |
| 3 | Сот органдарынын иш-аракетине/ аракетсиздигине болгон даттануулар | 191 | 5,9 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4 | Жер участкаларын, жашаган үйлөрдү бөлүштүрүү тууралуу | 173 | 5,3 |
| 5 | Прокуратура кызматкерлеринин иш-аракетине/аракетсиздигине болгон даттануулар | 133 | 4,1 |
| 6 | Эмгек укуктарынын бузулуусу жөнүндө | 126 | 3,9 |
| 7 | Соттун чечимдери менен макул эместиги жөнүндө | 117 | 3,6 |
| 8 | Саламаттыкты сактоо кызматкерлерине болгон даттануулар | 96 | 3,0 |
| 9 | Облустук, райондук, шаардык администрациялардын жетекчилеринин, ЖӨБ органдарынын иш-аракетине/ аракетсиздигине болгон даттануулар | 90 | 2,8 |
| 10 | Социалдык камсыздоо маселелери | 86 | 2,7 |
| 11 | Кыйноолорду колдонуу боюнча даттануулар | 60 | 1,9 |
| 12 | КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК кызматкерлеринин иш-аракетине/ аракетсиздигине болгон даттануулар | 58 | 1,8 |
| 13 | Балдардын укуктарынын бузулушу жөнүндө | 54 | 1,7 |
| 14 | Билим берүү маселелери | 50 | 1,5 |
| 15 | Соттун чечимдеринин аткарылбай жатканы тууралуу | 39 | 1,2 |
| 16 | Паспортторду берүүгө байланыштуу маселелер | 38 | 1,2 |
| 17 | КР Президентинин, КР Өкмөтүнүн, КР Жогорку Кеңешинин Аппаратынын ишине байланыштуу маселелер | 33 | 1,0 |
| 18 | КР УКМК кызматкерлеринин иш-аракетине/ аракетсиздигине болгон даттануулар | 27 | 0,8 |
| 19 | Саламаттыкты сактоо уюмдарынын карамагына кирген маселелер | 26 | 0,8 |
| 20 | Чет мамлекеттердеги жарандардын укуктарынын бузулушу | 25 | 0,8 |
| 21 | Аялдардын укуктарынын бузулушу | 18 | 0,6 |
| 22 | Кызматтагы адамдардын кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануусу жөнүндө | 15 | 0,5 |
| 23 | Алименттерди төлөөдөгү маселелер | 14 | 0,4 |
| 24 | Сот органдарынын карамагына кирген маселелер | 11 | 0,3 |
| 25 | Экстрадицияга байланыштуу маселелер | 11 | 0,3 |
| 26 | Материалдык жардам көрсөтүү жөнүндө | 10 | 0,3 |
| 27 | Үй-бүлөдөгү зомбулук тууралуу | 9 | 0,3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 28 | Прокуратура органдарынын карамагына кирген маселелер | 9 | 0,3 |
| 29 | Ички иштер органдарынын карамагына кирген маселелер | 9 | 0,3 |
| 30 | Адвокаттардын иш-аракеттери боюнча даттануулар | 7 | 0,2 |
| 31 | Динге байланыштуу маселелер | 6 | 0,2 |
| 32 | Кечирим берүүгө байланыштуу маселелер | 5 | 0,2 |
| 33 | Юридикалык кеңештерди берүү тууралуу | 5 | 0,2 |
| 34 | Аскер кызматкерлеринин укуктарынын бузулушу тууралуу | 4 | 0,1 |
| 35 | Миграция маселелери | 2 | 0,1 |
| 36 | Жарандыкты алуу боюнча маселелер | 2 | 0,1 |
| 37 | Шайлоолор жана КР Борбордук шайлоо комиссиясынын иш-аракеттерине байланыштуу маселелер | 1 | 0,03 |
| 38 | Майыптардын укуктарынын бузулушу жөнүндө | 1 | 0,03 |
| 39 | Мектептерге жана мектепке чейинки мекемелерге орноштуруу боюнча маселелер | 1 | 0,03 |
| 40 | Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлерине болгон ыраазычылык билдирүү | 17 | 0,5 |
| 41 | Мурда берилген кайрылуулардын каралбай калгандыгы боюнча арыздар | 20 | 0,6 |
| 42 | Башкалар | 339 | 10,5 |
| | **Баардыгы** | **3237** | **100** |

2.1.3-таблицадан көрүнүп тургандай, жарандардын кайрылууларында көбүрөөк көтөрүлгөн маселелер мурдагыдай эле, сот жана укук коргоо органдарына тиешелүү болууда.

Жазуу түрүндөгү 3237 кайрылуунун 2019у (62,3%) күч түзүмдөрүнүн жана сот органдарынын кызматкерлеринин иш-аракеттерине байланыштуу болгон даттанууларды камтыйт.

2014-2018-ж.ж. укук коргоо органдарынын жана сот органдарынын кызматкерлерине карата даттанууларды камтыган жарандардын кайрылуулары боюнча маалыматтар төмөнкү таблицада жана диаграммада көрсөтүлгөн.


2.1.4-таблица.

## 2014-2018-ЖЫЛДАРДА ЖАРАНДАРДЫН УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА СОТ ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ КАРАТА ДАТТАНУУЛАРДЫ КАМТЫГАН КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| № | Кайрылуулардын тематикасы | Келген кайрылуулар | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2014 | Жалпы санга карата % менен | 2015 | Жалпы санга карата % менен | 2016 | Жалпы санга карата % менен | 2017 | Жалпы санга карата % менен | 2018 | Жалпы санга карата % менен |
| 1 | **Сот органдарынын маселелери боюнча жарандардын кайрылуулары:** | **856** | 35,5 | **1013** | 40,8 | **1925** | 50,7 | **1390** | 42,9 | **1223** | 37,8 |
| | – соттордун, сот органдарынын иш-аракеттери/ аракетсиздигине байланыштуу | 107 | | 131 | | 133 | | 129 | | 191 | |
| | – соттун чечимдери менен макул болбогондук | 67 | | 68 | | 99 | | 70 | | 117 | |
| | – соттун чечимдеринин аткарылбагандыгы боюнча | 27 | | 35 | | 35 | | 22 | | 39 | |
| | – сотко катышуу жөнүндө өтүнүч | 655 | | 779 | | 1658 | | 1169 | | 876 | |
| 2 | **Укук коргоо органдарына карата даттануулар:** | **682** | 28,3 | **619** | 24,9 | **724** | 19 | **629** | 19,4 | **701** | 21,7 |
| | – милиция кызматкерлеринин иш-аракеттерине/ аракетсиздигине | 387 | | 316 | | 416 | | 387 | | 423 | |
| | – кыйноолорду колдонууга | 70 | | 74 | | 70 | | 62 | | 60 | |
| | – прокуратура кызматкерлеринин иш-аракеттерине/ аракетсиздигине | 142 | | 170 | | 162 | | 107 | | 133 | |
| | – КР УКМК кызматкерлеринин иш-аракеттерине/ аракетсиздигине | 41 | | 27 | | 21 | | 24 | | 27 | |
| | – ЖАМК кызматкерлеринин иш-аракеттерине/ аракетсиздигине | 35 | | 27 | | 46 | | 49 | | 38 | |
| | – БКМК кызматкерлеринин иш-аракеттерине | 7 | | 5 | | 9 | | – | | – | |
| | **Баардыгы** | **1538** | 63,8 | **1632** | 65,7 | **2649** | 69,7 | **2019** | 62,3 | **1924** | 59,5 |

2.1.8 - диаграмма

### 2014-2018-ЖЫЛДАРЫ СОТ ЖАНА УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН ИШ-АРАКЕТИ/АРАКЕТСИЗДИГИ БОЮНЧА КР АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) НААМЫНА КЕЛГЕН КАЙРЫЛУУЛАРДЫН ДИНАМИКАСЫ





Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин иш-аракетине/аракетсиздигине байланыштуу болгон даттануулардын басымдуу бөлүгү Бишкек шаарынын, Чүй, Ош жана Ысык-Көл облустарынын жашоочуларынан, ошондой эле эркинен ажыратуу жайларынан келген кайрылуулар.

Белгилеп коюу зарыл, аталган укук бузуу фактылары чанда гана тастыкталат. Бул туурасында баяндаманын кийинки бөлүктөрүндө толугураак айтылат.

Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна байланыштуу фактылар боюнча, аларды толугу менен жоюу максатында, Акыйкатчы мамлекеттик бийлик органдарына, ЖӨБдөргө, алардын жетекчилерине көңүл буруу актыларын жолдогон (Акыйкатчынын сунуштамасы). 2018-жылы ар кандай уюмдарга, мекемелерге 79 көңүл буруу актылары жолдонгон.

2.1.9 - диаграмма

### 2014-ЖЫЛДАН 2018-ЖЫЛГА ЧЕЙИН КР АКЫЙКАТЧЫСЫ (ОМБУДСМЕНИ) ТАРАБЫНАН ЖОЛДОНГОН КӨҢҮЛ БУРУУ АКТЫЛАРЫНЫН ДИНАМИКАСЫ




2018-жылы оң жагына чечилген маселелер (пайыздык катышта) 13,2%ы түздү, же болбосо 376 жарандын кайрылуусу.

32,2% кайрылууда айтылган өтүнүчтөр аткарылган (канааттандырылган); арызданууучунун пайдасына чечилген маселелердин саны (оң жагына чечилген маселелер) 13,2% түздү, 39,6% арызданууучуларга жазуу түрүндө толук түшүндүрүү, кеңештер берилди – алар тарабынан кайрылууда белгиленген бул же тигил көйгөйдү чечүү үчүн жарандар кайсы органдарга кайрылышы керектиги боюнча.

2018-жылы келген 15% кайрылууларды кароо 2019-жылы дагы уланат. Бул негизинен, 2018-жылдын акыркы күндөрүндө келген кайрылуулар.

2.1.10 - диаграмма

2018-ЖЫЛДАГЫ ЖАРАНДАРДЫН ЖАЗУУ ТҮРҮНДӨГҮ КАЙРЫЛУУЛАРЫН КАРАП ЧЫГУУНУН ЖЫЙЫНТЫГЫ




Арызданууучулардын өтүнүчү менен КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) (мындан ары - Акыйкатчы) аппаратынын кызматкерлери 2018-жылы 1203 соттук отурумдарга катышкан.

Жеринде 708 кайрылуу каралды, бул каралган жалпы кайрылуулардын 25,0%ын түзөт.

Акыйкатчынын (Омбудсмендин) кийлигишүүсүнүн натыйжасында, жарандардын укуктарынын бузулушуна жол берген жетекчилер жоопкерчиликке тартылган. (Караңыз: Толугураак маалымат №1 тиркемеде берилген – Акыйкатчынын сунуштары менен эсептешпестен, жарандардын жана адамдардын укуктары жана эркиндиктеринин бузулушуна жол берген мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын жетекчилеринин тизмеси).

2018-жылы жазуу түрүндө келген кайрылуулардын аймактар боюнча аткарылышы жөнүндө маалымат төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн:

2.1.6-таблица

### 2018-ЖЫЛЫ КР АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) НААМЫНА ЖАЗУУ ТҮРҮНДӨ КЕЛГЕН КАЙРЫЛУУЛАРДЫН АЙМАКТАР БОЮНЧА АТКАРЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

| № | Аталышы | 2018-жылдагы кат жүзүндө келген бардык кайрылуулар | 31.12.18-жылга карата аткарылган жана көзөмөлдөн алынганы | % менен | Арыз ээсинин пайдасына чечилген | %менен жүзөгө ашкандардан |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1.** | **Борбордук аппарат** | **2092** | **1790** | **85,6** | **133** | **7,9** |
| *Аймактардагы өкүлчүлүктөр* | | | | | | |
| 1. | Баткен облусу | 72 | 72 | 100 | 14 | 19,4 |
| 2. | Ысык-Көл облусу | 241 | 230 | 95,4 | 36 | 15,7 |
| 3. | Жалал-Абад облусу | 112 | 108 | 96,4 | 41 | 38,0 |
| 4. | Нарын облусу | 146 | 142 | 97,3 | 47 | 33,1 |
| 5. | Ош облусу | 276 | 255 | 92,4 | 40 | 15,7 |
| 6. | Талас облусу | 72 | 53 | 73,6 | 14 | 26,4 |
| 7. | Чүй облусу | 226 | 191 | 84,5 | 51 | 26,7 |
| | **Жалпы аймактар боюнча** | **1145** | **1051** | **91,8** | **243** | **23,1** |
| | **Баардыгы:** | **3237** | **2841** | **87,8** | **376** | **13,2** |

2018-жылда келген 3237 жазуу түрүндөгү кайрылуулардын ичинен, 31.12.18-ж. карата 2841и аткарылган, бул 87,8%ды түзөт. 31.12.18-ж. карата Акыйкатчы аппаратынын бөлүмдөрүндө жана аймактык өкүлчүлүктөрүндө 396 жазуу түрүндөгү кайрылуулар болгон. Алардын ичинен 302и – Борбордук аппаратта, 94ү – аймактык өкүлчүлүктөрдө, бул жалпы сандын 15%ын түзгөн. Бул, негизинен, 2018-жылдын акыркы күндөрүндө жарандардан келген кайрылуулар.

Акыйкатчынын жарандар менен байланышынын башкы жана натыйжалуу формаларынын бири жеке кабыл алуу болуп саналат. 2018-жылы Акыйкатчынын (Омбудсмендин) Бишкек шаарындагы Коомдук кабылдамасында 1640 жаран кабыл алынды. Алардын ичинен 1325 (80,8%) жаран КР Акыйкатчысынын наамына жазуу түрүндөгү кайрылууларды division ташташкан. Бардык жарандар тиешелүү түшүндүрмө, кеңештерди, сунуштарды алышкан. Жеке кабыл алуудагы ар бир кайрылуу боюнча арыз ээлери менен маектешүүдө чыныгы кырдаалдар ачыкталды, укуктук мамилелердин түрлөрү жана мүнөзү аныкталды, жарандын конкреттүү укугу жана анын бузулушунун деңгээли белгиленди, бузулган укуктарды калыбына келтирүүгө таасир этүү боюнча Акыйкатчынын таасир этүү чаралары аныкталды.

## 2.2. АКЫЙКАТЧЫГА ЖАБЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ АДАМДАРДЫ КОШО АЛГАНДА КАЙРЫЛУУ ҮЧҮН "115 ШЫР БАЙЛАНЫШ" КЫЗМАТЫ

Кайрылууларды кабыл алуу үчүн Акыйкатчы аппаратында кыска 115 номерлүү шыр байланыш иштейт, ал Кыргызстандын стационардык жана уюлдук телефондорунан күн сайын саат 9-00дөн 24-00гө чейин (дүйшөмбү жана шейшембиде 9дан-18.00гө чейин), ишемби жана жекшемби күндөрү саат 9:00дөн 21.00 чейин телефон чалуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

"115 Шыр байланыш кызматы" 2015-жылы БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин балдардын бийлик органдарына кайрылуу мүмкүнчүлүгү үчүн сунуштамасын аткаруу максатында түзүлгөн.

2017-жылдын январында каралуучу маселелердин тизмегине эркиндиги чектелген жайлардагы (УКЖ, ТИЗО, балдар үйлөрү, психиатриялык жайлар, түзөтүү колониялары, тарбиялоо колониялары, балдар үчүн атайын мектептер жана карылар үйлөрү)[19] адамдардын укуктарынын сакталышы маселелери камтылган.

2018-жылдын октябрь айынан тартып "115 Шыр байланыш кызматы" Эл аралык Түрмө реформасы уюмунун Борбордук Азиядагы Өкүлчүлүгү жана Улуу Британиянын Кыргыз Республикасындагы Элчилиги тарабынан жашы жетпегендерге жана жабык мекемелерде жүргөн адамдар үчүн көмөк көрсөтүү үчүн колдоого ээ болгон.

Кызматтын кызматкерлеринин стресске чыдамдуулугун жана компетенттүүлүгүн арттыруу үчүн 2018-жылдын октябрь айынан тартып супервизордук колдоо уюштурулган. Ал үчүн 3 окуу тренинги өткөрүлгөн:

- "Жаңы формат жана перспективалар";
- "Толук кандуу жашоо адамдын жашоосундагы башкы бизнес-долбоор катары";
- "Азгыруунун (вербовканын) формуласы же манипуляцияларга кантип карама-каршы туруу керек".

Кызматкерлер социалдык тармактардагы маркетингге окутуулардан өтүшкөн, анын жыйынтыгы боюнча алган билимдерин жана көндүмдөрүн "115 Шыр байланыш" брендин илгерилетүү үчүн колдонушкан. Бул үчүн кызматкерлер маркетинг технологиясын колдонууга үйрөнүшкөн.

Кызматтын ишмердиги тууралуу жети пост даярдалган, алар 11 миңге жакын адамды камтыган. "Facebook" колдонуучуларынын арасындагы посстордун популярдуулугу маалымат агенттиктеринин[20] көңүлүн өзүнө буруп, алар Кызматтын иши жөнүндө материалдарды даярдашкан.

19. Акыйкатчынын бул демилгеси Penal Reform International (мындан ары-PRI) Эл аралык уюму, же Борбордук Азиядагы түрмө реформасы Эл аралык уюму тарабынан колдоого алынган.
20. "sputnik.kg" жана "Akipress.kg" караңыз.

Соттолгон жашы жетпеген Эркин (аты өзгөртүлдү) телефон аркылуу “115 Шыр байланыш” Кызматына апасы менен байланышууга көмөк көрсөтүүнү суранып кайрылган. Апасы бир нече айдан бери байланышка чыккан эмес, телефону өчүк болгон.

Ошол эле күнү Акыйкатчынын кийлигишүүсүндө, кайрылуу ыкчам түрдө Айыл өкмөтүнө жана ички иштер органдарына жөнөтүлгөн.

Натыйжада, Эркин апасы менен байланышкан, апасына уулунун абалы тууралуу толук маалымат берилген.

Эркиндин оң жыйынтык менен аяктаган бул таржымалы ошол эле мекемеден бир айдын ичинде ушундай эле маселелер боюнча дагы эки кайрылуунун түшүүсүнө түрткү болду.

Кызматкерлер маалыматтык кампанияны жүргүзүүгө тартылышкан. “115 Шыр байланыш” Кызматынын 2018-жылга планына ылайык, жабык мекемелерге иш сапарлары уюштурулду. Барган жабык мекемелерде 2300гө жакын адамга “115 Шыр байланыш” Кызматынын ишмердиги жөнүндө, кайрылуунун тартиби жана Акыйкатчы аппаратында кайрылууларды кароонун жол-жобосу тууралуу маалымат берилген. Адам укуктарынын бузуулары жөнүндөгү билдирүүлөргө, анын ичинде кыйноолорду жана таш боор мамилени колдонуу фактыларына өзгөчө көңүл бурулаары маалымдалган.

“115 Шыр байланыш” кызматы жөнүндө маалыматтык плакаттар бардык мекемелердин кабыл алуу блокторунда жана абактагылар кармалган жайларга жайгаштырылган.

## 2018-ЖЫЛЫ “115 ШЫР БАЙЛАНЫШКА” КАЙРЫЛУУЛАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР

2.2.1 - диаграмма

“115 ШЫР БАЙЛАНЫШ” КЫЗМАТЫНЫН ИШИ 2018-ЖЫЛЫ КАЙРА ЖАНДАНГАНДАН КИЙИНКИ ТЕЛЕФОН ЧАЛУУЛАРДЫН ӨЗГӨРҮҮЛӨРҮНҮН ДИНАМИКАСЫ



2018-жылы "115 Шыр байланыш" кызматы 10 миң 308 телефон чалууларды иштеп чыкты, алардын ичинен:


- үн билдирүүлөрү -4165;
- телефон чалуулар – 3637;
- кырдаалга көз салуу үчүн кызмат тарабынан чыгыш 2506 телефон чалуулар (көзөмөл жана үн билдирүүлөргө жооп иретинде) болгон.

3465 кайрылуучуга укуктук консультация берилген, ар кайсы маселелер боюнча кайрылган 44 арыз Акыйкатчы аппаратынын тийиштүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлерине кароого берилген.

1918 кайрылуулар оң чечилген: консультация же жооп берилген, иш Акыйкатчы аппаратынын бөлүмү тарабынан каралган.

2.2.2 - диаграмма


**2015-2018-ЖЫЛДАРДАГЫ ТЕЛЕФОН ЧАЛУУЛАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУЛАРДЫН ДИНАМИКАСЫ**




Статистикада кириш, чыгыш (көзөмөл) телефон чалуулардын жана үн билдирүүлөрү көрсөтүлгөн. Кызматтын телефонуна жаңылыштыктан улам чалгандар да болот. Мурдагы жылдарга салыштырганда, кызматка телефон чалуулардын саны 3650дөн 10308ге чейин көбөйгөн. Бул аталган кызматтын иши жөнүндө маалымдуулуктун жогорулоосу менен түшүндүрүлөт.

2.2.3 - диаграмма

КЕЛИП ТҮШКӨН АРЫЗДАРДЫН ТЕМАТИКАСЫ




Өткөн жылдагыга салыштырганда арыздардын саны өскөн (мисалы, 2017-жылы 26 арыз кабыл алынган). 2018-жылы кароого ар кайсы маселелер боюнча 44 арыз кабыл алынган жана андан ары кароо үчүн Акыйкатчы аппаратынын тиешелүү бөлүмдөрүнө берилген.

## “115 ШЫР БАЙЛАНЫШ” КЫЗМАТЫНА КАЙРЫЛУУЛАРДЫН ТЕМАТИКАСЫ БОЮНЧА МААЛЫМАТ:

### 1. Балдар укуктары маселелери

Мектептерде мурдагыдай эле мектеп фондуна чогултуулар орун алып келет, алар “ыктыярдуу” аталып, аны менен мектептин чыгымдары жабылат. Ата-энелердин демөөрчүлүк мүчөлүк акылары эреже катары, милдеттүү жана олуттуу сумманы түзөт.

Акча каражатын чогултууга даттануулар Бишкек шаарынан түшкөн. Акыйкатчы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине аталган учурлар боюнча маселени кароо өтүнүчү менен кат жолдогон.

Тилекке каршы, мектептердеги мыйзамсыз акча чогултуулар боюнча арыздар тоголок мүнөздө болот. Жүргүзүлгөн териштирүүлөрдөн кийин, фактылар тастыкталган учурда бир катар билим берүү мекемелеринин жетекчилерине тартипке чакыруу чаралары колдонулган.

### 2. КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМКнын жабык мекемелеринде кармалып турган адамдар тарабынан көтөрүлгөн маселелер

Жабык мекемелерде болсо, көбүнчөсүн соттолгондор, соттолуучулар жана алардын жакын туугандары төмөнкү маселелер боюнча кайрылышат:

- кармоонун шарттарына жана медициналык кызматтарга жеткиликтүүлүк;

- жабык мекемелерде кылмыш иштин материалдары жөнүндө тиешелүү маалыматтарды алуунун жеткиликтүү эместиги;
- иштерди кароонун же ТИЗОдо болуунун мөөнөтүнүн узактыгынын себептери маселелери;
- соттор тарабынан адилетсиз чечимдердин кабыл алынышы, негизинен, жаза өтөөнүн мөөнөттөрү (мисалы, мал уурдоо боюнча кылмышы үчүн жаза мөөнөтүн өтөө 10 жыл же андан ашуунду түзгөн учурлар бар);
- мамлекеттин эсебинен берилген адвокаттардын айыпталуучуларды коргоо боюнча ишти жүргүзүү учурундагы иштерине ишенбөөчүлүк;
- соттолгондор алардын мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу жөнүндө, жатак-колонияга которуу жөнүндө өтүнүчтөрүн (сунуштамаларын) канааттандыруудан жаза мөөнөтүн өтөп жаткан абактагыларга баш тартылган соттор тарабынан кабыл алынган чечимдерди адилетсиз жана гумандуу эмес деп эсептешет. ЖАМКнын бардык мекемелеринде абактагыларды бир эле жолу эмес, бир нече жолу (онго чейин жетет же андан да ашат) сунуштамалар берген учурлар кездешет, аларга прокурорлордун же жабыркагандардын наразычылыгы жок, бирок мөөнөтүнөн эрте бошотуу же жатак-колонияга которуу маселеси чечилбейт. Мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу (МШБ) же жатак-колонияга которуу боюнча канааттандырылган өтүнүчтөр 10дун ичинен 2,3ү гана оң чечилет;
- стационардык телефондордун жоктугу (115 телефонуна кайрылууга мүмкүнчүлүктүн жоктугу).

Жатак-колонияларда соттолгондордун өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтери жоктору жумушка орношууда кыйынчылыктарга дуушар болоорун белгилеп коюу керек. Чет өлкөлүк жарандардын өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтеринин жоктугу алар колониядан бошоп чыккандан кийин миграциялык каттоого туруусуна кедергисин тийгизет.

"115 Шыр байланыш" кызматына КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМКнын Петровкадагы

№8 күчөтүлгөн режимдеги колониясынан жана Бишкектеги №1 ТИЗОдон телефон чалуулар болуп, кармоо шарттарына жана медициналык кызматтарга жеткиликтүүлүк маселелерине даттанышкан жана медициналык текшерүүдөн өтүүгө, ошондой эле №47 колонияга которууга көмөк көрсөтүүнү суранышкан.

Арыздарды кароодо, даттануулар негиздүү экени аныкталды. Анын натыйжасында, медициналык кароодон өткөрүлдү, арыз ээлеринин бири №47 колонияга борбордук ооруканага дарылоого жаткырылды.

Белгилеп коюучу жагдай, ЖАМКнын жабык мекемелеринде психолог адистердин жетишсиздиги курч маселе бойдон турууда. Ар бир мекемеде иш жүзүндө 1 психолог иштейт. Борбордук оорукананын психоневрологиялык бөлүмү өздүк курамында жетишсиздиктин кыйынчылыгын тартууда. Психикалык дартка чалдыккан адамдарга соттун чечимдерине ылайык жаза мөөнөтүн өтөө белгиленген учурлары кездешет. Соттолгондордо "115 Шыр байланыш кызматы" менен байланышуу мүмкүнчүлүгү (телефондордун жоктугуна байланыштуу) жок, буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын наамына кайрылууларды жана арыздарды кабыл алуу максатында курамында Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлеринен жана "Шыр байланыштын" эксперттеринен турган көчмө (коомдук) кабылдамаларды уюштуруу максатка ылайыктуу болмок деген көз караштабыз.

**Сунуштамалар**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына**

1. Бардык жабык (пенитенциардык) мекемелерде "115 Шыр байланыш" телефонуна купуя чалуу үчүн өзүнчө бөлмө менен камсыздоо;
2. КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК мекемелеринде "психологдордун", "социалдык кызматкерлердин" жана психоневрологиялык бөлүмдөрүндө адистердин санын көбөйтүү.

## 2.3. АДАМДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫН УКУКТАРЫН КОРГОО ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы өз ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун алкактарында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы боюнча, аларды коргоонун механизмдерин өнүктүрүү ошондой эле мыйзамдар жана тажрыйба чөйрөсүндөгү келип чыгуучу маселелерди чечүү үчүн башка компетенттүү органдарга кайрылганда укуктардын сакталышы боюнча талдоого алат.

2018-жылы Акыйкатчы мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча ишмердигин төмөнкү багыттарда жүргүздү:

- Адвокаттык ишмердикти лицензиялоодо тең укуктуулукту камсыздоо маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы киргизген сунушун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы тарабынан кароого катышты;

- ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун (*чөйрөсү: кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын укуктарын коргоо; айыкпай турган стадиядагы оорулар үчүн күчтүү таасир этүүчү ооруксуздандыруучу дарылардын жеткиликтүүлүгү; экстремисттик материалдарды тараткааны үчүн мыйзам тарабынан белгиленген жоопкерчиликке тартуу; үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо)* иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык 3 жумушчу топтун ишине катышты;
- КР Акыйкатчысынын ишмердигинин натыйжалуулугун арттырууга (жоопкерчилик, кепилдиктер, ыйгарым укуктар), жарандардын укуктарын коргоого багытталган мыйзамдык сунуштарды киргизген.
- мыйзамдарды Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келтирүү);
- 15 мыйзам долбоорлоруна жана колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга экспертиза жүргүздү, алардын көпчүлүгү боюнча сунуштар жана сын пикирлер мыйзам чыгаруу демилгесинин субъектилерине жөнөтүлдү, алардын ичинде:
    1) Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси[21] боюнча;
    2) «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» КР Мыйзамы боюнча;
    3) «КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө" КР Мыйзамынын жаңы редакциясынын долбоору боюнча[22];
    4) Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин жаңы редакциясы[23] боюнча;
    5) Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин жаңы редакциясы[24] боюнча;
    6) Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин жаңы редакциясы[25] боюнча;
    7) «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык ишмердиги жөнүндө" КР Мыйзамы боюнча;
    8) "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча;
    9) «Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы боюнча;

21. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Токтому менен кабыл алынган, 2016-жыл, 22-декабрь.
22. Демилгечилер- КР ЖК депутаттары А. Шыкмаматов, А. Кодуранова, Ч. Джакупова, А. Алтыбаева, Н. Алимбеков, К. Бокоев, У. Жылкыбаев, К. Асылбаева, А. Юсуров, Ж. Мусабекова, Т. Тиллаев жана И. Карамушкина, КР Жогорку Кеңеши тарабынан биринчи окууда кабыл алынган.
23. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Токтому менен кабыл алынган 2016-жыл, 22-декабрь.
24. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Токтому менен кабыл алынган 2016-жыл, 22-декабрь.
25. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Токтому менен кабыл алынган 2016-жыл, 22-декабрь

10) Кыргыз Республикасынын Жосундар жөнүндө кодекси (мындан ары-КРЖжК)[26] боюнча;

11) Кыргыз Республикасынын жарандыгынан ажыратуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын долбоору боюнча;

12) Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын кылмыш жаза кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине, "Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча;

13) "Кынтыксыздык талаптарын бузганына байланыштуу судьянын кызмат ордунан бошотулган адамдын мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды ээлөөгө чектөөлөр маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын айрым Мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;

14) "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору[27];

15) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Д.Д. Бекешев тарабынан демилгеленген Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 16, 18, 1028-беренелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча.

## КОНСТИТУЦИЯЛЫК ЖОБОЛОРДУ ИШКЕ АШЫРУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА 2019-ЖЫЛДАН ТАРТЫП КҮЧҮНӨ КИРГЕН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНЫН АЙРЫМ ЧЕНЕМДЕРИНДЕГИ ШАЙКЕШ ЭМЕСТИКТЕРДИН ОРУН АЛГАНЫ ТУУРАЛУУ

### 1. Кылмыш иштерин козгоо боюнча прокуратуранын ыйгарым укуктары

КР Конституциясынын 104-беренесинин 6-пунктунун талаптарына ылайык, тизмеси конституциялык мыйзам менен аныкталган мамлекеттик органдардын кызмат адамдарына карата жазык иштерин козгоп, иштерди тиешелүү органдарга тергөөгө өткөрүп берүү прокуратура органдарына жүктөлөт.

Бирок, 2019-жылдан тартып күчүнө киргизилген Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси (кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн маселелерин жөнгө салуучу) жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык талаптарда баяндалган ушундай ыйгарым укуктарды карабайт.

---

26. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Токтому менен кабыл алынган 2016-жыл, 22-декабрь.

27. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан демилгеленген (2018-жылдын 9-январындагы №11 Токтом).

Демек, бул учурда, КР Жазык-процесстик кодексинин (ошондой эле жогоруда аталган Конституциялык мыйзамдын) жоболорунун КР Конституциясынын талаптарына шайкеш эместиги бар, ал байкалбай калбоого тийиш жана сөзсүз түрдө аны жоюу боюнча тезинен чараларды көрүүнү талап кылат.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштама:** КР Конституциясынын 104-беренесинин 6-пунктуна ылайык келтирүүнү караган тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча мыйзам долбоорун демилгелөө.

2. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси менен КР Жазык процесстик кодекстеринин ортосунда кылмыш жоопкерчилигинен бошотуу үчүн негиздер бөлүгүндө шайкеш эместиктер

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 62-беренесининин жоболоруна ылайык, эгерде адам тарабынан кылмыш жасалган күндөн тартып белгилүү мөөнөттөр өткөн болсо, ал сот тарабынан жазык жоопкерчилигинен бошотулат.

Бирок, КР Жазык-процесстик кодексинин 35-беренесинин 1-бөлүгүнүн 20-пунктуна жана 26-берененин 1-бөлүгүнүн 12-пунктунун жоболоруна ылайык, кылмыш иши боюнча сотко чейинки өндүрүш жазык куугунтуктоонун эскирүү мөөнөтү өткөндүгүнө байланыштуу тергөөчүнүн тийиштүү токтомунун негизинде да жүргүзүлүшү мүмкүн.

Мындай жагдайда, Кылмыш-жаза кодексинин жана Жазык-процесстик кодекстеринин ортосундагы жогоруда аталган ченемдеринин ортосунда белгилүү бир карама-каршылыктар бар болгондуктан, аларды жоюу зарыл.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштама:** Кылмыш-жаза кодексинин жана Жазык-процесстик кодекстеринин ортосундагы жогоруда аталган ченемдеринин ортосундагы карама-каршылыктарды жоюуну караган мыйзам долбоорун демилгелөө.

3. Бузуулар жөнүндө кодекстин мамлекеттик жана расмий тилдердеги тексттериндеги шайкеш эместик

Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 121-беренесинин 4-бөлүгүнүн санкциясы (мындан ары - Бузуулар жөнүндө кодекс) расмий тилдеги вариантында "эскертүү же 1-категориядагы айып пул салууга алып келет", ал эми мамлекеттик тилдеги вариантында болгону "1-категориядагы айып пул салууга алып келет".

Ошентип, мамлекеттик жана расмий тилдердеги баяндалган ченемдердин ортосунда шайкеш эместиктер бар, аларды жоюу керек.

4. Бузуулар жөнүндө кодекстеги компенсациялардын булагын тактоонун жоктугу

Бузуулар жөнүндө кодексинин 318-беренсинин 4-бөлүгүнө ылайык, күбө бузуулар жөнүндө өндүрүшкө катышкандыгына байланыштуу чыгымдарды

компенсациялап алууга укуктуу. Ошону менен бирге ушул эле Кодексте мындай компенсация кимдин эсебинен жүргүзүлөөрү такталбаган.

Ушуга байланыштуу аталган Кодекске жогоруда көрсөтүлгөн маселени жөнгө салуу үчүн тактоолорду киргизүү керек, себеби аны укук колдонуу тажрыйбасында ишке ашырууда кыйынчылыктарга алып келиши мүмкүн.

5. Ишти кароонун орду аныкталбагандык

Бузуулар жөнүндө кодекстин 325-беренесине ылайык, бузуу жөнүндө иш ыйгарым укуктуу орган жайгашкан жер боюнча каралат. Бирок, бул учурда ыйгарым укуктуу орган жайгашкан жер такталбайт (б.а. бузуулар болгон жер боюнчабы же бузуунун субьекти жашаган жер боюнча аныкталаары такталган эмес).

Ушуга байланыштуу, бул маселени жөнгө салуучу тийиштүү ченемдерди конкреттештирүү зарыл.

6. Жаза чараларын колдонууда жана аларды дайындоодон бошотуу эрежелери тууралуу жободо “тараптардын элдешүүсүнө байланыштуу” негизди киргизүү сунушу

Биздин көз карашыбызда, Бузуулар жөнүндө Кодекстин 8-главасында (жаза чараларын колдонуунун жана аларды дайындоодон бошотуунун жалпы эрежелери каралган) жаза чараларынан бошотуу үчүн, эгер тийиштүү бузуунун түрүндө жабырлануучу жак болсо, анда “тараптардын элдешүүсүнө байланыштуу” деген жобону да кароо керек. Мындай ченем КР Жосундар жөнүндө кодексинин 39-беренесинде жана КР Кылмыш-жаза кодексинин 61-беренесинде каралган, иш жүзүндө бул эки кодекс Бузуулар жөнүндө кодекске караганда “катаалыраак” жазаларды караганын белгилеп коюу керек.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексиндеги жогоруда баяндалган (3-6-пункттарда көрсөтүлгөн) кемчиликтерди жоюуну караган мыйзам долбоорун демилгелөө.

## ЖЕКЕ АДАМГА МОРАЛДЫК ЗЫЯН КЕЛТИРГЕНИ ҮЧҮН КОМПЕНСАЦИЯНЫН ӨЛЧӨМҮН АНЫКТООДО ЧЕКТИ БЕЛГИЛӨӨ ЖӨНҮНДӨ

2018-жыл ичинде коомдо сот чечим чыгарууда ага таянуусу зарыл болгон моралдык зыян үчүн минималдык сумманы белгилөөнүн максатка ылайыктыгы жөнүндө маселе көтөрүлүп келген.

Ошону менен бирге, мындай шартта моралдык зыян үчүн компенсациянын суммасын аныктоодо конкреттүү критерийлерди белгилөөнүн зарылдыгы жана моралдык зыян үчүн компенсациянын максималдуу (жогорку чек) суммасын кароо маселеси талапка ылайык болууда.

Биздин көз карашыбызча, учурда укуктук боштуктун (пробел) болушуна байланыштуу жетишпестиктер орун алууда, алар соттук тажрыйбада бирдик-

түү укук колдонуу тажрыйбасын түзүүгө тоскоолдуктарды жаратып келүүдө. Анткени келтирилген моралдык зыяндын өлчөмүн аныктоо боюнча Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 1028-беренесинде көрсөтүлгөн ченемдик жоболор мыйзам чыгаруучу тарабынан белгиленген ченемдик жоболор, чачыранды болуп, такталбагандыктан, субъективдүү баалоолорду колдонуу үчүн шарт түзүп, өз эрки менен түрдүү чечмелөөгө алып келип, соттор тарабынан моралдык зыяндын өлчөмүн аныктоодо салыштырылгыс бааларды берүүсүнө алып келет.

Атап айтканда, моралдык зыяндын ордун аныктоодо айрым соттук актыларда логикага сыйбаган чечимдер кездешет.

Мисалы, биз тараптан тийиштүү соттук вердикттерди талдоонун жүрүшүндө, киши өлтүрүүгө күнөөлүү болгон адамдан моралдык зыянды компенсациялоо катары жабыркаган жактын пайдасына сот тарабынан 50 миң сомдон 100 миң сомго[28] чейин өндүрүлгөн.

Ошол эле учурда, башка айрым адамдарга карата ушак жана/же мазактоо аракеттери болгондо соттор тарабынан моралдык зыяндын өлчөмү миллиондогон же он миллиондогон сумманы өндүрүү каралган[29] учурлары кездешет.

Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн соттук актыларды анализдөө айрым адамдарга карата айтылган мазактоо же ушактоо башка адамдардын өмүрүнө караганда (адамдагы эң кымбат нерседен) алда канча жогору бааланат деген таасир калтырат.

Биздин пикирибизче, мындай соттук тажрыйба, Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 1028-беренесинин 2-бөлүгүнүн жоболоруна ылайык моралдык зыян келтирилген жагдайды жана жабыр тартуучунун жекече өзгөчөлүктөрү эске алуу менен аныкталат деген аң сезимдүүлүк жана адилеттүүлүк талаптарына шайкеш келбейт.

Мындан сырткары, буга окшош укук колдонуу тажрыйбасы, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында баары бирдей деген талаптарга шайкеш келбейт.

Ушуга байланыштуу, жогоруда баяндалгандай бирдиктүү эмес соттук тажрыйбаны алып салуу максатында, биздин көз карашыбызча, КР Жарандык кодексинин 1028-беренесине моралдык зыяндын өлчөмүн аныктоодо

---

28. 1. Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2013-жылдын 18-сентябрындагы өкүмү ( №УД-966/13.Б3 кылмыш иши боюнча) жаран Х.И.А. киши өлтүрүүдө күнөөлүү деп табылган. 2. Бишкек шаардык сотунун Ленин райондук сотунун 2017-жылдын 27-мартындагы өкүмү ( №УД-17.Б3 кылмыш иши боюнча) жаран К.Г.К. киши өлтүрүүдө күнөөлүү деп табылган.
29. http://www.media.kg/wp-content/uploads/2017/11/Review-Defamation-LawSuits-_-Zanoza.pdf

баалоонун конкреттүү критерийлерин аныктоочу тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү зарыл

Оң мисал катары, батыш өлкөлөрүнүн мыйзамдарында моралдык зыяндын ордун толтуруу жана соттук тажрыйба эсептелет. Атап айтканда, Англияда моралдык зыянды компенсациялоонун өлчөмүн аныктоо үчүн, 1964-жылы

иштелип чыккан тарифтик схема, ошондой эле 1994-жылдагы "жаңыланган" тарифтик схема колдонулат. Компенсациянын минималдык өлчөмү 1 миң фунт стерлингди, ал эми максималдуу өлчөмү – 20 миң фунт стерлингди түзөт. АКШда моралдык зыяндын ордун толтуруунун жогорку чеги бар, кылмыштын курмандыгы болуп каза болгон адамдын мураскерлери 250 миң АКШ долларынан ашпаган суммага талаптана алышат. Германияда соттор мурда кабыл алынган соттук чечимдердин негизинде таблица түзүү жолуна түшүшкөн..

Моралдык зыян үчүн компенсациянын максималдуу (жогорку чеги) суммасын мыйзамдык деңгээлде аныктоо, моралдык зыяндын ордун толтуруу менен байланышкан талаш-тартыштардын адилеттүү жана бирдей каралышын камсыздоого шарт түзөт деп эсептейбиз. Мында сот ар бир иштин конкреттүү жагдайын эске алуу менен өндүрүлүүчү компенсациянын өлчөмү жөнүндө маселени мыйзамдык деңгээлде бекитилген алкактарда чечет жана бирдиктүү укук колдонуу тажрыйбасына алып келет.

Моралдык зыянды компенсациялоонун максималдуу (жогорку чек) суммасын мыйзамдык деңгээлде бекитүүнүн анык мисалы болуп, «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы эсептелет.

Тактап айтканда, «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 65-беренесинде, медициналык-санитардык көмөк көрсөтүүнүн натыйжасында моралдык зыян тарткан, жабыркоочу 500 эсептик көрсөткүчкө чейин компенсация алууга укуктуулугу каралган.

Жогоруда баяндалган жагдайларды эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 1028-беренесин төмөнкү редакциядагы 4-бөлүк менен толуктоо зарыл:

*«Моралдык зыянды компенсациялоонун жогорку чеги 5000 (беш миң) эсептик көрсөткүчтөн ашпоого тийиш».*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ СУНУШТАМА:

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 1028-беренесине тийиштүү толуктоолорду караган мыйзам долбоорун демилгелеп, атап айтканда төмөнкү редакциядагы 4-бөлүк менен толуктоо:

*«Моралдык зыянды компенсациялоонун жогорку чеги 5000 (беш миң) эсептик көрсөткүчтөн ашпоого тийиш».*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖАРАНДАРДЫН АЙРЫМ КАТЕГОРИЯЛАРЫНЫН - ПЕНСИОНЕРЛЕРДИН ПЕНСИЯЛЫК КАМСЫЗДОО УКУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Кыргыз Республикасындагы пенсиялык камсыздоо жөнүндө мыйзамдардын төмөнкү ченемдерине жарандардын айрым категорияларынын - пенсионерлердин даттануулары жана наразычылыктары Акыйкатчынын көңүл буруусунун обьекти болуп - болуп саналды.

Атап айтканда, өз кайрылууларында алар «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 13-беренесинин 1-1-бөлүгүнө ылайык, курагы боюнча жана майыптуулугу боюнча пенсионерлерге кошумча төлөнөөрүн белгилешет. Мыйзамда белгиленген пенсияга мындай кошумча төлөөлөр бийик тоолуу же жетүүгө оор болгон калктуу пункттарда жашаган пенсионерлерге төлөнөт. Кошумча төлөөнүн өлчөмү конкреттүү калктуу пунктка колдонулуучу тийиштүү коэффициентке жараша кошумча төлөнөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн ченемдин жоболоруна ылайык, туруктуу жашаган жерин алмаштырган учурда жарандар, эгер алар мурда пенсиясына кошумча төлөөлөрдү алып жүрүп, бирок кошумча төлөө жүргүзүлбөй турган жерге көчүп барышса, анда социалдык фондунун бөлүмдөрү тарабынан пенсиянын өлчөмү кайра эсептелет жана пенсияга мындай кошумча төлөөлөр жүргүзүлбөгөнү жарандардын наразычылыгына алып келүүдө.

Ошентип, учурда пенсионерлердин пенсиялык төлөөлөрүнүн өлчөмдөрү, алардын эмгек ишмердиги бир нече ондогон жылдар бою бийик тоолуу жерде же алыскы барууга кыйын аймактарда өткөн пенсионерлердин пенсиялык төлөмдөрү (эгер алар пенсияга чыккандан кийин бийик тоолууга караштуу жерлерден кетип калышса) эмгек ишмердиги кадимки шарттарда өткөн пенсионерлердин төлөмдөрүнүн өлчөмүнө теңелет.

Мындай көрүнүш логикага жатпайт, себеби узак убакыт бою бийик тоолуу шарттарда жана алыскы жетүүгө кыйын болгон аймактарда жашоо адамдын ден соолугуна терс таасирин тийгизет жана биздин көз карашыбызча, мамлекет тарабынан бул категориядагы пенсионер жарандардын кошумча материалдык жана физиологиялык чыгымдарынын ордун толтуруу боюнча мамлекет тарабынан өзгөчө кепилдиктер менен компенсациялар каралышы керек.

Белгилеп коюу керек, мурда «Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда жашаган жана иштеген адамдар үчүн мамлекеттик гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесине ылайык, өзгөчө шарттарда иштеген тийиштүү стажы бар жарандарга алар бийик тоолуу жана алыскы барууга кыйын зоналардын шарттарындагы калктуу пункттардан кеткен учурда пенсиянын өлчөмүн (кошумча төлөөлөрдү эске алуу менен) сактоо каралган эле. Бирок, тилекке каршы, «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын күчүнө кириши менен (1997-жылдын 21-июлундагы №57) ал ченем күчүн жоготкон.

Көп убакыт бою бийик тоолуу шарттарда жашаган жана иштеген адамдарга мамлекет тарабынан өзгөчө кепилдиктер жана компенсациялар белгилениши керек деп эсептейбиз, бул тийиштүү социалдык коргоону камсыздап, жашоонун жана медициналык камсыздоонун наркы өсүп жаткан шартта, бул жарандарды пенсиялык камсыздоонун деңгээлин жогорулатуу керек, андан тышкары ден соолугу начарлаган адамдардын бул категориясы ден соолугун калыбына келтирүү жана саламаттыкта туруу үчүн көбүнчөсүн медициналык мекемелерге кайрылып, кыйла каражатты талап кылган медикаменттерди алууга жана колдонууга аргасыз болушат.

Акыйкатчынын пикири боюнча, жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү “Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда жашаган жана иштеген адамдар үчүн мамлекеттик гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесине тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү менен чечүүгө болот, аны төмөнкүдөй редакцияда берүүгө болот:

- *«26-берене. Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда жайгашкан калктуу пункттардан чыгып кеткен учурда пенсиянын өлчөмүн сактоо.*
- *Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда үзгүлтүксүз 20 жыл жашаган адамдарга, алар кийин кайсы жерде жашаганына карабастан пенсия белгиленет жана кошумча төлөөлөр менен (аймактагы айлык акыга райондук коэффициентке жараша эсептелген) төлөнөт.*

«Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 13-беренесинин 1-1-бөлүгү бир мааниде эмес, аны чечмелөө жашаган жерине карабастан адамдарга кошумчаны алууга мүмкүнчүлүк түзөт, төмөнкү мазмундагы текст менен толуктоону сунуштайбыз:

- “пенсияга үстөк акы ушул коэффициенттерди эсепке алуу менен эсептелет” деген сөздөрдөн кийин “ушул аймакта жашаган мезгили үчүн” деген текст менен толуктоо.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштама:**

- «Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда жашаган жана иштеген адамдар үчүн мамлекеттик гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө»;
- «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына жогоруда саналып өткөн өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү караган мыйзам долбоорун демилгелөө сунушталат.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) ИШМЕРДИГИНИН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН, КАЛЫСТЫГЫН, ОБЬЕКТИВДҮҮЛҮГҮН ЖАНА КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫГЫН КАМСЫЗДОО БОЮНЧА

1) "Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын ченемдерин ишке ашыруунун алкактарында 2018-жылдын экинчи жарымынан тартып, прокуратура органдары тарабынан КР Акыйкатчысынын облустук өкүлчүлүктөрүнүн ишмердүүлүгүн «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" КР Мыйзамынын жана башка ченемдик-укуктук актылардын сакталышын текшерүү демилгеленген.

Прокуратура органдары тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүлөр Акыйкатчы аппаратында арыздарды кароодо айрым формалдуу жол-жоболорду сактоо маселелерине байланыштуу болгон (б.а. арыз ээсине жооп берүү бир нече күнгө кечиктирилиши ж.б.), тактап айтканда арыз ээлери тарабынан баяндалган маселелер боюнча жарандардын укуктарына тиешеси жок маселелери боюнча болгон.

Прокуратура органдары тарабынан жүргүзүлүүчү мындай текшерүү чаралары эл аралык уюмдар тарабынан мамлекеттик укук коргоо институтунун ишмердигине таасир этүү катары терс кабылданууда. Бул Париж жана Белград принциптерине шайкеш келбейт жана адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоо боюнча ишмердигине белгилүү таасир көрсөтүү катары чечмеленүүдө.

Республиканын прокуратура органдары тарабынан текшерүүлөрдү уланткан шартта жана Париж принциптерин бузулган учурда эл аралык уюмдар мындай фактыларды БУУнун ар жылдык баяндамасына кошууну пландаштырууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 108-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду Акыйкатчы (Омбудсмен) жүргүзөт, ал эми КР Конституциясынын 109-беренесине ылайык, Акыйкатчынын (Омбудсмендин) ишмердигинин тартиби, уюштурулушу жана анын көз карандысыздыгынын кепилдиктери мыйзамдар менен аныкталат.

Мындай жагдайда, "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" КР Мыйзамынын 6-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарына ылайык, Омбудсмен (Акыйкатчы) кайсы бир мамлекеттик органдарга жана кызмат адамдарына баш ийбейт. Анын ишине (анын ичинде анын аппаратынын ишине, анткени Акыйкатчынын ишмердиги аны менен түздөн-түз байланыштуу) кийлигишүүгө, ар кандай жол менен ага таасир кылууга тыюу салынат жана бул үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 108, 109-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" КР Мыйзамынын 6-беренсинин

1-бөлүгүнүн талаптарына, ошондой эле адам укуктары жана эркиндиктери чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарга ылайык, Акыйкатчы Институтунун көз карандысыздыгын камсыздоонун кепилдиктерин камсыздоо максатында “Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 1-бөлүгүнүн 6-пунктуна прокуратура органдарына Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы Институтуна карата тийиштүү текшерүүлөрдү мыйзамдардын бузулган конкреттүү учуру (фактысы) болгондо гана жана анда Акыйкатчы аппараты тарабынан мыйзам бузууларга жол коюлганынын конкреттүү фактысы жөнүндө маалымат камтылган жарандын (же тийиштүү мамлекеттик органдын актысы) алдын ала кайрылуунун (ушул учур/факты боюнча) негизинде гана текшерүү жүргүзүү укугун караган тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. Мында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратына карата пландуу, системдүү ж.б. түрдөгү текшерүүлөрдү алып салуу керек.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштама:**

1) Белгиленген “Прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 1-бөлүгүнүн 6-пунктуна прокуратура органдарына Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы Институтуна карата тийиштүү текшерүүлөрдү мыйзамдардын бузулган конкреттүү учуру (фактысы) болгондо гана жана анда Акыйкатчы аппараты тарабынан мыйзам бузууларга жол берилген конкреттүү фактысы жөнүндө маалымат камтылган жарандын (же тийиштүү мамлекеттик органдын актысы) алдын ала кайрылуунун (ушул учур/факты боюнча) негизинде гана текшерүү жүргүзүү укугун караган тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду караган мыйзам долбоорун демилгелөө. Мында прокуратура органдарынын Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратына карата (укук бузуунун белгилүү болгон конкреттүү фактысы менен байланышпаган) пландуу, системдүү ж.б. түрдөгү текшерүүлөрдү жүргүзүүнү алып салууну караган мыйзам долбоорун демилгелөө;

2) Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Институтун түзүү менен республика калыптанган ички улуттук укуктук жана маданий салттарды сактоо менен, укук коргоо институтунун иштеп турушунун эл аралык тажрыйбасын алууга умтулган.  Бирок, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Институтунун укуктук базасын иштеп чыгууда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын тутумуна киргизүүдө белгилүү бир кемчиликтер жана жеткире иштеп чыкпагандыктар болгон, алар “Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” КР Мыйзамынын жоболорунун толук кандуу жүзөгө ашырууга тоскоолдуктарды жаратат, алар Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) финансылык көз карандысыздыгын (улуттук укук коргоо мекемелеринин ишмердигин регламентациялоо чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттар талап кылгандай) камсыз кылуу менен байланыштуу. Себеби Акыйкатчы (Омбудсмен) Институтунун финансылык көз карандысыздыгынын жетишээрлик эмес кепилдиги бул мамлекеттик органдын толук кандуу иштөөсүн камсыздоого терс таасирин тийгизет.

Ошондой эле, Омбудсмен Институттарынын финансылык көз карандысыздыгын камсыздоо боюнча бир катар кепилдиктер, улуттук укук коргоо мекемелери менен парламенттердин ортосундагы өз ара аракет Белград принциптеринин 6-9 пункттарында каралган:

- Парламенттер Омбудсмен Институттарын түзүү жөнүндө мыйзамга тийиштүү жоболорду киргизүү менен анын финансылык көз карандысыздыгын камсыздоого тийиш;

- Омбудсмен Институттары парламенттин кароосуна Стратегиялык планды жана/же иш чаралардын ар жылдык программасын берүүгө тийиш. Парламенттер бул мекеменин финансылык көз карандысыздыгын камсыздоо үчүн бюджетти пландаштырууда Омбудсмен Институттары тарабынан берилген Стратегиялык планды жана/же иш чаралардын ар жылдык программасын көңүлгө алууга тийиш;

- Парламенттер Омбудсмен Институтунун мүчөлөрүн жылдык бюджеттин өңүтүнөн алганда Стратегиялык планды жана/же Ар жылдык программаны талкуулоого тартуулары керек;

- Парламенттер Омбудсмен Институттарын Омбудсмен Институтун түзүү жөнүндө мыйзамда каралган функцияларды аткаруу үчүн жетишээрлик болгон ресурстар менен камсыздоого тийиш.

Ошентип, Париж жана Белград принциптерине ылайык, Акыйкатчынын (Омбудсмендин) адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо боюнча ишмердигин толук кандуу ишке ашыруу үчүн ал көз карандысыздыкка, анын ичинде финансылык көз карандысыздыкка ээ болушу керек.

Жогоруда көрсөтүлгөн эл аралык стандарттар жана талаптар эске алынып, "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 2-бөлүгүндө Республикалык бюджетте Омбудсмендин (Акыйкатчынын) жана анын аппаратынын иштешин камсыз кылууга керек болгон каражаттар жыл сайын атайын сап менен каралат. Бул каражаттардын көлөмүн Омбудсмендин (Акыйкатчынын) сунушу боюнча Жогорку Кеңеш аныктайт.

"Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" КР Мыйзамынын ушул эле беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, чыгымдардын сметасын Омбудсмен (Акыйкатчы) өз алдынча иштеп чыгат жана орундайт.

Бирок, эл аралык стандарттардын жана жогоруда көрсөтүлгөн мыйзам талаптарынын болгонуна карабастан, алар бүгүнкү күнгө чейин ишке ашпай келүүдө, себеби финансылык көз карандысыздык кепилдиктери юридикалык күчү боюнча жогору турган ченемдик-укуктук акты – Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде каралган эмес.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын шайкеш келтирүү максатында жана аларды жогоруда саналган эл аралык стандарттардын талаптарына ылайык келтирүү үчүн, Акыйкатчы

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө кайрылып, Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №59 Бюджеттик кодексинин "Бюджеттер долбоорлорун түзүү" 19-главасына толуктоолорду киргизүүнү демилгелөө жана анда төмөнкү беренени карoo боюнча кайрылат:

*«93-1-берене. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын (мындан ары - Акыйкатчы аппараты) бюджетинин долбоорунун түзүлүү тартиби*

1) *Акыйкатчы аппараты өз ишмердүүлүгүн каржылоо үчүн ар жыл сайын бюджеттин долбоорун түзөт жана Өкмөткө корутунду берүү үчүн жолдойт.*
2) *Акыйкатчы аппараты бюджеттин долбоорун Өкмөттүн корутундусу менен аны республикалык бюджеттин долбоорунун курамына кошуу үчүн макулдашууга Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тармактык комитетине жолдойт.*
3) *Акыйкатчы Аппаратынын бюджетинин долбооруна Өкмөт тарабынан каяша болсо, анда Жогорку Кеңештин тармактык комитети берилген каяшаны Өкмөттүн жана Акыйкатчы аппаратынын өкүлдөрү менен чогуу карайт. Акыйкатчы аппаратынын бюджетинин макулдашылган долбоору республикалык бюджеттин долбооруна кошуу үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жолдонот.*
4) *Акыйкатчы аппараты Жогорку Кеңештин тармактык комитетине өз ишмердигин камсыздоо үчүн зарыл кошумча каржылоо жөнүндө маселени макулдашууга жиберүүгө укуктуу".*

3) 2018-жылдын биринчи кварталында Акыйкатчы Институту Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан (2018-жылдын 9-январындагы №11 Токтому менен) демилгеленген Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна (мындан ары – мыйзам долбоору) талдоо жүргүздү.

Мыйзам долбоорунда (9-берененин 2-бөлүгү) бир түрдөгү (формадагы) ченемдик-укуктук актылардын ортосунда коллизия болгон учурда анын жөнгө салуусуна тийиштүү маселе кирген ченемдик укуктук акт колдонууга жатаары жазылган.

Ченемдик укуктук актылардын ортосундагы коллизияларды чечүү тартибинин мындай баяндалышы өтө эле жалпы мүнөзгө ээ жана юридикалык күчү бирдей болгон ченемдик укуктук актылардын карама-каршылыктарынын болушун жөнгө салбайт.

Мисалы, "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" КР Мыйзамынын 8-беренесинин 6, 7-пункттарында парламенттик көзөмөлдү камсыздоонун алкактарында (КР Конституциясынын 108-беренесинде каралгандай) териштирүүгө тийиш болгон маселелер боюнча маалыматтарды, материалдар менен документтерди мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, ишканалардан, уюмдар менен мекемелерден, коомдук бирикмелер менен саясий партиялардан (анын ичинде кызматтык, коммерциялык жана мамлекеттик сырларга байланышкан маалыматтарды) суратууга жана алууга укук каралган.

Бирок, укук колдонуу тажрыйбасында «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамынын ченемдери ишке ашпай калууда, анткени Акыйкатчынын жогоруда айтылган укуктук ыйгарымдары эске алынбаган башка мыйзамдар иштейт.

Мисалы, Акыйкатчы КР Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик каттоо кызматынын Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментине айрым кыймылсыз мүлк обьектилерине укуктардын катталышы тууралуу маалыматтарды берүү өтүнүчү менен кайрылганда, ал жактан баш тартып жана алар “Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 24-беренесине шилтеме жасашат, ага ылайык Акыйкатчы (Омбудсмен) катталган укуктар жөнүндө маалыматтарды алуучу жактардын катарына кирбейт.

Ушундай эле жагдай, «Электр жана почта байланышы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, ошондой эле башка актылар менен байланышкан укук мамилелерин ишке ашырууда да келип чыгат.

Тилекке каршы, мыйзам ченемдериндеги карама-каршылыктар жана талаптар көп кездешет (жана Акыйкатчынын ишмердигине гана эмес, башка укук мамилелерине да тийиштүү) жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунун 9-беренесинин 2-бөлүгүндө баяндалган жоболор жана  аталган Мыйзамдын башка ченемдери жогоруда эске салынган талаш маселелерди логикалык жөнгө салууга жана чечүүгө алып келбейт жана туңгуюк жагдайдын келип чыгышын шарттайт.

Мындай кырдаалдар Акыйкатчынын(Омбудсмендин) Кыргыз Республикасында адамдын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына парламенттик көзөмөлдү камсыздоо боюнча конституциялык ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусуна терс таасирин тийгизет.

Демек, Мыйзам долбоорунун 9-беренесинин 2-пунктунда баяндалган ченемдик жоболор “чаржайыт” болуп саналат жана алар юридикалык күчү бирдей болгон мыйзам актылардын ортосундагы карама-каршылыктардын келип чыгышына байланышкан талаш жагдайларды так жана конкреттүү чече турган өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду киргизүүнү талап кылат.

Мында, мамлекеттик органдардын КР Конституциясында (жогорку юридикалык күчкө ээ болгон) каралган ыйгарым укуктарынын приоритеттүүлүгү жана ролу эске алынууга тийиш, атап айтканда Акыйкатчынын (Омбудсмендин) Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына парламенттик көзөмөлдүктү камсыздоо боюнча ыйгарым укуктарын эске тутуу керек.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштама:**

**“Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” КР Мыйзамында каралган Акыйкатчынын (Омбудсмендин) кызматтык ыйгарымдарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук жаратуучу, муну менен анын**

Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына парламенттик көзөмөлдү камсыздоо боюнча ыйгарым укуктарын чектеген колдонуудагы ченемдик укуктук актылардын жоболорун алып салууну караган мыйзам долбоорун демилгелөө.

## ДИНИЙ УКУК МАМИЛЕЛЕРИН ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУДАГЫ АДАМ УКУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча Мамлекеттик комиссиясынан келип түшкөн «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун анализдөөдө төмөнкүлөр аныкталды.

1) Мыйзам долбоорунун 1-беренесинин 1-пунктунун «й» пунктчасы “укукка сыйбаган прозелитизм” термининин түшүнүк аппараты каралган, анда өзүнүн диний көз караштарын же башка ынанымдарын физикалык жана психологиялык таасир этүү жолу менен башка адамды же адамдардын тобун өзүлөрүнүн диний көз караштарын же башка ынанымдарды өзгөртүүгө же алардан баш тартууга ынандыруу максатындагы аракет түшүнүлөт.

Мындай учурда “физикалык жана психологиялык таасир этүү жолу менен” деген сөздөр белгилүү бир конкреттүүлүккө ээ эмес жана ар кандай түшүнүүлөргө жана чечмелөөлөргө алып келет (тийиштүү түрдө ар түрдүү түшүнүүгө жана чечмелөөлөргө алып келип,) тийиштүү түрдө ар түрдүү укук колдонуу тажрыйбасын ишке ашырууга алып келиши мүмкүн. Бул Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бирдей түшүнүү жана колдонуу принцибине шайкеш келбейт.

Ушуга байланыштуу, мыйзам долбоорунун текстинин жогоруда көрсөтүлгөн бөлүгүн алып салуу же бул учурда дене бойго жана психологиялык таасирдин кайсы жолдорунун колдонулушу тууралуу сөз болуп жатканы тууралуу конкреттештирүү сунушталган.

2) Мыйзам долбоорунун 1-беренесинин 13-пунктунун “й” пунктчасы менен «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 14-беренесин 2-1 бөлүгү менен толуктоо, эгер жол коюлган мыйзам бузуулар аз маанилүү мүнөздө болсо, же мыйзам бузуулардын залакасы жоюлган болсо, ага ылайык диний уюм, диний окуу жайы жана миссия жоюлушу мүмкүн эмес.

Бирок, мыйзам бузуулардын аз мүнөзүн аныктоо боюнча конкреттүү критерийлер белгиленген эмес. Мындай учурда, алар баалоо мүнөзүндө болгон критерийлерге ээ, ал туура эмес болуп саналат, анткени мыйзамдарды өз эрки менен жана ар кандай чечмелөөгө алып келиши мүмкүн жана укук колдонуу тажрыйбасынын бирдейлигине алып келбейт.

Ушуга байланыштуу, мыйзам долбоорундагы аз маанилүүлүк белгилерин аныктоочу белгилерди конкреттештирүү жана аныктоо сунушталган.

3) Мыйзам долбоорунун 1-беренесинин 16-пунктунун "а" пунктчасынын экинчи абзацында, жеке адамдар жеке колдонуусу үчүн диний адабиятты сейрек нускада (бир китептин үчтөн көп эмес нускасы), башка басылма, аудио, видеоматериалдар, анын ичинде электрондук алып жүрүүчүлөрдө, ошондой эле диний багыттагы башкы предметтерди ташып кирүүгө жана ташып чыгууга укуктуу.

Диний адабияттарды ташууну мындай сан жагынан чектөөлөр КР Конституциясынын 33-беренесинин 1-бөлүгүндө "Ар ким маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма менен жайылтуу укугуна ээ" дегенге ылайык келбейт.

Жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык ченемден, диний материалдарды (Мыйзамга каршы келбеген) ташууда сандык параметри боюнча чектелбеши керек.

4) Мыйзам долбоорунун 1-беренесинин 6-пунктунун "д" пунктчасы, 16-пунктунун «е», «ё» пунктчаларында дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу органдын диний экспертизасынын корутундусун төмөнкү учурларда милдеттүү түрдө алуу каралган:

- диний окуу жайлары тарабынан окуу программаларын иштеп чыгууда, аны киргизүүнү жүзөгө ашырууда;
- диний уюмдар тарабынан диний мазмундагы адабияттарды жана башка басма өнүмдөрүн, ошондой эле аудио-видеоматериалдарды, анын ичинде электрондук алып жүрүүчүлөрдөгү материалдарды басып чыгарууда, таркатууда.

Ошону менен бирге эле, соттук экспертизалардын айрым түрлөрүн өткөрүүнүн мөөнөтү бир нече айларга эле эмес, бир нече жылдарга да созулаарын акыркы жылдардын тажрыйбасы көрсөттү.

Ушуга байланыштуу, мындай терс тажрыйбадан оолак болуу үчүн эксперттик корутунду анын ичинде жүргүзүлүүсү керек болгон мөөнөттү мыйзам долбоорунда кароо керектиги биз тараптан сунушталган.

Акыйкатчынын жогоруда баяндалган дээрлик бардык сунуштары эске алынган жана белгиленген мыйзам долбоору тийиштүү түрдө толукталып иштелген.

Аыйкатчынын айрым сунуштары (алардын максатка ылайыктуулугуна карабастан) анын 2016 жана 2017-жылдар үчүн Жылдык баяндамасында айтылган айрым сунуштамалары көңүл буруусуз калды, аларды ушул Жылдык баяндамада кайталап айтып кетүүнү максатка ылайык деп эсептейбиз.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК-АТКАРУУ КОДЕКСИНИН ЖАҢЫ РЕДАКЦИЯСЫ БОЮНЧА

2016-жылдын 22-декабрындагы № 1206-VI токтому менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган жана кол коюлуп, учурда колдонуудагы Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексининин (мындан ары КР ЖАК) жаңы редакциясы менен таанышып чыгып, ошондой эле адам укуктары менен эркиндиктерин коргоону күчөтүүгө багытталган мамлекеттик саясаттын маанилүүлүгүн жана артыкчылыктарын эске алып, ушул Кодекске төмөнкүдөй жагдайларды эске алуу менен толуктоолорду киргизүү зарыл деп эсептейбиз.

а) Мисалы, КР ЖАК, биздин пикирибиз боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын (мындан ары ЖАМК) жабык мекемелерине тоскоолдуксуз кирүү укугуна ээ болуучу субъекттердин чөйрөсүн кеңейтүүгө байланышкан, төмөнкү себептерден улам толуктоолорду киргизүү зарыл деп эсептейбиз.

Биринчиден, КРнын “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” Мыйзамга ылайык, Акыйкатчынын орун басарлары Акыйкатчы ээ болгон укуктарга ээ (ушул мыйзамда белгиленген кээ бир учурлардан тышкары). Мисалы, жазык-аткаруу тутумундагы мекемелерге тоскоолдуксуз кирүүгө укугу бар (Анын орун басарлары мекемелерди текшерүүдө, өзгөчө бул мекемелерди текшерүү жүргүзүү үчүн атайын уруксат албайт, кээ бир учурларда алар жөн гана Акыйкатчынын милдетин аткарышат).

Экинчиден, Акыйкатчы өзү (же анын орун басарлары) жазык-аткаруу тутумундагы бардык мекемелерди текшерүү жүргүзүүгө мүмкүнчүлүктөрү жок (анткени, бул башкы укук коргоо органынын негизги ишмердүүлүгүнүн бири гана болуп саналат), ошондуктан, бул милдетти аткаруу үчүн көпчүлүк учурларда Акыйкатчынын (Омбудсмендин) ыйгарым укуктуу кызматкерлерине тапшырылат.

Ушуга байланыштуу, ЖАК 43-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени)” деген сөздөрдөн кийин “(анын орун басарлары), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери”, деген сөздөр менен толукталсын.

Ушул тактоолорду киргизүү зарылдыгы, азыркы учурда колдонулуп жаткан тажрыйбага ылайык, ЖАМКнын жетекчилиги көпчүлүк учурларда ага караган жабык мекемелерге Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын атайын ыйгарым укуктуу кызматкерлерин киргизбей келишет, башкача айтканда, КРнын Жазык-аткаруу кодексинин 43-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык (учурда колдонулуп жаткан редакциясына ылайык), Акыйкатчы (Омбудсмен) гана уруксаты жок жазык аткаруу мекемелерге кире алат, ал эми башка адамдар жазык аткаруу мекемелерине жана органдарына ушул мекемелердин администрациясынын, же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте жазык аткаруу тутумунун жогору турган башкармалыгынын атайын уруксаты менен гана кире алат, деген зарылчылыктан улам келип

чыкты. Укук колдонуу тажрыйбасына ылайык, ЖАМК жетекчилиги кээде алардын баш ийүүсүндөгү жабык мекемелерге Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын ыйгарым укукка ээ кызматкерлерин киргизүүдөн баш тартышат.

Ушуга байланыштуу, Жазык-аткаруу кодексинин жогоруда айтылган ченемдерин эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» Мыйзамынын кээ бир ченемдери (негизинен анын 12-беренесинин 1-бөлүгү) баштапкы маанисин жоготуп жатат деп айтууга болот.

Мындан тышкары, ушул Мыйзамдын 14-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Акыйкатчынын (Омбудсмендин) ишмердүүлүгүн камсыз кылуу үчүн анын жумушчу аппараты түзүлөт, өлкөнүн башкы укук коргоочусунун ишмердүүлүгүнө анын бүт аппараты түздөн-түз катышат, ошондуктан, анын ыйгарым укуктуу кызматкерлерине ишине (мисалы, жазык-аткаруу тутумунун мекемелерине текшерүү жүргүзүүгө) тоскоолдук кылуу бул Акыйкатчынын (Омбудсмендин) ишине каршы багытталган иш-аракеттер катары каралышы керек. Бул орган бир адамдын институту болуп саналгандыктан, анын кызматкерлери өздөрүнүн жеке иштерин эмес, түздөн-түз Акыйкатчынын (Омбудсмендин) ишмердүүлүгүн ишке ашыра турганын эске алуу керек.

Ошол эле учурда, КРнын ЖАКнын 43-беренесинин 1- бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык (колдонуудагы редакциясы) жазык аткаруу мекемелерге тоскоолдуксуз кирүү укугуна Акыйкатчынын (Омбудсмендин) укуктарынан да аз Кыргыз Республикасынын Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдыналуу боюнча Улуттук борборунун кызматкерлери ээ экендигин белгилей кетүү зарыл. Мындай көрүнүш жарандардын жана адамдардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышана парламенттик контролду жүргүзүүчү конституциялык органдын ишмердүүлүгүн чектеп жана маанилүүлүгүн төмөндөтүп жаткандык болуп эсептелет.

Ошондой эле, Улуттук борбордун жана Акыйкатчы Институтунун кээ бир максаты окшош экендигин белгилей кетүү керек, ал эми контролдук ишмердүүлүгүн ишке ашырууда «экинчиге» караганда бир кыйла кенен укуктарга ээ болгон («биринчи») органдын кызматкерлери эмнегедир башка объектинин эркине көз каранды болуп жаткандыгын белгилей кетүү зарыл.

б) КР ЖАКынын 43-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1,2-пункттарына ылайык, көрсөтүлгөн кызмат адамдары мыйзамдардын талаптарына ылайык, ЖАМКнын жабык мекемелеринде мыйзамдардын сакталышына жана кандайдыр бир деңгээлде анын абалына контролдук жүргүзүүнү камсыз кылуу болуп саналат. Ошондуктан, логикалык жактан бул кызмат адамдары ушул жерлерге баргандыгын жана топтогон материалдарды далилдөөчү ("куру сөздөн" оолак болуу жана иш жүзүндө алынган маалыматтарды далилдөө үчүн) априори үчүн укуктук камсыздык керек, ЖАМКнын жабык мекемелерине кирүүдө өзү менен кошо аудио жана видео каражаттарын алып кирүү бул бүгүнкү күндүн муктаждыгы.

Жогоруда айтылгандарга кошумча иретинде, 2016-жылдын апрель айында Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитетинин отурумунда КРнын Акыйкатчысынын (Омбудсмендин) "2015-жылы Кыргыз Республикасында адам-

дын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө" Баяндамасын талкуулап жаткан учурда, бул Комитеттин мүчөсү тарабынан Баяндамада жана анын тиркемелеринде укук бузулууларды тастыктаган бир дагы аудио жана видео материалдардын жок экендигине сын пикир айтылган.

Бул сын пикир туура жана объективдүү айтылган, анткени кээ бир учурларда Акыйкатчы берген укук бузулуулар жөнүндөгү маалыматтар, материалдар (тастыктоочу аудио жана видео материалдары жок) өзүнүн көрүмдүүлүгүн жоготот жана анын чындык экендигине да күмөн туулат.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын ЖАКнин 43-беренесинин

2-бөлүгүнүн экинчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда берилиши керек деп эсептейбиз:

"Түзөтүү мекемелерине кино-, сүрөт-, видео жабдууларды алып кирүүгө жана аларды колдонууга Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын премьер-министри, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) деген сөздөрдөн кийин "(анын орун басарлары), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери" деген сөздөр менен толуктоо керек. ушул берененин

1-бөлүгүнүн 2-4-пункттарында көрсөтүлгөн адамдары тарабынан атайын уруксаты жок жүргүзүлөт".

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштама:**

1). Мыйзам долбоорун демилгелеп (аны КР Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүү):

КР Жазык аткаруу кодексинин 43-беренесинин 1-беренесинин 1-бөлүгүн- Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) деген сөздөрдөн кийин "(анын орун басарлары), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери" деген сөздөр менен толуктоо;

2). КР Жазык аткаруу кодексинин 43-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-сүйлөмүн Түзөтүү мекемелерине кино-, сүрөт-, видео жабдууларды алып кирүүгө жана аларды колдонууга Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын премьер-министри, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) деген сөздөрдөн кийин "(анын орун басарлары), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери" деген сөздөр менен толуктоо.

**КР Өкмөтүнө төмөнкүлөр сунушталсын:**

Жогоруда 89-1-беренеде белгиленген, КРЖжКга толуктоону караган Мыйзам долбоору демилгеленсин жана ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилсин.

## АКЫЙКАТЧЫНЫН (ОМБУДСМЕНДИН) ИШМЕРДИГИН КАМСЫЗДОО. ЖАБЫК СОТ ОТУРУМДАРЫНА АКЫЙКАТЧЫНЫН (ОМБУДСМЕНДИН) КАТЫШУУСУ ЖӨНҮНДӨ

"Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" КР Мыйзамы күчүнө киргенден бери 15 жылдан көп убакыт өттү, бирок анын айрым жоболору азыркы убакка чейин ишке ашпай келет, бул Акыйкатчынын ишинин натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизет. Бул Мыйзамды ишке киргизүүдө Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан ченемдик-укуктук базасын "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" Мыйзамы менен шайкеш келтирүү боюнча тийиштүү иштердин жүргүзүлбөгөндүгү менен байланыштуу. Жалпысынан айтканда, "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" КР Мыйзамынын 8-беренесинин 11-пунктунун жоболоруна ылайык, Акыйкатчы соттук териштирүүсү жабык деп жарыяланган жабык сот отурумдарына тараптардын макулдугу менен катышуу укугуна ээ.

Мыйзамдын бул ченеми укук колдонуу тажрыйбасында ишке ашпай келет. Тараптардын (соттук териштирүүсү жабык деп жарыяланган) макулдугуна карабастан, жабык соттук териштирүүнү алып барган судьялар алар тарабынан өткөрүлгөн сот процессине Акыйкатчынын (же анын өкүлүнүн) катышуусуна каршылык көрсөтүп келишет.

Акыйкатчынын (же анын өкүлүнүн) жабык сот отурумдарына катышуусуна баш тартуу үчүн Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин судьяларга жабык сот отурумдарына катышуучулардын санын сот процессинин түздөн-түз катышуучулары менен чектөөгө мүмкүнчүлүк берген ченемдик жоболору негиз болот. Анткени Акыйкатчы сот отурумунун түздөн-түз катышуучусу болуп саналбагандыктан, бул жобо судьяларга Акыйкатчыны (же анын өкүлүнүн) жабык сот отурумдарына киргизбөө үчүн негиз болуп саналат.

Кодекс укуктук макамы боюнча мыйзамга караганда жогорку юридикалык күчкө ээ, мурунку ченемдик жоболорго каршы келген кийинки ченемдик жоболор куру формалдуулук бойдон гана кала берет

КР мыйзамдарында жана тажрыйбасында түзүлгөн кырдаал абсурддуу жана Акыйкатчынын Кыргыз Республикасынын Конституциясында жазылган функционалдык ишинин маңызына ылайык келбейт. Ага ылайык, Акыйкатчыга Кыргыз Республикасындагы адамдардын жана жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо үчүн Парламенттик контролду камсыз кылуу боюнча милдеттер жүктөлөт.

Акыйкатчы адамдардын турган жерине карабастан, камакка алынган жер же абак, психиатриялык же эркин кирүү мүмкүндүгү жок башка жабык мекеме болсун, алардын укуктарын сактоо менен кырдаалды контролдоого ыйгарымдарына ээ. Конституциялык ченемдин маңызынын натыйжасында соттук териштирүү жабык деп жарыяланган тарап каалабаган учурларда жабык сот процесстерине баруу (адамдардын процесстик укуктарын жана эркиндиктерин сактоо менен контролду камсыз кылуу талап кылынган) Акыйкатчы үчүн чектелип калышы мүмкүн.

Эгерде тарап (соттук териштирүү жабык деп жарыяланган) Акыйкатчы (же анын өкүлү) жабык сот отурумуна катышышын талап кылса, анда судья (соттук териштирүүгө төрагалык кылуучу) колдонуудагы Кыргыз Республикасынын жазык-процесстик мыйзамдарында сакталып калган ушундай кемчиликтерди пайдаланып, Акыйкатчынын (же анын өкүлүнүн) соттук териштирүүгө катышуусуна тоскоолдук кылбашы керек.

КР ЖПК 1-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери жана ченемдери жазык-процесстик укуктун курамдык бөлүгү болуп саналаарын жана жазык сот өндүрүшү чөйрөсүндөгү укуктарды жана эркиндиктерди түздөн-түз жарата тургандыгын белгилей кетүү керек.

Адам укуктарын колдоо жана коргоо менен алектенген улуттук мекемелердин макамына тиешелүү принциптердин (Париж принциптери) 2-пункту "Улуттук укук коргоо мекемесине (жалпылап айтканда, Омбудсмен) анын курамын жана жүргүзүү чөйрөсүн аныктаган конституциялык же мыйзам актысында даана баяндалган бир топ кеңири ыйгарым укуктар бериле тургандыгын билдирет".

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине Акыйкатчынын (Омбудсмендин) соттук териштирүүсү жабык деп жарыяланган тараптын макулдугу менен жабык сот отурумдарына катышуу укугун караштырган ченем киргизүүнү караган Мыйзам долбоору (КР Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүү үчүн) демилгелесин.

## АДВОКАТТЫК ИШТИ АТКАРУУ УКУГУНА ЛИЦЕНЗИЯ АЛУУ УЧУРУНДА БИР ТҮРДҮҮЛҮКТҮ КАМСЫЗ КЫЛУУ

Акыйкатчы (Омбудсмен) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Д. Бекешевдин дагрегине кайрылуу жөнөтүп, Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун демилгелөөнү сунуш кылды, ал экономика чөйрөсүндө гана эмес, ошондой эле адвокаттык лицензияны алуу үчүн бир жолу төлөнүүчү кирүү мүчөлүк акыларынын өлчөмдөрүн белгилөө боюнча ыйгарым укуктар берилген Кыргыз Республикасынын Адвокаттар съездининин чечимдери жагынан монополияга каршы мамлекеттик жөнгө салууну карайт.

Буга кайрылууга адвокаттык жамааттын объективдүү эмес жана карама-каршылыктуу аракеттерине жарандардын даттануулары себепчи болду, алар мыйзамдарды өзгөртүү зарылчылыгын ырастап жатат.

Атап айтканда, 2016-жылдын 3-мартында Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын кезексиз Съезди адвокаттык лицензияны алган адамдар үчүн 20 000 (жыйырма миң) сом өлчөмүндө милдеттүү бир жолку кирүү мүчөлүк төгүмүн аныктоо жөнүндө чечим кабыл алган. Бул чечим кыйла талаш-тартыштарга алып келди.

Биринчиден, Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын кезексиз Съезди бир жолку кирүү мүчөлүк төгүмүн 2 000 (эки миң) сомдон 20 000 (жыйырма миң) сомго чейин көбөйтүү жөнүндө чечим кабыл алды, башкача айтканда, кирүү төгүмдөрүнүн өлчөмү он эсе өлчөмдө көбөйтүлдү.

Он эсе көбөйтүү калктын кирешесинин өсүш деңгээлине жана өлкөнүн жалпы бакыбаттуулугуна байланыштуу оңдолуп турбайт. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, Кыргызстанда 2009-жылдан тартып 2015-жылга чейинки мезгилде калктын негизги социалдык-демографиялык топтору үчүн жашоо минимуму 47,1%га (сомдук эквивалентте) өстү. Он эсе жогорулаган учурда Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын инфляциясынын деңгээли эсепке алынган эмес.

Кирүү төгүмдөрүнүн өлчөмү адвокаттык ишти жаңыдан гана аркалап баштаган адамдардын абалына кыйла таасир эте тургандыгын белгилеп кетүү керек: жаңыдан баштап жаткан адвокаттардын адвокаттык иш жагынан тажрыйбасы жок, тиешелүү түрдө, көнүп калган клиенттери жана көрсөтүп жаткан кызмат көрсөтүүлөрү үчүн стабилдүү гонорарлар жок.

Адвокаттык ишти аткарууга уруксат алуу каражаттарды карыз алууга мажбурлайт, карыз милдеттенмелерин жүктөп, жаңыдан баштап жаткан адвокаттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн абалын начарлатат. Мында адвокаттык ишти аткарууга уруксат алуу иштин алгачкы айларында төгүмдөрдү «актоого» мүмкүндүк берет деп кепилдик берүүгө болбойт, мында тажрыйбанын кардарлардын жоктугун эске алуу керек.

Экинчиден, калктын материалдык-экономикалык абалынын жана кирешелеринин деңгээли региондук жактан олуттуу айырмаланып турат. Бул өзгөчөлүктөрү кирүү төгүмүнүн өлчөмүн аяктоо учурунда эске алынган эмес.

Региондун өңүтүндө калктын кирешелеринин социалдык-экономикалык айырмасынын ушундай конъюнктурасын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын сайтында региондор боюнча салык ставкаларынын жана патенттердин наркынын өлчөмдөрү менен таанышып, салык салуу чөйрөсүнө көз салууга болот.

Бул контекстте Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын кезексиз Съездинин 2016-жылдын 3-мартында кабыл алынган чечими региондук өңүттө адвокаттардын кирешелеринин өзгөчөлүктөрү эске албайт.

Үчүнчүдөн, Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын кезексиз Съездинин (иштеп жаткан адвокаттарды гана камтыган) кирүү төгүмдөрүн он эсе жогорулатуу жөнүндө чечими адвокаттар арасында ак ниеттүү атаандаштыкты өнүктүрүүгө, эң башкысы – адвокаттык ишти аткарууга умтулган адамдардын кесиптик ишине тоскоолдук кылат. Бул чечим иштеп жаткан адвокаттардын төгүмдөрүнүн өлчөмдөрүнө таасир этпейт.

Акыйкатчынын (Омбудсмендин) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Д. Бекешевге даректелген катында Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын Съезди адвокаттар арасында ак ниеттүү атаандаштыкты

бузган объективдүү эмес чечимдерди кабыл алышын жокко чыгаруу үчүн «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иши жөнүндө» Мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» Мыйзам долбоорун демилгелөө жөнүндө маселени кароо сунуш кылынган.

Парламенттин депутаты Дастан Бекешев мыйзамдык мүнөздөгү сунуштар үчүн ыраазычылык билдирди жана мындан аркы мыйзам чыгаруу ишинде аларды ишке ашырууну эске ала тургандыгын билдирди.

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ СУНУШТАМА:

Экономика чөйрөсүндө гана эмес, ошондой эле адвокаттык лицензияны алуу үчүн бир жолку кирүү мүчөлүк төгүмдөрүнүн өлчөмдөрүн белгилөө боюнча ыйгарым укуктар берилген Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын съездинин (же адвокатуранын башка органынын) чечимдери жагынан мамлекеттик монополияга каршы жөнгө салууну караган «Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Мыйзамдын долбоору (кийин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүү менен) демилгеленсин.

## МЫЙЗАМДАРДЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА ЖУМУШЧУ ТОПТОРДУН ИШИНЕ КАТЫШУУ

Адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүүгө жакшыртууга көмөк көрсөтүү боюнча ишмердикти ишке ашыруунун алкактарында Акыйкатчы (Омбудсмен) Институту 2018-жылы мыйзам чыгаруу чөйрөсүндөгү төмөндөгү жамааттык иш чараларга катышты:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 20-октябрындагы №485 буйругунун негизинде ведомстволор аралык жумушчу тобу түзүлүп, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Жаңы доорго кырк кадам - 2018-2023» программасында каралган «Үй-бүлөнүн бекем институту жана социалдык теңдик» өнүктүрүү программасын ишке ашырууга багытталган үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программасынын долбоорун, аткаруу бийлик органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча башка субъекттер менен өз ара аракеттенүүнүн механизмин, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттердин ишине мониторинг жүргүзүүнү жана Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине жыл сайын отчет берүүнү белгилеген ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу тобу түзүлгөн.
2. КР Ички иштер министрлигинин кайрылуусунун негизинде ведомстволор аралык жумушчу топтун алкактарында аталган министрликте түзүлгөн ведомстволор аралык жумушчу топтун кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын укуктарын коргоонун алкактарында айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү каралган:

- Кыргыз Республикасынын Салык кодекси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосттору, 2008-ж., № 8, 922-б.);
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосттору, 2006-ж., № 4, 392-б.);
- «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосттору, 2016-ж., № 5, 414-б.);
- «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосттору, 2003-ж., № 8, 323-б.);
- «Жарандык абалдын актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосттору, 2005-ж., № 7, 501-б.).
- «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосттору, 1997-ж., № 8, 392-б.);
- «Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосттору, 2002-ж., № 1, 1-б.);
- «Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандарын жекече (индивидуалдык) эсепке алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосттору, 1999-ж., № 4, 194-б.);
- «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосттору, 2008-ж., № 4, 340-б.).

3. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2018-жылдын 13-декабрындагы №218 "Экстремисттик материалдарды тараткандыгы үчүн административдик жоопкерчиликке тартуу маселелери боюнча мыйзамдарды жакшыртуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу тобун түзүү жөнүндө" буйругунун негизинде ведомстволор аралык жумушчу тобу (анын курамына укук коргоо жана мамлекеттик башка органдардын чакырылган кызматкерлери, илимий чөйрөнүн, эксперттик жана жарандык шериктештиктин өкүлдөрү кирген) 2019-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын Жосундар жөнүндө жана Бузуулар жөнүндө кодекстерине экстремисттик материалдардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө байланышкан аракеттер үчүн жоопкерчиликке тартуу маселери бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуштар иштелип чыккан.

Бул ведомстволор аралык жумушчу топтун ишмердигинин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Жосундар жана Бузуулар жөнүндө кодекстерине тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча бир катар сунуштар иштелип чыккан.

## 2.4. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУГА ТОСКООЛДУК КЫЛУУ ФАКТЫЛАРЫ ЖАНА 2018-ЖЫЛДАГЫ КӨҢҮЛ БУРУУ АКТЫЛАРЫ

2018-жылдын аралыгында Акыйкатчы мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына укук бузууларды жоюу зарылдыгы же адамдын жана жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушу боюнча кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу боюнча 79 Көңүл буруу актысын жөнөткөн.

2018-жылдагы Көңүл буруу актыларына сереп салуу төмөндөгүдөй жыйынтыктарды көрсөттү:

Акыйкатчынын Көңүл буруу актыларынын жалпы санынын дээрлик жарымы оң натыйжа алып келди жана аларда камтылган талаптар канааттандырылды (бузулган укуктар калыбына келтирилди же жооптуу адамдар жоопкерчиликке тартылды). Алар түрдүү укук бузууларга тиешелүү болгон.

- Ыйгарым укуктарына бузулган укуктарды калыбына келтирүү милдети кирген мамлекеттик органдардын аракетсиздиги менен коштолгон жарандардын турак жай укуктарынын бузулушу;
- Соттук актылардын убагында аткарылбай калышы;
- Райондук билим берүү бөлүмдөрүндөгү кызмат адамдары кетирген укук бузуулар;
- Соттук органдар тарабынан суралган маалыматтарга жооп берүүдөн баш тартуу жолу аркылуу Акыйкатчынын ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылуу;
- Сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруу жүрүшүндө соттук органдар кетирген жарандардын процессуалдык укуктарынын бузулушу;
- Аскер кызматкерлеринин кезекке туруп турак жай алуудагы бузулган укуктарын калыбына келтирүү;
- Психоневрологиялык мекемелердин жана ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жактар кармалган мекемелердеги тартип жана бейтаптарды кармоо шарттарынын бузулушу;
- Камактагы жарандардын укуктарынын бузулушу;
- Бийик тоолуу шарттарда иштеген жактардын кошумча төлөмдөрдү алуу жаатында кетирилген эмгек укук бузуулары;
- Эмгек укук мамилелерин жүзөгө ашырууда кызмат абалын кыянаттык менен пайдалануу;
- Паспортторду өз убагында алуудагы жарандардын укук бузуулары;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жер пайдалануу жаатындагы мыйзамдардын бузулушу;
- Чек арага жакын жердеги окуялардан жапа чеккен жарандардын укуктарынын бузулушу.

## МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ОРГАНДАРЫ ТАРАБЫНАН АКЫЙКАТЧЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНӨ ТОСКООЛДУК КЫЛУУ ЖАНА МЫЙЗАМ ТАЛАПТАРЫНА КӨҢҮЛ БУРБАЙ КОЮУ

Тилекке каршы, укук колдонуу тажрыйбасында, мыйзам жоболоруна ылайык реакция кылууга жана ушундай сыяктуу фактыларды жоюуга милдеттүү болгон сот бийлиги органдары тарабынан жана көзөмөлдөөчү органдын аракетсиздигинен улам Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы талаптарды тоотпой койгон, Акыйкатчынын (Омбудсмендин) ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылган фактылар кездешет.

Мисалы, Орусия Федерациясынын Кыргыз Республикасындагы Атайын жана ыйгарым укуктуу Элчиси А. Крутьконун Чүй облусунун Жайыл райондук сотундагы соттук ишти кароо жараяны жабырлануучу А.Д. тарабынан атайын узартылып жатканына нааразы болгон Е.Р.[30], аттуу соттолуучунун кызыкчылыгын коргоп кайрылган арызынын негизинде Акыйкатчы аппаратынын кызматкери соттук ишке мониторинг жүргүзгөн.

Соттук жараянга мониторинг жүргүзүүдө төмөнкүдөй чыр-чатактуу кырдаал орун алды.

А.Д. аттуу жабырлануучунун кызыкчылыгын коргогон жактоочу Ч. Чотонова, 2018-жылдын 30-январында (болжол менен 11:00дон 12:00 аралыгында) Чүй облусунун Жайыл райондук сотунун соту Ж. Арзыбекованын иш бөлмөсүндө Акыйкатчынын өкүлүнө карата орой мамиле кылып, жактоочулук этиканы сактаган эмес.

Жактоочу Ч. Чотонова өкүлүн ал кылбаса дагы мыйзамга ылайык келбеген иштерди жасады деп далилсиз күнөөлөгөн. Ушуну менен бирге, жабырлануучу А.Д. суроо берилип жатканда анын жообун Ч. Чотонованын кыйкырыктарынан улам угуу мүмкүн болгон жок. Андан ары ушул эле соттун кабылдамасында, Акыйкатчынын өкүлү жактоочу Ч. Чотонова менен анын туура эмес кылык-жоругу жана алардын коргоо ыкмасынын мыйзамсыздыгы тууралуу сүйлөшүүнү каалаган, бирок жактоочу Ч. Чотонова Акыйкатчынын аппаратынын кызматкери аны коркутуп жатканын айтып, Акыйкатчынын өкүлүнүн соттук жараянга катышууга укугу жок деп кыйкырып баштаган.

Жактоочу Ч. Чотонованын бул иш аракеттери адвокаттык ченемдерди одоно бузгандыктан, жогоруда белгиленген жаңжалдуу кырдаалдын бардык жагдайын аныктоо максатында, "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" КР Мыйзамынын 8-беренесинин 6-7-пункттарында жана 12-беренесинин 1, 3-бөлүгүндө каралган КР Акыйкатчысынын кызматтык ыйгарым укуктарына таянып Акыйкатчы институту тарабынан Чүй облусунун Жайыл райондук сотунун төрайымы Ч.К. Асанованын дарегине карата, судья Ж. Арзыбекованын иш бөлмөсүндө 2018-жылдын 30-январында саат 11:00дөн 12:00 аралыгында видеокөзөмөл камерасына түшүрүлгөн жазуулардын көчүрмөсүн берүүсүн өтүнүп кат түрүндөгү кайрылуу жөнөтүлгөн.

30. А.Крутьконун Е.Р. кызыкчылыгындагы кайрылуусу, кириш Р-71(2) 29.01.18 ж.

Бирок, Чүй облусунун Жайыл райондук сотунун төрайымы Ч.К. Асанова тарабынан жогоруда белгиленген Акыйкатчы Институтунун суранычын канааттандыруудан баш тартуу боюнча кат түрүндөгү жооп келди. Ушуну менен катар баш тартууда Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун алдындагы Сот Департаментинин 10.11.2016-жылдын №764 буйругу (мындан ары Нускама) менен бекитилген, "Видеокөзөмөл каражаттарын имараттарда жана соттордун жанаша аймактарында, Сот департаментинин жана анын аймактык бөлүмдөрүндө колдонуу тартиби тууралуу" нускамасына тийиштүү жобонун шилтемеси камтылган.

Муну менен Чүй облусунун Жайыл райондук сотунун төрайымы Ч.К. Асанова тарабынан, Акыйкатчы мамлекеттик органдардан (соттук органдардан дагы), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан такталууга тийиш болгон маселелер боюнча маалыматтарды, материалдарды жана документтерди, аны менен катар кызматтык, коммерциялык жана мамлекеттик сырларга байланыштуу маалыматтык материалдарды суроого укуктуу деген "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" Мыйзамдын 8-беренесинин 6-7-пункттарында каралган талаптардын бузулушу орун алды.

Ошондой эле, ушул эле Мыйзамдын 12-беренесинин 1, 3-бөлүгүндөгү талапка ылайык, мамлекеттик бийликтин бардык органдары Акыйкатчыга анын иликтөөлөрүнө жана текшерүүлөрүнө тез жана артыкчылыктуу негизде жардам берүүгө милдеттүү, мамлекеттик органдар Акыйкатчынын суроо-талаптарынан баш тарта албайт. Аны менен катар, иликтөө иштерин жүргүзүүгө керек болуп жаткан болсо, мамлекеттик органдар Акыйкатчынын кандайдыр бир документти алуусуна тоскоолдук кыла албайт.

"Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" Мыйзамдын 8-2-беренесинде каралган жобонун негизинде жогоруда белгиленген мыйзам талаптары бузулган факты боюнча Акыйкатчы сураган видеоматериалдарды берүү жана Чүй облусунун Жайыл райондук сотунун төрайымы Ч.К. Асанованы тартип жана башка жоокерчиликке тартуу жолу аркылуу мыйзам бузууну жоюу боюнча Акыйкатчы (Омбудсмен) тарабынан тийиштүү сунуштама:

- КР Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясына[31],
- КР Жогорку сотуна[32],
- КР Башкы прокуратурасына жиберилген[33].

Жыйынтыгында:

а) КР Жогорку соту жана КР Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы[34] тарабынан Акыйкатчынын жогоруда аталган сунуштамасында камтылган талаптар канааттандыруудан баш тартылган.

---

31. КР Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын төрагасына жөнөтүлгөн сунуштама. 27.03.2018-ж. чыгыш № 08-768.
32. КР Жогорку сотунун төрагасына жөнөтүлгөн сунуштама. 27.03.2018-ж. чыгыш № 08-767
33. КР Башкы прокуратурасына жөнөтүлгөн сунуштама 03.04.2018-ж. чыгыш № 08-851
34. КР Судъялар Кеңешине караштуу Тартип комиссиясынан келген жооп. 31.05.2018-ж. чыгыш №Д-1030/18

Муну менен, бул баш тартуулар жогоруда көрсөтүлгөн нускамаларда (бул ченемдик укуктук акт болуп эсептелбесе дагы) каралган тыюуга тийиштүү жүйөлөнгөн.

Ушунун негизинде, КР Жогорку соту жана КР Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы тарабынан "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" КР Мыйзамынын 8-беренесиндеги 6-7-пункттарында жана 12-берененин 1, 3-бөлүгүндө каралган талаптар бузулду.

Мындан сырткары, **ченемдик укуктук актылар (анын ичинде "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө Мыйзам) сөзсүз түрдө аткарылууга тийиш** деп жазылган "**Кыргыз Республикасынын** ченемдик укуктук актылары жөнүндө" КР Мыйзамынын 9-беренесинин 1-бөлүгүндөгү талаптарга көңүл бурулган жок.

б) КР Башкы прокуратурасы тарабынан 2018-жылдын 8-февралындагы Жайыл райондук сотунун өкүмүнүн негизинде Е.Р. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 123-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган кылмышты жасоого күнөөлүү деп табылып, ага 10 жылдык жаза өтөө жазасы берилген деген жооп келди.

Аны менен катар, азыркы тапта (жооп берүү учурунда) соттолуучу Е.Р.га тийиштүү жазык иши Чүй облустук сотунда экени дагы камтылган. Ушунун негизинде, Башкы прокуратура Жайыл райондук сотунун төрайымы Ч. К. Асановага карата кылмыш ишин козгоо тууралуу сунуш киргизүү мезгилсиз деп эсептейт.

Ошентип, жоопкерчиликке тартуу жана маалыматтык видеоматериалдарды алууга көмөк көрсөтүү жөнүндө Акыйкатчынын өтүнүчүнө (Сунуштамада баяндалган) Башкы прокуратура тарабынан мындай жооп келди:

а) бир четинен, соттолуучу Е.Р.га карата жазык иши экинчи инстациядагы сот тарабынан каралып бүтүшүн күтүүгө негиз кылып, Жайыл райондук сотунун төрайымы Ч.К. Асановага карата жазык ишин козгоо тууралуу маселени кароонун мезгилсиздиги жөнүндө айтылган.

Бул шилтеме таптакыр орунсуз көрүнөт, себеби, Акыйкатчынын сунуштамасындагы маселелер Е.Р.га тиешелүү жазык ишине деги эле байланышкан эмес, ал Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылуу фактыларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын тоотпоого түздөн- түз тиешелүү болгон.

б) экинчи жагынан, жогоруда аталган видеоматериалдардын көчүрмөсүн алып берүүгө көмөктөшүү суранычы боюнча, Башкы прокуратура Акыйкатчы сураган материалдарды алып берүүгө жардам берүүнүн ордуна, Акыйкатчынын өзүнө Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Сот департаментине тиешелүү кайрылуу жөнөтүү сунушун берүү менен чектелди.

КР Башкы прокуратурасы тарабынан "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" КР Мыйзамынын 13-беренесинин 2-бөлүгүн-

дөгү талаптар четке кагылган фактыны белгилеп кетүү керек. Мамлекеттик бийликтеги орган кызматкери (сот органы дагы) тарабынан Акыйкатчы (Омбудсмен) жүргүзүп жаткан иликтөөгө каршылык көрсөтүлгөн учурда, ошондой эле мамлекеттик орган тарабынан Омбудсмен (Акыйкатчы) талап кылган, иликтөөгө керек болгон материалдарды берүүдө туура эмес мамиле кылынганда же баш тарткан учурда Акыйкатчы (Омбудсмен) Башкы прокуратурага тиешелүү чаралардын көрүлүшү үчүн арыз менен кайрылат.

Аны менен катар, "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" КР Мыйзамынын 35-беренесине ылайык, Башкы прокуратура мыйзамдардын так жана бирдей аткарылып жатышына жана адамдар менен жарандардын укуктары менен эркиндиктери жаатындагы ченемдик укуктук актылар сакталып жатышына көзөмөл кылууга тийиш. Ушул эле мыйзамдын 6-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, прокуратура органдарында алардын ыйгарым укуктарына ылайык, мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын бузулушу камтылган маалымат менен кайрылса болот.

Ошентип, мыйзамдык жоболордун жана КР Башкы прокуратурасы мыйзамдардын бузулушун токтотуу жаатында (Омбудсмендин ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылуу жана суралган материалдарды берүүдөн баш тартуу) адекваттуу прокурордук чара көрүшү керек деген талаптардын болгонуна карабай, Башкы прокуратура ойго келбеген жүйөлөрдү келтирип жана Акыйкатчыга тиешелүү инстанцияларга кайрылуу сунушун берүү менен гана чектелди.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы мыйзамдардын так жана бирдей аткарылышын көзөмөлдөгөн башкы ыйгарым укуктуу орган экенин Акыйкатчы (Омбудсмен) катары, эске салуу менен, мындай жооп берүүсү туура эмес деп эсептейм.

Ушундай эле окуя, Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунда да орун алды. Ошону менен бирге, Акыйкатчы тарабынан жогоруда белгиленген райондун сотунун төрайымы Ж.Б. Ибраимовага, коридордо орнотулган камералардагы видеоматериалдардын көчүрмөсүн берүүнү суранып кат[35] жөнөтүлгөн, бирок бул жолу да биздин өтүнүчтөн баш тартылган[36].

Ошентип, Чүй облусунун Жайыл жана Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотторунун төрайымдары тарабынан ченемдик укуктук актылардын талаптарын, аны менен катар Акыйкатчынын (Омбудсмендин) ишине тоскоолдук жараткан "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" КР Мыйзамын тоотпостук фактылары орун алды.

Ушул келтирилгендердин негизинде, Жогорку Кеңешке мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруу ыйгарым укуктары жүктөлгөнүн эске алып, КР Жогорку Кеңешине жогоруда белгиленген КР мыйзамдарын бузуу фактыларын тиешелүү чараларды кабыл алып, жоюп, буга күнөөлүү кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу сунуштамасы менен кайрылабыз.

35. Бишкек ш. Сверлов райондук сотунун төрагасына кат. 11.06.2018-ж. Чыгыш №08-1518

36. Бишкек ш. Сверлов райондук сотунун төрагасынан келген жооп кат. 12.07.2018-ж. Чыгыш №08-53

## ЖЕР ПАЙДАЛАНУУ ЖАНА ТУРАК ЖАЙ УКУКТАРЫ ЧӨЙРӨСҮНДӨ ЖОЛ БЕРИЛГЕН МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДЕРИНИН БУЗУЛУШУ ТУУРАЛУУ

Акыйкатчынын ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө жарандардын турак жайга болгон укуктарын бузуу учурлары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын (мындан ары – ЭТКМИ) абдан натыйжасыз аракеттери аныкталат.

Атап айтканда, С.Т. аттуу айымдын Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү, 152 дарегинде жайгашкан барак тибиндеги үйдө менчик батири болгон (азыркы убакка чейин ал жерде жашайт).

2014-жылы "Арек Строй" ЖЧК ("Ихлас" курулуш компаниясы) жогоруда аталган үйдөгү төрт батирдин экөөсүн сатып алып, кийин №152 үйдүн ½ин бузган. Натыйжада бул үйдүн бүтүндүгү бузулган, С.Т. айымга таандык батирдин дубалдарында жаракалар пайда болуп, үйдүн шыбынын шыбагы түшүп, шифери жана ажатканасынын шыбы жабыр тарткан, мындан улам батирдин шыбынан жылжып суу агып калган.

Бул факты 2016-жылдын 1-июлунда жана 22-ноябрында, ошондой эле 2017-жылдын 12-октябрында жүргүзүлгөн комиссиялык изилдөөлөрдүн (курамында райондук администрациянын, КР ӨКМ райондук бөлүмүнүн жана МАУ-13түн адистери бар) жүрүшүндө үч жолу тастыкталган.

Ушуга байланыштуу, 2016-жылдын 6-июлунда Бишкек шаарынын Биринчи май райондук администрациясы өз жообунда (чыгыш №Т-471 06.07.16.) С.Т. айымга боюнча турак жайга болгон укукту бузуунун аталган фактысы боюнча жыйналган материалдар арыз берүүчүнүн бузулган укуктарын калыбына келтирүү боюнча чараларды кабыл алуу үчүн КР Өкмөтүнө караштуу ЭТКМИнин дарегине жөнөтүлгөн.

Андан соң арыз берүүчүнүн дарегине КР Өкмөтүнө караштуу ЭТКМИден 2016-жылдын 14-июлунда жооп келип, анда бул орган тарабынан "Арек Строй" ЖЧКнын дарегине Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү, 152 дарегинде жайгашкан имараттарды жана курулмаларды бузууга уруксат берүү өтүнүчү менен кат жөнөтүлгөндүгү айтылган.

Бирок, андан кийин, кийинки бир жарым жыл ичинде КР Өкмөтүнө караштуу ЭТКМИ тарабынан жогоруда саналып өткөн бузууларды жоюу боюнча эч кандай аракеттер көрүлгөн эмес.

КР Өкмөтүнө караштуу ЭТКМИнин бул аракетсиздигин эске алып, 2018-жылдын башында С.Т. прокуратура органдарына жана КР Акыйкатчысына (Омбудсмен) турак жайга болгон укуктарын калыбына келтирип берүү өтүнүчү менен кайрылууга мажбур болгон.

Андан соң С.Т. менен КР Акыйкатчысынын дарегине КР Өкмөтүнө караштуу ЭТКМИнин директору К. Муратбековдун колу менен жооп келген (чыгыш №10/900 13.03.18.), анда ЭТКМИнин Бишкек шаары боюнча РАБы тара-

бынан жеринде тийиштүү текшерүү жүргүзүлүп, курулуш ченемдерин бузуулар табылгандыгы билдирилген.

Ошону менен бирге укук бузуучуларга карата КР мыйзамдарына ылайык чаралар кабыл алынгандыгы тууралуу айтылган. КР Өкмөтүнө караштуу ЭТКМИнин кат түрүндөгү жообуна тастыктоо катары ЭТКМИнин Бишкек шаары боюнча РАБдын катынын (чыгыш №30-3/961 02.03.18.) көчүрмөсү тиркелген, анда ЭТКМИнин Бишкек шаары боюнча РАБы 2018-жылдын 8-февралындагы №0005459 токтомуна ылайык, КР Административдик жоопкерчилик тууралуу кодексинин 454-беренесинин (Объекттерди куруу жана колдо болгон кыймылсыз мүлк объекттерин өзгөртүү) негизинде "Арек Строй" ЖЧКнын директору М.С. Болушевге карата 200 миң сом өлчөмүндөгү айыппул түрүндө административдик жаза салынган.

Бирок, азыркы учурда КР Өкмөтүнө караштуу ЭТКМИнин директору К. Муратбеков тарабынан билдирилген чындыкка туура келбеген маалыматтарды берүүдөгү (арыз берүүчүгө жана КР Акыйкатчысына) аракеттер каралып жатат. Себеби, КР Өкмөтүнө караштуу ЭТКМИнин директору К. Муратбеков 2018-жылдын 6-мартында ЭТКМИнин Бишкек шаары боюнча РАБдын 2018-жылдын 8-февралындагы №0005459 токтомун жокко чыгаруу тууралуу №03-849 токтомун чыгарган.

Ошентип, К. Муратбеков тарабынан карама-каршы келүүчү аракеттерге жол берилип жатат, бир тарапка күнөөлүү тараптарды жоопкерчиликке тартуу боюнча тийиштүү чаралардын кабыл алынгандыгы (баш ийген мекемеге) жөнүндө билдирип жатса, экинчи тарапка Акыйкатчыга бул билдирүүнү жөнөткөнгө чейинки бир жуманын ичинде "өз колу менен" бул чараларды жокко чыгарып жатат.

КР Өкмөтүнө караштуу ЭТКМИнин директору К. Муратбеков тарабынан 2018-жылдын 6-мартында чыгарылган токтомдо ЭТКМИнин Бишкек шаары боюнча РАБдын 2018-жылдын 8-февралындагы №0005459 токтомун жокко чыгаруу тууралуу №03-849 токтомун жокко чыгаруунун зарылчылыгы аталган актыны киргизүүдө ЭТКМИнин Бишкек шаары боюнча РАБ тарабынан белгилүү жол-жоболордун бузулушуна жол берилгендиги менен негизделген.

Ошондой эле К. Муратбеков тарабынан чыгарылган токтомдун баяндоо-жүйөлөштүрүү бөлүгүндө (турак үйдүн мыйзамсыз бузулган бөлүгүнүн аймагына орнотулган дубал тосмо тууралуу) Бишкек шаарынын мэриясынын 2013-жылдын 28-апрелиндеги "Райондук администрация башчыларынын жана Бишкек ш. Мэриясынын муниципалдык аймактык башкармалыктарынын жетекчилерине кошумча ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө" токтомуна ылайык, жеңилдетилген типтеги объектилерди орнотууга жана пайдаланууга, алардын тышкы көрүнүшүнүн абалына контроль жүргүзүү, анын ичинде мыйзамсыз орнотулган жеңилдетилген типтеги объекттерди ордунан алуу райондук администрациялардын жана муниципалдык аймактык башкармалыктардын карамагында турат.

Баарынан кызыгы, КР Өкмөтүнө караштуу ЭТКМИ, ошондой эле анын аймактык бөлүмдөрү тарабынан түрдүү маселелер (анын ичинде жол-жоболоштуруу бузууларынын болушу, дубал тосмолорун орнотуунун укук че-

немдүүлүгү ж.б. сыяктуу) көтөрүлүп, бирок алардын эч бирин башкы маселе - жогоруда көрсөтүлгөн үйдө жашаган жарандардын турак жайга болгон бузулган укуктарын калыбына келтирүү кызыктырган жок.

Жогоруда айтылган турак үйдүн бир бөлүгүнүн мыйзамсыз бузулган учурунан тартып эки жылдан көп убакыт өткөндөн бери анын калган бөлүгү анда жашап жаткан адамдардын жашоосу жана саламаттыгы үчүн чыдагыс жана кооптуу шарттарды түзүп, авариялык абалга келип отурат. Ошону менен бирге ушул узак убакыт ичиндеги (куруу-калыбына келтирүү иштеринин жоктугун эске алганда) атмосфералык жаан-чачындар жана аба ырайынын шарттары үйдүн калган бөлүгүнүн конструкциясынын андан ары начарлашына алып келет жана анын андан ары бузулушуна шарт түзөт.

Ошол эле учурда КР Өкмөтүнө караштуу ЭТКМИнин жетекчилиги (ошондой эле бул мамлекеттик органдын түзүмдүк бөлүмдөрү) тарабынан азыркыга чейин жол берилген укук бузууларды жоюу, өзгөчө Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү, 152 дарегинде жайгашкан үйдүн калган бөлүгүндө жашаган жарандардын бузулган турак жайга болгон укуктарын калыбына келтирүү боюнча эч кандай чаралар көрүлө элек.

Жогоруда баяндалган жагдайлар эске алынып, КР Өкмөтүнүн дарегине төмөнкүдөй сунуштар киргизилди:

- КР мыйзамдарынын талаптарынын бардык жогоруда көрсөтүлгөн бузууларын жоюу боюнча чараларды кабыл алуунун зарылчылыгы жөнүндө;
- Өкмөткө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын, ошондой эле КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын Бишкек шаары боюнча Региондор аралык башкармалыгынын өлкө мыйзамдарынын талаптарынын жогоруда көрсөтүлгөн бузууларына жол берген тиешелүү кызмат адамдарына карата тартип жаза өндүрүшүн козгоо жөнүндө.

Бирок, Өкмөттүн Аппаратынын тиешелүү кызмат адамдары Акыйкатчы тарабынан берилген сунуштарга карабастан, аны КР Өкмөтүнө караштуу ЭТКМИге кайра жөнөтүү менен гана чектелишти, ал эми бул органдын жетекчиси К. Муратбеков Акыйкатчынын дарегине кезектеги “көнүмүш” жообун берген.

Ошону менен бирге Акыйкатчынын сунушу (анда жол берилген бузуулар, анын ичинде КР Өкмөтүнө караштуу ЭТКМИнин жетекчиси К. Муратбеков тарабынан жол берилген бузуулар жана күнөөлүү кызмат адамдарына карата (анын ичинде К. Муратбековго карата) чара көрүүнүн зарылчылыгы жөнүндө айтылган) Өкмөт тарабынан кызмат адамдары бузууларга жол берген ошол органга кайрадан жөнөтүлгөн, бул жөнүндө Акыйкатчынын жогоруда айтылган сунушунда айтылат.

Өкмөттүн Аппаратынын кызмат адамдарынын бул аракеттери “Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө” КР Мыйзамынын 12-беренесинин 2-бөлүгүнүн 10-пунктунун талаптарына дал келбейт, бул беренеге ылайык, мамлекеттик органдар жана кызмат адамдары аракеттерине

арыз берилген кызмат адамдарына даттануулардын жөнөтүү учурларына жол бербөөгө милдеттүү.

Мындан С.Т. айымдын жарымы бузулган барак тибиндеги үйдөгү батирде үч жылдан бери аргасыз жашап келе жатканын белгилей кетүү керек.

Ошентип, "Арек Строй" ЖЧКнын ("Ихлас" курулуш компаниясы) "бузуучу" аракеттеринин натыйжасында үйдүн калган бөлүгү кыйроо абалында калган:

- турак жайдын герметикалуулугу жана жылуулук сактоосу бузулган, бул жашоочулардын саламаттыгына терс таасир этип, турак жайга суунун (өзгөчө кыш мезгилинде) киришине алып келет;
- үйдүн конструкциясынын тышкы жаан-чачындардан коргоо системасы бузулган, турак үйдүн акырындык менен бузулушуна алып келет, бул жашоочулардын жашоосу жана саламаттыгы үчүн коопту, анткени үйдүн бузулушу жаракат алууга жана өлүмгө алып келиши мүмкүн;
- жарандар туруктуу нымдуулук шартында жашоого аргасыз, бул оору жаратуучу бактериялардын түрдүү түрлөрүнүн өөрчүшүнө алып келет.

Жогоруда саналып өткөн жагдайлар үйдүн калган бөлүгүнүн курулуш конструкциясынын бузулушуна реалдуу коркунуч жаратып, үйдү турак жай деп атоого болбой турган шарттардын пайда болушуна шарт түзүп жатат.

"Ихлас" курулуш компаниясынын укукка каршы келген аракеттеринин натыйжасында жаралган жогоруда көрсөтүлгөн кырдаал үйдүн калган бөлүгүнүн жашоочуларынын (анын ичинде С.Т. жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн) жашоосу жана саламаттыгы үчүн реалдуу коркунуч түзөт.

Түзүлгөн кырдаалды талдап көрүп, "Ихлас" курулуш компаниясынын жетекчилиги үйдү (тактап айтканда, анын калган бөлүгүн) атайылап авариялык абалга, ал эми анын жашоочуларына алардын жашоосуна жана саламаттыгына жаралган коркунучтун таасири менен "оор" абалга алып келген деген ой келет, алар өздөрүнө таандык кыймылсыз мүлктү сатууда бир топ "элпек" болуп калышкан.

С.Т. айым "Ихлас" курулуш компаниясына анын үй-бүлөсүнө келтирилген зыяндын ордун төлөтүү үчүн жарандык сот өндүрүшү тартибинде доо менен кайрылууга укуктуу.

Бирок, мындай иш-чараларды жүзөгө ашыруу олуттуу финансылык чыгымдарды (жактоочу жалдоо, мамлекеттик алымдарды төлөө ж.б.) талап кылат, бул чыгымдарды төлөөгө анын чамасы жетпейт, анткени ал бала бакчада педагог болуп иштеп, болгону ай сайын 8000 (сегиз миң) сом өлчөмүндө эмгек акы алат. Ошону менен бирге ал жалгыз бой эне, багуусунда эки баласы (уулусу – келишимдик негизде окуган студент жана он бир жаштагы кызы) бар.

Бул учурда КР Жарандык-процесстик кодексинин 48-беренесинин 1-бөлүгүн жана КР Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 141-беренесинин 16-бөлүгүн ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу максатка ылайыктуу болот, бул беренелерге ылайык, прокурорго жарандардын мыйзам менен корголгон укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын коргоо арызы менен сотко кайрылуу укугу (мамлекеттик алымдарды төлөөдөн бошотуу менен) жүктөлөт.

**КР Башкы прокуратурасына сунуштама:**

**Прокуратуранын тиешелүү органдарына С.Т. айымдын, ошондой эле Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү, 152 дарегинде жайгашкан барак тибиндеги жарымы бузулган үйдүн батирлеринде жашаган башка жарандардын мыйзам менен корголгон укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча арызы менен сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу тапшырылсын.**

Мындан сырткары, (буга чейин жогоруда айтылгандай) жогоруда аталып өткөн үйдүн калган бөлүгү кыйроо абалына келип, өзгөчө кыш мезгилинде жана жаан чачын көп жааган мезгилде анда жашаган адамдар үчүн өмүрүнө жана ден соолугуна (турак жайга суук жана жаан тоскоолдуксуз киргендиктен) кооптуулук жаратат.

Белгилүү болгондой, буга чейинки жылдары жаратылыш кырсыгынанын айынан (жер титирөө, сел, көчкү ж.б.)  турак жайынан ажыраган адамдарга КР Өзгөчө кырдаалдар министрлиги   кыш мезгилинде жашап туруусуүчүн «жылууланган» контейнерлерди берчү.

Жогоруда көрсөтүлгөн турак жай жашоо үчүн таптакыр жараксыз абалга келгендиктен арыз ээси С.Т. Акыйкатчыдан  ага жана үй-бүлөсүнө кыштоо үчүн убактылуу пайдаланууга  жылууланган контейнер берүүсүн өтүнүп КР Өкмөтүнө кайрылуу үчүн көмөк көрсөтүүнү суранган..

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштама:**

**Жаран С.Т. баш калкалоосу үчүн убактылуу жашоого ыңгайлуу «жылууланган» контейнер берүүнү Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине тапшыруу сунушталат.**

## ЖАРАНДАРДЫН ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮН ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУНУН ЖҮРҮШҮНДӨ ЖОЛУГУШУУГА БОЛГОН УКУКТАРЫНЫН БУЗУЛУШУ ТУУРАЛУУ

КР Акыйкатчысынын наамына Саясий куугунтукка кабылгандарды коргоо комитетинин мүчөлөрү А. Коргонбеков, У. Маматаев, Зульфия М., Т. Мадаминовдор Б. Асановдун камакта кармалып турган шартта медициналык жардамды өз убагында алуу маселеси боюнча кайрылышкан.

Бишкек шаардык сотундагы кезектеги соттук отурумдун болушу күтүлүп жаткан убакта Б. Асановду 47-ТК түзөтүү абагынын борбордук ооруканасына алып кетишип, ал жерде ага хирургиялык операция жасалды.

Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери 47-ТК түзөтүү абагына барып, Б. Асанов менен сүйлөшүү жүргүзүштү, анын жүрүшүндө ал жубайы менен кыска мөөнөттүү жолугушуу берүүгө көмөк көрсөтүү өтүнүчү менен кайрылды.

Анын саламаттыгынын абалы эске алынып, КР Акыйкатчы аппараты тарабынан Бишкек шаардык сотунун төрайымы И. Воронцовага Б. Асановдун өз үй-бүлөсү менен кыска мөөнөттүү жолугушуусуна уруксат берүү өтүнүчү менен кат жөнөтүлгөн.

Бишкек шаардык сотунун (мындан ары – БШС) төрайымы И. Воронцованын[37] жообунда КР ЖПК 328-беренесине ылайык, камакта кармалып турган адам менен жолугушуу сот тарабынан өкүм аткарылууга алынганга чейин бериле тургандыгы көрсөтүлөт. Б. Асановдун жакын туугандары менен жолугушуусуна мыйзам талаптарына ылайык, өкүм угузулгандан кийин уруксат берилет.

Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун айыптоо өкүмү 2017-жылдын 17-апрелинде чыгарылган жана кыска мөөнөттүү жолугушуу берүү жөнүндө кайрылуу Бишкек шаардык сотунун төрайымы И. Воронцова тарабынан каралган учурда соттун өкүмү аппеляциялык тартипте даттанууга байланыштуу мыйзамдуу күчүнө кире электигин белгилей кетүү керек.

Ошентип, Бишкек шаардык сотунун төрайымы И. Воронцованын катында келтирилген аргументтер анын өкүм боюнча кабары жоктугун жана чындыкка дал келбеген маалыматтарды бергендигин күбөлөндүрөт.

Мурун КР ЖПК 328-беренесинин жоболорунун негизинде соттолуучу Б. Асановдун жана башка жактардын туугандарына 2017-жылдын июнь айында 2 жолу жолугушуу берилген, бул Бишкек шаардык сотунун төрайымынын орун басары А. Момуналиевдин[38] колу коюлган жооп катта айтылат.

КР Акыйкатчысы Бишкек шаардык сотунун төрайымы И. Воронцованын дарегине бул жооп боюнча маалымат (түшүндүрмө) берүү өтүнүчү менен эки жолу кат (13-58 09.01.2018. жана 13-289 01.02.2018.) жөнөткөн. Бирок, Акыйкатчынын катына жооп берилген эмес, бул “Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө” КР Мыйзамынын 8-беренесинин 2-пунктунун жана “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” Мыйзамдын 12-беренесинин 5-пунктунун, 13-беренесинин 1-пунктунун талаптарын бузуу болуп саналат.

Жогоруда саналып өткөн жагдайларды эске алып, Акыйкатчы (Омбудсмен) тарабынан КР Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясына Бишкек шаардык сотунун төрайымы И. Воронцовага карата жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузууга жол бергендиги үчүн тартип жаза өндүрүшүн козгоо жөнүндө сунуш берилген.

Бирок, КР Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы сунуш мазмуну жагынан “талашсыз” болуп саналгандыгына карабастан, тартип жаза жоопкерчилигине тартуудан баш тартуу тууралуу чечим чыгарылган.

37. 08.12.2017-ж. чыгыш №Н-01-17/749
38. 23.08.2017-ж. чыгыш №Н-01-17/498

## АСКЕР КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ТУРАК ЖАЙГА БОЛГОН УКУКТАРЫНЫН БУЗУЛУШУ ТУУРАЛУУ

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын наамына КР Куралдуу күчтөрүнүн пенсионери, полковник К.Э. арыз менен кайрылган, II топтогу майып турак жайга болгон укуктары КР Мамлекеттик чек ара кызматынын кызмат адамдары тарабынан бузулгандыгына даттанган.

Э.К. жазган арызды жана жыйналган материалдарды, анын ичинде КР Аскер прокуратурасынын жообун изилдеп чыгып, Акыйкатчы Мамлекеттик чека ара кызматына Э.К. КР Конституциясы жана Турак жай кодекси менен кепилденген турак жайга болгон укугун ишке ашыруу жана турак жай аянты менен камсыз кылуу үчүн турак жайга болгон укукту жүзөгө ашырууга шарттарды түзүп берүү боюнча чараларды көрүү жөнүндө Көңүл буруу актысын[39] жөнөткөн.

Мамлекеттик чек ара кызматынын жообунда[40] пенсионер Э.К. Бишкек шаарынын 12-кичи районунда жайгашкан үйдөн жалпы аянты 48 чарчы метр болгон 1 бөлмөлүү кызматтык батир сунушталгандыгы айтылган. Пенсионер Э.К. ал батирди алуудан баш тарткан.

Бул жооптун натыйжасында, КР МЧК турак жай комиссиясы Э.К.га турак жай берүү жөнүндө маселени кароодо Кыргыз Республикасынын турак жай мыйзамдарынын ченемдери менен талаптарын жетекчиликке алган эмес деп тыянак чыгарууга болот.

Турак жай кодексинин 45-беренесинин 1-пунктуна ылайык, бир адамга туура келген турак жай аянтынын ченеми 12 чарчы метрди түзөт. Жарандардын айрым категориялары үчүн бөлмө түрүндөгү же он чарчы метр өлчөмүндөгү кошумча турак жай аянты берилет. Айрым өнөкөт оорулардын оор түрү менен жабыр тарткан жарандарга, ошондой эле аткарылган иштеринин шарттары жана мүнөзү боюнча аянт керек болгон жарандарга кошумча турак жай аянтынын өлчөмү чоңойтулушу мүмкүн.

"Аскер кызматкерлеринин макамы жөнүндө" КР Мыйзамынын 12-беренесине ылайык, полковник, ага теңдеш жана жогору наамдагы аскер кызматында турган, запаска же отставкага бошотулган офицер курамындагы адамдарга, ошондой эле, аскер бөлүктөрүнүн командирлерине, аскер-окуу жайларынын окутуучу-аскер кызматчыларына, окумуштуу даражасы бар аскер кызматчыларына мыйзам менен белгиленген өлчөмдөгү кошумча турак жай аянты берилет.

КР Турак жай кодексинин 46-беренесине ылайык, турак жай менен камсыздоодо бир бөлмөгө жубайлардан башка тогуз жаштан өйдө ар кайсы жыныстагы адамдарды бир бөлмөгө жайгаштырууга жол берилбейт.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга, улгайгандарга, жүрөк-кан тамыр оорусуна жана башка оор илдетке чалдыккан оорулууларга турак жайлар алардын каалоосун эске алуу менен төмөнкү кабаттардан же лифти бар үйлөрдөн берилет.

39. 17.10.2018-ж. чыгыш №11-2679.
40. 24.10.2018-ж. чыгыш №19/3191.

Э.К. запастагы полковник жана экинчи топтогу майып болуп саналгандыктан, жубайы жана 17 жаштагы уулу менен бирге жашайт, Турак жай кодексинин талаптары боюнча жалпы аянт эмес, турак жай аянты берилиши керек экендигине карабастан, ага жалпы аянты 48 чарчы метр болгон 1 бөлмөлүү кызматтык батир берилген. Бул КР МЧКнын турак жай комиссиясы тарабынан эске алынган эмес.

Ушуга байланыштуу, КР Аскер прокуратурасына мурда КР Мамлекеттик чек ара кызматына жөнөтүлгөн Көңүл буруу актысы тиркелип жөнөтүлдү. Прокуратуранын жообу менен жогоруда көрсөтүлгөн батирлерди бөлүштүрүү мыйзамдардын талаптарын бузуу менен ишке ашырылгандыгы белгилүү болду. Арыз берүүчү Э.К.га ага бериле турган 10 чарчы метр өлчөмүндөгү кошумча турак жай аянтынын көлөмүн эске албаганда, жалпы аянты 36 чарчы метрден кем болбогон батир бөлүнүшү керек эле. Бирок ага бөлүнгөн батирдин турак жай аянты болгону 21,1 чарчы метрди түзөт, бул мыйзам менен аныкталган санитардык ченемдерге дал келбейт.

Акыйкатчынын мурда жөнөтүлгөн кайрылуусунун негизинде 2018-жылдын 5-ноябрында КР Аскер прокуратурасы тарабынан КР МЧКга жогоруда көрсөтүлгөн мыйзам бузууну КР МЧКнын турак жай-тиричилик комиссиясынын чечимдерин кайра карап чыгуу, күнөөлүү кызмат адамдарын тартип жаза жоопкерчилигине тартуу жолу менен жоюу тууралуу сунуш киргизилген.

## 2.5. КР АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН 2017-ЖЫЛ ҮЧҮН ЖЫЛДЫК БАЯНДАМАСЫНЫН СУНУШТАМАЛАРЫНЫН АТКАРЫЛЫШЫ

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сунуштамаларын аткаруу өткөн жылдар үчүн, анын ичинде айрым тематикалар боюнча өңүттө сунуштамаларга тутумдук көз салууну камтыйт.

2017-жыл үчүн КР Акыйкатчысынын жылдык баяндамасында Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу жана коргоо боюнча Омбудсмендин сунуштамалары төмөнкүдөй багыттар боюнча Кыргыз Республикасынын министрликтери менен ведомстволоруна, Башкы прокуратурасына, Жогорку сотуна даректелген:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча;
- экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча;
- жарандык жана саясий укуктар боюнча;
- баланын укуктары боюнча;

- укук коргоо органдары менен контекстте адамдардын укуктары боюнча;
- эркиндигинен ажыратуу жерлеринде жаза өтөп жаткан адамдардын укуктары боюнча;
- адилеттүү сот жыйналышына укуктар боюнча;
- психиатриялык стационарларда жүргөн адамдардын укуктары боюнча.

Көтөрүлүп жаткан маселелердин айрымдары тутумдук мүнөздө, ушундан улам мезгил-мезгили менен Акыйкатчынын баяндамаларында көтөрүлүп турат. Сунуштамалардын бир бөлүгү ар кандай себептер боюнча толук көлөмдө аткарылбайт.

Сунуштамаларды аткаруунун талдоосу – «аткарылды», «жарым-жартылай аткарылды» же «аткарылган жок» деген аткаруу даражасын көрсөтүү менен тыянакты камтыйт. Таблицада камтылган маалыматтар органдардын аталыштары боюнча бөлүп-бөлүп көрсөтүлөт.

Мындан тышкары, Акыйкатчы Институту алар менен кызматташып жаткан органдар өздөрүнүн ишиндеги кемчиликтерди четтетүү боюнча жана ошондой эле өз компетенциясынын чектеринде адамдын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча ишти өз алдынча жүргүзүп жатат. Буга байланыштуу Омбудсмендин баяндамасы адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин маселелери боюнча ар түрдүү мамлекеттик органдардын ишинин тиешелүү сыпаттамасын камтыйт.

2016-жыл үчүн Акыйкатчынын жылдык баяндамасынын сунуштамаларын аткаруу КР Жогорку Кеңеши 2016-жыл үчүн Акыйкатчынын баяндамасын тиешелүү мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана уюмдарга жөнөтпөй туруп, аны эске алгандыгы менен таталданган[41].

2017-жыл үчүн Акыйкатчынын жылдык баяндамасынын сунуштамаларын аткаруу 3 айдын ичинде маалымат алуу менен баяндаманы мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жөнөтүү жөнүндө КР Жогорку Кеңешинин токтому менен камсыз кылынган. Натыйжада, сунуштамалардын басымдуу бөлүгү тиешелүү мамлекеттик органдардын ишинде чагылдырылган жана аткарылган деген тыянак келип чыгат.

Мында белгилеп кетүү зарыл, КР Акыйкатчысынын көз карашы боюнча, айрым маселелерди чечүүгө институционалдык эске тутуунун жоктугу, кайра өзгөртүүлөр жана көбүнчөсүн орун которуулар тоскоолдук кылат. Коомдун турмуш деңгээлин жакшыртууга багытталган улуттук программалардын кыйла бөлүгү компетенттүү жана кесипкөй кадрлар менен камсыз кылынган узак мөөнөттүү келечекте этап-этаптуу ишти талап кылат.

41. 2012-жыл үчүн жылдык баяндама ушундай эле түрдө каралган. 2013 жана 2014-жылдар үчүн жылдык баяндамалар КР Жогорку Кеңеши тарабынан жактырылган эмес.

Ошондой эле айрым сунуштамаларды аткаруу бюджеттен жетишсиз бөлүнгөн финансыга, же болбосо тиешелүү мамлекеттик органдарда алардын жоктугуна тикелей байланыштуу экенин белгилеп кетүү зарыл, анын натыйжасында сунуштамалар аткарылбай жатат. Ушуга байланыштуу чечилбеген маселелер тутумдук мүнөздө, анын айынан бир нече баяндамалардын сунуштамаларында кезектеги жолу көтөрүлүшү мүмкүн.

Сунуштамаларды аткаруу боюнча кеңири маалымат (таблица түрүндө) №4 тиркемеде камтылган.

# III БӨЛҮМ. СОЦИАЛДЫК, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ УКУКТАР

## 3.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ИНКУРАБЕЛДИК БЕЙТАПТАРДЫН КҮЧТҮҮ ТААСИР ЭТҮҮЧҮ ООРУТПАЙ ТУРГАН ДАРЫЛЫК КАРАЖАТТАРДЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮ БОЮНЧА ПАЛЛИАТИВДИК ЖАРДАМГА БОЛГОН УКУГУ

### КЫРДААЛГА СЕРЕП

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын (мындан ары – Акыйкатчы аппараты) 2018-жылдагы иш багыттарынын бири болуп, күчтүү таасир этүүчү оорутпай турган дарылык каражаттардын жеткиликтүүлүгү боюнча инкурабелдик бейтаптарга көрсөтүлгөн паллиативдик жардамдын[42] (ПЖ) көйгөйлөрүн изилдөө болду.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун аныктамасы боюнча (мындан ары - БДСУ), ПЖ жашоо үчүн кооптуу оорулар коштогон көйгөйлөргө кабылган бейтаптардын (чоң кишилер менен балдар) жана алардын үй-бүлөлөрдүн жашоо сапатын жакшыртуучу ыкма болуп саналат.

Паллиативдик жардам дарт белгисин эрте аныктоонун жыйынтыгындагы азап тартуунун алдын алат жана жеңилдетет, туура баалоо жана ооруну дарылоону жана башка физикалык, психосоциалдык же рухий көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет. БДСУ ПЖ көрсөтүү – бул оорунун өнүгүүсүндөгү терминалдык баскычта[43] (мындан ары - ТБ) турган бир гана айыкпас оорулуулардын азабын гана жеңилдөтүү эмес, ал өнөкөт оорунун жалпы өтүү убагында бейтаптарга жардам жана колдоо көрсөтүү болуп эсептелет.

2017-жылы Кыргыз Республикасында биринчи жолу залалдуу шишик дарт белгиси аныкталган 5456 кишиден 2846 адам (52,1%) инкурабелдүү (айыккыс) деп таанылган. БДСУ маалыматы боюнча, акыркы, айыккыс баскычтагы рак дартына кабылган 80% оорулуунун жашоо сапатын жакшыртуу үчүн токтотууга муктаж болгон ар түрдүү деңгээлде кармаган катуу ооруну сезет. Морфинге муктаждыкты БДСУ жана Баңгизаттарды көзөмөлдөө боюнча эл аралык комитеттин эсептөө усулун колдонуу менен эсептөө морфинге болгон муктаждыкты аныктоого мүмкүндүк берет. Эсептөөлөргө ылайык, КРда ооруну басаңдатуучу дарынын зарыл көлөмү 16 кг түзөт. Ал эми акыркы маалыматтар боюнча КР 2018-жылы медициналык максатта 1 кг 700 г. морфин колдонулган.

---

42. Паллиатив (фр. palliatif, познелат. palliare – калкалоо, коргоо) – ооруну убактылуу жеңилдеткен, бирок айыктырбаган дарылык каражат.

43. Терминалдык (лат. terminalis – акыркы). Оорунун өмүр менен өлүм ортосунда турган акыркы баскычы.

«Эргэнэ» КФ жана Паллиативдик жардам бирикмеси жүргүзгөн анализге ылайык, 2018-жылы ноябрь айында онкологиялык оорулардын акыркы баскычындагы катуу жана ачык көрүнгөн оорусу бар жалпы муктаж бейтаптардын болгону 3% гана ооруну дарылоо үчүн «алтын стандарт» болуп саналган деңгээлде оорутпай турган натыйжалуу морфин дарысын алышкан. Катуу ооруну басаңдатуучу дарылардын жеткиликтүү эместиги – айыккыс оорулуулардын керексиз азап тартышынын себеби жана эл аралык коомчулук тарабынан саламаттыкты сактоо тармагындагы кыйноого теңдештирилет.

Кыйноолор жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелер жана жазалоолор маселеси боюнча Хуан Э. Мендестин[44], Атайын баяндамасында көрсөтүлгөндөй, Кыйноолорго каршы конвенциянын 1-беренесинин 1-пунктунда камтылган кыйноолорду аныктоо эң аз дегенде негизги төрт бөлүкчөдөн турат: физикалык же психологиялык катуу оорутуу же азап тарттыруу; кара ниеттик; белгилүү максат коюу; жана мамлекеттик кызмат адамынын катышы бардыгы, унчукпаган макулдук түрүндөгү мамилеси. (A/HRC/13/39/Add.5, пункт 30).

Баяндамада ооруну дарылоодон баш тартуу кайсы бир аракетти жүзөгө ашыруу эмес, аракетсиздик түрүндөгү жосун катары көрсөтүлгөн жана көбүнчө азап берүү максатына караганда кайдыгерликтин жана өкмөттүн натыйжасыз саясатынын жыйынтыгы болуп саналат. Аны менен бирге бейтап курч кармаган ооруга туш болгон жана тиешелүү жардамга жеткиликтүү болбогон ар бир учур катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле же жазалоого теңдештирилет.

Бул тууралуу кыйноолорго жана катаал мамилеге тыюу салуу алкагындагы эң төмөнкү деңгээлге туура келген катуу азап тарткан учурларда гана сөз болот; мамлекет кабардар болуп же азап тартуу жөнүндө маалымдалууга тийиш болгон, анын ичинде, тиешелүү жардам менен камсыздалбаган учурда; жана мамлекет бардык аң-сезимдүү чараларды[45], физикалык жана психологиялык кол тийбестикти коргоо аракетин[46] көрбөгөн учурлар тууралуу да сөз болуп жатат.

Кыргыз Республикасындагы паллиативдик жардамдын өнүгүшүнө, мыйзамдарга өзгөртүү киргизүү, кадрларды окутуу, дарылык каражаттардын жаңы түрлөрүн каттоого карабастан, айыкпаган оорулардын түрлөрүнө туш болгон көпчүлүк муктаж бейтаптарга өмүрүнүн аягында бул жардамдын жеткиликтүүлүгү абдан төмөн деңгээлде кала берүүдө.

Кыргызстанда опиоддорго жеткиликтүүлүктү камсыздоо абдан олуттуу көйгөй жаратат. Өлкөдө морфин (иньекция жана таблетка үчүн аралашма) ооруну басаңдатуучу каражат катары колдонууга уруксат берилген. Морфинди жазуу үчүн рецептердин атайын кызыл бланкасы колдонулат, ага саналуу гана дарыгерлердин уруксаты бар.

44. https://www.ohchr.org/Documents/HRBodies/HRCouncil/RegularSession/Session22/A-HRC-22-53_ru.pdf

45. Караңыз., мисалы, ECHR, Osman v. United Kingdom, Application No. 23452/94 (1998), paras. 115-122; Committee on Economic, Social and Cultural Rights, general comment No. 14.

46. Amon and Lohman, «Denial», p. 172.

Дарыгерлер опиоиддерди жазып берүүгө анча көңүлдөнбөйт, себеби ал укук коргоо органдарына бир топ сандагы документтерди жана үлгүлөрдү тариздөө жаа өткөрүүгө байланыштуу. Анын үстүнө учурдагы талаптарга ылайык, оорулуу үчүн жаңы рецепт алыш үчүн аптекага мурда колдонулган бардык ампулаларды кайтарып берүү зарыл.

Башка себептер болуп морфин менен камсыздоонун жолундагы көптөгөн тоскоолдуктар дагы саналат: калктын төмөнкү маалымдуулугу, бейтаптар менен саламаттыкты сактоо кызматкерлери арасындагы опиоидофобия, опиоиддерди сактоо жана берүүгө карата өтө жогорку талаптар, ошондой эле, бардык зарыл дарылык каражаттарды жабуу үчүн каржылык ресурстардын тартыштыгы бар.

Аны менен бирге ПЖ бир гана ТБ оору менен ооруган онкологиялык оорулуулар гана эмес, айыкпаган абал баскычындагы: бөйрөк, жүрөк, өпкө, кургак учук диагнозу барлар, СПИД, кант диабети жана башкалар бардык бейтаптар муктаж, ПЖ муктаж чоң кишилердин көпчүлүгү жүрөк-кан тамыр (38,5%), рак (34%), дем алуу органдарынын өнөкөт оорулары (10,3%), СПИД (5,7%) жана диабет (4,6%) өнөкөт ооруларынан жабыркашат. Ошондой эле ПЖ башка дагы ооруларда, анын ичинде бөйрөк жетишсиздиги, боордун өнөкөт оорулары, таралган склероз, Паркинсон оорусу, ревматикалык артрит, неврологиялык оорулар, деменция, тубаса оорулар жана дарыга туруктуу кургак учукта[47] талап кылынышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасындагы ПЖ муктаждыктын көлөмү жөнүндө жүргүзүлгөн баалоонун[48] жыйынтыктары боюнча тыянак чыгарууга болот, анда ПЖ муктаждыкты изилдөө үчүн ар түрдүү усулдар колдонулган: 1) Gomez & Stjernsward/Гомез жана Стернсворд (жалпы өлүм учурларынын 60%); 2) Higginson/Хиггинсон (100% онкологиялык оорулуулар жана 66% башка өнөкөт оорулардан жабыркагандар; 3) Connor S, & Sepulveda C/Коннор С., Сепулведа С. (үч топтогу оорулуулардын ПЖ муктаждыгы: рак, ВИЧ жана онкологиялык эмес күчөгөн оорулар).

Бул ыкмаларды колдонуу Кыргызстанда жыл сайын 19508 кишиден 25265 кишиге чейин ПЖ муктаж болоорун эсептеп чыгууга мүмкүндүк берди. Жүргүзүлгөн баалоонун жыйынтыгы боюнча түзүлгөн корутунду маалыматка ылайык, бейтапка кам көрүүдө адатта, анын үй-бүлөсүнүн эки же үч мүчөсү түздөн-түз катышат.

Бирок кургак учук оорунун өнүгүшүндө турган муктаж адамдарга ПЖ чектелген өлчөмдө көрсөтүлүп келген жана көрсөтүлүп жатат, ал онкологиялык борборлордун алдындагы эки ПЖ бөлүмүндө (Бишкек ш. Улуттук онкология борборунда 25 орун, Ош облус аралык онкология борборунда 10 орун) жана Кеминдеги кургак учук менен ооруган бейтаптарга паллиативдик кам көрүү боюнча ооруканада 60 орун жеткиликтүү.

---

47. Маалыматтык бюллетень. № 402. июль, 2015. http://www.who.int/mediacentre/factsheets/fs402/ru/ сайтында жеткиликтүү

48. Стивен Коннор. Кыргызстан: паллиативдик муктаждыкты баалоо, 2012-ж. http://zdorovie.akipress.org/news.199936. сайтында жеткиликтүү

Кыргызстанда ПЖ үйдө көрсөтүү өнүккөн эмес. Биздин өлкөдө ПЖ үйдө көрсөтүүнүн кеңири жеткиликтүү эместиги бир катар себептер менен шартталган, алардын эң негизгиси, саламаттыкты сактоо муктаждыгы үчүн бөлүнгөн ресурстардын тартыштыгы болуп саналат. Ошондой эле, бейтаптарга алардын дарт белгиси жана оорунун өтүү божомолун кабарлоого карата салттуу тыюу салуу бар, ошондой эле, адамдын оорусу жок жашоого карата укугу тууралуу маалым болушкан эмес. Коомчулукта ооруну сезүү бул оорунун өтүшүнүн ажырагыс бөлүгү деп эсептешет.

БДСУ пикири боюнча, «негизги дарылык каражаттардын типтүү тизмесине» киргизилген медициналык каражаттардын колдо болушун жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо – аң-сезимдүү чара гана эмес, 1961-жылдагы Баңгизат каражаттары жөнүндөгү бирдиктүү конвенцияда каралган юридикалык милдеттенме. Эгерде мамлекет тарабынан медициналык кызмат көрсөтүүгө карата жагымдуу чаралар кабыл алынбаса, же кийлигишүүлөр көрүлбөсө, бул адамдын оорудан ыксыз азап чегүүсүнө алып келсе, мында мамлекет тарабынан ден соолукка болгон укукту бузуу тууралуу гана эмес, кыйноолорго жана катаал мамилеге тыюу салууну бузуу жөнүндө да сөз кылууга болот. (A/HRC/10/44 жана Corr.1, 72-пункт).

Оору менен азап чегүүнү токтото турган көзөмөлгө алынган дарылык каражаттарга жеткиликтүүлүктү камсыздоого жөндөмсүздүк түпкүлүктүү укуктарга коопту: саламаттыкты сактоого жана катаал, адамгерчиликсиз жана адамдык кадыр-баркты басмырлаган мамиледен коргоого коркунуч келтирет. Өкмөт ден соолукка болгон укуктарды сактоо милдеттенмелеринин алкагында милдеттүү төмөнкү ченем катары, баарынан мурда, опиоиддик анальгетиктерди камтыган абдан зарыл дарылык каражаттар менен камсыздоого милдеттүү жана өз калкынын адамгерчиликсиз жана кадыр-баркты басмырлай турган мамиледен коргоо чараларын көрүүгө тийиш.

## САЛАМАТТЫК САКТОО ТУТУМУНДАГЫ РЕСУРСТАР КӨЛӨМҮНҮН ЖЕТИШСИЗДИГИ

### а) Кадрларга муктаждык (медициналык кызматкерлер)

Азыркы учурда Кыргызстанда 6 миллион 256 миңден ашык киши жашайт. Калктын жалпы санынан алып караганда, үйдө паллиативдик жардам көрсөтүүнүн зарыл көлөмүн жана хоспистердеги жана стационарлардагы паллиативдик медициналык бөлүмдөрүндөгү ооруканалык орундарга муктаждыгын божомолдоп көрүүгө болот. Бир күндө 3300 адамга үйдө жана стационарларда паллиативдик жардам көрсөтүү шаарларда жана айыл жергесинде кошумча сандагы медициналык кызматкерлердин болушун талап кылат.

Оорулууларга үйдө жана стационарларда кызмат көрсөтүү боюнча медициналык кызматкерлерге карата муктаждыкты аныктоонун эки жолу бар. Анын бири бейтаптардын орточо санынын божомолуна негизделген, экинчиси – эпидемиологиялык мамилеге – калктын жалпы санына негизделген (Гомездин сунуштамасы).

Үйдө кызмат көрсөтүүгө муктаж бейтаптардын бир күндүк орточо санынан алып караганда, жалпы оорулуулардын санына жараша медайымдар үчүн беш кишиге бир, дарыгерлер үчүн жыйырма беш кишиге бир эквиваленттик толук штаттык бирдиктерди эсептейбиз.

Буга кошумча паллиативдик жардам көрсөтүү үчүн башка категориядагы персонал, социалдык кызматкерлер, тейлөөчү жумушчулар, мануалдык жана башка терапевттер менен айдоочулар сыяктуу адистер талап кылынат. Учурдагы баалоо боюнча, он оорулууга бир кошумча жардамчы эквиваленттиндеги толук штаттык бирдик керек болот.

Ушул сандардан улам, 660 медайым, 132 дарыгер жана бардык түрдөгү 330 кошумча жардамчы персонал керек деп болжолдоого мүмкүн болот.

Калктын жалпы санынын негизинде медициналык кызматкерлерге муктаждыкты аныктоодо төмөндөгүдөй коэффициенттер колдонулат:

Үйдө тейлөө үчүн:

- 100 000 калкка 3 дарыгер;
- 100 000 калкка 12 медайым;
- 100 000 калкка 6 кошумча жардамчы клиникалык кызматкер.

Стационарда тейлөө үчүн:

- 10 стационардык оорулууга 1,5 дарыгер;
- 10 стационардык оорулууга 15,5 медайым;
- 10 стационардык оорулууга 4 кошумча жардамчы клиникалык кызматкер.

Ушул коэффициенттерди колдонуу менен 6 430 000 адамдын санына жараша төмөндөгүдөй тыянак алабыз:

- Үйдө тейлөө үчүн:
  - 163 дарыгер;
  - 652 медайым;
  - 326 кошумча жардамчы кызматкер;
- стационарда тейлөө үчүн (төмөндө көрсөтүлгөндөй 175 орун эсебинен алганда)
  - 26 дарыгер;
  - 270 медайым;
  - 70 кошумча жардамчы клиникалык кызматкер.

АР ТҮРДҮҮ УСУЛДАР МЕНЕН АЛЫНГАН МУКТАЖДЫК БОЖОМОЛУН САЛЫШТЫРУУ

| Калктын жалпы санынын негизинде медициналык кызматкерлерге болгон муктаждык | Бейтаптардын бир күндүк орточо санынын божомолунун негизинде медициналык кызматкерлерге болгон муктаждык |
|---|---|
| 189 дарыгер | 132 дарыгер |
| 922 медайым | 660 медайым |
| 396 кошумча жардамчы кызматкерлер | 330 кошумча жардамчы кызматкерлер |
| **1507 медициналык кызматкерлердин жалпы саны** | **1122 медициналык кызматкерлердин жалпы саны** |

Бул эсептөөлөрдө (божомолдор) администрациялык персоналга муктаждык эске алынган жок. Эгерде аны жогоруда келтирилген медициналык кызматкерлердин жалпы санынын 25% теңдештиргенде, анда алынган санга дагы 280 кишини кошууга туура келет жана жалпы кадрдык муктаждык 1499 кишини түзөт.

Паллиативдик жардам көрсөткөн медициналык топтор адатта, 50 бейтапка чейинки кишини натыйжалуу тейлөөгө жетиштүү болот. Жардам көрсөтүү көлөмүнүн өсүшүнө жараша бирдиктүү администрациялык тутумдун алкагында белгилүү бир географиялык тилкелерге жооп бере турган кошумча топторду түзүүгө болот. 3300 бейтапты күн сайын тейлеш үчүн жыйынтыгында бүткүл өлкөнүн масштабында ушундай 66 топ талап кылынат.

### б) Ооруканалык орундарга муктаждык

Паллиативдик медицинанын стационардык бөлүмдөрүндө же хоспистердеги ооруканалык орундарга муктаждыкты дагы бейтаптардын бир күндүк орточо санынын негизинде баалоого болот, андан соң алынган жыйынтыкты ар бир так күнгө карата стационарда дарыланууга муктаж бейтаптардын санына пайыз менен көбөйтүү керек. АКШ өлкөсүндө бул көрсөткүч хоспистик кам көрүү күндөрүнүн 3% түзөт, бирок ага хосписте турбаган бейтаптарга көрсөтүлгөн паллиативдик жардамдын башка түрлөрү кошулган эмес, аталган эсепти жүргүзүүдө бир көрсөткүчтү 5% деп кабыл алабыз. 5% бейтаптардын бир күндүк орточо санына көбөйтүп (3300), биз 165 оорукана орунун алабыз.

Оорукана орундарына муктаждыкты баалоо боюнча Испанияда колдонулган дагы бир усулда 100 000 калкка 5 орун каралат. Эгерде бул ыкманы пайдаланса, жогоруда келтирилген муктаждык көрсөткүчү 270 орунду түзөт. Кыргызстанда бейтаптардын басымдуу бөлүгү үйүндө каза болоорун жана бул тенденциянын өзгөрүүсүз калуу ыктымалдыгын эске алганда оорулууларга стационарда паллиативдик жардам көрсөтүүгө өзгөчө басым жасоонун кереги жок. Пландоо ишинде стационардагы орундарга муктаждыкты жана калктын болочок өсүүсүн көңүлгө алуу менен бүткүл өлкө масштабында паллиативдик жардам көрсөтүү үчүн азыркы учурда 175 ооруканалык орун керек деп болжолдоого болот.

## ПАЛЛИАТИВДИК ЖАРДАМДЫ ҮЙДӨ КӨРСӨТҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖОЛУ МЕНЕН БЮДЖЕТТИК КАРАЖАТТАРДЫ ҮНӨМДӨӨ

Акыйкатчы аппараты тарабынан эксперттерди тартуу аркылуу «Кыргызстанда калкка паллиативдик жардам көрсөтүүнү уюштуруу жана жеткиликтүү кылуунун көйгөйлөрү»[49] деген темада изилдөө жүргүзүлгөн.

Изилдөө иштеринин негизги маселелеринин бири Кыргызстандагы паллиативдик жардамга жумшалган чыгымдарды изилдөө болгон, жыйынтыгында төмөндөгүдөй корутунду чыгарылган.

Паллиативдик жардам берүү (ПЖ) боюнча үйдө кызмат көрсөтүү эл аралык донорлордун колдоосу менен («Сорос-Кыргызстан» Фондунун «Коомдук саламаттыкты сактоо» программасы) 2013-жылдан тартып башталган. 2012-2016-жылдар аралыгында Кыргызстанда мындай жардамды уюштуруунун укуктук негиздери түптөлгөн, бул калкка медициналык-психосоциалдык кызмат көрсөтүүнүн ушул түрүн сунуштоодогу маанилүү прогресс болуп калды.

Республиканын 3 аймагында жүргүзүлгөн биздин социологиялык сурамжылоо респонденттердин 2/3 ашыгы алардын катуу оорулуу туугандарына паллиативдик жардам көрсөтүүдө көйгөйлөргө кабылгандыгын көрсөткөн. ПЖ көрсөтүүнүн артыкчылыктуу түрлөрүн тандоодо сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү үйдө жардам берүүнү туура көрүшкөн.

Респонденттер эң маанилүү эки көйгөйдү – бул «ПЖ бөлүмдөрүнүн жана хоспистердин жоктугу» жана «адистердин жоктугун» бөлүп көрсөтүшкөн. Ошондой эле, жооп бергендердин баардыгы (98%) калкка ушул жардамды үйдө көрсөткөн кызматты түзүүнүн жана өнүктүрүүнүн зарылдыгын белгилешкен.

Стационардагы экономикалык чыгашаларды изилдөө, бейтаптарга жумшалган олуттуу түз чыгымдар милдеттүү лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөргө байланыштуу экенин көрсөттү, мындай категориядагы бейтаптар үчүн бул негизсиз болуп саналат.

Айына 1 паллиативдик бейтапка стационарда жана үйдө квалификациялык жардам көрсөтүүдөгү экономикалык чыгымдарга жасалган салыштырмалуу анализ, мындай жардамды үйдө көрсөтүү адистештирилген стационарларга караганда 3 эсе арзан түшөөрүн аныктоого мүмкүндүк берди.

Ошентип ПЖ үйдө көрсөтүүнү өнүктүрүүгө бюджеттик каражаттарды кайра бөлүштүрүүнүн реалдуу мүмкүнчүлүгү бар болууда, бул жардам көрсөтүүнүн бир кыйла экономикалык пайдалуу түрү болуп саналат, бейтаптар менен алардын туугандары үчүн дагы артыкчылыктуу болуп эсептелет (Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери калк арасында жүргүзгөн социологиялык сурамжылоого ылайык).

49. http://soros.kg/wp-content/uploads/2018/02/Issledovanie-Problemy-organizatsii-i-dostupnosti-palliativnoj-pomoshhi-naseleniyu-KR.pdf

Стационарда мындай фактор дагы таасир тийгизет: паллиативдик бейтап стационарда кыска убакыт гана жата алат (7-10 күн) жана андан ары ҮМБ же стационарга кезектеги кайрылууга чейин медициналык персоналдын кароосунан тышкары үйдө болот.

Бейтап МДК патронажында турган учурда, бейтап жана анын туугандары байкоого алынган мезгилден тартып медициналык персонал жана психолог менен туруктуу байланышта турат жана бейтаптын көзү өткөнгө чейин жана андан кийин дагы байланыш сакталып турат (бейтаптын туугандарын психологиялык колдоо).

Бул бейтаптын жана анын үй-бүлөсүнүн ҮМБ баруусун, «Тез жардам» бригадасын чакырууну, кеңеш алуу үчүн ар түрдүү адистерди жана кандайдыр бир ийне саюу, манипуляция жүргүзүү ж.б. иштер үчүн медайымдарды үйгө чакырууну кыскартат.

Жыйынтыгында, ПЖ үйдө көрсөтүү мамлекеттик бюджеттин, ошондой эле, бейтаптын үй-бүлөсүнүн каражаттарын олуттуу үнөмдөйт деп тыянак чыгарууга болот.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КҮЧТҮҮ ТААСИР ЭТҮҮЧҮ ООРУ ТОКТОТУУЧУ ДАРЫЛЫК КАРАЖАТТАР ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ УЛУТТУК МЫЙЗАМДАР

Кыргыз Республикасында терминалдык баскычтагы рак жана башка оорулар менен жабыркаган бейтаптарды оорудан жана азап чегүүдөн арылуунун бирден бир жолу болгон оору токтотуучу баңгизат каражаттары менен камсыздоо улам барган сайын курч көйгөйгө айланып бара жатат, буга мамлекет жардам бере алат жана аны камсыздоого тийиш.

Аны менен бирге баңгизат дарылык каражаттарына жеткиликтүүлүк көйгөйү калктын каржылык мүмкүнчүлүгүнө гана эмес, ал каражаттарды сактоо, каттоо, рецепттерди жазып берүү жана колдонулбаган баңгизат каражаттардын калдыктары менен рецепт бланкаларын кайтарып берүүнүн татаал механизмине жана ашыкча регламенттик жол-жоболоруна байланыштуу.

Калк арасындагы ички миграция жогору болгон шартта, баңгизат каражаттарына рецепттерди жазып берүүнү жашаган жери боюнча гана жазып берүү талабы, өлүм алдында жаткан оорулууларды ошол учурда жашап жаткан дареги боюнча оору токтотуучу зарыл каражаттар менен камсыздоого мүмкүндүк бербеген дагы бир чектөөчү тоскоолдук болуп калат. Кыргыз Республикасында баңгизаттык жана психотроптук дарылык каражаттарга муктаждыкты эсептөөнүн эскирген усулдарын колдонуу дагы дарылык каражаттардын жетиликтүүлүгүн жогорулатууга шарт түзбөйт.

Атайын болбосо дагы баңгизаттык жана психотроптук дарылык каражаттарды мыйзамдуу жүгүртүүнү ашыкча татаалдаштыруунун кесепеттерине калк тарабынан өлүм алдында жаткан онкологиялык оорулуу туугандарынын оорусун басаңдатуу үчүн мыйзамсыз героинди аргасыз түрдө колдонуу фактыларын кошууга болот.

# МЫЙЗАМДЫК ТОСКООЛДУКТАР ЖАНА АЛАРДЫ ЧЕЧҮҮ

Бүгүнкү күнү «Баңгизат каражаттары, психотроптук заттар жана прекурсорлор жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кайра карoo баскычында турат жана жумушчу топ тарабынан буга чейин өзгөртүү киргизүү үчүн жаңыланган варианты даярдалган. Азыркы редакцияда баңгизаттарды мыйзамдуу жүгүртүүдөгү бардык көйгөйлөр эске алынган жана жеткиликтүүлүгү боюнча жакшы жылыштар бар.

Мындан тышкары, аталган мыйзамга өзгөртүү киргизүү, 2011-жылдын 5-январындагы «Кыргыз Республикасында дарылык каражаттарга рецепт жазуунун жана аларды чыгаруунун тартибин бекитүү жөнүндөгү» Өкмөт Токтомуна дагы тиешелүү өзгөртүү киргизүүгө мүмкүндүк берет, ошондой эле, 2011-жылдын 18-февралындагы «Кыргыз Республикасында баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду каттоо, сактоо жана пайдалануу тартиби жөнүндө» КР Өкмөтүнүн №54 Токтомуна дагы жумушчу тобунун тиешелүү өзгөртүүлөрү даярдалган.

Ушуга байланыштуу жана терминалдык баскычтагы онкологиялык оорусу бар бейтаптарга медициналык жардам көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында жана саламаттык сактоо мекемелери менен амбулатордук шарттарда баңгизаттарды жана психотроптук заттарды колдонуу менен медициналык жардам көрсөтүү жол-жоболорун жеңилдетүү үчүн жогоруда көрсөтүлгөн укуктук ченемдик актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушталат.

Ошентип, 150дөн ашык мамлекетте, анын ичинде Кыргызстан үчүн «ооруну жана азап чегүүнү жеңилдетүү үчүн» салыштырмалуу арзан жана жогорку натыйжалуу морфий сыяктуу жана башка баңгизат дарылык каражаттары абдан зарыл, бирок алар дээрлик жеткиликтүү эмес деген тыянак чыгарууга болот.

Морфийдин жеткиликтүү болушуна негизсиз тоскоолдук кылган жана аны жоюуну шарттаган факторлор, баңгизаттарды көзөмөлдөө чөйрөсүндө негизсиз түрдө чектөөсү укуктук-ченемдик жөнгө салууну кошот жана андан дагы көп учурда тиешелүү ченемдерди туура эмес чечмелөө, дарылык каражаттар менен камсыздоону уюштуруу чөйрөсүндөгү кемчиликтер, шайкеш эмес инфратүзүм, паллиативдик жардамга жетишсиз маани берүү, медициналык максаттар үчүн опиоиддерди колдонууга карата калыптанган терс пикирлер жана медициналык кызматкерлер үчүн катуу ооруну дарылоо жаатындагы саясатты иштеп чыгуу боюнча чаралардын кабыл алынбагандыгы да кошумча болот.

Ушул маселе боюнча чечим кабыл алынбай турган абал кесепеттерди начарлатууга алып келет. Орусияда онкологиялык оорудан жабыркаган контр-адмирал Вячеслав А. узакка созулган азап чегүүлөрдү токтотуу максатында сыйлыкка берилген тапанчасы менен өзүн өзү атып өлтүрүү учуру белгилүү, ал «Саламаттык сактоо министрлиги менен Өкмөттөн башка эч кимди айыптабоо» өтүнүчү жазылган кат калтырган.

**Сунуштамалар**

**КР Жогорку Кеңешине:**

Улуттук мыйзамдарга паллиативдик жардамды өнүктүрүүгө багытталган жана күчтүү таасир этүүчү дарылык каражаттардын жеткиликтүүлүгү жаатында жумушчу топ иштеп чыккан жана КР Саламаттыктык сактоо министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизилген тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алуу.

**3КР Өкмөтүнө жана КР Саламаттык сактоо министрлигине:**

Паллиативдик жардам боюнча жумушчу топтун ишин жандандыруу (ПЖЖТ).

a) Паллиативдик жардамды өнүктүрүүгө шарт түзө турган учурдагы укуктук-ченемдик базага комплекстүү анализ жүргүзүү.

b) Улуттук мыйзамдарга киргизүү үчүн паллиативдик жардамды өнүктүрүүгө багытталган жана күчтүү таасир этүүчү дарылык каражаттардын жеткиликтүүлүгү жаатындагы тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду иштеп чыгуу.

c) КР Укуктук-ченемдик актыларына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча Жогорку Кеңештин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна сунуш киргизүү.

d) Улуттук саламаттыкты сактоо тутумунун алкагында ПЖ үйдө же стационарда көрсөтүүгө калкты камтууну акырындык менен кеңейтүү маселеси артыкчылыктуу багыты болгон паллиативдик жардамды өнүктүрүүнүн стратегиялык планын иштеп чыгуу сунушталат.

## 3.2. МАЙЫПТЫГЫ БАР АДАМДАРДЫН ЭМГЕК УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ ЖАНА ИШКЕ АШЫРЫЛУУСУ

2018-жылы КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) тарабынан ДМЧАларды эмгекке орноштуруу маселелерин социалдык жана мыйзамдык аспектин талдоого алган социалдык-экономикалык изилдөө жүргүзүлгөн.

Изилдөөнүн предмети болуп, мамлекеттик мекемелер жана менчик уюмдар тарабынан ДМЧАларды жумушка алууда 5% квотаны сактоо маселеси болду.

Ошону менен бирге, учурдагы жагдайды сүрөттөө жана КР Эмгек кодексинин 314, 315 жана 316-беренесинин, ошондой эле «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» КР Мыйзамынын майыптыгы бар адамдардын эмгек укуктарын ишке ашырууну кепилдеген 24, 28 жана 29-беренелерин талаптарынын сакталбашын иликтөө болгон.

Изилдөөнүн индикаторлору ДМЧА кызыкчылыктарын коргоочу жарандык сектордун уюмдары[50], ошондой эле анын курамына Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери, профсоюз өкүлдөрү, КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин кызматкерлери (мындан ары – КР ЭСӨМ), жана жарандык коомдун өкүлдөрү кирген мониторингдик топ тарабынан жүргүзүлдү.

Бекитилген квоталарга статистикалык анализ жумуштуулуктун райондук кызматтарынын маалыматтарынын негизинде, КР ЭСӨМ жана Бишкек, Балыкчы, Чолпон-Ата жана Каракол шаарынын мэриясы тарабынан берилген маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Өткөн жыл менен салыштырганда, Кыргызстанда ДМЧАлардын саны өскөн. Алардын саны 2018-жылдын 1-январына карата 181,4 миң адам, алардын ичинен балдар -29,9 миң адам[51]. Өсүүнүн мындай тенденциясы калктын оору деңгээлинин жана жаракат алуулардын санынын өсүү тенденциясы, медициналык жардамдын жетишээрлик эмес сапаты жана жагымсыз эмес экологиялык чөйрө менен шартталган. Мында, Кыргызстандын эмгек рыногунда ДМЧАларды жумушка орноштуруу жагдайын жагымдуу абалда деп эсептөө мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү КР ЭСӨМ аркылуу жарандардын мындай категориясын жумушка орноштуруу боюнча туруктуу негизде иш алып барат, бирок бул эмгек рыногуна аз эле таасир тийгизет, бул төмөндөгү маалыматтар менен тастыкталат.

Мисалы, 2018-жылы ДМЧАларды жумушка орноштуруу боюнча өлкө боюнча квота мамлекеттик жумуштуулук кызматында билдирилген жалпы 29 миң 683 бош жумушчу орунунун ичинен 601 жумушчу орунду түзгөн.

КР ЭСӨМ маалыматы боюнча, 2018-жылы жумушка орношууга каттоодо турганы 457 адам (анын ичинде 242 аял), белгиленген квота боюнча министрликтин райондук жана шаардык жумуштуулук бөлүмдөрүндө баардыгы 69 адам[52] жумушка орношкон (жылдык квотанын 11,5%ы).

Өлкөдөгү жумушсуздуктун расмий эмес деңгээли майыптыгы бар адамдардын ансыз да жөнөкөй эмес маселесин татаалдантат, алардын көпчүлүгү жумушка орношууга көмөктөшүү кызматынан сырткары эле жумуш издөөгө болгон күч аракетин жумшайт.

Эксперттердин пикири боюнча, өз алдынча жумушка орношуу аракетинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү кишилер тике жана кыйыр кодулоого дуушар болушат, жумуш берүүчүлөр жумуш орунуна мындай талапкерлерге терс мамиледе болушат. Жумуш берүүчүлөр майыптык кызматтык милдеттерин аткарууга түз таасирин тийгизбесе да, көңүлгө алынбашы керек болгонуна карабастан, алардан баш тартууну туура көрүшөт[53].

---

50. "Кыргызстандын эмгек рыногунда майыптыгы бар адамдарды интеграциялоонун жол картасы", «INSPIRED»..
51. КР ЭСӨМ жообу, чыг: : 19-6/355 21.01.2019-ж.
52. КР ЭСӨМ жообу, чыг: 19-6/355, 21.01.2019-ж. 1-январына статистика.
53. "Кыргызстандын эмгек рыногунда майыптыгы бар адамдарды интеграциялоонун жол кар-

3.2.1-таблица

БЕКИТИЛГЕН КВОТА БОЮНЧА МААЛЫМАТ[54]

| | Аймагы | ДМЧА боюнча аныкталган квота | | | Квота боюнча жумушка орношкон ДМЧА саны | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2016 | 2017 | 2018 | 2016 | 2017 | 2018 |
| | **Республика боюнча** | **553** | **690** | **601** | **166** | **150** | **69** |
| **1.** | Бишкек ш. | 105 | 168 | 155 | 0 | 0 | 1 |
| **2.** | Ош ш. | 30 | 34 | 14 | 30 | 4 | 1 |
| **3.** | Ош облусу | 67 | 62 | 51 | 33 | 23 | 18 |
| **4.** | Чүй облусу | 25 | 28 | 21 | 8 | 10 | 0 |
| **5.** | Талас облусу | 101 | 119 | 133 | 42 | 26 | 7 |
| **6.** | Нарын облусу | 15 | 18 | 19 | 2 | 0 | 3 |
| **7.** | Жалал-Абад облусу | 101 | 139 | 88 | 25 | 23 | 12 |
| **8.** | Баткен облусу | 57 | 79 | 94 | 7 | 40 | 6 |
| **9.** | Ысык-Көл облусу | 52 | 43 | 26 | 19 | 24 | 21 |

Маалыматтарды талдоо көрсөткөндөй, өлкө боюнча белгиленүүчү квотанын саны кыскарууда. Ошондой эле белгиленген квота боюнча жумушка орношкондордун саны азаюуда.

2018-жылы жумушка орношуу маселеси боюнча кайрылган 597 ДМЧАнын (анын ичинен 296 аял) жумушка орношкону 174 (76 аял- 29%), алардын ичинен квота боюнча – 69 адам ДМЧА (жалпы квотадагы 601 жумушчу орунунан 11,5%ы). Кесиптик окууга 16% ДМЧА жөнөтүлгөн (98 жумушсуз), 15% (же 94 киши) акы төлөнүүчү коомдук иштерге жөнөтүлгөн[55].

Квоталанган жумуш орундарына ДМЧАлардын жумушка орношуусун анализдөө жана жүргүзүлгөн инспекциянын натыйжалары көрсөткөндөй, уюмдар жана мекемелер тарабынан берилүүчү квоталанган орундарга жумушсуз жүргөн ДМЧАлар дайыма эле жумушка орношпойт. Анын себептери:

- Жумуштуулукка көмөк көрсөтүүнүн аймактык башкармаларына кайрылуучу ДМЧАлардын саны көп эмес;
- ДМЧАлардын жумуштуулук комитетинин аймактык бөлүмдөрүнө кайрылуусунун негизги зарылчылыгы болуп өз балдарына жөлөк пул алуу үчүн зарыл болгон жумушсуз адам деп катталгандыгы тууралуу маалымкат алуу саналат;

тасы", «INSPIRED».

54. Таблица КР ЭСӨМ жана башка мамлекеттик органдардан Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлеринин суроо-талаптарына маалыматтарынын негизинде түзүлгөн.

55. КР ЭСӨМ жообу, чыг: 19-6/355, 21.01.2019-ж.

- кызматка кайрылуучу ДМЧАлар негизинен жогорку же атайын орто билимдерге ээ, ал эми аларга ылайыктуу квота ишканаларда жок;
- ишканалар квотага негизинен жумушчу кесиптерин сунушташат, айлык акысынын көп эмес өлчөмүнөн улам ДМЧАлар сунушталган орундардан баш тартышат, жумуш берүүчүлөр ишканаларда өзгөчө көндүмдөрдүн жана концентрациянын талап кылган иштин өзгөчөлүгүнөн улам ДМЧАларга жогору акы төлөнүүчү позицияларды сунуштабайт;
- ДМЧАларды жумушка орношуусу жумуштуулук кызматына кайрылуусуз –жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу же туугандары, тааныштары аркылуу же кулактандыруулар боюнча ишке ашат;
- көпчүлүк учурларда жумуш берүүчүлөр жогору акы төлөнүүчү позицияларга ишканалардагы иштин спецификасынан улам өзгөчө көндүмдөрдүн, компетенциянын жана концентрациянын болушун талап кылгандыктан майыптыгы бар адамдарга квота берүүдөн баш тартышат.

Улуттук программалардын документтеринде жана сектордук стратегияларда ДМЧАлардын эмгек рыногуна жеткиликтүүлүгү маселесинде алардын жумуштуулугуна көмөк көрсөтүүгө өзгөчө көңүл буруу керек. Улуттук өнүктүрүү программалары, сектордук программалар, атап айтканда, Туруктуу өнүктүрүү стратегиясы жана Кыргыз Республикасынын калкын социалдык коргоону өнүктүрүү программасы жумушка жөндөмдүү курактагы ДМЧАларды эмгекке жөндөмдүү, жигердүү жарандар катары карабастан, мамлекеттик колдоого муктаж жарандардын категориясы катары карайт.

Кырдаал алар майыптыгы бар адамдарды татыктуу акы төлөнүүчү жумуштарга дээрлик кабыл албаган жумуш берүүчүлөрдүн, мамлекеттик ишканаларды кошо алганда позициясы менен да тереңдейт, бул жумушка орношууда бар болгон квота менен толук көлөмдө пайдаланууга шарт түзбөйт.

Майыптыгы бар адамдарга жумушчу орундарын жыл сайын квоталоо боюнча ведомстволордун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын кошо алганда, ишин координациялоону жүзөгө ашыруучу КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Мамлекеттик жумуштуулукка көмөктөшүү органдары ДМЧАларды кесиптик окууга, акы төлөнүүчү коомдук жумуштарга жөнөтөт жана бош орундар жөнүндө маалыматты берет. Бирок, **алар жарандардын дал ушул категориясына кызмат көрсөтүү багыттары начар болуп саналат.**

Мындай бүтүм Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери тарабынан республикабыздын төрт шаарында өткөрүлгөн изилдөөнүн жана мониторингдин жыйынтыктары менен *(мониторингдин жыйынтыктары боюнча түшүндүрмө төмөндө берилет)* тастыкталат.

## ДМЧАЛАРДЫ ЖУМУШКА ОРНОШТУРУУ ҮЧҮН МЫЙЗАМДЫК НЕГИЗДЕР

Кыргыз Республикасы 2019-жылдын 13-мартында Майыптар укуктары жөнүндө конвенцияны ратификациялады.

Майыптардын укуктары жөнүндө конвенцияда (27-берене) майыптыгы бар адамдардын жумушка орношуусу жөнүндө негизги жоболор чагылдырылган. Конвенцияга ылайык, «Катышуучу мамлекеттер майыптардын эмгек укуктарын башкалардын катарында тааныйт; ал эмгеги менен жашоого акча табуу мүмкүнчүлүгүн ДМЧА эркин тандап алган же ал эркин макул болгон, майыптар үчүн эмгек рыногу жана өндүрүштүк чөйрө ачык, инклюзивдүү жана жеткиликтүү болгон катышуучу-мамлекеттер эмгекке укукту ишке ашырууну камсыздашат жана колдоого алышат, анын ичинде эмгек ишмердиги учурунда майыптык алган адамдарга мыйзам тартибинде тийиштүү чараларды көрүүнү колдооого алат».

Муну менен бирге Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдары майыптыгы бар адамдардын эмгекке укуктарын ишке ашыруу үчүн укуктук кепилдиктерди түзгөн. КР Эмгек кодексинин 314-беренеси жана "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө" КР Мыйзамы башка укуктар менен бир катарда ДМЧАларга эмгекке жана жумуш орундарына укуктарды кепилдейт.

Жумуш орундарына укук квоталоо механизми аркылуу ишке ашат. Жогоруда аталган ченемдерге ылайык, ар бир ишкана менчигинин түрүнө карабастан 20дан ашуун жумушчу иштеген ишканада майыптыгы бар адамдарга штаттык сандан 5% квоталанат.

Жумуштуулук боюнча мамлекеттик кызмат органдары коомдук уюмдардын катышуусу менен ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн иштеп жаткандардын санынан (эгерде иштеп жаткандардын саны 20 кишиден кем эмес болсо) 5 пайыздан кем эмес өлчөмдөгү жумуш орундарын квоталоо боюнча нормативдерди иштеп чыгышат, ал эми жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар аны бекитишет. Мында бул нормативдин эсебинен толук эмес жумуш убактысынын шарттарында жумуш берүүгө мүмкүнчүлүк берилет.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн жумуш орундарын квоталоо нормативи жумуш берүүчүлөргө жумуштуулук боюнча мамлекеттик кызмат органдары тарабынан кезектеги календардык жыл башталганга чейин 3 айдан кечиктирбей жеткирилиши керек. Жумуш берүүчүлөр белгиленген квотанын эсебинен ДМЧАларды жумушка орноштуруу үчүн жумушчу орундарын түзүшү керек[56].

Ошондой эле «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» КР Мыйзамы (32-берене) ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын ишкердик ишмердик менен менен

56. КР Эмгек кодекси, 314-берене. «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» КР Мыйзамы 28-берене.

алектенүүсүнүн укуктук негиздерин карайт, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары жекече эмгектенген ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга аталган иш үчүн турак жай эмес жайларды берүү, сырьену алуу жана продукцияны сатуу жагынан зарыл болгон жардамдарды көрсөтүүгө милдеттүүлүгүн көрсөтөт.

Эксперттер белгилегендей, тилекке каршы, колдо болгон ченемдер жана механизмдер "уктаган режиминде" турат, ал бул чөйрөдөгү мыйзамдардагы негизги проблема болуп саналат, аны активдештирүү маселеси ДМЧАлардын экономикалык укуктарын толук көлөмдө ишке ашырууга шарт түзмөк[57].

*(Эскертүү: Мыйзамдын "уктоо режиминдеги" ченеми катары бул изилдөөдө, ал таптакыр иштетилбеген мыйзамдын колдо болгон ченеми эсептелет).*

Ошону менен бирге Кыргызстандын эмгек мыйзамдарында ДМЧАларды жумушка алганы үчүн жумуш берүүчүнү кызыктыруучу ченемдердин жоктугун белгилеп коюу маанилүү. Жумушка орношуулардын санынын көп эместиги биринчи кезекте жумуш берүүчүлөрдүн аларды жумушка алууну каалабаганы менен түшүндүрүлөт, анткени ДМЧАлар үчүн атайын жумуш орундарын түзүү зарыл. Мындан тышкары ДМЧА жумушчу КР Эмгек кодексинин 317-беренесине ылайык, башка жумушчуларга салыштырганда, эмгек акысы бирдей шартта, кыскартылган жумушчу күнүнө жана узак өргүүгө укуктуу. Ошондой эле жумуш берүүчү бир катар милдеттенмелерди сактоого тийиш, ДМЧАлар үчүн шарттарды түзүүсү, жумушчу ордун алардын керектөөлөрүнө ылайыктап жабдуусу керек, бул кошумча финансылык чыгымдарды талап кылат.

Ушуга байланыштуу анда жумуш берүүчүлөр майыптыгы бар адамдарды жумушка орноштурууда мыйзамдарга ылайык мамлекеттен преференцияларды алуусу мүмкүн, ал эми мамлекет ДМЧАларды кароого мамлекеттик бюджетте финансылык жүктөмдү кыскарта турган тутумду түзүүгө тийиш. Мисалы, аларда ДМЧАлар иштеген уюмдардын мамлекеттик кызматтарды алуу үчүн тендерлерге катышуусу үчүн преференциялар (артыкчылыктар) болушу зарыл.

Башка сунуш – квотанын өлчөмүн азыркы 5%дын ордуна 2-2,5%га төмөндөтүү. Анткени тажрыйба көрсөткөндөй 5% квота Кыргызстан үчүн жогорулатылган болуп саналат. 5% ченем 2008-жылы киргизилген болчу, бирок "аракетте эмес" болуп калды. Мисалы, Түштүк Кореяда ушундай эле квота 2,8%, Россияда жүз, же андан ашык жумушчусу бар ишканаларда 4%ды түзөт.

"Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын эмгек укуктарын жөнгө салуучу ченемдер жок.

Акыйкатчы Институту тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, ДМЧАларды мамлекеттик жана муниципалдык кызматка тартуу көп эмес (маалыматтар төмөндө келтирилген).

Мамлекеттик кадр кызматынын (мындан ары - КР МКК же МКК) тийиштүү

57. Изилдөөчүлүк отчет «ДМЧАлардын эмгекке укуктарын мыйзамдын "уктоо режиминдеги" ченемдерин активдештирүү аркылуу ишке ашыруу, эксперт-аналитик Л. Шевченко..

маалыматына ылайык, мамлекеттик жарандык кызматта турган ДМЧАлардын саны 2018-жылы 15873мамлекеттик кызматкердин ичинен болгону 104 адамды түзгөн. Ал эми муниципалдык кызматтагы жалпы 8 484 кызматкерлердин ичинен баардыгы 140 кызматкерди түздү[58]

3.2.2.-таблица

МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАНДЫК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТТАГЫ ДМЧАЛАРДЫН КУРАМЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

| Мамлекеттик жарандык кызматта | Муниципалдык кызматта |
|---|---|
| 2015-жылы – 134 | 2015-жылы – 68 |
| 2016-жылы – 134 | 2016-жылы – 134 |
| 2017-жылы – 160 | 2017-жылы – 160 |
| 2018-жылы – 104 | 2018-жылы – 140 |

“Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат” жөнүндө КР Мыйзамынын 4-беренесинин 4-пунктуна ылайык, мамлекеттик жарандык кызматка кирүүдө Кыргыз Республикасынын жарандарынын жынысына, расасына, тилине, майыптуулугунун болушуна, этностук таандыктыгына, туткан динине, саясий же башка ынанымдарына, тегине, мүлктүк же башка абалына карабастан бирдей жеткиликтүүлүк каралган.

Белгиленип өткөндөй, майыптыгы бар адамдарды жумушка орноштурууга көмөктөшүү жана координациялоо жумуштуулук боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан гана жүргүзүлөт. Мында жумуштуулук боюнча кызматтар мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан майыптыгы бар адамдар үчүн бош кызмат орду болушу тууралуу маалыматты дээрлик сурашпайт, анткени мамлекеттик жана жарандык кызматка орношуу “Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамы менен жөнгө салынат.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кабыл алуу КР МККдан компьютердик тестирлөө аркылуу КР Мамлекеттик кадр кызматы мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка талапкерлерди тандоо боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялоону ишке ашырат[59].

Квота боюнча ДМЧАларды жумушка орноштуруу көрсөткөндөй, бекитилген квота боюнча аларга ылайыктуу жумуш катары, негизинен аз акы төлөнүүчү техникалык персоналдын жумушу сунушталат, жогору же орто билими бар майыптыгы бар адамдар, сунушталган бош орундардан көбүнчөсүн өзүлөрү баш тартышат[60].

Жогорудагылардын негизинде, ДМЧАлар үчүн көбүрөөк ылайыктуу жумуш

58. КР МКК жобу. чыг. №01-309/3028 15.08.2018-ж.
59. “Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамы, 7-берене, 12-бөлүк, 3-пункт
60. КР ЭСӨМ жообу, чыг: 19-6/4768, 30.07.2018-ж.

болуп, алардын билим деңгээлин эске алганда (жогорку билим) мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы жумуш эсептелмек. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө ДМЧАлар үчүн кепилденген квотанын жоктугунан, алар бул эмгек укуктарын толугу менен жүзөгө ашыра алышпайт.

## КВОТАЛОО ТАРТИБИН БУЗУУ ҮЧҮН АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК ЖООПКЕРЧИЛИК

Эмгек мыйзамдарын өркүндөтүү ишке орноштуруу жагындагы көйгөйлөрдү өзүнөн-өзү чечпейт, анткени **колдонуудагы мыйзамдарды канааттандырарлык эмес аткаруу жөнүндө маселе курч турат, бул ДМЧАнын эмгекке укуктарын бузуунун негизги себеби болуп саналат.** Ошол эле учурда майыптыгы бар адамдардын укуктарын ишке ашыруу боюнча учурдагы соттук механизмдер иш жүзүндө колдонулбайт. Анын үстүнө, эмгекке укукту бузуу учурларында соттук териштирүүнүн прецеденттеринин жоктугу тикелей же кыйыр кодулоонун мисалдарынын жоктугу менен эмес, адилеттүүлүктү калыбына келтирүүгө сот тутумунун кудуреттүүлүгүнө ишеничтин жоктугу, кошумча чыгым тартам деп коркуу, мыйзамдарды жана соттук коргоо механизмдерин билбегендик менен байланышкан[61].

ДМЧАлардын эмгек укуктарын ишке ашырууга контролдук кылуу прокуратура органдарына, КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекцияга, ошондой эле, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, шаарлардын мэрияларына, жергиликтүү администрацияларга жүктөлгөн, алар белгиленген квотаны бекитет. Бирок бул тутум мыйзамдын көрсөтүлгөн ченемдеринин аткарылышын туруктуу контролдоо механизми менен камсыз кылынган эмес.

КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын маалыматтары боюнча, 2016-жылдан тартып Мамэкотехинспекцияга ДМЧАлардын эмгектик укуктары бузулгандагы жөнүндө алардан даттануулар келип түшкөн жок. Ошондой эле. 2016-жылдан тартып ДМЧАларга карата эмгек мыйзамдарын бузуу фактылары табылган жок.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын вице-премьер министри А.С. Өмүрбекованын 2018-жылдын 18-майындагы №1738 тапшырмасын аткаруу үчүн Мамэкотехинспекция иш менен камсыз кылуунун райондук башкармалыктары, ЖӨБ органдары жана администрациялар КР Эмгек кодексинин 314-беренесин аткарышын текшерүүнү жүргүздү.

Бул текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча Аламүдүн жана Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрацияларынын жетекчилери 314-беренеге ылайык ДМЧАлар үчүн жумуш орундарын квоталоону өз учурунда жүргүзүүгө милдеттендирилди[62].

---

61. «Майыптыгы бар адамдарды эмгек рыногунда интеграциялоо» жол картасы
62. КРӨ караштуу ЭТКМИнин каты, чыгыш: 12/396, 05.02.2019-ж., 12/2985, 31.07.2018-ж.

Республиканын прокуратура органдары бул багытта айрым иштерди жүргүзүп жатат. 2018-жылдын ичинде республиканын прокуратура органдарына ДМЧАлардын эмгектик укуктарын бузуулар жөнүндө 6 кайрылуу келип түштү. ДМЧАлардын эмгек укуктарынын сакталышын камсыз кылуу боюнча 3 текшерүү жүргүзүлдү, алардын натыйжалары боюнча 390 бузуунун бети ачылды, прокурордук таасир этүүнүн 4 актысы чыгарылды, 61 кызмат адамы жоопкерчиликке тартылды. КР Эмгек кодексинин 314-беренесинин жана «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» КР Мыйзамынын 28-беренесинин талаптарын аткаруу боюнча 11 текшерүү жүргүзүлдү, анын натыйжалары боюнча 19 бузуунун бети ачылды, прокурордук таасир этүүнүн 12 актысы чыгарылды, 8 кызмат адамы жоопкерчиликке тартылды[63].

КР эмгек мыйзамдарынын аткарылышына контролду жана көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдардын ыкмасын өзгөртүү зарыл. Иштеген жарандардын аялуу топтору, атап айтканда, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар артыкчылык болуп калууга тийиш. Кызматкерлердин ушул топтору жагынан КРӨ караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кызматкерлер тарабынан даттануулар келип түшкөнүнө же жоктугуна карабастан, эмгектик укуктар сакталышын жыл сайын текшерүүнү жүргүзүүгө тийиш. Текшерүүлөрдүн натыйжаларын КРӨ караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын расмий сайтына жана жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоо зарыл.

Бүгүнкү күндө ДМЧАлардын эмгектик укуктарын бузуунун бетин ачуучу негизги мамлекеттик орган болуп саналган Кыргыз Республикасынын прокуратура органдары жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн, анын ичинде өткөн жылдардагы текшерүүлөрдүн натыйжаларын КР Башкы прокуратурасынын расмий сайтына жарыялоого тийиш. ДМЧАлардын эмгек укуктары сакталышына туруктуу контролдоо механизмин түзүү прокуратура органдарынан ар жылдагы текшерүүлөрдүн географиясын кеңейтүүнү (бери болгондо республиканын бардык райондорунда); жүргүзүлүп жаткан ар жылдагы текшерүүлөрдүн санын көбөйтүүнү; ДМЧАлардын эмгек укуктарын калыбына келтирүүнүн коомдук мониторингин жүргүзө ала турган коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенүүнү талап кылат.

## МОНИТОРИНГДИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

2018-жылы Акыйкатчы (Омбудсмен) институту ДМЧАлар үчүн белгиленген квотанын жумуштуулук органдары тарабынан сакталышы жана аткарылышы маселелерине мониторинг жүргүздү. Акыйкатчы аппаратынын социалдык-экономикалык жана маданий укуктарды коргоо боюнча бөлүмүнүн кызматкерлери Ош, Балыкчы, Чолпон-Ата жана Каракол шаарларынын мэрияларын, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, райондук салык кызматтарына, шаардык социалдык өнүктүрүү башкармалыктарына жана коомдук уюмдарга жана мамлекеттик мекемелерге барышты.

63. КР Башкы прокуратурасынын жообу, чыгыш: 11/2-3/4919, 20.01.2019-ж..

Мониторинг учурунда изилдөөнүн иштелип чыккан индикаторлоруна ылайык зарыл болгон маалымат чогултулду.

## ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ БОЮНЧА МОНИТОРИНГДИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Мониторингдин жүрүшүндө белгилүү болгондой, ДМЧАлар үчүн жумушчу орундарын квоталоо жыл сайын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан (Балыкчы шаарынын мэриясы, Каракол шаарынын мэриясы жана Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан) аз санда бекитилет. Бул квота жумуштуулук кызматында расмий катталган жумушсуз ДМЧА жарандардын санына жараша бекитилээри менен түшүндүрүлөт (текшерүү учурунда катталган ДМЧАлардын саны белгиленген квотадан көптүгү аныкталды). Ошондой эле жумуштуулук кызматтары квотанын санын ДМЧАларды жумушка алууга даяр болгон уюмдардын тастыктоолорунан аныктайт. Мындай тажрыйба райондук жумуштуулук кызматтары тарабынан акыркы 3 жылда практикаланууда, анткени ашыкча квоталарды белгилеп алган шартта, алар ДМЧАларды жумушка орноштуруу боюнча ар кандай кыйынчылыктарга байланыштуу аларды толтура алышпайт.

3.2.3 - таблица

**2018-ЖЫЛГА ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ БОЮНЧА БАЛЫКЧЫ, ЧОЛПОН-АТА ЖАНА КАРАКОЛ ШААРЛАРЫНДА БЕКИТИЛГЕН КВОТА ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ**

| № | Шаар | Белгиленген квоталардын саны | Жумушка орношкон ДМЧАлардын саны |
|---|---|---|---|
| 1. | **Балыкчы** | 3 | 3 |
| 2. | **Чолпон-Ата** | 2 | 1 |
| 3. | **Каракол** | 2 | 2 |

## БАЛЫКЧЫ ШААРЫ БОЮНЧА

2018-жылы Балыкчы шаарынын мэриясынын «2018-жылга ДМЧАлар үчүн жумушчу орундарын квоталоо жөнүндө» тескемеси менен (2018-жылдын 26-январындагы №11-Т.) квота боюнча 3 орун бекитилген (шаардык ооруkana, шаардык стоматологиялык поликлиника жана жашылдандыруу боюнча муниципалдык мекеме).

Бирок, 2018-жылдын жыйынтыктары боюнча сентябрь айына чейин бекитилген 3 квота боюнча ДМЧАлар таптакыр башка уюмдарга жана мекемелерге жумушка орношкон ( №4 мектеп-гимназиясы– техничка, санэпидстанция – кассир).

Балыкчы шаардык социалдык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан 2018-жыл башталаарга чейин саны 20 жана андан ашуун адам иштеген уюмдарга майыптыгы бар адамдарга жумушчу орундарын квоталоонун зарылдыгы жөнүндө 12 кат жолдонгон. Бул суроо-талапка расмий түрдө 4 га-

на уюм жооп берген. Алардын ичинен 3 уюм ДМЧАларды жумушка алууга даяр экенин тастыкташкан, ал эми 1 ишкана (Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы көрктөндүрүү жана санитардык тазалоо ишканасы) бошорун жоктугунан ДМЧАны жумушка алуудан баш тарткан. Калган 8 уюм аталган суроо талапты жана жооп беришкен эмес. Мында, жумуштуулук боюнча райондук башкармалыгы тарабынан өзүлөрүнүн суроо-талабына тийиштүү көзөмөлдүк жүргүзүлгөн эмес, эскертүү жана түшүндүрмөлөр жүргүзүлгөн эмес. Мониторинг учурунда жумуштуулук боюнча райондук башкармалыктын кызматкерлери жумуш орундарынын квотасы жөнүндө талаптарды аткаруудан баш тартуунун себебин көрсөткөн жоопторду бере алышкан эмес.

## ЧОЛПОН-АТА ШААРЫ БОЮНЧА

Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынын тескемеси менен Чолпон-Ата шаарында[64] болгону 2 квоталанган орун бекитилген («Аврора» пансионаты жана Кумбел айыл өкмөтү). 2 ДМЧА Кумбел айыл өкмөтүнө иштөө үчүн жөнөтүлгөн. ДМЧАларга жумушчу орундарын берүү боюнча Ысык-Көл райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан 23 суроо-талап жөнөтүлгөн. Алардын ичинен болгону 7 жооп алынган. Кумбел айыл өкмөтү жумушка алууга даярдыгын тастыктаган. Калган 16 уюм суроо-талапты четке кагышкан, мониторинг жүргүзүү учурунда калган уюмдар боюнча жооптор болгон эмес.

## КАРАКОЛ ШААРЫ БОЮНЧА

Каракол шаардык мэриясынын тескемеси менен болгону 2 жумуш орду квоталанган[65]. (“Сууканал” муниципалдык ишканасы (мындан ары-МИ)жана Каракол шаардык билим берүү бөлүмү). “Сууканал” МИ жообунда, аларда жумуштун шарттары оор, бирок зарыл шартта жумушчу орун берээрин билдиришкен. “Сууканал” МИге жөнөтүлгөн 2 ДМЧА ал жакта иштөөнү каалаган эмес, андан кийин макулдашуудан кийин «Тазалык» КИге короо шыпыргыч болуп иштөөгө жөнөтүлүшкөн.

## ОШ ШААРЫ БОЮНЧА

3.2.4-таблица

ОШ ШААРЫНДАГЫ БЕКИТИЛГЕН КВОТА БОЮНЧА МААЛЫМАТ

| № | Жылы | Бекитилген квотанын саны | Жумушка орношкон ДМЧАлардын саны |
|---|---|---|---|
| 1 | 2016 | 30 | 21 |
| 2 | 2017 | 34 | 10 |
| 3 | 2018 | 14 | 1 |

64. Чыг. № 114 4-б, 01.01.2018-ж.
65. № 6-р, 12.01.2018-ж.

Мониторинг жүргүзүүдө белгилүү болгондой, 2018-жылдын 1-октябрына карата Ош шаардык жумуштуулук боюнча райондук башкармалыгында Ош шаарында катталган жумушсуз ДМЧАлардын саны 58ди түзөт. Алардын ичине 21 адамды туруктуу жумушка орноштурууга көмөк көрсөтүлгөн, 8 адам убактылуу жумуштарга жөнөтүлгөн. Мындан сырткары 5 адам квалификациясын жогорулатуу курстарына, тигүүчүлүк курсуна жөнөтүлгөн; 1 адам – чачтарачтар курсуна; жана 3 адам – бухгалтердик эсеп жана 1С бухгалтерия курсуна жөнөтүлгөн, негизинен – угуусу, көрүүсү боюнча майыптар, жалпы оорулар майыптары.

Ош шаарынын жумуштуулук кызматы белгилегендей, жумуш берүүчүлөрдүн ДМЧАларды жумушка алуудан баш тартуусунун себептери ДМЧА үчүн ылайыктуу жумуш шартын камсыздоо мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу болуп саналат. Угуусу боюнча майыптыгы бар адамдар адамдар менен иштөө кыйынга турат. Анткени жумуштуулук бөлүмүнүн кызматкерлери да, жумуш берүүчүлөрдүн өзүлөрү да аларга чала алышпайт, колдо болгон бош жумуш орундарын көрүүгө чакыра алышпайт, ал эми жашаган жерине баруу кошумча каржылык чыгымдарды жана адам ресурсун талап кылат, алар жумуштуулук кызматынын бюджетинде жана кадрдык курамында каралган эмес.

*(Маалымат иретинде: 2018-жылдын октябрында интервью учурунда Ош шаардык жумуштуулук кызматында угуусу боюнча 4 ДМЧА катталган, эсепке алынгандан тартып аларга бир да бош жумуш ордун же квалификацияны жогорулатуу курстарын сунушташкан эмес).*

Ошону менен бирге, ишкердик ишмердик менен алектеген ДМЧАлар жөнүндө статистикалык маалыматты алуу максатында Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери аталган шаарлардын салык кызматтарына барышкан.

Тилекке каршы, салык кызматтарында ДМЧАлар боюнча өзүнчө эсеп жүргүзүлбөйт. Салык кызматынын кызматкерлери белгилегендей, эгер жарандар өзүлөрүнүн майыптыгын көрсөткөн шартта, аларга КР Салык кодексинин алкактарында жеңилдиктер берилет.

## МОНИТОРИНГДИН КОРУТУНДУЛАРЫ

Жоопторду иштеп чыгуунун жыйынтыктары көрсөткөндөй, жумушсуз ДМЧАлар квота боюнча максаттуу уюмдарга эмес, башкаларга жолдонот. Квалификациясына ылайык келбегендиктен, ден соолугунун абалы боюнча ДМЧАлар квота боюнча жөнөтүлгөн уюмдардан өзүлөрү баш тартканынан улам, алар андан ары башка уюмдарга жана мекемелерге жумушка орношушат.

Муну менен, Балыкчы, Каракол шаарларынын жана Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясы ДМЧАлар үчүн квоталарды бекитүү жөнүндө өзүлөрүнүн тескемелерин аткаруунун алкактарында талаптагыдай эмес көзөмөлдүк жүргүзүлөт. Атап айтканда, ДМЧАлар квота боюнча жөнөтүлгөн уюмдардын ишине контроль жүргүзүлбөйт.

Жумуштуулук кызматтарында кызмат аркылуу жумушка орношкондордун

эсеби жүргүзүлбөйт. Жумушсуздар, оозеки келишимдин негизинде, жумушка орноштуруу үчүн уюмдарга жөнөтүлөт. Мында алардын уюмдарга жумушка орношуу фактысы (узактыгы жана иштин графиги) андан ары байкоо жүргүзүлбөйт. Эсепке алуу тутумунун жоктугу маалыматтарды анализдөөгө жана жумуштуулук кызматы, жумуш берүүчү жана потенциалдуу жумушчунун ортосундагы өз ара мамилени түзүү процесси боюнча андан ары башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга шарт түзбөйт. Ошондой эле кайра окутууга жөнөтүлгөн жумушсуз ДМЧАлардын эсебин алуу боюнча арткы байланыш жок, алардын курстарды аяктагандан кийин алган кесиби боюнча андан ары жумушка орношуусуна байкоо жүргүзүлбөйт.

**Сунуштамалар:**

**КР Өкмөтүнө:**

1. Жумуштуулукка колдоо көрсөтүү боюнча мамлекеттик саясаттын приоритеттерине ДМЧАлардын жумушка орношуусун жана өз алдынча жумуштуулугун колдоо чараларын кошуу.
2. ДМЧАларды жумушка орноштуруу боюнча КР Мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду демилгелөө, атап айтканда:
   - ДМЧАларды мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматка квота боюнча орношуусуна кепилдиктерди белгилөө;
   - ДМЧАларды жумушка алууда жумуш берүүчүлөргө экономикалык дем берүү боюнча;
   - ДМЧАлардын квота боюнча мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка жумушка орношуусунун кепилдиктерин "Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен белгилөө жөнүндө.

**КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине:**

1. КР Эмгек Кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун КР Өкмөтүнө киргизүү, анда ДМЧАларды жумушка орноштуруу боюнча, атап айтканда, ДМЧАны жумушка алууда жумуш берүүчүгө экономикалык дем берүү жана жумуш берүүчүнүн ДМЧА үчүн жумушчу орундарын жабдууга кеткен чыгымдарын мамлекет тарабынан компенсациялоону кароо;
2. КР ЭСӨМ сайтында жумуштуулукка көмөк көрсөтүү мамлекеттик кызматтары тарабынан бекитилген квотанын аткарылышын көзөмөлдөөнүн жыйынтыктары тууралуу туруктуу негизде маалымдоо;
3. ДМЧАларды жумуштуулукка көмөк көрсөтүү кызматтарына расмий каттоого тартуу жана жумушка жолдонгон ДМЧАлардын анын ичинде окутууга жөнөтүлгөн ДМЧАлардын эсебин алуу боюнча тийиштүү жумушту жүргүзүү.

**КР Башкы прокуратурасына:**

1. ДМЧАларга карата эмгек мыйзамдарынын ченемдерин жүзөгө ашыруунун аткарылышына туруктуу көзөмөлдүктү жүргүзүү;
2. ДМЧАлар үчүн бекитилүүчү квотаны ишке ашыруу механизмине, ДМЧАлардын жумушка орношуусун кошо алганда туруктуу мониторинг жүргүзүү;
3. ДМЧАлар үчүн бекитилген квоталардын аткарылбаган учурларында администрациялык жана башка чараларды колдонуулар тууралуу коомчулукту маалымдап туруу.

**КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясына:**

1. ДМЧАлар үчүн бекитилүүчү квотаны ишке ашыруу механизмине, ДМЧАлардын жумушка орношуусун жана өзүнчө жумуштуулугун кошо алганда туруктуу мониторинг жүргүзүү;
2. Жумуш берүүчүлөрдү мыйзамдагы ченемдин болушу тууралуу укуктук маалымдуулугун арттыруу.

**КР Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик салык кызматына:**

1. Ишкердик ишмердик менен алектенген ДМЧАлардын эсебин туруктуу негизде жүргүзүү.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына:**

1. Жыл сайын бекитилүүчү квоталар боюнча ЖӨБ токтомдорунун аткарылышын көзөмөлдөө;
2. ДМЧАларды жумуштуулукка көрсөтүүчү мамлекеттик органдарда расмий каттоого тартуу боюнча ишти жүргүзүү.

# 3.3. ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН УКУКТАРЫНЫН ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРДӨ САКТАЛЫШЫ

Кыргызстандагы эң көп эмгекчил-мигранттардын саны Россия Федерациясында, Казакстан Республикасында, Түркияда жана Түштүк Кореяда. Чыгып кетүүлөрдүн негизги себеби – экономикалык мотив. Айлык акынын төмөндүгү жана жумушсуздуктун жогорулугу кыргызстандыктарды чет өлкөдөн киреше табууга мажбурлайт. Эмгек мигранттарынын акча которуулары алардын үй-бүлө мүчөлөрүн кедейчиликтин чегинен чыгууга шарт түзөт.

Мында эмгек мигранттарын жөнгө салынган жана жөнгө салынбаган статусу менен деп эки категорияга бөлүү каралган. Мыйзамдык шарттарда өз укуктарын коргой алгандар жана укуктук талаанын алкактарынан сыртта калгандар. Мамлекеттик органдардын күч аракеттери эң оболу, жөнгө салынбаган статустагы мигранттардын санын кыскартууга багытталган.

Бул бөлүмдө эмгек мигранттарынын укуктарынын сакталышына тийиштүү болгон маселелер чагылдырылган: мигранттардын медициналык кызматтарга жеткиликтүүлүгү, «жүк 200дү» жеткирүү менен байланышкан кыйынчылыктар, ошондой эле миграцияда жүргөн балдардын жана жашы жетпеген жарандардын укуктук абалы чагылдырылган.

Кыргыз Республикасы үчүн тышкы миграция улуттук-саясий мүнөзгө ээ. Негизинен, чет өлкөлөргө жумушка жөндөмдүү жаш (20 жаштан 40 жашка чейинки) жарандар чыгып кетишет.

Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 13-беренесинин 1-пунктуна ылайык, «Ар бир адам ары-бери эркин жүрүүгө жана ар бир мамлекеттин чегинде өзүнө жашаган жерди тандап алууга укуктуу.

Ошондой эле, 23-берененин 1-пунктуна ылайык, "Ар бир адам эмгектенүүгө, ишти эркин тандап алууга, адилет жана жагымдуу эмгек шартына жана жумушсуздуктан корголууга укуктуу".


2018-жылы Акыйкатчынын (Омбудсмендин) наамына миграция маселелери боюнча 40 кайрылуу түшкөн. Аларда козголгон маселелер: эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары, виза алуу маселелери, документтерди тикелөө маселелери, жарандык алуу, жаза мөөнөтүн Кыргызстанда өтөө үчүн экстрадициялоо, КР чектеринен сырткары жерлерде соттолуп, жаза мөөнөтүн өтөп жаткандардын кармалыш шарттарына мониторинг жүргүзүү маселелери козголгон.

Эмгек миграциясында КРнын 735 миңден ашуун жараны жүрөт. Бүгүнкү күндө алардын ичинен: Россия Федерациясында – 640 миң, Казакстанда -30 миң, Түркияда -30 миң, Түштүк Кореяда -15 миң, алыскы чет өлкөлөрдүн башкаларында (Европа, АКШ, Жакынкы Чыгыш, Азия) – 20 миңден ашуун[66].

66. Мамлекеттик миграция кызматынан жооп (чыг. №03-15/63, 10.01.2019-ж.).

3.3.1 - диаграмма

МИГРАНТТАРДЫН САНЫ (МИҢ. АДАМ)




Эмгек мигранттарынын болжол менен 56%ы чет өлкөдө жумушка орношуу тууралуу маалыматты өз туугандарынан, тааныштарынан жана кошуналарынан алышкан. Дагы 25%ы бул тууралуу жумушка орноштуруу агенттиктеринен, ал эми 18%ы массалык маалымат каражаттарынан алышкан.

КР Улуттук банкынын маалыматтары боюнча, 2018-жылдын башынан тартып эмгек мигранттары Кыргызстанга 2 миллиард 479,5 миллион АКШ долларын которушкан. Ал эми он айдын ичинде Кыргызстандан башка өлкөлөргө $444,7 миллион которулган. Которуулардын республикага кирген таза агымы 2018-жылдын январь-ноябрь айларында $1 миллиард 798,2 миллион. Каражаттардын 90% дан ашууну Россиядан келип түшкөн – $2 миллиард 203 миллион. Экинчи орунда АКШ турат– $21,8 миллион[67].

Азыркы учурда чет мамлекеттердин аймагында кылмыш жасаганы үчүн Кыргызстандын 1697 жараны жаза мөөнөтүн өтөп жатышат, алардын ичинен эң көбү Россия Федерациясынын аймагында - 1293, Казакстан Республикасында– 241, Тажикстан Республикасында – 34, Өзбекстан Республикасында – 64, КЭР – 17, Түркия – 12, башка мамлекеттерде – 36.

Кыргызстандыктар чет өлкөлөрдөгү түзөтүү мекемелеринде төмөнкү кылмыштарды жасаганы үчүн: баңги каражаттарын мыйзамсыз жүгүрткөнү үчүн (30%); инсандын өмүрүнө, ден соолугуна жана жыныстык кол тийгистигине каршы кылмыштар (32%); менчикке каршы кылмыштар (23%) жазаларын жатышат[68].

Ошол эле учурда бүгүнкү күндө КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМКнын мекемелеринде ар кандай кылмыштарды жасаганы үчүн 367 чет элдик жаран жаза мөөнөтүн өтөп жатышат. Алардын ичинен: Россия Федерациясынын жарандары – 73 адам, Казакстан Республикасынан – 57 адам, Өзбекстан Республикасынан – 121 адам, Тажикстан Республикасынан – 85 адам, Түркия


67. https://24.kg/ekonomika/103414/

68. КР ТИМ маалыматы боюнча (чыг. №13-025/312, 16.01.2019-ж.).

Республикасынан – 9 адам, Кытай Эл Республикасынан – 5 адам жана башка мамлекеттерден – 17 адам жаза мөөнөттөрүн өтөп жатышат[69].

3.3.2 - диаграмма

МИГРАНТТАР КАБЫЛГАН КӨЙГӨЙЛӨР (МИҢ.АДАМ)




Кыргыз Республикасынын мекендештерибизге карата саясаты эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдерине, эл аралык келишимдерге жана КР мыйзамдарына ылайык, ошондой эле адам укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашыруу жана камсыздоо боюнча чет мамлекеттердин мыйзамдарын эске алуу менен мамлекеттик колдоо жана жардам көрсөтүүдө болушу керек.

## МИГРАНТТАРДЫН АБАЛЫ БОЮНЧА ЖАЛПЫ КЫРДААЛ

Кыргызстандын Бажы бирлигине кириши мурда эмгек миграциясында орун алган бир катар олуттуу проблемаларды чечүүгө шарт түздү.

Көптөгөн эмгек мигранттары Россияга кайда, ким болуп иштээрин билбей туруп барышат. Өзүлөрүнө карата мындай жоопкерчиликсиз мамиле, көбүнчөсүн айлыктарын төлөбөөгө же финансылык көз карандылыкка алып келет.

Кыргызстан ЕАЭБге киргенден кийин Россияда жана Казакстанда легалдуу иштеген мекендештерибиздин саны эки эсе өстү, Кыргыз Республикасынан эмгек мигранттары жогору акы төлөнүүчү соодада жана банк чөйрөсүндө жумушка орношо баштады[70]. Экономика министри Олег Панкратовдун сөзү боюнча, Кыргызстандын ЕАЭБге киришинин пайдасы жумушчу күчүнүн эркин жылуусу менен байланышкан[71].

69. КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК жообу (чыг.№100\03-15, 09.01.2019-ж.).

70. КР Жогорку Кеңешинин отурумунда О.Панкратовдун сүйлөгөн сөзүнөн 26.10.2018-ж., https://24.kg/vlast/99850/.

71. https://24.kg/ekonomika/93265/.

Мигранттар албетте, жумуш берүүчү менен түзүлгөн келишимдин негизинде жумушка кирүүгө (статусун легалдаштыруу) кызыкдар. Ал эми ишкерлер үчүн мигранттарды тариздөө (Россия жана Казакстанда) алардын бюджетке чегерүүлөрүн автоматтык түрдө жогорулатат.

Расмий эмгек келишими менен иштеген Кыргызстандык мигранттар, **Борбордук Азиянын башка республикаларынан барган мигранттарга** салыштырмалуу артыкчылыктарга ээ. Атап айтканда, орус тилин билүү боюнча экзамен тапшырышпайт жана Кыргызстандан алган айдоочулук күбөлүктөрү Россиянын айдоочулук күбөлүктөрү менен бир катарда күчүндө болот. Мындан сырткары, аларга жумушка патенттин зарылдыгы жок, эмгек келишими эле жетиштүү болот.

Мында эмгек келишимин түзгөн адамдар, бир жыл бою каттоосун узартпай жүрө алышат (бир жыл өткөндөн кийин мигрант каттоо мөөнөтүн узартууга милдеттүү). Сатуу үчүн товарларды ташып киргенде жана ташып чыкканда бажы алымдары алынбайт. Товар менен чек арадан өтүү жол-жобосу жөнөкөйлөтүлгөн, бир өлкөдөн экинчисине товарларды ташып өтүү ыңгайлуу болуп калды, анткени алымдарды жана жыйымдарды төлөө зарылдыгы алынып салынган.

Эмгек келишими бар мигранттын үй-бүлө мүчөлөрү акысыз медициналык тейлөө (камсыздандыруу) менен камсыздалышкан, алар жалпы билим берүү жайларына, балдар бакчаларына бара алышат. Мындай жеңилдиктер үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнө жайылтылат.

Кыргызстандын жарандары үчүн жылдык каттоого турууга (прописка) төлөө 4000 рубль болсо, башка жарандарга бул кызмат 60 миңден ашат. Бул Кыргызстандын ЕАЭБге мүчө болуп саналганы менен түшүндүрүлөт.

Кыргызстандын жарандарына ошондой эле мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдө жеңилдиктер каралган.

## УКУК БУЗУУЧУЛАРДЫН ИЧИНЕН «КАРА ТИЗМЕНИН» ТҮЗҮЛҮШҮ

Кыргызстандык мигранттардын айрымдары бир катар себептерден улам «кара тизмеге» түшүп калышат: ал өлкөдө болуу мөөнөтү өтүп кеткенде, каттоо эрежелерин бузганда, авто унааларын туура эмес токтоткондо, кээде тыюу салынган жерде тамеки тартканынан да кара тизмеге түшүшөт[72].

2018-жылдын октябрында эки мамлекеттин мамлекет башчыларынын деңгээлинде жетишилген кыргыз-россиялык келишимин жүзөгө ашыруунун алкактарында, КР жарандарынын айрым категорияларына РФ тараптан преференцияларды берүү чечими кабыл алынган. Атап айтканда, РФтин аймагына кирүүгө чектөө коюлгандарга жана РФтин аймагында миграциялык мыйзамдарды бузуу менен жүргөндөргө аларды Россияда легалдаштыруу мүмкүнчүлүгү берилген. Башында “кара тизмедегилердин” саны 106 029

72. http://tass.ru/mezhdunarodnaya-panorama/3359747.

адам болсо, 2018-жылдын аягында алардын саны азайып, 65 532 адамды түзгөн.

Миграция кызматынын жана Кыргызстандын Россиядагы Элчилигинин чогуу аракетинин натыйжасында, «кара тизмеден» кыргызстандык 100 миң адам чыгарылган.

ЕЭКтин алдындагы миграциялык маселелер боюнча Консультативдик комитетинин алкактарында, 2017-жылдын 28-сентябрында бир календардык жылдын ичинде бештен аз административдик бузууларга жол койгон жарандарды ЕАЭБдин мүчө-мамлекеттеринин чегинен сырткары административдик чыгарып салуу чараларын колдонбоого шарт түзүүчү ченем долбоору каралган.  Мындай демилге ЕЭКтин алдындагы ЕАЭБ жөнүндө Келишимдин жоболорун жакшыртуу боюнча жыйынтыктоочу жумушчу тобуна берилген[73].

Кыргызстандын акча иштеп келүүгө чыгып кеткендердин 60%га жакыны Россия Федерациясында эмгектенишет. Россияда негизинен кыргыз эмгек мигранттары иштеген аймактар болуп, биринчи кезекте, Москва шаары (191 963 адам) жана Москва облусу (95 556 адам), Оренбург облусу (68 408 адам), Санкт-Петербург (28 419 адам). Андан ары Новосибирь облусу (31 319 адам), Краснояр крайы (11 335 адам) жана Свердлов облусу (21 535 адам)[74].

Тилекке каршы, КР жарандарынын ичинде чет мамлекеттердин аймактарында жүргөн жана чек араны мыйзамсыз кесип өтүү, экономикалык кылмыштар, контрабанда, баңги заттарын мыйзамсыз жүгүртүү, киши өлтүрүү, зордуктоо, ден соолукка атайылап оор зыян келтирүү, карактоо, тоноо, уурдоо сыяктуу кылмыштар үчүн ж.б. кылмыштар үчүн соттолгондор бар.

Мында чет мамлекеттин компетенттүү органдарынын ичинен айрымдары КРнын чет өлкөдөгү мекемелерине эркинен ажыратуу жайларындагы Кыргызстандын жарандары жөнүндө маалыматтарды беришпейт. Россия Федерациясында 1293 адам (анын ичинен 30% - баңги каражаттарын мыйзамсыз жүгүртүү чөйрөсүндөгү кылмыштар үчүн) эркинен ажыратылган.

Башка мамлекеттерде соттолгон КР жарандары боюнча маалымат: Казакстан Республикасында – 241 адам, Өзбекстан Республикасында – 64, Тажикстан Республикасында– 34, Кытай Эл Республикасында – 17, Түркия Республикасында – 12, Беларусь Республикасында – 10, Германия Федеративдүү Республикасында – 10, Бириккен Араб Эмиратында – 4, Украинада – 3, Корея Республикасында – 2, Афганистан Ислам Республикасында – 2, Италия Республикасында – 1, Америка Кошмо Штаттарында – 1, Индонезия Республикасында – 1, Таиландда – 1, Молдова Республикасында – 1. Баардыгы – **1697 адам**[75].

---

73. КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматы тарабынан иштелип чыккан сунуштамалар.
74. КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын 2018-жылдын январь-сентябрына маалыматы (чыг. № 03-15/63, 10.01.2019-ж.).
75. КР ТИМ маалыматтары боюнча (чыг. №13-025/312, 16.01.2019-ж.).

2018-жылы Кыргыз Республикасына экстрадицияланган жарандардын жалпы саны 143 адамды түздү. Алардын ичинен кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн – 68, жаза мөөнөтүн андан ары өтөө үчүн Кыргызстанга экстрадициялангандардын саны[76]– 75.

## МЕДИЦИНАЛЫК КЫЗМАТТАРГА ЖЕТҮҮ УКУГУ[77]

Эмгек мигранттарына медициналык тез жардам жеткиликтүү жана алар анын кызматынан пайдалана алышат. Дарыгерге башка ар кандай кайрылуу камсыздоо полиси аркылуу же дарыгерге акы төлөө аркылуу мүмкүн.

Ыктыярдуу медициналык камсыздоо (мындан ары - ЫМК) – бул камсыздандыруунун тандалган программасында медициналык кызматтарды алууну камсыздоочу ыктыярдуу медициналык камсыздоо – алар боюнча чыгымдарды камсыздандыруу компаниясы компенсациялайт.

Бирок ЫМКны Кыргызстандын мигранттарынын 10%дан ашуун эмеси гана алат. Кыргызстандыктардын өз укуктарына жана эркиндиктерине мындай мамилесинин башкы себептери болуп: мурда акысыз болгон кызматтарды төлөөгө даяр эмес; жамааттык камсыздандыруу тутумуна ишенбөөчүлүк; өзүнүн ден соолугу үчүн кам көрүүнүн жоктугу; жаштык курак; ЫМК алууга мигранттардын айрым бөлүгүнүн акчасынын жетишсиздиги.

Акча табуунун аракетинде мекендештерибиз өзүнүн ден соолугунан аянат, дарыгерлерге чанда гана кайрылышат. Көпчүлүгү курч респиратордук вирустук инфекция (КРВИ), сасык тумоо жана кулак, мурун, тамак ооруларынан өз алдынча, дарыгерлердин консультациясыз дарыланышат. Анын натыйжасында, ден соолуктун начарлоосуна алып келип оорулардын өнөкөт жана жабык түрүнө өтүп кетет.

Жеке менчик медициналык борборлордо КРдан барган эмгек мигранттарында кургак учук, АИЖ (ВИЧ), жыныстык жол менен жугуучу инфекциялар аныкталган. Бардык инфекцияларга чалдыккандарга үйгө кайтуу жана кимдер менен алакада болсо, алардын баарынын ден соолуктарын текшерүү сунушу берилген. Бирок, медициналык коштоонун, инфекцияга чалдыккан КР жарандарын контролдоо, алар тууралуу маалыматтарды кыргызстандык же россиялык саламаттык сактоо органдарына өткөрүп берүүнүн эч кандай механизмдери жок.

Мигранттарга көңүл буруп, алардын медициналык жардамга муктаждыктары боюнча алектенүү зарыл. Мигранттардын ден соолугу үчүн тобокелчиликти азайтуу боюнча даректүү иш чараларды өткөрүү зарыл жана «мигранттарга багытталган» кызматтардын программаларын жайылтуу жана күчөтүү, б.а. маданий, диний, тил жагынан жана гендердик керектөөлөрүн эске алуу менен жардам көрсөтүү жана мигранттарга алардын саламаттык сактоосунун улуттук тутумуна кандай мамиле кылуу тууралуу сунуштамаларды берүүгө тийиш.

76. КР Башкы прокуратурасынын маалыматы боюнча. чыг. №16-6-19 (64), 28.01.2019-ж.
77. Бул бөлүк КР Акыйкатчы аппаратынын изилдөөсүнүн негизинде даярдалган.

Андан тышкары, мигранттардын медициналык тейлөөлөргө адилеттүү жеткиликтүүлүгүн камсыздоо милдети турат. Ар бир системанын уюмдашуусуна жана каржылоого жараша саламаттык сактоонун ар бир тутумуна ар кандай мамиле болушу мүмкүн.

Анын максаты калктын ансыз да экономикалык алсыз болуп турган тобуна каржылык коргоо механизмдерин киргизүү болуп саналат. Алардын укуктук статусу медициналык тейлөөгө жеткиликтүүлүктөн ажыратылган мигранттар чыккан өлкөнүн, же кайтып баруучу өлкөнүн, транзит жана келүүчүнүн, өзгөчө убактылуу мигранттар жана документтери жок убактылуу мигранттарды, же легалдуу эмес мигранттар келген өлкөлөрдүн ортосунда туруктуу медициналык камсыздандырууну камсыздоо жөнүндө маселени кароо зарыл.

Оорулардын же жаракаттардын алдын алуу үчүн тобокелдиктин жогорку деңгээлинин секторлорундагы эмгек шарттарын кайра уюштуруу (реорганизациялоо) керек, ошондой эле медициналык тейлөө жана окутуу процессинде маданий салттарды эске алуу, көп түрдүү өндүрүштүк чөйрөдө техникалык коопсуздук маселелери боюнча маалымдоо зарыл. Эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн арасында иштеген жери жана жашаган жери боюнча медициналык тейлөөнү жана медициналык-санитардык агартууну жолго коюу керек.

ЕАЭБдин миграция проблемалары менен туш болгон мүчө-мамлекеттеринде мигранттардын ден соолугунун абалын жакшыртуу стратегиясын калыптандыруу жана ишке ашыруу зарылдыгы өсүүдө. Конкреттүү өлкөлүк иш чараларды аймактык жана глобалдык стратегиялар менен толуктоого мүмкүн. ЕАЭБдин Өкмөттөрү саламаттыкты сактоо, жумуштуулук жана миграция чөйрөсүндөгү улуттук чаралар менен макулдашкандыкты камсыздоого тийиш.

Ошондой эле алар чыккан же кайтып келген, ошондой эле келген өлкөдөгү мигранттар иштегенге чейин, иштин жүрүшүндө жана иштегенден кийинки мезгилдеги алардын ден соолук үчүн залакаларын баалоо жана кесиптик тобокелчиликтерге каршы туруу үчүн өлкөлөр ортосундагы кызматташтык талап кылынат.

Мигранттардын ден соолугу менен байланышкан коомдук тобокелчиликке, «ден соолугу начарлаган» эмгек мигранттарынын санынын өсүшү, алардын өз жергесине дарылануу жана калыбына келүү үчүн кайтып келгендердин саны өсүүдө. Кабыл алуучу коомдордо мигранттардын топторунда иммунитеттин начарлашынан, начар тамактануудан, жашоонун медициналык-санитардык шарттарынын жана социалдык обочолонуудан улам социалдык-коркунучтуу оорулардын жайылтылуу коркунучу өсөт.

Белгилеп коюу керек, мигранттардын арасында кургак учук менен күрөшүү маселелери чечилбей келүүдө жана Борбордук Азия өлкөлөрүндө кургак учукту чек аралар аралык көзөмөлдөө боюнча аракеттердин планы аткарылбай жатат.

Мигранттардын саламаттыгын сактоо жана медициналык тейлөө саясаты ар кайсы өлкөлөрдө полюстар арасында мигранттарды акысыз медициналык жардам укугу менен камсыздоо жана мындай укукту чектөө боюнча кыйла айырмаланат.

Жогоруда баяндалгандардан азыркы шарттарда мигранттарга медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуунун маанилүү аспектилери болуп калк менен үзгүлтүксүз байланышта болуу, мигранттардын керектөөлөрүн жана проблемаларын эске алуу, бул проблеманы жалпы мамлекеттик жана аймактык деңгээлдерде бул проблеманы көтөрүү болуп саналат деген тыянак чыгарууга болот.

## ЭМГЕККЕ УКУК

*Тышкы мигранттарды жумушка орноштуруу жана барган өлкөсүндө жумуш издөө*

Тилекке каршы, биздин эмгек мигранттарыбыздын укуктары көбүнчөсүн жумуш берүүчүлөр тарабынан бузулат. Мигранттар өз эмгеги үчүн эмгек акыны өз убагында ала алышпайт, айрым учурларда иш берүүчүлөр мигранттар иштеп тапкан акча каражатын берүүдөн таптакыр баш тартышат.

КР миграция кызматынын маалыматы боюнча 2017-2018-жылдары Россиянын жумуш берүүчүлөрү Кыргызстандын 2007 эмгек мигрантына 98 млн. 611миң 515 рубль суммасындагы акча каражаты карыз болуп калышкан. 2018-жылы жүргүзүлгөн иш чаралардын (141 ордуна баруулар, суроо-талаптар, сүйлөшүүлөр, кат жазышуулар) натыйжасында, жогоруда аталган жарандарга  46 млн. 137 миң рубль төлөнгөн. Ыктыярдуу тартипте карызын төлөөдөн баш тарткан үч жумуш берүүчүгө карата Россиянын тергөө органдары тарабынан кылмыш иштери козголгон.

Келип түшкөн кайрылууларга талдоо жүргүзүүдө аныкталгандай, Кыргызстандын жарандарынан түшкөн кайрылуулардын болжол менен 90%ы аларга эмгек акыларды төлөбөө менен байланышкан. Ошону менен бирге КР жарандарынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо максатында РФ мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү: Россэмгек, РФ Тергөө комитети (РФ ТК), РФ ИИМ Миграция маселелери боюнча башкы башкармалык (РФ ИИМ ММББ), Федералдык коопсуздук кызматынын Чек ара кызматы (ФКК ЧК) ошондой эле РФ Омбудсмени менен жолугушуулар болуп турат.

Аталган проблема боюнча Акыйкатчы (Омбудсмен) аппараты бир нече арыздарды караган.

3.3.1-мисал.

КР алдыңкы ММКларынын кабарлоосу боюнча белгилүү болгондой, Кыргыз Республикасынын 13 жаранын РФ Рязань облусунда алардын эркине каршы кармап турушкан.

Рязань шаарынын Москва районунун «Февраль» жоопкерчилиги чектелген коому (ЖЧК) тарабынан түзүлгөн келишимде эмгек күнүнүн ченемдери:

12 сааттык жумуш күнү 08:00 дөн 20:00гө чейин, айлык акыны айына эки ирет төлөө, акысыз тамак аш, медициналык камсыздоо, акысыз турак жай көрсөтүлгөн.

Бирок эмгек келишиминин бул шарттары сакталган эмес, жумуш күнү 12 саат эмес, кыйла көпкө (08:00-04:00) созулган. Акысыз тамак менен камсыздашкан эмес, түшкү тамакка болгону 40 минута бөлүшкөн жана ушул кыска убакытта өзүлөрүнө түшкү тамак да даярдап үлгүрүүлөрү керек эле түшкү тамактануунун убагында үлгүрбөгөндөргө 5 миң рубль айып пул салышкан. Медициналык камсыздоо талаптагыдай деңгээлде болгон эмес, эмгекке акы төлөө көрсөтүлгөн учурларда жүргүзүлгөн эмес.

Кыргызстандыктардын айтымдарында, эмгек шарттары бузулган, жумуштун шарттары келишимде көрсөтүлгөндөргө шайкеш келген эмес. Жумуштун оор шарттарынан, ар качанкы басмырлоолор жана мазактоолордун айынан көптөгөн жумушчулардын көпчүлүгү бул келишимди токтотууну каалаган, бирок жумуш берүүчүлөр алардын паспортторун алып коюп, аларды күч менен кармап турушкан, айлык акыны ар кандай шылтоолор менен төлөшкөн эмес, натыйжада көпчүлүк жумушчулар анын негизги эмгек ишмердүүлүгү тигүү цехи жана трикотаж текстиль өндүрүшү болгон «Февраль» ЖЧКдан качууга аргасыз болушкан.

КР Акыйкатчы Институту тарабынан бул маселе боюнча Россия Федерациясынын Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Т.Н. Москальскованын наамына, Россия Федерациясынын ИИМ Рязань облусу боюнча Башкармалыгынын башчысы, юстициянын полковниги С.Н.Лебедевдин наамына, Россия Федерациясынын Рязань облусунун Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Н.Л. Епихинанын наамына суроо-талап жөнөтүлүп, аталган фактыда Россия Федерациясынын Кылмыш жаза кодексинде каралган азыркы кулчулуктун формалары орун алган фактысы боюнча кылмыш ишин козгоо максатында тийиштүү ыкчам-тергөө иш чараларын өткөрүүнү жана аталган фактыны өз көзөмөлүнө алууну суранган.

Рязань облусунун прокуратурасынан 2018-жылдын 12-июлунда алынган жооптон көрүнгөндөй (кириш №5707), «Февраль» ЖЧКнын директору В.С. Стаценкого Кыргыз Республикасынын жумушчулары эмгек келишимин бузуу маселеси боюнча кайрылышкан. Стаценко В.С. аларга өз арызынын негизинде жумуштан бошоо тууралуу арыз жазууну сунуштаган, алар бул сунуштан баш тартышкан. Кийинки күнү 9 жумушчу белгисиз багытка кетип калышкан, алар ишканага кайра келишкен эмес, ошол себептен алар менен толук эсептешүүнү жүргүзүүгө мүмкүн эмес.

Жүргүзүлгөн текшерүү көрсөткөндөй, «Февраль» ЖЧКсы менен жумушчулардын ортосундагы эмгек келишиминде РФ Эмгек кодексинин 57 жана 108-беренелерин бузуу менен бир катар милдеттүү шарттар каралган эмес, анын ичинде жумуштун башталышы жана жумуш орду, эс алуу жана тамактануу үчүн убакыт жана тыныгуунун узактыгы, ар жылдык эмгек өргүүсүнүн узактыгы көрсөтүлгөн эмес.

Бул арыздар боюнча текшерүүнүн материалдары, 2018-жылдын 21-мартында Россиянын Тергөө комитетинин тергөө башкармалыгынан

Рязань шаарынын Москва районунун МТОго тергөөгө караштуулугу боюнча берилген. Мындан тышкары, Рязань шаарынын Москва райондук тергөө бөлүмүнө РФ КЖКнын 127.2-беренесинде каралган кылмыштын (кулчулук эмгекти пайдалануу) белгилери боюнча материал түшкөн.

РФ Жазык-процесстик кодексинин 144, 145-беренелеринде каралган тартипте жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгында, Рязань шаарынын Москва МСО жетекчисинин орун басары Г.К. Коновалов тарабынан 2018-жылдын 18-апрелинде РФ КЖКнын 145.1 жана 127.2-беренелери боюнча РФ ЖПКнын 24-беренсинин 1-п. негизинде кылмыш иштин курамы жоктугуна байланыштуу кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.

Бул маселеге КР Акыйкатчы аппаратынын кийлигишүүсүнөн кийин бардык эмгек мигранттарына тийиштүү айлык акылары төлөнүп берилген, бирок Росиянын укук коргоо органдары РФ мыйзамдарын одоно түрдө бузган жумуш берүүчүлөрдү жазалоодон баш тартышкан.

2018-жылдын жыйынтыктары боюнча Мамлекеттик миграция кызматынын Россиядагы өкүлчүлүгүнө жумуш берүүчүлөрдүн эмгек акыны төлөбөгөндүгү боюнча даттануулар менен 260 адам кайрылган. Бул даттанууларды карагандан кийин жумуш берүүчүлөр тарабынан 61,3 млн рубль  төлөнүп берилген.[78]

## КАЗА БОЛГОН МИГРАНТТАРДЫ КЫРГЫЗСТАНГА АЛЫП КЕЛҮҮ («ЖҮК-200»)

КР Өкмөтүнө караштуу миграция кызматынын маалыматтарына ылайык, 2017-жылы Кыргыз Республикасынын жарандарынын сөөгүн Мекенге ташып келүү үчүн транспорттук чыгымдарды төлөө боюнча 52 материал келип түшкөн. Миграция кызматы тарабынан 51 иш боюнча жалпы суммасы 1 млн.176 миң 579 сом өлчөмүндө компенсациялык төлөөлөрдү жүргүзүү чечими кабыл алынган.

2018-жылы Кыргызстандын чектеринен сыртта жүргөн 215 мекендешибиз каза болгон. Ал эми мамлекеттик миграция кызматына кыргызстандык каза болгон жарандарды Мекенине кайтарууга финансылык колдоо көрсөтүүнү суранып, 199 кайрылуу түшкөн.  Алардын ичинен 178 адам – Россияда, 10 – Түркияда, 3 – Казакстанда, 3 – Кореяда жана кыргызстандык бирден киши Италияда, Кытайда, Швецияда жана БАЭде каза болгон.

Айрымдары жарандардын сөөгүн репатриациялоо боюнча бир жолку төлөм берүүнү суранып мамлекеттик органдарга кайрылышпайт, «жүк 200»дү өз каражатына алып келишет. Каза болгон эмгек мигрантары курулуш, турак жай коммуналдык чарбаларында, соода, кызмат көрсөтүү, өнөр жай тармагында эмгектенишкен.

78. http://kg.akipress.org/news:1492268/

6 учурда төлөөдөн төмөнкү себептер боюнча баш тартылган: 1 материал боюнча акы төлөөнү тастыктаган документ жоктугуна байланыштуу баш тартылган; 1 материал боюнча –төлөм документи иш берүүчү тарабынан жүргүзүлгөндүктөн; 1 материал боюнча – каза болгон киши Кыргыз Республикасынын жараны болбогону үчүн; ал эми 3 материал боюнча кайрылуунун мөөнөтү өткөнүнө байланыштуу баш тартылган.

«Кыргыз Республикасынын чет өлкөдө кайтыш болгон жарандарынын сөөгүн репатриациялоо боюнча чыгымдарга бир жолку төлөм берүүнүн тартиби жөнүндө» Нускамага ылайык, төлөмдөр 191 материал боюнча жалпы суммасы 8 млн. 884 миң 746 сом[79] төлөнгөн.

2016-жылы 171 сөөк болсо, 2017-жылы -238 сөөк (анын ичинен 216сы-Россиядан) келген.

Бүгүнкү күндө аракеттеги мыйзамдарга ылайык, чет өлкөдө курман болгон же каза болгон эмгек мигрантын Мекенине ташып алып келүү үчүн мамлекет 50 миң сом акча бөлөт[80].

Москвадагы КР Элчилигинин өкүлдөрү маалымдагандай, курман болгон же каза болгондордун сөөгүн ташып келүү 25 миңден 250 миң рубльга чейин жетет. Каза болгондун туугандары үчүн мындай суммалар көбүнчөсүн көтөрө алгыс болгондуктан, жердештер чогулуп, акча жыйнашат.

Соңку мезгилде кыргызстандыктардын көпчүлүгү Якутияга же Сахалинге иштөөгө кетишет. Кыргызстандыктардын сөөгүн ал жактан ташып келүү 150-200 миң сомго жетет.

Кыргызстандын ЕАЭБге кириши менен ар кандай артыкчылыктарга ээ болгонуна карабастан, бул цифралар расмий статистика менен айырмаланат, анткени потенциалдуу мигранттардын баарысы эле миграциянын негизги өлкөсү болуп саналган Россияда легалдуу катталышкан эмес. Ошол себептен сөөктү ташып келүүгө байланышкан көптөгөн чыгымдан сырткары да каза болгон мигранттын үй-бүлөлөрү тууганынын сөөгүн чек арадан алып өтүү үчүн аны легалдаштыруу маселелери менен алектенүүгө туура келет.

Кээде акча каражатынын жоктугунан каза болгондордун сөөгү бир айга чейин кармалып калган учурлар болот. Кыргызстандын жарандарын колдоо боюнча социалдык программанын алкактарында Мекенинде көмүү үчүн «жүк 200дү» бардык туруктуу маршруттарда ташуу акысыз болуп саналат. Мурда алар 50% жеңилдик менен ташылчу.

Мындан башка да «жүк 200дү» жөнөтүү үчүн зарыл болгон документтердин санын кыскартуу тууралуу маселе көтөрүлүүдө. Тийиштүү документтер чогултулганга чейин убакыт өтө берет, адамдардын сөөктөрү өлүкканада жатат, ошол себептен өлүккана кызматы үчүн акы өсө берет.

79. КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын маалыматы (чыг.№ 02-16/374, 01.02.2019-ж.).

80. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому 2018-жыл, 16-май №236.

Транспортто ташуу үчүн тарифтер Москва шаардык зыйнат (ритуалдык) кызматынын сайтында көрсөтүлгөн. Мисалы, Москвадагы «Домодедово» аэропортунан Бишкекке сөөктү жеткирүүнүн наркы 37 миң рублди түзөт, милдеттүү түрдө коштоо (бул Москвадан Бишкекке чейинки билеттин баасы дагы 9-15 миң рубль) жана «Шереметьево» аэропортунан коштоосуз жөнөтүү 50 миң рубль. Бул суммага «Жүк 200дү ташуунун наркы, цинк ящик, аэропортко чейинки транспорт, аэропортто документтерди тариздөө кирет. Сметага табыттын наркы жана бальзамдоо кошулган эмес (ар бир өлүккана-да баасы ар кандай).

Белгилеп коюучу жагдай, Россияда курман болгондордун же каза болгон-дордун сөөгүн Мекенине транспортто ташуу КР Өкмөтү тарабынан оң че-чилген, «жүк 200» кыргыз авиа ташуучулары тарабынан акысыз жеткирилет.

Буга атайын «Кыргыз Республикасынын чет өлкөдө кайтыш болгон жаран-дарынын сөөгүн репатриациялоо боюнча чыгымдарга бир жолку төлөм берүүнүн тартиби жөнүндө»[81] Нускама күчүндө болот.

Эмгек мигранттары, буга байланыштуу өкмөттүн нускамасы болгонуна ка-рабастан анын аракетинин чөйрөсүн кеңейтүүнү жана транспорттук чы-гымдардан тышкары да чет өлкөдө курман болгон же каза болгон эмгек мигранттарын Мекенине жөнөтүү боюнча башка чыгымдарды төлөөнү бий-ликтен суранышат. Ошондой эле мамлекет алардын чет өлкөдө болгон ста-тусуна карабастан өз жарандарынын проблемаларын чечүүгө тийиш деп суранышат. Мамдлорнек2лекет чыгымдын ордун толтуруп келген, бирок баарысына эмес.

Нускамага ылайык, чет өлкөдө кайтыш болгон жарандардын сөөгүн ре-патриациялоо боюнча чыгымдарга бир жолку төлөмдү 500 минималдуу эсептик көрсөткүч (50 миң сом) өлчөмүндө каралган. КР Финансы министр-лигине чет өлкөдө каза болгон мекендештерибиздин сөөгүн Кыргызстан-га алып келүү менен байланышкан чыгымдарды компенсациялоо үчүн КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын маалыматтык-кон-сультациялык борборуна  10 миллион сом өлчөмүндө кошумча каражат та-буу тапшырылган. Чет өлкөдө кайтыш болгон жарандарынын сөөгүн ре-патриациялоо боюнча чыгымдарга бир жолку төлөмдү алуу үчүн зарыл болгон документтерди тариздөө минимумга чейин кыскартылган.

Бир жолку төлөмдү алууга жакын туугандарынын бири, же чет өлкөдө каза болгон КР жаранынын сөөгүн Кыргыз Республикасына транспорттоо менен түздөн-түз чыгым тарткан адам алууга укуктуу.

Алуучу бир жолку төлөмдү алуу үчүн маалыматтык-консультациялык бор-бордун (МКБ) директорунун атына 2 түрдүү арыз берет:

- Чет өлкөдө кайтыш болгон жарандардын сөөгүн репатриациялоо боюнча чыгымдарды компенсациялоо боюнча бир жолку төлөмдү алууга арыз;

81. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 16-майындагы №236 токтому менен бекитилген.

- Чет өлкөдө кайтыш болгон жарандардын сөөгүн транспорттоону жүзөгө ашыруу үчүн бир жолку төлөмдү алууга арыз.

МКБ арызды алгандан кийин берилген документтердин тууралыгын, толуктугун үч жумушчу күндүн ичинде арызды карап, чечимди кабыл алат. МКБнын чечими протокол менен таризделет жана бир күндүк мөөнөттүн ичинде маалымдалат. Бир жолку төлөм жөнүндө маселе оң чечилген учурда МКБ акча каражаттарын арыз берүүчүнүн арызында көрсөтүлгөн банктагы эсеп-кысапка үч жумушчу күндүн ичинде акча каражатын которот.

## МЕКЕНДЕШТЕР МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ ҮЧҮН КЕҢЕШТИ ТҮЗҮҮ

2018-жылдын 22-ноябрында КР Президенти С.Жээнбеков «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Чет өлкөдөгү мекендештер менен байланыштар боюнча кеңеш жөнүндө» Жарлыкка кол койду.

Кеңештин курамына чет өлкөлөрдө жүргөн кыргыз диаспораларынын өкүлдөрү, Президент, Өкмөт аппаратынын кызматкерлери жана Жогорку Кеңештин депутаттары кирген. Президенттин Жарлыгы жана Кеңештин ишмердиги мекендештерибиздин жана эмгек мигранттарыбыздын укуктарын жана эркиндиктерин коргоодо жаңы импульс берет деп эсептейбиз.

Соңку жылдары чет өлкөдө иштеген биздин мекендештердин саны өсүп жатат, алар Кыргызстандагы ар кандай экономикалык долбоорлорго инвестиция салууга кызыкдар. Мамлекет мындай демилгелерди ар тараптуу колдойт жана Кыргызстандын экономикасына акча салууну каалагандарга бардык зарыл шарттарды түзүп берет.

Өлкөдө жаңы өндүрүштөрдү жана ишканаларды түзүү үчүн башка өлкөлөрдүн тажрыйбасын үйрөнүү жана колдонуу максатында өндүрүштүн келечектүү чөйрөлөрүнө мекендештерибизден инвестицияларды тартууга дем берген тиешелүү финансылык механизмдерди иштеп чыгуу керек жана зарыл инфраструктура болууга тийиш.

Кыргызстанды өнүктүрүү үчүн мамлекет менен чет өлкөдө жашаган мекендештердин ортосундагы конструктивдүү өз ара мамилени түзүүгө, диаспоралардын потенциалын бириктирүүгө бардык тараптар кызыкдар.

Андыктан, Кыргызстан менен тарыхый, маданий, экономикалык, бир туугандык байланыштары бар мекендештер, ошондой эле барган өлкөлөрдөгү диаспоралык уюмдар менен тыгыз диалогду колдогон башкаруу системасы мамлекеттик деңгээлде түзүлдү.

## КУЛЧУЛУКТУ БОЛТУРБОО БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК

КР Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкери РФ Свердлов облусунун Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Т.Мерзлякованын, "Урал үйү" коомдук бирикмесинин жана "Улуттар аралык маалыматтык борборунун" чакыруусу боюнча 2018-жылдын 17-21-декабрында Екатеринбург шаарында өткөн «Көмүскө ишмердик менен күрөшүү кулчулуктун заманбап формаларынын алдын алуу катары" аталыштагы эл аралык конференциянын ишине катышты.

Бул иш чара "Россияда эркин эмгек үчүн, тышкы жана ички мигранттарга карата кулчулуктун азыркы ар кандай түрлөрүнүн көрүнүштөрүн болтурбоо үчүн өкмөттүк эмес уюмдардын өнөктөштүгү" долбоорунун алкактарында уюштурулган, конференция Свердлов облусунун Мыйзам чыгаруу жыйынынын имаратында өттү. Анда Россиянын, Кыргызстандын, Өзбекстандын, Тажикстандын, Азербайжандын жана Арменияның өкүлдөрү катышышты.

Талкуулоонун жүрүшүндө белгиленгендей, ар бир чет өлкөлүк РФтин аймагында өзүнүн болуусун легалдаштыруу үчүн милдеттүү түрдө РФтин аймагында болуусун легалдаштыруу үчүн Россиянын миграциялык кызматына каттоого турууга тийиш. Каттоого туруу, чет өлкөлүктүн кайсы мамлекеттин жараны болгонуна жараша болот. Атап айтканда, КМШ өлкөлөрүнүн жарандары Тажикстандын жарандарынан башкалары келгенден кийин 7 күндөн кечикпестен каттоого турууга тийиш. Тажикстандын жарандарына бул жол-жобо үчүн 15 күн каралат. ЕАЭБ өлкөлөрүнүн жарандары (Кыргызстан, Армения, Казакстан, Белоруссия) 30 күндүн ичинде каттоого турууга тийиш. Мындан кийин жаран Россиянын аймагында мыйзамдуу түрдө 90 сутканын ичинде боло алат. Эгер мигрант иштөөнү пландаштырса, анда ал 30 күндүн ичинде патентти тариздөө керек, же эгер ал ЕАЭБдин жараны болсо, анда 90 күндүн ичинде жумуш берүүчү менен эмгек келишимин түзүүгө тийиш.

Өз кезегинде, жумуш берүүчүлөр чет өлкөлүк жарандар менен эмгек келишимин түзгөнү же токтоткону жөнүндө Россия ИИМдин миграциялык кызмат башкармалыгына (МКБ) тийиштүү келишимди түзгөн учурдан же келишимди кыскарткандан (бузгандан) тартып маалымдоого тийиш.

КР Омбудсмен институту менен адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыздоо маселелери боюнча үзүрлүү жана тыгыз кызматташканы үчүн конференциянын жүрүшүндө Свердлов облусу боюнча Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Т.Мерзляковага КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) «Акыйкат» медалы тапшырылган. Конференциянын расмий бөлүгү аяктаган соң Кыргызстандан барган иш чаранын катышуучулары КРнын Екатеринбургдагы Консулдугуна барышып, Башкы консул Б.Салимжанов менен жолугушту.

Башкы консул Б. Салимжанов белгилегендей, учурда Свердлов облусунда 50 миңге жакын мекендештерибиз бар, алардын ичинен Екатеринбургда

30 миңге жакын жердештерибиз ар кайсы тармактарда эмгектенишет. Ал эми 2018-жылдын 18-декабрына карата алардын ичинен болгону 3360 адам гана консулдук каттоодо турат.

Кыргызстандыктар негизинен алардын РФ аймагында болуусун легалдаштыруу үчүн, ошондой эле паспортторунун мөөнөттөрү аяктаганына байланыштуу (алмаштыруу), туруктуу жашаган жерин алмаштырган учурда, ошондой эле Кыргызстандан алган айдоочулук күбөлүктөрүн Россияда тастыктоо үчүн кайрылышат. Мындан сырткары, 2018-жылы Кыргызстандыктардын ичинен каза болгон 12 адамдын сөөгүн Мекенине жөнөтүлгөнү белгиленди. Кыргызстандык каза болгон мигранттардын сөөгүн жөнөтүү менен байланышкан чыгымдарды төлөөдө эмгек мигранттары «ким канча бере алат» деген принцип менен акча чогултуу ыкмасын колдонушуп, эмгек мигранттары өзүлөрү чоң жардам көрсөтүшөт.

## ТЫЯНАКТАР:

Эмгек миграциясы жана аны менен байланышкан айрыкча, эмгек мигранттарынын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү проблемалар мамлекеттик саясаттын ишмердигинин заманбап багыты бойдон калууда, бирок көп жылдар бою маанилүү компоненти болбой келүүдө.

Дүйнөдө мамлекеттик сектордун да, эл аралык, улуттук жана аймактык өкмөттүк эмес уюмдардын да эмгек мигранттарынын укуктарын коргоо, миграциялык агымдарды башкаруунун натыйжалуу тутумун калыптандыруу, эмгек миграциясынын процессинин бардык этаптарында: жөнөөгө даярдык көрүү учурунда, барган өлкөсүндө жана миграциядан кийинки мезгилдеги пайда болуучу проблемаларды чечүүдө зор иш тажрыйбасы чогулган.

Кыргыз Республикасы тарабынан реалдуу жүргүзүлүп жаткан миграция саясаты миграциялык маалыматтарды жана башка маалыматтарды жыйноо жана алмашуунун механизмдеринин жоктугу менен мүнөздөлөт. Чечимдерди кабыл алуу процессине максаттуу жана кызыкдар топтор (мигранттар жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү, эмгек мигранттарынын диаспоралары ж.б.) тартылган эмес. Абалды толук талдоо жүргүзүлгөн эмес жана миграциялык процесстин бардык этаптарында мигранттарга көрсөтүү үчүн зарыл болгон бир катар комплекстүү кызматтар жок.

Мекенине кайткан эмгек мигранттары, өз ден соолугун кароо, туулган өлкөсүнүн өзгөрүлгөн шарттарына көнүү, жаңы эмгекке орношуу жана пенсиялык камсыздоо проблемаларына туш болушат.

Мамлекет тарабынан өлкөнүн калкынын кыйла бөлүгүнө миграциянын социалдык жана маданий залакалары бааланбайт жана мында келип чыгуучу проблемаларды азайтуу боюнча чаралар көрүлбөйт. Бүтүндөй алганда, эмгек мигранттарынын, айрыкча легалдуу эместеринин саламаттыгынын абалы начарлайт. Массалык эмгек миграциясы демографиялык кырдаалдын тең саламактуулугун бузат жана үй-бүлө институтуна тескери таасирин тийгизет.

## Сунуштамалар

### КР Өкмөтүнө:

1. Миграциялык кызматтын чет өлкөдөгү кызматкерлеринин штаттык санын көбөйтүү (Россия Федерациясы жана Казакстан Республикасы);

2. КР жарандары үчүн консулдук кызматтардын жана укуктук жардамдын деңгээлин көтөрүү үчүн Россиянын аймактарында консулдук өкүлчүлүктөрдүн санын көбөйтүү.

### КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматына:

1. Чет өлкөлөрдө, анын ичинде РФ эмгек мигранттарынын айлык акысы боюнча карызын төлөө маселесинде КР жарандарына көмөк көрсөтүү чараларын күчөтүү.

# IV БӨЛҮМ. АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ

## 4.1. БИЛИМ АЛУУГА УКУКТАРДЫН САКТАЛЫШЫ

КР Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтары боюнча 2017-2018-окуу жылында билим берүү тутумунда 2262 жалпы билим берүүчү уюм иштеди, аларда билим алууга 1 млн. 222 миң 661 бала тартылган. Алардын ичинен мамлекеттик жалпы билим берүү мекемелеринде - 473 709 бала, муниципалдык - 724 585, менчик мекемелердегиси - 24 366 окуучу. 2017-2018-жылдары билим алууга жеткиликтүүлүкө ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү 724 585 окуучу ээ болду.

4.1.1 - таблица

| Аймактар | Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү балдардын саны |
|---|---|
| Баткен облусу | 797 |
| Жалал-Абад облусу | 2524 |
| Нарын облусу | 854 |
| Талас облусу | 566 |
| Чүй облусу | 576 |
| Ош облусу | 1711 |
| Ысык-Көл облусу | 1418 |
| Ош ш. | 321 |
| Бишкек ш. | 880 |

Ошондой эле белгилүү болгондой, мектеп курагындагы 2177 бала ар кандай себептер менен мектептен билим алууга тартылган эмес, үй-бүлөнү, балдарды колдоо органдары менен балдар иштери боюнча комиссиянын биргелешкен аракетинен улам 1545 бала мектепке кайтарылган.

4.1.2 - таблица

| Аймактар | 8-18 жаштардагы окубагандардын саны | ДМЧ балдар | Диний мекемелер (медресе, чиркөө, мечит) | Үй-бүлөлүк шарты боюнча | Бала эмгегинин эң начар түрү (БЭНТ) |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абад облусу | 862 | 124 | 120 | 40 | 173 |
| Ысык-Көл облусу | 70 | 22 | 23 | – | 48 |
| Нарын облусу | 41 | 9 | 49 | – | 23 |
| Баткен облусу | 28 | 18 | 93 | 6 | 2 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Ош облусу | 443 | 88 | 223 | 50 | 200 |
| Талас облусу | 272 | 68 | 88 | 30 | 72 |
| Чүй облусу | 445 | 41 | 129 | 96 | 188 |
| Бишкек ш. | 11 | 5 | 3 | – | 3 |
| Ош ш. | 5 | 5 | 40 | – | – |
| **Баарысы** | **2177** | **380** | **866** | **222** | **709** |

Билим берүүнү башкаруу жаатындагы министрликтин ишмердүүлүгүн аныктаган негизги документтер болуп, «Билим берүү жөнүндө» жана «Мугалимдин статусу жөнүндө», «Баштапкы кесиптик билим берүү жөнүндө» мыйзамдар, ББМ[82] жөнүндө жобо саналат.

Билим берүү секторун башкаруу Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдары туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы, ошондой эле тармактык концептуалдык (анын ичинде, Билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүү концепциясы) жана стратегиялык (2012-2020-жылдарга карата билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы) мамлекеттик документтердин негизинде жүргүзүлүүдө.

Заманбап дүйнөдө коомду өнүктүрүүдө билим берүүгө бир кыйла маанилүү орун бөлүнөт, бул Кыргызстандын мамлекеттик саясатында тиешелүү чагылдырууну талап кылат. Билим берүүнүн сапаты өлкөнүн атаандаштыкка туруктуулугун аныктайт. Өсүп бара жаткан ааламдашуу шарттарында атаа-ндаштык ошондой эле, эл аралык рынокко чыгуу дегенди билдирет. Ушуга байланыштуу эгемендүүлүктүн жана улуттун биримдигинин белгиси катары мамлекеттик тилди колдоо жана өнүктүрүү да талап кылынат. Аны менен катар дүйнөдө кеңири таралган тилдерди билген жарандарга дагы абдан кеңири талап бар.

Заманбап дүйнөнүн динамикасы жалпысынан билим берүү тутумдарына талапты өзгөртүүдө. Кесиптик ишмердүүлүктүн тармагын кайра түзүү зарылдыгы келип чыгат жана албетте андан улам экинчи, атүгүл үчүнчү жогорку билимди же башка кошумча билим алуу муктаждыгы жаралат. Заманбап шарттар адам жашоосунда билимин тынымсыз жогорулатуу зарылдыгын таңуулайт.

Билим берүү процесси глобалдык мүнөздүү багыттарды эске алуу менен артыкчылыктуу тармактарды жаңылоо жана өнүктүрүүнү талап кылат. Мугалимдердин квалификациясы билим берүүнүн сапатын аныктайт жана окуучуларды билим алууга кызыктырат.

## КЫРДААЛГА СЕРЕП

Кыргыз Республикасында балдардын билим алууга болгон укугу Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Балдар жөнүндө» Кодекс, «Билим берүү

82. КР Өкмөтүнүн 2015-ж. 31-декабрдагы №897 токтомунун редакциясындагы КР Өкмөтүнүн 2012 ж. 20-февралдагы №119 токтому

жөнүндө» КР Мыйзамы, ошондой эле, дагы башка укуктук-ченемдик актылар жана ратификацияланган эл аралык макулдашуулар менен кепилденет.

КР Акыйкатчы институту тарабынан балдардын билим алууга карата укугун бузуулардын алдын алуу жана эскертүү боюнча мониторинг жүргүзүлүп турат.

Акыйкатчынын атына мугалимдер тарабынан окуучуларга бирдей эмес мамиле жасоо, кол көтөрүү, акча чогултуу, мажбурлаган эмгекке тартуу сыяктуу ж.б. системалык укук бузуулар аныкталган билим берүү мекемелеринин ишине карата даттануу арыздары дагы деле келип түшүүдө.

Бүгүнкү күнү калк арасында укуктук аң-сезимди жана маданиятты жогорулатуу, ошондой эле, билим берүү мекемелеринин жетекчилери, кызматкерлери менен окуучулардын ортосундагы мамиленин мүнөзүн өзгөртүү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыты болуп саналат.

Билим берүү мекемелеринде балдарга психологиялык (эмоциялык), физикалык жана сексуалдык зордук-зомбулук көрсөтүү, эксплуатациялоо учурларына каршы күрөшүү жана тынымсыз көзөмөлдөө жүргүзүү зарыл.

Учурдагы мыйзамдарга карабастан билим берүү тутумунда кемчиликтер байкалууда, алар төмөндөгү мисалдарда келтирилген.

4.1.1 - мисал

### КОЙ-ТАШ АЙЫЛЫНДАГЫ ОКУУЧУНУ УРУП-САБОО

Чүй облусунун Аламүдүн районуна караштуу Кой-Таш айлынын тургуну - К.Т. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын наамына жазган арызында Кой-Таш айылындагы орто билим берүүчү мектептин директору В.Ч. аракетине даттанган, анда ал 2018-жылдын май айында мугалимдер менен окуучулардын көзүнчө 6-класста окуган небереси А.Т. уруп-сабаганын билдирген. Даттануучу КР Билим берүү министрлигине арызданган, анын жыйынтыгында В.Ч. сөгүш берилген. Ага карабастан мектеп директору анын небереси А.Т. карата психологиялык кысым көрсөтүүнү уланткан.

Акыйкатчы аппараты тарабынан Аламүдүн районунун прокуратурасына суроо-талап жөнөтүлгөн. Аламүдүн райондук прокуратурасы тарабынан КР Билим берүү жана илим министрлигинин жетекчилиги, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын өкүлү жана райондук билим берүү башкармалыгынын башчыса Д.Ш., катышкан биргелешкен жыйында Эмгек кодексинин 83-беренесинин негизинде 2018-жылы 14-сентябрда мектеп директору В.Ч. кызматтык абалынан аша чапкандык үчүн иштен бошотулган.

Ошентип, КР Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлеринин жана Чүй облусунун Аламүдүн районунун прокуратурасынын кийлигишүүсүнөн кийин жалпы билим берүүчү мектептин директору, физикалык күч колдонуу жана психологиялык басым жасоо менен жеке кол тийбестикке болгон баланын укугун орой бузгандыгы аныкталган. Тарбиялоочу милдетти аткарган кызматкер та-

рабынан жасалган адеп-ахлакка туура келбеген аракет мектепте иштөөнү улантууга таптакыр дал келишпейт[83].

Окуучулардын мүнөзү да татаал келээри жашыруун эмес. Ошол эле учурда КР Конституциясында *«Эч ким кыйноолорго жана башка катаал же кадыр-баркты басмырлоочу мамиленин же жазалоонун түрлөрүнө кабылышы мүмкүн эмес»*[84],- деп жазылган.

Педагогдор тарабынан балдарга кол көтөрүү боюнча белгилүү болгон фактылар көп эмес. Мындай окуя болгон учурда андай фактыны видео тасмага тартып же күбөлөрдүн көрсөтмөсү менен каттоого алуу зарыл. Уруп- сабоо тактары болсо аны жакынкы медпунктка барып, сүрөткө тартыш керек, андан соң укук коргоо органдарына арыз менен кайрылуу зарыл. Ден соолукка келтирилген зыяндын оордугуна жараша педагогдун аракетине КР Кылмыш-жаза кодексине ылайык баа берилет.

4.1.2 - мисал

### МЕКТЕПТИН ИШ-ЧАРАЛАРЫНА КАТЫШУУГА ЖОЛТОО КЫЛУУГА КАРАТА ДАТТАНУУЛАР

КР Акыйкатчысынын наамына Баткен облусундагы Лейлек районунда жашаган Кыргыз жараны С.А. кайрылган. Ал өз арызында Беш-Бала а. орто мектебинин директору аталган мектепте окуган небереси, 4-класстын окуучусунун укугун бузуп жатканын көрсөткөн. Арыз ээси небересинин мектептин коомдук турмушуна – өткөрүлүп жаткан иш-чараларга, кароо-сынактарга жана мелдештерге катышуусуна мектеп директору жолтоо кылып жатканын белгилеген. Мындан тышкары, ал Лейлек районунун Билим берүү башкармалыгынын башчысы И.Нге кайрылган, бирок ал жактан директордун байланыштары бардыгын, андыктан ага тийиштөөнү түшүндүрүп, эч кандай чара көрүшкөн эмес.

Кайрылуу тууралуу уккан директор бир нече мугалимди жыйнап алып, арыз ээсинин үйүнө барган, ал жерде жаңжал чыгарган жана күч колдонгон. Мындай аракетке жооп катары арызыдануучу сотко кайрылган, ал жактан Административдик кодекстин 66-10-бер. негизинде директор күнөөлүү деп табылган жана административдик айыппул салынган. Бирок директор өзүнүн күнөөсүн мойнуна алган эмес жана арызыдануучуну коркутуусун уланта берген.

Аталган арыз боюнча, КР Билим берүү жана илим министрлигине кат жөнөтүлгөн. 2018-жылдын 8-октябрында алынган жоопко ылайык, Лейлек райондук Билим берүү башкармалыгынын №226 буйругу жана КР Эмгек кодексинин 82-бер. негизинде директор А.А. ээлеген кызматынан бошотулганы белгилүү болгон. Ошондой эле, КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2018-жылдын 28-сентябрындагы №122/4 буйругу менен «Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдын 47-бер. 1-п.

83. КР Эмгек кодексинин 83-бер.
84. КР Конституциясынын 22-бер.

6-бөлүгүнүн негизинде Лейлек райондук Билим берүү башкармалыгынын башчысы И.Н. дагы кызматынан алынган.

4.1.3 - мисал

## ОКУУЧУ ЧООЧУН АТА-ЭНЕ ТАРАБЫНАН МАЗАКТАЛГАН УЧУРДАГЫ АРАКЕТСИЗДИК

КР Акыйкатчысынын наамына Чүй облусунун Кемин районунун жашоочусу Ч.Б. тарабынан арыз келип түшкөн. Ал 2017-жылы 21-декабрда өзүнүн уулу, Б.С. атындагы орто мектептин 3-классынын окуучусу М.Б. ата-энелер чогулушуна барууга шарты жок болгондуктан өзүнүн улуу кызын мектепке жөнөткөн. Жыйында ата-энелердин бири, мурда соттолгон кызуу абалдагы киши анын кызын элдин көзүнчө мазактаган.

Мындай мамилеге чыдабай кыз ыйлаган боюнча чогулуштан сыртка чуркап чыгып, башка кабинетте 2 саат отурат. Үйгө келгенден кийин өз жанын кыюуга аракет кылат. Директор жалпы чогулушта аны коргогондун ордуна кызды басмырлаган. Жыйынтыгында, арыз жазуучунун кызы сентябрь айында толугу менен мектепке баруудан баш тарткан.

Бул учур боюнча Ч.Б. Кемин райондук Билим берүү башкармасынын директору З.А. арыз менен кайрылат, ал Н.А. башка мектепке которот, бирок кыска убакыттан кийин директор өзүнүн мурдагы кызмат ордуна кайтып келген.

Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери КР Билим берүү жана илим министрлигине тиешелүү кат жиберет. Ал эми Министрликтен келген катта арызданауучунун кызы окууга барып жатканы, Кемин районунун Билим берүү башкармалыгынын директору З. Алиева ээлеген кызматынан бошотулганы маалымдалган.

4.1.4 - мисал

## МУГАЛИМДИН ОКУУЧУНУ МАЗАКТООСУ

Акыйкатчынын наамына Бишкек ш. тургуну Т.Г. кайрылган. Ал анда өзүнүн уулу, Бишкек ш.№24 мектеп гимназиянын окуучусу А.Г. окуткан тарых жана этика мугалими С.М. карата арызданган. Арыз жазуучу С.М. мугалимдин этикасын бузуп, уулун жаман сөздөр менен басмырлаганын белгилеген. Ушуга байланыштуу Т.Г. мугалим С.М. карата чара көрүүнү суранган.

Аталган факт боюнча Бишкек ш. Билим берүү башкармалыгына кат жөнөтүлгөн. Ал мекемеден келген жоопто, Бишкек ш. №24 мектеп-гимназиянын 2018-жылдын 15-октябрдагы №47 буйругунун негизинде «педагогикалык этика жөнүндө» жобого ылайык С.Мукановго «эскертүү» түрүндө тартипке чакыруу жарыяланган. Ошондой эле, мектеп-гимназиянын директору тарабынан жаңы иштей баштаган мугалимге колдоо көрсөтүү максатында «Педагогикалык этиканы сактоо» темасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн.

КР Билим берүү жөнүндө мыйзамынын 29-бер. ылайык, педагогдор төмөндөгү талаптарды сактоого милдеттүү: педагогикалык этика ченемдерин сактоого, өз алдынчалыкты, сабакка чыгармачыл мамилени өнүктүрүүгө, окуучуларда жогорку адеп-ахлах ченемдерин калыптандырууга; балдарга карата эмоциялык, психикалык, физикалык зомбулук колдонууга жол бербөөгө тийиш. Мугалим укуктук, адеп-ахлак жана этикалык ченемдерди, кесиптик этика талаптарын сактоого; окуучулардын ар-намысын жана беделин сыйлоого милдеттүү. Мугалимдин балдарга кыйкырууга, аларга кол көтөрүүгө, алардын кадыр-баркын мазактоого жана басмырлоого укугу жок.

Мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн негизги принциптери болуп төмөндөгүлөр саналат[85]:

- окуучунун жеке-инсандык өзгөчөлүгүнө багытталган окутууга, тарбиялоого жана өнүктүрүүгө;
- окуучулардын укуктарын жана эркиндиктерин, улуттук-маданият салттарын камсыздаган окутуунун жана тарбиялоонун адамгерчиликтүү мүнөзү;
- жалпы адамзаттык моралдык принциптерине жана адеп-ахлах баалуулуктарын жолдоочулук;
- окуучуларды түз, жабык жана (же) кыйыр кодулоого, аларды жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча укуктарын же жеңилдиктерден пайдалануусун чектөөгө жол бербөө;

Балдардын эс алууга жана бош убактысын пайдалууга өткөрүүгө, оюндарга катышууга, ошондой эле, өздөрүнүн жаш курактарына ылайык маданий турмушка жана көркөм өнөр менен алектенүүгө укуктуу болушу керек (31-берене). Окуучулар мектептеги мазактоо жана сексуалдык асылуу коштолгон физикалык жана психологиялык зомбулуктун бардык түрлөрүнөн коргоого алынууга укуктуу (19-бер.)

4.1.5-мисал

## МУГАЛИМ ТАРАБЫНАН ОКУУЧУЛАРДЫН ӨРҮК ЖЫЙНООГО ТАРТЫЛЫШЫ

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмениннин) сайтына Талас облусунун Бакай-Ата айылынын тургуну Б.Ч. кайрылган. Ал өз

кайрылуусунда В.И. Ленин атындагы Бакай-Ата орто мектебинин директору К.М. окуучуларды мыйзамсыз түрдө иштөөгө мажбурлаганын билдирген.

Атап айтканда, ал 2018-жылдын 20-октябрында саат 9.00 – 14.00 чейин сабак убагында окуучуларды өзүнүн жеке бакчасында өрүк жыйноого алып барган.

85. 2001- ж., 14-январындагы «Мугалимдин макамы жөнүндө» КР Мыйзамы, №9, 4-бер.

Ушул арыз боюнча КР Акыйкатчысынын Талас облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлүнө кат жөнөтүлгөн. Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары А.Ш., Бакай-Ата райондук Билим берүү башкармасынын директору М.Д. жана орто мектептин директору К.М, катышкан кеңешме жыйында директор тарабынан мектеп окуучуларынын өзүнүн жеке менчик бакчасына ишке тарткан факт аныкталган. Бакай-Ата райондук Билим берүү башкармалыгынын буйругу менен Бакай-Атадагы В.И.Ленин атындагы орто мектебинин директору К.М-ге «эскертүү» жарыяланган[86].

Көрүлүп жаткан аракеттерге, ошондой эле, балдар эмгегине каршы күрөшүүгө карабай, аймактарда балдар эмгегин колдонуу уланууда. Кыргыз Өкмөтү мыйзамдык жана саясий чараларды көрүүнү кошо алганда балдар эмгегин пайдаланууга тиешелүү көйгөйлөрдү чечүү үчүн улуттук деңгээлде зарыл чараларды көрүү милдеттенмесин өзүнө алган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен балдар эмгегин пайдалануу жана начар түрлөрүн пайдаланууга тыюу салынган. Эмгек кодекси балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн мыйзамдык негиз катары аларды эмгек мамилелеринин тараптары катары тааныйт, эмгек чөйрөсүндө балдар эмгегине тыюу салуу жана чектөөлөрдү кошкондо укуктар менен эркиндиктердин минималдык кепилдигин аныктайт.

Баланын укуктары тууралуу БУУ конвенциясы баланын ден соолугуна коркунуч келтирген же анын билим алышына тоскоолдук кылган, же болбосо анын саламаттыгына зыян келтирүүчү ишти (балдар эмгегин) балдар аткарбоосун талап кылат (32-бер.)

Балдарда эс алууга жана көңүл ачууга, өзүнүн курагына ылайык келген оюндарга жана оюн-зоок иш-чараларына катышууга, маданий турмушка эркин катышууга жана искусствого катышууга укуктуу (31-бер.).

Окуучулар физикалык же психологиялык зомбулуктун, мазактоонун же кыянат мамиле жасоонун жана сексуалдык кыянаттык кылуунун бардык түрлөрүнөн коргоого алынууга укуктуу (19-бер.).

Мындай көйгөйлөрдүн биздин республиканын айрым аймактарында кезигүүсү уланууда. Балдардын билим алууга болгон укугун бузуу менен мугалимдер өздөрүнүн кызматтык абалын кыянаттык менен пайдаланууда. Мындай жосун үчүн КР Кылмыш-жаза кодексинде жоопкерчилик каралган. Мугалим балдарды кандайдыр бир физикалык эмгекке тартууга, жеке максатта колдонууга укугу жок. Мындай учурда ата-энелер мектеп директоруна кайрылышы зарыл, эгер чара көрүлбөсө – укук коргоо органдарына кайрылышы керек.

86. 2018-ж. 25-сентябрындагы №11/12 буйрук

4.1.6 - мисал

## НОВО-ПОКРОВКА АЙЫЛЫНДАГЫ МЕКТЕПТЕГИ ӨЗ АРА МАМИЛЕ

Акыйкатчынын наамына Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Ново-Покровка айыл тургуну Р.А. арыз менен кайрылган. Ал өзүнүн кайрылуусунда мектептеги өз ара мамиле көйгөйүн көрсөтүп, №1 орто мектептин 8-классында окуган өзүнүн уулуна карата улуу класстардын окуучулары менен мугалимдердин мамилесине көңүл буруууну жана анын конституциялык укуктарын коргоого көмөктөшүүнү өтүнгөн.

Аталган кайрылуу боюнча КР Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери Билим берүү жана илим министрлигине кат жөнөткөн. Андан кийин мугалимдер, ата-энелер жана балдар катышкан жалпы мектеп жыйынында түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү, анын жыйынтыгында тараптар бирдиктүү ынтымакка келишти. Арыз жазуучудан ыраазылык кат келип түштү.

*«Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес»*[87].

Мугалим укуктук, адеп-ахлак жана этикалык ченемдерди сактоого тийиш, кесиптик этиканын талаптарын колдонушу зарыл. Балдар убактысынын көпчүлүк бөлүгүндө жалпы билим берүүчү мекемелерде болот, мугалим балдарга үлгү болууга тийиш, анткени окуучулар алардан билим, жүрүш-туруш адаттарын, адеп-ахлак сапаттарын, өздөрүнүн укуктарынын сакталышын үйрөнөт. Заманбап дүйнөдө мугалим менен мектептин мааниси абдан жогору. Мектеп ар бир окуучунун жашоосундагы маанилүү баскыч, мында алар чоң турмушка жана өз алдынча жашоого даярданат. Окуучулар үчүн мектептин моралдык жана психологиялык жагынан ыңгайлуу болушу да өтө маанилүү болуп саналат.

## КОРУТУНДУЛАР

Билим берүү тутумунун жетекчилери менен жооптуу кызматкерлеринин тиешелүү көзөмөлүнүн жана ата-энелер, мугалимдер жана коомчулук менен биргелешкен аракетинин жоктугу мисалдарда баяндалган көрүнүштөргө алып келет.

Билим берүү мекемелериндеги мугалимдер менен окуучулардын укуктук маданиятын жогорулатууга муктаждыктын болушу аныкталды. Бул ишке тартылган жактардын жогорку деңгээлдеги укуктук билими болууга тийиш.

Өкмөттүн алдында Кыргызстандын балдары улуттук жана эл аралык актылар талап кылгандай деңгээлде мамлекеттин камкордугун сезе тургандай, күч-аракет жумшоосу керек болуп турат.

Мамлекет бардык балдарга сапаттуу билим берүү жана тең укуктуу окуу шартта-

87. КР Конституциясынын 16-бер.

рын камсыздоого милдеттүү, аны менен катар ар түрдүү эмгек эксплуатациясына жана кимге гана болбосун кодулоонун ар кандай түрлөрүнө эч кандай жол берилбөөгө тийиш.

**Сунуштамалар КР Билим берүү жана илим министрлигине:**

1. Өлкөнүн жалпы билим берүүчү мекемелеринде окуп жаткан өсүп келе жаткан муундун, мугалимдер менен ата-энелер арасында укуктук аң-сезим жана укуктук маданиятты жогорулатууга багытталган мамлекеттик деңгээлдеги иш-чараларды өткөрүү;

2. Республиканын билим берүүчү мекемелеринде окуган балдардын укуктарын коргоону камсыздоо, маалыматтык материалдарды (брошюраларды, мугалимдер, ата-энелер жана окуучулар үчүн колдонмолорду) чыгаруу, укуктук жана этика-эстетикалык тарбиялоо максатында видео-клиптерди, кыска метраждуу жана анимациялык фильмдерди даярдоо жана көрсөтүү;

3. Балдар эмгегин жана балдарды пайдаланууга жол бербөө боюнча профилактикалык иш чараларды жүргүзүү.

## 4.2. БАЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУК МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН БАЛДАРЫНА БАЙЛАНЫШТУУ КӨЙГӨЙЛӨР

2018-жылда эмгек мигранттарынын балдарына байланыштуу маселелер аларга карата болгон кылмыштарга (425 учур), ошондой эле эмгек мигранттарынын үй-бүлөсүнөн чыккан балдар тарабынан жасалган кылмыштарга байланыштуу (644 учур) үзгүлтүксүз көтөрүлүп келди[88]. ММКлардан алынган алгачкы маалыматтар боюнча Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери бул же тигил кылмыш болгон жерлерге барышып, ыйгарым укуктуу органдардан так маалыматтарды чогултушту (15 учур боюнча). Балдарга карата зомбулук фактылары боюнча 11 арыз КР Акыйкатчы аппаратына түздөн-түз жолдонгон, алар боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлгөн.

2018-жылдын 31-декабрына карата социалдык өнүгүүнүн райондук/шаардык башкармалыктары тарабынан баардыгы болуп 39824 эмгек мигранттарынын балдары аныкталган[89].

2019-жылдын 10-февралына карата Жалал-Абад облусу боюнча маалыматты кошпогондо, мигранттардын балдарынын аныкталган саны - 55 279[90]. КР ИИМ маалыматтары боюнча, ИИБ кызматкерлери короолор боюнча кыдырып, издөөнүн натыйжасында, мигранттардын балдарынын саны - 78 931, ошондой эле жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө иштеп жүргөн мигрант

88. КР ИИМ каты (чыг. №1/537 24.01.2019- ж.).
89. КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинен келген кат №15/1-7/397 23.01.2019-ж.
90. КР ЭСӨМ министринин орун басары тарабынан берилген маалыматтар, КРӨ ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн маалыматтары.

ата-энелердин саны - 42 504. КР ИИМ Жалал-Абад облусундагы маалыматтарды КР ЭСӨМ маалыматтарына кошкондо, республика боюнча мигранттардын балдарынын жалпы саны 87454тү түздү.

Кыргызстан эмгек мигранттарынын санынын көптүгү боюнча Борбор Азиядагы негизги өлкөлөрдүн бири болуп калды. Төмөнкү деңгээлдеги жашоо-шарт, жумушчу орундарынын жетишсиздиги, жакшы жашоого умтулуу жана башка көп нерселер биздин 710 миң жаранныбыздын өлкөдөн тышкары чыгып кетишине алып келди[91]. Кыргыз Республикасынын ЕАЭБ кошулуушу эмгек мигранттарынын жалпы абалына оң таасирин тийгизди, бирок Кыргызстанда калган алардын балдары кантип зомбулуктун жана катаал мамилелердин курмандыктары болушу мүмкүн жана болушааары өкүнүчтүү.

Белгилеп коюу зарыл, Балдар жөнүндө кодексте жана башка ЧУАда "эмгек мигранттарынын балдары" деген аныктама жок, ошол эле учурда "ата-энесинин камкордугусуз калган балдар" жана "турмуштук оор кырдаалга тушуккан балдар" деген аныктама бар.

КР Өкмөтүнүн 2018-2028-жылдарда үй-бүлөлөрдү колдоо жана балдарды коргоо жөнүндө программасы үй-бүлө институтун бекемдөө жана өнүктүрүүгө, үй-бүлөнүн бейкуттугунун деңгээлин жогорулатууга, балдардын укуктарынын жана кызыкчылыктарынын корголушун камсыздоого багытталган. Бул өзгөчө эмгек мигранттарынын балдарына жана өзгөчө аялуу болуп саналган, ата-энесинин камкордугусуз калган балдарга тиешелүү жана булар статистикадан жана социалдык жардамдан тышкары калып келишет.

Өз балдары үчүн ата-энелеринин жоопкерчилигин бекемдөө (коюу) максатында, Балдар жөнүндө кодекс *«Ата-энесинин биринин же экөөнүн тең каза болгондугуна байланыштуу алардын камкордугунан ажыраган, ошондой эле ата-энесинин ким экендиги белгисиз, ата-энелик укугунан ажыратылган же ата-энелик укугу чектелгендигине байланыштуу ата-энеси жоктор, ата-энелеринин дайыны жок делип, укукка жөндөмсүз (жөндөмү чектелген) делип таанылган, ата-энеси дарылоо мекемелеринде жайгашкан, эркинен ажыроо менен мөөнөтүн өтөп жаткан, балдарды тарбиялоодон же алардын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоодон четтетилген, ата-энелери балдарын тарбиялоочу, дарылоочу мекемелерден, калкты социалдык коргоо мекемелеринен же башка ушул сыяктуу мекемелерден алуудан баш тарткан жана башка учурларда мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте ата-энесинин камкордугусуз калган деп таанылган 18 жашка чейинки жарандар»* сыяктуу ата-эненин камкордугусуз калган балдарды аныктайт.

Мигрант ата-энелер, балдарын Мекенине калтыруу менен, Кыргыз Республикасынан тышкары кетишет. Мындай учурларда бала алардын камкордугусуз калат, бирок "ата-энесинин камкордугусуз калган балдардын" категориясына кирбейт. Эмгек мигранттарынын балдарын камтуу үчүн бул аныктаманы кайрадан карап чыгуу зарылдыгы бар.

91. КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын маалыматына ылайык.

КР Балдар жөнүндө кодексинин 41-беренесине ылайык, мекемелердин жетекчиликтери же болбосо ата-энесинин камкордугусуз калган балдар туурасындагы маалыматка ээ жарандар, балдардын жашап жаткан жери боюнча ыйгарым укуктуу органга (ар бир райондо түзүлгөн балдарды коргоо боюнча бөлүмгө) кабарлоого милдеттүү. Ыйгарым укуктуу орган маалымат алган же баланы коргоо зарылдыгына байланыштуу факты табылган учурдан тартып 10 календардык күндүн ичинде баланын укуктарын ишке ашырууга ар тараптуу баа берүүнү жүзөгө ашырат, анын үй-бүлөлүк абалын баалайт жана аны коргоо боюнча жекече планды, анын ичинде аны жайгаштыруу формасын түзөт. Ошентсе да, эмгек мигранттарынын балдарын издешпейт, аларды пландаштырылган рейддердин аркасы менен, ошондой эле ММКларда жарыяланган маалыматтардан улам билишет.

Миграциянын натыйжасында жашы жете элек балдар физикалык, ошондой эле башка зомбулуктарга кабылган социалдык жетимчилик кескин өсүп кеткен, жашы жогорулап калган балдар өзүн-өзү өлтүрүү, кылмыштарга же укук бузууларга баруу коркунучуна дуушар болушат.

КР ИИМ маалыматтары боюнча ата-энелер жана педагогдор тарабынан балдардын көйгөйлөрүнө жетишсиз көңүл буруу, жашы жете электердин акыл-эсине терс таасир этүүчү үй-бүлөлүк-турмуш-тиричилик чыр-чатактары, алдын алуучу субъекттердин ишиндеги кемчиликтер жашы жете электердин арасында өз жанын кыюуга алып келүүдө.

2018-жылдын ичинде жашы жете электердин өз жанын кыюусунун 88 фактысы катталган (2017-жылдын ушул эле мезгилинде 97 факт катталган), бул 9,2%га аз. Өз жанын кыйгандардын жалпы санынын ичинен эркек жыныстагы жашы жете электер 54 адамды, аял жынысындагылар 34 адамды түзөт.

Өз жанын кыюунун 88 фактысынын ичинен 2 факт боюнча КР КЖКнын 102-беренеси (Өзүн-өзү өлтүрүүгө жеткирүү) боюнча кылмыш иши козголду, алардын ичинен 1 кылмыш иши сотко жөнөтүлдү жана 1 кылмыш иши боюнча тергөө жүргүзүлүп жатат.

Бул миграциялык процесстер менен гана байланыштуу эмес, жашоонун социалдык деңгээлинин төмөндөшү, социалдык өнүгүүнүн аймактык органдарынын, ЖӨБ органдарынын, аймактык укук коргоо органдарынын (өзгөчө участкалык инспекторлордун), жашы жете элек балдардын иштери боюнча инспекциянын кызматкерлеринин, балдар иштери боюнча комиссиялардын натыйжасыз иштерине дагы байланыштуу.

Балдарга карата зомбулуктун алдын алууда ЖӨБ жана аймактык укук коргоо органдары тарабынан көрүлгөн чаралар жетишээрлик натыйжалуу эмес. Аларга карата болгон зомбулукту алдын алуу чаралары жана көзөмөлдөө, ошондой эле турмуштук оор кырдаалдагы балдарды аныктоо мамлекеттик органдарда жок. Бул категорияга мигранттардын балдары дагы кирет.

## КЫРГЫЗСТАНДА СОҢКУ 4 ЖЫЛДА ӨЗ ЖАНЫН КЫЮУЛАРДЫН САНЫ

| | |
|---|---|
| 2015 - жыл | 96 |
| 2016 - жыл | 95 |
| 2017 - жыл | 97 |
| 2018 - жыл | 88 |

4.2.1-мисал

Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунда тууганынын сабоосунан улам 1,5 жашар бала өлгөндүгү туурасында социалдык тармактардан белгилүү болду. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Ысык-Көл облусу боюнча өкүлчүлүгүнүн кызматкерлери мониторинг жүргүзүштү. Жети-Өгүз районунун РИИБ, прокуратура кызматкерлери жана Жети-Өгүз райондук социалдык өнүгүү башкармалыгынын (СӨБ) кызматкерлери менен жолугушушту. Мониторингдин жүрүшүндө, баланын апасы атасы менен ажырашып кеткендиги, баласын жакын тууганына таштап, Россияга иштегени кеткендиги аныкталган. Тууганын КР КЖК 104-беренесинин негизинде 2 айга ТИЗОго камашкан. Камалган аялдын үйүндө болсо 4 баласы калган. 2018-жылдын 27-декабрында Балдар иштери боюнча комиссиянын отурумунун жыйынтыгында балдар тайэнесине берилген. Бирок 2019-жылдын 4-февралында Балдар иштери боюнча комиссиянын отурумунда тайэнесинин оор турмуштук абалына байланыштуу 4 бала фостердик үй-бүлөгө аныкталган.

Жергиликтүү социалдык өнүгүү башкармалыгынын кызматкерлери бул үй-бүлөдө башка бала жашап жаткандыгын билишкен эмес. Канча киши өлкөдөн чыгып кеткенин же кайра келгенин тактоо кыйынга турат, анткени социалдык кызматтарды эч ким маалымдар кылбайт.

Бул маселе учурда КР Акыйкатчысынын Ысык-Көл облусу боюнча өкүлчүлүгүнүн көзөмөлүндө турат.

4.2.2-мисал

Ысык-Көл облусундагы Балыкчы шаарында апасы тууганына таштап кеткен 2 жашар бала аесуз сабалган. Апасы иштөө үчүн Россияга кеткен. Окуя болгондон соң, баланын апасы кайтып келген жана эч кандай дооматы жок экендигин айтып, тосмо арыз жазып берген, жашы жете элек баланы аесуз сабаган тууганына карата КР КЖКнын 161-беренесинин 1-п., 112-беренесинин 1-п, ошондой эле медициналык жана соттук экспертиза өткөрүлгөн, натыйжада Ч.Г. шарттуу түрдө соттолгон.

Азыркы учурда, социалдык кызматтардын маалыматы боюнча, бала жана апасы Кыргызстанда туугандарынын үйүндө жашап жатат. Жаш бала балдар бакчасына барууда, үй-бүлө начар жашаган катары 3 миң сом өлчөмүндө жөлөк пул алуу үчүн документтерин чогултуп жатышат.

4.2.3-мисал

Ош шаарында таэжесинин сабаганынан улам 2 жашар бала көз жумган. Бул факты боюнча 1988-ж.туулган, жаран К.Б, КР ЖПКнын 98-беренеси боюнча кармалган. Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери шектүүгө Ош ш.ТИЗОсунан жолугушкан. Кармалган аялдын айтуусунда, бала өзү жыгылып кеткен, ал баланы сабаган эмес жана ал жыгылып кеткенден кийин балдар ооруканасына жеткирген. Дарыгерлер баланы карап чыгышып, үйүнө жиберишкен, ал эми кийинки күнү баланын саламаттыгы начарлап, таэжеси кайрадан ооруканага алып келген. Дарыгерлердин айтуусунда, бала дарылоо мекемесине келе жатканда жолдо каза болгон.

КР Акыйкатчысынын өкүлчүлүгүнүн кызматкерлери шектүүнүн көрсөтмөсүн текшеришкен, анда ал баланы өзү Ош облустук балдар ооруканасына жеткиргенин айтат. Бирок, ал тастыкталган эмес, каттоо журналында шайкеш келген жазуулар дагы жок болгон. Учурда бул факты боюнча тергөө иштери жүрүп жатат, анын жыйынтыгы материалдар прокуратурага берилет.

4.2.4 - мисал

Чүй облусунда дагы эки жашар баланы сабады деп шектелген 32 жаштагы Э.С. кармалган. Бала өзүнө келбей жатып, Бишкектеги балдар ооруканасында көз жумган. Белгилүү болгондой, баланын энеси иштөө үчүн Россияга кетип, баланы өзүнүн курбусуна таштаган. Шектүү аял баланын эки кабаттуу керебеттен кулап кеткенин айткан, ошол себептен баланын денесинде көк-ала пайда болгон. Бирок, соттук-медициналык экспертиза баланын өлүмүнө денесине келтирилген залакалар (уруп-согуулар) себеп болгондугун аныктаган. Шектүү камакка алынган, тергөө иштери жүрүп жатат.

Көрсөтүлгөн окуялардан улам бала туугандарында тарбияланып жаткандыгы тууралуу, ошондой эле ата-энеси өлкөдөн чыгып, иштеп келүүгө кеткени тууралуу социалдык өнүгүү башкармалыгынын кызматкерлерин кабардар кылган эмес деген жыйынтыкка келүүгө болот. Ошондой эле социалдык кызматтардын кызматкерлеринин жетишсиздиги боюнча маселе да курч бойдон турат.

БАЯНДАНАМЫ ДАЯРДОО УЧУРУНДАГЫ АБАЛ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ.

Бул фактылар боюнча КР Акыйкатчысынын тиешелүү буйругуна ылайык, Акыйкатчынын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү 2019-жылдын 4-февралынан 25-февралына чейин Балдар иштери боюнча комиссиялардын жана Балдарды коргоо комиссияларынын иштерине мониторинг жүргүзүлгөн. Мониторингдин жүрүшүндө аталган түзүмдөрдүн иштеринде 2017-жылы Акыйкатчынын баяндамасында көрсөтүлгөн жана жакшыртуу боюнча сунуштамалар берилген[92] маселелер боюнча кемчиликтер бар экени аныкталган. Мониторингдин

92. "2017-жылы КРда адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө" КР Акыйкатчысынын баяндамасы, "Балдар иштери боюнча Комиссиялардын ишмердигинин натыйжалуулугу", Бишкек-2018-ж., 107-114-беттер.

жыйынтыктары көрсөтүп тургандай, сунуштамалар аткарылган эмес. Инспекциялоонун жыйынтыгы боюнча Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн жана мындай бузууларды болтурбоо тууралуу оозеки эскертилген. Ушуга байланыштуу балдарга карата жасалган, өзгөчө баланын өлүмүнө алып келген кылмыш үчүн, жазаны күчөтүү жана мамлекеттик органдардын, ЖӨБ жана аймактык укук коргоо органдарынын кечиктирилгис чара көрүүсүн, ошондой эле балдарга карата зордук-зомбулуктун болуу мүмкүндүгүн шарттаган себептерди тез арада жоюу жана алдын алууну күчөтүү (Конституция жана БУК – "баланын бардык кызыкчылыктарында" принциби) зарыл.

2019-жылдын 1-январынан тарта күчүнө кирген жаңы кодекстерде, мыйзам чыгаруучу жашы жете электерге карата кылмыш иштерин катаалданткан, ошондой эле алар үчүн жоопкерчиликтин да катаал болушун караган.

2016-жылы Акыйкатчы аппараты тарабынан "Балдарга карата зордук-зомбулуктар" темасында атайын баяндама даярдалган, андагы сунуштардын биринде жашы жете электерге карата зордук-зомбулук жөнүндөгү иштер боюнча тараптардын жарашуусуна тыюу салууну жазык-процесстик мыйзамдарда кайра кароо сунушу айтылган.

БУУнун Балдардын укуктары боюнча Конвенциясынын 19-беренеси катышуучу мамлекеттерди балдардын укуктарын зомбулуктун бардык түрүнөн коргоону жүзөгө ашыруунун алкагында төмөнкүлөрдү камтыган чараларды кабыл алууга милдеттендирет: «…эскертүү, аныктоо, билдирүү, кароого берүү, териштирүү, дарылоо жана балага каардуу мамиле кылган учурларга байланыштуу кийинки чаралар… ».

БУУнун Балдардын укуктары боюнча комитети 2014-жылдын май айында Кыргызстанга жасаган жыйынтыктоочу сунушунда эң жакшы кызыкчылыктары эске алынбаган курмандык болгон балдарга жана кылмыштардын күбөлөрүнө карата көңүлкош мамиле жасалгандыгы үчүн тынчсызданануусун билдирген.

Ошондой эле БУУнун Комитети кылмыш курмандыгы болгон балдардын жана кылмыштардын күбөлөрүнүн сот адилеттигине мүмкүндүгү чектелгендигине тынчсызданнуусун билдирген, анткени алар ата-энелер жана мыйзамдуу багуучулары сыяктуу өздөрүнүн мыйзамдуу өкүлдөрүнө толугу менен көз каранды.

2019-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирген КР ЖПКда эгерде баланын ою жана анын эң жакшы кызыкчылыктарынын эсеби менен элдешүү так жана даана негизделбесе, анда жашы жете электерге карата зомбулук иштери боюнча тараптардын элдешүүсүнө тыюу салуу каралышы керек деп эсептейбиз.

Мисалга алсак, КР ЖПКнын "Иш боюнча өндүрүштү жокко чыгаруучу жагдайлар" аттуу 26-беренесинде, 13-пункттун 1-бөлүгүндө КР ЖПКнын 23-беренесинин 3-бөлүгүнө жана КР "Жосундар жөнүндө" кодекстин 39-беренесине ылайык, тараптардын элдешүүсүнө байланыштуу иш боюнча өндүрүштү токтотуу мүмкүнчүлүгү каралган. Бул ченемди, тактап айтканда, КР ЖПКнын 26-беренесинин 1-бөлүгүнүн 13-пунктуна төмөнкүдөй мазмундагы толуктоо киргизүү сунушталат: **«, жаш балдарга карата атайылап жасалган кылмыштар жана жосун-**

**дар боюнча иштерди кошпогондо.»**

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 61-беренесинин 2-бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү зарыл, тактап айтканда, *«Кылмыштуу топтун же кылмыштуу уюмдун курамында кылмыш жасаган адам ушул berененин 1-бөлүгү боюнча жазык жоопкерчилигинен бошотууга жатпайт»* сөздөрүнөн кийин **«ошондой эле жаш балдардын өмүрүнө жана саламаттыгына, жыныстык белгилерине каршы атайылап жасалган кылмыштар боюнча»** сөздөрү менен толуктоо керек.

Үй-бүлөдө жашы жете электерге карата жасалган зомбулуктар менен ийгиликтүү күрөшүү үчүн ыркы жок экендиги аныкталган үй-бүлөлөрдө тийиштүү алдын алуу чараларын көрүү керек, үй-бүлөгө же балага жардам көрсөтүү керек. Тобокел тобуна кирген ата-энелер менен алдын алуу сүйлөшүүлөрүн жүргүзүүнү жана мектеп педагогдору менен өз ара иш алып барууну камсыз кылуу керек.

4.2.5 - мисал

2019-жылдын 8-февралында коомчулукка үй-бүлөдө жашы жете электерге карата жасалган дагы бир окуя белгилүү болду.

Ош облусунун Өзгөн районунда жашаган жашы жете элек кыздын (2004-жылы төрөлгөн) кош бойлуулук фактысы боюнча Акыйкатчынын ыйгарым укуктуу өкүлү райондук мамлекеттик администрациянын башчысынын орун басары Р.Мурзакулов жана Өзгөн районунун ИИБнын жетекчиси менен жолугушту, ошондой эле азыркы убакта бул бала жашап жаткан Ош шаарындагы “Ак жүрөк” кризистик борборуна барды.

Териштирүүнүн жүрүшүндө 2019-жылдын 19-январында күндүзгү саат 14:00дө жашы жете электердин иши боюнча инспектор А. Садыров “Баш-Дөбө” айыл өкмөтүндө жашаган балдар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзгөндүгү белгилүү болду. Сүйлөшүү процессинде ал өспүрүм кыз М.к.М.нын кош бойлуу экендигин байкап, бул жөнүндө ИИБнын жетекчисине маалымдаган.

Ыкчам-тергөө тобу тарабынан жүргүзүлгөн сурамжылоонун натыйжасында “2018-жылдын июль айында анын атасы М.М. (1972-жылкы) өз үйүндө

күч колдонуп, аны зордуктаганы” (мындан ары - өспүрүм кыз М.к.М.нын жазуу түрүндөгү көрсөтмөсүнөн) аныкталган. Ошондой эле М.к.М. милиция кызматкерлерине өзүнүн кош бойлуу экендигин тастыктаган.

2019-жылдын 19-январында Өзгөн районун ИИБнын тергөө бөлүмү тарабынан КР ЖКнын 161-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1, 2-пункттарынын негизинде кылмыш иши козголгон. Кийинки күнү (20-январда) КР ЖПКнын 98-беренесинин негизинде зордукчу ата камакка алынган. 21-январда Өзгөн райондук соту ага Ош шаарындагы №25 ТИЗОдо эки айга камоо түрүндө баш коргоо чарасын дайындаган.

Азыркы убакта жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана Өзгөн райондук акимиат тарабынан кыздын үй-бүлөсүнө материалдык жардам көрсөтүлүп, кышкы кийимдер берилди.

Жогоруда баяндалгандардан улам акимиат, ЖӨБ, билим берүү башкармалыктары, балдар иштери боюнча инспекциялардын кызматкерлери, саламаттыкты сактоо, жалпысынан алганда, Үй-бүлөлүк медицина борборлорунун кызматкерлери тарабынан оор жашоо шарттарында жашаган балдарды аныктоо боюнча иштер жүргүзүлбөгөн деп тыянак чыгарууга болот, бул жергиликтүү бийликтин мындай балдардын жана зордукчу менен, бул учурда зордукчу атасы менен бирге жашоого аргасыз болгон балдардын үй-бүлөсүнүн тагдырына толук көңүлкоштугу жана компетенттүү эместиги жөнүндө кабар берет.

Бул окуя КР Акыйкатчы институту тарабынан өзгөчө көзөмөлгө алынды. Акыйкатчынын ыйгарым укуктуу өкүлү КР Өкмөтүнүн Ош облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн наамына аталган факт боюнча комиссия түзүүнүн зарылчылыгы жана тийиштүү чараларды кабыл алуу жөнүндө Көңүл буруу актысын жөнөткөн.

4.2.6-мисал

## ӨГӨЙ КЫЗЫН ЗОРДУКТАГАН ӨГӨЙ АТА 20 ЖЫЛГА СОТТОЛДУ

Акыйкатчынын аппаратына Кыргызстандын Б.Т. аттуу аял кайрылып, Ж.Б. аттуу жаранга карата чара көрүүгө көмөктөшүү арызы менен кайрылды, анткени 2012-жылдан бери ал өзүнүн өгөй кызын зордуктап жүргөн, натыйжада, жашы жете элек кыз кош бойлуу болуп, 2017-жылдын 23-октябрында көз жарган.

Өзгөн райондук соту тарабынан Ж.Б. 15 жылга эркинен ажыратылган. Бирок Б.Т. соттун өкүмү менен макул болбой, КР Акыйкатчысынан Ж.Б.нын ишин кайра кароого жана ага мындан да катуу чара дайындоого көмөк көрсөтүүнү өтүнгөн. Акыйкатчы институтунун кызматкерлери бул жазык ишинин материалдары менен таанышып, чыккандан кийин, ошондой эле КР мыйзамдарына ылайык, кызматкерлер тарабынан сунуш жиберилген, анын негизинде 2018-жылдын 26-апрелинде Ош облустук сотунун кылмыш-жаза иштери боюнча коллегиясында Ж.Б.нын иши кайра каралып, анын эркинен ажыратуу мөөнөтү 15 жылдан 20 жылга көбөйтүлгөн.

4.2.7-мисал

## ӨГӨЙ ЭНЕ ТАРАБЫНАН 9 ЖАШАР КЫЗДЫН УР-ТОКМОККО АЛЫНЫШЫ

2018-жылдын 12-мартында социалдык тармактардын биринен Бишкек ш. №3 Балдар клиникалык ооруканасына көп түрдүү уруп-сабоо белгилери жана жаракаттары менен 9 жашар кыз жеткирилгени белгилүү болду.

Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери аталган ооруканага барып, жабыркаган кыз менен баарлашуу жүргүзгөн. Анын үй-бүлөсү Аламүдүн районундагы Маевка айылында жашайт. Кыздын атасы ички мигрант жана курулушта иштейт. Бала менен баарлашуудан улам өгөй энеси аны бир сындырым нан жегени үчүн сабаганы белгилүү болду.

КР ИИМ катынан аталган факт боюнча А.А. аттуу жаран РК КЖК 105-бер. 3-бөлүгүнүн 3-пунктунун негизинде кармалганы белгилүү болду, ал Аламүдүн районунун Убактылуу кармоочу жайына киргизилген.

Кыздын абалы жакшыргандан кийин «SOS Балдар айылы» мекемесине жөнөтүү чечилген. Ленин райондук үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмүнүн маалыматы боюнча, 2019-жылдын 19-февралында, ал кыз алдын ала камкордукта турат, мектепте окуп жатат жана Бишкек ш. Ленин райондук аймактык социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын көзөмөлүндө турат.

Окуядан кийин кыздын өгөй энеси менен атасы шаардын башка районуна көчүп кетишкен.

Балдарга карата зомбулук фактыларынан көрүнүп тургандай, зомбулукту болтурбоо боюнча мамлекеттик органдар тарабынан көрүлүп жаткан аракеттер натыйжалуу эмес. Баланы таш боор мамиледен коргоо үчүн мамлекет мындай мамилеге келишпөөчүлүктү түзүүгө тийиш.

КР Саламаттык сактоо министрлигинин маалыматы боюнча , 2018-жылы таш боор мамиленин белгилери боюнча жашы жетпеген 51бала ооруканага түшкөн, алардын ичинен 23 бала жана 28 кыз, ал эми 2017-жылы 55 ушундай учур катталган, алардын ичинен 32 бала, 23ү кыз.

КР Саламаттык сактоо министрлиги 2009-2018-жылдары талдоо көрсөткөндөй, көпчүлүк учурларда жашы жете элек балдарга карата зомбулук аталар тарабынан көрсөтүлөт- 163 учур, апалар тарабынан 47, өгөй ата тарабынан-49, өгөй эне тарабынан-8, туугандар тарабынан -55, мугалимдер тарабынан -8, кошуналар тарабынан -34, башкалар тарабынан -59, белгисиз адамдар тарабынан -41, милиция кызматкерлери тарабынан -2.

Балдардын укуктарынын сакталышынын маселелери бул министрлик тарабынан, соттук-укуктук реформаларды ишке ашыруу, жаңы кылмыш-жаза мыйзамдарын, соттук-психиатриялык экспертиза жүргүзүүнүн сапатын жогорулатуу, оор турмуштук жагдайда калган балдарды коргоонун стандарттарын иштеп чыгуу, балдарга карата зомбулук менен күрөшүүдө ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн планын учурдагы маалыматтарды эске алуу менен талкууга алынат.

Ушуга байланыштуу, өкмөт, укук коргоо органдары жана жарандык коом тарабынан балдарды коргоону камсыздоо үчүн олуттуу күч-аракеттер зарыл. Атап айтканда, мыйзамдык жана укуктук базаны, балдарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүн кошо алганда чыңдоо кирет. Мындан тышкары, алар ата-энелердин аң сезимдерине өз балдарынын тагдырына, ден соолугуна, өмүрүнө жана келечегине өзүлөрүнүн жоопкерчилигин сезе алгыдай түшүндүрүү чараларын жана окутуучу иш чараларды жүргүзүү боюнча

үзгүлтүксүз жана олуттуу даярдык иштери зарыл. Өзгөчө мындай иш биздин өлкөнүн аймактарында актуалдуу. Биздин көз карашыбызда, буларга мектептерде балдардын укуктарын, жана укуктарды бузуу үчүн жоопкерчиликти түшүндүргөн сабактар жана ата-энелер чогулуштары ар дайым өтүп туруусу керек. Ата-энелер даярдыктан өтүп, балдар укуктарын түшүнүп эле калбастан, балдарга карата зомбулуктун түрлөрүн айырмалай билип, алардын алгачкы көрүнүштөрүндө кайда кайрылуу керектигин билүүгө тийиш.

Акыйкатчынын буга чейинки жылдардагы баяндамаларында жашы жетпеген балдарга карата ар кандай зомбулук аракеттерине карата чараларды күчөтүү, ар кандай дене бой жазалоолорун алып салуу, аларды кыйноо катары аныктоо каралган. Ошондой эле, кылмыш-процесстик мыйзамдарда эгерде баланын ачык жана так пикири менен негизделбесе жана эң оболу, баланын кызыкчылыктары эске алынбаса, жашы жете элек балдарга карата зомбулук жөнүндө кылмыш иштери боюнча тараптардын жарашуусуна тыюу салууну кароо сунушталган.

Ошондой эле, кылмыш-процесстик мыйзамдарда эгерде баланын ачык жана так пикири менен негизделбесе жана эң оболу, баланын кызыкчылыктары эске алынбаса, жашы жете элек балдарга карата зомбулук жөнүндө кылмыш иштери боюнча тараптардын жарашуусуна тыюу салууну кароо сунушталган.

Мисалга алсак, Акыйкатчы жашы жете элек балдарга карата кыйноо колдонгон субъектилер чөйрөсүн аныктоо менен бирге, колдонуудагы КР КЖК (143-б. «Кыйноо») ушул беренесин жашы жетпегендерге карата кыйноо колдонуучу субьекттердин чөйрөсү (мугалимдер, тарбиячылар жана балдар үчүн мекемедеги чоңдор) менен толуктоону сунуштаган. Бул беренедеги аныктама БУУнун кыйноолорго каршы конвенциясында жазылган аныктамага шайкеш келбейт.

Анын ичинде, анда (КР КЖК) кыйноолорду колдонууга түз тыюу киргизилген, ал эми жашы жете электерге кыйноолорду колдонуу кырдаалды оордотуучу жагдай катары каралган. Кыйноо колдонушу мүмкүн болгон субъектилер чөйрөсүндө расмий жактар Аталган кодексте көрсөтүлгөн эмес.

Жыйынтыгында, расмий жак катары чыга турган тараптарга (мугалимдер, тарбиячылар же балдар үчүн мекемелердеги башка чоң кишилер) жашы жете элек балдарга кыйноо колдонгондугу үчүн жоопкерчиликтен качуу мүмкүнчүлүгү жаралат. Денеге уруп-согуп жазалоо балдардын бедел-баркын басмырлайт жана аларды мазактоо объектисине айлантат.

Андыктан жашы жете элек балдарга кыйноо колдонгон субъетилер чөйрөнү так аныктоо менен мыйзамдын аталган ченемине өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.

КР Башкы прокуратурасы билдиргендей, аткаруу бийлигинин органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары колдонгон чараларга карабастан, 2016-жылдан тартып жашы жете электерге карата жасалган кылмыштардын санынын өсүш тенденциясы, ошондой эле, жашы жете элек балдарды өздөрү тарабынан жасалган кылмыш иштеринин өсүшү туруктуу

бойдон калууда. Ошентип, КР Башкы прокуратурасынын Укуктук статистика жана эсепке алуу башкармалыгынын маалыматтарына ылайык, Кыргызстанда кылмыштардын саны тынымсыз өсүп жатат, эки жыл аралыгында 28,4% жогорулаган.

Жашы жете электерге карата мамилелер боюнча үй-бүлөдөгү зомбулуктар менен натыйжалуу күрөшүүнүн ордуна, аны алдын алуунун тийиштүү чараларын көрүү, анын ичинде жетишпеген үй-бүлөлөрдү аныктоо жана үй-бүлө менен балага жардам көрсөтүү керек. Тобокел топторго кирген ата-энелер менен алдын-ала маектерди жүргүзүү жана мектеп мугалимдери менен өз ара аракеттерди камсыз кылуу зарыл.

Ошентип, балдар эмгегин аныктоонун алкагында, 2018-жылдын биринчи июнунда КР Акыйкатчы институтунун кызматкерлери Эмгектин эл аралык уюму, Эмгек боюнча мамлекеттик инспекция, Социалдык өнүгүү башкармалыгы жана Жашы жете электердин иштери боюнча инспекция менен биргеликте “Дордой” базарында мониторинг жүргүзүлгөн, анын жүрүшүндө базарда негизинен ички жана тышкы мигранттардын балдары акча таап иштешээри аныкталган. Балдардын жашы 5 жаштан 14 жашка чейин. Алардын тизмеси андан ары алар менен иш жүргүзүү үчүн Социалдык өнүгүү башкармалыгына жана Жашы жете электердин иштери боюнча инспекциясына берилген.

4.2.1 - таблица

| Жашы жетпегендерге карата жасалган кылмыштар | Саны |
|---|---|
| 2016 - ж. | 862 |
| 2017 - ж. | 1107 |
| 2018 - ж. | 1368 |

4.2.2 - таблица

| Инсандын жыныстык кол тийгистигине жана инсандын жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар | Саны |
|---|---|
| Зордуктоо | 42 |
| Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер | 17 |
| Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо | 4 |
| 16 жашка чыга элек адам менен жыныстык катнашка баруу | 39 |
| Ыплас аракеттер | 36 |

4.2.3 - таблица

| Өмүргө жана ден соолукка каршы кылмыштар | Саны |
|---|---|
| Өлтүрүү | 10 |
| Ден соолукка атайылап оор зыян келтирүү | 19 |
| Ден соолукка атайылап анча оор эмес зыян келтирүү | 22 |

| | |
|---|---|
| Ден соолукка атайылап жеңил зыян келтирүү | 66 |
| Кыйноолор | 4 |

Алынган маалыматтар мигранттардын балдары зордук-зомбулукка жана алардын эмгегинен пайдаланууга көбүрөөк дуушар болушаарын көрсөттү.

Экономикалык себептерден улам ата-энелер киреше булагын издөөгө муктаж, анын ичинде сөзсүз чет мамлекетке иштөөгө кетүү дагы бар. Өлкөдөн чыгып кетүү зарылдыгы балдарын ата-энесинин ордун алмаштыра албаган чоң энесине, чоң атасына, тайата, тайэнесине жана алыскы туугандарына таштоого эмгек мигранттарын мажбур кылат. Ата-энелер менен болгон байланыштын жоктугу балдардын эмоционалдык жана психикалык абалына таасирин тийгизет, бул болсо өз кезегинде ар кайсы чөйрөдө, айрыкча, окууда жана классташ-достору менен баарлашууда тескери таасирин тийгизет.

## ТЫЯНАКТАР

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Балдар жөнүндө кодекске өзгөртүүлөр иштелип жатат, анда балдарын кароосуз калтырган ата-энелердин жоопкерчилиги аныкталат. Атап айтканда, ата-энелер балдарды убактылуу асырап алууга берүүгө милдеттендирилет. Ошол эле учурда, эгер алар чет мамлекетте иштөөнү улантууну чечишсе, 6 айдын өтүшү менен алар бир же андан ашык жылга чейин туруктуу асырап алуу тууралуу документ толтуруусу зарыл болот. Мындай кадамдар албетте, бардык көйгөйлөрдү чечпеши мүмкүн, бирок өзүнүн балдарынын жашоосунун коопсуздугу жана ден соолугунун сакталышы үчүн, алардын коомдо психологиялык жана социалдык жактан көнүүсү үчүн ата-энелердин жоопкерчилигинин чараларын күчөтөт.

Балдардын татыктуу жашоого болгон укугунун бузулушу үчүн ата-энелер сыяктуу эле, балдарды асырап калган адамдардын дагы жазасын күчөтүүнүн натыйжалуулугун изилдеп чыгуу зарыл.

Ата-энелик укук балдардын кызыкчылыктары менен карама-каршылыкта ишке ашпайт. Балдардын кызыкчылыктарын камсыздоо алардын ата-энелеринин негизги камкордугунун предмети жана ошондой эле мамлекет тарабынан да болгон камкордуктун предмети болушу керек.

Ата-энелик укукту ишке ашырууда ата-энелер жана алардын ордундагы адамдар балдардын физикалык жана психикалык саламаттыгына, алардын акыл-эсинин өсүшүнө залака тийгизүүгө укугу жок. Балдарды тарбиялоонун жолдору мээримсиз, катаал, орой, адамдын ар-намысын тебелеген мамилелерди, мазактоо же аларды пайдаланууну жокко чыгарат.

Кыргыз Республикасынын РФ жарандары менен байланыштуу болгон маселелер боюнча өз ара аракеттенүү максатында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы 2018- жылы Балдардын укугу боюнча РФ ыйгарым укуктуу өкүлү А.Кузнецова менен биргеликте кызматташуу тууралуу меморандумга кол койгон. Москва шаарына болгон иш сапардын убагында Акыйкатчы Т. Мамытов Балдардын укугу боюнча РФ ыйгарым өкүлүнүн кийлигишүүсү

менен балдар үйлөрүнө барып, кыдыруу учурунда ал тигил же бул себептерден улам балдар үйлөрүндө жайгашып калган КР жарандарынын балдары менен жолуккан. Репатриация болгон (мекенине кайтарыла турган) балдардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине өткөрүлүп берилген. Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин жообунан балдар Кыргызстанга кайтарылгандыгы белгилүү болду[93].

Мигранттардын балдарына болгон зордук-зомбулукту жана башка жагымсыз факторлорду болтурбоо максатында социалдык педагогдордун, социалдык коргоо кызматкерлеринин, жашы жете элек балдардын иштери боюнча инспекциянын квалификациясын жогорулатуу, ата-энелер менен алардын туугандарына түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, балдарды зордук-зомбулуктан коргоо жана үй-бүлөлөр менен балдарга жардам көрсөтүү боюнча чараларды күчөтүү зарыл. Жашы жете элек балдардын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо боюнча мамлекеттик органдардын ортосунда өз ара тыгыз аракеттенүүнү жолго коюу зарыл.

**Сунуштар КР Өкмөтүнө:**

1. Балдар жөнүндө Кодекске өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу маселени карап чыгуу – " эмгек мигранттарынын балдары" аныктамасын киргизүү;

2. Балдарды кароосуз калтыргандыгы үчүн (убактылуу багууга) ата-энелердин (алардын ордундагы адамдардын) жоопкерчилигин аныктаган өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду улуттук мыйзамдарга киргизүү тууралуу маселени карап чыгуу;

3. Балдарга карата зордук-зомбулукту алдын алуу жана көзөмөлдөөнүн, ошондой эле эмгек мигранттарынын балдарын аныктоонун системалык чараларын карап чыгуу;

4. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине жана Кылмыш-жаза кодексине (2019-жылдын 1-январынан күчүнө кирген) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун иштеп чыгуу, анда жаш балдарга карата атайылап жасалган кылмыштар жана жосундар боюнча тараптар жарашып алган шартта да кылмыш ишин өндүрүштөн кыскартуу (жоопкерчиликтен бошотуу) мүмкүнчүлүгүн алып салуу.

**Сунуштар Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине:**

1. Туруктуу негизде мигранттардын балдары жана турмуштук оор кырдаалдагы балдар тууралуу маалыматтык база түзүү боюнча маселени карап чыгуу;

2. Туруктуу негизде мигранттардын балдарын аныктоо, аларга жана алардын үй- бүлөсүнө социалдык жана укуктук жардам көрсөтүү боюнча мониторинг жүргүзүү;

93. КР ЭСӨМ жообу (чыг. 15/1-7/589 29.01.2019-ж.)

3. Башка адамдардын тарбиялоосундагы мигрант- балдар жөнүндө маалымат берүү үчүн мекемелердин жетекчилеринин жана жарандардын жоопкерчиликтерин жогорулатуу механизмдерин аныктоо;

4. Балдар иштери боюнча комиссиянын ишмердигине көзөмөлдү күчөтүү.

## 4.3. АЛИМЕНТТЕРДИ ТӨЛӨӨ БОЮНЧА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРДИН АТКАРЫЛЫШЫНА БАЙЛАНЫШТУУ МАСЕЛЕЛЕР

2015-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) жылдык баяндамасында «Алимент төлөөдөгү милдеттер боюнча карызкорлорду издөөдө соттун чечимдерин аткарбагандыгы үчүн көзөмөлдү жүзөгө ашыруу. Аткаруу өндүрүшүнө катышкан өндүрүүчү же карызкордун милдеттерин белгилөө, аткаруу өндүрүшүнүн учурунда өзүнүн дарегинин алмашкандыгы туурасында сот аткаруучулардын кызматына билдирүү» сыяктуу, карызкорду издөө боюнча соттук чечимдердин аткарылышы үчүн көзөмөлдү жүзөгө ашыруу бөлүгүндө, алименттердин төлөнбөгөндүгүнө байланыштуу көйгөйлөр боюнча сунуштар берилген.

КР Сот департаментинин маалыматы боюнча, 2017-жылы алимент албагандыгы тууралуу 166 кайрылуу түшкөн, ал эми 2018-жылы 193 кайрылуу болгон. Ошол эле учурда, чет өлкөлөрдө жүргөн карыз-мигранттары боюнча анализ жүргүзбөйт.

Акыйкатчы институту тарабынан алименттерди өз учурунда алууга болгон укуктун сакталышына системдүү түрдө мониторинг жүргүзүлүп келет, КР Акыйкатчысынын жылдык баяндамасында берилген бул маселеге байланыштуу кырдаалды чагылдыруу боюнча КР Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментинин дарегине сунуштар иштелип чыгат.

Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча 2018-жыдын 1-январына карата калктын саны 6 млн. 256 миң 700 адамды түзгөн, анын ичинде 2 млн. 119 миң 502си – жашы жете элек балдар.

Акыйкатчы аппаратына жашы жете элек балдарды багууга алимент төлөнбөй жаткандыгы туурасында арыз-дооматтар келет. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн КР Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментине жана ИИМге тиешелүү чараларды көрүү үчүн, анын ичинде карызкорду табуу боюнча каттар жолдонот.

Жашы жете элек балдарды жана башка эмгекке жарамсыз үй-бүлө мүчөлөрүн материалдык-техникалык жактан багуу көйгөйү КР Үй-бүлө кодексинде тартипке салынган. Мамлекет мыйзамдык деңгээлде калктын социалдык жактан аялуу катмарын жана өзүнүн жашына же ден соолугунун абалына жараша, эмгекке жарамсыз жарандарды коргоого алат.

Балдардын абалы жана алардын укуктары Кыргызстанда үй-бүлөнү жана баланы колдоо боюнча мамлекеттик саясатты түзүүчү катары саналат. КР Конституциясынын 36-беренесине ылайык, ар бир бала өзүнө зарыл бол-

гон жашоо деңгээлине, физикалык, акыл-эстик, жан дүйнөлүк, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүүгө укуктуу. Баланын өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлин камсыздоо үчүн болгон жоопкерчиликти өзүнүн жөндөмүнө жана каржылык мүмкүнчүлүгүнө карата баланы тарбиялап жаткан ар бир ата-энеге жана башка адамдарга жүктөлгөн. Үй-бүлө - коомдун өзөгү. Үй-бүлө, аталык, энелик, балалык - жалпы коомдун камкордугунун предмети жана мыйзам тарабынан өзгөчө корголгон.

Мамлекеттин ар кайсы чөйрөдөгү милдеттерин аныктаган Балдардын укуктары жөнүндө конвенция баланын укуктарын коргоо боюнча негизги эл аралык документ болуп саналат.

2017-жылдын 2-мартында Жогорку Кеңеш карызкор тарабынан атайын укуктарды: аткаруучу документтин талаптарынын толук көлөмдө аткарылганга чейин же болбосо чектөөнү артка кайтаруу үчүн негиздер пайда болгонго чейин карызкорго мергенчиликке чыгууга жана транспортту башкарууга убактылуу чектөөлөрдү караган «Алименттик милдеттерди жөнгө салуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзамды кабыл алды.

3-березенин 2- жана 3-бөлүгүндө «Маалыматтык базаларды түзүү жана тейлөө тартиби Кыргыз Республикасынын башкы соттук аткаруучусу тарабынан аныкталат» деп жазылган, бирок КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин сайтында мындай маалымат жок.

Биринчиден, бул алименттер боюнча карызкорлорго таасир этүүнүн каражаты, экинчиден, КР Чек ара кызматына жана башка мамлекеттик органдарга уруксат берүү карызкорлорду издөө иштерин жакшыртууга жардам берет.

Кыргызстанда алименттерди төлөөдөгү келип чыккан кырдаалдар алименттерди чогултууда мамлекеттик механизмдин жетиштүү деңгээлде таасирдүү эмес экендигин көрсөтөт. Жоопкерлердин соттун чечимин аткаруудан качышы негизги көйгөй болуп саналат. Колунда соттун чечими турса дагы, көпчүлүк учурларда, доогерлер алиментти сот аткаруучулардын жардамы менен дагы төлөтүп ала алышпайт.

Ошондой эле, сот аткаруучулардын өздөрү тараптан дагы алименттерди төлөө боюнча жоопкерлердин соттук чечимдерди аткарбоосуна карата аракетсиздиги же жетишсиз мамиле жасоосу байкалат. Колдогу маалыматтарды талдоого алганда карызкордун узак убакыт бою издөөдө жүргөндүгүнө байланыштуу алименттер чогултулбаган мисалдар да кездешет. Ошол эле учурда Акыйкатчынын КР ИИМине жиберген катына келген жоопто карызкор өзүнүн эле дарегинде жашап жаткандыгы жана кадимкидей эле жашап жаткандыгы, жана карызкорду эч ким издебегендиги айтылат.

КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин маалыматынан улам алименттерди төлөө жөнүндө соттун чечимин аткарбоо боюнча арыздардын саны көбөйгөнү туурасында жыйынтыкты чыгарууга болот.

4.3.1 - таблица

## КР СОТТОРУНУН ЧЕЧИМДЕРИНИН АТКАРЫЛБАГАНДЫГЫ ТУУРАЛУУ АРЫЗ ДАТТАНУУЛАР[94]

| КР сотторунун чечимдеринин аткарылбагандыгы тууралуу арыздар жана дооматтар | 2017 | 2018 |
|---|---|---|
| Алименттерди төлөбөгөндүгү тууралуу келген арыздардын саны | 166 | 193 |
| Издөөдө жүргөн карызкорлордун саны | 2533 | 2731 |
| Өлкөдөн чыгууга тыюу салынган карызкорлордун саны | | |
| Козголгон кылмыш иштеринин саны | 63 | 10 |
| Токтотулган кылмыш иштеринин саны | 9 | 5 |

Мисалы, 2017-жылы издөө жарыяланган карызкорлордун саны 2533 адамды түзгөн, ал эми 2018-жылы 2731 карызкор издөөдө жүргөн.

Сот департаментинин маалыматы боюнча, 2017-жылы республикадагы укук коргоо органдарына алименттерди төлөө жөнүндө соттун чечимин аткаруудан баш тарткандыгы үчүн карызкорлорду кылмыш жоопкерчилигине тартуу боюнча 63 түшүндүрмө берилген (анын 9у токтотулган), ал эми 2018-жылы – 10 (анын ичинен 5и токтотулган). Сот департаменти өз катында чет өлкөлөрдөгү карызкор-мигранттар боюнча талдоо жүргүзүлбөгөндүгүн маалымдайт.

2018-жылы Акыйкатчы аппаратына алименттерди төлөтүп алууга көмөк көрсөтүү өтүнүчү менен 22 арыз түшкөн. Аларды кароодо мыйзам ченемдүү көрүнүш: Сот департаменти такталбаган маалыматтарды берээри аныкталган.

4.3.1-мисал

### КАРЫЗКОРДУ ИЗДӨӨ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАРДЫН ШАЙКЕШ ЭМЕСТИГИ

Мисалы, жаран Т.Н. соттун чечими боюнча мурдагы күйөөсүнөн алимент өндүрүү тууралуу арызына байланыштуу алынган жоопко ылайык, сот аткаруучунун түшүндүрмөсү боюнча, сот карызкорго издөө жарыялаган. Издөөнү жүзөгө ашыруу Жалал-Абад облусунун Майлуу-Суу шаардык ИИБине тапшырылган. Бирок, Майлуу-Суу шаардык ИИБнен алынган жоопто жоопкерге издөө жарыялангандыгы тууралуу чечим болгон эмес, анын үстүнө жоопкер жашырынган эмес, б.а. Сот департаменти такталбаган маалымат берген[95].

Келген арыздарды талдоодо көбүнчө карызкорлор жумушу жана туруктуу кирешеси жоктугунан алимент төлөй алышпайт же болбосо ден соолугунун абалына байланыштуу эмгекке жарамсыз болуп саналат деген жыйын-

94. КР ЖС Сот департаментинин жообу (чыг. №04-1-2/5317 27.12.2018-ж.).
95. (кир.номер жана датасы.)

тыкка келсе болот. Ошондой эле бул маселеде эмгек миграциясы чоң роль ойнойт. Бала менен сүйлөшүүгө доогерлер тоскоол болгон учурлар да кездешет. Карызкорлор төлөнгөн алименттин эмнеге коротулгандыгын билишпейт, мындан улам ишенбөөчүлүк келип чыгат. Айрым учурларда карызкорлор карызды төлөө үчүн эле иштегилери келбейт же алимент төлөөнүн жол-жобосун билишпейт. Ошондой эле карызкорлор менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлбөгөндүгү аныкталган. Жашаган жери алмашкан учурда сот аткаруучулар карызкордун мурдагы жашаган жери боюнча издей алышат. Кээде карызкорлор өндүрүлгөн алименттин көлөмү менен макул болбостон, чыныгы кирешесинин көлөмүн жашырып коюшат, ал эми жумуш берүүчүлөр эмгек акы тууралуу маалымдамада кирешени азайтып жазып берүү менен карызкорлордун алименттен качуусуна таасир этишет.

Сот аткаруучуларга карата арыз ээлеринин даттануулары алименттерди өндүрүүнүн натыйжасыздыгын көрсөтөт. Себептердин катарында – мүлкүнүн бар экенин, кирешелеринин булактарын, атайын укуктарды текшерүүнүн камсыз болбогондугу, жумуш берүүчү тарабынан алименттердин толук түрдө жана өз убагында которулушуна болгон көзөмөлдүн натыйжасыз болушу саналат.

Сот аткаруучулар алименттерди өндүрүү боюнча башка субъекттер менен тиешелүү түрдө өз ара иштөөнү ишке ашырышпайт (жумуш берүүчүлөр, ИИБ, прокуратура). Бул маселени Департаментте алименттер жана үй-бүлөлүк чыр-чатактар боюнча балдардын укуктарын ишке ашыруу маселелери боюнча бөлүмдү түзүү менен чечсе болот, анткени, бул бөлүмдүн кызматкерлери башка иштер боюнча аткаруу өндүрүшү менен алектенбейт, аларда маалыматты терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк болот жана арыз ээси жана карызкорлор менен тыгыз иш жүргүзөт.

Кыргызстандан тышкары чыгып кетишкен ата-энелер тарабынан алименттерди төлөө маселеси курч бойдон турат. Чет элдик жарандардан жана чет өлкөлөргө чыгып кеткен жарандардан алимент өндүрүүнүн эрежелерин кабыл алуу зарыл. Чет мамлекеттердин аймагында жашаган жарандардан алименттерди өндүрүүгө байланыштуу маселелер дагы дыкат изилдөөнү талап кылат.

Башка өлкөлөрдүн аймагында жүргөн карызкорлордон алименттерди өндүрүү үчүн соттун чечимдерин аткаруу жөнүндөгү кошумча эл аралык келишимдерге кол коюу зарыл (КР ТИМине тиешелүү кат жолдонгон).

Мындай жол менен КР сотторунун чечимдерин аткаруу Кыргыз Республикасынын аймагында, ошондой эле КМШ алкагында укуктук жардамдашуу жөнүндө келишимдердин (Кыргызстан тарабынан ратификацияланган Кишинев жана Минск конвенциялары) катышуучу-мамлекеттеринин аймагында натыйжалуу болот.

4.3.2- мисал

## АКШДА АЛИМЕНТТЕРДИ ӨНДҮРҮҮ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ЖӨНҮНДӨ

КР Акыйкатчысынын наамына жаран Б.А. кайрылып, алимент өндүрүү жөнүндө маселени чечүүгө жардам көрсөтүүнү өтүнгөн, анткени анын мурдагы күйөөсү А.С. (алимент боюнча карызкор) Кыргыз Республикасынын аймагынан болжолдуу түрдө АКШга чыгып кеткен. Бул маселеде Гаага конвенциясын КР ратификациялабаганы терс таасирин тийгизди.

КР ТИМине кат жөнөтүлгөн. Андан тышкары, Сот департаментинин жообунда жаран Б.А. Россия Федерациясынын компетенттүү органдарына тиешелүү арыз жолдоо өтүнүчү менен кайрылганы белгилүү болду. Бирок, арызданууучунун божомолунда карызкор РФдан чыгып, АКШга кеткен.

Сот департаменти тарабынан КР Башкы сот аткаруучусуна Россия Федерациясынын аймагында карызкордун болгондугу же катталгандыгы жөнүндө маалымат алууга укуктук жардам көрсөтүү туурасында тапшырма-өтүнүч жолдонгон.

АКШ аймагында алиментти өндүрүү туурасындагы маселе чечилген жок, анткени Кыргыз Республикасы балдарга жана үй-бүлөнү багуудагы башка формаларга алимент өндүрүүнүн эл аралык тартиби жөнүндө Гаага конвенциясынын катышуучусу эмес. Сот департаменти аталган конвенцияга кошулуу үчүн зарыл болгон чараларды көрүүдө.

Акыйкатчы аппараты дагы КР ТИМине кат жолдоду ( жообу күтүлүүдө).

4.3.3-мисал

## РОССИЯДА АЛИМЕНТТЕРДИ ӨНДҮРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

Жаран С.Б. Москва шаарындагы шаардык соттун чечими кабыл алынгандан тартып аны аткарбай жүргөн Россия Федерациясынын жараны Н.Н.дан алимент өндүрүүгө жардам көрсөтүү өтүнүчү менен кайрылган. Аталган арыз боюнча РФ Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнө РФ Башкы сотуна жолдонгон тиешелүү каттын аткарылышы боюнча, Н.Н.дан мажбурлап алимент өндүрүү жөнүндө ишти көзөмөлгө алуу өтүнүчү менен кат жолдонгон.

Алынган жоопко ылайык, аткаруу өндүрүшү 2018-жылдын 5-июлунда аяктаган жана 53 миң 292 рубль көлөмүндөгү карыз өндүрүүчүгө 2018-жылдын 19-июнунда которулган. Ошондой эле 2018-жылдын 14-июнунда карызкордун айлык акысынан өндүрүү жөнүндө токтом чыккан[96].

Москва шаарынын Тимирязев районундагы №333 соттук участкасынын дүйнөлүк судьясынын 2018-жылдын 1-июнундагы токтому менен Н.Н.административдик мыйзамды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылган жана 20 сааттык мөөнөткө милдеттүү иштөө түрүндө жаза каралган.

96. 2018-ж. 19-июнундагы Россия Федерациясынан чыкпоого убактылуу чектөө жөнүндө токтом

КР Үй-бүлө кодексинин 223-беренесинин 4-пунктуна ылайык, укуктук жардам жөнүндө эл аралык келишимдер жок болгон чет мамлекеттерге туруктуу жашоо үчүн кеткен учурларда, соттун чечими мыйзамдуу түрдө күчүнө киргенден кийин, ата-энелердин биринен алимент өндүрүлөт, өлкөдөн чыгып кеткенге чейин соттун чечими менен баланын жашы жеткенге чейинки бардык мезгил үчүн алимент өндүрүлүшү мүмкүн.

КР аймагында алименттик милдеттери бар карызкордун ишине же жашаган жерине байланыштуу учурларда чет өлкөдө алимент өндүрүүгө Кыргызстан менен тиешелүү мамлекеттин ортосундагы келишим же соттук чечимдерди өз ара таануу жана аткаруу жөнүндө көп тараптуу эл аралык келишимдерди ратификациялоо негиз болуп саналат.

КР Конституциясынын 23-беренесине ылайык, мажбурлап иштетүүгө соттун өкүмү менен гана же болбосо өзгөчө кырдаалдардын же аскердик абалдын шартында жол берилет. Сот аткаруучунун карызкорду мажбурлап ишке орноштурууга укугу жок. Бул эмгекке жарамдуу болуп туруп карызкордун соттун чечимин аткарбастан, жумуш иштебей жүрө берүүсүнө жол ачат. Жыйынтыгында, карызкорго болгон укуктук таасир этүү чаралары болбогондуктан көп балдар мыйзам тарабынан каралган алименттерди ала алышпайт.

Алименттик милдеттер жөнүндө чыр-чатактарды жөнгө салуучу каражаттардын бири чыр-чатактардын алдын алуучу, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоого таасир этүүчү, социалдык мамилелердин айкалышуусун жөнгө салуу боюнча медиацияларды колдонуу үчүн укуктук негизди түзүү максатында иштелип чыккан "Медиация жөнүндө" мыйзамда каралган.

Аталган мыйзамдын 1-беренесинин 1-пунктуна ылайык, жарандык, үй-бүлөлүк жана эмгектик укук мамилелеринен келип чыккан чыр-чатактарга медиацияларды колдонуу менен байланышкан мамилелер жөнгө салынат. Тараптар медиациянын жол-жоболорун өткөрүүнү бардык келишимдерде чыр-чатактарды соттон тышкаркы же сотко чейинки тартипте милдеттүү түрдө жөнгө салуу катары карап чыгышат.

## ТЫЯНАКТАР

Баланы тарбиялоого керектелген алименттерди төлөө боюнча милдеттер баланы коргоонун атайын чараларынын бири катары эле эсептелбестен, КР экономикалык абалын эске алуу менен аялдардын укугун коргоого багытталган чара катары да саналат.

Акыйкатчы аппаратына келген, алименттик милдеттерге байланыштуу маселелер боюнча кайрылууларга болгон талдоолор буларды көрсөттү:

Алименттик милдеттер жөнүндө КР Мыйзамында каралган алименттер боюнча карызкорлор туурасындагы маалыматтык база жок;

- Эл аралык келишимдер алименттерди төлөөдөгү көйгөйлөрдү толук түрдө чече албайт же болбосо кошумча келишимдерди түзүү керек-

телет. Эл аралык келишимдерди түзүүдө балдарга карата алименттерди төлөө маселелерин эске алуу зарыл;

- Карызкорлордун абийирсиздиги алименттик милдеттердин аткарылбашына себеп болот;
- Алиментти төлөөдөн качкандыгы үчүн жоопкерчиликти катаалдаштыруу зарыл;
- Чет мамлекеттердеги мигранттардын расмий эмес эмгектик ишмердүүлүгү, жашаган жерин жана иштеген жерин аныктоодо татаалдыктарды жаратат;
- Карызкорлорду издөөдө укук коргоо органдарынын жетишсиз аракеттери;
- Сот аткаруучулар кызматкерлеринин натыйжасыз иштери;
- Маалыматтарды бербегендиги үчүн карызкорлорго карата жазанын жоктугу (жашаган жеринин өзгөргөнүн, кирешесинин көлөмү жөнүндө);
- Доогерлердин жана карызкорлордун укуктук жактан маалымдар болуусунун төмөндүгү;
- Аялуу аялдарга квалификациялуу юридикалык жардамдын жетишсиздиги.

Мыйзам тарабынан карызкорду издөө жана анын Кыргыз Республикасынан чыгып кетүүсүнө убактылуу чектөөлөр сыяктуу чаралар каралган, Сот департаменти алименттик милдеттер боюнча карызкорлордун базасын түзүүгө милдеттүү, бирок департаменттин сайтында мындай маалыматтар жок.

Балдардын татыктуу жашоосун жана башка социалдык кызматтарга болгон укугун камсыздоо үчүн алименттерди төлөө боюнча мамлекеттик фондду түзүү жөнүндө маселени башка мамлекеттердин мисалында карап чыгуу зарыл. КР Конституциясынын 36-беренесине ылайык, жетим балдарды, ата-энесинин камкордугунан ажыраган балдарды багуу, тарбиялоо, окутууну мамлекет камсыздайт.

Мамлекеттен тышкары алименттерди өндүрүү жөнүндө соттун чечимин аткарууну камсыздоо татаал экендигин тажрыйбалар көрсөттү. КР сотторунун чечимдери башка мамлекеттердин аймагында таанылышы үчүн эл аралык келишимдерди түзүү зарыл.

Азыркы таптагы алименттер боюнча карызкорлорго таасир этүүчү каражаттар кырдаалдарды жакшыртууга алып келбейт. КР мыйзамдары алардын алименттик милдеттерден качып кетүүсүнө жол ачат. Таасири көбүрөөк чараларды иштеп чыгуу зарыл.

Ошондой эле 2019-жылдын 1-январынан тарта күчүнө кирген КР Кылмыш-жаза кодекси ата-энесинин бирөөсү тарабынан алимент төлөнбөгөн учурда баланын кызыкчылыгын толук түрдө коргой албасын белгилеп коюу зарыл. Мурдагы КР Кылмыш-жаза кодексинде бул маселеге өзүнчө бере-

не каралган (162-берене, «Балдарды багууга каражатты төлөбөө»). Азыркы учурда мындай баланын кызыкчылыгына каршы мыйзамсыз иш-аракеттер «балдарды багуудан ата-энесинин качышы» сыяктуу жоруктар КР Жоруктар жөнүндө кодексинин 77-беренесинде чагылдырылган.

Кылмыштын мындай түрлөрүнө болгон гумандашуунун себептерине тиешелүү болгон маселелерге токтолбостон эле, КР Өкмөтүнө мыйзамды кайра иштеп чыгууну жана КР Жоруктар жөнүндө кодексинин 77-беренесин алименттерди төлөөдөн качкан адамдардын эгер жумушу жок болсо, жумуш табууга милдеттендирген жазык-аткаруу, укуктук таасир этүүнүн кошумча чаралары катары сотторго уруксат берүүчү ченемдер менен толуктоону сунуштайбыз.

### Сунуштамалар

### КР Өкмөтүнө:

1. Эки тараптуу эл аралык келишимдерди түзүү аркылуу Кишинев менен Минск конвенциясынын катышуучусу болбогон мамлекеттер менен алименттик милдеттердин аткарылышын жөнгө салуу. Алименттер боюнча чечимдерди өндүрүү жана аткаруу боюнча маселелерди Гаага конвенциясы жөнгө салаарын эске алуу;

2. КР Мамлекеттик миграция кызматына: КР Сот аткаруу кызматынын катышуусу менен алименттер жана өндүрүүнү камсыздоо боюнча карызкордун өлкөгө кирүү датасын аныктоо үчүн чет мамлекеттердин миграциялык кызматтары менен өз ара аракеттенүүнүн механизмдерин карап чыгуу;

3. Карызкорлордун мамлекет тарабынан төлөнгөн каражатынан өндүрүү менен мамлекет тарабынан бекитилген алименттин минималдуу төлөмү жөнүндө ченем менен толуктоо, «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» КР мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн кароо;

4. Алименттерди төлөөдөн атайын качкан карызкорлорду аныктоо жана аларды жоопкерчиликке тартуу максатында эмгекке жарамдуу карызкорлорду жумушсуз катары катталууга сот аркылуу милдеттендирүүгө сот аткаруучуларга ыйгарымдарды бөлүштүрүү тууралуу маселени иштеп чыгуу;

5. Эмгекке жарамдуу карызкорду эмгекке мажбурлоочу жазык-укуктук иш-аракеттердин кошумча чарасы катары карап чыгуу менен КР Жоруктар жөнүндө кодексинин 77-беренесине толуктоолорду киргизүү.

**КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментине:**

1. 2017-жылдын 2-мартындагы №41 «Алименттик милдеттерди жөнгө салуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамын ишке ашыруу максатында, (3-берене 2;3-бөлүгү) «Маалыматтардын базасын түзүү жана иштетүү тартиби Кыргыз Республикасынын Башкы сот аткаруучусу тарабынан аныкталат» деп белгиленген, аталган мыйзамдын ченемдерин токтоосуз түрдө аткаруу;

2. КР мамлекеттик түзүмдөрү, ИИМ жана Чек ара кызматы менен тыгыз иштешүүнүн механизмдерин иштеп чыгуу, издөөдө жүргөн алименттер боюнча карызкорлордун бирдиктүү маалымат базасын киргизүү;

3. Алиментти төлөөнүн жолдору жана тартиби (мөөнөтү) тууралуу билдирүүчү маалыматтары менен буклет-эскертмелерди иштеп чыгуу;

4. Алименттерди төлөө зарылдыгы, ошондой эле алименттик милдеттенмелер боюнча соттун чечимин аткарбагандыгы үчүн жаза каралаары тууралуу билдирүүгө кошумча буклет-эскертмелерди даярдоону сот аткаруучуларга сунуштоо;

5. ММК аркылуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

6. Айлык акысы жөнүндө маалыматты маалымкаттарда азайтып көрсөткөндүгү үчүн иш берүүчүнүн жоопкерчилиги тууралуу маселени карап чыгуу. Карызкор маалыматты көрсөткөн соң, маалымкаттарда көрсөтүлгөн кирешелер менен маалыматтын дал келүүсү үчүн Социалдык фонд жана КР МСК органдары аркылуу текшерүү жүргүзүүгө сот аткаруучуларды милдеттендирүү;

7. Аткаруу өндүрүшүндө медиация институтун колдонуу тажрыйбасын кеңейтүү;

8. Алименттер боюнча өндүрүштү ишке ашыруу менен алектенген сот аткаруучуларды колдоо жөнүндө маселени карап чыгуу;

9. Сот аткаруучулар кызматында балдардын укуктарын ишке ашыруу боюнча алименттик милдеттер жана үй-бүлөлүк чыр-чатак маселелери менен гана алектенген сектор же бөлүм түзүү сунушталат.

# V БӨЛҮМ. ЖАРАНДЫК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАР

## 5.1. ТЫНЧ ЧОГУЛУШТАРГА ЭРКИН ЧОГУЛУУ УКУГУ

2018-жылы тынч жыйындарга чогулуу эркиндиги боюнча маселелердин басымдуу бөлүгү 2017-2018-жылдары Бишкек шаарынын ар кайсы райондорунда чогулуштарды өткөрүү орду, убагы же багыты боюнча убактылуу тыюу салган ички иштер органдарынын (мындан ары-ИИО) чечимдерине байланыштуу болду[97].

ИИО чечимдеринен улам жарандар Акыйкатчынын наамына[98] кайрылуу жолдошту, ошол эле учурда ИИО 2018-жылдын 29-ноябрь жана 10-декабрындагы чечимдеринин мыйзамдуулугу менен негиздүүлүгү сот органдарынын[99] кароосуна түрткү болду.

2018-жылы Бишкек шаары боюнча бак-дарактарды кыюуга каршылык акциялары болуп өттү. Ошол учурда бардык жыйындарды өткөрүү орду катары аныкталган Э.З.Гареев атындагы Ботаникалык багы, "Ак-Кула" ат майданы жана Максим Горькийдин эстелигинин алдындагы (Исанов көчөсү) гүл бакчанын менчик ээсинин макамы жана жыйындарды өткөрүү үчүн ылайыктуулугу жөнүндө маселе келип чыкты.

Кыргыз Республикасында тынч жыйындарды өткөрүү эркиндигин камсыздоо маселеси БУУнун Адам укуктары боюнча комитети менен Кыргыз Республикасынын жеке билдирүүлөрдү кароосуна себеп болду.

### КЫРДААЛГА СЕРЕП

Тынч жыйындарга чогулуу эркиндигине болгон укук Кыргыз Республикасы ратификациялаган төмөндөгүдөй адам укуктары жана эркиндиктери тууралуу эл аралык документтерде бекемделген. Атап айтсак, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пакт (21-бер.) менен Баланын укугу жөнүндөгү конвенциясы (15-бер.).

Тынч жыйындарга чогулуу эркиндиги Адам укуктары жөнүндө жалпы декларацияда көрсөтүлгөн (20-бер.). Тынч жыйындарга чогулуу эркиндигинин кепилдиги КР Конституциясында бекитилген (34 жана 20-бер.). Чогулуштарды өткөрүү жөнүндө билдирүүлөрдү берүү милдеттенме катары эмес, укук катары каралат, жыйындарды камсыздоо бийлик органдарына жүктөлөт.

---

97. "Кылым шамы" адам укугун коргоо борборунун Тынч жыйындар эркин чогулуу укугу жөнүндө жана анын КР жүзөгө ашыруу тажрыйбасы баяндамасын кара. 2017-2018-жылдардагы мониторинг жыйынтыгы. Г.Абдирасулова менен Д.Кабак.

98. Даттануучулар – Т.А., Ч.М., С.Н. ж.б., Кириш №Т-1254 07.12.2018 ж.

99. Бишкек ш. Биринчи май райондук сотунун 2018-жылдын 29-ноябрындагы чечими (төрагалык кылуучу судья Калыбаев А.Ж.) жана 2018-жылдын 11-декабрындагы чечими (төрагалык кылуучу судья Уметова А.Т.)

Конституциялык жобо боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзам актылары эл аралык укуктун принциптери жана ченемдери Кыргыз Республикасынын[100] мыйзамдык тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат жана милдеттүү күчкө ээ экендигин тастыктоо менен тынч жыйындарга чогулуу укугун бекемдейт.

Тынч жыйындарга чогулуу укугун камсыздоо максатында «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамы кабыл алынган[101]. Ал Мыйзамда мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттенмелери аныкталган, тынч жыйындарга чогулуу эркиндиги укугун камсыздоо боюнча чаралар, катышуучулар менен уюштуруучулардын укуктары жана милдеттери каралган, тынч жыйындарды чектөөнүн жана токтотуунун негиздери жана тартиби жазылган.

КР ИИМ маалыматына ылайык, 2018-жылы республика аймагында жалпы 552 митинг жана каршылык акциялары өткөрүлгөн[102]. Аймактар боюнча алганда: Бишкек ш. – 290, Чүй облусунда – 96, Ысык-Көл облусунда – 38, Нарын облусунда – 17, Талас облусунда - 17, Жалал-Абад облусунда – 51, Ош облусунда – 16, Ош ш. - 6, Баткен облусунда – 21 митинг жана акция болгон

## ЖЫЙЫНДАРДЫН ТЕМАТИКАСЫ ЖАНА ТАЛАПТАРЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ:

Саясий мүнөздөгү иш-чаралар – 116, анын ичинде: Бишкек ш. – 89, Чүй облусунда – 9, Ысык-Көл облусунда – 5, Нарын облусунда – 5, Талас облусунда - 2, Жалал-Абад облусунда – 3, Ош ш. - 1, Баткен облусунда – 2.

Социалдык-экономикалык жана турмуш-тиричилик шарттарын жакшыртуу талабы менен өткөн акциялардын саны – жалпы 436: Бишкек ш. боюнча – 201, Чүй облусунда – 87, Ысык-Көл облусунда – 33, Нарын облусунда – 12, Талас облусунда - 15, Жалал-Абад облусунда – 48, Ош облусунда – 16, Ош ш. - 5, Баткен облусунда – 19 жыйын өткөн.

## ӨТКӨН ЖЫЙЫНДАРДЫН НЕГИЗГИ ТАЛАПТАРЫНА ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮ:

- Бишкек шаарынын чет жакасындагы, Чүй облусунун Аламүдүн жана Сокулук районундагы жер тилкелерин трансформациялоо.
- Нарын облусунун Нарын районунда, Баткен облусунун Кадамжай районунда, Жалал-Абад облусунун Ала-Бука, Чаткал, Тогуз-Торо райондорунда жергиликтүү жашоочулардын кендерди жана кымбат баалуу металлдарды казып алуу жана өндүрүүгө карата каршылык акциялары өткөн;
- Айрым жарандар укук коргоо органдарынын аракеттерине жана соттук чечимдерге наразылык билдиришкен.

100. КР Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгү.
101. «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамы 2012-жылы 23-май, № 64.
102. Чыгыш № 1/376 18.01.2019-жыл.

Кыргыз Республикасында тынч жыйындарды өткөрүүдө ички иштер органдары тарабынан катышуучуларды кармоо катталган эмес, ал эми жүргүзүлгөн профилактикалык иш-чаралар мыйзам талаптарын сактоону камсыздоого багытталган.

Кыргызстанда 2018-жылы тынч жыйындарды өткөрүү эркиндигин камсыздоо жөнүндө жобого өткөн жылы болгон окуялар таасирин тийгизди (Кыргызстандын эгемендик күнүн майрамдоо, алдыда турган президенттик шайлоолор, шайланган президенттин инаугурациясы), андан улам ички иштер органдары жыйындарды өткөрүүгө чектөө киргизүү жөнүндө чечим чыгаруу өтүнүчү менен сотко кайрылышты. Белгилей кетсек, иштеп жаткан «Тынч чогулуштар жөнүндөгү» КР Мыйзамында өткөрүлгөн жыйындарды[103] орду, убактысы же кыймыл багыты боюнча гана чектөө мүмкүнчүлүгү каралган.

Бишкек ш. Ленин райондук соту 2018-жылдын 29-мартында (Судья Э.Б. Барыктабасованын төрайымдыгында) Бишкек ш. Ленин районунун аймагында 2018-жылдын 1-12-апрель күндөрүндө бардык түрдөгү акцияларды өткөрүүгө тыюу салган чечим чыгарат. Бул ишти кароого Бишкек ш. Ленин райондук ИИБ кайрылуусу негиз болгон.

Белгилей кетсек, ички иштер органы берген арыз бир жыл мурда берилген кайрылуунун текстин толугу менен кайталайт (2017-жылдын 17-мартындагы), анда дагы Ленин районунун аймагында бардык түрдөгү жыйындарга тыюу салуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Анда сот өзүнүн чечиминде «Ак-Кула» ат майданын бардык жыйындарды өткөрүү орду катары аныктаган. Ат майдандын пайдалануу багыты – тынч жыйындарды өткөрүү жана анын ичинде, чечим кабыл ала турган органдарга талаптарды билдирүү жайы эместиги анык[104].

2018-жылдын 29-ноябрында жана 10-декабрында Бишкек ш. Биринчи май райондук Ички иштер башкармалыгы 2018-жылдын 30-ноябрынан 10-декабрга чейин жана 2018-жылдын 10-31-декабрь күндөрү Жогорку Кеңештин, Өкмөт үйүнүн имаратынын алдында жана «Ала-Тоо» аянтында бардык түрдөгү жыйындарга тыюу салды, ал эми жыйындарды өткөрүү орду катары М.Горькийдин эстелигинин жанындагы аймакты аныктаган (Исанов көч.).

Судьялар А.Ж. Калыбаев менен А.П. Уметова Биринчи май райондук ИИБ жыйындарга тыюу салуу жөнүндөгү арызын карады, аны мыйзамдуу жана негиздүү деп тааныды, ошондой эле, аталган чечимге карата 24 саат ичинде даттануу мүмкүнчүлүгүн калтырган.

Райондук ИИБ сотко кайрылуусуна 2018-жылдын 29-ноябрында Жогорку Кеңештин имаратынын алдына саат 7.00 тартып 13.00 чейин А.А., К.М., Ж.К., Ч.Н., М.А., И.Т., Х.Я. и Ж.Б., Ж.К., катышкан жана алар тарабынан «мөөнөтсүз» деп аталган жыйын себепкер болгон.

Жыйындарды чектөөгө себеп болгон жана ИИБ арызында келтирилген жүйө

103. «Тынч чогулуштар жөнүндө» мыйзамдын 15-бер. 2-бөлүгү.

104. Тынч чогулуштарды эркин өткөрүү укугу жана анын КР жүзөгө ашыруу тажрыйбасы. 2017-2018-жылдагы мониторингдердин жыйынтыгы. 37-40-б., Бишкек, 2018- ж.

далилдер ички иштер органдарынын компетенциясына кирет жана жыйындарды өткөрүүнү камсыздоого жана коомдук тартипти сактоого багытталган.

Соттук чечимде өткөрүлгөн жыйындын катышуучулары же башка жактардан «Тынч жыйындар жөнүндө» мыйзамда каралгандай коопсуздукка келтире турган объективдүү коркунучтар жазылган эмес. Сот чечими менен бардык түрдөгү коомдук жыйындарга, атүгүл тынч мүнөздөгү чогулуштарга дагы тыюу салынган, болгону бийлик органдары тарабынан уюштурулган расмий маданий-массалык иш-чараларга гана уруксат берилген.

Соттук чечимдерде өткөрүлө турган жыйынга гана тыюу салуу мүмкүндүгү каралган «Тынч чогулуштар жөнүндө» мыйзамдын жобосу эске алынган эмес[105]. Анын ичинде, тыюу салуу киргизилген жыйын түрлөрүнө карата так көрсөтмө жок, ошондой эле, мыйзамда каралгандай тыюу салууга негиз болуучу шилтеме дагы киргизилген эмес. Иш жүзүндө аталган чечим менен эч кандай укуктарга каршы максаты жок болсо дагы болочоктогу бардык жыйындарды өткөрүүгө тыюу салынып калган[106].

Сот чечимин даттанууга 24 саат бөлүнгөн, бирок даттануу мөөнөтү өтүп кеткен шартта чечим чектелбеген жактардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарына зыян келтирүү менен мыйзамдуу күчүнө кирип калат.

2019-жылы 17-январда Бишкектин Ала-Тоо аянтында саат 11:00 тартып 15:45 чейин эки жүздөн ашык киши катышкан жыйын болуп өттү. Каршылык акциясынын уюштуруучусу А.Б. митингде бир нече талапты окуду, акциянын убагында талаптардын саны көбөйүп, анын бир бөлүгү кытай экспансиясына тиешелүү айтылды.

Башка талаптардын катарында: административдик укук бузуулар үчүн айып пулдарды кайра карап чыгуу зарылдыгы, Кытай жарандарына виза берүүнү кыскартуу, алынган кытай насыяларын текшерүү – алардын негиздүүлүгүн жана натыйжалуулугун аныктоо, зарыл болсо – маалыматтарды изилдөө үчүн комиссия түзүү талабы айтылды.

Мындан тышкары, акция катышуучулары парламент депутаттарын шайлоодо партиялык тутумду жокко чыгаруу жана жарандардын кызыкчылыгын коргогон жарандарды куугунтуктоону токтотуу талаптарын да коюшту.

Акция катышуучулары бардык талаптарды кагазга жазышты жана аны Жогорку Кеңештин депутаттарына жөө жүрүш менен барып берүүгө ниеттеништи. Бирок милиция кызматкерлери Жогорку Кеңешке барчу жолду тосуп, митингчилерди өткөргөн жок.

Андан соң митингге чыккандардан 5 делегат өз талаптарын берүү үчүн Жогорку Кеңештин спикерине кирген. Уюштуруучулар билдиргендей, аларды Жогорку Кеңештин вице-спикери Мирлан Бакиров кабыл алып, берилген талаптарды Жогорку Кеңештин жыйынында айтып чыгууга убада кылган.

105. “Тынч чогулуштар жөнүндө” мыйзамдын 14-бер. 2-бөлүгү.

106. “Тынч чогулуштар жөнүндө” мыйзамдын 15-бер. 2-бөлүгү.

Жыйындын жүрүшүндө укук коргоо органдарынын кызматкерлери алардын убактысы саат 13.00 бүткөнүнө (жыйын жөнүндө билдирүүдө өткөрүү убактысы 7.00-13.00 деп көрсөтүлгөн) байланыштуу акцияны токтотуу үчүн митингдин катышуучуларына бир нече жолу кайрылышкан, алардан газондор менен клумбаларды бошотууну сурашкан, бирок милициянын бул талабы аткарылган эмес.

Жыйын катышуучуларынын Жогорку Кеңешти карай өтүү боюнча экинчи аракетинен кийин болжол менен саат 15:45 чамасында милиция "Ала-Тоо" аянтынан жыйынды таратууну баштады. Митингчилерге атайын каражаттар колдонулган жок. Тынч жыйындын айрым катышуучулары кармалып, милиция автобустарына отургузулуп, Бишкек ш. Биринчи май райондук ИИБ жеткирилген.

Буга байланыштуу КР Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери Бишкек ш. Биринчи май райондук ИИБ барышты. "Ала-Тоо" аянтындагы жыйынды таратуу убагында кармалган жактар турган бөлмөлөрдү кыдырып чыгышты. Анда жалпы 21 киши кармалганы аныкталган.

Бишкек ш. Биринчи май райондук ИИБ имаратында кармалгандар менен жеке баарлашууда алар тараптан милиция органдарынын аракетине карата эч кандай арыз-даттануу келип түшкөн жок.

Мындан тышкары, Акыйкатчы аппаратынын  кызматкерлери Бишкек ш. Биринчи май райондук ИИБ жетекчиси А.Казакеев жана анын орун басарлары менен кыйноо жана адамдын беделин басмырлай турган катаал мамиле же жазалоонун башка түрлөрүн колдонуу фактыларына жол берилбестиги жөнүндө аңгемелешүү жүргүздү. Баарлашуудан кийин кармалгандардын баары тең үйлөрүнө кое берилген.

Жаран Г. С. карата Кыргыз Республикасынын КЖК 313-беренесине ылайык сотко чейинки өндүрүш башталган.

2018-жылдын 30-ноябрынан 2019-жылдын 25-январына чейин Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын наамына Кыргыз Республикасынын 14 жараны КЭР аймагында жашаган өздөрүнүн туугандарынын (этникалык кыргыздар) тагдыры жөнүндө маалымат алып берүү өтүнүчү менен кайрыган.

Издөөгө алынган кишилердин жалпы саны 48. Алардан 47 адам Кытай Элдик Республикасынын жарандары болуп саналат, 1 (бирөө гана) – Кыргыз Республикасынын жараны. Арыздар кыргыз, кытай жана араб тилдеринде жазылган.

Келип түшкөн арыздардын негизинде КР Акыйкатчысы арыздардын көчүрмөсүн жана даттануучулар берген КЭР аймагында жашаган туугандарынын маалыматтарын жана даректерин тиркеп, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин дарегине кат[107] жөнөткөн.

107. Чыгыш № 11-3599 14.12.2018-жыл.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан арыз жазгандарга жардам берүүгө багытталган аракеттер жүргүзүлдү[108]. Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын ТИМ, КЭР ТИМ, ошондой эле, КЭРдин Синьзянь Уйгур Автономдук Районунун Канцеляриясына нота жөнөттү. Министрлик жооп алгандан кийин ал маалыматты таратат.

## 5.2. АБИЙИР ЖАНА ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИНЕ УКУКТАРДЫ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ

### АБИЙИР ЖАНА ЫНАНЫМ ЭРКИНДИГИНЕ УЛУТТУК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК КЕПИЛДИКТЕР

КР Конституциясы жана Кыргыз Республикасы алардын катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдер ар бир адамга дин жана ынаным эркиндигин кепилдейт. Мындай кепилдиктер ар ким өз алдынча же башкалар менен бирдикте ар кандай динди тутуу же эч бирин тутпоо укуктарын камтыйт[109], альтернативдүү кызматка укук[110].

Дин тутуу жана ынаным адамдын башка укук жана эркиндиктерин (биригүү эркиндигине укукту[111], чогулуш өткөрүү эркиндигин[112]. Ар ким маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма менен жайылтуу укугун[113], өз пикирин билдирүү эркиндигин[114], билим берүүгө укукту, ата-энелердин өз балдарын ата-энелердин ынанымы боюнча тарбиялоо укуктарына таасирин тийгизет).

Дин маселелери мамлекеттин принциптери жөнүндө жоболордо чагылдырылган: мамлекет мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган болуп саналат[115], эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес[116], ар кимге теңдик кепилденет[117], дини же ишеними боюнча кодулоого тыюу салынат, диний, негизде саясий партияларды түзүүгө, диний бирикмелердин саясий максаттарды көздөшүнө тыюу салынат[118], диний жек көрүүчүлүктү жана касташууга чакырган ишмердикке тыюу салынат[119]. Конституциялык кепилдиктер жогорку юридикалык күчкө ээ жана мамлекет-

108. Чыгыш № 13-025/641 24.01.2019-жыл.
109. КР Конституциясы 32-берене.
110. КР Конституциясы 56-березенин2-бөлүгү.
111. КР Конституциясы 35-берене.
112. КР Конституциясы 34-берене.
113. КР Конституциясы 33-бер.1-п.
114. КР Конституциясы 31-берене.
115. КР Конституциясы 7-берене,1-бөлүк.
116. КР Конституциясы 7-берене.
117. КР Конституциясы 16-берене. 2-бөлүк.
118. КР Конституциясы 4-берене.4-бөлүк.
119. КР Конституциясы 31-берене.

тин бүтүндөй аймагында түздөн-түз колдонулат[120]. Конституциянын негизинде ченемдик укуктук актылар кабыл алынат[121].

Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери менен ченемдери Кыргыз Республикасынын укук тутумунун ажыралгыс бөлүгү болуп саналат[122]. Мамлекет БУУнун мүчөсү катары, ошондой эле эл аралык келишимдерде катышуучу катары дин жана ишеним эркиндиктери боюнча өзүнө милдеттенмелерди алган[123].

Эл аралык келишимдер менен бир катарда БУУнун комитеттери тарабынан кабыл алынган ченемдерди чечмелөө милдеттенмесин да өзүнө камтыйт[124]. Аларга ылайык, теисттик, теисттик эмес жана атеисттик ынанымдар корголот; *«ишеним»* жана *«дин»* түшүнүктөрү салттуу дин же ишенимдер менен гана чектелбестен, басымдуу көпчүлүктөн турган жамаат аларга жек көрүүчүлүк менен мамиле жасашы мүмкүн болгон жаңы, же диний азчылык тутунгандарды кошо кеңири алкакта кароо керек.

## КЫРДААЛГА СЕРЕП

Кыргызстан поликонфессионалдуу өлкө болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы (мындан ары - Мамкомиссия) дин жагында мамлекеттик саясатты калыптандыруу жана жүзөгө ашыруу боюнча иш жүргүзүүчү жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын ишин координациялоочу Кыргыз Республикасынын борбордук органы болуп саналат[125]. КР ДИМК маалыматы боюнча Кыргызстанда 2905 диний уюмдар каттоодон өткөн, алардын ичинен[126]:

120. КР Конституциясынын 6-беренесинин 1-бөлүгү, 2010-жылы 27-июнда референдумда (жалпы элдик добуш берүү менен) кабыл алынган (2016-жылдын 28-декабрындагы №218 Мыйзамынын редакциясында, 2016-жылдын 11-декабрында референдумда кабыл алынган) (КР Конституциясы) (Электрондук ресурс). Төмөнкү даректе жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913
121. «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндөгү" КР мыйзамы: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202498, о.э. башка актылар: Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө Жобо, Диний ишмердик максатында Кыргыз Республикасына келүүчү чет өлкөлүк диний уюмдарды жана чет өлкөлүк жарандарды эсепке алып каттоо жөнүндө убактылуу жобо, КРда диний уюмдарды эсепке алып каттоо жөнүндө убактылуу жобо, Диний окутуулар ж.б. жөнүндө убактылуу жобо.
122. КР Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгү.
123. Атап айтканда, Адам укуктарынын жалпы декларациясы (7,18-бер. ), Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты ( 2, 20, 18, 27-беренелер), Баланын укуктары жөнүндө конвенция (14-берене), Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакты (2, 13-беренелер).
124. БУУнун адам укуктары боюнча комитети Дин жана ынаным эркиндигине карата 1993-жылы кабыл алган Жалпы тартиптеги эскертүүлөр №22.
125. «Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, 2012-жыл, 23-март, №71.
126. Судьялар үчүн колдонмо «Дин тутуу эркиндиги жана сот адилеттигин жүргүзүү», Бишкек, 2016. (Электрондук ресурс). Даректе жеткиликтүү: http://sfcg.kg

5.2.1 - таблица

| Ислам багытындагы | |
|---|---|
| Мечиттер | 2324 |
| Кыргызстандын мусулмандарынын диний башкармалыгы (КМДБ)<br><br>КМДБнын түзүмдүк бөлүктөрү: областтардын, Бишкек жана Ош шаарларынын казыяттары | 1+9 |
| Ислам окуу жайлары (институттар, университет) | 10 |
| Медресе | 92 |
| Ислам фонддору, бирикмелер | 75 |
| **Христиан багытындагы** | |
| Диний уюмдар | 380 |
| **Башка диний багыттар** | |
| Иудаисттик жамаат | 1 |
| Буддийлик жамаат | 1 |
| Бахаилер жамааты | 12 |

Диний уюмдун субьект укугу статусуна ээ болуусу Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен жөнгө салынат. Диний багыттагы обьектилердин көп түрдүүлүгү: диний коомдор, борборлор, диний окуу жайлар, мечиттер, чиркөөлөр, синагогдор, табынуу үйлөрү, монастырлар ж.б. таанылат.[127]

Диний ишмердикти жүргүзүү укугу дин иштери боюнча мамлекеттик орган тарабынан берилүүчү эсепке алуу (кайра каттоо), каттоосу жөнүндө күбөлүк алуу менен байланышкан. Миссиялар, диний окуу жайлар, диний багыттагы обьектилер жана миссионерлер эсепке алуу каттоосуна жатат. Диний иштер боюнча мамлекеттик органдан белгиленген тартипте эсепке алуу каттоосунан өтпөгөн диний уюмдардын иштешине тыюу салынат.[128] Катталбаган диний уюмдун атынан ишмердик жүргүзүүчү адам Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекске ылайык (мындан ары - АЖжК )[129] мамлекеттик башкаруу органдарында бирикмени каттоодон диний бирикмелердин жетекчилеринин баш тартуу бөлүгүндө жоопкерчилик тартат.[130] Эсепке алуу каттоосун жүргүзүү каттоо жөнүндө күбөлүк менен тастыкталат. Диний уюмдарды юридикалык жак катары мамлекеттик каттоо КР Юстиция органдары тарабынан мыйзамда белгиленген тартипте жүргүзүлөт.[131]

127. Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КР мыйзамынын 8-беренесинин 1-бөл.
128. Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КР мыйзамынын 8-беренесинин 2-бөл.
129. Кыргыз Республикасынын "Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекси", 1998-жыл, 4-август N 114. (Электрондук ресурс). Көрсөтүлгөн даректе жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/6.
130. Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекстин 395-беренесинин 1-пунктчасы.
131. «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө КР Мыйзамы 2009-жылдын 20-февралы № 57. (Электрондук ресурс). Аталган сайтта: http://cbd.minjust.gov.kg жеткиликтүү

Мыйзамда көрсөтүлгөн негиздер болгон учурда дин иштери боюнча мамлекеттик орган жана прокуратура органдары диний уюмду жоюу же анын ишмердигин жүргүзүүгө тыюу салуу боюнча сунуш менен сотко кайрылууга укуктуу, буга байланыштуу жоюлуп жаткан диний уюмдун юридикалык жак катары укукка жөндөмдүүлүгү токтотулат.[132]

Эл аралык жана укуктук актыларда абийир жана ынаным эркиндиги укуктарына өзгөчө орун берилгендигине карабастан, укук колдонуу тажрыйбасында бузуулар кездешет. Дин тутуу эркиндигине укуктарды жүзөгө ашырууну камсыздоого, укуктарды коргоо жана бузулган укуктарды жана эркиндиктерди калыбына келтирүүгө багытталган мамлекеттик органдар дайыма эле жетишээрлик деңгээлде өз ишмердиктерин жүргүзбөйт, ал эми айрым учурларда укук бузуулардын булагы болуп саналышат.

## 5.2.1. МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН, ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА АЛАРДЫН КЫЗМАТ АДАМДАРЫНЫН КОНСТИТУЦИЯДА ЖАНА МЫЙЗАМДАРДА АНЫКТАЛГАН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫНЫН АЛКАКТАРЫНАН ЧЫКПОО ТУУРАЛУУ ТЫЮУ САЛУУЛАРДЫ БУЗУУЛАР

*Мисалы*, 2016-жылдын 27-сентябрында Жалал-Абад облусунун Кара-Көл шаардык кеңеши Евангелдик христиан-баптисттердин чиркөөсүнүн диний ишмердигин токтотуу жөнүндө токтом кабыл алган[133].

Диний уюм же миссия тарабынан КР мыйзамы бузулган учурда, же диний уюмдун же миссиянын уставына карама-каршы келген ишмердикти жүргүзгөндө дин иштери боюнча мамлекеттик орган жазуу түрүндө эскертүүнү берет, ал үч күндүк мөөнөттүн ичинде диний уюмдун же миссиянын жетекчилигине жөнөтүлөт[134]. Эгер көрсөтүлгөн бузуулар үч айдын ичинде четтетилбесе, же бир жылдын ичинде кайрадан кайталанса, дин иштери боюнча мамлекеттик орган эгер ага мыйзамдуу негиздемелер болсо диний уюмду жоюу тууралуу арыз менен сотко кайрылууга укуктуу[135]. Мында

132. «КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР мыйзамынын 14-беренесинин 3, 4-бөлүктөрү.

133. Кара-Көл шаардык кеңешинин 2017-жылдын 27-сентябрындагы "Чиркөөнүн диний ишмердигин токтотуу жөнүндө" токтому.// («2018-жылдагы мониторингдик материалдардын архиви»).

134. «КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 27-беренесине ылайык.

135. Коомдук коопсуздукту жана коомдук тартипти бузуулар, мамлекеттин коопсуздугун бузуу; иш-аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, багытталган аракеттер; аскерлешкен курумдардын түзүлүшүнө; социалдык, расалык, улут аралык, этностор аралык жана диний касташууну тутандыруу, адамды жек көрүү;

дин иштери боюнча мамлекеттик орган соттук чечим чыкканга чейин диний уюмдун ишмердигин токтото туруу жөнүндө чечимди кабыл алууга укуктуу.

Диний уюмду жоюу же диний уюмдун ишмердигине тыюу салуу жөнүндө сотко сунуш берүүгө диний уюмдарды эсепке алып каттоо жүргүзүүчү дин иштери боюнча мамлекеттик орган жана прокуратура органдары ээ[136].

Жергиликтүү жана айылдык кеңештердин компетенциясын аныктоочу "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын[137] 31-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, диний уюмдардын ишмердигине тыюу салуу жана аны жоюу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарына кирбейт.

Ошентип, Кара-Көл шаарынын шаардык кеңеши диний уюмдун ишмердигин токтото туруу жөнүндө токтомду кабыл алуу менен өз компетенциясынын алкактарынан чыкты деп тыянак чыгарууга болот.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аракеттеринин же аракетсиздигинин натыйжасында келип чыккан юридикалык жана жеке жактардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү боюнча талаш-тартыштар, ошондой эле келтирилген зыяндын ордун толтуруп берүү сот тартибинде чечиле[138].

Аталган диний уюмдун өкүлдөрү, жарандар С.А., Т.А., А.М., Б.А., жана Т.Т. сотко арыз менен кайрылышып, чиркөөнүн диний ишмердигин токтотуу жөнүндөгү Кара-Көл шаардык кеңешинин токтомун жараксыз деп табууну суранышкан[139]. Соттук кароонун предмети болуп, даттануу мөөнөтүн калыбына келтирүү маселеси болгон. Бардык инстанциянын соттору жаран А.С.тин даттануу мөөнөтүн калыбына келтирүү жөнүндө арызын канааттандыруусуз калтырган.[140]

---

үй-бүлөнүн кыйрашына алып келүүчү үй-бүлөнү бузуу аракеттери, инсандыкка, жарандардын укук жана эркиндиктерине кол салуу; мыйзамга ылайык белгиленген адеп-ахлакка, жарандардын саламаттыгына, анын ичинде алардын диний ишмердигине байланыштуу баңги жана психотроптук каражаттарды, гипнозду колдонуу, бузукулук иштерди жана башка укукка жат аракеттерди жасоо; өз жанын кыюуга же адамдын жашоосу менен сыйышпас оор абалдагы адамга диний жүйөлөр боюнча медициналык жардамдан баш тартууга мажбурлоо; милдеттүү билим алууга тоскоолдук болуу: диний уюмдардын мүчөлөрүн жана алардын тарапкерлерин аларга таандык болгон мүлктөрүнөн диний уюмдун пайдасына баш тартууга мажбурлоо: өмүргө, ден соолукка, мүлккө коркунуч келтирүү аракеттерине тоскоолдук болуу, эгер аны аткарууга реалдуу коркунуч болсо; жаранды диний уюмдан чыгуусуна түртүүчү башка укукка жат аракеттер менен , жарандарды мыйзамда белгиленген жарандык милдеттерин аткаруудан баш тартууга жана башка укукка жат аракеттерди жасоого түртүү.

136. «КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 14-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык..

137. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР мыйзамы, 2011-жылдын 15- июлу № 101. (Электрондук ресурс). Аталган сайтта: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203102 жеткиликтүү.

138. «Өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын» 12-беренесине ылайык.

139. Кара-Көл шаардык кеңешинин 2017-жылдын 27-сентябрындагы №112/40-6 «Чиркөөнүн диний ишмердигин токтотуу жөнүндө" токтому.// ("2018-жылдагы мониторингдик материалдардын архиви") .

140. Жалал-Абад облустук райондор аралык сотунун 2017-жылдын 31-мартындагы аныктамасы, КР Жогорку сотунун 2017-жылдын 29-августундагы Токтому.//("2018-жылдагы мониторингдик материалдардын архиви).

Ошентип, диний уюмдун ишмердигине тыюу салуу жана диний уюмду жоюу маселелери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына кирбегенине карабастан, жергиликтүү кеңештин токтому колдонуудагы болуп саналат[141]. Ошондой эле, аталган токтом Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген Мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары ушул Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан чыга алышпайт деген тыюу салууга карама-каршы келип турат (5-бер.).

## 5.2.2. МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУГА ДИН АРАЛАШПООСУ КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПРИНЦИБИНИН ЖАНА ДИН ЖАНА АНЫН ЫРАСЫМДАРЫНЫН МАМЛЕКЕТТЕН АЖЫРАТУУ ПРИНЦИБИНИН БУЗУЛУШУ

Адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн. Ушундай чектөөлөр аскердик же башка мамлекеттик кызматтын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен да киргизилиши мүмкүн. Киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек[142].

Бир конфессиянын жолдоочуларын башкаларды жолдоого (прозелитизм) багытталган иш-аракетке, ошондой эле ушул багыттагы ар кандай мыйзамсыз миссионердик ишти жүргүзүүгө тыюу салынат. Ушул эреженин бузулушуна күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартылат[143]. Мында мыйзам «көшөкөрлөнүү» түшүнүгүнө аныктама бербейт, субьективдүү чечмелөөгө жол коет, башка динге өткөрүү үчүн «көшөкөрлөнгөн» аракет «жоопкерчиликке» алып келүүгө тийиш (Белгилей кетүүчү нерсе мамлекеттик тилде «бир конфессиянын жолдоочуларын башкаларды жолдоого (прозелитизм) багытталган иш-аракетке… тыюу салынат» –деп көрсөтүлгөн. Мыйзамдын 2 тилдеги вариантындагы мындай шайкеш келбөөчүлүк маселени жаратат. Анткени мамлекеттик тилдеги мыйзам менен соттук териштирүү жүргүзүлсө, «Бир конфессиянын жолдоочуларын башкаларды жолдоого (прозелитизм) багытталган иш-аракетке тыюу салынат». Мында көшөкөрлөнгөн аракет болбосо да жоопкерчилик тартып, прозелитизмде күнөөлөнүшү турган кеп.

АЖжК диний чогулуштарды, жүрүштөрдү жана башка диний аземдерге уюштуруунун жана өткөрүүнүн мыйзамдарда белгиленген эрежелерин бузуу үчүн диний расмылардын кызматкерлеринин жана диний бирикмелердин мүчөлөрүнүн жоопкерчилигин карайт (395-берененин 2-бөлүгү).

---

141. "Өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын» 31-беренесинин 2-бөлүгү
142. КР Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгү.
143. "КРдагы дин тутуу жана диний уюмдар жөнүндө" КР Мыйзамынын 5-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык.

Бирок иш жүзүндө бул берене боюнча адамдарды жоопкерчиликке тартууда көйгөйлөр бар АЖжКнын 395-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган укук бузуулар жөнүндөгү иштерди талдоо көрсөткөндөй, АЖжК жана "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы "диний чогулуштар, жүрүштөр жана башка диний аземдер" түшүнүктөрүнүн аныктамасын бербейт. Мындай өксүк бул берене боюнча жоопкерчиликке тартылуучу адамдардын аракеттерин туура жиктөө сыяктуу маанилүү маселени кыйындатат.

2019-жылдын 1-январынан күчүнө кирген Бузуулар жөнүндөгү кодекс аталган өксүктөрдү жойбойт, анткени АЖжКнын 395-беренеси Бузуулар жөнүндө кодексине 92-берене болуп өзгөрүүсүз кирген.

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, мыйзамдар - коомдук мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдардын жана ченемдик укуктук актылардын жыйындысы[144]. Ушуга байланыштуу кайсы мыйзам диний чогулуштар, жүрүштөр жана башка диний аземдерди уюштуруунун эрежелерин аныктайт жана конкреттүү бузуулар эмнеде тураарын сот аныктоосуна туура келет.

Мисалы, уруксат кагазы жок «даават» (исламды жайылтуу) жүргүзгөнү үчүн кармалган жарандар А.А., У.К., М.М. сот АЖжК 371-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган административдик укук бузууларды жасоодо күнөөлүү деп тапкан, анда "Ички иштер органдарынын кызматкеринин жана коомдук тартипти сактоо боюнча милдетин аткарып жаткан башка адамдардын мыйзамдуу буйругуна же талабына моюн сунбоо" үчүн жоопкерчилик каралган. Соттун токтомуна ылайык: ИИБ 10-бөлүмүнүн кызматкерлери жарандарды алардын миссионердик ишмердигинин мыйзамсыздыгы тууралуу бир нече жолу алдын ала эскертишкен. Бирок буга карабастан алар "Дааватты" улантышкан. Бул аларды кармоо үчүн негиз болгон»[145]. Ошондой эле соттук отурумда Нарын областы боюнча Казыяттын өкүлүнүн пикирин угуп, сот төмөнкүдөй тыянакка келген: "...КМДБнын ишмердигин жөнгө салуучу Жобо бар, ал 2011-жылы 13-сентябрда муфтий тарабынан бекитилген, ал Даават жүргүзүүнүн тартибин аныктайт. Берилген материалдарды изилдеп, сот

144. ченемдик укуктук акт - ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (кызмат адамынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын компетенциясынын чегинде же болбосо референдум аркылуу кабыл алынган (чыгарылган), укук ченемдерин (укуктук ченемдерди) белгилөөгө, өзгөртүүгө же жокко чыгарууга багытталган, аныкталган формадагы расмий документ. ЧУАнын түрлөрүнө Конституция; конституциялык мыйзам; кодекс; мыйзам; Президенттин жарлыгы; Жогорку Кеңештин токтому; Өкмөттүн токтому; Улуттук банктын, Шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук комиссиянын актылары; ченем жаратууга ыйгарым укуктарын башкага ыйгаруу актыларына ылайык ченемдик укуктук актыларды чыгарууга ыйгарым укук алган мамлекеттик органдардын ченемдик укуктук актылары; жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын ченемдик укуктук актылары. Караңыз: 2009-жыл 20-июлдагы "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" КР Мыйзамынын 2, 4-беренелери. (Электрондук ресурс). Төмөнкү даректе жеткиликтүү: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202591

145. Нарын шаардык сотунун 2016-жылдын 13-апрелиндеги токтому. // («2018-жылдагы мониторингдик материалдардын архиви.».

жоопкерлер аталган жобо менен бекитилген талаптарды аткарышпай, ички иштер органынын кызматкеринин мыйзамсыз дааватты токтотуу жөнүндөгү талабын аткаруудан баш тартышкан, муну менен мыйзамдуу талапка баш ийишкен эмес»[146]. Сот жоопкерлерди администрациялык укук бузууда айыптап, 3 суткалык администрациялык камакка алууга чектеген.

Ички иштер органдарынын кызматкеринин жана коомдук тартипти сактоо боюнча милдетин аткарып жаткан башка адамдардын мыйзамдуу буйругуна же талабына моюн сунбоо эсептешүү көрсөткүчүнүн экиден тартып беш өлчөмүнө чейинки администрациялык айып салууга, эгерде иштин жагдайына байланыштуу, тартип бузган адамдын ким экендигин эске алуу менен мындай чараларды колдонуу жетишсиз деп табылса, беш суткага чейин административдик камакка алууга алып келет[147].

Бул ченемди тажрыйбада колдонгондо милиция кызматкери өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде аракеттенүүсү керек, анын тескемеси же талаптары мыйзамдуу болууга тийиш. Өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу укуктук ченемдерге таянганда мындай талап мыйзамдуу болуп саналат.

2011-жылдын 13-сентябрында муфтий тарабынан бекитилген КМДБнын "Даават" бөлүмүнүнүн ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу Жобо ченемдик укуктук акты болуп саналбайт жана КР мыйзамдарынын тутумуна кириши мүмкүн эмес, башкача болгондо мамлекеттин мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган (КР Конституциясынын 1-беренесинин 1-бөлүгү) деген конституциялык мүнөздөмөсүн жана дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен ажыратылган деген принцибин (КР Конституциясынын 7-беренесинин 2-бөлүгү) бузууга жатат.

Кыргыз Республикасында абийир жана дин тутуу эркиндиктеринин принциптери мамлекеттин конституциялык мүнөздөмөсү менен байланыштуу, бул мамлекет жана диний бирикмелер бири-биринен ажыратылган, б.а. бири-биринин ишине өз ара кийлигишпейт. Мамлекеттин башкарууга дин аралашпаган мүнөзү деген, мамлекет жана мамлекеттин расмий адамдары, кандай динди болбосун тутунууга укуктуу болгону менен, тигил же бул конфессияга эч кандай артыкчылык бербөөгө тийиш, анын таасиринин мамлекеттик чечимдерди кабыл алуусуна жол койбоо керек.

146. Ошол эле жерде..
147. АЖжК 371-беренесинин 1-бөлүгү.

## 5.2.3. ДИНИЙ КЕЛИШПӨӨЧҮЛҮК ЖАНА КОДУЛОО ҮЧҮН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНДА КАРАЛГАН ТЫЮУ САЛУУЛАРДЫ БУЗУУЛАР

КР Конституциясы жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышына тыюу салат[148], ошондой эле Улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөп, кодулоого, касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөргө тыюу салынат[149]. Бул мамлекет тарабынан адамдын жана жарандын укук жана эркиндиктеринин бирдейлигинин маанилүү кепилдиктеринин бири.

КР Конституциясынын 4-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, иш аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улут аралык, этностор аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган максаттарды көздөгөн саясий партиялардын, коомдук жана диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштешине тыюу салынат. Кодулоого, касташууга үндөөгө, тийиштүү уюмдарды түзүү жана ишмердиги тыюу салынат.

Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө КР мыйзамында, КР жарандары өздөрүнүн динге мамилесине жана диний же болбосо атеисттик ынанымдарына карабастан жарандык, саясый, экономикалык, социалдык жана маданий турмуштун бардык тармактарында мыйзам алдында теңдиги белгиленген[150]. Жарандардын алардын динге карата мамилесине жараша укуктарын чектөө жана кандайдыр бир артыкчылыктарды белгилөө, ошого тете эле касташуу жана жек көрүүчүлүктү ойготуу же алардын динге карта мамилесине байланыштуу сезим-туюмун атайлап мазактоо, тигил же бул дин тарабынан урматталуучу табынуу объектилерин маскаралоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке кириптер кылат[151].

Жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамга ылайык, эч кандай дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары белгилениши мүмкүн эмес, диний уюмдардын диний окуусу жарандар үчүн милдеттүү катары белгилениши мүмкүн эмес[152]. Эгерде ал мыйзамдарга каршы келбесе, мамлекет диний уюмдардын ишине кийлигишпейт, бир динди же дин тутууну башкалардан кайсы бир жагынан артыкчылыктуу же чек коюлган деп белгилөөгө жол бербейт, диний уюмдардын ишин жана атеизмди пропагандалоо боюнча ишти каржылабайт[153].

148. КР Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгү
149. КР Конституциясынын 31-беренесинин 4-бөлүгү.
150. «КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 4-беренесинин 2-пункту.
151. «КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 4-беренесинин 4-пункту.
152. «КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 5-беренесинин 1-пункту.
153. КР Конституциясынын 31-беренесинин 4-бөлүгү.

Аталган жоболор динге жана диний бирикмелерге бейтарап жана бирдей мамилени кепилдейт жана мамлекеттин мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган жана кийлигишпөө принцибине шайкеш келет.

КР кызматтык милдеттерди аткаруу учурунда мамлекеттик бийликтин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз иш-аракеттери менен келтирилген зыяндын ордун мамлекеттен толтуртуп алуу кепилдигин карайт[154].

Ар ким мамлекеттик бийликтин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын кызматтык милдеттерин аткаруудагы мыйзамсыз аракеттери аркылуу келтирген зыяндын ордун толтуруп алууга укуктуу[155].

Ошентип, КР мыйзамдары кандайдыр бир белгиси боюнча, анын ичинде туткан дини, же башка ынанымдары боюнча кодулоого тыюу салат,[156] ошондой эле, улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөп, кодулоого, касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөргө тыюу салынат[157].

Бирок ошого карабастан, келишпөөчүлүк жана зомбулук көрүнүштөрүнүн фактылары бар, алар коомчулук үчүн белгилүү болуп жатат.

***Мисалы**, ИИБ кызматкерлери тарабынан христиан динине ишенүүчүлөргө карата келишпөөчүлүк жана кодулоо учуру.* 2018-жылдын 18-январында 18-30га жакын Жалал-Абад облусунун Кара-Көл шаарында төрт милиция кызматкери (алардын бири милициялык формада болгон) сыйынуу (Евангель христиан баптисттердин) үйүнө киришкен, ал жерде динге ишенген адамдардын тобу чай ичип олтурушкан эле. ИИБ кызматкерлери чогулуунун максаттары тууралуу суроолорду орой түрдө беришип, дин туткандардын үстүнөн арыз түшкөнүн айтып, паспорт көрсөтүүнү талап кылышкан. Ушул учурда дин тутунгандардын бири И.К. болуп жаткандарды видеого тартып баштаган, аны көргөн милиционерлер колунан камераны жулуп алууга аракеттенип, анын натыйжасында камера сынып калган. Милиция кызматкерлеринин бири И.К.-вди сабап баштаган, андан кийин номери жок ак машинага күч колдонуп салып, башка милиция кызматкери менен ИИБ имаратына алып жөнөшкөн, И.К. жолду катар бир нече ирет койгулаган. ИИБ имаратында милициянын подполковниги сабалган И.К-вди көрүп, ал даттануу жазасыңбы деп сураган, И.К. эгер техникамды оңдоп берсе жазбайм деген жообун берген. Бирок И.К.-вди сабаган жарандык формадагы киши, эгер камераны сындырган болсо да, ага эч нерсе болбой турганын айткан. Соттук медициналык экспертизанын корутундусу алынган жаракаттын убакыты менен сыпатталган убакыттын аралыгы

154. КР Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 7-пункту.
155. КР Конституциясынын 39-беренеси.
156. КР Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-абзацы.
157. КР Конституциясынын 31-беренесинин 4-бөлүгү.

шайкеш келгенин көрсөтөт. И.К. арызынын жана соттук-медициналык экспертизанын корутундусунун негизинде Кылмыш-жаза кодексинин 174-беренесинин 1-бөлүгү (Башканын мүлкүнө олуттуу зыян келтирүү менен аны атайылап жок кылганда же зыянга учуратуу) 305-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2,3-пункттары (Кызмат адамы өзүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринен өтө эле аша чапкан жана ушул Кодекстин 305-1-беренесинде каралган кылмыштын белгилери болбогондо, адамдардын, юридикалык жактын укуктарын же мыйзамдуу кызыкчылыктарын, же болбосо коомдун же мамлекеттин мыйзам тарабынан корголгон кызыкчылыктарын бузууга алып келген аракеттерди жасоо) боюнча кылмыш иши козголгон жана 2018-жылдын 24-июнунда ИИБдин бир эле кызматкерине карата айыптоо корутундусу чыгарылып, ал эч жакка кетпөө тууралуу тил кат менен кое берилген[158].

*Сабоо жана зомбулук көрсөтүү фактылары негизинен диний тиешелүүлүгү боюнча негизинен кыргыз-христиандарга карата колдонулган фактылары кездешет.*

***Мисалы***, С у Э.нин ишинде 2018-жылдын 16-октябрына караган түнү Ысык-Көл областынын Тамчы айылында белгисиз үч адам айылдын жашоочусу христиан динин тутунган Н аттуу жарандын үйүнө киришкен, бирок бул учурда ал үйүндө болгон эмес, анын үйүндө башка айылдан келген тууганы 1993-жылы туулган С у Э болгон. Бейтааныш адамдар андан кайсы динде экенин сурашкан, С.у.Э аларга Иисус Христоско ишенээрин айткан. Үчөө С.у.Эни катуу сабап киришкен, алар мусулманча келме келтирүүнү талап кылышкан, Элдос баш тарткан, натыйжада оор жаракат алып, эс-учун жоготкон. Жабыркаган адам ооруканага оор абалда, жаагы сынып түшкөн, соттук-медициналык экспертиза дайындалган. Ысык-Көл облустук ИИБдин басма сөз кызматы териштирүү баштала электе эле чыр-чатак турмуш-тиричилик негизде келип чыккан деп жарыялап жиберишкен. Жабыркаган тараптын адвокаты бир нече жолу массалык маалымат каражаттарында билдирүү жасаган, тиешелүү мамлекеттик органдарга, анын ичинде өлкөнүн президентине да диний кастыктан улам сабалгандык боюнча арыз жазган. Учурда сабоо фактысы боюнча 2018-жылдын 23-октябрында КР КЖКнын 234-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пункту менен (Хулиганчылык, башкача айтканда, зомбулук же зомбулук көрсөтөм деп коркутуу, ошого тете мүлктү жок кылам же зыянга учуратам деп коркутуу менен коштолгон, коомдук тартипти же жалпыга бирдей жүрүш-туруш ченемдерин одоно бузган аракеттер атайылап жасоо)[159] кылмыш иши козголуп, айыпталуучулардын экөөсү үй камагына алынган.

158. СМЭ Корутундусу, Айыпталуучу катары тартуу жөнүндө токтом 2018-жыл, 20-июнь, Айыптоо корутундусу 2018-жылдын 24-июну. // («2018-жылдагы мониторингдик материалдардын архиви»).

159. ИИБ кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине даттанган адвокаттын УКМК, ИИМ, БП, КР Коопсуздук кеңешине 2018-жылдын 22-октябрындагы кайрылуусу; Башкы прокуратуранын адвокатка жана жабырлануучуга 2018-жылдын 24-октябрындагы каты; Ысык-Көл облустук прокуратуранын адвокатка жана жабырлануучуга 2018-жылдын 26-октябрындагы каты; КР Президентинин Аппаратынан ИИМге 2018-жылдын 30-октябрындагы каты; КР УКМКнын адвокатка жана жабырлануучуга 2018-жылдын 07-ноябрындагы каты; КР УКМКнын адвокатка жана жабырлануучуга 2018-жылдын 15-ноябрындагы каты; КР ИИМинин жабырлануучуга 2018-жылдын 16-ноябрындагы каты.// («2018-жылдагы мониторингдик материалдардын архиви.».

Фактыларды талдоо көрсөткөндөй, алардын бирөөндө да диний келишпөөчүлүктүн көрүнүштөрү жана кодулоо боюнча КР мыйзамдарында каралган тыюу салуулар боюнча каралган эмес жана жоопкерчиликке тартылышкан эмес.

КР ченемдик-укуктук актыларында кодулоо жана диний келишпөөчүлүктүн көрүнүштөрүнө тыюу салынганына карабастан, Кыргызстан соңку жылдарда кодулоого каршы көптөгөн мыйзамдарды кабыл алуу боюнча бир катар сунуштамаларды алган.

2014-жылы Адам укуктары боюнча комитети *«расасы, тили, майыптуулугу, жана этноско таандыктыгы белгилери боюнча кодулоолорго тыюу салуучу баарын камтыган кодулоого каршы мыйзамдын жоктугуна, ошондой эле кодулоо мүнөзүндө аракеттенген мамлекеттик чиновниктер үчүн тартиптик санкциялардын жоктугуна тынчсызданусун билдирген».*

БУУ Кыргызстанга "өзүнүн ички мыйзамдарын кайра карап чыгуу жана аны Жарандык саясий укуктар боюнча эл аралык пактыда (ЖСУЭП) баяндалган негиздер боюнча кодулабоо принцибине ылайык келтирүү" сунушун берген»[160].

ТЫЯНАКТАР:

1. Дин жана ынанымдарга эркиндик укуктарын коргоо адам укуктары боюнча документтерде жана эл аралык актыларда өзгөчө орунда турганына карабастан, Кыргыз Республикасында мыйзамдык жөнгө салуу жана тажрыйба күбөлөп тургандай, бул укук чектөөлөргө ээ болот жана бузулат.
2. Мамлекеттик органдарга жана алардын кызмат адамдарына аларды Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктарынын алкактарынан чыгууга тыюу салынганына карабастан, бул ченемди бузуулар орун алат.
3. Мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган деген принцип жана дин жана анын ырасымдары мамлекеттен ажыратылган деген конституциялык принциптердин бузулуулары орун алган фактылары бар.
4. КР Мыйзамдарында диний келишпөөчүлүк жана кодулоо көрүнүштөрүнө тыюу салынганына карабастан, аларды бузуулар, диний тиешелүүлүгү боюнча келишпөөчүлүк көрүнүштөрүнүн учурларынын көбөйүү тенденциясы белгиленет.
5. Улуттук мыйзамдар жана мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган принциби жергиликтүү жамааттык деңгээлде сакталбашы жана радикализация коркунучун жаратуусу мүмкүн. Зомбулуктун көрүнүштөрү бийлик органдарынын ишмердигине тоскоолдук жаратат.
6. Келишпөөчүлүк жана кодулоо фактыларынын көрүнүштөрү боюнча жоопкерчиликке тартуу үчүн күнөөлүү жактарды аныктоо зарыл.

160. Комитеттин 110-сессияда кабыл алган сунуштары, CCPR/C/KGZ/CO/2, .http://tbinternet.ohchr.org/_layouts/treatybodyexternal/Download.aspx?symbolno=CCPR/C/KGZ/CO/2&Lang=Ru.

7. «КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамындагы жана КР Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодексиндеги өксүктөр дин тутуу эркиндиги чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузуулар үчүн административдик жоопкерчиликке тартуу үчүн аракеттерди жиктөөдө кыйынчылыктарды жаратат. 2019-жылдын 1-январынан күчүнө кирген бузуулар жөнүндөгү кодекс аталган өксүктөрдү жойбойт, анткени АЖжКнын 395-беренеси Бузуулар жөнүндө кодексине 92-берене болуп өзгөрүүсүз кирген.

### Сунуштамалар

### КР Өкмөтүнө:

1. Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат жөнүндө 2014-жылдын 3-февралындагы №1 чечимин жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 3-февралындагы жана 2014-жылдын 14-ноябрындагы №203 жарлыктарын ишке ашыруу максатында эксперттердин катышуусунда даярдалган "Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө" КР Мыйзамынын долбоорун кабыл алууну камсыздоо;

2. Ар кайсы динди жана ынанымды тутунган адамдардын сөөгүн көмүү үчүн мүрзөлөрдүн түзүмүн секторлорго бөлүү жөнүндө талаптарды мыйзамдык негизде бекитүү. Эксперттердин катышуусунда даярдалып чыккан жана КР Өкмөтүнүн макулдашуусунда жаткан Сөөк көмүү үчүн жер тилкелерин берүү боюнча Нускаманын долбоорун кабыл алуу;

### КР Башкы прокуратурасына, КР ИИМге, КР Президентинин алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияга:

Дин тутуу эркиндигин камсыздоо чөйрөсүндөгү укук бузууларга жаңы Кодекстерде: Кылмыш-жаза кодексинде, Жосундар жөнүндө кодексте жана Бузуулар жөнүндө кодексте жана жаңы КР Административдик процесстик кодексинин жана КР Жазык-процесстик кодексинин кабыл алынышы менен жоопкерчилик жөнүндө жоболорго өзгөртүүлөр кабыл алынганына байланыштуу Башкы прокуратурага, ИИМге, КР Президентине караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияга усулдук сунуштарды (прокуратура, ИИБ, ЖӨБ кызматкерлери үчүн) иштеп чыгуу.

## 5.3. АСКЕР КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН УКУКТАРЫН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН АБАЛЫ

2018-жылы ММКлардагы билдирүүлөр жана Акыйкатчынын наамына келген арыздардын ичинен мөөнөттүү аскер кызматынын жоокерлеринин өз жанын өзү кыюуга барышына байланыштуу окуялар, аскер бөлүктөрүндөгү уставдан тышкаркы мамилелер, аскер кызматкерлерин турак-жай менен камсыз кылуу, ошондой эле пенсиялык камсыздоо маселелерине тиешелүү фактылар көтөрүлгөн. 2018-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын наамына аскер кызматкерлеринин укуктарына байланышкан 26 кайрылуу келип түшкөн.

КР Куралдуу күчтөрү мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн жана коргонуу жөндөмдүүлүгүн камсыздайт. Өз кезегинде аскерлерди курал-жарактардын жана техникалардын заманбап түрлөрү менен жабдуу үчүн мамлекет жооп берет.

Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери Бишкек гарнизонунун аскердик прокуратурасынын кызматкерлери менен биргеликте аскер бөлүктөрүнө жана гауптвахтарга системдүү текшерүүлөрдү жүргүзүп келишет, ал жерлердеги аскер кызматкерлеринин укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы иликтенет.

2018-жылдын сентябрь айында Ош шаарында жайгашкан[161] – №36806, №01692, №92840, №2024 жана №703 аскер бөлүктөрүнө мониторинг жүргүзүлгөн. Мониторинг өткөрүү зарылчылыгы КР Куралдуу күчтөрүндөгү акыркы учурларда болгон окуяларга байланыштуу болгон, тактап айтканда, жоокерлердин өлүмү, ошондой эле офицердик курам тарабынан мөөнөттүү аскердик кызматтагы солдаттарга болгон кыйноолору. Мониторинг аталган бөлүмдөрдүн командирлеринин катышуусунда болду. Айрым суроолорго жеринде эле жооптор алынды.

Бөлүктөрдөгү уставдан тышкаркы мамилелерге, жоокерлердин аскердик кийим-кече, тамак-аш менен камсыз болуу маселелерине, катардагы жоокерлердин жууркан-төшөгүнүн толук болушу жана кампаларда азык-түлүктөрдү сактоонун тартибин камсыздоонун сапатына Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери тарабынан өзгөчө көңүл бөлүндү.

Ошондой эле медициналык бөлүктөрдө (кызматтар) зарыл болгон дары-дармектердин жетиштүү болушу текшерилди, бөлмөлөрдүн абалы (от жагылуучу жай, мончо, кир кургатуучу жайды кошкондо) жана стационардык дарыланууда жаткан жоокерлердин абалы иликтенди.

Командирлердин катышуусусуз мөөнөттүү аскер кызматынын жоокерлери менен маектешүүдө төмөнкүлөр белгилүү болду:

161. Караңыз: http://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=693:has-summed-up-the-results-of-monitoring-military-units-located-in-osh-on-the-subject-of-respect-for-the-rights-and-freedoms-voennosluzhashhih&catid=18&lang=ru&Itemid=330.

Ата-энелери жолугушууга келгенде жоокерлерге суткалык бошонууга уруксат беришет. Ата-энелер менен байланышып туруу үчүн, аларды колдонууга жоокерлерге уруксат берилбесе дагы, сержанттардын жана офицерлердин жеке уюлдук телефондорун пайдалануу колдоого алынган. Кечкисин аскер кызматкерлери казармаларда сыналгы аркылуу жаңылыктарды көрүүгө мүмкүнчүлүк берилет.

Жоокерлердин күн тартиби бөлүмдүн командирлери тарабынан бекитилген пландарга ылайык ишке ашат. Бардык казармаларда арыз-дооматтар жана билдирүүлөр үчүн «почта кутучалары», ошондой эле бөлүктүн командиринин, аскер прокуратурасынын, жоокерлердин ата-энелер комитетинин төрагасынын жана КР Акыйкатчысынын байланыш телефондору көрсөтүлгөн маалыматтар бар.

Офицерлер өз үй-бүлөсүн турак-жай менен камсыз кылуу жөнүндө каалоолорун билдиришти. Кызматтын өзгөчөлүгүнөн жана ага байланыштуу жашаган жерин бат-баттан алмаштырып туруу балдарды мектептерге жана бала бакчаларга орноштурууда көйгөйлөрдү жаратат.

Бөлүктүн командирлерин сурамжылоо төмөндөгүдөй жыйынтыктарды берди (аскердик бөлүктөр боюнча орточо эсеп):

- Аскер кызматкерлеринин улуттук курамы – 98% кыргыздар, 2% – башка улуттагылар;
- Гендердик курам: 94% – эркектер, 6% – аялдар;
- Мөөнөттүү кызматтагы аскердин бир суткадагы тамак-ашына бөлүнгөн сумма – 85 сом;
- Аскер кызматындагы офицерлердин орточо айлыгынын көлөмү – 18-20 миң. сом;
- Мөөнөттүү аскер кызматындагы жоокердин орточо айлыгынын көлөмү – 300 сом.

Мониторинг аяктаган соң Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн жогорку жетекчилигине жана командирлерине сунуштар иштелип чыкты.

Катардагы жоокерлер ата-энелерине кат жиберүү үчүн «Кыргызпочтасы» компаниясынын кызматтарынан пайдаланышпайт, б.а. кат жиберүү жана кат алуу учурлары катталган эмес. Жогоруда белгиленгендей, ата-энелер менен байланышып туруу үчүн, аларды колдонууга жоокерлерге уруксат берилбесе дагы, сержанттардын жана офицерлердин жеке уюлдук телефондорун пайдалануу колдоого алынган. Ушуга байланыштуу, учурдагы байланышуунун уюлдук каражатын колдонуу боюнча талаптарды карап чыгуу зарыл.

Мөөнөттүү аскер кызматындагы жоокерлердин басымдуу бөлүгү – кыргыз улутунун өкүлдөрү. Кыргызстандыктарды, башка этникалык топторду аскердик кызматка чакыруу үчүн шарттарды түзүү зарыл деп эсептейбиз (статистикалык маалыматтарга ылайык, КРда 80 ашуун улут жашайт).

2018-жылы аскер кызматкерлеринин укуктарына байланыштуу Акыйкатчынын наамына келген даттануулардын жана арыздардын саны 26ны түздү.

## МӨӨНӨТТҮҮ АСКЕР КЫЗМАТЫНДАГЫ ЖООКЕРЛЕРДИН ЭМГЕГИН ПАЙДАЛАНУУ

Акыйкатчынын наамына келген арыздардын ичинде Кой-Таш айылындагы №73809 а/б мөөнөттүү аскер кызматын өтөп жаткан Д.С. жана Д.И. аттуу жоокерлердин ата-энесинен келген, командирлердин кордуктары туурасындагы арыз бар (27.07.2018-ж. чыг. №№ Д-681, Д-682). Тактап айтканда, аларды командирлери жакынкы айылдарга алып барышып, кык чыгарууга, башкалардын автотранспортун оңдоого, арык казууга мажбурлагандыгы, бут алдына аткылагандыгы туурасында айтышкан.

Акыйкатчы көрсөтүлгөн фактыларды карап чыгуу жана укук бузууларга жол берген офицерлерге карата чара көрүү боюнча КР Аскер прокурору Н. Набиевдин наамына кат жөнөткөн (30.07.2018-ж. чыг. №11-1974). Бишкек гарнизонунун Аскер прокурорунун жообунда мөөнөттүү аскер кызматындагы жоокерлерди сабоо жана жакынкы калктуу пункта алардын эмгеги колдонулгандыгы боюнча фактылар кызматтык иликтөөлөрдө тастыкталгандыгы туурасында белгиленген.

№73809 аскер бөлүгүндө сабалган жоокерлердин саламаттыгына жеңил зыян келтирилген. Белгилүү болгондой, 2018-жылдын май-июнь айларында окутуу борборунун башчысы, ага лейтенант К.З., полигондун башчысы, прапорщик У.О. жана бөлүктүн командири, прапорщик Ж.Ж. акча үчүн жергиликтүү тургундун чарба иштерине мөөнөттүү аскер кызматынын жоокерлери Б.А., И.Д., С.Б., А.О., Д.С. жана С.К. алып барышкан. Ошондой эле катардагы жоокерлер А.О. жана Б.А. прапорщик У.О. үйүндөгү мончону куруу үчүн мыйзамсыз ишке тартылышкан. Ошол эле учурда ага лейтенант К.З. жана прапорщик Ж.Ж. катардагы жоокерлер Д.С., И.Д. жана С.Б. сабашкан.

2018-жылдын 18-июнунда Бишкек гарнизонунун Аскер прокуратурасы тарабынан КР КЖК 305-беренесинин 1-бөлүмү, 305-берененин 2-бөлүгүнүн 3-пунктунда каралган кылмыштардын белгилери боюнча кылмыш иши козголгон. «Аларга кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу жана күчтөп зомбулук колдонуу менен кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу айыптары тагылган.

13-августта ага лейтенант К.З., прапорщиктер У.О. жана Ж.Ж. УКИге (убактылуу кармоочу изолятор) камалган. Экспертиза мөөнөттүү аскер кызматындагы жоокерлердин саламаттыгына жеңил зыян келгендигин: бир жабырлануучу кулагынан жаракат алгандыгын, экинчи жабырлануучу көкүрөк тушунан жаракат алгандыгын аныктаган. Ал эми үчүнчү жабырлануучунун денесинде шишиктер болгон эмес, бирок анын сөздөрүн сабаган адам тастыктап жатат», — деп билдиришти Аскер прокуратурасынан.

Зарыл болгон иликтөө иштери жүргүзүлгөн жана соттук-медициналык экспертиза дайындалган, анын бүтүмү 2018-жылдын август айынын башында алынган. №73809 аскер бөлүгүнүн командири ээлеген кызматынан бошотулган.

Иликтөө иштеринин жыйынтыгы боюнча кылмыш иши сот өндүрүшүнө берилген.

5.3.2-мисал

УСТАВДАН ТЫШКАРКЫ МАМИЛЕЛЕР

2018-жылдын 22-сентябрында №97632 аскер бөлүгүнүн аскер кызматкерлери (абадан коргонуу күчтөрү) – сержант Б.М. жана катардагы жоокер К. уулу Б. ортосунда кайым айтышуу болгон. Жыйынтыгында, согулган катуу муштумдан соң катардагы жоокер Б. уулу К. астыңкы жаагы сынган.

Акыйкатчы аппараты тарабынан КР Аскер прокурорунун наамына укук бузууга жол берген аскер кызматкерине карата чара көрүү өтүнүчү менен кат жиберилген. Бишкек гарнизонунун Аскер прокурорунун жообунда, юстициянын подполковниги Э. Абдикеримов билдиргендей, 2018-жылдын 22-сентябрында КР КК АКК №97632 аскер бөлүгүнүн «К» бөлүкчөсүнүн С-75 батареясынын телефонисти-бөлүктүн командири сержант Б.М. мөөнөттүү аскер кызматынын аскер кызматкери Б.К. тапшырма берет, жана анын тил албастыгына наараазы болуп, аны байланыш борборуна чакырган жана муштум менен ылдыйкы жаакка урган.

КР Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталдын нейрохирургия бөлүмүнүн жаак-бет бөлүмүндө коюлган диагнозго ылайык, Б.К. «сол тараптагы бурч жакта алдыңкы жаак чорт сынган жана сөөк фрагменттеринин аралашуусу менен тиштердин ортосу сынган». Жабырлануучуга токтоосуз медициналык жардам көрсөтүлгөн – жаракат алган жерге алкак коюлган.

Аталган факт боюнча Бишкек гарнизонунун Аскер прокуратурасы тарабынан 2018-жылдын 24-сентябрында кылмыш иши КР КЖК 305-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктунда каралган кылмыштын белгилери боюнча козголгон. Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2018-жылдын 26-сентябрындагы токтомуна ылайык, Б.М. карата Бишкек гарнизонунун гауптвахтында кармоо менен тергөө бүткөнгө чейин камакка алуу чарасы каралган. Иликтөө иштери бүткөндөн кийин иш сот органдарына өткөрүлүп берилген.

5.3.3-мисал.

АСКЕР КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ӨЗ ЖАНЫН ӨЗҮ КЫЮУГА БАРГАН УЧУРЛАРЫ

2018-жылдын 31-июлунда Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунда, 1999-жылы туулган, УКМК Кайтаруу жана коштоп жеткизүү департаментинин мөөнөттүү аскер кызматындагы жоокери өзүн-өзү атып салган. Мындан

соң аталган департаментте жоокерлердин арасында өз жанын өзү кыюуга аракет кылган эки учур катталган. Бул окуялардан бир жума өткөндө Чүй облусунун Молдовановка айылындагы №1 жатак абагында 21 жаштагы аскер кызматкери өзүн-өзү атуу аракетин жасаган. Өз убагында көрсөтүлгөн хирургиялык жардамдын аркасында жоокер тирүү калган.

7-июнда Чүй облусунун Жаңы-Жер айылындагы №19 абакта нөөмөттө турган 2000-жылы туулган жоокер атылган октон жараат алып, курман болгон. Бул окуя боюнча иликтөө иштеринин жыйынтыгы жарыялана электе эле өз жанын өзү кыюу катары катталган.

5.3.4-мисал

БАЙКАБАСТЫК ЖЕ ШАЛААКЫЛЫКТЫН КЕСЕПЕТИНЕН УЛАМ БОЛГОН АСКЕР КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ӨЛҮМҮ ЖАНА ЖАРАКАТТАР

2018-жылы август айынын аягында Нарын суусуна чөгүп каза болгон жоокер боюнча аскер прокуратурасы кылмыш ишин козгогон. 13-августта М. Д. уулу үч аскер кызматкерлери менен бирге Нарын суусуна чөгүп кеткен Таш-Көмүр шаарынын жашоочусунун сөөгүн издөөгө катышкан. Ошол күнү кечинде жоокерлер сууга жуунуп алуу үчүн командиринен уруксат сурашкан. Алар пляжга чейин сүзүп барууну каалашкан жана жолдо М.Д. уулун көз алдыларында жоготуп жиберишкен. Кийинки күнү жоокердин сөөгү жээктен 17 метр алыс жерден табылган.

2018-жылдын 19-августунда Майлуу-Суу шаарындагы аскер бөлүгүнүн 22 жаштагы жоокери Р.С. ток урган. Окуя болгондон соң Р.С. бир колун кесип салышкан, ал эми 29-августта медиктер анын экинчи колун дагы кесип салууга аргасыз болушкан. Кыргызстандын Куралдуу күчтөрүнүн Башкы штабы жабырлануучуга Бишкек шаарынан квартира берүүдөн баш тарткандыгы туурасындагы факт коомчулукта чуу жараткан.

Башкы штаб жоокердин тыюу салынган белгиге карабастан электр подстанциясына киргендигин себеп кылышкан. Бирок, Аскер прокуратурасы подстанцияга эч тоскоолдуксуз эле кирүүгө болоорун, ал жакта эч кандай тыюу салынган белги жок экендигин аныктаган. Аскер бөлүгүнүн командирлерине карата «шалаакылык» беренеси менен кылмыш иши козголгон.

Кыргызстандын аскердик прокуратурасынын маалыматы боюнча 2010-жылдан 2013-жылдын октябрь айына чейинки аралыкта аскер кызматкерлеринин өлүмүнө байланышкан 50 факт катталган, алардын ичинен өлүмдүн себептери болуп: өз жанын өзү кыюу – 26 учур, өлтүрүү – 8, чөгүү – 6, чек арадагы инцидент – 1, күтүүсүз кырсыктар – 2, оорусу боюнча – 4, жол кырсыгы – 2.

2014-жылы Кыргызстандын Куралдуу күчтөрүндө аскер кызматкерлеринин өлүмүнө байланышкан 12 учуру катталган, анын ичинен кызматта – 10, кызматтан тышкары – 2. Суицид фактысы боюнча 7 өлүм катталган, күтүүсүз

кырсык – 2, куралга болгон мамиленин эрежелерин сактабагандыктын натыйжасында – 2, оорусу боюнча – 1.

2015-жылы өлүм боюнча 3 факт катталган. 2 факты катардагы жоокердин өлүмү, 1 факт – офицердин өлүмү.

2016-жылы 6 учур катталган: өлтүрүү – 1, өз ара мамилелердин уставдык эрежелерин бузу – 1, өз жанын өзү кыюу – 2, саламаттыкка атайылап залал келтирүү – 1, куралга болгон мамиленин эрежесин бузуу – 1.

2017-жылы өз жанын өзү кыюу боюнча 1 учур.

2018-жылы Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасынын органдары тарабынан өз жанын өзү кыюу боюнча 4 факт жана өз жанын өзү кыюуга аракет кылуу боюнча 1 факт катталган.

Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча, өз жанын өзү кыюуга байланыштуу бир фактыга байланыштуу КР ЖК 366-беренеси боюнча кылмыш иши козголгон (гарнизондо ички кызматты алып барууда эреженин жана күзөттүн бузулушу), бул иликтөө стадиясында турат, калган фактылар боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартуу тууралуу чечимдер кабыл алынган.

КР Аскер прокуратурасынын органдары тарабынан 2018-жылда аскер кызматкерлерине карата 181 кылмыш иши козголгон, анын ичинен 4 – жеке инсанга каршы кылмыштар, 44 – экономика чөйрөсүндөгү кылмыштар, 6 – коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке каршы кылмыштар, 89 – кызматтык кылмыштар, 38 – аскердик кылмыштар.

Тергөөнүн жыйынтыгы боюнча сотко – 126 иш өткөрүлгөн, башка органдарга берилгени – 3, башка иштерге тиркелгени – 11, 19 иш боюнча тергөө иштери убактылуу токтотулган, токтотулганы – 7, 2018-жылдын аягына карата 15 иш иликтөө стадиясында болгон.

5.3.5-мисал

## АСКЕР КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ДАТТАНУУЛАРЫН ЖАНА АРЫЗДАРЫН КАРОО

Кыргыз Республикасынын коргоо иштери боюнча Мамлекеттик комитетинин Коомдук кеңешинин төрагасы Анвар Сартаевдин Акыйкатчынын наамына жазылган арыздын негизинде, Акыйкатчы тарабынан ооруканага жаткандар сыяктуу эле оорукана кызматкерлеринин да муктаждыктарын жана талаптарын, укуктардын жана эркиндиктердин сакталышын аныктоо максатында, Беш-Күңгөй айылында жайгашкан аскер госпиталына комплекстүү текшерүүлөрдү жүргүзүү үчүн КР Акыйкатчы аппараты, КР Каржы министрлиги, Саламаттык сактоо министрлиги, Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги жана Кыргыз Республикасынын коргоо иштери боюнча Мамлекеттик комитети кирген ведомстволор аралык комиссия түзүү демилгеленген.

Комиссиянын алдына төмөнкү маселелер коюлган:

- дарыгерлердин жетиштүүлүгү (квалификациялуу адистердин);
- медициналык жабдыктардын жана техникалардын жетиштүүлүгү;

- дарылоо корпустарынын абалы;
- кышкы жылытуу мезгилине болгон даярдык;
- каржылоо;
- аскер госпиталынын аскер кызматкерлерин жана жарандык кызматкерлерди коомдук жана укуктук коргоо.

2018-жылдын 29-октябрында Кыргыз Республикасынын коргоо иштери боюнча Мамлекеттик комитетинин Коомдук кеңешинин төрагасы Анвар Сартаев менен биргеликте, ведомстволор аралык комиссия аталган медициналык мекемеге барды, ал жерде Коргоо иштери боюнча Мамлекеттик комитеттин төрагасынын орун басары полковник Н. Дуйшеналиев аскер госпиталынын башчысы полковник Т. Женалиев менен биргеликте госпиталды комиссия карап чыгуусу үчүн уюштуруу иштерин жүргүзүштү, андан соң берилген суроолорго жооп беришти.

Текшерүүнүн жүрүшүндө аскер госпиталы штат боюнча 70 орунга эсептелгени аныкталды. Анын ичинен:

- Хирургиялык бөлүм – 25 орун;
- Терапевдик бөлүм – 25 орун;
- Инфекциялык оорулар бөлүмү – 10 орун;
- анестезиология жана реанимация – 5 орун;
- стоматологиялык бөлүм – 5 орун (хирургиялык бөлүмдүн курамында).

Дарылоо-диагностикалык бөлүмдүн орточо жана медициналык кызматкерлери 100% жетиштүү. Өткөн жыл ичинде баардыгы болуп 1149 оорулуу дарылануугa жаткан, 1102 оорулуу айыгып чыккан.

| Оорулуулар | Саны |
|---|---|
| КР КК БШ жана КР КИМК аскер кызматкерлери | 708 |
| КР МЧК аскер кызматкерлери | 96 |
| КР УГ аскер кызматкерлери | 207 |
| КР ӨКМ аскер кызматкерлери | 21 |
| КР ЮМ Департ. а/кызматкерлери | 5 |
| КР УКМК АЧБ а/кызматкерлери | 5 |
| РФ КМ а/кызматкерлери | 13 |
| КР Аскер прокуратурасынын а/кызматкерлери | 3 |
| КР КК пенсионерлери | 52 |
| КР КК кызмат өтөгөндөр жана а/кызматкерлеринин үй-бүлөлөрү | 27 |
| Аскерге чакырылгандар | 2 |

Ошондой эле 2019-жылга төмөнкү аппаратураларды сатып алуу пландалган: көп функциялуу операциялык стол – 2 комплект, дефибриллятор – 4 комплект, стационардык УДИ аппараты – 1 комплект, электрдик травматологиялык дрель – 2 комплект, анализдерди ташуу үчүн контейнер-сумка – 3 даана, 6 каналдуу ЭКГ аппараты – 2 комплект.

Ар жыл сайын Аскер госпиталынын бюджети программалык негизде үч жылдык аралыктагы орточо мөөнөттүү бюджеттин долбооруна ылайык түзүлөт. Чыгашалардын беренелери боюнча каралган бөлүштүрүүлөргө ылайык түзүлөт (анын ичинде – медицина кызматкерлеринин айлык акысы, коммуналдык кызматтар, тамак-аш, дары-дармектер ж.б.) жана тиешелүү жылдык бюджеттен толук түрдө каржыланат.

Аскер госпиталынын медициналык кызматкеринин эмгек акысы 2011-жылдын 19-февралындагы №13 «Саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акылары жөнүндө» КР Өкмөтүнүн Токтому жана 2014-жылдагы КР Өкмөтүнүн Токтомдору менен жөнгө салынат (аттестацияланган кызматкерлер үчүн). Каржылоо көлөмү ачык айтылган эмес, анткени «бул маалымат жашыруун болуп эсептелет».

Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери республиканын ар кайсы аймактарынан келип ооруканада жаткан мөөнөттүү аскер кызматынын аскер кызматкерлери менен жабык түрдө маектерди уюштурушкан. Алардын арасында токко урунуп, анын кесепетинен эки колун кестирген Р. С., ошондой эле сержант тарабынан токмоктолуп, жаагы сынган К. уулу Б. болгон, азыркы учурда тергөө иштери жүрүп жатат.

Учурда Бишкек шаары боюнча жалпысынан 545 адамды түзгөн КР ӨКМБ аскер кызматкерлери КР КИМК аскердик бейтапканасында текшерүүдөн өтүп жана аскердик госпиталында дарылануусу үчүн аларды ошол жакка бекитип берүү боюнча иштер жүрүп жатат.

5.3.6-мисал

### КР КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНҮН АРДАГЕРЛЕРИНЕ ПЕНСИЯЛАРДЫ ТӨЛӨӨ

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын наамына пенсиядагы аскер кызматкерлери Ч.О., К.А. жана Т.З. арыз менен кайрылышып, башында тоолуу райондордун коэффициентин эсепке алуу менен тоолуу райондордо он жылдан ашык иштеген аскер кызматкерлерине пенсия дайындалгандыгын айтышат. Пенсияга чыккандан кийин пенсионер-аскер кызматкерлеринин кээ бири ден соолугуна байланыштуу туруктуу жашаган жерин алмаштырышкан. Бул Аскер прокуратурасы тарабынан аларга карата кылмыш ишин козгоого себеп болгон.

Учурда иштеп жаткан мыйзамдарга ылайык, аскер кызматкерлерине болгон райондук коэффициенттер ошол учурда гана жашап жаткан аймагын эске алуу менен каралат. Бул жобо эгер алар бир нече айга дарылануга кетсе да, пенсия алгандарга карата кылмыш ишин козгоого алып келет.

Сунушталган өзгөртүүлөргө ылайык, райондук коэффициенттер каралган аймактарда он жылдан аз эмес убакытта аскер кызматын өтөгөн адамдарга

көрсөтүлгөн коэффициенттерди эске алуу менен алардын кийинки жашаган жерине көз карандысыз түрдө пенсия төлөнөт.

Акыйкатчы КР Жогорку Кеңешинин төрагасына жана КР Премьер- министрине мындай карама-каршылыкты чечүү өтүнүчү менен кат жиберген. Өкмөттүн аппарат жетекчиси Ш.У. Асымбековдун жообунда бул мыйзам долбоору кабыл алынган учурда, Мыйзамды аткаруу үчүн кошумча 1,0 миллиарддан 1,5 миллиард сомго чейинки каражат жыл сайын керектелээри белгиленген. Өкмөттүн терс пикирине карабастан, Жогорку Кеңештин тиешелүү комитети мыйзам долбоорун биринчи окууда кабыл алды.

**Сунуштамалар**

**КР Куралдуу күчтөрүнүн Башкы штабына:**

1. КР Куралдуу күчтөрүнүн аскер бөлүктөрүндө аскер кызматкерлеринин (мөөнөттүү аскер кызматынын жоокерлери) телефондук сүйлөшүү (уюлдук байланыш) жана электрондук билдирүүгө болгон укугун пайдалануу мүмкүнчүлүгүн ченемдик актыларга киргизүү маселесин кароо;

2. Мөөнөттүү аскер кызматындагы жоокерлердин басымдуу бөлүгү – кыргыз улутунун өкүлдөрү. Кыргызстанда жашаган башка этникалык топтордун өкүлдөрүн да аскердик кызматка чакыруу үчүн шарттарды түзүү зарыл.

# VI БӨЛҮМ. АДИЛЕТТҮҮ СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮГӨ УКУК

## 6.1. СОТ АДИЛЕТТҮҮЛҮГҮНӨ ЖЕТҮҮГӨ УКУК. МАМЛЕКЕТТИК АЛЫМ

### МАМЛЕКЕТТИК АЛЫМДЫН ӨЛЧӨМҮ, СОТКО КАЙРЫЛУУ ҮЧҮН ТОСКООЛДУК КАТАРЫ

Кыргыз Республикасында ар бир адамга Конституцияда, мыйзамдарда, республикабыз катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде каралган анын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоо кепилденет[162]. **Бул укук эч кандай чектелүүгө тийиш эмес**. Соттук коргоого укук өзүнүн бузулган же талашылып жаткан укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам тарабынан корголуучу кызыкчылыктарын коргоо үчүн адамдын сотко кайрылууга укуктук мүмкүнчүлүгүн билдирет.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) атына жарандардын (өзгөчө аз камсыз болгондордун), ошондой эле бүтүндөй алганда калктын кеңири катмарларынын кызыкчылыктарын эске албаган мыйзамдардын адилетсиз жоболору жагынан жарандар тарабынан көп сандаган даттануулар келип түшүүдө. Мындай наразычылыктар жарандык-укуктук соттук укук мамилелерин ишке ашыруу учурунда мамлекеттик алымды төлөө тартиби жана шарттары менен байланышкан.

### СОТ АДИЛЕТТИГИН ЖҮРГҮЗҮҮ УЧУРУНДА МАМЛЕКЕТТИК АЛЫМДЫ ТӨЛӨӨДӨН БОШОТУУ ЖӨНҮНДӨ ИШКЕ АШЫРЫЛБАГАН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ЧЕНЕМ

КР Конституциясынын 103-беренесинин талаптарына ылайык, мыйзамда каралган учурларда, ошондой эле соттук териштирүүгө катышкан жактар аны жүргүзүү үчүн жетиштүү каражатынын жок экендигин далилдеген ар кандай учурда гана сот адилеттиги акысыз жүргүзүлөт.

Бул конституциялык талаптан төмөнкүлөр келип чыгат: эгерде адам тиешелүү доо менен сотко кайрылган учурда ага акы төлөө үчүн жетиштүү каражаттары жок экендигинин далилдерин көрсөтсө, тиешелүү мыйзамдар/кодекстер (же укуктук мамилелердин тиешелүү жактарын жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актылар) мамлекеттик алымды төлөөдөн милдеттүү түрдө бошотуу кепилдиктерин кароого тийиш.

Белгилеп кетүү зарыл, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктунун талаптарына ылайык Кыргыз Республикасынын жарандары мыйзамда каралган учурларда, ошондой эле эгерде алар сотто

162. КР Конституциясынын 40-беренеси.

ишти алып баруу үчүн жетиштүү каражаттарга ээ болбогондугунун далилин сотко көрсөтө алган ар кандай учурда сот тарабынан акысыз корголууга укуктуу. Бирок ушул конституциялык мыйзамда баяндалган жалпы жоболорго таянып, анын колдонулушу Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусун, судьялардын көз карандысыздыгынын кепилдиктерин, КР судьяларын шайлоо, дайындоо, аларды которуу (ротациялоо), кызмат ордунан бошотуу тартибин, судьялардын жоопкерчилигин, алардын ишин материалдык жана социалдык камсыз кылуу чараларын жана ушул статус менен байланышкан башка жоболорду аныктоого багытталган.

Ошол эле учурда (сотко кайрылуу учурунда мамлекеттик алымды төлөө маселелерин жөнгө салуучу) негиздүү ченемдик укуктук актылардын бири болуп КР Жарандык процесстик кодекси саналат, анда (105-беренеде) мамлекеттик алым жөнүндө мыйзамдарда каралган учурларда, ишке катышуучу жактар мамлекеттик алымды төлөөдөн толук же айрым бөлүгүндө бошотулат деп каралган.

Буга байланыштуу азыркы учурда мамлекеттик алымды төлөө боюнча жеңилдиктерди караган негизги ченемдик укуктук актылардын бири болуп саналган «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» Кодекстин тиешелүү ченемдеринде (мамлекеттик алымдарды төлөөгө кудуретсиз жактарды аны төлөөдөн бошотуу боюнча) КР Конституциясынын 103-беренесинде каралган кепилдиктерди чагылдыруу максатка ылайык жана орундуу деп эсептейбиз.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 103-беренесинде баяндалган ченем айрым учурларда гана колдонулат жана бүгүнкү күндө жарандар (мамлекеттик алымды төлөө мүмкүнчүлүгү жокто) жарандык сот өндүрүшүндө соттук коргоого өз укугун көп учурда ишке ашыра албайт. Буга байланыштуу «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» Кодекске, ошондой эле (зарылчылык болгон учурда) КР Конституциясынын 103-беренесинде баяндалган талаптарды (толук өлчөмдө) ишке ашырууну караган башка ченемдик укуктук актыларга тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү зарылчылыгы келип чыгат.

6.1.1 - мисал

*КР Акыйкатчысына жаран Д.Б. мамлекеттик алымды төлөөнүн кыйла суммасынан улам Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун чечимдерине Бишкек шаардык сотуна апелляциялык тартипте даттануу мүмкүн эместиги жагынан арыз менен кайрылган.*

*Анын арызынан булар келип чыгат: анын жаран Ч.О-го карата 100 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү карызы болгон, натыйжада экинчиси ишенимге кирип, Д.Б-ны карыз толук тындырылганга чейин арыз ээсин квартираны сатып алуу-сатуу келишимин толтурууга ынандырган. Андан соң, арыз ээси акчаны топтоп жана карызды тындырууга ниеттенген учурда, Ч.О. акчаны алуудан баш тарткан жана квартираны бербейм деп билдирген.*

*Буга байланыштуу Д.Б. квартираны сатып сатып алуу-сатуу келишимин*

*жара*ксыз деп таануу жөнүндө сотко кайрылган. Свердлов райондук сотунун чечими менен Д.Б-нын доо арызы канааттандырбастан калтырылган жана 875 миң 423 сом өлчөмүндөгү мамлекеттик алым өндүрүп алынган.

Бул чечимге макул болбой, Д.Б. апелляциялык даттанууну жана 437 миң 714 сомду түзгөн алымды 2019-жылдын 1-февралына чейинки мөөнөт менен бөлүп-бөлүп төлөө мүмкүнчүлүгүн берүү жөнүндө өтүнүч берген, мында 69 миң сомду төлөгөн, ошондой эле өтүнүчкө карата маалымкатты берген, ага ылайык Д.Б. ишкер, уюштуруучу же жетекчи болуп саналбайт, жер салыгын, мүлккө салыкты төлөөчү болуп саналбайт, анын транспорттук каражаты жок экендиги жөнүндө маалымкатты берген.

Бирок апелляциялык даттануу Бишкек шаардык сотунун аныктамасы менен кайра кайтарылган, ал эми алымды бөлүп-бөлүп төлөө мүмкүнчүлүгүн берүү жөнүндө өтүнүч канааттандырбастан калтырылган. Соттук коллегиянын пикири боюнча, берилген материалдар Д.Б-нын оор абалын тастыктаган жетиштүү далил болуп саналбайт. Мындан тышкары, 2019-жылдын 1-февралына чейин арыз ээсинин материалдык абалы жакшыра тургандыгынын далилдери берилген эмес.

Андан тышкары, Ч.О. 100 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү карызды өндүрүп алуу жөнүндө Д.Б-га карата Свердлов райондук сотуна доо арызын берген.

Соттун чечими менен Ч.О-нун доосу КР ЖПКнын 114-беренесинин негизинде канааттандырылган, Д.Б-дан 681 миң 700 сом өлчөмүндөгү мамлекеттик алым өндүрүп алынган.

*Натыйжада, Д.Б. мамлекеттик алымды төлөө мүмкүнчүлүгү болбогондугунан улам квартирасынан ажыраган.*

Бул учурда арыз ээси Конституциянын 20-беренесинде кепилденген укуктарды жүзөгө ашыра алган эмес, анда жогору турган сот тарабынан ишти кайра кароого, ошондой эле соттук коргоого белгиленген укуктарга эч кандай чектөө коюлууга тийиш эмес деп баяндалган. Мындан тышкары, Конституциянын 103-беренеси жана КР ЖПКнын 106-беренеси ишке ашырылган эмес.

## МАМЛЕКЕТТИК АЛЫМДЫН ӨЛЧӨМҮНҮН ЧЕГИН БЕЛГИЛӨӨ

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын (мындан ары – КР ЖС КП) 2019-жылдын 16-январындагы (Мамлекеттик алымдын ставкаларынын 1-пунктунун «а» пунктчасындагы 4-абзацтын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча) чечиминен белгилүү болгондой:

- «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексин колдонууга киргизүү тууралуу» 2018-жылдын 10-августундагы Мыйзамдын 3-беренесинин жоболорунун;

- КР Жогорку Кеңешинин Экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетинин 2018-жылдын 23-октябрындагы чечиминин негизинде, КР Өкмөтүнө Ставкалардын 1-пунктунун «а» пунктчасында белгиленген мүлктүк мүнөздөгү доо арызы боюнча мамлекеттик алымды азайтуу жагына тиешелүү мөөнөттө кайра кароо тапшырылды.

КР ЖС КПнын жогоруда көрсөтүлгөн Чечиминин сыпаттоо-жүйөлөштүрүү бөлүмүндө, КР Өкмөтүнүн өкүлү М.Б. Сарымсаковдун билдирүүсү боюнча, жогоруда көрсөтүлгөн (Өкмөткө берилген) тапшырмаларды ишке ашыруунун алкагында КР Юстиция министрлиги «Мамлекеттик алымдын ставкаларын бекитүү жөнүндө» Өкмөттүн токтомунун тиешелүү долбоорун иштеп чыкты. Атап айтканда, бул токтом долбоорунда жеке, ошондой эле юридикалык жактар сотко берүүчү доо арыздарынан мамлекеттик алымдын өлчөмүн эсептөөнүн бирдиктүү тартибин белгилөө аркылуу Ставкалардын 1-пунктунун «а» пунктчасында белгиленген мамлекеттик алымдын ставкаларын төмөндөтүү каралган.

Ошондой эле КР ЖС КПнын жогоруда көрсөтүлгөн отурумунун жүрүшүндө М.Б. Сарымсаков берген анын оозеки түшүндүрүүлөрүнөн булар келип чыгат: Ставкалардын 1-пунктунун «а» пунктчасындагы 4-абзацта каралган мамлекеттик алымдын ставкаларынын өлчөмдөрүн Ставкалардын 2-пунктунун «а» пунктчасында белгиленген мамлекеттик алымдын ставкаларынын өлчөмдөрү менен теңештирүү пландаштырылып жатат.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы региондогу коңшу өлкөлөрдүн мыйзамдарын салыштыруу-укуктук талдоону жүргүздү, анын жүрүшүндө булар айкын болду, мисалы, Россия Федерациясынын Салык кодексинин 333-беренеси *сотко кайрылган учурда, атап айтканда, доонун суммасынын өлчөмү 1 000 000 (бир миллион) рубль болгон **учурда өндүрүп алынуучу мамлекеттик алымдын ставкаларынын өлчөмүнүн чеги** – 13 миң 200 рубль өлчөмүндөгү мамлекеттик алым плюс сумманын 0,5%ы өндүрүп алынат* деп карайт, бирок мында ушул эле ченемде өндүрүп алынуучу мамлекеттик алымдын суммасынын чеги белгиленген, ал кандай болгон күндө да (башкача айтканда, доонун суммасы канчалык көбөйбөсүн) 60 миң рублдан ашууга тийиш эмес.

Биздин көз карашыбыз боюнча, жого руда эске алынган, Россия Федерациясынын Салык кодексинде белгиленген ченем мамлекеттик алымды өндүрүп алуунун максаты мамлекеттик органдардын **чыгымдарын жабуу** болуп санала тургандыгы жөнүндө жогоруда көрсөтүлгөн чечимдин сыпаттоо-жүйөлөштүрүү бөлүгүндө баяндалган КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын позициясын кыйла көп даражада чагылдырат жана **кирешелерди алууга багытталган эмес, ошонун өзү менен компенсациялык максатты ишке ашыруу камсыз кылынат**.

Бирок азыркы учурда Кыргызстандын калкы төлөп жаткан мамлекеттик алымдын өлчөмдөрү компенсациялык максатка дайыма эле шайкеш келе бербейт жана айрым учурда анын чегинен чыгып кетет, анткени доонун суммасын көбөйтүү соттук чыгымдарды пропорциялуу көбөйтүү жөнүндө

ар дайым эле ырастай бербейт. Бул маселе боюнча ушундай позицияны 2019-жылдын 16-январында өткөн КР ЖС КПнын соттук жыйналышынын жүрүшүндө КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын сульялары айткан.

Буга байланыштуу жарандык сот өндүрүшүн ишке ашыруунун алкагында сотко кайрылган учурларда адамдар төлөй турган мамлекеттик алымдын өлчөмүнүн чегин белгилөө жагынан Россия Федерациясынын мыйзамдарынын оң тажрыйбасын Кыргыз Республикасы көчүрүп алышынын (имплементациялоонун) зарылчылыгы жөнүндө сунуш киргизүүнү максатка ылайык деп эсептейбиз.

Өндүрүп алынуучу мамлекеттик алымдын суммасынын чегин белгилөө максатка ылайык, ал кандай болгон күндө да (башкача айтканда, доонун суммасы канчалык көбөйбөсүн) 60 миң сомдон ашууга тийиш эмес деп эсептейбиз.

Кандай болгон күндө да (башкача айтканда, доонун суммасы канчалык көбөйбөсүн) 60 миң сомдон ашууга тийиш болбогон өндүрүп алынуучу мамлекеттик алымдын суммасынын чегин белгилөө сотко негизсиз кайрылуунун алдын алуу жана ыйгарым укуктуу адамдарга карата милдеттерди ыктыярдуу аткарууга түрткү берүү боюнча **превентивдүү максаттарды** мыйзам чыгаруучу **камсыз кылышынын мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт** деп эсептейбиз.

6.1.2-мисал

*КР Акыйкатчысына жаран Л.Е. (ишеним кат боюнча Д.О өкүлү) Бишкек шаардык сотунда апелляциялык тартипте мамлекеттик алымды (талашылып жаткан сумма 2 млн. 172 миң 260 сомду түзөт) төлөөнүн кыйла суммасынан улам Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун чечимине даттануунун мүмкүн эместигине даттануу арызы менен кайрылган.*

*Бул доо арызын доогер жоопкерге 1999-жылдын 29-декабрындагы КР Жарандык-процесстик кодексинин (КР ЖПК) эски ченемдери боюнча берген. КР ЖПКнын жаңы редакциясы күчүнө киргенден кийин жоопкерде Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту кабыл алган чечимге даттануу мүмкүнчүлүгү жок, анткени мамлекеттик алымдын өлчөмү* ***108 миң 613*** *сомду түзөт, бул анын үй-бүлөсү үчүн колдон келбеген сумма болуп саналат жана кийин анын үйү камакка алынган.*

Мисалдан көрүнүп тургандай, бул учурда жаран мамлекеттик алымды төлөөгө мүмкүнчүлүгү болбогондугунан улам соттук коргоого өз укугун ишке ашыра алган эмес, буга байланыштуу ал жана анын үй-бүлөсү жалгыз турак-жайынан ажырап калышы мүмкүн.

## ДОО ТАЛАПТАРЫНЫН СУММАСЫН КИЙИН АЗАЙТУУНУН НАТЫЙЖАСЫНДА АШЫКЧА ТӨЛӨНГӨН МАМЛЕКЕТТИК АЛЫМДЫ КАЙРА КАЙТАРУУ ЖӨНҮНДӨ ЧЕНЕМДИН ЖОКТУГУ

Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодексинин 107-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, доо талаптары көбөйгөн учурда алымдын жетишпеген суммасы доонун көбөйгөн баасына ылайык **кошумча төлөнөт**.

Ошол эле учурда ушул эле Кодекстин 108-беренсинин 6-бөлүгүнө ылайык, доогер доо талаптарын азайткан учурда мамлекеттик алым **кайтарып берилбейт**. Ушундай ченем «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» КР Кодексинин 27-беренесинин 5-бөлүгүндө да камтылган.

Ошентип, Кодекстин жогоруда көрсөтүлгөн ченемдеринен бир тараптуу мамиле көрүнүп турат, анда сот бийлигинин органдарынын кызыкчылыктары гана эске алынат, бирок сотко доо арызын берип жаткан жарандардын кызыкчылыктары эске алынбайт.

Баяндалгандарды эске алып, Акыйкатчы жогоруда белгиленген Кодекстерге тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, аларда доогер доо талаптарын кийин азайтышынын натыйжасында келип чыккан, ашыкча төлөнгөн сумманы кайра кайтаруу мүмкүнчүлүгүн кароо зарыл деп эсептейт.

6.1.3-мисал

*КР Акыйкатчысынын атына сотко арыз берүү учурунда өзүн мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотуу маселеси боюнча жаран Ж.Б-нын арызы КР ЖК-нын КСДП фракциясынын депутаты Р. Момбековдон кайра жөнөтүлгөн.*

*Арыздан көрүнүп тургандай, доогер Ж.Б. жоопкер Т.Б-нын энеси болуп саналат жана 1 млн. 580 миң сом (атап айтканда, – турак үй, 11 уй, 4 музоо, 80 кой, 20 жылкы) өлчөмүндөгү менчикти мыйзамсыз бөтөн ээлик кылуудан талап кылып алуу жөнүндө доо коюп жатат. Тиешелүү түрдө, мамлекеттик алымдын өлчөмү* ***158 миң сомду*** *түзөт, бул кыйла сумма болуп саналат, анткени доогер – 82 жаш куракгагы пенсионер.*

*Бул доо арызын кароонун жүрүшүндө доогер турак үйгө жана малдын бир бөлүгүнө дооматтардан баш тартуу жагынан доо талаптарын өзгөрткөн, буга байланыштуу мамлекеттик алым төмөндөөгө тийиш эле. Бирок Нарын областынын Нарын район аралык сотунун 2017-жылдын 3-январындагы чечими менен Ж.Б-нын доо талаптары канааттандыруусуз калтырылган жана* ***158 миң сом*** *өлчөмүндөгү мамлекеттик алым өндүрүп алынган.*

Жогоруда баяндалган маселелерди иликтөөнүн жүрүшүндө ченем, атап айтканда, «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» Кодекстин 140-беренесинин 2-бөлүгү айкындалган, анда эгерде тараптардын бири мыйзам боюнча мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулса, аны экинчи тарап толугу менен төлөп берет деп баяндалган, аны ошондой эле сот өндүрүшүнө чыгымдарды

жабуунун кызыкчылыктарын гана эске алган «адилетсиз» жана бар тараптуу деп атоого болот.

ТЫЯНАК:

Ошентип:

– *жарандардын, ошондой эле бүтүндөй алганда калктын кеңири катмарларынын кызыкчылыктарына жооп бербеген мамлекеттик алымдардын өлчөмдөрүнөн;*
– *конституциялык кепилдиктерди ойдогудай эмес ишке ашыруудан;*
– *мамлекеттик алымды өндүрүп алуу тартибинин учурунда бир тараптуу мамиледен улам жарандар өзүнүн конституциялык укугун ишке ашыра албай жатат, бул терс таасир этип жана жарандардын сот тутумуна ишенимин кетирип жатат. Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча түзүлгөн кырдаалды жакшыртуу үчүн сотторго кайрылууга жарандарга тоскоолдук кылып жаткан ченемдерди алып салуу зарыл.*

Белгилеп кетүү керек, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы мамлекеттик алымды милдеттүү төлөө жагынан соттук коргоого конституциялык укукту чектөө катары айтып жаткан жок, ал мамлекеттик алымдын ставкаларынын өлчөмдөрү акылга сыярлык эмес жана жогору болуп саналгандыгы жана мыйзамдардын айрым бир тараптуу (адилетсиз) ченемдери укуктарды олуттуу чектөө болуп санала тургандыгы жөнүндө кулак кагып жатат.

**КР Өкмөтүнө сунуштамалар:**

1. «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» КР Кодексине, ошондой эле (зарылчылык болгон учурда) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 103-беренесинде баяндалган талаптарды (толук өлчөмдө) ишке ашырууну караган башка ченемдик- укуктук актыларга тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;

2. КР Жарандык-процесстик кодексине жана «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» КР Кодексине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү, аларда доогер доо талаптарын кийин азайтышынын натыйжасында келип чыккан, ашыкча төлөнгөн сумманы кайра кайтаруу мүмкүнчүлүгүн кароо;

3. «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» Кодекстин 140-беренесинин 2-бөлүгүн кайра кароо;

4. Мамлекеттик алымдын ставкаларында кандай болгон күндө да (башкача айтканда, доонун суммасы канчалык көбөйбөсүн) 60 миң сомдон ашууга тийиш болбогон өндүрүп алынуучу мамлекеттик алымдын чегин белгилөөнү караган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1994-жылдын 18-июлундагы №521 токтомго тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү.

## 6.2. МЫЙЗАМСЫЗ ТҮРДӨ КЫЛМЫШ ЖООБУНА ТАРТЫЛГАН ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫН САКТОО (СОТТУН ЧЕЧИМИ МЕНЕН АКТАЛЫП ЧЫККАНДАР)

Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиги кепилденген эл аралык укуктардын жалпыга бирдей таанылган принциптерине жана ченемдерине ылайык конституциялык мыйзамдуулукту камсыздоо коомдун жашоосу жана өнүгүүсүндөгү маанилүү шарт болуп саналат[163]. Мамлекеттик бийликтин органдары, жооптуу кызматтагы адамдар жана жалпы эле жарандар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоого милдеттүү.

Жарандардын арыздары менен даттануулары, Акыйкатчынын (Омбудсмендин) аппараты тарабынан жүргүзүлгөн мониторингдердин жыйынтыгы тергөө жана соттук органдардын иштеринде проблемалардын бар экендигинен кабар берет, айрыкча мындай көрүнүштөр адамдын баш коргоо чарасын кабыл алууда жана анын камакта калышынын мөөнөтүнүн узартылышындагы иштерде жолугат. Арыздангандар соттун өкүмүндө көрсөтүлгөн чечимдердин жасалган кылмыштын ордугу менен дал келбеген деңгээлине даттанышат. Мындай нааразылыктар ишти кароону улам кийинкиге которууну пайда кылууда жана ишти кароо процессине катышуучуларды камсыздоо, катыштыруу өңдүү жумуштардын объективдүү себептерин пайда кылып жатат.

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыда ар бир кылмышкер деп таанылган күнөөкөр кечиктирилбестен туруп өз убагында соттолушу керектиги көрсөтүлгөн. Кээ бир иштер узакка создуктурулуп каралгандыктан соттук чечимди өз убагында алууга мүмкүн эмес. Кылмыш иши боюнча күнөөлөнгөндөр ишти кароодо, көбүнчө, биринчи инстанциядагы сотторго акталып чыгуу мүмкүнчүлүгүнүн болушуна ишенишпейт.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын маалыматы боюнча, 2018-жылы 162 кылмыш иши боюнча 218 адам акталган. Алардын ичинен 29 кылмыш иши боюнча 32 адам КР Жогорку сотунун чечими менен акталган. 2017-жылдын 12 айында биринчи инстанциядагы соттор тарабынан кылмыш кылган делип айыпталган 18876 адамдын ичинен 319 жаран акталып чыккан. Ал эми 2016-жылдын ушундай эле аралыгында кылмышка күнөөлөнгөн 18856 адамдын 255 күнөөсүз деп акталган.

2017-жылы чыгарылган жалпы актоо өкүмдөрүнүн ичинен 130 адамга карата чыккан өкүм мыйзамдуу түрдө күчүнө кирген. Ал эми 84 адамга карата актоо өкүмдөрү жогорку инстанциядагы соттор тарабынан жокко чыгарылган, ошондой эле 105 адамга карата прокуратура органдары тарабынан сунушталган иштердин себебинен азыркы күндө ишти сотто кайрадан кароо стадиясынын чегинде турат.

163. Адам укуктарынын жалпы декларациясы (33.б), Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө пакт (9.б)

КРнын Жогорку сотунун алдындагы Соттук департаментинин маалыматы боюнча 97-берене боюнча 3 адам акталган; 105-бер. -3, 109-1, 112-1, 119-1, 129-8, 162- 3, 164-7, 165-5, 166-23, 168-9, 171- 10, 172-1, 18—2, 182-1, 185-1, 204-7, 211-1, 213-3, 221-3, 222-1, 234-9, 246-4, 247-13, 250-3, 257-1, 261-1, 281-1, 287-1, 299-1, 304-55,305-48, 305-1-2,306-2, 307-1, 309-2, 310-1, 313-19, 314-12, 315-7, 316-2, 318-1, 328-1, 338-3, 339-1, 350- 8,353-6. Жалпы акталгандардын арасынан 34ү аял кишилер болуп саналат.

КРнын Башкы прокуратурасынын маалыматы боюнча 2017-жылдын 12 айында өздөрүнүн кызматтык милдеттерине ылайыксыз мамиле жасашкандыгы жана адамдарды кылмыш жоопкерчилигине туура эмес тарткандыгы үчүн республиканын прокуратура органдарында иштешкен **12 кызматкер тартиптик жоопкерчиликке тартылган, алардын ичинен 6 кызматкер жетекчилик кызматтарда иштешет: райондордун 3 прокурору, 3 орун басары, 2 тергөөчү, прокурордун 3 жардамчысы, бөлүмдүн 1 прокурору.**

КРнын Ички иштер министри К. Жунушалиевдин берген маалыматында 2016-жылдагы КРнын ИИМнин тергөөчүлөрү тарабынан козголгон 12 кылмыш иштерине карата прокуратура органдары тарабынан кылмыш ишин козгоодон баш тартуу боюнча токтом чыгарылган.

2017-жылы 3 кылмыш ишиндеги ишти козгоодон баш тартуу боюнча прокуратура органдары тарабынан токтом кабыл алынган.

Ал эми **2018-жылдын 10 айында 5** кылмыш иши боюнча прокуратура органдары тарабынан ишти кароодон баш тартуу чечимдери чыккан. Жыйынтыгында кылмыш иштерин туура эмес козгогон тергөөчүлөр тартиптик мүнөздөгү жоопкерчиликке тартылышкан.

Кызматтык милдеттерин аткарууда мыйзамдын чегинен чыгып кеткен тергөөчүлөрдүн жана прокуратура кызматкерлеринин аты-жөндөрүн тагыраак билдирүү боюнча КРнын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жактан өтүнүү, талап-суроосуна ошол эле прокуратура органдары тарабынан так жооптун берилбей келе жаткандыгын баса көрсөтүп кетүү керек.

Прокуратура кызматкери Т. Айбашов Акыйкатчынын (Омбудсмендин) берген суроо-талаптарына ачык жооп берүү жагына токтолуп, КРнын Башкы прокурорунун орун басары Ж. Жаманбаева маалымат берүүгө таптакыр тыюу салгандыгын билдирди.

Жогоруда баяндалган маалыматтардын негизинде акырында сот органдары тарабынан акталган адамдарга карата туура эмес кылмыш иштерин козгошкон ички иштер жана прокуратура органдарынын кызмат адамдарынын аты-жөндөрүн, кызматтык орундарын тактап билүүгө мүмкүнчүлүк болгон жок.

**Сунуштамалар**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:**

КР Жогорку Кеңештин тармактык комитетинде башкы прокуратуранын, ички иштер министрлигинин, КР Өкмөтүнө караштуу экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматынын, Улуттук коопсуздук мамлекеттик Комитетиин жана КР Жогорку сотунун 2016-2018-жылдар ичинде акталып чыккан адамдардын жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин одоно түрдө бузууга жол берген, кылмыш иштерин туура эмес, мыйзамсыз түрдө козгогон кызмат адамдарынын жоопкерчилигин угуу жана ал ишти кароо боюнча Парламенттик комиссияны түзүү.

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына**

1. Тергөө жана алгачкы тергөө жүргүзүү органдарындагы милдеттердин аткарылышына көзөмөл жүргүзүүнү күчөтүү менен КРнын мыйзам актыларынын аткарылышын камсыздоо жана атуулдарга карата мыйзамсыз иш козгоо иштерине жол бербөөнү туруктуу түрдө көзөмөлгө алуу.

## 6.3. ЭКСТРЕМИСТТИК БАГЫТТАГЫ МАТЕРИАЛДАРДЫ САКТАП ЖҮРҮҮГӨ АЙЫПТАЛГАН ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

### УЛУТТУК МЫЙЗАМДАР

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында актуалдуу маселелердин бири катары экстремизмге каршы иш-аракеттердин шартында адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин кепилдиктерин сактоо боюнча маселе турат.

КР Конституциясына ылайык, Адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн. Ушундай чектөөлөр аскердик же башка мамлекеттик кызматтын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен да киргизилиши мүмкүн[164]. *Ошентип, киргизилген чектөөлөр конституциялык максаттарга жооп бериши, мыйзамдар менен аныкталган, жана көрсөтүлгөн максаттарга шайкеш болуусу керек.*

Улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөп, кодулоого, касташууга же күч колдонуу-

164. 2010-ж. 27-июнунда референдум менен (жалпы элдик добуш) кабыл алынган КР Конституциясынын 20-беренеси. 2-бөлүмү (2016-ж. 11-декабрында референдум менен кабыл алынган, 2016-ж. 28-декабрындагы № 218 КР Мыйзамынын ред.) («КР Конституциясы ») (Электрондук ресурс). Дареги: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913

га чакырган үндөөлөргө тыюу салынат[165], ошондой эле жарандардын бирикмелери тарабынан аскерлешкен курумдардын түзүлүшүнө; иш-аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улут аралык, этностор аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган максаттарды көздөгөн саясий партиялардын, коомдук жана диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштешине тыюу салынат[166].

Зордук-зомбулукка үгүттөө менен алектенген адамдарга болгон чараларды мыйзамга ылайыктоо мүмкүнчүлүгү мыйзамдуу болуп саналат, мындай чаралар тоскоолдуксуз эле мыйзам тарабынан так аныкталышы керек. Жоболордун аныкталбаган, так эместиги укуктук мамлекеттин конституциялык принциптерине шайкеш келиши мүмкүн, жарандарга карата мамлекеттик органдар менен кызмат алдамдары тарабынан негизсиз жана басмырлоочу жоболорду колдонууну, тең укуктуулуктун конституциялык принциптеринин бузулушун четке кагат[167]. *Ошондуктан укуктук жоболор ашыкча жоопкерчиликтин киргизилишинен алыс болуусу үчүн, өзүнүн жасаган кайсы кылмышы үчүн жоопкерчилик тартаарын ар бир жаран так билүүсү үчүн жетишээрлик түрдө так түзүлүшү керек.*

КР «Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиктери жөнүндө» Мыйзамынын 10-беренесине ылайык[168], массалык маалымат каражаттарында (Мындан ары-ММК) төмөнкүлөргө жол берилбейт:

- *Күч менен кулатууга же учурда иштеп жаткан конституциялык түзүлүштү өзгөртүүгө, Кыргыз Республикасынын же башка бир өлкөнүн эгемендүүлүгүн жана аймактык бүтүндүгүн бузууга чакыруу;*
- *Согушту, зордук-зомбулукту жана ырайымсыздыкты, улуттук, диний өзгөчөлүктөрдү жана башка элдерге жана улуттарга карата чыдабастык мамилени үгүттөө;*
- *Динге ишенгендердин жана диний кызматкерлердин диний сезимдерин мазактоо.*

КР «Электр жана почта байланышы жөнүндө» КР Мыйзамынын 40-беренесине ылайык[169], байланыш чөйрөсүндө экстремисттик иш-аракеттерди жүзөгө ашырган юридикалык жана жеке жактар мыйзамда көрсөтүлгөндөй жоопкерчиликке тартылышат.

КР «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана дин уюмдары жөнүндө» КР Мыйзамы конституциялык түзүлүштү өзгөртүүгө, динге, коомдун адеп-ахлагына чыдабастыкка үндөгөн чакырыктарды камтыган диний

165. КР Конституциясынын 31-беренесинин 4-бөлүмү.
166. КР Конституциясынын 4-беренесинин 4-бөлүгүнүн 4,5-бөлүмчөлөрү.
167. КР Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгү.
168. 1997-жылдын 5-декабрындагы N 89 «Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиктери жөнүндө» КР Мыйзамы (Электрондук ресурс). Төмөнкү даректе: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/589
169. 1998-жылдын 2-апрелиндеги N 31 «Электр жана почта байланышы жөнүндө» КР Мыйзамы (Электрондук ресурс). Төмөнкү даректе: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/42

адабияттарды, башка басылмаларды, аудио-видео материалдарды ташып келүү, даярдоо, сактоо, ташып жүрүү жана таратууга тыюу салат[170].

Диний экстремизим, сепаратизмдин идеяларын камтыган басылмаларды, кино, фото, аудио-видео буюмдарды жана башка материалдарды ташып келүү, даярдоо, сатып алуу, ташып жүрүү, жөнөтүү, сактоо жана жайылтууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат[171].

Белгилеп коюу зарыл, жогоруда аталган Мыйзамдардын жоболорунда «*диний сезимдерди кордогон*», «*диний өзгөчөлүктөрдү жайылтуу*», «*диний экстремизмди*», «*диний сепаратизмди*», «*диний фундаментализмди*», «*диний экстремизм, сепаратизм жана фундаментализмдин идеяларын*» деген терминдер текстте колдонулса дагы, мындай түшүнүктөрдүн мазмунун айкындабайт.

«*Экстремизм*» термини «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө»[172] КР Мыйзамында тырмакчага алынып колдонулат жана «экстремисттик ишмердүүлүк» термини менен бирдей эле ага кирген иш-аракеттерди тизмектейт. *Аталган берененин мазмунунда көрүнүп тургандай, Мыйзамда болгону экстремисттик ишмердүүлүктүн (экстремизмдин) ар кандай көрүнүштөрүн өзүнө камтыган 13 иштин тизмеги бекитилген. Ошол эле учурда мыйзам чыгаруучу укук коргоо тажрыйбасын татаалданткан анын бардык маанилүү белгилерин ачып бере турган экстремизм түшүнүгүнө аныктама бербейт.* Ошентип, Мыйзамдын мааниси боюнча, экстремисттик ишмердүүлүккө (экстремизмге) кирет делип административдик, кылмыштык жана жарандык-укуктук жоопкерчиликти караган мыйзам тарабынан тыюу салынган иштер түшүндүрүлөт.

## ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАР

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын[173] (мындан ары – ЖСУЭП) 20-беренесинин 2-пунктунда кодулоого, касташууга жана кордук көрсөтүүгө үндөгөн, улуттук, расалык же диний жек көрүүнү колдогон

170. «КР Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренесинин 2-бөлүгү, 2008-ж. 31-декабрындагы N 282 «КР Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» (2011-ж. 15-июнундагы N 46, 2012-ж. 7-декабрындагы N 196 КР Мыйзамдарынын редакциясы). (Электрондук ресурс). Төмөнкү даректе: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202498

171. «КР Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренесинин 8-бөлүгү.

172. 2005-ж. 17-августундагы № 150 «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы иш-аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамы, (2009-ж. 20-февралындагы № 60, 2013-ж. 8-майындагы № 66, 2014-ж. 18-февралындагы № 32, 2016-ж. 1-июлундагы № 97, 2016-ж. 2-августундагы № 162 КР Мыйзамдарынын редакциясы). (Электрондук ресурс). Төмөнкү даректе: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1748

173. Кыргыз Республикасы 1994-ж. 12-январындагы N 1406-XII КР Жогорку Кеңешинин токтому менен макул болгон. КР Жогорку Кеңешинин 1994-ж. 12-январдагы №1406-XII «Кыргыз Республикасынын адам укуктары боюнча эл аралык келишимдерге кошулуусу жөнүндө» токтомун караңыз. (Электрондук ресурс). Төмөнкү даректе: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/50679

бардык иш-аракеттерге мыйзам тарабынан тыюу салынышы керектиги жазылган. Ошол эле учурда, зордук-зомбулукка болгон түрткү, адамдар тарабынан уруксат берилбеген же болбосо адамдар үчүн мазактоо катары саналган жөн гана көз караш эмес, андан да жогорку нерсе.

Өз пикирин билдирүү эркиндигине болгон укук негизги мыйзамдардын бири болуп саналат жана бир катар эл аралык адам укугун коргоо боюнча инструменттер менен корголгон, анын ичинде ЖСУЭП 19-беренесинде булар каралган: «1. Ар бир адам өз ой-пикирлерин эч тоскоолдуксуз кармануууга укугу бар. 2. Ар бир адам өз ой-пикирин эркин билдирүү укугуна ээ; бул укук мамлекеттик чектөөлөргө көз каранды болбостон бардык түрдөгү маалымат жана идеяларды оозеки, жазуу түрүндө же басма сөз түрүндө, же көркөм өнөр түрүндө, же өз каалоосуна жараша башка жолдор менен издөө, кабыл алуу жана таратуу эркиндигин камтыйт».

Сөз эркиндигине болгон укук чексиз эмес. ЖСУЭП 19-беренесинин 3-пунктуна ылайык, аталган укукту белгилүү бир максаттарда чектөөгө жол берилет, атап айтканда:

*а) башка адамдардын укуктарын жана кадыр-баркын урматтоо үчүн;*

*б) мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын же адеп-ахлагын коргоо үчүн;*

*в) алар мыйзам менен аныкталышы керек жана демократиялык мамлекетте абдан зарыл.*

Мындай принциптер коммуникациянын электрондук ыкмасы же интернет аркылуу билдирүү аркылуу ишке ашат. Атап айтканда, БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин (мындан ары - АУК) ЖСУЭП 19-беренесине карата жалпы тартиптеги № 34 Эскертүүлөрүнө ылайык[174], Интернет-технологияларына негизделген, вебсайттардын, блогдордун жана башка ушул сыяктуу электрондук жана башка маалыматтарды таратуунун кандай гана түрдөгү тутуму болбосун, анын ичинде, Интернет тутумуна же издөө тутумдарына жеткиликтүү болгон тутумдар сыяктуу коммуникациялардын тутумдарынын ишин камсыз кылган тутумдарга болгон кандай гана чектөө болбосун, ЖСУЭП 19-беренесинин 3-пункту менен алар кандай дал келсе, ошол өлчөмдө гана уруксат берилет. Жол берилген чектөөлөр биринчи кезекте конкреттүү материалдардын мазмунуна карай негизделиши керек; белгилүү бир сайттардын жана тутумдардын ишине болгон жалпы тыюулар ЖСУЭП 19-беренесинин 3-пункту менен карама-каршы келет.

Өз пикирин билдирүү эркиндиги башка укуктар жана эркиндиктер менен өз ара тыгыз байланыштуу, алардын бири катары ойлоо, абийир, дин тутуу эркиндиги болуп саналат. Бул эркиндик диний ырым-жырымдар жана каада-салттарга, же ишенимдерге байланышкан нерселерди жана материалдарды өндүрүүгө, сактоого жана колдонууга, ошондой эле макалаларды жазуу, чыгаруу жана жайылтууга болгон укукту камтыйт.

174. Караңыз: БУУнун Адам укуктары боюнча Комитети, № 34 жалпы тартиптеги эскертүү, 2011-ж. 12-сентябрындагы CCPR/C/GC/34 Ой-пикирлердин жана аларды айтуу эркиндиги, 19-берене. Төмөнкү даректе: http://www.refworld.org.ru/docid/4ed34b892.html

1986-жылдагы ЕККУ Вена жолугушуусунун Жыйынтыктоочу документи мүчө-мамлекеттерге «динге ишенгендердин укугун жеке сыяктуу эле башкалар менен биргеликте сыйлоо, алар тандаган тилдеги диний адабияттарды жана басылмаларды, ошондой эле алардын диний ишенимдерине тиешелүү башка нерселерди жана материалдарды *сатып алууга, ээлик кылууга жана колдонууга*» милдеттерди бекиткен[175]; «диний коомдорго, институттарга жана уюмдарга диний макалаларды жана башка диний басылмаларды жана буюмдарды *өндүрүүгө, ташып келүүгө жана таркатууга* уруксат берүү».[176]

**Дин жана ишеним эркиндиги чексиз эмес. ЖСУЭП 20-беренесине ылайык**, *эч кандай дин жана ишеним согушту же кодулоого, касташууга же зордук-зомбулукка үндөгөн улуттук, расалык же диний жек көрүүнү колдоп чыгууларды үгүттөөгө айланып калбашы керек.*

**Ошентип, кандайдыр бир ой-пикирин билдирүү эркиндигине болгон чектөөлөрдү белгилөөдө мамлекет бир катар талаптарды сактоосу керек:**

- *Чектөөлөргө болгон негиздер улуттук мыйзамдарда чагылдырылышы керек, жана бул негиздер жетишээрлик так болушу зарыл, анткени тиешелүү адамдар өз иш-аракеттеринин натыйжаларын түшүнүп, моюнга алуусу керек;*
- *Чектөөлөр мыйзамдуу максатка багытталуусу керек (мисалы, коомдук коопсуздукту жана тартипти коргоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо же улуттук коопсуздукту коргоо сыяктуу);*
- *Демократиялык коомдо чектөөлөр болушу зарыл (б.а. укукту чектөө үчүн маанилүү бир коомдук муктаждык болушу керек) жана чектелген укуктун өзөгүн жокко чыгарбашы керек;*
- *Чектөө коюлган максаттарга жараша болушу керек;*
- *Чектөө кодулоочу мүнөзгө ээ болбошу керек.*

Киргизилген чектөөлөрдүн жана бөгөт коюулардын так жана ачык болушуна байланыштуу БУУнун Адам укуктары боюнча комитети (АУК) мүчө-мамлекеттер террорчулукка каршы чаралардын ЖСУЭП 19-беренесинин 3-пунктуна дал келүүсүн камсыздоого тийиш деп белгиледи. «Терроризмди колдоо» жана «экстремисттик ишмердүүлүк» сыяктуу укук бузуулар, ошондой эле терроризмди «мактап-жактоо», «даңкын чыгаруу» же «актоо» сыяктуу укук бузуулар өз пикирин эркин билдирүүгө болгон укукту жүзөгө ашыруу үчүн аларды пайдаланууда орунсуз же өлчөмсүз кийлигишүүгө алып келбестигине болгон кепилдиктер үчүн так аныкталышы керек. Андан тышкары, маалыматка жеткиликтүү болууга ашыкча чектөөлөрдөн качуу зарыл. Террористтик иш-аракеттер туурасында маалыматтарды калкка жеткирүүдө ММК негизги ролду ойнойт, ошондуктан алардын иштерин ашыкча

175. 1986-ж. ЕККУ Вена жолугушуусунун Жыйынтыктоочу документинин 16.9 пунктун караңыз. Төмөнкү даректе: http://www1.umn.edu/humanrts/russian/osce/basics/Roscebasc.html

176. 1986-ж. ЕККУ Вена жолугушуусунун Жыйынтыктоочу документинин 16.10 пунктун караңыз. Төмөнкү даректе: http://www1.umn.edu/humanrts/russian/osce/basics/Roscebasc.html

чектөөгө жол бербеш керек. Ушуга байланыштуу өз ишин мыйзамдуу аткаргандыгы үчүн журналисттер жазаланбашы керек.

Экстремисттик материалды аныктоо жөнүндө маселени караганда «экстремизм деген эмне» дегенди түшүнүү зарыл, жана анын белгилери аныкталган учурда гана бул же тигил материалдарда экстремизмдин белгилери бар-жогун аныктоого мүмкүн болот.

Белгилеп коюу зарыл, экстремизмдин жана анын формаларынын жалпы кабыл алынган эл аралык-укуктук аныктамасы жок, ошондой эле БУУ башкы органдары тарабынан кабыл алынган эл аралык укуктук акттарда дагы экстремизмге аныктама жок, бирок аларда колдонулган «*экстремизм*» түшүнүгү *зордук-зомбулук иш-аракеттер менен байланыштырылат*. Ошондой болсо да, бүтүндөй дүйнө жүзүндө экстремизм жана терроризмге каршы аракеттенүү чакырыктары орун алган, анын ичинде «экстремисттик идеологияны» жайылтуу жана үгүттөөгө каршы аракеттер бар. Мына ушул жерден «уруксат менен жана уруксатсыз» өз пикирин билдирүүнүн чеги, ошондой эле укуктарды жана эркиндиктерди чектөөдө кийлигишүүнүн чеги жөнүндө суроо жаралат.

Фундаменталдык укуктар жана эркиндиктерге кийлигишкен ар бир факт кепилденген «кийлигишүүнүн тиешелүү укуктук жол-жобосун» камсыздоо милдетин мамлекетке коет, анын ичинде укуктары менен эркиндиктери чектелгени жаткан адамдардын жол-жоболук укуктары да бар.

## КЫРДААЛГА СЕРЕП

Терроризм жана экстремизм жөнүндө кылмыш иштерин кароо боюнча соттук тажрыйбаларга болгон серептөөлөргө ылайык[177] соттук тажрыйбаларды жалпылаштыруу үчүн КР Жогорку сотунда 254 адамга карата экстремизм жана терроризм жөнүндөгү 244 кылмыш иши иликтенди, 252 адамга карата ( анын ичинен 46сы аялдар) айыптоо өкүмүн чыгаруу менен 242 иш каралды. Алардын ичинен 239 адам (176 шарттуу, 6 адамга жазаны аткаруу убактылуу токтотулган) эркинен ажыратууга соттолгон жана айып төлөөгө – 13 адам. Соттолгон адамдардын жалпы санынан – 186 адам КР КК 299-2-беренесинин 1-бөлүгү боюнча соттолгондор («экстремисттик материалдарды сатып алуу, өндүрүү, сактоо, жайылтуу, ташып чыгуу, жөнөтүү, ошондой эле билип туруп колдонуу, анын ичинде экстремисттик жана террористтик уюмдардын белгилерин жана атрибуттарын жарыялоо»); ал эми 27 адам КР КЖК 299-2 беренесинин 2-бөлүгүнүн 5-пункту боюнча соттолгон («экстремисттик материалдарды сатып алуу, өндүрүү, сактоо, жайылтуу, ташып чыгуу, жөнөтүү, ошондой эле билип туруп колдонуу, анын ичинде экстремисттик жана террористтик уюмдардын белгилерин жана атрибуттарын экстремисттик жана террористтик мүнөздөгү (экстремисттик ишмердүүлүк) кылмышы үчүн мурда соттолгон адам аркылуу жарыялоо»).

177. Кыргыз Республикасы 1994-ж. 12-январындагы N 1406-XII КР Жогорку Кеңешинин токтому менен макул болгон. КР Жогорку Кеңешинин 1994-ж. 12-январдагы №1406-XII «Кыргыз Республикасынын адам укуктары боюнча эл аралык келишимдерге кошулуусу жөнүндө» токтомун караңыз. (Электрондук ресурс). Төмөнкү даректе: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/50679

Жалпысынан алганда 213 адам (жалпы соттолгондордун 84,5%ы) *«экстремисттик материалдарды сатып алуу, өндүрүү, сактоо, жайылтуу, ташып чыгуу, жөнөтүү, ошондой эле билип туруп колдонуу, анын ичинде экстремисттик жана террористтик уюмдардын белгилерин жана атрибуттарын жарыялоо»* үчүн соттолгондор.

## 6.3.1. МЫЙЗАМДАР БОЮНЧА «ЭКСТРЕМИСТТИК» ДЕЛГЕН МАТЕРИАЛДАРДЫ ЖИКТӨӨ КӨЙГӨЙЛӨРҮ:

Аталган кылмыштын категориясын жөндөөдө эң негизги көйгөй катары кылмыштын предмети болуп саналган материалдардагы экстремизмдин (экстремисттик ишмердүүлүктүн) белгилеринин болушун аныктоо болуп эсептелет, анткени бул белгилер баалуу болуп саналат, «экстремисттик материал» терминин түшүнүгү аныкталышы зарыл».

КР ЖК өзүндө «экстремистттик материалдардын» терминин аныктоо камтылбаган, бул терминге аныктама «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 1-беренесинде берилет: «Экстремисттик материалдар» – экстремисттик ишмердүүлүктү ишке ашырууга үндөгөн документтер же болбосо башка алып жүрүүчүлөрдөгү маалыматты коомго алып чыгуу үчүн дайындалган же болбосо мындай ишмердүүлүктү ишке ашыруу зарылдыгын негиздеген же актаган, улуттук (этникалык) жана (же) расалык артыкчылыктарды негиздеген же актаган басылмалар же болбосо кандайдыр бир этникалык, социалдык, расалык, улуттук же диний топторду толугу менен же бир бөлүгүн жок кылууга багытталган аскердик же башка кылмыштардын тажрыйбасын актаган материалдар».

Ошентип, коомчулукка жарыялоого боло турган «экстремисттик материалдар» катары эки категориядагы булактар таанылат[178]:

а) экстремисттик ишмердүүлүктү ишке ашырууга чакырган же мындай ишмердүүлүктү ишке ашыруу зарылдыгын негиздеген же актаган башка бир маалыматты алып жүрүүчүлөрдөгү документтер же маалымат;

б) улуттук (этникалык) жана (же) расалык өзгөчөлүктөрдү негиздеген же актаган же болбосо кандайдыр бир этникалык, социалдык, расалык, улуттук же диний топторду толугу менен же бир бөлүгүн жок кылууга багытталган согуштук же башка кылмыштарды жасоону актоочу басылмалар.

Андан ары «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы иш-аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 13-беренесинде *бул мыйзамдын 1-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган белгилердин жок дегенде бирин камтыган басмалык, аудио, аудиовизуалдык жана башка материалдарды басып чыгаруу, сактоо, ташып жүрүү жана таратууга тыюу салынат,* жана мындай материалдарга эмнелер кирет, көрсөтүлүп жазылган:

178. «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө». КР Мыйзамынын 1-беренеси.

а) тыюу салынган экстремисттик уюмдардын расмий материалдары;

б) бейкуттукка жана адамзатка каршы кылмышы үчүн эл аралык укуктук акттарга ылайык соттолгон адамдар автор болгон жана аталган мыйзамдын 1-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган белгилерди камтыган материалдар;

в) аталган Мыйзамдын 1-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган белгилерди камтыган башка кандайдыр бир, анын ичинде жашыруун материалдар.

Аталган Мыйзамдын жобосунун мазмуну боюнча, бул материалдар экстремисттик катары көрсөтүлбөстөн, *«аталган Мыйзамдын 1-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган белгилердин жок дегенде бирөөнү камтыган материалдар»* болуп саналат, ошол эле учурда алар үч категориянын бирине кириши керек.

Ошентип, «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамы материалдардын эки категориясын аныктайт:

1. Биринчиси – «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 1-беренесинде берилген аныктаманын белгилери боюнча, прокурордун арызы менен КР ЖПК 25-1 главасында көрсөтүлгөн тартипте сот тарабынан экстремисттик деп таанылган маалыматтарды камтыган материалдар[179];
2. Экинчиси – «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын *1-бөлүмүндө каралган белгилердин жок дегенде бирөөсү сот тарабынан белгиленген* маалыматтык материалдар.

Аталган категорияларды таануу жол-жоболору ар түрдүү жана ар кандай мыйзамдар менен жөнгө салынат. Биринчи категория – *«экстремисттик материалдар»* - прокурордун арызы менен КР ЖПК 25-1 главада көрсөтүлгөн тартипте сот тарабынан «экстремисттик» деп таанылат. Экинчи категория – «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 1-беренесинин 1-бөлүмүндө каралган белгилердин бирин камтыган материалдар» - жазык сот өндүрүшүнүн жана административдик укук бузуулар жөнүндө соттук өндүрүштүн алкагында сот тарабынан таанылат. Аталган материалдын автору жана/же аткаруучусу соттун чечими менен экстремисттик ишмердүүлүктү ишке ашыруучу адам деп таанылат, жана КР мыйзамдарында көрсөтүлгөн тартипте жоопко тартылат, б.а. административдик сыяктуу эле кылмыш жоопкерчилигине кириптер болот.

Бирок, экинчи категориядагы материалдарга байланыштуу жазык иштерин кароодо соттук тажрыйбалар көрсөткөндөй, «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 1-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган белгилердин жок дегенде бирөөнү аныктоо жөнүндөгү маселелер каралбайт.

179. 2017-ж. 25-январындагы № 14 КР Жарандык процесстик кодекси (2017-ж. 20-январындагы N 6 КР Мыйзамы менен 2017-ж. 1-июлунан тартып ишке кирген (Электрондук ресурс). Төмөнкү даректе: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111521?cl=ru-ru. Жалал-Абад облусундагы Сузак райондук сотунун материалдагы.

Мисалга алсак, Л.И.[180] ишинде, соттук өкүмдө «*...Л.И үйүн тинтүү учурунда 1 даана китепче табылган. Экспертизанын бүтүмүнө ылайык, аталган китепче КР соту тарабынан ишмердүүлүгүнө тыюу салынган «Хизбут Тахрир» экстремисттик уюмуна таандык...*» деп белгиленет. Андан ары, сот айыптоочу өкүмүн чыгарган.

Экинчи мисал, Н.Т.[181] ишинде, соттук өкүмдө «...Экспертизанын бүтүмүнө ылайык, иликтенген материалдардын арасындагы ДВД-дискте «Хизбут Тахрир» экстремисттик уюмуна таандык материал табылган...» деп белгиленет. Андан ары, сот айыптоо өкүмүн чыгарган.

Жазык иштеринин бул категорияларында карап чыгуунун предмети болуп «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын биринчи бөлүмүндө каралган белгилердин жок дегенде бирин камтыган маалыматтык материалдар кирген, «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 13-беренесине ылайык келген материалдардын экинчи категориясы саналат.

Мындай учурда тыюу салынган экстремисттик уюмдардын расмий материалдарына тиешелүү экендигин аныктоо жетишсиз, ошондой эле «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 1- беренесинин 1-бөлүгүндө каралган белгилердин жок дегенде бирөөнү аныктоо зарыл. «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 1-беренесинин 1-бөлүмүндө каралган белгилер маалыматтык материалдарда аныкталган учурда, аталган материалдын автору же аткаруучусу соттун чечими менен экстремисттик ишмердүүлүктү ишке ашыруучу адам деп таанылат, жана КР мыйзамдарында көрсөтүлгөн тартипте жоопко тартылат, б.а. административдик сыяктуу эле, кылмыш жоопкерчилигине да кириптер болот.

Белгилеп коюу зарыл, КР КЖК 299-2 беренеси боюнча жасаган кылмышы үчүн жаранды айыптоо боюнча жазык иштеринин басымдуу бөлүгүндө айыпты тагуунун негизи болуп «экстремисттик материалдардын» болушу саналат (биринчи категория)[182], андай болсо «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 1-беренесинин 1-бөлүмүндө каралган белгилердин жок дегенде бирөөсүн камтыган маалыматтык материалдар иш жүзүндө кандайча кароонун предмети болуп эсептелет (экинчи категория), жана булар КР КЖК берилген беренелеринде камтылган эмес.

---

180. 2018-ж. 7-майындагы № УД-184-18-Д8 токтому // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви»). Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун материалдагы.

181. 2018жылдын 4-апрелиндеги № УД - 407/18гБ1 токтому // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви»).

182. Жогорудагыны караңыз.

## 6.3.2. ЭСТРЕМИСТТИК МАТЕРИАЛДАРДЫ ТАРКАТУУ ЖАНА «САКТОО» НИЕТИНИН ЖОКТУГУ

Экстремисттик материалдарды сатып алуу, даярдоо, сактоо, таркатуу, ташып жүрүү жана жөнөтүү, ошондой эле билип туруп колдонуу, анын ичинде экстремисттик жана террористтик уюмдардын белгилерин жана атрибуттарын коомго алып чыгуу үчүн жазык жоопкерчилигин караган КР КЖК 299-2 беренеси *таркатуу ниети жоктугуна карабастан экстремисттик материалдарды «сактоо» үчүн жоопкерчиликти карайт*.

Ошол эле учурда «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамы көрсөтүлгөн материалдарды мыйзамсыз даярдоо, таркатуу, ташып жүрүү жана андан ары таркатуу максатында сактап жүргөн адамдар административдик, же болбосо жазык жоопкерчилигине тартылаарын көрсөтөт[183]. Бирок, бүгүнкү күндө жазык жоопкерчилиги гана каралып, административдик жоопкерчилик белгиленбей келет.

Ошентип, «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамы белгиленген материалдарды «андан ары таркатуу максатында сактоо» үчүн жоопкерчиликти карайт (мисал материалдардын эки категориядагы түрүнө таандык)[184], ошол эле учурда жазык мыйзамдары *таркатуу ниетинин белгилерине карабастан, экстремисттик материалдарды «сактоо» үчүн жоопкерчиликти карайт.*

Жалпылаштырылган, жетишээрлик так эмес түшүндүрмөлөрдүн негизинде чыгарылган айыптоо өкүмдөрү ар бир адам кайсы туура эмес иштери үчүн жоопкерчиликке тартылаарын билүүсү үчүн жазага тартуу иштеринин жеткиликтүү жана так түшүндүрмөлөрү тууралуу маселелерде укуктук мамлекеттин конституциялык принциптерин бузат.

*2019 - жылдын 1 - январынан тартып күчүнө кирген КР Жазык Кодексиндеги* 315 - берене «Экстремисттик материалдарды даярдоо, таратуу» боюнча жазык жоопкерчилигин карайт. Аталган беренеге ылайык, «экстремисттик материалдарды даярдоо, таркатуу, ташып жүрүү же жөнөтүү же болбосо аларды сатып алуу же болбосо экстремисттик уюмдардын белгилери менен атрибуттарын таркатуу максатында сактоо, ошондой эле Интернет тармагы аркылуу колдонуу үчүн жоопкерчиликтүү адамдар - II категориядагы эркинен ажыратуу, белгилүү бир кызматты аркалоо же белгилүү бир ишмердүүлүк менен алектенүү укугунан эки жылга чейин же ансыз жоопкерчиликке тартылат».

Бирок мындай өзгөрүүлөр болсо дагы бир катар көйгөйлөр чечилбеген бойдон калууда: *биринчиси*, жаңы КР КЖК «экстремисттик материалдар терминин аныктоо камтылган эмес»; экинчиси, аталган берене «экстремисттик

183. «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 13-беренеси.
184. «Мыйзам боюнча «экстремисттик» делген материалдарды квалификациялоо көйгөйлөрү» бөлүмүн караңыз.

ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 1- беренесинин 1- бөлүгүндө каралган (экинчи категория) белгилердин жок дегенде бирин камтыган маалыматтык материалдарды камтыбайт; *үчүнчүдөн*, сактоо, таркатуу максатын көздөп жаткандыгы кантип аныкталат түшүнүксүз, жана эгер басылма өндүрүшкө, же коомдук маалыматка тиешелүү болсо, аталган ниетти белгилүү бир санга же ММК тиражынын саны боюнча бөлүштүрүүгө мүмкүн, анда электрондук алып жүрүүчүлөр белгилүү бир татаалдыктарды жаратат.

***Мисалга алсак***, КР КЖК 299-2 беренесинин 1-бөлүгү, «экстремисттик материалдарды сатып алуу, даярдоо, сактоо, таркатуу, ташып жүрүү жана жөнөтүү, о.э. экстремисттик жана террористтик уюмдардын белгилерин жана атрибуттарын аң-сезимдүү түрдө колдонуу» боюча 2017-жылдын 1-январынан тартып, 2018- жылдын 1- майына чейинки аралыктагы соттордун өкүмдөрүнө болгон талдоо көрсөткөндөй, [185]

6.3.1 - диаграмма

91 АКТТА ТАЛДАНГАН МАТЕРИАЛДАРДЫН ТҮРЛӨРҮ




Жалпылап айтканда, 60% материалдар электрондук түрдө болгон, ал эми сакталуучу жер катары телефондор, флэшкалар, социалдык тармактар ж.б. саналган. Сактоо, таркатуу максатын көздөөрү кантип аныкталаары түшүнүксүз, мисалы, экстремисттик материалдардын телефондо же флешкада болушун аныктоочу критерийлер жок. Ошондой эле мессенджерлер сыяктуу (вайбер, вотсап ж.б.) экстремисттик материалдарды таратуучу кээ бир каналдар адамдын маалыматты алуу керек/албоо керектиги туурасында каалоосунан көз карандысыз экендигин белгилеп коюу зарыл. Керек болсо тыюу салынган контентти алуу жана өчүрүп салуу учурларында, анын көчүрмөсү эрежеге ылайык телефон же компьютердин эсинде сакталып кала берет.

185. Тандоолор КР Жогорку сотунун расмий сайтында жарыяланган соттун чечиминин негизинде жүрдү: http://act.sot.kg/ru

## 6.3.3. «ТЫЮУ САЛЫНГАН МАТЕРИАЛДАРДЫН» ТИЗМЕСИ

Дагы бир олуттуу көйгөй катары «тыюу салынган материалдардын тизмеси» эсептелет. КР мыйзамдарына ылайык, маалыматтык материалдарды «экстремисттик» деп таанууда, мыйзамдуу түрдө күчүнө кирген соттун чечими коомчулукка жарыялоо үчүн юстиция чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин органына[186] жолдонот[187]. Экстремисттик материалдардын тизмеси ММКда, ошондой эле экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттерди ишке ашыруучу юстиция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын интернет сайттарында мезгил-мезгили менен жарык көрүшү керек[188].

Ошентип, мыйзамдарга ылайык, юстиция чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин органына мыйзамдуу күчүнө кирген соттук чечимдин көчүрмөсү жолдонот, б.а. материалдардын биринчи категориясы, ал эми экинчи категориясы боюнча жөнөтүүлөр тууралуу жоболорду мыйзамдар камтыбайт[189].

Аталган бөлүмдү түзүү учурунда КР Юстиция министрлигинин сайтында «экстремисттик материалдардын тизмеси» бар болгон[190], 22 пункттан турат, анын 7 басылмасынын аты/аталышы бар, калгандары «Интернет-ресурстарда» жайгаштырылган жөн гана материалдар (басылмалар, видео, фото, белгилер, атрибуттар), бул идентификациялоодо татаалдыктарды жаратат. Тизмени түзүүдө библиографиялык эрежелер таптакыр колдонулбайт, материалдар тышкы түрү боюнча, мукабасы боюнча, биринчи жана акыркы түрмөктөрү жок, ж.б.у.с.боюнча баяндалат. Тизмеде чечимдердин датасы жана аларды экстремисттик деп таанsocкан соттордун аталышы көрсөтүлгөн. Бирок, соттук чечимдердин өзү, ЖПК талап кылган жана тыюу салынган материалдардын кандайдыр бир мүнөздөмөсү менен таанышууга мүмкүнчүлүк берүүчү жарыялоолор жок. Мисалга алсак, көпчүлүк материалдар *«www.sunnti.com, archive.org, www.muslm.org, altairmedia.wordpress.com, justpaste.it, www.ansarsunna.com, www.paldf.net, Islamenmelilla.blogspot.com.* сайттарында жайгаштырылган маалыматтар, материалдар жана видеофильмдер» катары көрсөтүлгөн.

Тажрыйба көрсөткөндөй, айыптоочу өкүм үчүн негиз катары эсептелип каралган материалдарга карата кандайдыр бир мүнөздөмөлөр соттор тарабынан көп берилет.

Алсак, К.Ж.Л.[191] иши боюнча сот тарабынан чыккан чечимде «2015- жылдын 13- майында Ош шаардык соту тарабынан ишмердүүлүгү террористтик жана

186. КР Жарандык процесстик кодексинин 261-3 беренеси.

187. «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 13-беренеси

188. «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 13-беренеси

189. «Мыйзам боюнча «экстремисттик» делген материалдарды квалификациялоо көйгөйлөрү» бөлүмүн караңыз.

190. КР Юстиция министрлигинин сайтында жайгашкан экстремисттик материалдардын тизмеси: http://minjust.gov.kg/ru/content/950

191. «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 13-беренеси

экстремисттик деп табылган «Жаннат Ошиклари» («Поклонники рая») уюмунун «Risheng» жана «Goodman» аталышындагы компакт-дисктери, «Марата амалиети 2016» аталышындагы видеоролик материалдары аныкталып, сотто көрсөтүлгөн, ошондой эле 2015-жылдын 13- майында Ош шаардык сотунун чечими менен ишмердүүлүгү экстремисттик жана террористтик деп таанылган Катибат аль-Имам аль-Бухари» (Батальон Имама Бухари») уюмуна таандык «А.Ф.И. Аль-Бухари жамоати» видеоролик буюму аныкталган деп белгиленет. Андан ары сот «Мындай материалдарды колдонууга жана таркатууга тыюу салынган. Бул материалдар КР мыйзамдарына жана укуктук актыларга карама-каршы келет» деп белгилеген.

Э.А.М.[192] байланыштуу экинчи иште соттор тарабынан «экстремисттик материалдарды сактагандыгы үчүн» айып коюу каралган. Соттун чечиминде «...табылган видео жана аудио материалдар 2015-жылдын 13-майында Ош шаардык сотунун чечими менен экстремисттик жана террористтик деп табылган уюмдарга таандык» деп белгиленет. Соттолгон адамдын өзү болсо, телефонуна «Вотсап» программасын көчүрүп диний топторго кошулганын айтат. Андан ары сот «кылмыш кылууда соттолуучунун күнөөсү өзүнүн моюнга алуусунан тышкары, тергөө учурундагы күбөлөрдүн көрсөтмөсү, табылган буюмдун алынышы тууралуу протокол, далилдүү буюмдарды көрүү тууралуу протокол жана башка иштердин материалдары менен тастыкталды» деп белгилейт.

Ошондой эле, жогоруда келтирилген мисалдарда соттор тарабынан тыюу салынган уюмдарга тиешелүү делген материалдардын башка бир мүнөздөмөлөрү (мисалы, китептин өңү, форматы, автор, текст башталган сөздөр, текст аяктаган сөздөр, тил, визуалдык материалдардын мүнөздөмөсү ж.у.с) соттук өкүмдөрдүн көбүндө берилбейт.

«Тыюу салынган материалга болгон кандайдыр бир мүнөздөмөлөрдүн, же болбосо жарандардын маалымдар болушун жогорулатууга кандайдыр бир түрткү боло тургандай материалдарды «экстремисттик» деп таануу жөнүндөгү соттун чечимдеринин жалпыга жеткиликсиздиги адамдын колундагы материалдын тыюу салынган материал болуп саналаарын билбестикке түртөт.

## 6.3.4. ЖАЛГЫЗ ДАЛИЛ КАТАРЫ ТААНЫЛГАН ЭКСПЕРТИЗАНЫН КОРУТУНДУСУ

КР КЖК 299-2 беренеси боюнча кылмыш жасаган адамды айыптоо боюнча жазык иштерин кароодо жазык иштеринин алкагында белгиленген экспертизалардын бүтүмү дагы көйгөйлүү болуп саналат.

КР КЖК 299-2 беренесинин 1-бөлүгү «экстремисттик материалдарды сатып алуу, даярдоо, таркатуу, ташып жүрүү, жөнөтүү, ошондой эле экстремисттик жана террористтик уюмдардын белгилерин жана атрибуттарын акыл-эстүү түрдө пайдалануу» боюнча 2017-жылдын 1-январынан тартып 2018-жылдын

192. «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 13-беренеси

1-майына чейинки убакыттагы соттук өкүмдөргө болгон талдоолор көрсөткөндөй, 100% учурда (91 иш) иштин алкагында тигил, же бул экспертиза дайындалган жана сот өкүм чыгарууда экспертизалардын бул бүтүмдөрүнө таянган[193].

«Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, бул же тигил маалыматтык материалдарга жана оозеки айтууларга «экстремисттик мазмундагы көрүнүштөргө болгон экспертизаларды» өткөрүү үчүн координациялык эксперттик комитет түзүлөт, Жобосу жана курамы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет[194]. Аталган нормасын мааниси боюнча бул же тигил маалыматтык материалдардагы жана оозеки айтуулардагы экстремисттик мазмунду ачыктоого бардык категориядагы иштер боюнча экспертизаны ыйгарым өкүл өткөрөт. Бирок, аталган комитет бүгүнкү күнгө чейин түзүлгөн эмес.

Соттук иштерге болгон талдоолор көрсөткөндөй, 94% учурларга диний же теологиялык экспертизалар дайындалат, бул көп учурларда олуттуу методологиялык катаны көрсөткөн синоним катары колдонулат. КР Жогорку соту 2016-жылдагы терроризм жана экстремизм жөнүндөгү кылмыш иштерин карооо боюнча соттук тажрыйбаларга жасаган талдоосунда «диний жана теологиялык экспертизалар принципиалдуу айырмачылыктарга ээ; айтылгандай диний экспертиза нейтралдуу мамилелерди колдонот, ал эми теологиялык экспертиза белгилүү бир диндин же ишенимдин позициясынан чыгуу менен материалдарды карайт. Аталган категориядагы иштерди талдоолор көрсөткөндөй, жазык ишин иликтөөдө тергөөчү теологиялык экспертиза дайындоо тууралуу токтомун чыгаруу менен негизинен бирдей калыптагы бүтүмдөр көрсөтүлгөндүгү басымдуулук кылат» деп белгиленет[195].

6.3.1 - таблица

## СОТТУК АКТЫЛАРДА КӨРСӨТҮЛГӨН ЭКСПЕРТИЗАЛАРДЫН ТҮРЛӨРҮ

| Соттук актта көрсөтүлгөн экспертизалардын түрлөрү | Актылардын саны |
|---|---|
| Экспертизанын түрү көрсөтүлгөн эмес | 30 |
| Диний | 33 |
| Соттук-диний | 5 |
| Теологиялык | 12 |
| Соттук- теологиялык | 4 |
| Саясий | 1 |
| Диний комиссиялык | 1 |
| Соттук-диний комиссиялык | 1 |

193. Тандоолор КР Жогорку сотунун расмий сайтында жарыяланган соттун чечимдеринин негизинде жүрдү: http://act.sot.kg/ru

194. «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 4-беренесинин 2-абзацы. Жогорку сотунун отурумунун

195. 2016-жылдын 15-июнундагы №8 КР токтому /КР Жогорку сотунун №2(63) 2016. Бюллетени 32-бет.

| | |
|---|---|
| Комплекстүү | 1 |
| Так аныкталбаган (теологиялык/диний | 3 |
| Баардыгы: | 91 |

Ошондой эле, соттук актыларга болгон талдоолор көрсөткөндөй, эксперттик бүтүмдөрдүн дээрлик көпчүлүгү КР Президентине караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы тарабынан берилген (мындан ары- ДИМК). Белгилеп коюу керек, соттук диний экспертизаны өткөрүүнү ДИМК тапшыруу мүмкүн эмес, анткени бул органдын соттук экспертизаны өткөрүүгө ыйгарым укугу жок, бирок КР ЖПК 204-беренеси («эксперттик уюмдардан тышкаркы экспертизаларды алып баруу») жана «Соттук-эксперттик ишмердүүлүк жөнүндө» КР Мыйзамынын 13-беренесинин 6-бөлүмүнө ылайык, соттук эксперт катары ДИМК кызматкерин тартууга болот. Мындай учурда экспертиза өзү менен бирге ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эмес, конкреттүү адистин бүтүмүн көрсөтөт.

6.3.2 - таблица

ЭКСПЕРТИЗА ЖҮРГҮЗҮҮЧҮ СУБЪЕКТ.

| Эксперт | Саны |
|---|---|
| ДИМК | 70 |
| ДИМК, КР УИА | 2 |
| Көрсөтүлбөгөн | 18 |
| Эксперт-теолог | 1 |
| **Баардыгы:** | **91** |

Диний экспертизалардын милдеттеринен чыгуу менен «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамында белгиленген экстремисттик ишмердүүлүктүн белгилерин түздөн түз аныктоо анын компетенциясына кирбейт. Бирок, басымдуу учурларда лингвисттер менен психологдордун компетенциясына кирген маселелер эксперт-дин таануучунун кароосуна коюлат.

***Өз компетенциясына кирбеген маселелерге эксперттер бүтүм берүүдөн баш тарткан алгылыктуу тажрыйбаны белгилеп коюу керек. Мисалга, Т.Т.***[196] байланыштуу иште, ДИМК эксперттери төмөнкү диний экспертизанын бүтүмүн беришкен.

Суроо: - *«Иликтөөгө берилген материалдардын мазмуну диний-экстремисттик адабиятка тиешелүү болобу? Иликтөөгө берилген материалдардын мазмуну диний-экстремисттик уюмдарга тиешелүүбү, эгер ооба болсо, анда кайсынысына?»;*

Жооп: - *«Иликтөөгө берилген материалдар «ИГИЛ» террористтик жана экстремисттик уюмуна таандык»*.

196. КР Президентине караштуу ДИМК диний экспертизасынын 2018-жылдын 3-мартындагы корутундусу// («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви.»).

Дагы суроо: - «*Иликтөөгө берилген материалдарда бийликти күч менен алууга же КР конституциялык түзүлүшүн күч менен өзгөртүүгө болгон чакырыктар камтылганбы?*»;

Жооп: - «*Суроо кабыл алынбайт, анткени эксперттердин компетенциясына кирбейт*».

Суроо: - «*Иликтөөгө берилген материалдарда улуттук, расалык, диний же аймактар аралык кастыкты козутууга, улуттук ар намыс, артыкчылыкты же болбосо динге, улутка жана расага таандуулугуна тиешелүү белгилери боюнча жарандардын толук кандуу эместигин басмырлоого багытталган чакырыктар камтылганбы?*»;

Жооп: - «Суроо кабыл алынбайт, анткени эксперттердин компетенциясына кирбейт».

**Б.Т.**[197] **тиешелүү башка** ***бир иште***, диний экспертизанын бүтүмүнө ылайык берилген суроо: - «*Уюлдук телефондо улуттук, расалык, диний же аймактар аралык кастыкты козутууга, улуттук ар намысты, артыкчылыкты же болбосо динге, улутка жана расага таандуулугуна тиешелүү белгилери боюнча жарандардын толук кандуу эместигин басмырлоого багытталган чакырыктарды камтыйбы?*»,

ДИМК эксперттери жооп берген: - «*Бул суроо биздин компетенцияга кирбейт, жана буга жооп бере албайбыз*».

Бирок, укуктук суроого: - «*Уюлдук телефондо бийликти күч менен алууга же КР конституциялык түзүлүшүн күч менен өзгөртүүгө чакырган маалыматтар, видео жана фото материалдар камтылганбы*»,

Эксперттер жооп берген: - «*ИГИЛ» жана диний топтордун ишмердүүлүгүнө тиешелүү видео жана фото материалдар бар*».

Ошентип, биринчи корутундуда эксперттер коюлган суроолорду эксперттердин компетенциясына кирбей тургандыгын белгилешет, экинчи бүтүмдө эксперттер укуктук суроого жооп беришкен.

Экстремисттердин белгилерин аныктоо боюнча экстремисттерге каршы аракеттерге байланыштуу иштер туурасындагы тексттерди иликтөө ар кандай адистиктердин адистери аркылуу жүрүшү керек жана комплекстүү психолого-лингвистикалык экспертизалардын милдеттерине кирет. Ушуга байланыштуу, экстремизмге каршы аракеттерге байланышкан иштер боюнча кылмыштык сот өндүрүшүнүн алкагында экспертизалардын милдеттеринен дайындоо, өткөрүү жана түшүндүрүү иштерин аныктоо өзгөчө актуалдуулукту.

2017-жылы КР Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик соттук-эксперттик кызматтын Соттук-эксперттик изилдөө методикаларынын мамлекеттик реестринде

197. 2018-ж. 4-майындагы КР Президентине караштуу ДИМК диний экспертизасынын корутундусу. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви.»).

(мындан ары-МСЭК) Кыргыз Республикасындагы диний жана комплекстүү соттук психологиялык- тилдик экспертизаларды жүргүзүү боюнча методикалык колдонмо киргизилген[198]. Бул экспертизаларды өткөрө турган эксперттерди даярдоо боюнча маселе актуалдуу бойдон калууда.

***Мисалга,*** Э. Ф. иши боюнча, сот жүрүп жатканда жактоочу башка экспертизаны – МСЭКте комплекстүү психолого-лингвистикалык жана диний экспертиза өткөрүүнү суранган, сот өтүнүчтү колдоп, материалдарды КПЛЭ жана диний экспертиза өткөрүүгө жиберген[199], бирок соттук психоло-лингвистикалык жана диний экспертизалар бөлүмүндө өзбек тилин билген адис жоктугуна байланыштуу МСЭК экспертиза өткөрүүдөн баш тарткан. Ошондой эле, МСЭК Соттук психоло-лингвистикалык жана диний экспертизалар бөлүмүндө тиешелүү сертификат жок болгондуктан, алар болгону адистин бүтүмүн гана бере алышаарын белгилешкен[200].

***Экинчи мисал*** К.Б. байланыштуу, тергөө учурунда жактоочу комплекстүү психолого-лингвистикалык жана диний экспертиза дайындоону өтүнгөн, тергөөчү бул өтүнүчтү колдоп, материалдарды КР Өкмөтүнө караштуу МСЭКтеги КПЛЭ жана диний экспертизага жиберет. Бирок МСЭК эки ирет экспертиза өткөрүүдөн баш тарткан, бул Соттук психологиялык-лингвистикалык жана диний экспертизалар бөлүмүндө араб филологиясы жана дин таануу адиси[201], жана өзбек жана араб филологиясынын адиси жоктугу менен байланыштырылган[202]. Кызыгы, бул иште ДИМК бул материалдарга байланыштуу 2018-жылдын 19-мартында диний экспертизанын бүтүмүн берген, буга байланыштуу ДИМКде өзбек жана араб филологиясы чөйрөсүндөгү адистер барбы деген суроо туулат.

«Экстремизмге», «экстремисттик материалдарга» конкреттүү аныктама жок жана мындай иштерди кароонун жаңы соттук тажрыйбасына салыштырмалуу далилдердин жетиштүүлүгү жана жактардын аргументтери өзгөчө ролго ээ. Мисалы, бул же тигил материалдарда «экстремизмдин» болушу доогер тараптын көрсөткөн далилдери сыяктуу эле коргоонун дагы аргументтери,

«экстремизмдин» болушу жөнүндөгү бардык бекемдөөлөр түшүнүктүү жана негиздүү болушу керек.

Тилекке каршы, иш жүзүндө соттордун бардык чечимдери тыюу салынган бул же тигил уюмдун материалдарына (тиешелүү) байланыштуу экендиги жөнүндөгү эксперттин (эксперттердин) корутундусуна негизделген. Андан тышкары, экспертизалар иликтөөдөн тышкары чыгып кеткен учурлар көп, анткени эксперттер укуктук суроолорго жана алардын компетенциясына

198. 11.01.2017-ж. №1 токтом менен киргизилген. Төмөнкү даректе: http://sudexpert.gov.kg/reestr-issledovaniy/ Жалал-Абад шаардык сотунун

199. 2018-ж. 26-сентябрындагы УД-294/18 Д-4 №32-18-278 чечими. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви.»).

200. 2018-жылдын 19-октябрындагы КР Өкмөтүнө караштуу МСЭК жообу. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви»). КР Өкмөтүнө караштуу МСЭК

201. 2018-жылдын 21-июнунудагы жообу. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви.»). КР Өкмөтүнө караштуу МСЭК

202. 2018-жылдын 10-майындагы жообу. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви»).

кирбеген суроолорго жооп берген учурлар басымдуу. Соттук актыларга болгон талдоолор көрсөткөндөй, соттор соттун өзү тарабынан эмес, эксперт-дин таануучулар же теологдор тарабынан берилген материалдардын укуктук баасына таянуу менен материалдарда экстремизмдин белгилери бар экендиги тууграсындагы жыйынтыкка келишкен учурлар көп. Көпчүлүк соттук актыларда соттордун өзү каралып жаткан тексти талдоого аракет кылган эмес жана чечимдердин экспертизанын бүтүмүн гана киргизишкен. Андан тышкары, «Соттук эксперттик иш жүргүзүү жөнүндө» КР Мыйзамына жана тиешелүү көрсөтмөлөрүнө ылайык соттук экспертизаларга коюлган талаптарды эсепке албай түзүлүп, көрсөтүлгөн экспертизалардын сапаты сот тарабынан таптакыр каралбайт.

## 6.3.5. АКЫЙКАТ СОТ ӨНДҮРҮШҮНҮН СТАНДАРТТАРЫНЫН БУЗУЛУШУ

ЖСУЭП ар бир жаран үчүн ага тагылган бардык жазык айыптарын кароодо иштин «компоненттүү, көз карандысыз жана адилеттүү» сот тарабынан акыйкат жана ачык териштирилишине укук берет. Бул стандарт жазык сот өндүрүшүнүн ар кандай аспекттерин камтыйт, анын ичинен тартипти жана жазык иштери боюнча процессуалдык ишти ишке ашыруунун убактылуу параметрлеринин тийиштүү деңгээлде сакталышы жана ишке катышкан адамдардын ичинен кимдир бирөө жок болгондо ишти угуунун мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маселенин чечилиши, мыйзам тарабынан каралган тартипте далилдерди иликтөө, күбөлөрдү, жабырлануучуларды жана башка процесстердин катышуучуларын суракка алуунун эрежелеринин сакталышы, күбөлөр жана жабыркагандардын өз каалоосу менен көрсөтмө берүүсү, соттук жарыш сөздөрдүн стадиясына өтүү эрежелеринин сакталышы.

ЖСУЭП ылайык, «өзүнө тагылган бардык жазык айыптарын кароодо ар бир жаран иштин акыйкат жана ачык териштирилишине укуктуу». Ошол эле учурда айкындуулукту чектөөлөрдүн айрым түрлөрүнө жол берилет, атап айтканда, «моралдык, коомдук тартип, же демократиялык коомдогу мамлекеттик коопсуздук маселеси боюнча; же жактардын жеке жашоосунун кызыкчылыктары андан талап кылынса, же ошол ченемде, соттордун пикиринде айкындуулук адилет соттун кызыкчылыктарын бузган өзгөчө учурларда»[203].

Соттордун кемчиликтеринин бир көрсөткүчү катары акыйкат сот өндүрүшүнүн стандарттарын толугу менен сактабай коюу эсептелинет. Акыйкат сот өндүрүшүнүн процессуалдык стандарттарын сактабай коюу сот адилеттигинин деңгээлине канааттанбоого, жалпысынан алганда, сот процессинин бардык катышуучулары тарабынан болгон наразычылыктарга алып келет.

203. ЖСУЭП 1-берене, 1-пункту 2007-жылдын 27-августундагы № 32, CCPR/C/GC/32 Жалпы тартиптеги эскертүүлөр.

## 6.3.6. БАШКА ЖАЗЫК ИШИНИН АЛКАГЫНДА ЫКЧАМ ИЛИКТӨӨ ЖАНА ТЕРГӨӨ ИШ ЧАРАЛАРЫН ЖҮРГҮЗҮҮ

КР Конституциясына ылайык, ар бир жаран жеке жашоого, жеке жана үй-бүлөлүк жашыруундуулукка болгон кол тийбестикке[204]; кат алышуулар, телефондук сүйлөшүү, почта, телеграфтык жана башка билдирүүлөрдүн купуялуулугуна[205] укуктуу. Ар бир адам өзүнө тиешелүү жеке же башка укуктагы жашаган турак жайга жана башка объекттерге кол тийбестик укугуна ээ. Бул укуктарга болгон чектөөлөргө соттук чечимдин негизинде гана жол берилет. Тинтүү, алып коюу, кароо жана башка аракеттерди өндүрүү, ошондой эле жеке менчик же башка укуктагы турак жай жана башка обьекттерге бийлик өкүлдөрүнүн уруксатысыз кирүүсүнө соттук акттын негизинде гана жол берилет[206].

Жогоруда келтирилген конституциялык жоболор тармактык мыйзамдарда өзүнүн өнүгүүсүн таба алды, ошондуктан жазык иштери боюнча алдын ала иликтөөлөрдүн стадиясындагы соттук көзөмөлдү ишке ашыруу эрежелери 1999- жылдын 30- июнундагы N 62 КР Жазык-процесстик кодексинин (мындан ары - КР ЖПК) бир катар беренелеринде деталдуу сунуштарды алды[207].

Бирок иш жүзүндө КР Конституциясынын, ЖПК жана башка мыйзамдардын ченемдерин колдонуу тажрыйбасы жарандардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо сыяктуу эле жазыктык куугунтуктоонун максаттарына жетүүнү да кепилдөөгө жол бербейт.

***Ошентип У.Б.***[208] ишинде, тинтүү жүргүзүү туурасындагы ИИБ тергөөчүсүнүн токтомун караган соттук отурумда, тергөөчү тарабынан төмөнкү негиздер келтирилген: *«2017-жылдын 23-июнунда Чүй облустук Ички иштер башкы башкармалыгынын (мындан ары - ИИББ) 10-бөлүмүнүн ыкчам-ыйгарым укуктуу өкүлү ошол күнү «Одноклассники» сайтына «Садырбек Базакеев» жашыруун аттагы адам диний мүнөздөгү материалдарды жана видеолорду тараткандыгы туурасында жетекчинин наамына билдирүү менен кайрылган. Аталган факт боюнча ал адамга карата кылмыш иши козголгон»*. Андан ары, соттук отурумда тергөөчү соттон У.Б. үйүнө тинтүү жүргүзүү арызын канааттандыруу өтүнүчүн келтирет. Тергөөчү *«тергөө учурунда Чүй облустук ИИББ 10-бөлүмүнүн ыкчам-ыйгарым укуктуу кызматкери жазуу түрүндөгү билдирүү менен кайрылып, ыкчам маалыматтарга караганда У.Б. «Садырбек Базакеевдин» жакын таанышы экендиги жана ал экстремисттик мүнөздөгү диний материалдарды катып жаткандыгы мүмкүн экендигин»* негиз келтирген. Сот У.Б. үйүнө тинтүү жүргүзүү өтүнүчүн канааттандырган.

204. КР Конституциясынын 24-беренеси.
205. КР Конституциясынын 29-беренеси.
206. КР Конституциясынын 30-беренеси.
207. 2017-ж. 24-январындагы N 10 Мыйзамы менен 2019-ж. 1-январынан тартып күчүн жоготту. Чүй облусунун Сокулук райондук сотунун материалдагы.
208. 2017-ж. 11-августундагы №СУ-564-17- токтому,6-б.. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви.»). Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун материалдагы.

Ж.Б.[209] байланыштуу **дагы бир иште**, тинтүү жүргүзүү тууралуу тергөөчүнүн өтүнүчүн кароо боюнча соттун токтомуна ылайык, жаза мөөнөтүн өтөп жаткан «Холдаров» деген адам өз билемдик менен түзөтүү мекемесинен чыгып жана белгисиз багытка из жашырган. Айрым маалыматтар боюнча Холдаров Жала-Абад облусундагы таанышынын үйүндө жашырынган. Анын жайгашкан жерин аныктоо, ошондой эле мыйзамга каршы аракеттерди токтотуу максатында Ж.Б. жашаган дареги боюнча тинтүү жүргүзүү туурасында иликтөө иштерин жүргүзүү зарыл. Сот тергөөчүнүн өтүнүчүн негиздүү жана канааттандырарлык деп тааныган.

***32 жаранга байланыштуу дагы бир иш***[210]. Тинтүү жүргүзүү тууралуу тергөөчүнүн өтүнүчүн кароо боюнча соттун чечимине ылайык, 2016-жылдын 13- мартында *Бишкек шаарындагы Чүй жана Бейшеналиева көчөлөрүнүн кесилишинде, КР ИИМ 10-бөлүмүнүн кызматкерлери менен Бишкек шаарындагы Ленин райондук ПМК кызматкерлери менен бирге жанында эч кандай тастыктоочу документтери жок М.М. токтотушкан. Күбөлөрдүн катышуусунда анын жанынан экстремисттик мүнөздөгү материалдарды камтыган уюлдук телефон алынган (эскертүү: белгилеп коюу керек, соттун токтомунун мазмунуна ылайык, ИИБ аныктаган экспертизанын корутундусу жок эле, алынган материалды экстремисттик деп дароо ачыктаган). 2017-жылдын 30-ноябрында (эскертүү: 1 жыл 8 айдан кийин) кылмыш иши козголгон. Андан ары, тергөө иштеринин жүрүшүндө кармалган адам байланышып жүргөн адамдардын байланыш маалыматтары жана жеке маалыматтарын алуу үчүн негиз катары уюлдук сүйлөшүүлөрдүн көчүрмөсү алынган. Иликтөө иштеринин жүрүшүндө 01.01.2017-01.02.2017 ж.ж. аралыгындагы уюлдук абоненттердин түз жана кыйыр түрдөгү уюлдук байланыштарынын схемасын аныктоо боюнча ыкчам иликтөө иштери жүргүзүлгөн. Андан сырткары, Жалал-Абад облусундагы адамдардын 32 үй дареги такталган. Аныкталган маалыматтын негизинде тергөөчү бул адамдардын үйлөрүндө тинтүү иштерин жүргүзүү боюнча сотко кайрылган. Сот тергөөчүнүн өтүнүчүн негиздүү жана канааттандырарлык деп тапкан.*

Жасалган иштердин бирөөсүндө дагы тергөөчү тарабынан көрсөтүлгөн негиздердин жетиштүүлүгү тууралуу маселени сот караган эмес, кылмыш ишинде фигурант болгон адамдар менен тергөө жүргүзүүгө өтүнүч келтирген адамдардын ортосундагы байланышты, ошондой эле тинтүүгө алынган адамдарга карата козголгон кылмыш ишинин бардыгын тактоо аракеттерин көргөн эмес. Андан сырткары, 32 жаранга тиешелүү иште, сот тарабынан кат алышуу, уюлдук жана башка сүйлөшүүлөрдөгү жашыруундулуктун мыйзам тарабынан корголушуна байланыштуу ыкчам иликтөө иштери кайсы акттын негизинде өткөрүлгөндүгүн тактоо аракеттери болгон эмес.

Көрсөтүлгөн тергөө иш аракеттери КР ЖПК 165-беренесине каршы келет, анда кылмыш иши козголгондон кийин гана тергөө жүрөрү көрсөтүлгөн. Мындай тергөө иштерин жүргүзүүдө окуя болгон жерде тиешелүү жана экс-

209. 2017-ж. 14-июнундагы № СУ 17/64 токтому. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви.»). Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун

210. 2018-ж. 22-мартындагы №395/18Б1 токтому. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви»).

перттик дайындоолор болушу мүмкүн жана кылмыш иши козголгонго чейин, бирок тинтүү эмес.

Ошондой эле кээ бир иштерде укук коргоо органдары тарабынан кылмыш ишин козгоонун башка бир схемасы колдонулат. Алсак, ыкчам иликтөө иштерин жүргүзүүчү тиешелүү органдын жетекчиси ыкчам иликтөө иштеринин алкагында «бөлмөлөрдү, мекемелерди, курулуштарды, аймактарды жана транспорт каражаттарын», жарандардын жашаган жери боюнча турак жайын текшерүүнү ишке ашырууга уруксат берүү тууралуу өтүнүч менен сотко кайрылат. 1998-жылдын 16-октябрындагы №131 «Ыкчам иликтөө иштери жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, ыкчам иликтөө иштерин ишке ашырган органдардын өздөрүнө тагылган тапшырмаларын аткаруусу үчүн конспирация эрежелерине ылайык, «бөлмөлөрдү, мекемелерди, курулуштарды, аймактарды жана транспорт каражаттарын» текшерүү сыяктуу ыкчам иликтөө иштерин өткөрө алат – кылмыштын издерин аныктоо, жасалган кылмышта колдонулган буюмдарды, жана башка буюм, документтерди издөө үчүн объекттерди ачык же ачык эмес түрдө текшере алат[211].

«Бөлмөлөрдү, мекемелерди, курулуштарды, аймактар жана транспорт каражаттарын» текшерүү, жарандардын жашаган жери боюнча турак жайын текшерүү жөнүндө соттун уруксатын алуу менен иш жүзүндө ыкчам кызматкерлер тинтүү жүргүзөт, башкача айтканда, мыйзамда каралгандай ачууга, уруксаты жок үй ээсинин буюмдарын ачууга укугу жок кызматкерлер визуалдык кароонун ордуна, иш жүзүндө толук тинтүү иштерин жүргүзүшөт.

Мыйзам тарабынан корголгон, электр жана почта байланышы аркылуу берилүүчү кат алышуу, телефон менен жана башка сүйлөшүүлөр, телеграфтык жана башка билдирүүлөр, ошондой эле турак жайга болгон кол тийбестик укукка тиешелүү ыкчам иликтөө иштерин жүргүзүүгө, ыкчам-иликтөө иштерин ишке ашыруучу тиешелүү органдардын биринин жетекчисинин демилгелүү чечими боюнча, атап айтканда, 24 сааттын ичинде көзөмөлдөөчү прокурордун билдирүүсү менен болгон соттук акттын негизинде, оор жана өзгөчө оор кылмыштарды даярдаган же кол салган же оор жана өзгөчө оор кылмыштарды жасаган же жасап жаткан адамдар тууралуу маалымат чогултуу үчүн жол берилет[212].

## 6.3.7. МЫЙЗАМДАРДЫ БУЗУУ МЕНЕН АЛЫНГАН ДАЛИЛДЕРГЕ ЖОЛ БЕРИЛБЕСТИК

КР Конституциясына ылайык, кылмыш жасоодо өзүнүн жеке моюнга алуусунун негизинде эле эч ким соттолуусу мүмкүн эмес. Кылмыш иши боюнча күнөөнү далилдөө түйшүгү айыптоочуга жүктөлгөн. Мыйзамды бузуу менен алынган далилдер, айыптоо жана соттук актты чыгаруу үчүн пайдаланылбайт[213].

211. «Ыкчам иликтөө иштери жөнүндө» КР Мыйзамынын 7-беренеси.

212. «Ыкчам иликтөө иштери жөнүндө» КР Мыйзамынын 9-беренеси.

213. КР Конституциясы 26-беренеси.

КР ЖПК ылайык, аталган Кодекстин талаптарын бузуу менен алынган далилдер жол берилгис болуп саналат жана юридикалык күчкө ээ эмес деп таанылат жана иш боюнча чечимдин негизине кире албайт, ошондой эле аталган Кодекстин 82-беренесинде көрсөтүлгөн[214] кандайдыр бир факт жана кырдаалды далилдөө үчүн пайдаланылбайт. Тинтүү жана алып коюу тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча, күбөлөрдүн катышуусунда, соттун чечиминин негизинде ишке ашырылат. Алынган бардык буюмдар жана документтер катышып жаткан бардык адамдарга көрсөтүлөт жана оролот, жана тинтүү жана алуу болгон жерде чапталат, жана күбө болуп катышкан адамдардын баардыгынын кол тамгасы менен күбөлөндүрүлөт[215].

Бирок, иш жүзүндө бул конституциялык кепилдиктер бузулган учурлар көп.

Мисалы, *А.С. иши боюнча*, 2018-жылдын 24-августунда Бишкек шаарынын Биринчи май районунун ИИБ кызматкерлери тарабынан А.С. үйүнө тинтүү жүргүзүлгөн жана төмөнкү буюмдар алынган: ноутбук, флэшка, USB-адаптер, 2 диск жана видеокассеталар. Тинтүү учурунда А.С. ИИБ кызматкеринен тинтүү жүргүзүү жөнүндө соттун чечимин көрсөтүүнү, тактоо жүргүзүүнү жана алынган буюмдарды күбөлөрдүн катышуусунда чаптоону өтүнгөн, бирок анын суранычын угушкан эмес, жана буюмдар жөн гана алынып коюлган. А.С. тинтүү протоколу менен тааныштырган эмес, көчүрмөсү берилбеген. Тинтүү болгондон тартып үч ай аралыгында А.С. тергөө органдарына чакырылган эмес жана эч кандай маалымат ала албаган[216]. 2018-жылдын 10-декабрындагы Бишкек шаардык биринчи май районунун ИИБ тергөө кызматынын тергөөчүсүнүн токтомуна ылайык, А.С. тинтүү жүргүзүү жөнүндө жана зарыл болгон процессуалдык документтерди берүү тууралуу өтүнүчү каралып, өтүнүчү жарым жартылай канааттандырып, тил кат менен тинтүү протоколу жана тинтүү жүргүзүү жөнүндө Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун чечими берилген.

*Жаран А.У.* байланыштуу дагы бир иште[217]: иштин мааниси боюнча, 2018-жылдын 24-февралында жаран А.У. өзүнүн уюлдук телефонун Жалал-Абад шаарындагы ИИБ кызматкерине текшерүүгө берет, өз макулдугу менен алуу-берүү акты түзүлгөн. Ошол эле күнү тергөөчү интернет кызматтарын көрсөтүү боюнча «Aisnet»тин кайсы бир адисинин жардамы менен материалдарды телефондон дискке көчүргөн[218]. 2018-жылдын 14-мартында алынган маалыматтардын негизинде кылмыш иши козголгонв[219].

214. КР Жазык-процесстик кодексинин 81-беренесинин 5-пунктунун 3-пунктчасы.
215. КР Жазык-процесстик кодексинин 184-беренесинин 16-пунктунун 3-пунктчасы.
216. Жаран А. С 2018-ж. 29-августагы КР Акыйкатчысына (Омбудсмена) арызы, Кир. № С-215 (2) // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви»).
217. Постановление о возбуждении уголовного дела от 14 марта 2018 года №32-18-141. // («Архив материалов мониторинга 2018 г.»).
218. Постановление о возбуждении уголовного дела от 14 марта 2018 года №32-18-141. // («Архив материалов мониторинга 2018 г.»).
219. Постановление о возбуждении уголовного дела от 14 марта 2018 года №32-18-141. // («Архив материалов мониторинга 2018 г.»).

Эки иште тең процесстик кепилдиктер бузулган, бардык алынган буюмдар жана документтер күбө болгон адамдардын көрсөтүлүп жана оролуп, жана тинтүү, алуу болгон жерде чапталган эмес, жана күбөлөрдүн колу менен күбөлөндүрүлбөгөн.

Бардык тергөө иштери кылмыш иши козголгондон кийин гана ишке ашат.

## 6.3.8. «ЭКСТРЕМИСТТИК МАТЕРИАЛДАРДЫ САКТООДО» АЙЫПТЫН ҮЙ-БҮЛӨ МҮЧӨЛӨРҮНӨ ЖАНА ОКУЯ БОЛГОН ЖЕРДЕ ЖАШАГАН БАРДЫК АДАМДАРГА ТАРКАШЫ

КР Конституциясына ылайык, мыйзамда белгиленген тартипте күнөөсү далилденбесе жана соттун чечими менен мыйзамдуу күчүнө киргени аныкталмайын эч бир жаран кылмыш жасоого айыптуу деп эсептелбейт. Эч ким өзүнүн күнөөсүз экенин далилдөөгө милдеттүү эмес, күнөөлүүлүгүнө болгон бардык күмөнсүнүүлөр айыпталуучунун пайдасына чечмеленет. Өзүнө, жолдошуна (жубайына) жана туугандарына, мыйзам тарабынан аныкталган чөйрөгө каршы күбө болууга эч ким милдеттүү эмес[220].

*Ошентип, мурда белгиленген У.Б.* ишинде (эскертүү. 3.5.1-бөлүмдү караңыз), аталган кылмыш ишинин алкагында айпталуучу катары У. Б. жубайы А.к З. тартылган[221]. КР Өкмөтүнө караштуу МСЭК[222] соттук-кол жазмалык экспертизасынын бүтүмүнө ылайык, мукабасы жок дептердеги «эмес болуп чыкты» деген сөз менен башталып, «ыраазычылык билдирем» деген сөз менен аяктаган жазуулар А. к З. тарабынан жазылган. Айыпталуучу катары жоопко тартуу жөнүндөгү токтомго ылайык, *«...Ак.З. күйөөсү У.Б. менен бирге экстремисттик материалдарды алуу максатында мукабасы жок дептерди үйүнө сактап жүрүшкөн, анда Ак.З. өз колу менен экстремисттик мүнөздөгү сөздөр жазылган...».*

*Жогорудагыдай эле* Р.А. байланыштуу иш: 2012-жылдын 12-сентябрында Р.А. жашаган үйгө тинтүү жүргүзүлүп, теологиялык экспертизанын корутундусуна ылайык, «Хизбут-Тахрир» экстремисттик уюмуна таандык делген материал алынган. 2014-жылдын 11-апрелинде Талас райондук сотунун чечими менен тагылган кылмышты жасоо айыбы далилденбегендиги үчүн Р.А. толугу менен акталып чыккан[223]. Облустук жана Жогорку сот чечимди күчүндө

220. КР Конституциясы 26-беренеси.

221. 2018-ж. 30-январындагы айыпталуучу катары жоопко тартуу чечими. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви.»).

222. 2017-жылдын 23-октябрындагы. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви.»).Талас райондук сотунун.

223. 2014-ж. 11-апрелиндеги №УД-34/14Т4 чечими. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви»). Талас облустук сотунун материалдары.

калтырган[224]. Актоо чечимин жабырланган жакка калыбына келтирүү укугу берилген жана алар мыйзамсыз кылмыштык куугунтук фактысы боюнча арыз менен кайрылган. *Бирок, 2017-жылдын 4-ноябрында Р.А. тиешелүү болгон кылмыш ишинен КР КЖК 299-2 беренесинин 1- бөлүгү боюнча анын жубайына карата өзүнчө материал бөлүнүп алынган.* 2017-жылдын 6-июлунда Талас ШИИБ ТБ тергөөчүсү тарабынан Н.А. карата КР КЖК 299-2 беренесинин 1-бөлүмү боюнча кылмыш ишин козгоо жөнүндө токтом чыккан. Кылмыш ишин козгоо жөнүндө токтомго ылайык, мурда аныкталган (2012-жыл) материалдар Н.А. таандык[225]. Н.А. өзүнүн жактоочусу менен бирге кылмыш ишин козгоо жөнүндө тергөөчүнүн токтомун жокко чыгаруу тууралуу арызданган, бирок бардык инстанциялар арызды канааттандыруудан баш тартуу чечимин кабыл алышкан.

Тажрыйбалар көрсөткөндөй, «экстремисттик материалдарды» колдонуу боюнча айып тагуулар буга жетишээрлик далили болбосо дагы ошол жерде жашаган адамдарга автоматтык түрдө жайылып кетүүсү мүмкүн, бул үй бүлө мүчөлөрүнө карата ( ата-энеси, жолдошу, балдары) укук коргоо органдары тарабынан басым жасоо, коркутуу же психологиялык басым катары колдонулушу мүмкүн.

## 6.3.9. ЖАБЫК СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮЛӨР

Конституциянын 99-беренесине ылайык, бардык соттордо иштерди териштирүү ачык жүзөгө ашырылат. Жабык мекемеде ишти уюштуруу мыйзам тарабынан каралган учурларда гана ишке ашат. Соттун чечими жалпыга жарыяланат. Бул кепилдик дагы ЖПК 22-беренесинде жана «КР Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» КР Мыйзамынын 6-беренесинде чагылдырылган. Бирок мониторингдин жыйынтыгы мындай чечимдерде эч кандай зарыл жана мыйзамдуу негиздери жок эле бир катар соттук териштирүүлөр жабык түрдө өтөрүн көрсөттү.

*Мисалга алсак*, этностор аралык кастыкты козутууга, улуттук ар намысты басынтууга багытталган чакырыктарга күнөөлөнүп жаткан Н.М. ишинде Бишкек шаарынын биринчи май райондук соту ишти жабык караган. Өкүмдө кылмыш ишин жабык түрдө кароого зарыл жана мыйзамдуу маселелерди сот карагандыгы тууралуу айтылбайт[226].

---

224. 2014-ж. 11-сентябрындагы №АТ-51/14-УД аныктамасы, КР Жогорку сотунун 2015-ж. 29-июнундагы №4-0765/15УД чечими. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви»).
225. 2017-ж. 6-июлундагы кылмыш ишин козгоо жөнүндөгү чечим. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви»). Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун
226. 2017-ж.5-октябрындагы №УД-843\17.Б3 өкүмү. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви»).

Н.Т. байланыштуу ***дагы бир иште***, КР КЖК 299-2-беренесинин 1-бөлүмү боюнча айыпталып жаткан Н.Т. тиешелүү иш Бишкек шаарынын Ленин райондук соту жабык түрдө караган. Жогорудагы ишке окшош эле, өкүмдө сот тарабынан ишти жабык түрдө кароо зарылдыгына жана мыйзамдуу экенине баа берилген эмес[227].

Аталган маселе боюнча КР ЖПК 22-беренесинде ишти териштирүү бардык соттордо ачык жүрөрү белгиленет, качан гана мамлекеттик сырды кызыкчылыгына карама-каршы келген учурларда жабык болушу мүмкүн. Жабык соттук териштирүүлөргө соттун жүйөлөштүрүлгөн чечими же судьялардын токтому боюнча, ошондой эле жыныстык, ж.б.кылмыш иштери боюнча катышуучу адамдардын ишиндеги жашоонун интимдик жактары жөнүндө маалыматты угузууну алдын алуу максатында, ошондой эле жашы жете электердин кылмыштары жөнүндө иштер боюнча, жана жабырлануучунун, күбөнүн же башка ишке катышы бар адамдардын үй бүлө мүчөлөрү, же жакын туугандарынын коопсуздугун камсыздоону талап кылган учурларда уруксат берилет.

## КОРУТУНДУЛАР

1. Айыптоочу өкүмдөрдүн чыгышына негиз болгон «Экстремизм», «экстремисттик материалдар» делген жалпылашкан, жетишээрлик так эмес жана ачык эмес аныктамалар кайсы иштери үчүн жоопкерчилик каралып жатканын ар бир адам так түшүнүүсү үчүн жазалануучу иштерди калыпка салуудагы жеткиликтүүлүк жана ачыктык маселелеринде укуктук мамлекеттин конституциялык укугун бузат.
2. КР КЖК 299-2-беренеси боюнча адамдарды айыптоо тууралуу иштердин категорияларынын негизги көйгөйү кылмыштын предмети болуп саналган материалдардагы экстремизмдин (экстремисттик ишмердүүлүк) белгилеринин болушун аныктоо болуп эсептелет, анткени бул белгилер баалуу болуп саналат.
3. Юстиция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын сайтында жайгашкан экстремисттик материалдардын тизмеси же болбосо кайсы материалдарга тыюу салынгандыгы тууралуу жарандардын маалымдар болуусун кандайдыр бир деңгээлде шарттаган соттун материалды «экстремисттик» деп тааныгандыгы тууралуу чечими «тыюу салынган материалдын» минималдуу мүнөздөмөлөрүн камтыбайт.
4. Иш жүзүндө соттордун бардык чечимдери маиериалдардын (таандык буюмдардын) бул же тигил тыюу салынган уюмга таандуулугу жөнүндө эксперттин копутундусуна негизделген. Басымдуу соттук актыларда соттор каралган тексттерди талдоого алууга аракеттенишпейт жана чечимдерде экспертизанын эле корутундусу киргизилет.

227. 2018-ж. 4-апрелиндеги өкүмү №407/18гБ1. // («2018-жылдагы мониторингдин материалдарынын архиви»).

5. «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы аракеттер жөнүндө» КР Мыйзамынын 1- беренесинин биринчи бөлүмүндө каралган белгилердин жок дегенде бирөөсүн камтыган материалдарды кароодо соттор тарабынан талап кылынган белгилерди аныктоо аракети болбойт.
6. ДИМК соттук диний экспертизаларды жүргүзүү кирбей тургандыгына карабастан, аталган орган көпчүлүк кылмыш иштеринде экспертизанын бул түрүн жүргүзүп келгендиги белгилүү болгон. Өз корутундуларында эксперттер укуктук суроолорго жана алардын компетенциясына кирбеген суроолорго жооп беришет.
7. Тажрыйба көрсөткөндөй, КР Өкмөтүнө караштуу МСЭК эксперттерин даярдоо актуалдуу көйгөй болуп саналат.
8. Адилеттүү сотко жана процесстик кепилдиктерге болгон укуктар бузулган фактылар бар: ишти жабык кароого мыйзамдуу жана негиздүү негиздемелер жок эле ишти жабык кароо; кылмыш ишин козгобой эле иликтөө жана ыкчам иштерди ишке ашыруу; процесстик талаптарды бузуу менен материалдарды издөө жана алып коюу; мыйзамдарды бузуу менен алынган далилдерди иштин материалына киргизүү.
9. Кармоо иштери жүргөн жерде жашаган же турган бардык адамдарга карата «экстремисттик материалдарды сактоого» болгон айып тагуулар болушу белгиленүүдө, бул укук коргоо органдары тарабынан басым көрсөтүү, коркутуу же үй бүлө мүчөлөрүнө психологиялык кысым жасоо ( ата-энеси, жолдошу, балдары) катары колдонулушу ыктымал.
10. Жаңы Кылмыш-жаза кодекси көйгөйлөрдү жое албайт, ошондуктан мыйзамдар менен бирге эле тажрыйбаны да кайра кароо жөнүндө зарылдыгы көрүнүп турат.

**Сунуштамалар**

**КР Өкмөтүнө:**

1. **Экстремизмге каршы мыйзамдарды жалпылашкан, такталбаган жана бүдөмүк сөздөрдү жоюу үчүн кайра карап чыгуу.**
2. **КР Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик соттук-эксперттик кызматты кадрлар менен толуктоону жана аларды даярдоону артыкчылыктуу түрдө камсыздоо. Ошондой эле эксперттердин компетенциясы жана экспертизага коюлуучу суроолор маселелери боюнча экспертиза дайындоочу адамдарга (тергөөчүлөр, адвокаттар, судьялар) карата нускаманы иштеп чыгуу жана бекитүү. Окутууларды жана маалыматтык кампанияларды жүргүзүү**

**КР Жогорку сотуна:** КР жаңы КЖК күчүнө кириши менен КР КЖК 299-2 беренеси, тыюу салынган материалдарды сактоо менен гана байланышкан бардык кылмыш иштерди кайра карап чыгуу.

**КР Президентинин алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясына:** Экстремизмди аныктоого диний экспертиза жүргүзүү тажрыйбасын токтотуу, жана материалдарды кароосуз тергөө органдарына кайра кайтаруу милдетин аткарууга алуу

# VII БӨЛҮМ. АДАМ УКУКТАРЫНЫН УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫ ТАРАБЫНАН ЖАНА ЭРКИНДИКТИ ЧЕКТЕГЕН ЖЕ ЭРКИНДИКТЕН АЖЫРАТКАН ЖАЙЛАРДА САКТАЛЫШЫ

## 7.1. УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН МЫЙЗАМГА ЫЛАЙЫК КЕЛБЕГЕН ИШ-АРАКЕТТЕРИНЕ КАРАТА ЖАРАНДАРДЫН АРЫЗДАРЫ

Жарандардын кайрылууларын кароо мурдагыдай эле КР Акыйкатчысынын ишмердүүлүгүнүн өтө маанилүү жана активдүү компоненти бойдон кала бермекчи. Өткөн жылы адам укуктарынын бузулгандыгына түздөн-түз тиешеси болгон бардык арыздар менен даттануулар кабыл алынып, өндүрүшкө киргизилип жана кароого жиберилгенин белгилеп кетүү керек. Мындан сырткары, оозеки кайрылуулардын саны да өсүп жатат.

Укук коргоо органдарына кайрылуу адам укуктарынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ички иштер кызматкерлери жарандардын арыздары менен билдирүүлөрүн ар кандай шылтоолорду айтып, кабыл албай, баш тартууга акысы жок[228], тагыраак айтканда, арызданган же кайрылган адамдын башка аймакта жашаганына, тиешеси жок бөлүктө эмгектенгенине, кылмыш иштери боюнча маалыматтын жетишсиздигине жана башка себептерди келтирүү менен кабыл албай коюуга болбойт.

КРнын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын тиешелүү бөлүмү келип түшкөн арыздарды укук коргоо органдары тарабынан, анын ичинде: ички иштер, прокуратура органдары, улуттук коопсуздук комитети, жаза аткаруу кызматынын органдары жана тергөө иштерин жүргүзүп жаткан органдар тарабынан иш- аракеттердин аткарылып жаткандыгы, же болбосо аткарылбай жаткандыгынын себептери боюнча иш алып барат

### КЫРДААЛГА СЕРЕП

2018-жылы КРнын Акыйкатчы (Омбудсмен) Институтунун тармактык бөлүмүнө укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин иш аракеттерине байланыштуу жазуу түрүндөгү 452 арыз келип түшкөн, алардын ичинен: ички иштер органдарына карата -117, прокуратурага -54, улуттук коопсуздук комитетине - 27, жаза аткаруу кызматынын үстүнөн-35 арыз келген.


228. КР Конституциясы 41-б, 4.т

Келип түшкөн арыздардын мазмунуна талдоо жүргүзө келгенде, адам укуктарынын бузулушундагы жагдайлар мурдагы жылдардагыдан анчалык көп айырмаланбагандыгы байкалды[229]. Акыйкатчы Институтуна келип түшкөн ар бир 3-арыз менен даттануулар күч түзүмдөрүнүн кызматкерлеринин иш аракеттерине байланыштуу. Укук коргоо органдары тарабынан адамдардын жана жарандардын укуктарынын бузулуп жаткандыгы боюнча жагдайды изилдеп, талдап көрүп, 2018- жылы бул маселени  Акыйкатчынын жылдык баяндамасына киргизүүнүн зарылчылыгы келип чыкты жана мындай фактыны мурдагы жылдардын көрсөткүчтөрү менен салыштыруу зарылдыгы пайда болууда. Негизинен, жарандардын кайрылуулары  укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан кылмыш-жаза мыйзамдарындагы ченемдерди бузуп жатышкандыктары менен тыгыз байланыштуу жана мындай укук бузууларды төмөндөгүдөй компоненттерге бөлүп кароого болот:

- жарандардын жеке кол тийбестик укуктарынын бузулушу;
- процесстик ченемдердин бузулушу (иликтөөнүн мөөнөтүн создуктуруу, бюрократтык мамиле, жасалмалуулук, кылмыш ишин козгоодон негизсиз түрдө баш тартуу, ишти негизсиз токтото туруу, токтотуу, кылмыш ишти мыйзамсыз козгоо);
- мыйзамсыз кармоо;
- мыйзамсыз камакка алуу;
- укук коргоо кызматкерлеринин иш аракети жана аракетсиздиги;
- кызматтык этиканын бузулушу;
- кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу;
- жаап-жашыруу, кылмыш тууралуу арызды кабыл албай коюу, жарандарга карата укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин орой мамилеси, бети ачыла элек кылмыш иштерин жасаган күнөөлүү адам аныктала электе күнөөнү башка адамдарга, же мурда соттолгон адамдардын моюндарына илип коюу.

7.1.1 - диаграмма

САЛЫШТЫРЫП ТАЛДОО




229. Адам укуктарынын сакталышы боюнча 2017- ж. баяндамасы, 6- бөлүк

## ЭКСТРЕМИЗМ

КРнын Конституциясына ылайык, ар бир адам эркиндикке жана жеке кол тийбестикке өзүнүн жеке керт башына кол тийбестик укугуна ээ боло алат, ошону менен бирге эле өзүнүн жана үй –бүлөсүнүн ички купуялуулугуна[230], кат жазып, кат алышуу, телефондон сүйлөшүүлөр, почта, телеграфтык жана башка билдирүүлөр[231] жашыруун сыр бойдон калууга тийиш. Ар ким өзүнүн менчигинде же башка укуктук ээлигинде турган турак-жай менен башка объектилердин кол тийбестик укугуна ээ. Эч ким ээсинин эркинен тышкары алар пайдаланып турган турак-жайга жана башка объектилерине кире албайт.

Жеке менчикте жана башка укукта болгон турак-жайда жана бөлөк объектилерде тинтүү, алып коюу, кароо жана башка аракеттерди жүргүзүү, аларга бийлик өкүлдөрүнүн кирүүсү соттун актысынын негизинде гана жол берилет.[232]

КРнын Акыйкатчысына (Омбудсменине) ички иштер органдарынын, прокуратуранын жана КРнын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын кызматкерлеринин өндүрүшүндө каралып жаткан кылмыш иштери боюнча иш-аракеттерине, анын ичинде тинтүү жумуштарына байланыштуу динге ишенген жарандар тарабынан өтө көп сандагы арыздар менен даттануулар келип түшүүдө.

Арыздангандар милиция кызматкерлери тарабынан тинтүү учурунда экстремизмге шектелгендердин жашаган үйүнө ар кандай экстремисттик маанайдагы баракчаларды, диний мүнөздөгү адабияттарды, компакт-дисктер менен флеш-карталарды атайылап таштап койгон фактылары болуп жаткандыгын көрсөтүшөт. Мындан башка  кылмыш жасалган, же тинтүү жүргүзүлгөн жерде бул ишке катышпаган, көрбөгөн адамдарды күбө катары тартып, жасалма иштерди далилдөөгө аракет жасаган фактылар да кездешет.

2018-жылдын ичинде Акыйкатчынын тармактык бөлүмүнө динге ишенген жарандардан  ички иштер органдарынын, улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин кызматкерлеринин иш-аракеттерине байланышкан, анын ичинде тинтүүлөр боюнча жазуу түрүндө 25 арыз келип түшкөн.

7.1.1 - мисал

### ЖАРАН А.К. КАЙРЫЛУУСУ

КРнын Акыйкатчысынын наамына Бишкек шаарынын Ленин райондук иштер бөлүмүнүн кызматкерлеринин мыйзамсыз иш аракеттери тууралуу Бишкек шаарынын тургуну А.К.дан арыз келип түшкөн.

Арызда Ленин райондук ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери арыз ээсинин үйүн мыйзамсыз түрдө тинтип, текшере тургандыктарын билдиришип, ал жарандын тыюу салынган экстремисттик топтун мүчөсү экендигин далилдеген ыкчам маалымат бар экенин айтышкан.

---

230. КР Конституциясы 24-б
231. КР Конституциясы 24-б
232. КР Конституциясы 30-б

Арызды кароонун жүрүшүндө күнөөлүү адамдарды таап, аларды жоопкерчиликке тартуу максатында Акыйкатчы Аппараты тарабынан Ленин райондук прокуратурасына жана Бишкек шаардык ички иштер бөлүмүнө атайын кат жолдонгон.

Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгы тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгында милициянын кызматкерлери Т.Камбаровго, Т.Мадыловго жана Б. Дүйшөбай уулуна карата кызматтык текшерүү жүргүзүлүп, топтолгон материалдарга юридикалык баа берүү үчүн Бишкек шаарынын Ленин райондук прокуратурасына жиберилген. Жыйынтыгында, прокуратура тарабынан КР ЖПКнин 28-беренесинин 1-бөлүгү, 2-пунктунда көрсөтүлгөн кылмыштын курамы жоктугуна байланыштуу, кылмыш ишин козгоодон баш тартуу чечими кабыл алынган.

Райондук прокуратура тарабынан Ленин райондук ички иштер бөлүмүнө жогоруда аталган кызмат адамдарына карата тартиптик чара көрүү сунушу киргизилген. Жыйынтыгында, Ленин райондук ички иштер бөлүмүнүн аты аталган кызматкерлери “буга окшогон фактылардын болушуна мындан ары жол бербөө жагы эскертилди” деген чечим менен чектелишкен.

Буга окшогон жагдайда ыкчам- иликтөө иштери кылмыш иши козголгондон кийин жүргүзүлүшү керек деген маселе коюлат. Жогорудагы мисал кызмат адамдарына карата таасирдүү чара көрүлбөй жаткандыгын аныктайт жана жетекчилик менен ага баш ийгендердин ортосундагы “тилектештиктин” бар экендигин көрсөтөт.

## КҮТҮҮСҮЗ, АЛДЫН-АЛА ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ

2018-жылы милиция кызматкерлери тарабынан жасалып жаткан мыйзамсыз кармоолордун, кыйноолордун бетин ачып, оздуктоо максатындагы капысынан жасалган түнкү текшерүүлөрдү Акыйкатчы аппаратынын тармактык бөлүмү Бишкек шаарынын прокуратурасы менен биргеликте борбордогу ИИМ, ШМБ жана УПМ кызматкерлеринин иш-аракеттерининин жалпы абалына карата өткөрдү.

Рейддин жүрүшүндө милициянын нөөмөт бөлүмдөрү, камакта отургандардын камераларын, ички иштер бөлүмдөрүнүн кызматкерлери отурган кабинеттерин кароо жүргүзүлдү. Кароонун жыйынтыгы боюнча тиешелүү прокурордук актылар түзүлдү. Рейддин текшерүүсүнүн жыйынтыгында райондук милициянын 3 кызматкерине эскертүү берилди, дагы 3 адамга “катуу сөгүш” жарыяланды, райондук ички иштер бөлүмүнүн 3 жетекчисине керектүү чараларды көрүү менен милициянын нөөмөт бөлүмүндөгү кемчиликтерди четтетүү жана кызматтык тартипти чыңдоо жагы сунушталды.


## УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН ИШ АРАКЕТТЕРИНЕ ЖАНА АРАКЕТСИЗДИГИНЕ КАРАТА АРЫЗДАРДЫН ПРОКУРАТУРА ОРГАНДАРЫ ТАРАБЫНАН КАРАЛЫШЫ

2018-жылы Акыйкатчынын наамына укук коргоо органдары тарабынан кыйноолорду колдонуп жаткан фактылар боюнча 18 арыз келип түшкөн. Мурдагы жылдардагыдай эле кыйноолорду колдонуп жаткандардын басымдуу көпчүлүгүн ички иштер бөлүмдөрүнүн кызматкерлери (97%) түзгөндүгүн келип түшкөн кат жүзүндөгү арыздар айгинелеп турат. Кыйноолорду колдонуп жатат деген 18 арыздын[233] 14ү ички иштер бөлүмдөрүнүн (ИИБ) кызматкерлерине туура келсе, 2 арыз улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин (УКМК) кызматкерлерине, 1 арыз жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын (ЖАМК) дарегине туура келген.

Көпчүлүк учурда келип түшкөн арыздарды талдап караганда, кылмыштын жасалгандыгы жөнүндөгү так далилдердин жетишсиздиги, же болбосо кылмыштын жана кыйноонун белгилери убакыттын өтүп кеткендигине байланыштуу таптакыр жок болуп кеткенден кийин кайрылгандардын арбын болуп жаткандыгын баса белиглеп кетүү зарыл.

7.1.2 - диаграмма

КР БАШКЫ ПРОКУРАТУРАСЫНА КЫЙНОО ФАКТЫЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ ТҮШКӨН АРЫЗДАРДЫН САНЫ БОЮНЧА САЛЫШТЫРМАЛУУ МААЛЫМАТТАР




КРнын мыйзамдарына ылайык, укук коргоо органдарынын мыйзамдан тыш жасалган иш-аракеттери жөнүндөгү чогултулган материалдар текшерүүгө жана тиешелүү чараларды кабыл алуу үчүн прокуратура органдарына жиберилди. Ошону менен бирге Акыйкатчы Аппараты тарабынан жөнөтүлгөн суроо-талаптарга жооп берүү иштери өтө кечигүү менен келип жаткандыгын белгилеп кетүү зарыл[234]. Айрым учурларда мыйзам бузуу фактылары да кездешет[235].

233. аткарган-Укук коргоо органдары тарабынан жана эркиндиги чектелген жайлардагы адамдардын укуктарын коргоо бөлүмү

234. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө мыйзамы, 10-берене.

235. Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө КР Мыйзамы, 2-б, 3.т.

7.1.2. - мисал.

## ЖАРАН В.Е ИШИ

КРнын Акыйкатчысынын наамына Бишкек шаарындагы №1 ТИЗОдо кармалып турган соттолгон В.Е аттуу жаран кайрылган. Арызда тергөө органдары менен сот тарабынан анын кылмыш ишиндеги адам өлтүрүү боюнча коюлган күнөөсүнүн атайылап жасалбагандыгы тууралуу көрсөтмөлөрү текшерилбестен, мыйзамсыз түрдө күнөөлөгөн өкүм чыгарылгандыгын билдирген. Мындан сырткары, арызда Ленин райондук ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан ага карата кыйноо иштери жүргүзүлгөн жана уруп-сабоонун издери кеткенче аны Бишкек шаардык убактылуу кармоочу жайында 18 күн кармап турушкан жана №1 ТИЗОго кайрадан которушкан эмес.

Бул арызды кароонун жүрүшүндө КРнын Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери тарабынан Бишкек шаарынын Ленин районунун прокурору М.Кулжабаевдин дарегине атайын кат жиберилип, анда арызда көрсөтүлгөн В.Е.нын келтирген далилдеринин чын-бышыгын дыкаттык менен карап чыгуу, эгерде фактылар аныкталса, бул ишке катышы бар тиешелүү кызмат адамдарынын аракетине укуктук баа берүү жагы суралган.

Прокурор М.Кулжабаевден тиешелүү жооп келбегендиктен, Бишкек шаарынын прокурору Т.Бекмаматовго кайрылып, "Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө" КР Мыйзамынын талаптарын аткарууда жана жаран В.Е нын арызын кароодо кенебестик кылган кемчиликтери үчүн Ленин райондук прокурору М.Кулжабаевге тиешелүү чара көрүү сунушу менен кайрылуу жиберген.

Мындан тышкары, Бишкек шаарынын Ленин районунун прокуратурасынын канцелярия кызматкерлеринин Акыйкатчы аппаратына кечиктирилген жана үстүртөн жоопторун берген жасалма иш-аракеттеринин себептерин карап текшерүү үчүн кошумча материалдар жиберилген.

Бишкек шаарынын прокуратурасы тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгында алар тарабынан "Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 8-беренесинин 2-3- бөлүмдөрү одоно түрдө бузулгандыгы аныкталды.

Ыкчам кеңешмеде кароо үчүн Бишкек шаарынын прокурору Т Бекмаматовго Ленин районунун прокуратурасынын жетекчилигине карата тартиптик чара көрүү жагы сунушталды.

Иштерди кароонун жыйынтыгында, Бишкек шаарынын прокурору Т.Бекматовдун буйругу менен Ленин районунун прокурорунун орун басары У.Калыков, прокурордун жардамчысы А.Момункулова тартиптик түрдөгү "эскертүү" алышкан, ал эми Ленин районунун прокурорунун жардамчысы Ж.Алымкуловага "сөгүш" берилген[236].

236. 2019-жылдын 8-январындагы № 1 буйрук

Бирок, тилекке каршы, Ленин райондук прокуратурасынын канцелярия кызматкерлери кызматтык милдеттерин аткарууда кетирген кемчиликтериндеги аракеттери же аракетсиздиги үчүн тиешелүү тартиптик жазасын алуудан четте калышты[237].

7.1.3. - мисал.

## К.Б. ИШИ

КРнын Акыйкатчысынын наамына К.Б. аттуу жарандын кызыкчылыгын коргогон адвокаттар Н.Котик менен Э. Сыдыгалиевадан арыз келип түшкөн. Арызда К.Бнын 1-ТИЗОдо мыйзамсыз кармалып тургандыгы жана Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун чыгарган токтомунун өз убагында 1-ТИЗОнун кызматкерлери тарабынан аткарылбай жаткандыгы тууралуу баяндалган. Бул арызды кароонун алкагында Акыйкатчынын аппаратына Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгынын, Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын жана 1-ТИЗОнун жооптуу адамдары чакыртылган. Текшерүүнүн жыйынтыгында Акыйкатчы аппараты тарабынан КРнын Башкы прокуратурасына жаза аткаруу кызматына жана КРнын түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулукту сактоо боюнча көзөмөлдөөчү прокуроруна тиешелүү кызмат адамдарынын иш-аракеттерине укуктук баа берүү керектиги жөнүндө Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн.

2018-жылдын 6-апрелинде түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулукту сактоо жана көзөмөлдөө боюнча прокурордун орун басары С. Абдылдаевдин колу коюлган жооп алынган, анда Көңүл буруу актысында көрсөтүлгөн далилдердин КРнын түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулукту көзөмөлдөөчү прокурордун жардамчысы Б.Цойдун иш-аракетинде орун албагандыгы көрсөтүлгөн (аткаруучу-прокурордун жардамчысы З.Нышанова).

2018-жылдын 26-мартында Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын төрагасынын 1-орун басары Ж.Дүйшөмбиевдин колу коюлган жооп келген. Жоопто Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын өздүк коопсуздук кызматы тарабынан Бишкек шаарындагы ТИЗОнун атайын бөлүгүндө кызматтык иликтөөлөр жүргүзүлгөндүгү жана текшерүүдө мыйзамдуулукту бузган иш болбогондугу көрсөтүлгөн (аткаруучу- Абдыламит уулу К).

Натыйжада, келген жооптордун мазмуну менен таанышуудан кийин КРнын Акыйкатчы аппараты Атайын прокуратуранын дарегине карата кээ бир сын-пикирлерди билдирип кат жиберди. Катта прокурордун орун басары С. Абдылдаев жана КРнын түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулукту сактоо жана көзөмөлдөө боюнча прокурордун жардамчысы өздөрүнүн гана кызматкеринин ишин текшерүү менен чектелгендиги айтылган. Алардын компетенциясынын чегинде 1-ТИЗОнун жооптуу кызматкерлеринин иш -аракеттерине укуктук баа берилген эмес, тагыраак айтканда, Көңүл буруу актысында көрсөтүлгөн маселелер толук түрдө текшерүүдөн өткөрүлбөгөн

237. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө мыйзамы, 10-берене.

жана акыркы чечүүчү чечимдер кабыл алынбаган. Мындай фактылар КРнын Акыйкатчысы тарабына жиберилген Көңүл буруу актысындагы көрсөтүлгөн далилдерге атайын прокуратуранын үстүртөн жасаган мамилесин аныктап тураарын көрсөттү. Ошону менен бирге прокурорлордун көңүлүн буруу менен прокурордун орун басары С. Абдылдаевдин жана КРнын түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулукту сактоо жана көзөмөлдөө боюнча прокурордун жардамчысы З.Нышанованын КРнын Акыйкатчысы жиберген Көңүл буруу актысындагы маселелерди кароодо өздөрүнүн түздөн-түз милдеттерин аткаруудагы ылайыксыз иш-аракеттери жана курулай жооп жазуу менен чектелишкендиктери үчүн жоопкерчилигин кароонун зарылчылыгы жөнүндөгү маселеге токтолуп, КРнын прокуратура органдарында иш жүргүзүү Нускамасында көрсөтүлгөн жоболорго ылайык, Башкы прокуратуранын 2005-жылдын 4-августундагы №16/7 буйругунун 2.4.5. пунктунда "документтердин келип түшкөн күнүнөн баштап жетекчилик коюлган маселенин ыкчам каралышын, аткаруучуларга жеткирилишин жана сапаттуу түрдө аткарылышын көзөмөлдөп, камсыздайт"-деп көрсөтүлгөн.

Мындан сырткары З.Нышанова 5. 2.10- пунктунда көрсөтүлгөн документтеги иштердин аткарылышы жөнүндөгү белги документтин түп нускасынын акыркы барагынын, же биринчи бетиндеги сол жактын төмөнкү бурчунда коюлат деген эреженин бузулушуна жол берген. Белгиде аткаруучунун аты-жөнү, телефон номери кошо камтылышы зарыл. Ал эми 1-06/112-18 чыгыш номери коюлган 2018-жылдын 6-апрелиндеги жоопто аткаруучунун аты-жөнү жазылган эмес. Мындай фактылар мамлекеттик органдардагы иштердин натыйжасыз болуусуна (м: убакытты, ресурстарды коротуу ж.б.) алып келип жаткандыгы өкүнүчтүү.

КРнын Башкы прокуратурасына жана КРнын Акыйкатчысына (Омбудсменине) өндүрүштү кыскартуу боюнча мурдараак берилген арыздардын жана адвокаттар менен К. Б нын тосмо арыздарынын негизин эске алып, КРнын түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулукту камсыздоо жана көзөмөлдөө прокуратурасы тарабынан КРнын Жазык-процесстик кодексинин 28-беренесинин 4-пунктунун 1-бөлүгүнө ылайык, кылмыш ишин козгоодон баш тартуу боюнча чечим кабыл алынып, жыйынтыгы арыз ээлерине тааныштырылган.

КРнын Акыйкатчысы тарабынан КРнын Башкы прокуратурасы менен түзөтүү мекемелеринде мыйзамдуулукту сактоо жана көзөмөлдөө прокуратурасына бир нече жолу кайрылуусунан жана кийлигишүүсүнөн кийин гана, прокуратура жазык-процесстик мыйзамга ылайык процесстик чечимдерди кабыл алды. Ошондой болсо да, прокуратуранын кызматкерлерине карата көрүлө турган чаралар бүгүнкү күндө да ачык маселе бойдон калып жатат. Тилекке каршы, кылмыш ишин козгоону токтотуу боюнча токтомдун көчүрмөсүн алуу үчүн жиберилген атайын суроо-талапка жооп берүүдөн прокуратура баш тартты. Мындай фактылар К.Бнын укугун, эркиндигин жана кол тийбестигин бузуп, укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарына зыянын тийгизип жаткандыгын айгинелейт. Ушул убакытка чейин прокуратура органдарынын кызматкерлери

тартиптик жоопкерчиликке, анын ичинде “сөгүш” же ар кандай деңгээлдеги кеңешмелерде алардын жасаган иштериндеги кемчиликтери туурасында бир да жолу талкуулар болгон эмес.

КРнын түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулукту көзөмөлдөө прокуратурасы, анын ичинде, Башкы прокуратуранын кызматкерлеринин аракетсиздиги жана арыздарды кароодон баш тартуусу, кылмыш ишин мыйзамсыз түрдө козгоого жасаган аракеттери жасалып жаткан кылмыш иштерине ич ара жардам көрсөткөндүк болуп саналат. Буга окшогон иштери үчүн күнөөлүүлөр кылмыш жообуна тартылышы керек.

Мындай шартта түзөтүү мекемелеринде мыйзамдуулукту көзөмөлдөө прокуратурасы өздөрүнүн түздөн-түз кызматтык милдеттерин толук түрдө аткарып жатат деп айтуу кыйын. Кандай болбосун адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулуп жаткандыгы кылмыштын белгилерин камтып тургандыктан аны жасаган адамга карата кылмыш иши козголуп, мыйзамды бузган адамдар жазаланышы керек.

7.1.4 - мисал.

### ОМОР СУЛТАНОВДУН ЖАНА ЫСЫК-КӨЛДҮ КОРГОО БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК ЭКОЛОГИЯЛЫК ФОНДУНУН ИШИ.

Белгилүү жазуучу, Ысык-Көлдү коргоо эл аралык экологиялык фондунун президенти Омор Султановдун ички иштер бөлүмүнө кайрылган арыздары бир канчалаган эсепке жеткен. Акыркы 15 жылдан бери аталган фонддун иштөөсүнө Чүй облусунун Сокулук райондук ички иштер бөлүмү (РИИБ) ээлеп турган менчикке тиешелүү болгон имарат иши боюнча соттук териштирүүлөр тоскоолдук кылып келе жатат. Фонд ар түрдүү деңгээлдеги соттук угууларда имаратка ээлик кылуу боюнча өзүнүн укуктук акысы бар экендигин коргоп келет. Бирок буга карабастан, ал имаратта ички иштер органы жайгашкан бойдон турат. КРнын Ички иштер министрлигинин жетекчилери, улам жаңыдан алмашкан министрлери бул маселени жакшы билишсе да, эч кандай жыйынтыктуу чечимдерди кабыл алышкан эмес. Акыркы соттук териштирүүдө Сокулук райондук ички иштер бөлүмүн имараттан мажбурлап чыгаруу жагы каралып, чечим кабыл алынган. Тилекке каршы, учурдагы министр К. Джунушалиев бул көйгөйдүн чечилишине карата керектүү чараларды жүзөгө ашырган жок. Ал эми, фонддун Кыргызстанда экологиялык кыймылдын өнүгүшүндөгү алдыга коюлган максаттары соттук териштирүүлөрдүн тоскоолдугунан улам ишке ашпай, кагаз бетинде калып келүүдө. Буга окшогон мисалдар укук коргоо органдарынын беделине доо кетире турган, коомчулуктун аларга деген ишенимин жокко чыгара турган себептерге алып келбей койбойт.

7.1.5 - мисал

### Р.У ИШИ

КРнын Акыйкатчысынын наамына Р. У. аттуу жаран Бишкек шаарындагы Свердлов районунда иштеген З. Асанова деген тергөөчүнүн мыйзамсыз иштери тууралуу арыз менен кайрылган.

Арызда өзүнүн кызматтык милдеттерине салкын мамиле кылган Свердлов райондук ички иштер бөлүмүнүн тергөө кызматынын тергөөчүсү З.Асанова арыз ээсинин кызын мыйзамсыз түрдө Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайында 16 күн камакта кармаганы баяндалган. Бул арыз боюнча  окуя болгон жеринде каралды. Аталган убактылуу кармоочу жайга барып, текшерүүдө тергөөчү З.Асанованын күнөөсүнүн айынан улам арыз ээсинин кызы 1989-жылы туулган У.Р. 2018-жылдын 1-июнунда алынып келинип, камакка мыйзамсыз түрдө алынганы далилденген.

Убактылуу кармоочу жайлар кылмыш кылган делип шектелгендерди кыска мөөнөткө 48 саатка чейин гана кармоого ылайыкташтырылган. Белгиленген мөөнөттөн ашык кармоодо милиция кызматкерлерине камераларга тоскоолдуксуз кирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүп, түнкүсүн кирип кармалгандарга физикалык жана психикалык  жактан кысым жасалып, коркутуу, уруу, кыйноо ж.б. ыкмалар аркылуу күнөөсүн мойнуна алдырууга окшогон иштердин жасалышына шарт түзүлөт. Мындай мисалдар КР КЖКнын кыйноо деген беренесине теңелип, мыйзамды бузгандык болуп саналат. Ал эми, күнөөлүү делип шектелип камалгандар убактылуу кармоочу жайда 48 саат гана отурушу каралган. Бул факты боюнча Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери тиешелүү чараларды көрүү үчүн Бишкек шаарынын прокуратурасына кат жиберген. Бишкек шаардык прокуратурасынын берген жообунда өзүнүн кызматтык милдетине ылайыксыз иш жасаган Бишкек шаарындагы Свердлов райондук ички иштер бөлүмүнүн тергөөчүсү  З. Асанованын убактылуу кармоочу жайга керектүү документтерди өз маалында камсыздабаганы, андан сырткары, райондук жана Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгынын тергөө  кызматтары тарабынан өздөрүнө караштуу кызматкерлердин иштерине ведомстволук көзөмөлдүн жоктугу жана жетишсиздиги көрсөтүлүп, шаардын прокуратурасы тарабынан КРнын ички иштер министрлигинин Тергөө кызматына, аларга карата катуу тартиптик чара көрүүнү сунуш кылган.

Бирок  КРнын ички иштер министрлиги эч кандай тиешелүү чараларды көргөн эмес.

Дагы бир маанилүү нерсе - бул Акыйкатчы Институтунун прокуратура органдарынын кызматкерлери менен болгон өз ара тыгыз кызматташуусунун мисалы болуп саналат. Акыйкатчы  адамдардын жана жарандардын укуктары менен эркиндиктери мамлекеттик органдар тарабынан канчалык деңгээлде сакталып жаткандыгынын абалын текшерет жана анын ичинде изин суутпай-издөө ишмердигин жүргүзгөн органдардын ишмердүүлүгүн да көзөмөлдөөнү ишке ашырат. Бул маселе "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" КР Мыйзамынын 8-беренесинин 15-пунктунда каралып, кылмыш жана жарандык иштерди обьективдүүлүк менен адилеттүү негизде кароого шарт түзөт.

Ушунун натыйжасында, КРнын процесстик мыйзамдарынын  жана адамдын укуктары менен эркиндиктери жөнүндө мыйзамдарынын  республиканын аймагында сакталышына көзөмөлдүктү жүргүзүп, адамдардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү менен алардын андан ары кайталанбашына жол бербөө жагы ишке ашырылып жатат.

ТЫЯНАКТАР

“Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” КР Мыйзамынын 13-беренесинин 1-пунктуна ылайык, Акыйкатчынын кызматкерлеринин иштерине же иликтөөлөрүнө кандайдыр бир органдар тарабынан тоскоолдуктар жаралган болсо, андай көрүнүштөр Акыйкатчы Институтунун жылдык баяндамасы үчүн негиз болуп кала берет жана Акыйкатчынын жылдык баяндамасынын тиешелүү главасында эскертилет.

КРнын Акыйкатчысынын суроо-талаптарына мыйзамда каралган мөөнөттө тиешелүү жоопту бербеген, же жооп берүүнү создуктурган жана убакыттын узартылышы тууралуу өз убагында маалыматты билдирбеген укук коргоо органдарынын иштери суроо-талапка жооп берүүдөн баш тарткандыкка барабар болуп, Акыйкатчынын иштөөсүнө жана анын иликтөөлөрүнө каршы жасалган тоскоолдук болуп эсептелет. Укук коргоо органдары мурдагыдай эле адамдардын жана жарандардын укуктарын коргоодо тиешелүү деңгээлдеги иштерди жүргүзө албай жаткандыктарын белгилеп, кээ бирде жасалма, формалдуу, курулай жоопторду жазуу менен алектенип жатышканын көрсөтө кетүү зарыл.  Бишкек шаарындагы тергөөчүлөр кылмыш иштеринин көптүгүнөн улам иликтөө иштеринин сапатына терс таасирин тийгизип жаткандыгы жашыруун иш эмес.

**Сунуштамалар**

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:**

1. Ысык-Көлдү сактоо Эл аралык экологиялык фондунун мүлктөрүн кайтаруу үчүн чыгарылган соттук чечимдин аткарылбай жаткандыгы боюнча КРнын ички иштер министрлигинин аракетсиздигине укуктук жактан баа берүү;

2. КР түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулукту көзөмөлдөөчү прокуратурасынын прокурорунун орун басары С.Абдылдаевдин, түзөтүү мекемелериндеги мыйзамдуулукту көзөмөлдөө прокурорунун жардамчылары З. Нышанованын жана Б.Цойдун иш аракеттерине байланыштуу тиешелүү чараларды кабыл алуу жагы (7.1.3-мисалы, К. Бнын иши.) сунушталат.

**Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине:**

Адам укуктарын сактоо маселесине тиешелүү болгон агартуу, окутуу иштерин КРнын ички иштер бөлүмдөрүнүн өздүк курамдарында  туруктуу жүргүзүүнү уюштуруу.

## 7.2. АДАМ УКУКТАРЫН САКТООДО КООМДУК КЕҢИРИ РЕЗОНАНС ЖАРАТКАН 2018-ЖЫЛДАГЫ ИШТЕРДИ ТАЛДОО

2018-жылдын ичинде КР Акыйкатчысы жана анын аппаратынын кызматкерлери № 47, №27, №1 түзөтүү мекемелеринде жазаларын өтөп жатышкан "саясий жактан камалгандар" - деп аталган жарандардын абалына көз салышты. Ошону менен С.Жапаров, Б.Талгарбеков, Т. Колубаев, Д. Чотонов, Б.Асанов, К. Кадыров, Ө.Текебаев, К.Самаков, Ж.Иманалиев, Р.Төлөгөнов, Э.Карыбеков ж.б менен ангемелешүүлөр жүргүзүлдү.

Адвокаттардын, камактагылардын туугандарынын жана коомдук уюмдардын КРнын Акыйкатчысына (Омбудсменине) жабык жайларда жаткандардын ден соолуктарынын абалынын начарлашы, кармоонун тартибиндеги жана иштерди кароодогу процесстик мыйзам бузуулардын болуп жаткандыгы тууралуу кайрылуусунун жыйынтыгы боюнча аталган мекемелердеги шарттарды кароо жүргүзүлдү.

### САЯСИЙ ЖАКТАН КАМАЛГАНДАРДЫ КОРГОО КОМИТЕТИНИН МҮЧӨЛӨРҮНҮН КАЙРЫЛУУСУ

КРнын Акыйкатчысынын дарегине саясий жактан камалгандарды коргоо комитетинин мүчөлөрү: С.Аргымбаев менен Зульфия Мараттан Б.Талгарбековдун, М.Султановдун жана Т.Колубаевдин кызыкчылыгына байланыштуу кайрылуусу келип түшкөн. Кайрылууда жогоруда аттары аталган соттолгон адамдар Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетеинин ТИЗОсунан күчөтүлгөн режимдеги №27 колонияга которулганы айтылган. Алар камералык шарттагы кармоодо турушат жана суткасына таза абада эс алууга бир жарым сааттык убакыт бөлүнгөн. Мындай шарттар өзгөчө оор, коркунучтуу, зордукчул, террористтик мүнөздөгү кылмышкерлерге туура келет. Бул арыздын негизинде Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери бир канча жолу Б. Талгарбеков, М.Султанов жана Т.Колубаевдер менен жолугушууну уюштурушкан. Сүйлөшүүнүн жүрүшүндө, соттолгондорду бөлүштүрүү боюнча комиссия М. Султановду №27 түзөтүү колониясына жиберип, экстремисттик багыттагы террористтик мүнөздөгү кылмыш менен соттолгондордун арасында кармалаары тууралуу чечим кабыл алынганы айтылган.

Арыз берүүчүлөр жаза аткаруу кызматынын комиссиясынын чечими мыйзамга каршы келээрин белгилешет. Биринчиден, КРнын Жазык аткаруу кодексиндеги экстремисттик багыттагы жана террористтик мүнөздөгү кылмышты жасаган соттолуучуларды катуу шартта бөлүп кармоо жөнүндөгү өзгөртүүлөр КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 299-беренесин кошо 2016-жылдын 16-апрелиндеги №44 мыйзамынын негизинде ишке киргизилген. 2-беренеге ылайык, бул мыйзам расмий жарыяланган күнүнөн тартып 10 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет. Мыйзамдын тексти "Эркин-Тоо " газетасына 2016-жылдын 10-майындагы №39 санында жарыяланган жана 20-майда күчүнө кирген.

М.Султанов 2016–жылдын 13-майына чейинки жасаган иштери боюнча Биринчи май райондук жана Бишкек шаардык сотунун соттук коллегиясы тарабынан соттолгон. Жаза өтөө мөөнөтү  ушул күндөн тартып эсептеле баштаган.

Ошондуктан 2016-жылдын 20-майында күчүнө кирген №44 Жазык-аткаруу кодексиндеги өзгөртүүлөрдүн таасири  КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 7-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптарына ылайык  М.Султановдун өзгөчө оор кылмыш жасагандардын арасына кошулуп калуусуна мыйзам жол бермек эмес, анткени өзгөртүүлөр жоопкерчиликти оорлотот.

КР Жазык - аткаруу кодексинин 5-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык жаза мөөнөтүн аткаруунун жана өтөөнүн тартиби менен  шарттары кылмыштык-укуктук жактан таасир берүү чаралары аларды колдонуу учурунда мыйзамга жараша ишке ашырылат.  Ошондуктан М.Султановго карата жасалган мамиле  2007-жылдын  25-июнунда жарыяланган  КРнын Жазык-аткаруу кодексинин 52- беренесинин 3-бөлүгүнө туура келиши керек болчу.  Бул берененин негизинде мурдагы судьялар менен милиция кызматкерлери өзүнчө түзөтүү колонияларында кармалышы каралган же соттолгондордон бөлүнүп кармалышы мыйзамга туура келмек.

Биринчи май райондук жана Бишкек шаардык сотунун соттук  коллегиясынын өкүмдөрүндө  М.Султановдун экстремисттик багыттагы жана террористтик мүнөздөгү кылмышты жасагандыгына карата шилтеме берилген эмес. Ошентип, 2019-жылдын 1-январынан тартып күчүн жоготкон КРнын Жазык-аткаруу кодексинин 52-беренесинин 2 (1) бөлүгүнө ылайык, "экстремисттик багыттагы  жана террористтик мүнөздөгү кылмышты жасап, соттолгон адамдар  КРнын Кылмыш-жаза кодексинин  226,226-4, 227, 229, 232, 294, 296, 299, 299-3, 375,жана 376 беренелеринде каралган ченемге ылайык, соттолгондордун башка категорияларынан бөлөк, өзүнчө жана жаза өтөөнүн катуу тартибиндеги камераларда өтөшү керек" деп жазылган.

М.Султанов өзүнүн өмүрүнөн кооптонот, анткени ал кезегинде  Бишкек шаардык сотунун төрагасы жана Биринчи май райондук сотунун төрагасы катарында көптөгөн экстремисттик  багыттагы жана террористтик мүнөздөгү кылмыш иштерин кароону өз башынган өткөргөн адам экендигин белгилейт.

Ушуга байланыштуу, мыйзамда  Жазык-аткаруу кодексинин 12-беренесине өзүнчө мазмун кошулган.

М.Султановдун иши боюнча прокуратура органдарына жана жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына бир нече жолу каттар жөнөтүлүп, каралды. Алынган жооптордо Кылмыш-жаза кодексинин 299-3 беренеси менен соттолгондор өзгөчө камераларда отурушу мыйзамда белгиленген деген жооптор берилген. №27 түзөтүү мекемесине барган КР ЖК депутаттары менен Акыйкатчыга бул маселе боюнча жогорудагы соттолгон жарандар өз дооматтарын билдиришкен.

## СОТТОЛГОН Ж. ИМАНАЛИЕВДИН КАЙРЫЛУУСУ

2018-жылдын декабрь айында КРнын Акыйкатчысы №47 абакка барган кезинде соттолгон Ж.Иманалиев арыз менен кайрылган. Соттолуучу 2015-жылдын 28-январында Биринчи май райондук сотунун жана 2015-жылдагы Бишкек шаардык сотунун өкүмүнүн негизинде соттолгон. 2015-жылдын 1-августунан тартып 2017-жылдын 2-мартына чейин жаза мөөнөтүн №47 колонияда өтөгөн. КРнын Эсеп палатасынын мурдагы аудитору А.Шыкмаматовго карата жаза мөөнөтүн өтөп жаткан учурда 2018-жылдын 17-сентябрындагы токтомдун негизинде кылмыш ишинин козголгондугуна байланыштуу Ж.Иманалиевди №47 колониядан Улуттук коопсуздук Комитетинин ТИЗОсуна, кийинчерээк Бишкек шаарындагы №1 ТИЗОго которушкан.

2017-жылдын 19-декабрындагы Биринчи май райондук сотунун өкүмү жокко чыгарылгандан кийин, Бишкек шаардык сотунун кылмыш иштери жана административдик укук бузуулар боюнча коллегиясынын 2018-жылдын 17-сентябрындагы чечиминен кийин Ж.Иманалиевдин баш коргоо чарасы өзгөртүлүп, ал №47 колонияга которулган жана бүгүнкү күнгө чейин ушул жерде жазасын өтөп келүүдө.

Мына ушуларды эске алуу менен, Ж.Иманалиевге карата соттун эң биринчи жолу чыгарган өкүмүнө таянып, Улуттук коопсуздук Комитетинин, Бишкек шаарындагы № 1 ТИЗОдогу жана №47 колониядагы өтөгөн мөөнөттөрүн эсептеп, КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 69-беренесинин 3-пунктунда көрсөтүлгөн 3-бөлүмүнүн негизинде мөөнөтүнөн мурда бошогонго мүмкүнчүлүк бар болчу дейт. 1-ТИЗОнун администрациясы Ж. Иманалиевге карата кабыл алынган экинчи кылмыш иши боюнча чыккан өкүмдүн мыйзамдуу түрдө күчүнө кире электигине шилтеме жасап, мөөнөтүнөн мурда бошоп кетүүгө карата маселени коюуга эртелик кылаарын жана жаза өтөө мезгилин санап эсептөөгө негиз жок экендигин билдирген.

Бүгүнкү күндө Ж.Иманалиевдин кылмыш ишин иликтөө жана соттук териштирүүлөр учурундагы, ТИЗОдо отурган мезгилиндеги убакыттарды жаза өтөө мөөнөтүнө киргизип кошуу маселеси турат. Жаза аткаруу органынын жооптуу кызматкерлери соттолуучунун ТИЗОдо отурган мөөнөтүн саноо алардын компетенциясына кирбей турганын түшүндүрүштү жана учурдагы жаза өтөө мөөнөтү баш коргоо чарасы катарында соттун чечими катары аныкталат. Азыркы учурда 2018-жылдын 18-декабрындагы токтомдун негизинде А.Шыкмаматовго, Ж.Иманалиевге карата козголгон кылмыш иштери коюлган айыптын далилденбегендигинен улам кыскартылган.

Ж.Иманалиев ТИЗОдо отурган учурда ден соолугу кыйла начарлаганын, көзү жакшы көрбөй калганын баса белгиледи. Ошону менен ТИЗОдо отурганына карабастан жаза өтөө мөөнөтү кыскартылган жок.

## Ө. ТЕКЕБАЕВДИН ЖЕКЕ КЕРТ БАШЫНЫН КООПСУЗДУГУ БОЮНЧА

КРнын Акыйкатчысынын наамына №47 колониясында жазасын өтөп жаткан Ө. Текебаевдин маселеси боюнча юристтер кайрылышкан.

Ө. Текебаев орун алган камеранын сыртында видео-байкоо камерасынын бар экендигине жана Ө.Текебаевдин өзүнүн администрацияга кайрылуусу эске алынбастан, ал отурган камеранын ичине видео-байкоо камерасы орнотулган. Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын берген маалыматына караганда, КРнын Жазык-аткаруу кодексинин 12-беренесине ылайык, Ө.Текебаевдин жеке коопсуздугун камсыздоо боюнча кат жүзүндө жазган кайрылуусуна №47 колониянын администрациясы Ө.Текебаевди атайын контингенттин негизги массасынан өзүнчө бөлөк, атайын бөлүп койгон камерада жайгаштыруу боюнча чечим кабыл алган. КРнын Жазык-аткаруу кодексинин 55-беренесинин негизинде соттолуучунун жеке коопсуздугун камсыздоо максатында ал отурган камеранын тышында монитору мекеменин нөөмөт бөлүмүндө жайгаштырылган жана экинчиси Ө.Текебаев отурган камеранын ичине орнотулуп, монитору видео байкоо жүргүзүү үчүн Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын аппаратынын борбордук бөлүгүндө жайгашкан.

Ө. Текебаев менен болгон сүйлөшүүдө ал камеранын ичиндеги видеобайкоонун коюлушуна каршы экендигин билдирди. Видео камера анын психологиялык абалына басым кылып жатканын, анткени күнү-түнү аңдып карап туруу жүргүзүлүп жаткан адамга канчалык терс таасир тийгизээрин билдирди. Мындан сырткары, интернетте он-лайн режиминде башкалар ага байкоо жүргүзүшү мүмкүндүгүн жана ар кандай провокациялык иштерди жасашы мүмкүн экендигин белгиледи. Жогорудагыдай иштер адамдын абийирине доо кетирип, аны кемсинтүүгө алып келген факты катары каралат деген оюн баса белгиледи. Ошол эле мезгилде каалганын сырт жагында видеобайкоо болсо, ич жагына да коюунун зарылчылыгы эмнеде деген күмөндүү ойлор айтылды.

Бул маселе мурдагы Премьер-министр С.Исаков тарабынан алынып ташталган болчу, бирок кайрадан видео камералар орнотулган. Бүгүнкү күндө камералар ордунда турат. Улуттук коопсуздук Комитетинин мурдагы төрагасы А.Сегизбаевдин отставквасынан кийин Ө.Текебаев камераларды коркутуулар менен шантаждын куралы катарында колдонулушу мүмкүндүгүн эсепке албай калды.

## Б. АСАНОВДУН ИШИ БОЮНЧА

КРнын Акыйкатчысына саясий камактагылар комитетинин мүчөлөрү А.Коргонбеков, У.Маматаев, Зульфия М., Т. Мадаминовдор Б.Асановдун кызыкчылыгына карата камакта жаткан учурунда Б.Асановдун өз убагында медициналык жардам алуусуна көмөк көрсөтүү максатында кайрылышкан. Бишкек шаардык сотунун кезектеги соттук отурумунун алдында Б. Асановду №47 колониянын борбордук ооруканасына алып кетишкен жана ал жерде соттолуучуга хирургиялык операция жасалган.

КРнын Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери №47 түзөтүү колониясында болуп, Б. Асанов менен сүйлөшүшкөн. Бул маектешүүдө Б.Асанов жубайы менен жолугушууга кыска убакытка уруксат берүү мүмкүнчүлүгүн суранган. Б.Асановдун ден соолугунун абалын эске алуу менен Акыйкатчы аппараты Бишкек шаардык сотунун төрайымы И.Воронцовага Б.Асановду үй-бүлөсү менен жолугушуусуна уруксат берүүсүн өтүнүп кат жөнөткөн.

Бишкек шаардык сотунун төрайымы И.Воронцованын берген жообунда КР-нын Жазык-процесстик кодексинин 328-беренесинин негизинде камакта отурган адам менен анын жакындарынын жолугушуусу соттун чечими менен өкүмдүн аткарылышына чейин берилет. Б.Асановдун жакындары менен жолугушуусу өкүм угузулгандан кийин мыйзамдын талаптарына ылайык жүргүзүлөт деп белгиленген.

Биринчи май райондук сотунун күнөөлөгөн өкүмү 2017-жылдын 17-апрелинде чыгарылган жана Б.Асановдун үй-бүлөсү менен жолугушууну өтүнгөн И. Воронцовага кайрылган кайрылуусу учурунда соттун өкүмү апелляциялык арыздануунун себебинен улам толук күчүнө кире элек болгон. Бишкек шаардык сотунун төрайымы И. Воронцованын катта келтирилген аргументтери чындыкка дал келбеген маалыматтардан кабарсыз калгандыгын күбөлөп турат.

Андан мурдараак, 2017-жылдын июнь айында КРнын Жазык-процесстик кодексинин 328-беренесинин жоболоруна ылайык, соттолуучу Б.Асановго ж.б га жолугушууга уруксат берилген. Бул жөнүндө Бишкек шаардык сотунун төрагасынын орун басары А.Момуналиевдин колу коюлган жоопто эскертилген. КРнын Акыйкачысы (Омбудсмени) Бишкек шаардык сотуна 2 жолу кат менен кайрылып, берилген жооптор боюнча (чыг.13-58 2018-ж 09.01.) маалымат берүүсүн өтүнгөн, бирок, КР Акыйкатчысынын бул катына жооп болгон жок. Бул өз кезегинде, “Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө” КР мыйзамынын 5-беренесинин 12-пунктун, 1-беренесинин 13-пунктун жана “Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” КР Мыйзамынынын жоболорун бузгандык болуп саналат.

Б.Асанов, Э.Карыбеков, К. Кадыров андан кийин №47 абакта алардын ишине Улуттук коопсуздук Комитетинин мурдагы башчысы А.Сегизбаевдин кийлигишүүсүнүн мүмкүндүгүнө байланыштуу кургак ачкачылык да кармашкан.

## К. САМАКОВДУН ИШИ

КРнын Акыйкатчысынын дарегине “Элдик көзөмөл” коомдук уюмунун төрагасы, КРнын Жогорку Кеңешинин мурдагы депутаты Э. Исаковдон К. Самаковдун кызыкчылыгын карап берүүнү суранган кайрылуусу келген. Кайрылууда К.Самаков коррупция боюнча кылмыш жообуна тартылышы керек эместигин, анткени 2008-жылы ал тиешелүү жер тилкелерин трансформациялоо учурунда эч кандай кызмат ордунда иштебегенин жана КР ЖКнын депутаты да боло элек болчу-деген, пикирлер айтылган. Кайрылууда дагы төмөндөгүлөр баяндалган:

1. К.Самаковдун уулу жана эки жардамчысы кылмыш иши козголбостон туруп жоопкерчиликке тартылышкан. Иштин материалдарында кылмыш ишин козгоо боюнча 3 токтом бар, бирок алар кызмат адамдарына карата козголгон токтомдор, жогоруда кылмыш иши козголгон адамдардын бирөө да кызмат адамы эмес эле.

КРнын Жазык-процесстик кодексинин 310–беренесинин 1-3- бөлүгүнүн талаптарына ылайык, кылмыш иши көп тараптуу болуп, обьективдүү түрдө иликтенип, сотко сунушталган далилдер аргументтүү болсо гана өкүм негиздүү деп таанылат (кылмыш иши судья Д.Назаровдун төрагалыгында каралган).

Сурактын протоколдору башка тилде жазылган. Күнөөлүү адамдардын катарында маркум М.Садыркуловдун да ысымы аталган. Бир күбөнү таап алышып аны К.Самаковду Ж.Бакиев менен чогуу турганын көргөнмүн- деп айттырып, кол койдурушкан. Ал киши сот процесси жүрүп жатканда эч кимди көрбөгөнүн, көрүүгө мүмкүнчүлүгү жоктугун, анткени көп мезгил мурда көзү көрбөй калганын айткан. Өзүнүн көрсөтмөлөрү менен көзү азиз адам таанышкан эмес, анткени суракта ал өзү гана жалгыз катышкан жана адвокаттардан эч кимиси болбогон. 2016-жылдын январынан баштап 2017-жылдын июнь айына чейин кылмыш иши Октябрь райондук соту Ч.Адамкуловдун өндүрүшүндө болгон. Бул аралыкта 50 жолу соттук отурумдар өткөрүлгөн. Негизги делген 15 томдук материал жана бир канча томдук кошумча материалдар иликтенген, окулган. 61 күбө өтүүчүлөр, 9 соттолгон адамдар суракка алынган, жактоочулар менен мамлекеттик айыпкерлер жарыш сөзгө чыгып, сүйлөөгө жетишишкен. Өкүм чыгараардын алдында судья Ч.Адамкуловду Д.Назаров деген судья менен шашылыш алмаштырышкан. Ал эми ооруп калды деген себеп менен алмаштырылган судья Ч.Адамкулов ишин улантуу менен башка кылмыш иштерин кароону уланта берген. Судья Назаров 5 гана кишиден маалымат алганга жетишкен жана иштин материалдары менен толук түрдө таанышууга жетише алган эмес, бирок мындай жагдайга карабастан туруп, ал 19-декабрдан 20-декабрга оогон түн ичинде, жумуш күнү эмес учурда өкүмдү чыгарып, угузган.

Кылмыш ишинин материалында Башкы прокурордун орун басары менен болгон кат алышуулар бар, ал каттарда кантип арткы сан (число) менен кылмыш ишин мыйзамдаштырып, трансформациялоону жокко чыгарууга болоору талкууланган. Кылмыш ишинде жабырлануучулардын көрсөтмөлөрү жок, келтирилген зыяндын эсеби көрсөтүлбөгөн. Мында мамлекетке эч кандай зыян келтирилген эмес, анткени трансформацияланган жерлер жеке менчик ээлеринин жерлери болгон. Сатуучу менен сатып алуучунун акчаларынын мамлекеттик казынага жана бюджетке зыян келтирүүгө тиешеси жоктугу анык иш деп белгиленет. Жер тилкелерине тиешелүү болгон бир дагы келишимдин иши сотто жокко чыгарылган эмес, мамлекеттик айыптоочу тарап сот процессинде жерди трансформациялоо учурунда мыйзамдын бузулгандыгы жөнүндө далилдерди келтире албады, прокуратура мындай аракеттерге каршы чечим кабыл албаган, чечимдер жогорку инстанциялар тарабынан жокко чыгарылган эмес. Жерди трансформациялоо боюнча макулдашуунун чечимдери, айыл өкмөтүнүн, айылдык кеңештер-

дин, жерди бөлүп-ажыратуу боюнча райондук комиссиянын, райондук жана областтык администрациялардын кабыл алган чечимдери сот тарабынан четке кагылган эмес.

200 гө жакын  кызмат адамдарынын ичинен КРнын Өкмөтүнүн аппаратынан баштап, ведомстволордун, министрликтердин, областтык, райондук мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча  башкаруу органдарынын  жерди трансформациялоо процессине катышып, макулдашууга жана бекитүүгө кол коюшкан адамдардын бири да администрациялык же кылмыш жоопкерчилигине тартылган жок. Трансформациялого байланыштуу мамлекеттик органдардын чечимдери (мамархкурулуштун трансформацияланган тилкелерде шаар куруу документациясын бекитүү жөнүндөгү токтомдору, калктуу пункттар категориясындагы жер тилкелеринде жеке менчикке ээ болуу жөнүндөгү мамлекеттик актылар жөнүндө) жокко чыгарылбай калган.

Судья Д. Назаров КРнын Жазык-процесстик кодексиндеги ченемдерди бузуп, өкүмдүн тексти угузулгандан кийин текстти кайрадан оңдоп чыгып, көптөгөн өзгөртүүлөрдү кошумчалаган.  Адвокаттар  биринчи  отурумдан баштап акыркы өкүмдү угузганга чейинки  убакытка чейин аудио-жазууну жүргүзүшкөн. Бул жазууну кийин чечмелеп окууга болот.

Бул аудио-жазуу мурда угузулган өкүм менен кийинки кат түрүндө берилген өкүмдүн ортосундагы айырмачылыкты айрып таанууга жардам берет. Толуктоо өкүмдүн резолютивдик бөлүгүндө келтирилген.  Мурдагы өкүмдү угузууда судья Д.Назаров 31 күбөнүн көрсөтмөрлөрүнө таянса, кийинки кагаз формасындагы өкүмдүн текстинде  52 күбөнүн көрсөтмөлөрүн камтыган.

Жогоруда күнөөлөнүп жаза мөөнөтүн өтөп жаткан соттолгондордун бардыгы укук коргоо органдары менен судьялардын кетирген кемчиликтерин бир оздон баса белгилешет, анткени алар саясий буюртманы гана аткарышат деп эсептешет.

## КЫЛМЫШ ЖАЗАСЫНА МЫЙЗАМСЫЗ ТАРТУУ БОЮНЧА

*Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жоболоруна ылайык соттук актыларга укуктук баа берүү боюнча ыйгарым укуктар Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) компетенциясына кирбейт, бирок ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын жарандарынын даттанууларын жана кайрылууларын карап чыгуунун жүрүшүндө сот жарандарды мыйзамсыз жоопко тарткан жана соттогон учурлар табылды, алар жөнүндө төмөндө, Кыргыз Республикасында адамдын укуктарын жана эркиндиктерин сактоого парламенттик контролду ишке ашыруунун алкагында белгилөө максатка ылайык деп эсептейбиз.*

*Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын дарегине жаран К.А. ал жасабаган кылмыш үчүн анын соттолгондугу жөнүндө арыз келип түштү (ал үчүн Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 126-беренесинин 1-бөлүгүндөгү жоопкерчилик – адамды психиатриялык стацио-*

*нарга мыйзамсыз жаткыруу каралган). Бирок бул учурда кылмыш окуясынын өзү жок деп ырастоого болот.*

*Бул факт боюнча жазык ишинин материалдары менен таанышуунун жүрүшүндө Ош шаардык сотунун 2010-жылдын 22-апрелиндеги өкүмү менен эки жылга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү кылмыш жазасынын чараларын колдонуу, ошондой эле жабырлануучунун өзүнүн бир тууган кенже иниси К.С.М. пайдасына 250000 (эки жүз элүү миң) сом өлчөмүндөгү моралдык жана материалдык зыянды өндүрүп алуу менен К.А. КР КЖКнын 126-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмышты жасады деп соттолгон.*

*Белгилеп кетүү керек, жогоруда эске алынган жазык ишин апелляциялык жана көзөмөл тартибинде кайра кароо учурунда К.А. КР КЖКнын 126-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмышты жасады деп айыптоо жагынан Ош областтык сотунун 2011-жылдын 25-январындагы өкүмү жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2011-жылдын 4-майындагы токтому менен Ош шаардык сотунун 2010-жылдын 22-апрелиндеги өкүмү кандайдыр-бир өзгөртүүлөр болбостон күчүндө калтырылган.*

*Ошону менен бирге, бул жазык ишинин материалдарын жана анын ичинде жогоруда саналган бардык соттук өкүмдөрдү биз жүргүзгөн талдоо арыз ээси К.А. жогоруда эске алынган кылмыш жагынан күнөөлүү эместиги жөнүндө анын далилдерин ырастаган кырдаалдардын бар экенин көрсөттү.*

*Мисалга алсак, Ош областтык сотунун 2011-жылдын 25-январындагы өкүмүнөн (ошондой эле ушул эле жазык иши боюнча чыгарылган апелляциялык жана көзөмөл инстанцияларындагы соттук өкүмдөрдөн) булар келип чыгат: соттун пикири боюнча К.А. кылмыштуу аракеттери ал өзүнүн кенже иниси К.С. Жалал-Абад областынын Кызыл-Жар шаарчасында жайгашкан Республикалык психиатриялык ооруканага (мындан ары – Кызыл-Жар РПО) мыйзамсыз жаткырганында турат.*

*Мында ушул соттук актыларда камтылган мааниден булар келип чыгат: К.А. кылмыштуу кыңыр ою жана аракеттери ал ушул процесстерде жана жол-жоболорго түздөн-түз таасир этүү, ошондой эле аларды башкаруу аркылуу (К.С. Кызыл-Жар РПОго мыйзамсыз мажбурлап жаткыруу менен байланышкан) бүткүл процессти жана жол-жоболорду ал түздөн-түз уюштургандыгында турат.*

*Башкача айтканда, соттун пикири боюнча, К.А. кылмыштуу аракеттери анын ичинде төмөнкүлөрдө турат, ал:*

- К.С.карата соттук-психиатриялык экспертизаны жүргүзүүнү мыйзамсыз демилгелеген жана уюштурган;
- Ош областтык психикалык ден соолук борборунун психиатр дарыгерлерин (А. Максымбеков, Е. Ковалева, Д. Бараталиева) адаштыруу жана аларга К.С. психикалык оорулуу абалы жагынан билип туруп жалган маалыматты берүү аркылуу аларга түздөн-түз кылмыштуу таасир эткен, бул өз кезегинде жогоруда саналган психиатр дарыгерлерде К.С. психикалык оорунун болушу жагынан ката, бирок ту-

руктуу ынаным түзүлүшүнө алып келген, анын натыйжасында, бул алардын (К.С. Кызыл-Жар РПОго мажбурлап жаткыруу зарылчылыгы жөнүндө) ката тыянактарды жана сунуштамаларды чыгарышына таасир эткен, булар соттук-психиатриялык экспертизанын 2006-жылдын 25-мартындагы корутундусунда баяндалган.

- кылмыштуу аракеттерди жасаган, ал Ош шаардык соту ката жана адилетсиз чечим чыгарышына түздөн-түз түрткү болгон, ага ылайык К.С. Кызыл-Жар РПОго мажбурлоо тартибинде жактырылгандыгында турат.

Ош шаардык сотунун 2010-жылдын 22-апрелиндеги өкүмүндө (ошондой эле ушул эле иш боюнча чыгарылган апелляциялык жана көзөмөл инстанцияларындагы соттук актыларда) баяндалган ушундай айыптоо тыянактары төмөнкүдөй себептер боюнча таптакыр туура эмес жана кала берсе маанисиз экени көрүнүп турат:

1. Аталган кылмыш (ал үчүн жоопкерчилик КР КЖКнын 126-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган) 2006-жылдын 3-апрелинде, башкача айтканда, К.С. психиатриялык стационарга мажбурлап жаткырылган күнү жасалган (жана аяктаган деп эсептелет).

   Бул жазык иши боюнча Ош шаардык сотунун өкүмү 2010-жылдын 22-апрелинде, башкача айтканда, аталган кылмыш жасалган күндөн тартып 4 жылдан өткөндөн кийин чыгарылган.

   Мында ушул өкүмгө ылайык, К.А. эки жылга эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза жана андан моралдык жана материалдык зыян түрүндө 250 000 (эки жүз элүү миң) сом өндүрүп алуу дайындалган.

   Ошонун өзү менен Ош шаардык соту тарабынан:

   - КР КЖКнын 67-беренесиндеги 1-бөлүктүн 2-пунктунун;
   - КР КЖКнын 28-беренесиндеги 1-бөлүктүн 11-пунктунун;
   - КР КЖКнын 315-беренесиндеги 4-бөлүктүн 3-пунктунун

   талаптарын бузууга жол берилген.

   КР КЖКнын жана КР ЖПКнын жогоруда саналган ченемдерине ылайык ушул жазык иши боюнча Ош шаардык сотунун кылмыш жазасын дайындоого укугу болгон эмес, анткени кылмыштын күнөө коюлуп жаткан курамы боюнча доонун эскиришинин мөөнөтү өтүп кеткен, ал 3 жылды түзөт.

   Ушул эле жазык иши боюнча мыйзамдарды мындай бузууларга Ош облаcттык соту жана Кыргыз Республикасынын Жогорку соту тарабынан жол берилген.

2. Белгилеп кетүү зарыл, 2006-жылдын 16-мартында Ноокат районунун ички иштер бөлүмүнө М. К. жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылган, анда ал өзүнүн уулу К.С. аракеттеринин агрессивдүүлүгүнө, ал анын айланасындагы адамдар үчүн социалдык коркунучту билдиргендигине байланыштуу ага карата тиешелүү чараларды көрүүнү өтүнгөн.

Ушул контекстте буларды белгилеп кетүү маанилүү: М.К. жогоруда көрсөтүлгөн арызда баяндалган эрк билдирүүсүнүн ишенимдүүлүгү жана өз алдынчалыгы жөнүндө маселе мыйзамдарда белгиленген тартипте эч кимде шек туудурган эмес жана эч ким четке каккан эмес.

Тиешелүү түрдө, М.К бул арызына ал кол койбогондугу жана анын колтамгасы К.А. тарабынан жасалмаланышы мүмкүн экендиги жөнүндө кандайдыр-бир далилдер субъективдүү божомол жана түкшүмөлдөө гана болуп саналат, алар документ түрүндө эч нерсе менен ырасталган эмес жана жогоруда көрсөтүлгөн кылмышты жасады деп ага коюлган айыптын негизи катары алынууга тийиш эмес эле.

Мында жогоруда көрсөтүлгөн арыз менен (К.А.эмес) дал М.К Ноокат районунун ички иштер бөлүмүнө кайрылгандыгы жөнүндө маалымат Ош шаарынын Ички иштер башкармалыгынын Тергөө бөлүмүнүн улук тергөөчүсү Н.К. Маматов 2009-жылдын 23-октябрында чыгарган «Кылмыш ишин токтотуу жөнүндө» токтомдо да ырасталат (бул токтомдун көчүрмөсү тиркелет).

3. Белгилеп кетүү керек, К.С. карата 2006-жылдын 25-мартында жүргүзүлгөн соттук-психиатриялык экспертиза Ноокат районунун ИИБнын Тергөө бөлүмүнүн тергөөчүсү К. Базарбаевдин тиешелүү токтомунун негизинде демилгеленген.

   Ошентип, Ош областтык психикалык ден соолук борборунун психиатр дарыгерлери 2006-жылдын 25-мартында (К.С.карата) жүргүзгөн амбулаториялык соттук-психиатриялык экспертиза К.А. кайрылуусу жана өтүнүчү боюнча эмес, Ноокат районунун ИИБнын тергөөчүсү К. Базарбаевдин тиешелүү токтомунун негизинде демилгеленген, ал М.К. жогоруда эске алынган арызын кароонун алкагында чыгарылган.

   Буга байланыштуу Ноокат районунун ИИБнын тергөөчүсү К.Базарбаевдин жогоруда эске алынган токтомунун мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө маселе эч ким тарабынан талашылбаганын жана мыйзамдарда белгиленген тартипте бул токтомду эч ким жокко чыгарбаганын белгилеп кетүү маанилүү.

   Ошентип, К.А. кылмыштуу аракеттери К.С. карата соттук-психиатриялык экспертизаны жүргүзүүнү мыйзамсыз демилгелөөдө жана уюштурууда тургандыгы жөнүндө (белгиленген жазык иши боюнча) соттордун далилдери негизсиз болуп саналат жана жогоруда саналган фактылар жана материалдар менен четке кагылат.

4. Белгиленген жазык ишинде К.С. карата 2006-жылдын 25-мартында жүргүзүлгөн соттук-психиатриялык экспертизанын жүрүшүнө жана натыйжаларына К.А. таасир эткендигин тастыктаган, эч бир документ менен ырасталган далилдөөчү материалдар таптакыр жок.

   Ал гана эмес, биз иликтеп чыккан материалдардын ичинде башкасы жөнүндө, башкача айтканда, 2006-жылдын 25-мартында жүргүзүл-

гөн, жогоруда эске алынган соттук-психиатриялык экспертизага К.А. таптакыр тиешеси жоктугу жөнүндө тастыктаган далилдер бар.

Атап айтканда, жазык ишинин материалдарында (Жогорку сотко даректелген) Түшүнүк кат бар, ага эксперт дарыгерлер А.Максымбеков, Е.Ковалева, Д. Бараталиева кол койгон, анда алар 2006-жылдын 25-мартында жогоруда көрсөтүлгөн соттук-психиатриялык экспертиза тергөөчү К.Базарбаевдин токтомунун негизинде гана жүргүзүлгөндүгү жана аны жүргүзүү учурунда К. А. таптакыр катышпагандыгы жана эч кандай көрсөтмөлөрдү бербегени жөнүндө өз колдору менен ырастайт (түшүнүк каттын көчүрмөсү тиркелет).

5. Белгилеп кетүү зарыл, жогоруда саналган психиатр дарыгерлер жагынан Ош шаарынын ИИБнын Тергөө бөлүмү тарабынан аларга 126-берененин 2-бөлүгүндө (адам өзүнүн кызматтык абалын пайдалануу менен жасалган, психиатриялык стационарга мыйзамсыз жаткыруу), 315-беренеде (Кызматтык жасалмачылык), 330-берененин 1-бөлүгүндө (Атайылап жалган көрсөтмөлөрдү берүү, эксперттин жалган корутунду чыгаруусу) каралган кылмыштарды жасады деген айып коюу менен жазык иши козголгон, алар К.С. карата жогоруда эске алынган, 2006-жылдын 25-мартында жүргүзүлгөн соттук-психиатриялык экспертизаны жүргүзгөн деп шектелген.

   Бирок жогоруда белгиленген, козголгон жазык ишинин алкагында текшерүү иш-чараларын ишке ашыруунун жүрүшүндө жогоруда саналган кылмыштарды жасады деген айыптоолордун эч бири ырасталган жок жана Ош шаарынын ИИБнын Тергөө бөлүмүнүн улук тергөөчүсү Н.К. Маматовдун 2009-жылдын 23-октябрындагы токтомуна ылайык бул жазык иши Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 28-беренесинин 1-бөлүгүндөгү 2-пункттун талаптарынын негизинде (башкача айтканда, жосунда кылмыштын курамы жоктугунан улам) токтотулган.

   Ошентип, К.С. карата 2006-жылдын 25-мартында жогоруда айтылган соттук-психиатриялык экспертизаны жүргүзүлгөн, жогоруда саналган психиатр дарыгерлердин аракеттеринин мыйзамдуулугу тергөө органдары тарабынан ырасталганын белгилеп кетүү керек.

6. К.С. КР КЖКнын 126-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмышты жасады деген айыптоо жагынан жогоруда саналган соттук өкүмдөргө ылайык соттор К.А. кылмыштуу аракеттери Ош шаардык соту К.С. Кызыл-Жар РПОго мажбурлоо тартибинде жаткыруу зарылчылыгы жөнүндө 2006-жылдын 28-мартындагы мыйзамга жат, туура эмес жана ката чечимди чыгарышы үчүн түздөн-түз мыйзамсыз кылмыштуу таасир этишинде турат деп эсептеген.

Бул учурда, эгерде соттук чечим мыйзамда белгиленген тартипте ушундай деп таанылбаса жана тиешелүү түрдө жокко чыгарылбаса, анын мыйзамсыздыгы, каталыгы жана туура эместиги жөнүндө айтууга дегеле боло тургандыгы же жоктугу тууралуу маселе түшүнбөстүктү пайда кылат.

Мында К.С. РПО-2ге мажбурлап жаткыруу зарылчылыгы жөнүндө биринчи кезекте анын энеси – М.К. жазуу жүзүндө кайрылганын белгилеп кетүү маанилүү, ал сотко өзүнүн уулу К.С. ачыктан-ачык жана коомдук коркунучтуу агрессивдүүлүгү, ошондой эле жүрүм-турумунун адекваттуу эместиги жөнүндө түшүндүргөн.

Ошол эле соттук териштирүүнүн жүрүшүндө ушундай көрсөтүүлөрдү К.С. бир тууганы – К.Т. берген (бул жөнүндө Ош шаардык сотунун 2006-жылдын 28-мартындагы чечиминин текстинде белгиленген).

Ошондой эле Ош шаардык соту өзүнүн 2006-жылдын 28-мартындагы чечиминде соттук-психиатриялык экспертизанын жогоруда эске алынган 2006-жылдын 25-мартындагы №58 корутундусун негиз катары алганын эске сала кетүү керек (жогоруда айтылып өткөндөй, ага К.А. жарандын дегеле эч кандай тиешеси болгон эмес).

Ошондой эле буларды белгилеп кетүү маанилүү: Ош шаардык сотунун 2006-жылдын 28-мартында өткөрүлгөн сот процессине (анда К.С. психиатриялык стационарга жаткыруу маселеси каралган) ошондой эле прокурор Д.И. Исмаилова түздөн-түз катышкан, ал өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын ишке ашыруудан улам соттук териштирүүнүн жана анын жүрүшүндө кабыл алынган соттук чечимдердин мыйзамдуулугуна көзөмөлдү камсыз кылган.

Мында, белгилүү болгондой, прокурор Д.И. Исмаилова тарабынан Ош шаардык сотунун 2006-жылдын 28-мартындагы чечими даттанылган эмес жана дегеле ал тараптан ушул соттук териштирүүнү жүргүзүүнүн мыйзамдуулугу жана объективдүүлүгү жагынан кандайдыр-бир дооматтар жана жеме айтылган эмес.

Ушул контекстте буларды белгилеп кетүү керек:

- мыйзамдарда белгиленген тартипте Ош шаардык сотунун жогоруда эске алынган 2006-жылдын 28-мартындагы чечими эч ким тарабынан жокко чыгарылган эмес жана мыйзамсыз деп таанылган эмес;
- Ош шаардык сотунун судьясы Б.А. Нурмаматовдун (К.С.- Кызыл-Жар РПОго мажбурлап жаткыруу жөнүндө М.К. жана башка адамдардын арыздарын канааттандыруу жөнүндө жогоруда көрсөтүлгөн Чечимди чыгарган) аракеттеринде кандайдыр-бир бузуулар табылган эмес, антпесе судья Б.А. Нурмаматов тартип жана/же башка жоопкерчиликке тартылмак;
- Ош шаардык сотунун 2006-жылдын 28-мартындагы чечими төмөнкүлөргө негизделген:
    а) К.С. энесинин жана кыз бир тууганынын тиешелүү көрсөтүүлөрүнө (көрсөтүүлөрдүн ишенимдүүлүгүн эч ким четке каккан эмес);
    б) соттук-психиатриялык экспертизанын 2006-жылдын 25-мартындагы №58 корутундусуна (анын мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү тергөө органдары жүргүзгөн тиешелүү текшерүү иш-чараларын ишке ашыруунун жүрүшүндө ырасталган);

- анын алкагында Ош шаардык сотунун 2006-жылдын 28-мартындагы чечими кабыл алынган сот процессинин бүткүл жүрүшү прокурордун милдеттүү түрдө катышуусу менен коштолгон, ал эч кандай бузууларды тапкан эмес.

  Ошентип, жогоруда айтылгандарды жалпылоо менен буларды белгилөө зарыл: К.А. КР КЖКнын 126-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмышты жасагандыгы үчүн, башкача айтканда, С.М. Кабыловду психиатриялык стационарга мыйзамсыз жаткыргандыгы үчүн күнөөлүү деп таанылган, бирок иш жүзүндө К.С. Кызыл-Жар РПОго мажбурлап жаткыруу төмөнкүдөй документтерди кабыл алуу менен коштолгон:

- соттук-психиатриялык экспертизаны дайындоо жөнүндө тергөөчүнүн токтомун;
- соттук-психиатриялык экспертизанын корутундусун;
- психиатриялык стационарга мажбурлап жаткыруу жөнүндө соттун чечимин.

Мында жогоруда саналган бардык документтерди кабыл алууга К.А. кандайдыр-бир мыйзамсыз, анын үстүнө кылмыштуу таасир этпегендиги ачык көрүнүп турат.

7. Белгилеп кетүү зарыл, ага ылайык К.А. КР КЖКнын 126-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмышты жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп табылган жазык иши боюнча бардык үч соттук инстанциянын соттук өкүмдөрүнүн сыпаттама-жүйөлөштүрүү бөлүгүндө аны жасаган ордун, убактысын жана ыкмасын көрсөтүү менен сот тарабынан далилденди деп таанылган кылмыш жосунунун сыпаттамасы камтылган эмес. Ошондой эле аларда соттолуучуга карата соттун тыянактары негизделген далилдер жана сот башка далилдерди четке кагуусуна негиз болгон жүйөлөр келтирилген эмес.

   Ошонун өзү менен, жогоруда эске алынган соттук өкүмдөрдө КР ЖПКнын 319-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарын бузууга жол берилген, ага ылайык айыптоо өкүмүнүн сыпаттама-жүйөлөштүрүү бөлүгү аны жасаган ордун, убактысын, ыкмасын көрсөтүү менен сот тарабынан далилденди деп таанылган кылмыш жосунунун сыпаттамасын камтууга тийиш. Мында өкүмдө соттолуучуга карата соттун тыянактары негизделген далилдер жана сот башка далилдерди четке кагуусуна негиз болгон жүйөлөр келтирилүүгө тийиш.

   Мындан тышкары, буларды белгилеп кетүү зарыл: К. А. 250 000 (эки жүз элүү миң) сом өлчөмүндөгү зыяндын суммасын өндүрүп алуу жагынан Ош шаардык сотунун жогоруда эске алынган 2010-жылдын 22-апрелиндеги өкүмүн аткаруунун алкагында 2017-жылдын 23-августунда Ноокат райондук соту К.А. жашап жаткан жалгыз турак-жай – үй жагынан зыяндын суммасын өндүрүп алуу жөнүндө Аныктама чыгарган.

   Ошентип, Ош шаардык сотунун 2010-жылдын 22-апрелиндеги адилетсиз белгиленген айыптоо өкүмүнүн айынан К.А. жети адамдан

турган үй-бүлөсү сөздүн түз маанисинде көчөдө, кыйчалыш абалда калган кырдаал келип чыккан.

Жогоруда баяндалгандардын жыйынтыгын чыгарып, жарандардын бузулган же талашылып жаткан укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам тарабынан корголуучу кызыкчылыктарын коргоо боюнча милдет сот органдарына (мамлекеттик бийлик органы катары) жүктөлгөнүн баса белгилеп кетүү керек. Бирок жогоруда аталгандардын өңүтүндө Ош шаардык сотунун 2010-жылдын 22-апрелиндеги жана Ош областтык сотунун 2011-жылдын 25 январындагы жогоруда саналган өкүмдөрү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2011-жылдын 4-майындагы токтому менен К.А. укуктары одоно бузулган, анткени ал таптакыр жасабаган кылмышты (ал үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 126-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган (Психиатриялык стационарга мыйзамсыз жаткыруу)) жасады деп соттолгон жана кылмыштын окуясынын өзүнүн жоктугу жөнүндө айтууга болот.

Жогоруда саналган жагдайлар боюнча К.А. тарабынан **КР** Жогорку сотунун жана **Башкы прокуратурасынын дарегине тиешелүү кайрылуулар бир нече жолу жөнөтүлгөн, аларда КР КЖКнын** 126-беренесинин 1-бөлүгү боюнча соттолгон кылмыш үчүн күнөөлүү эместиги жөнүндө тастыктаган фактылар баяндалган.

Бирок К.А.белгиленген кайрылууларына жооптор келип түшкөн, аларда бири-бирине кайрылуу сунуштамалары менен гана чектелишкен.

**Атап айтканда**, Жогорку сот арыз ээсине тиешелүү кайрылууну **КР Башкы прокуратурасына жөнөтүүнү сунуш кылган, өз кезегинде Башкы прокуратура** арыз ээсине Жогорку сотко кайрылууну сунуштаган.

## 7.3. ЖАБЫК ЖАЙЛАРДА МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮЛҮШҮНӨ БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮНҮН УЛУТТУК СТАНДАРТТАРЫ БОЮНЧА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МОНИТОРИНГДИН ЖЫЙЫНТЫГЫ

КРнын аймагындагы жабык жайларда адамдарга катаал мамиленин жана кыйноонун ар кандай түрлөрүн болтурбоо максатында Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери пландуу түрдө кыдырып барып, жеринде байкоо жүргүзүп турушат. (караңыз. 6-2.бөлүм)

Ушуга байланыштуу Стамбул протоколун жүзөгө ашыруу максатында медициналык кызматкерлер тарабынан кыйноолор жана катаал мамиле жасаган фактылар боюнча арыздарды документтештирүү иштери жүргүзүлүүдө (караңыз.Акыйкатчынын 2017-жыл үчүн атайын баяндамасы “Катаал мамилеге жана кыйноолорго туш болуп курмандыкка айланган адамдарга жүргүзүлгөн соттук экспертизада колдонулууда Стамбул протоколун натыйжа-

луу пайдалануу”). Психиатриялык мекемелерде укуктук жактан камсыздоо баяндаманын өзүнчө башка бөлүмүндө каралган.(караңыз. 7-бөлүм). Чындыгында жабык мекемелердеги кармоонун шарттары кыйноолор жана катаал мамилелерге салыштырмалуу окшош келгендигинен улам БУУнун атайын баяндамачылары өзүнчө мекемелерди жабууну сунушташкан.

Резонанс жараткан чуулгандуу иштерге кириптер болгон кээ бир кармалуучуларга карата кандайдыр бир кысым жасалып кетүүдөн чочулагандыктан туруктуу байкоо мониторингин жүргүзүп, түздөн-түз байкоо камераларын орнотуу жагы сунушталган. Мындай демилге кармалуучуларды тышкары жактан көзөмөлсүз эле өзүнүн жактоочусу (адвокаты) менен жолугуп турууcуна кепилдик берүүгө шарт түзөт (караңыз 1. 4.бөлүмдөр- Көңүл буруу актысы, резонанстуу иштер тууралуу бөлүмгө коюу). 2017-жылдын баяндамасында ДМЧА үчүн физикалык жактан жеткиликтүү маселеси козголгон (2017-жылдагы баяндаманын бөлүгү) ошондой эле мамлекеттик салыктын өлчөмү жөнүндөгү маселелер акыйкаттык үчүн мүмкүн болгон тоскоолдуктун биринен болушу ыктымалдыгын эске салууга болот. (караныз.2018-жылдагы баяндамадан)

Өткөн жылы соттолгон бир адамдын “115 Шыр байланышына” кайрылуусу жабык жайлардагы көрсөтүлүүчү медициналык жардамдын өлчөмү жана сапаты жөнүндөгү маселени кайрадан козгоду. Бул бөлүм козголгон көйгөй боюнча деталдуу мазмунду жана кеңири маалыматты камтып, Акыйкатчы чыгарган атайын баяндама менен салыштырууга тете келген документ болуп кала берет.

Мындан сырткары, 2017-жылы КРнын Акыйкатчысы (Омбудсмени) мамлекеттик жаза аткаруу кызматынын №2 түзөтүү мекемесинде ден соолукту коргоо укуктарынын сакталышы” деген атайын баяндаманы басмадан чыгарган. Акыйкатчы институту жана “Голос свободы” КФ кызматташуу жөнүндөгү Меморандумдун алкагында убактылуу кармоочу жайларда, ички иштер бөлүмдөрүндө, ТИЗОдо, КРнын Өкмөтүнүн алдындагы жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын мекемелеринде адамдардын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жана кыйноолор менен ар кандай башка адамкерчиликсиз катаал мамилелердин, адамдын намысын кордогон, тебелеп-тепсеген кемсинткен, уруп согуудан сактоону, коргоону камсыздай турган, акырында медициналык өтө зарыл жардамды өз убагында алуунун мүмкүнчүлүгү жабык жайларда кандай абалда экендигин аныктаган мониторинг өткөрүшкөн.

Ыкчам түрдөгү медициналык жардам көрсөтүү менен изилдөөнүн зарылдыгы жана адамдын физикалык, психикалык абалын кармоочу жайга келген учурунда документтештирип каттоо, кармалган адамдын өтүнүчү менен жардамды көрсөтүү, кыйноого каршы жасалган кепилдиктин негизги элементи болуп кала берет.

КРнын улуттук мыйзамдары эркинен ажыраган адамга карата мамиле жасоонун эл аралык стандарттарын жүзөгө ашыруунун керектүү бардык ченемдери менен тыгыз байланыштуу.

Ар бир адамдын өзүнүн ден соолугун сактоосу жана акысыз түрдөгү медициналык тейлөө жардамын алуу жагы, анын ичинде жеңилдетилген шарттарда мамлекеттик кепилдиктин өлчөмүндө болушу КРнын Конституциясынын 47-беренесинде бекемделген. "Кыргыз Республикасында жарандарынын саламаттыгын сактоо жөнүндө"[238] мыйзамы убактылуу кармоочу жайларда жана жазык –аткаруу тутумунун атайын жайларында кармалган адамдарга медициналык-санитардык жардамдар саламаттыкты сактоо уюмдарынын ведомстволук медициналык-санитардык кызматтары тарабынан көрсөтүлөт же мамлекеттик, муниципалдык уюмдар менен саламаттыкты сактоо уюмдарынын ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде КРнын Өкмөтүнүн бекиткен чечиминин шартында жүргүзүлөт.

Медициналык-санитардык жардам деген мыйзамда медициналык жана башка чаралардын топтолгон бирдиктүү комплекси катарында түшүндүрүлөт жана анын максаты ден соолукту сактоо, чыңдоо калыбына келтирүү сыяктуу максаттарды көздөйт.

2002-жылдын 31-октябрындагы №150 "Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» мыйзамда: "Шектүүнүн же айыпталгандын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туулганда, болбосо, аларга каршы бөлөк шектүүлөр же айыпталгандар тарабынан кылмыш жасоо коркунучу туулганда камакта кармоо жайынын кызматчылары шектүүнүн, же айыпталгандын жеке коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ошол замат чара көрүүгө милдеттүү"- деп көрсөтүлгөн (18-бер.).

Саламаттык сактоо министрлиги активдүү түрдө жетекчиликти ишке ашырууну алга жылдырып кыйноолор менен зордук-зомбулуктарды документтештирүү ишин саламаттыкты сактоо мекемелеринин баарында ишке ашырып жатат. Республика боюнча медициналык кызматкерлерди, соттук-медициналык эксперттерди, соттук психологдор менен соттук психиатрларды окутуп, үйрөтүү жумуштары жүргүзүлүүдө. Калктын ден соолугун коргоо боюнча мамлекеттик программанын долбоорунда пенитенциардык системаны медициналык жактан тейлөөнү этап-этап менен интеграциялоонун ыкмасында саламаттыкты сактоонун тутумуна жакындатуунун багыттуу чаралары каралган. Ушундай жагдайда медициналык жактан тейлөөнү жакшыртууда алгылыктуу натыйжаларга жетишүү үчүн түйүндүү мамлекеттик органдар менен жарандык сектордун биргелешкен консолидацияланган иш-аракеттери аркылуу жетишүүгө болоорун турмуш өзү көрсөттү. Жабык жайларда медициналык жардамды алууга болгон адам укуктарынын сакталышынын маселеси көптөн берки укук коргоо органдары жана республиканын уюмдары үчүн байкоого алынган, үйрөнүлгөн фокуска айланып калган. Убактылуу кармоочу жайларда, ички иштер бөлүмдөрүндө, ТИЗОдо, КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Жаза аткаруу мамлекеттик кызматында жазасын өтөп жатышкан адамдарга медициналык жактан кызмат көрсөтүүнүн деңгээли саламаттыкты сактоонун улуттук стандартына шайкеш келээрлиги, же келбестиги жөнүндөгү маселе талдоого алына элек.

238. Кыргыз Республикасында жарандарынын саламаттыгын сактоо жөнүндө 2005-ж. 9-январь, №6, 33-б.

Иликтөө жүргүзүүнүн жыйынтыгы мүмкүн азыркы убакта жабык жайларда жазасын өтөп жатышкан адамдардын саламаттыгын сактоодо жана коргоодо канчалык шарттагы укуктарга ээ болуп жатышкандыктары пайдалуу жагдайды жаратаары бышык, эксперттердин сунуштары да медициналык тейлөөнүн сапатын жакшыртууга көмөк көрсөтө алат, андан башка КРнын пенитенциардык тутумундагы медициналык тейлөөнүн сапатын жакшыртуу жагынан методологиялык комплекстүү изилдөөнүн иштелмелерин иштеп чыгууга жардамын бере алат, эл аралык агентстволордун, коомдук уюмдардын кызыкчылыгын пайда кылат жана акырындык менен интеграцияланган тутумдун планын иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү түзүлмөкчү. Мониторингдин методологиясы сандык жана сапаттык жактан айкаштырылган ыкманын негизинде түзүлгөн, мында жабык жайларда жазасын өтөп жаткан адамдардан, ал жерде эмгектенишкен кызматкерлерден суроо-жооп алуу, жекече интервьюларды алуу жана аңгемелешүү иштери жүргүзүлгөн, мындан сырткары нормативдик база менен таанышуу, медициналык тейлөөнү жөнгө салуучу суроолору андан башка мекеменин мониторинги, дары-дармектер менен медициналык жабдуулардын жетишпегендиги, жетиштүүлүгү, инфраструктуранын абалы ж.б маселелер иликтенүүгө алынган.

Мониторинг 16 убактылуу кармоочу жайда, Чүй, Нарын жана Ысык-Көл областтарындагы 3- ТИЗОдо жана Бишкек шаарында өткөрүлдү. Бул жерлерге баруулар 2018-жылдын июль-октябрь айларында болду.

Суроолорго арбынураак жана ар түрдүү жооп алуу максатында Акыйкатчы аппараты тарабынан колдонулган стандарттуу суроолорду камтыган жыйнак колдонулду, анда медициналык жактан тейлөөнүн маселелери бир кыйла арбын берилген. Иликтөө жүргүзүлгөн мекемелерде кармалган адамдардын саны ар түрдүү болгондуктан квоталык тандап-ылгап алуу колдонулду. Квотанын өлчөмү мекеменин адамдарынын санына жараша аныкталды.

Кээ бир учурларда иликтөө ишине мекемеде жашаган бардык адамдардын катышкандыгын белгилеп коюу керек. Адамдары арбын болгон мекемелерде тандоону өткөрүү учурунда капысынан камераны тандап алуу иши жүргүзүлдү. Иликтөө ишине катышуу ошол тандалган камерада турган бардык адамдарга сунуш кылынды.

Убактылуу кармоочу жайларда жана ТИЗОдо кармалып турган адамдардан суроо-жооп алууда башкы көңүл конфиденциалдуулуктун (купуялуулуктун) жана коопсуздуктун принциптерине бурулду. Суроо-жоопторду уюштурууга жана өткөрүүгө КРнын Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери, "Голос свободы" КФ юристтери жана КРнын Саламаттык сактоо министрлигинин ММКФ тутумунун медициналык кызматкерлери катышкан.

Убактылуу кармоочу жайда отурушкан жана жабык жайларда эмгектенишкен адамдар менен тереңирээк сүйлөшүүлөр учурунда көңүл көбүнчө медициналык жардамдардын көрсөтүлүш абалына, дары-дармектер менен камсыздоонун деңгээли, медициналык багыттагы буюм-тайымдардын камсыздалышы, ар кандай түрдөгү жабдуулардын жетишкендиги, жетишпегендиги менен инфраструктуранын абалына арналган. ТИЗОдо жана убактылуу кармоочу жайларда эмгектенишкен медициналык кызматкерлердин эң би-

ринчи өтө зарыл болгон медициналык жардамды көрсөтүү боюнча билим деңгээлдерин баалоо иши Саламаттык сактоо министрлигинин жана ММКФ-тун адистери тарабынан жүргүзүлдү.

Изилдөөнү жүргүзүү учурунда жалпысынан 433 кишиден, анын ичинде убактылуу кармоочу жайдан - 98, ТИЗОдон - 316 жана 19 медициналык адистерден суроо-жооптор алынган. Жыныска таандыгына карата анализ ТИЗОдо жүргүзүлдү, ал эми убактылуу кармоочу жайларда суроо-жоопторду жүргүзүүгө катышкан аялдардын саны аз болгондуктан, гендердик анализди чыгарууга шарт болгон жок. Төмөнкү таблицада убактылуу кармоочу жайларда жана ТИЗОлордо кармалгандардан алынган маалыматтардын жалпы көрсөткүчү берилди.

7.3.1-таблица

### ТИЗОЛОРДО ЖАНА УБАКТЫЛУУ КАРМООЧУ ЖАЙЛАРДА СУРАМЖЫЛООГО КАТЫШКАН АДАМДАРЫН САНЫ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

| Мекемелер | Суроого катышкандардын саны | Мониторинг учурунда кармалып тургандардын саны | % |
|---|---|---|---|
| Бишкек ШИББ УКЖсы | 18 | 33 | 54,5 |
| Токмок ШИИБ УКЖ | 3 | 3 | 100 |
| Сокулук РИИБ УКЖсы | 10 | 34 | 29,4 |
| Ысык-Ата РИИБ УКЖсы | 4 | 21 | 19,0 |
| Кемин РИИБ УКЖсы | 4 | 4 | 100 |
| Жайыл РИИБ УКЖмы | 13 | 20 | 65,0 |
| Москва РИИБ УКЖсы | 14 | 14 | 100 |
| Панфилов РИИБ УКЖсы | 4 | 4 | 100 |
| Каракол ШИИБ УКЖсы | 1 | 1 | 100 |
| Ысык-Көл РИИБ УКЖсы | 9 | 17 | 52,9 |
| Түп РИИБ УКЖсы | – | – | |
| Балыкчы ШИИБ УКЖсы | 8 | 8 | 100 |
| Нарын ШИИБ УКЖсы | 3 | 3 | 100 |
| Ат-Башы РИИБ УКЖсы | – | – | – |
| Кочкор РИИБ УКЖсы | 3 | 3 | 100 |
| Жумгал РИИБ УКЖсы | 4 | 6 | 66,7 |
| УКЖлар боюнча жалпы | 98 | 171 | 57,3 |
| № 1 ТИЗО, Бишкек ш. | 239 | 1683 | 14,2 |
| № 23 ТИЗО, Каракол ш. | 55 | 116 | 47,4 |
| № 24 ТИЗО, Нарын ш. | 22 | 35 | 62,9 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| ТИЗО боюнча | 316 | 1834 | 17,2 |
| Сурамжылоого катышкандардын баардыгы: | 414 | | |

# 7.3.1. НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

## 1.1. ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМДӨРҮНДӨГҮ УБАКТЫЛУУ КАРМООЧУ ЖАЙЛАР БОЮНЧА

1. КРнын Баш мыйзамынын 1,2 бөлүгүнө ылайык кыйноолордон, адамкерчиликсиз, ырайымсыз, катаал, адамдын ар намысын тебелеп-тепсеген, кемсинткен, таш боор мамилелерден сактануу жана коргонуу боюнча кайрылуулардын түрлөрү сакталбай келүүдө. Убактылуу кармоочу жайларда кармалып отурушкан адамдарга эң биринчи зарыл медициналык жардамдарды көрсөтүүнүн деңгээлиндеги тейлөө кызматы бүгүнкү күндөгү иштеп жаткан улуттук стандарттын базалык медициналык жардамды көрсөтүүнүн талаптарына туура келе бербейт. Убактылуу кармоочу жайларда медициналык жактан тейлөө толук өлчөмдө жүргүзүлбөйт, кээ бир учурларда таптакыр эле иштебей калаарын фактылар көрсөтүп келүүдө. Медициналык жардам ала албай калгандык, кээ бир себепсиз шылтоолор менен адамдын медициналык жактан зарыл болгон тейлөө кызматынан сыртта тейленбей, куру калышы, чектөөлөр адамга карата адамкерчиликсиз, кемсинткен, катаал мамиле катары бааланат.

2. Медициналык жардамды алууга карата бирдей тегиз,теңчилик мамиле жөнүндө мыйзамдарда жетиштүү түрдөгү сөзсүз аткарууну талап кылган (императивдик) ченемдер бар. КРнын Баш мыйзамынын 47-беренесинин 1,3- бөлүмдөрүндө "Ар ким ден соолугун коргоого укуктуу. Акысыз медициналык тейлөө, ошондой эле жеңилдик шарттарындагы медициналык тейлөө мыйзамда каралган мамлекеттик кепилдиктердин чегинде жүзөгө ашырылат - деп көрсөтүлгөн. "КРда саламаттык сактоо уюмдары жөнүндө" мыйзамдын 19-беренеси ведомстволук баш ийүүлөрүнө жана менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарынын медициналык ишин жөнгө салуу, координациялоо, ошондой эле контролдоо Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укук берилген мамлекеттик органы тарабынан жүзөгө ашырылат. "КРнын жарандарынын ден соолугун сактоо жөнүндө" мыйзамынын 33-беренесинде Соттун өкүмү мыйзамдуу негизде чыгарылбаган сот өкүмү боюнча жазаны эркиндигинен ажыратуудан сырткаркы орундарда убактылуу камоо изоляторлорунда жайгашкан эркиндиги чектелген адамдарга жазык-аткаруу тутумдарынын атайын мекемелеринде медициналык-санитардык жардамды Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте түзүлгөн келишимдин негизинде ведомстволук медициналык-санитардык кызматтар же мамлекеттик болбосо муниципалдык саламаттыкты сактоо уюмдары көрсөтүшөт. Ошентип жабык жайларда медициналык жардамдарды көрсөтүүдө, көзөмөлдөө иштеринде жана аларды жөнгө салууда ыйгарым укуктуу органдын (КРнын Саламаттык сактоо министр-лиги) ишиндеги аракетсиздиктин белгилери байкалууда.

3. Мамлекеттик кепилдиктин программасы убактылуу кармоочу жайлардагы отургандар үчүн иштебейт, бул болсо КРнын 47-беренесинде белгиленген жана кепилденгендерге каршы келип, адамдардын сактоо сактоо укуктарын тебелеп-тепсегендигинин белгиси болуп саналат. Эркинен ажыратылып, жабык жайларда жазасын өтөп жатышкан адамдарга карата алардын укуктарынын тебеленип жатышынын негизги себеби болуп мамлекеттин жана коомдун жасалма түрдөгү жасаган обочолотуу жана өгөйлөп-бөтөнсүтүү (стигма) мамилеси болуп эсептелет.

## МЕДИЦИНАЛЫК ЗАРЫЛ ЖАРДАМДЫ КӨРСӨТҮҮ ҮЧҮН КЕРЕКТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК БУЮМ-ТАЙЫМДАР, ДАРЫ-ДАРМЕК КАРАЖАТТАРЫ ТОПТОЛУП, ЖЫЙНАЛЫП ДАЯРДАЛЫП КОЮЛГАН ЭМЕС.

Бардык убактылуу кармоочу жайларда медициналык дайындоо үчүн коюлган дары-дармек каражаттары менен медициналык буюм-тайымдардын тизмеси менен эсеби дарылардын (посиндромным) ооругандык абалдын белгилерине ылайыкташуу топтолмосу болуп, дары ооруган адамдын даттануусу боюнча гана берилет жана медициналык кызматкер жок болуп калган убакта медициналык түшүнүгү бар, дары-дармекти айрып тааный алган нөөмөт бөлүмүндөгү кызматкерлердин ичинен нөөмөтчү коюлат.

Ички иштер бөлүмдөрүнүн убактылуу кармоочу жайларында отурушкан адамдар үчүн дары-дармек каражаттары менен медициналык буюм-тайымдардын тизмесинде КРнын Ички иштер министрлигинин 2017-жылдын 22-сентябрындагы №145 жана КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2017-жылдын 22-сентябрындагы №757 чогуу чыгарган буйруктарында көрсөтүлгөндөй, дары-дармектин 46 аталышы киргизилген. Мындан башка өтө керектүү, зарыл делинген мазь, таблеткалар, вата, бинт, нымдуу салфеткалар ж.б да бар.

Микробдорго каршы колдонулуучу препараттардын жалпы үлүшү 22%ды түзөт жана бул дарыны медициналык адистиги жок адам тарабынан оорудум деген адамдарга берүү антибиотиктерди кабыл ала берүүгө көндүм адатка айланып кетүү коркунучун жаратат.

Убактылуу кармоочу жайларда кармалган адамдарга карата зарыл болгон медициналык жардамды көрсөтө турган кадрдык потенциалдын жоктугу байкалууда. Өтө зарыл болгон жагдайда медициналык тез жардам кызматын чакырууга туура келип жаткандыгы жашыруун эмес.

Аллергиялык реакциядан келип чыгуучу психикалык жабыркоо учурунда көрсөтүлүүчү керектүү медициналык каражаттардын толук комплектиси бир дагы убактылуу кармоочу жайларда жок болуп чыкты. "КРнын ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларындагы ички тартиптин эрежелеринде" көрсөтүлгөн универсалдуу медициналык аптечкаларда жана ички иштер министрлиги менен Саламаттык сактоо министрлигинин биргелешип чыгарган (2017-жылдын 22-сентябрындагы №145 жана 2017-жылдын 22-сентябрындагы № 75 буйруктарында белгиленген убактылуу кармоочу жайлардагы адамдарды тейлөө үчүн бөлүнгөн дары-дармектердин тизмесине керектүү зарыл болгон дары-дармектер менен медициналык буюм-тайымдар киргизилген эмес жана аллергиялык реакциядан пайда болуучу психикалык жабыркоо учурунда жар-

дам көрсөтүүгө тиешелүү болгон (Н) блокаторлор, антигистаминдик дарылар, допамин, венага куюучу системалар таптакыр жок .

Коопсуздук жол-жоболордун эрежелери менен административдик чаралар сакталбайт. Инфекциялык көзөмөл боюнча ченемдик укуктук актылар жок болуп чыкты. Канчалаган кол каптар, бир жолу колдонулуучу шприцтер, жууп-тазалоочу дезинфектанттар, асептиктер керектелээри боюнча так эсептер алынбайт. Медициналык кызматкерлер тарабынан жөнөкөй жол-жоболор аткарылбайт (мис: венага, ички тамырга берилүүчү ийне саюулар, уколдоолор, алгачкы хирургиялык жардамдар, жарааттарды таңуу, мазь, иод сыйпоо жб.). Көпчүлүк убактылуу кармоочу жайларда эмгектенген медициналык кызматкерлер билимдеринин төмөнкү денгээлинен улам талап кылынуучу коопсуздук эрежелерин билишпейт, адистик жактан деңгээли төмөн, ошону менен бирге эле медициналык иштерди аткаруунун ыкмаларын, теориялык жактан да, практикалык жактан да начар билишет. (Эскертүү! Балыкчы шаарындагы убактылуу кармоочу жайдын медициналык кызматкерлеринин билим жана иш тажрыйбасынын деңгээлдери кыйла дурус экендигин белгилөөгө болот).

Процедуралык кабинеттер талапка ылайык жабдылган эмес. Кызыл Крест эл аралык комитети тарабынан каржылануучу тиешелүү жабдуулардын долбоору белгиленген, бирок авариялык аптечка орнотулбаган, толук жууп-тазалоонун графиги менен каттоо журналы түзүлбөгөн, муздаткычтагы температураны өлчөө, кварцтоо өткөрүүнүн ырааты, дезинфекциялоочу каражаттарды алмаштыруулар түзүлгөн эмес, керек болгон медициналык процедуралар жана татаал, аткарууга кыйын иштер негизги медициналык коопсуздукту сактоонун мүмкүнчүлүгү жана асептика (операциялык аспаптарды тазалоочу аспап) негиздеринин коопсуздугун сактоонун мүмкүн эместигинен улам аткарылбайт.

Негизги медициналык жабдуулар, медициналык буюм-тайымдар, эсеп-кысаптык документтер иштеринин жалпы абалы экстрендик кырдаалда фельдшерлерге медициналык жардамды көрсөтүү иштери бардык убактылуу кармоочу жайларда зарыл болгон талаптагы тизменин катарына туура келбейт жана жалпы жабдуулардын минималдуу курамы 23% ды түзөт.

ЭКСТРЕНДИК МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ көрсөтүүнүн пакети: Керектүү жабдуулар менен жабдылбаган медициналык максаттагы, зарыл дары-дармектер, буюм-тайымдар менен (иммобилизациялык шиналар, оралдык регидратациялар, аралашмалар ж.б.) камсыз болгон эмес.

Убактылуу кармоочу жайларда иштеген медкызматкерлердин кесиптик компетенттүүлүгү, иш тажрыйбалары, көндүмдөрү ар кандай жагдайда экстрендик медициналык жардамды көрсөтүүдө төмөнкү денгээлде болуп жатат. Мисалы, жарат алып калганда, күйүктө, ууланууда, жаракат алууда жана башка оорулар пайда болгон шартта медициналык жардамды көрсөтүү талапка жооп бербейт. Зарыл болгон медициналык жардамды көрсөтүүнүн алгоритмин Балыкчы шаарындагы убактылуу кармоочу жайда эмгектенишкен медициналык кызматкерлер анафилактикалык шок болгон учурда жардам көрсөтүүнү жакшы аткарышканын атайылап белгилеп кетүү, мүмкүн, орундуу болоор. Ал эми калган бардык медициналык кызматкерлер тарабынан жогорудагы медициналык жардам көрсөтүүнүн талаптарын аткара албай коюшканы өкүнүчтүү.

Медициналык буюмдарды, дары-дармектерди сактоо эрежелери сакталбайт.

Убактылуу кармоочу жайларга МККК багыты боюнча келип түшкөн медициналык каражаттар, дарылар процедура кабинетинде сакталат, бирок ал жерде абанын нымдуулугу менен керектүү температуранын нормасында кармалбайт, алардын параметрлери текшерүүдөн өткөрүлбөйт, жооп берилген жууп-тазалоочу каражаттар менен бөлмөнүн ичи-сырты кандай сапатта тазалангандыгын билдирген белгилери байкалбайт. Оору жугузуучу курт-кумурскаларды, кемирүүчүлөрдү жок кылуу багытындагы санитардык иштердин жүргүзүлбөгөндүгү нааразычылыкты жаратпай койбойт. Дары-дармектер каражаттарын жайгаштырууда алардын сакталышынын өзгөчөлүктөрү эсепке алынбайт. Мисалы: таблетка жана тоголок формадагы дарылар башка дарылардан бөлүп өзүнчө сакталбайт, ал эми кээ бир дарылар салынган идиштерине, кутуларына жараша өзүнчө да, чогуу да сактала беришине медициналык эреже жол берет.

Калган бардык убактылуу кармоочу жайларда универсалдуу медициналык аптечкалар, медициналык багыттагы дары-дармек каражаттары менен буюм-тайымдар (таблеткалар, капсулдар, флакондор, бинт, вата ж.б) нөөмөт бөлүмүндөгү постто ылайыкташтырылган атайын коробкаларда сакталып коюлган, бирок, ар түрдүү дарыларды кантип, каерде, кандай температуралык абалда сактоонун, жана абанын нымдуулугунун өлчөмү канчалык деңгээлде болушу керектигин аныктай турган эрежелер сакталган эмес. Убактылуу кармоочу жайларды медициналык жактан тейлөө жагындагы мыйзамдарда өтө зарыл болгон жоболор көрсөтүлбөгөн, ошондуктан бул маселеге көңүл буруп, мыйзамга дагы толуктоо киргизүү менен өркүндөтүү зарыл маселе бойдон калып жатат. Мисалы, мониторинг убагында убактылуу кармоочу жайлардын ички тартиби жөнүндөгү эрежелеринде төмөндөгүдөй мүчүлүштүктөр бар экендиги аныкталган:

- убактылуу кармоочу жайга кире бериштеги алкактар менен жаңыдан келип түшкөн адамды медициналык жактан кароо жүргүзүлүүчү аралыктагы терезелер кошулбаган;
- убактылуу кармоочу жайга алгачкы жолу келип түшкөн адамдын денесинде жаракаттардын бар же жогун кароонун жол-жоболору каттоого алынбайт, алардын болгону же жоктугу КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигининин кыйноолор менен зомбулуктарды документтештирүү боюнча Практикалык колдонмосунун шартына ылайык аныктай турган регламенттиштирүү иштери ( Стамбул протоколу) аткарылган эмес;
- жугуштуу оорунун бар же жогун деталдаштыруу аракети көрүлбөйт, жыйынтыгында, мындай оору аныкталбайт.
- Убактылуу кармоочу жайга ар бир жаңы адамдын кирүүсү болгондо медициналык кароону өткөрүүнүн талаптары каттоого алынбайт
- кош бойлуу аялдардын дарыгердин кароосунда болуу укугун камсыз кылуучу атайын чаралар аткарылбайт, диспансердик байкоо жүргүзүү, боюнан алдырып коюудан сактоо иштерине карата көңүл бурулбайт.

КРнын ички иштер бөлүмдөрүнүн убактылуу кармоочу жайларындагы адамдар үчүн берилүүчү медициналык дары-дармектердин жана ар түрдүү буюм-тайымдардын тизмесин жаңы клиникалык протоколдун жоболоруна ылайык келген толуктоолор менен жабдуу жагы талап кылынат.

## 1.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЛДЫНДАГЫ ЖАЗА АТКАРУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЫНЫН ТЕРГӨӨ ИЗОЛЯТОРУ БОЮНЧА НЕГИЗГИ КОРУТУНДУ

1. Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын ТИЗОлорундагы адамдарга көрсөтүлүүчү медициналык тейлөөнүн сапаты көп жагынан коомдук саламаттыкты сактоо тутумундагы колдонулуп келе жаткан стандарттын деңгээлинен кыйла төмөн турат. Мындай көрүнүш адамдарды камакта кармоо учурунда алардын ден соолуктарын начарлатууга алып келет жана бул фактылар соттолгондорго карата адамкерчиликсиз, ырайымсыз мамиле катары бааланат.

2. КРнына Өкмөтүнүн алдындагы жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын мекемесинин медициналык кызматы жыл сайын эркинен ажыратылган адамдардын жана бул системада эмгектенген кызматкерлердин ден соолуктарынын абалы, өлүмү жөнүндө кеңейтилген отчетун КРнын Улуттук статистикалык комитетине жиберет.

Улуттук статистикалык комитет берилген маалыматтарды иштеп чыгып, эркинен ажыратылган адамдардын жана ал жерде эмгектенген кызматкерлердин оорулары, эмнеден өлгөндүгүнүн себептери тууралуу аралаш статистикалык-маалыматты бөлбөстөн, ажырымдабай туруп берет. Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынынын ТИЗОлорундагы медициналык тейлөөнүн статистикалык маалыматтарын жыйноодо жана даярдоодо дагы бир мүчүлүштүктүн орун алып жаткандыгы айкын болду, тактап айтканда, адамдын ооруп калгандыгы, оорунун себептери, ден соолугунун абалы жана өлгөндүгү жөнүндө чогултулган документ иштери саламаттыкты сактоонун стандарттарына жооп бербейт. Жаза аткаруу мамлекеттик кызматындагы буга окшогон тажрыйбалар камактагылардын ден соолугунун сакталышына карата жасалган мамилелердин, алардын керектөөлөрүнүн чыныгы жүзүн так, даана жана реалдуу түрдө көрсөтө албаган жалган маалыматтардын пайда болуусуна алып келүүсү мүмкүн

Медициналык зарыл болгон жардамды көрсөтүүгө багытталган дары-дармектердин жана медициналык керектүү аспаптар, буюм-тайымдарды комплектилөө жасалбаган

Мониторинг жүргүзүлүп жаткан мезгилде убактылуу кармоочу жайлардын медициналык пункттарында медициналык зарыл болгон жардамдарды көрсөтүү үчүн коюлган накталай дары-дармектер каражаттарынын жана медициналык буюм-тайымдардын жалпы бар болгону: 20,3, 37,7, жана 52,2% ке чейин жеткендиги көрүндү. ТИЗОлор үчүн керектеле турган медициналык дарылар менен аспаптар, керектүү буюм-тайымдар жыл сайын мурдагы эски ыкманын негизинде жүргүзүлүп, медициналык керектөөлөр менен ооруп калуу коркунучунун ар кандай себептери эске алынбастан туруп түзүлгөн тизме боюнча жүргүзүлүп келе жаткандыгы байкалды.

Бир дагы ТИЗОдо анафилактикалык шоктон сактанууга карата зарыл болгон медициналык жардамды көрсөтүүгө жумшала турган медициналык дарылардын, буюм-тайымдардын жана керектүү аспап-куралдардын толук түрдө

комплектиленбегени көрүндү. Мындан тышкары,  ТИЗОдо убагында зарыл болгон медициналык жардамды көрсөтүүгө жумшала турган дары-дармектердин, буюм-тайымдардын аталыштары (мисалы: допамин,физиологиялык кошулма (раствор) 4 флакондон кем эмес, ичтен куюлма системалар, ж.б.) жалпы керектелүүчү тизменин катарына киргизилген эмес.

Керектүү зарыл болгон дары каражаттарын алуу. Суроолорго жооп беришкен, өнөкөт дарты менен жабыркаган катышуучулардын жарымынан көбү (55%и) ТИЗОнун медициналык-санитардык бөлүмү аларды туруктуу түрдө дары-дармектер менен камсыздабаганын белгилешти. Көбүнчө суроолорго жооп берген респонденттер керектүү дары-дармектерди туугандарынан алышарын айтышкан (62%). Мындай көрүнүш ТИЗОлорго дары-дармектерди жеткирүү ишинин туруктуулугун жокко чыгарып, мыйзамдагы деталдаштыруу иштеринин жетишсиздигин пайда кылып жаткандыгын көрсөттү.

Процедуралардын коопсуздугундагы административдик чаралар сакталбайт. Инфекциялык көзөмөлдөө боюнча НУА эрежеси сакталбайт. Канча колкап (мээлей) керек болоору, бир жолку сайылуучу шприцтердин саны, жууп-тазалоочу каражаттардын, асептиктердин керектелүүчү так эсептик сандары такталбаган. Инфекциялык көзөмөлдөө боюнча тренингдер өткөрүлбөйт, иш-чаралардын өткөрүлүшүнүн пландары бекитилбеген. ТИЗОлордо эмгектенишкен ондогон медициналык кызматкерлер өздөрүнүн теориялык билимдеринин төмөндүгүнөн улам дайыма, туруктуу түрдө колдонулуучу медициналык процедураларды аткарууда коопсуздук эрежелеринин сакталышын билишпейт, иш тажрыйбалары аз, практикалык көндүмдөргө ээ болушкан эмес.

Процедуралык  кабинеттер медициналык талаптын шартына ылайык жабдылбаган. Тиешелүү жабдуулар жасалган, бирок авариялык жагдайда керектелүүчү аптечка коюлбай калган, толук түрдөгү жууп-тазалоону өткөрүү күндөрүн каттоонун журналы жасалбаган, муздаткычтагы температураны каттап туруу, кварцтоо процедураларын каттоо иштери, дезинфекциялоо каражаттарын алмаштыруунун каттоолору жок. Бишкек шаарынын ТИЗОсундагы процедуралык кабинетте төмөндөгүдөй кемчиликтердин бар экендиги аныкталды. Медикаменттер сакталган шкафта пайдалануу мөөнөтү өтүп кеткен дарылар коюлган, мисалы: этамзилит-колдонуу мөөнөтү 2018-ж июнь, лидокаин-2018-ж., июль, аминокапрон кислотасы-2018-ж. июнь, глюкоза-2018-ж. май ж.б.

Фельдшерлер үчүн экстрендик медициналык жардам көрсөтүүгө жумшала турган негизги жабдуулардын жана медициналык дайындоонун буюмдарын медициналык эсептик документтештирүүнүн тизмеси  бардык ТИЗОлордо тиешелүү тизменин талаптарына дал келе бербейт жана аз сандагы жабдуулардын курамынан турат (30,7%, бирок, бул көрсөткүч (76%) медициналык дайындоодогу абдан чоң пайыз экендиги белгиленет. (Нарын ТИЗОсун кошпогондо).

Экстрендик медициналык жардам көрсөтүү боюнча тейлөөнүн пакети. Керектүү жабдуулар менен жабдылбаган, тиешелүү медициналык дары –дармектер жана аспап, буюм-тайымдар менен камсыз болбогон. Наркотикалык

эмес анальгетик, оралдык регидратору, антидотор ж.б ондогон дарылардын жок экендиги аныкталды. Анафилактикалык шок учурунда медициналык жардам көрсөтүү алгоритмин бир гана Каракол шаардык ТИЗОнун мед кызматкерлери аткара алышты. Калган бардык ТИЗОнун эсебинде иштеп жүрүшкөн медициналык кызматкерлер жогоруда көрсөтүлгөн тапшырмалардын бир дагы пунктун толук аткарууга жетише алышпады. Иш орундарында туруктуу түрдө окуулар жүргүзүлбөйт. Жагдайлык тапшырмаларды аткаруу мезгилинде медициналык кызматкерлердин медициналык жардамды көрсөтүү боюнча билимдери менен көндүмдөрү экстрендик медициналык жардам боюнча тейлөө пакетинин талаптарынынын деңгээлинен төмөн экендигин көрсөттү.

ТИЗОлордогу медициналык тейлөөнү, эркинен ажыратылган адамдардын медициналык жактан тейленүү укуктарын жакшыртуу үчүн тиешелүү финансылык каржылоонун жетишсиздиги кедергисин тийгизип жаткандыгын белгилеп кетүү зарыл маселе.

Эксперттердин эсептөөсү боюнча республиканын жаза аткаруу кызматынын системасына медициналык керектүү нерселерди сатып алууга бир жылга 6,8 млл сом бөлүнөт экен. Өткөн жылы (14.10.18-ж) жаза аткаруу кызматынын координациялык кеңешмесинде жаза-аткаруу тутумуна керектелүүчү бир жылдык дары-дармектер жана медициналык керектүү буюм-тайымдар, аспап-куралдар менен 15% гана камсыздалып жатканы жөнүндө сөз болгон.

Суроого жооп берген адамдардын көпчүлүгү медициналакык жардам сурап кайрылганда, негизинен дарыларды алышаарын билдиришкен (54%). Медициналык жардамдын башка түрлөрү жалпысынан алганда чанда гана айтылды. Ошентип дарыгерлик жардам көрсөтүүнүн башка түрлөрү боюча жардам алгандардын саны17%ти түздү (мисалы, жаратты таңуу, укол алуу, тамчылатма укол куюу ж.б) Ар бир он биринчи суралган адам медициналык жардамды медициналык кызматкердин ооруган дартты көрүп кароосу аркылуу алгандыгын билдирген -9%, керектүү адис дарыгердин мисалы, кардиолог, неврапатологдор аркылуу жардам алгандардын сандык көрсөткүчү-8%, кан басымын ченеткендер-8% түзүп, медициналык жардамды көрсөтүүнүн башка түрлөрү жөнүндө мисал келтирүүнүн зарылдыгы жок.

Медициналык зарыл болгон жардамды көрсөтүүдөгү жетишпегендиктин башкы себеби болуп, дары-дармектин жетишсиздиги аныкталды- (7%) ал эми башка ар кандай себептерди суроодо квалификациялык кадрлардын жоктугу же жетишпегендиги- 9%ды түзгөн, адистештирилген медициналык жардамдын жоктугу -5%ды көрсөткөн.

Дары-дармектер каражаттары менен медициналык аспатарды, буюм-тайымдарды сактоонун тартиби сакталбайт. Бишкек шаарынын ТИЗОсунан башка ТИЗОлордо дары-дармектерди сактай турган атайын бөлмөлөр жок, талап этилүүчү температура менен абанын нымдуулук нормасы кармалбайт, товар коюлуучу тактайлар, стеллаж, шкафтар менен жетишээрлик деңгээлде жабдылбаган, кемирүүчүлөрдү (чычкан, келемиш, таракан), курт-кумурскаларды, коңуздарды жок кылуу багытында системдүү иш-чаралар жүргүзүлбөйт. Дары-дармектерди жайгаштырууда, сактоодо тиешелүү

тартип эрежелери сакталбайт. Муздаткычта ДКды сактоо үчүн ченеп туруучу градусник иштебейт же жок болуп калат. Препараттар +2ден +8градуска чейинки жылуулукта сакталышы керектиги эскертилип айтылды. Мындай фактылар мониторинг жүргүзүлгөн учурда байкалды.

**Сунуштамалар**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:**

"Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан контролдук иш-милдеттерди жүзөгө ашыруунун тартиби жөнүндө" мыйзамга ылайык эркиндиги чектелген жана эркинен ажыратылган адамдарды медициналык жактан тейлөөнү жакшыртууга багытталган мамлекеттик каражатты жетиштүү түрдө бөлүү жана рационалдуу пайдалануу предметине карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматында жана Кыргыз Республикасынын ички иштер Министрлигинде мониторинг өткөрүү, бюджетке анализ жүргүзүү.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө**

1. "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 8-беренесин ишке ашырууда мамлекеттик кепилдиктин программасына ылайык медициналык жактан камсыздоону кечиктирбестен жолго коюу менен бардык жабык жайлардагы системдүү түрдө жасалып жаткан кодулоону жоюу (2019-жыл ичинде);

2. "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" КР Мыйзамынын жана "Кыргыз Республикасындагы саламаттык сактоо уюмдары жөнүндө" КР мыйзамдарына ылайык, КРнын Өкмөтүнүн алдындагы жаза аткаруу мамлекеттик кызматы үчүн статистикалык эсептин бирдиктүү формасын ишке ашыруу зарыл жана эркинен ажыратылган адамдардын оорулары боюнча өзүнчө статистикалык маалыматты жүргүзүү, жалпы дарылоо түйүндөрүндөгү жана жаза-аткаруу тутумундагы оорулуулардын эсептик санын өзүнчө алууну уюштуруу

Статистикалык маалыматтар эң оболун КРнын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы саламаттыкты сактоонун электрондук Борборуна жиберилиши керек, борбордо эркинен ажыратылган адамдардын ден соолугунун абалы, статистикалык отчеттун жыйынтыгы натыйжалуу анализден өткөрүлүшү жана жүргүзүлүшү зарыл. Бул түрмөдө отурган калктын саламаттыгынын жалпы абалын динамикалык түрдө баалоого көмөктөшөт жана медициналык жактан тейлөөнүн сапатын жакшыртууга багытталган чечимдердин жүзөгө ашырылышындагы маалыматтык колдоону камсыздайт.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ ЖАНА КРНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЛДЫНДАГЫ МИЛДЕТТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДУРУУ ФОНДУНА:

КРнын Саламаттык сактоо министрлиги жөнүндө Жобонун ( 6а.1-п.) жана КР Өкмөтүнүн алдындагы Милдеттүү медициналык камсыздоо фонду (ММКФ) жөнүндө жобонун (2-3-4-главалары) негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Жаза аткаруу мамлекеттик кызматында, Ички иштер министрлигинин убактылуу кармоочу жайларында эркиндиги чектелген жана абак жайларында жазаларын өтөп жатышкан адамдарды медициналык жактан тейлөөнүн жеткиликтүүлүгү жана сапаты боюнча мониторинг өткөрүп, анын ишине баа берүү жагы.

1. “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” КР мыйзамынын 10-беренесине ылайык кечиктирилбестен бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруунун чараларын кабыл алууну жана 3 айлык мөөнөттө саламаттыкты сактоонун жалпы тутумундагы базалык медициналык пакеттин тейлөөсүндөгү стандарттарды убактылуу кармоочу жайлардагы зарыл медициналык тейлөө көрсөтүүнүн стандарттарына киргизүү;
2. Саламаттыкты сактоо министрлигине пенитенциардык мекемелерде медициналык жардам көрсөтүү боюнча окуу–усулдук комплекстин планын иштеп чыгуу жана аларды жүзөгө ашыруу үчүн медициналык жогорку окуу жайларда дарыгерлердин адистик-квалификациясын жогорулатууну жүзөгө ашыруу.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЛДЫНДАГЫ ЖАЗА АТКАРУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЫНА:

## (ТҮРМӨДӨГҮ АДАМДАРДЫН ДЕН СООЛУГУН КОРГООНУ КР САЛАМАТТЫКТЫ САКТООНУН ЖАЛПЫ ТУТУМУНА ЭТАП-ЭТАБЫ МЕНЕН ИНТЕГРАЛДАШТЫРУУ ПЛАНЫ ИШТЕЛИП ЧЫККАНГА ЧЕЙИН ЧУКУЛ АРАДА АТКАРУУНУ ТАЛАП КЫЛГАН МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА СУНУШТАР.)

1. КРнын Конституциясынын 47-беренесине ылайык, төлөмдүн бирдиктүү системасын пайдалануу менен медициналык жактан минималдык тейлөөнү камсыздоо үчүн КР Саламаттык сактоо министрлиги жана ММКФ менен келишим түзүү жагындагы биргелешкен иш-чараларды кабыл алуу;
2. Эркиндиги чектелген жана эркинен ажыратылган адамдарды медициналык жактан тейлөөнүн эң минималдуу кызматын ишке ашыруу үчүн ММКФ менен штаттык бирдикти жана бюджетти көбөйтүүнү демилгелей турган токтомдун долбоорун иштеп чыгуу;

3. ТИЗОдо кармалгандарга башка булактардан берилген дары-дармектерди кабыл алууда мыйзамдуу түрдөгү эсепке алууну жүргүзүүнүн жол-жоболорун киргизүү (тугандарынан, коомдук уюмдар тарабынан ж.б.);
4. КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин кыйноолор менен зомбулуктарды документтештирүү боюнча практикалык колдонмосуна ылайык (Стамбул протоколунун принциптери) кыйноолор менен зомбулуктарды документтештирүүнүн тартибин ишке ашыруу;
5. ТИЗОдогу медициналык жардам көрсөтүү тартибине толуктоо киргизип жазасын өтөп жаткандарды тейлөөнүн процедурасын алардын ТИЗОдон сыртка чыккандан кийин көрсөтүү жагын киргизүү менен денедеги тактар менен жаракаттардын болушуна милдеттүү түрдө аткарылуучу кароону уюштуруу;
6. Аймактар боюнча бейтаптарга сапаттуу квалификациялык медициналык жардам көрсөтүү жана ооруканага жатууну зарыл деп эсептеген адамдарга карата, эгерде алар жаза аткаруу кызматынын дарылоо мекемелеринен мындай кызматтын түрүн ала алышпаса, анда КР Саламаттык сактоо министрлигинин башка дарылоочу мекемелери менен келишимдерди түзүү;
7. КР Саламаттык сактоо министрлигинин дарылоочу мекемелеринде дарыланып жатышкан эркинен ажыратылган адамдарга карата медициналык жардам көрсөтүү үчүн КР Саламаттык сактоо министрлиги менен биргеликте коопсуздукту камсыздаган жана жетиштүү түрдө кайтарууга алынган палаталарды уюштуруу.

# VIII БӨЛҮМ. ПСИХИАТРИЯЛЫК СТАЦИОНАРЛАРДА ЖҮРГӨН АДАМДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыны (ЖСУЭП) жана Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактыны (ЭСМУЭП) ратификациялоо менен Кыргыз Республикасы адамдын негизги укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышын камсыздоо милдетин өзүнө кабыл алган.

Адам укуктарынын жалпы декларациясынын, Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндөгү эл аралык пактысы жана Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын жоболоруна ылайык, психикалык жактан жабыркаган адамдар бардык жарандык, экономикалык, социалдык жана маданий укуктарга ээ боло алышат.

Ушул документтерде ден соолукка болгон укук (ошондой эле, реабилитациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүнө болгон укукту эске алган), адамдык кадыр-баркты коргоого укукту, коомдун турмушуна катышуу укугу, эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укук, майыптыктын кайсы бир түрүнө чалдыккан адамдарды ыктымал кодулоодон өз укуктарын коргоого болгон укуктары бекемделген.

БУУнун[239] деңгээлинде кабыл алынган психикалык оорулуу адамдарды коргоо жана психиатриялык жардамды жакшыртуу принциптери психикалык саламаттык чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өнүктүрүү үчүн негиз болуп саналат. Аларда психиатриялык клиникаларда бейтаптарды дарылоо жана кармоо стандарттары аныкталган, алар адамдарды мекемелерде негизсиз түрдө эркинен тышкары кармоого каршы коргоо катары кызмат кылат.

Ошентип, Принциптерге ылайык, психикалык оору менен жабыркаган ар бир адам канчалык мүмкүн болсо ошончолук коом арасында жашоого жана иштөөгө укугу бар. Принциптерде ошондой эле, психиатриялык мекемедеги жагдай жана жашоо шарты мүмкүн болушунча кадыресе жашоо ченемдерине жакын болууга тийиш экендиги бекемделген, анын ичинде, бош убакытты өткөрүү жана эс алуу, дин тутуу үчүн, билим алуу жана кесиптик реабилитация үчүн да мүмкүнчүлүк болууга тийиш.

Психиатриялык мекемеде кармалган кайсы жаран болбосун ал бардык укуктарга, анын ичинде, анын толук урматталышына укуктуу:

a) укуктун субъектиси катары бардык жерде таанылууга;

b) обочо туруу укугуна;

239. БУУ Башкы Ассамблеясы тарабынан 1991-жылдын 17-декабрында бекитилген

c) баарлашууга, анын ичинде, ошол мекеменин чегинде башка адамдар менен пикир алышуу эркиндигине; цензурага алынбаган жеке билдирүүлөрдү жөнөтүүгө жана кабыл алууга; адвокатты же жеке өкүлдү жекече жана башка келген адамдарды бардык ылайыктуу убакытта кабыл алуу эркиндигинине; почта жана телефондук кызматтарга, ошондой эле, гезиттерге, радио жана телевидениеге жеткиликтүү болуу эркиндигине укуктуу.

Ушул Принциптерге ылайык, ар бир бейтап саламаттыгын колдоого зарыл болгон медициналык жана социалдык жардам алууга жана башка бейтаптар сыяктуу эле стандарттарга ылайык келген кам көрүүгө жана дарыланууга укуктуу.

Дарыгердин бейтапка карата адамгерчиликтүү сый мамилеси, ар түрдүү кодулоонун жоктугу, терапевтик кийлигишүүлөрдө ара макулдашуунун болушу, маалымдалган макулдук берүү принцибин сактоо, эркине каршы дарылоону алдын ала белгилеген учурларда гана колдонуу, моралдык, физикалык же материалдык зыян келтирүүгө жол берилбестик, психиатриялык тажрыйба чөйрөсүндөгү этикалык стандарттар боюнча Мадрид Декларациясында аныкталган.

Психиатриялык мекеме башка дарылоо мекемелери сыяктуу эле ресурстарга жеткиликтүү болууга тийиш, анын ичинде:

a) жетиштүү сандагы квалификацияланган медициналык персоналга жана башка тиешелүү адистерге жана мекеменин стандарттарына ылайык жооп берген, ар бир бейтап үчүн обочолонууга, зарыл жана активдүү дарылоо курсун жүргүзүү үчүн аныкталган шарттар болууга тийиш;

b) бейтап үчүн диагностикалык жана терапевтик жабдуулардын болушуна;

c) адистердин талаптагыдай тейлөөсүнө;

d) кесипкөй, туруктуу жана комплекстүү дарылоого, анын ичинде, медициналык каражаттар менен камсыздоого[240].

Кыргыз Республикасынын Конституциясы «ар бир кишиге ден соолугун коргоого, акысыз медициналык жардам алуусуна, жашоо жана саламаттыгы үчүн жагымдуу экологиялык чөйрөгө жана ден соолукка келтирилген зыянды калыбына келтирүү укуктарына» кепилдик берет.

Конституцияда, ошондой эле, «Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыгын сактоо жөнүндөгү» Мыйзамда жана «психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө жарандардын кепилденген укуктары жөнүндөгү» Мыйзамда саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын, анын ичинде, жарандардын психикалык ден соолугун коргоонун укуктук негиздери аныкталган.

240. Принцип 17.12.1991ж. Психикалык ооруулуу жактарды коргоонун жана психиатриялык жардамды жакшыртуунун 14 принциби

Психиатриялык мекемелерде кармалган адамдардын укуктарын коргоо Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бири жана Психиатриялык мекемелерде кармалган адамдардын укуктарын коргоо кызматы тарабынан жүзөгө ашырылат.

2018-жылы 12 ай аралыгында Психиатриялык мекемелерде кармалган бейтаптардын укуктарын коргоо кызматына 98 арыз келип түшкөн, алардан 45 арыз оң жакка чечилди, 43 – жарым-жартылай чечилген (кайрылуулар боюнча толук түрдө төмөндө маалымат берилет).

8.1.1 - таблица


## ПСИХИАТРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕ КАРМАЛГАН БЕЙТАПТАРДЫН УКУКТАРЫН КОРГОО КЫЗМАТЫНА КЕЛИП ТҮШКӨН АРЫЗДАРДЫ БӨЛҮШТҮРҮҮ

| № | Кайрылуунун маселеси | Саны | Анын ичинен | Саны |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Саламаттыкты сактоо органдарынын компетенциясында турган суроолор | 64 | Стационардан чыгарууга көмөктөшүү | 49 |
| | | | Комиссиянын ишине катышуу | 3 |
| | | | Башкалар | 12 |
| 2. | Саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин аракеттерине даттануу | 24 | Канааттандырбаган тамактануу | 2 |
| | | | Мед.персоналдык орой мамилеси | 10 |
| | | | Башка | 12 |
| 3. | Пенсияларды кошуп эсептөө маселеси | 1 | Пенсияларды кайра эсептөө | 1 |
| 4. | Каттоодон чыгаруу | 4 | | 4 |
| 5. | Соттук отурумдарга катышуу | 2 | | 2 |
| 6. | Башка маселелер боюнча | 3 | Кызыл-Жар а. РПО этап боюнча жөнөтүү | 1 |
| | | | Бейтапты башка мамлекетке чыгаруу жөнүндө маалымат берүү | 1 |
| | | | Документтерди калыбына келтирүү | 1 |

8.2 - диаграмма

ПСИХИАТРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДИН БЕЙТАПТАРЫНЫН КР АКЫЙКАТЧЫСЫНА (ОМБУДСМЕНИНЕ) КАЙРЫЛУУЛАРЫНЫН ДИАГРАММАСЫ

КАЙРЫЛУУЛАРДЫН САНЫ




Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарын коргоо алкагында 2018-жылы Кызматтын кызматкерлери социалдык-экономикалык жана жарандык маселелер боюнча 450 консультация беришти (бөлүмдөн чыгаруу, пенсия жана жөлөкпул эсебин алуу, турак жай маселелери, жеке документтерди калыбына келтирүү ж.б.у.с.).

## 8.1 ПСИХИАТРИЯЛЫК СТАЦИОНАРГА ТҮШКӨН АДАМДАРДЫН, АЛАРДЫ ИЗИЛДӨӨ ЖАНА ДАРЫЛОО ҮЧҮН ЗАРЫЛ БОЛГОН МӨӨНӨТТӨ ГАНА КАРМООГО КАРАТА УКУКТАРЫ

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин маалыматы боюнча, психикалык бузулууга кабылган чоң кишилер менен балдарды саны көбөйүүдө. 2018-жылы психиатриялык мекемелерде каттоодо турган адамдардын саны 83 000 кишини түзгөн (2014-жылы - 52 143, 2015-жылы – 74 181, 2016-жылы – 77575, 2017-жылы – 81 612 киши).

Психикалык патологиялык оорулардын өсүшүнө өлкөдөгү социалдык-экономикалык жагымсыз жагдай, социалдык коргоого алынбагандык, жумушсуздук, ички жана тышкы аргасыз миграция, стресстик жана психотикалык абалдын өнүгүшүн шарттаган башка факторлор негизги себеп болууда. Буларга аткаруу бийлигинин психопрофилактика жана психогигиена чөйрөсүндөгү аракеттер менен чечимдердин макулдашылбаган аракеттерин кошууга болот.

Аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу органдарынын калктын психикалык саламаттыгы маселесине карата жетишсиз көңүл буруусунун кесепети катары, өлкөнүн дээрлик бардык психиатриялык мекемелери капиталдык оңдоо

талап кылган эски имараттарда жайгашкан фактыларды мисал келтирүүгө болот.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 1-мартындагы №119 Токтомун ишке ашыруу жана 2018-2030-жылдарга карата Кыргызстандын калкынын психикалык саламаттыгын сактоо боюнча КР Өкмөтүнүн Программасын бекитүү планына ылайык, ошондой эле, алгачкы беш жылдагы иш-чаралардын планы боюнча (2018-2022-ж.) КР Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан «2018-2030-жылдарга карата калктын психикалык саламаттыгын сактоо боюнча КР Өкмөтүнүн Программасы жөнүндөгү» КР Өкмөтүнүн №119 Токтомун жүзөгө ашыруу жөнүндө» буйрук чыгарган, жогоруда аталган ченемдердин алгачкы медициналык-санитардык жардамдан тартып психикалык саламаттык кызматын интеграциялоо жүргүзүлүүгө тийиш болчу.

Ошол эле учурда, психикалык саламаттык чөйрөсүндө кызмат көрсөтүү жана ал форманын натыйжалуулугу оорулууларды стационарларга жаткыруунун санын кыскартууга жана аларды коомдо социалдаштыруу деңгээлин жогорулатууга негизделүүгө тийиш.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына Чым-Коргон айылындагы Республикалык психиатриялык ооруканананын башкы дарыгери К. Коргонбаевадан туруктуу жашаган орду жок 12 бейтапты чыгаруу/которуу жана Медициналык-санитардык экспертизанын корутундулары менен социалдык стационардык мекемеге которууга жаткан 15 бейтаптын маселелерин чечүүгө көмөктөшүү өтүнүчү менен кайрылуу келип түшкөн[241].

Кайрылуунун кароодо төмөндөгүлөр аныкталган:

Саламаттык сактоо министрлиги психиатриялык стационарда туугандык байланыштарын жоготкон, туруктуу жашаган жери жок адамдар турганын белгилейт. Бул адамдар социалдык камсыздоого жана кам көрүүгө гана муктаж, бирок эч кандай адистешкен дарылоого муктаж эмес. Анын үстүнө психиатриялык ден соолук кызматы бирдиктүү төлөөчү тутумуна киргендиктен каржылоо дарылоо бүткөн учурлар боюнча жүзөгө ашырылат, ал эми Чым-Коргон айылындагы РПОдо турган адамдар негизсиз жана узак убакыт кармалып турат[242].

Жогоруда көрсөтүлгөн кат боюна КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин дарегине тиешелүү кайрылуу жөнөтүлгөн, алар өз кезегинде жооп кат жазган, анда республикалык бюджеттеги финансылык каражаттардын тартыштыгына шилтеме берүү менен, ССМ орундарын көбөйтүү болбой турганын жана жогоруда айтылган бейтаптарды Чым-Коргон айылындагы РПБ ССМге которуу мүмкүн эместигин билдирген[243].

Белгилей кетсек, адистешкен дарылоого муктаж эмес адамдардын психиатриялык саламаттык станционарларында жатышы, анын үстүнө узак убакыт

241. 28.08.18 ж. № К-756 от 28.08.18 ж. Кайрылуу

242. КР Саламаттыкты сактоо министрлигине кат 26.09.18 ж. №04-1/3-13616

243. КР ЭСӨМ 17.09.18 ж. №21/5588 каты.

кармалышы адам укугун бузуу болуп саналат жана Саламаттык сактоо министрлиги менен Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги тарабынан, ошондой эле, тиешелүү мекемелер жактан токтоосуз комплекстүү чечүүнү талап кылат.

Мекемелер аралык бирге аракеттенүүнүн жоктугу психиатриялык стационарда изилдөө жана дарылоо үчүн гана зарыл болгон мөөнөттө кармоо боюнча оорулуу адамдарын укуктарын бузууга алып келет жана ошондуктан психиатриялык мекемелерде мурдагыдай эле жалпы типтеги интернат-үйлөргө болууга тийиш болгон адамдар кармалууда, атүгүл, алардын айрымдарын коомдук-пайдалуу эмгекке тартууга мүмкүн.

Республикалык балдар психиатриялык ооруканасына (Ивановка айылы, Чүй облусу) мониторинг жүргүзүүдө өнөкөт психиатриялык оорулары бар балдарды (шизофрения диагнозу менен) психиатриялык балдар стационарынан адистешкен социалдык мекемеге (анын ичинде, Беловодск айылындагы балдар үйүнө) которуу көйгөйү дагы деле чечилбегени аныкталган, анткени аларда балдардын психикалык абалына андан ары байкоо жүргүзө турган адистер (балдар психиатры) жок.

Саламаттык сактоо министрлигинин «Стационардык психиатриялык жардам көрсөткөн уюмдар жөнүндө жобо» тууралуу 2011-жылдын 8-июлундагы №357 буйругунун 40-пунктуна ылайык, ПСРБ келип түшкөн 4 жаштан 14 жашка чейинки балдар өзүнчө балдар бөлүмүнө, ал эми 15 жаштан 17 жашка чейинки балдар – өспүрүмдөр жана эксперттик бөлүмдөр менен бөлмөлөргө кабыл алынат деп жазылган.

Анткени, Республикалык балдар психиатриялык ооруканасына барып көрүүдө (Чүй облусунун Ивановка айылы), 2004-жылы туулган бала Ш.А. аталган мекемеге 06.04.2017 жылы курч кармаган оорусу (шизофрения) жана агрессивдүү жүрүш-турушу менен келип түшкөн. Мурда Ш.А. ПСРБ №6 бөлүмүндө дарыланган.

РБПО башкы дарыгери Г.Абдиеванын жообуна ылайык, Ш.А. дарылоо курсунан өткөн, психикалык абалы жакшырган, агрессиялык абалы жоюлуп, токтоо болуп калган, жүрүш-турушу бир калыпка түшкөн, айлана-чөйрөнү жалган кабыл алуу байкалган эмес.

Баланын энеси Ш.А. баш тарткан тил кат жазып бергендиктен анын РБПО андан ары кармалышы, стационарда болуу мөөнөтүнө каршы келет жана психиатриялык жардам берүү жана анын көрсөтүү укугун кепилдөө жөнүндөгү мыйзамдарды, анын ичинде, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги чыгарган укуктук-ченемдик документтердин аткарылышын бузуу болуп саналат, РБПО башкы дарыгери, камкордук органдары менен бирге МСЭК үчүн зарыл документтер даярдалган жана аны үй-интернатка (Беловодск айылы) которуу үчүн бала Бишкек ш. РПСБ алынып келинген.

Бирок Ш.А. үй-интернатка (Беловодск айылы) которуудан баш тартылган, буга бейтаптын агрессивдүү жүрүш-туруш менен ооруканага көп жаткандыгы которууга карама-каршы келээри далил катары келтирилген. Мындан тышкары, балдар психиатрынын жоктугу да көрсөтүлгөн.

Азыркы учурда укугу бузулгандыгы үчүн КР Акыйкатчысынын 2017-жылдагы Жылдык баяндамасында белгиленген бала (Ш.А.) РБПО атайын социалдык мекемеге которулган эмес жана эки жылдан бери стационарда кармалып турат. Мониторинг КР Саламаттык сактоо министрлигинин жана РПСБ кызматкерлери менен биргелике жүргүзүлдү, аларга Ш.А. укугу бузулганды маалымдалган.

## 8.2. ПСИХИАТРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕ ЖАТКАН АДАМДАРДЫН ДАРЫЛЫК ТАМАКТАНУУГА БОЛГОН УКУГУ

1999-жылдын 17-июнундагы №60 «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен психикалык жактан жабыркаган адамдар КР Конституциясында каралган жарандын бардык укуктарына жана эркиндиктерине ээ болоору аныкталган.

Психикалык дартына байланыштуу жарандардын укуктарын жана эркиндигин чектөө мамлекеттин мыйзамдарында каралган учурларда гана колдонулушу мүмкүн. Психикалык жактан жабыркаган бардык адамдар психиатриялык жардам көрсөтүүдө тиешелүү санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык келген шарттарда психиатриялык жардам алууга укуктуу.

Психиатриялык жардамды тиешелүү санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык шарттарда алуунун негизги өңүттөрүнүн бири психиатриялык мекемелерде тамак берүүнү туура уюштуруу болуп саналат. Адатта, көпчүлүк психикалык оорулардын өтүү мөөнөтү узакка созулушу менен айырмаланат жана бейтапты стационарга бир жолу же бир нече жолу кайталап жаткырууда бейтаптын жашоо мүнөзүндө, анын ичинде тамактануусунда өзгөрүүлөр орун алат. Аны менен катар эле бейтаптын психикалык оорусунун өзгөчө жагдайын эске алуу зарыл, психикалык оорулардын өнөкөт түрүнө өтүүсү узак дарылоого алып келет жана бейтаптар узак мөөнөттө ар түрдүү дары-дармектерди кабыл алууга аргасыз болушат, бул дагы психиатриялык мекемелерде дарылык тамактануунун уюштурууда эске алынууга тийиш.

Психиатриялык стационарда дарыланып жаткан адамдардын тамактануу шартынын бузулушу психикалык оорулардын оорлошуна, соматикалык бузулуунун пайда болушуна, зат алмашуунун бузулушуна (гипотрофия, белок-энергетикалык тартыштык) жана аны менен бирге көптөгөн клиникалык кесепеттерге, анын ичинде, ар кыл органдардын (бөйрөк, эндокриндик, неврологиялык, гемотологиялык, иммунологиялык, стоматологиялык жана дерматологиялык) организмдин иштөөсүнүн бузулуусуна алып келет.

Ошондуктан, психиатриялык стационарда дарыланып жаткан бейтаптардын психикалык ден соолугун калыбына келтирүү үчүн медициналык мекеме тарабынан эң биринчи кезекте психикалык ден соолук кызматынын мекемелери үчүн бекитилген азыктануу ченемдерин сактоо зарыл (КР ССМ 19.02.2015 жылдагы №85 «Психоневрологиялык стационарлардагы тамактануу ченемдерин бекитүү жөнүндө» буйругуна ылайык).[244]

Ошол эле учурда, психиатриялык мекемелерде жаткан адамдарга мониторинг жана анкета жүргүзүү көрсөткөндөй, Психикалык саламаттыктын республикалык борборунун бейтаптарынын тамактануу тутумуна канааттануу төмөнкү көрсөткүчтөргө ээ, көпчүлүк бейтаптарда тамак-аш ичкенден кийин ден соолугунда көйгөйлөр пайда болгон жана аталган стационарда азыктанууну уюштуруудагы кемчиликтер аныкталган.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына Бишкек ш. ПДРБ 2-бөлүмүнүн бейтаптарынан тамак-аштын сапатынын начардыгы боюнча жамааттык арыз келип түшкөн. Аталган арыздын негизинде курамына КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын эксперти, КР Саламаттык сактоо министрлигинин, ММК фондунун ички аудит башкармалыгынын адистери кошулган мекемелер аралык кызматтык комиссия түзүлгөн.

2-бөлүмдүн бейтаптарынын кайрылуусунун негиздүүлүгүн текшерүү үчүн комиссия тарабынан 6 курч кармаган оорулар бөлүмүнүн бейтаптары арасында (3 –аялдар, 3 эркектер) анонимдик анкета жүргүзүлгөн. Сурмажылоого жалпы 90 респондент-бейтап катышкан. Сурамжылоо ¼ эсебинде иргеме ыкмасы менен өткөрүлгөн (болжол менен ар бир бөлүмдөн 14-16 бейтап), ал төмөндөгүдөй жыйынтык берген[245].

«Бейтаптардын РПСБ тамактануу тутумуна канааттануусу»
деген тема боюнча мониторинг жүргүзүү анкетасы.

№ 1, 2, 7, 8, 9, 10 РПСБ бөлүмдөрү.

1. Сизге стационардагы тамактануу тутумун уюштуруу жагабы?

А) Ооба -12.

Б) Жок – 35.

В) Жакшы жана терс жактары бар – 25.

Г) Жооп бере албайм – 18.

2. Беш баллдык шкала боюнча баалаңыз (керектүү графага
бардык түрдөгү белги койсоңуз болот (мисалы «эн белги»)

| Суроолор | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|---|
| Тамактардын даамы | 26 | 30 | 23 | 8 | 3 |
| Азыктардын сапаты | 15 | 42 | 19 | 10 | 4 |

244. КР ССМ РПДБ 27.04.2018 ж. №011/5340 каты.
245. № К-522 от 01.06.18 ж. № К-522 арыз

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Тамактардын түрү (тамак-аштын көп түрдүүлүгү) | 25 | 32 | 21 | 7 | 5 |
| Тамактардын тышкы көрүнүшү | 16 | 36 | 24 | 9 | 5 |
| Тамак-аштын температурасынын шайкештиги (ысык тамак боюнча) | 20 | 16 | 32 | 12 | 10 |
| Тамактанууну уюштуруу | 23 | 29 | 25 | 5 | 8 |

3. Сизде тамак ичкенден кийин ден соолугуңузда кандайдыр бир көйгөй пайда болгонбу, болсо көрсөтүңүз?
- ич өткөк -10,
- ичтин көбүшү – 4,
- ичтин курулдашы – 2,
- газ пайда болуу – 2,
- зарна болуу – 14,
- алар көп болот – 1,
- көңүл айнуу/ кусуу – 4,
- туталануу – 1,
- ич ооруганы – 3,
- ич катуу 2,
– даамдуу жана ток – 1.

4. Стационарда тамактанууну уюштуруу боюнча сиз кандай кемчиликтерди белгилей аласыз?
- жакшы – 3,
- начар -,
- жок -,
- канааттандыраарлык - 4,
- суроого өз алдынча жооп - 1,
- көп - 5,
- үч жолу тамак ичебиз / ашканада орун аз – 6,
- көзөмөл начар деңгээлде - 3,
- үлүш кошуш керек - 3,
- тойбой калам - 2,
- чай даамдуу эмес - 1,
- тузу аз - 1,
- бейтаптарды тамак ташууга мажбурлайт- 1,
- ар кандай - 1,
- шартты жакшыртуу керек - 2,
- билбейм - 3,
- уюштуруу начар - 3,
- меню жок - 1,
- эгерде айтсаң бизди урушат - 2,
- көзөнөк кошуш керек - 1,
– бардыгы жагат - 1,

5. Сиздерге сунушталган тамак-аштардын аталышы жөнүндө маалымат менен кайдан тааныштыңыз (меню)?
- билбейм - 19,
- эч жактан - 12,
- меню жок - 20,
- айтпайт - 2,
- өз алдынча жооп - 1,
- маалымат жок - 23,
- факт боюнча билебиз (табактан) - 7,
- ашканадан - 2,
– жооп жок- 4.

Арызды кароонун жүрүшүндө 2018-жылы бюджет боюнча чыгашалардын суммасы 95623,4 миң сом өлчөмүндө бекитилгени аныкталган, анын ичинде азык-түлүк үчүн 12600,0 же 13,2% каражат бөлүнгөн.

Текшерүү учурунда иргеп тандоо аркылуу меню бөлүштүрүүдө азык-түлүк сарптоо ченемдери КР Саламаттык сактоо министрлигинин «Психоневрологиялык сатционарлардагы тамактануу ченемдерин бекитүү жөнүндөгү» 19.02.2015 жылдагы №85 буйругу менен бекитилген ченемдерге шайкеш келээри аныкталган.

Белгилей кетсек, текшерүү 10-25-июль күндөрү КР Акыйткатчысынын орун басарынын КР ССМ жана ММК фондуна кайрылуусунан бир ай өткөндөн кийин гана жүргүзүлгөн, текшерүү жүргүзүү үчүн комиссия түзүлгөнү тууралуу кат 2018-ж. 6-июлда жөнөтүлгөн, КР ССМ комиссия түзүү жөнүндө көрсөтмөнү 2018-жылы 26-июнда берет, ММКФ буйругу 2018-жылдын 3-июлга көрсөтүлгөн.

РПСБ штаттык тартиби боюнча Бишкек ш. 2018-жылы диет-медайымдын 1 штаттык бирдиги бөлүнгөн. Бирок факт боюнча, директордун медайым иши боюнча орун басары кызыкчылыктар каршылыгын жаратып, диет-айым кызматын 0,25 ченем менен айкалыштырып иштеп келген.

КР Саламаттык сактоо министрлигинин 21.08.2017-ж. №476 буйругуна ылайык (19-тиркеме, Диет-айымдын ишмердүүлүгү жөнүндө жобо), ийкемдүү меню түзүү, тамак-аш тизмеси жана топтолгон меню боюнча меню-бөлүштүрүү диет-айымдын милдетине кирет жана саламаттыкты сактоо мекемесинин Дарылык тамактануу кеңеши тарабынан бекитилет. Белгилей кетсек, Бишкек ш. РПСБ текшерүү убагында мекемеде аталган Кеңеш түзүлгөн эмес, бул КР Саламаттык сактоо министрлигинин 21.08.2017-ж. №746 буйругуна каршы келет.

Бирок комиссия аныктагандай, диет-айымдын белгиленген функционалдык милдети аткарылбайт, меню-бөлүштүрүүнү 10 жылдан бери башкы-ашпозчу түзөт, бул анын жекече милдеттеринин жоопкерчилигине кирбейт.

Даяр тамак-ашты чыгарууда меню-бөлүштүрүүгө ылайык келбеген айырмачылык аныкталган жок.

Бишкек ш. Республикалык психикалык саламаттык борборунун бейтаптарынын жетишсиз тамактандыруу тууралуу арызы боюнча жүргүзүлгөн комиссиялык мониторингдин жыйынтыгына ылайык, төмөндүгүдөй корутунду чыгарылды:

- РПСБ кампасындагы азык-түлүккө инвентаризация жүргүзүүдө 584 сомдук жетишпестик аныкталган;
- РПСБ Дарылык азыктануу жана аны уюштурууну көзөмөлдөө боюнча Кеңеш түзүлгөн эмес/жок, ошондой эле, ар түрдүү ооруларда диеттерапиянын натыйжалуулугуна талдоо жок;
- Аныкталгандай, медициналык диета медайымынын кызматын айкалыштырып иштеген директордун медайымдык иш боюнча орун басары өзүнүн функционалдык негизги милдеттерин аткарбайт, тамак-аш тизмеси жана меню топтому боюнча меню-бөлүштүрүүнү түзбөйт;
- Медициналык диета айымынын 1,0 штаттык бирдиги бар болсо дагы 0,25 штаттык бирдик гана колдонулат, бул өз кезегинде кайдыгер мамилеге жана өзүнүн негизги функционалдык милдеттерин аткарбоого алып келген, себеби дарылык азыктандырууну уюштуруу эң биринчи компетенттүү адистин меню түзүүсүнөн башталат, бул жалпы дарылоо процессинин эң маанилүү бөлүгү болуп саналат.
- Анонимдик анткета жүргүзүүнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, 2-бөлүмдүн бейтаптарынын жүйө далилдери негиздүү экендигин көрсөттү, мекеме жетекчиси өзгөчө көңүл бура турган бир катар көйгөйлөр бар.

**Иштелип чыккан сунуштамалар мекеме жетекчисине тааныштырылды**

- **Башкы эсепчиге кампа башчысынын азык-түлүктөн жетпей калган 584 сомду калыбына келтирүүнү камсыздоо;**
- **РПСБ директоруна:**
  - Дарылык тамактануу боюнча тез арада кеңеш түзүү:
  - өзүнүн негизги жана функционалдык милдеттенмелерин аткарбагандыгы үчүн директордун медайым иштери боюнча орун басары кызматын айкалыштырып иштеген медициналык диета айымына административдик катуу чара көрүү (кабыл алынган чечим тууралуу КР ССМ буйруктун көчүрмөсүн тиркөө менен маалымдоо);
  - Бейтаптарды дарылоочу тамак-аш менен камсыздоо иштерин КР ССМ буйруктары менен бекитилген ченемдерге ылайык камсыздоону уюуштуруу жана сапаттуу ишке киргизүү үчүн  медициналык диета айымы кызматына дарылык азыктандыруу боюнча атайын даярдыгы жана «диетология» адистиги боюнча компетенттүү адисти 1,0 штаттык бирдикке дайындоо.

Бейтаптарды дарылык тамактандыруу менен камсыздоо жана уюштуруу маселеси боюнча РПСБ тарабынан жүргүзүлгөн мониторинг, аныкталган бузууларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине ылайык

келтирүү үчүн тиешелүү мекемелер тарабынан зарыл чаралар көрүлүшү зарылдыгын көрсөттү.

## 8.3. АДАМДЫК КАДЫР-БАРКТЫ БАСМЫРЛООГО ЖОЛ БЕРБЕГЕН СЫЙ ЖАНА АДАМГЕРЧИЛИКТҮҮ МАМИЛЕГЕ БОЛГОН УКУК

1999-жылдын 17-июнундагы №60 «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» КР Мыйзамынын 5-б. 2-бөлүмүнө ылайык, психикалык жактан жабыркаган бардык адамдар, аларга психиатриялык жардам көрсөтүүдө адамдык кадыр-баркты басмырлоого жол бербеген сый жана адамгерчиликтүү мамилеге укуктуу.

Адамгерчиликтүү психиатриялык жардам, бул эң биринчи кезекте психиатриялык оорудан жабыркаган адамдын кызыкчылыгында, аны дарылоо жана абалын жакшыртуу максатында көрсөтүлүшү керек дегенди түшүндүрөт.

Психиатриялык мекемелерде турган бейтаптар үчүн аларга карата адамгерчиликтүү жана сый мамилени сактоонун шарттарынын бири, аларга медициналык персонал тарабынан адамдык кадыр-баркты басмырлоого жол бербеген сый жана гумандуу мамиле жасоо принциби болуп саналат.

Бейтапка сый мамиле жасоо, бул белгилүү бир адам жана анын жакындары башынан өткөргөн окуянын маанилүүлүгүн сезе билүү менен ага карата медициналык жана тейлөөчү персонал тарабынан интеллектуалдык жана психоэмоциялык таасир көрсөтүү болуп саналат (башкача айтканда, бейтапты жардамга кайрылууга мажбур кылган жагдайды баалай билүү).

Бирок, жабык түрдөгү мекемелерде, психиатриялык мекемелерде өзүнүн өзгөчө иш багытына байланыштуу психикалык оорулардан жабыркаган адамдар көп учурда адамдык кадыр-баркты басмырлаган катаал мамилеге туш болушат.

2018-жыл ичинде психиатриялык мекемелерде турган бейтаптардын укугун коргоо кызматынын дарегине медициналык кызматкер тарабынан орой мамиле жасалганы тууралуу 9 билдирүү келип түшкөн. Психиатриялык мекемелердин бейтаптары медициналык кызматкерлер тарабынан жасалган катаал мамиле фактылары жөнүндө билсе дагы, көп учурда ал тууралуу унчукпай койгон фактылар өзгөчө тынчсыздануну жаратат. Же болбосо, психиатриялык мекемелерде турган бейтаптардын укугун коргоо кызматына кат жүзүндө кайрылгандар бир катар себептерден улам өз арызынан кийин баш тартып коюшат.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына 2-топтогу майып[246] М.Д. Бишкек ш. РПСБ психиатр-дарыгери З.Т. Файзулина орой мамиле жасаганы тууралуу арыз менен кайрылган.

246. 28.03.18 ж. Кириш №М-309

Арызда даттануучу алынган талон боюнча дарыгер З. Файзулинанын кабыл алуусуна киргенин, анда ВТЭК кароосунан өтүү үчүн тез арада документтер тобун тариздөө зарылдыгын билдиргенин айтат. Ал бардык документтерди эртеси эле алып келген, андан соң дарыгер болсо өзү телефон чалаарын айткан.

Андан 3 күн өткөндөн кийин З.Т. Файзулинага кайрылганда ал кайрылуучуга «ары эс ал» деген сөз менен орой мамиле жасайт. Дагы 5 күн күтүп, М.Д. энесин жанына алып барып, З.Т. Файзулинага кайрылат, дарыгер бул жолу да анын өзүнө жана карыган энесине орой мамиле жасайт. Ал эми З.Т. Файзулина арыз жазуучу психиатр-дарыгер К.Усенов тарабынан байкоого алынганын далилдердин бири катары келтирген.

Ошентип, Бишкек ш. РПСБ дарыгери тарабынан бейтаптын сый мамилеге, ошондой эле, дарылоочу персоналды тандоо эркиндигине карата укуктары бузулган.

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен Бишкек ш. РПСБ дарыгери З.Т. Файзулинага катуу сөгүш жарыяланган.

## 8.4. ПСИХИКАЛЫК ООРУЛАРДАН ЖАБЫРКАГАН АДАМДАРДЫН БИР АЗ ЖЕҢИЛ ЧЕКТЕЛГЕН ШАРТТАРДА, МҮМКҮН БОЛСО – ЖАШАГАН ЖЕРИ БОЮНЧА ПСИХИАТРИЯЛЫК ЖАРДАМ АЛУУГА БОЛГОН УКУГУ

Психикалык оорулууну коргоо жана психиатриялык жардамды жакшыртуунун 7-принцибине ылайык: «1) Ар бир бейтап мүмкүн болушунча өзү жашаган жамаатка жакын дарыланууга жана кам көрүүгө укуктуу. 2) Психиатриялык мекемеде дарыланууда бейтап мүмкүн болушунча бардык шарттарга укуктуу, өзүнүн үйүнө же туугандары менен досторунун үйүнө жакын жерде дарыланууга жана мүмкүн болушунча өзүнүн жамаатына тезирээк кайтып келүүгө укуктуу».

Бүгүнкү күнү көптөгөн мамлекеттер белгилүү бир аймакта жашаган калктын муктаждыгын камсыздоого багытталган, жергиликтүү жамаатка жакындатылган психикалык саламаттыкты коргоо кызматын түзүүгө ниеттенип жатат.

Бул кызматтар кезектеги милдеттерди: бейтаптар жана алардын үй-бүлөлөрүн колдоо үчүн маалымат жана өз жардам каражаттары менен камсыздоо; психикалык саламаттыктын кеңири таралган ооруларын дарылоо боюнча биринчи деңгээлдеги кызмат көрсөтүү; психикалык ден соолуктун оор жана/же комплекстүү бузулуусуна кабылган адамдарды профилактикалоо, дарылоо жана психосоциалдык реабилитациялоого байланыштуу психикалык саламаттык сактоо кызматтарын жашаган жеринде көрсөтүү; үзгүлтүксүз дарылоо зарылдыгы пайда болгондо – жергиликтүү маанидеги ден соолук борборлору же райондук борборлошкон ооруканалар сыяктуу мекемелерге дарылоого жаткырууну эң

акыркы зарыл каражат катары колдонуу; психикалык ден соолуктун өнөкөт бузулуусуна кабылган жактар үчүн үй-интернаттарында иштеген кызматкерлерге колдоо көрсөтүү, ошондой эле, соттук-психиатриялык экспертиза жүргүзүүнү кошкондо аймактык жана борбордук деңгээлде айрым кызмат түрлөрүн көрсөтүүнү аткарууга тийиш.

Кыргыз Республикасында Калктын психикалык саламаттыгын 2018-2030-жылдары коргоо жана биринчи беш жылдагы иш-чаралар планы (2018-2022 ж.) боюнча Өкмөттүн Программасын бекитүү жөнүндө Өкмөттүн 2018-жылдын 1-мартындагы №119 Токтомун жүзөгө ашыруу алкагында, Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан 2018-жылдын 14-мартында «Калктын психикалык саламаттыгын 2018-2030-жылдары коргоо жана 2018-2022-жылдарга карата беш жылдык иш-чаралар планы жөнүндөгү КР Өкмөтүнүн Программасы жана аны жүзөгө ашыруунун беш жылдык этабы жөнүндөгү...» №180 буйругу чыгарылган.

Жогоруда аталгандарды аткаруу алкагында алгачкы медициналык-санитардык жардам менен психикалык саламаттык кызматын интеграциялоо жүргүзүлүп жатат: психикалык ден соолук чөйрөсүндө кызмат көрсөтүү боюнча жаңы форма сыналды, анда психиатр-дарыгер менен катар психолог жана эки медайым иштейт, алардын бири патронаж медайым болуп саналат. Ошону менен катар бейтаптарды стационарга жаткыруу кыскартылууга жана аларды коомго социалдаштыруу деңгээлин жогорулатууга тийиш. Республиканын 11 аймагында БМСЖ жана ҮДБ деңгээлинде тармак аралык топтор пилоттук түрдө ишке киргизилген.

Мындай шартта, психикалык ден соолугу бузулган адамдардын укугун жашаган жерине жакын бейтаптын негизги муктаждыктарына жооп берген психикалык саламаттык кызматтарында камсыздоо бир кыйла жеңил болот.

Бирок психиатриялык мекемелерде болгон бейтаптардын укуктарынын сакталышына жүргүзүлгөн мониторингдер алардын акырындык менен коомчулуктан алысташына жана обочолонушуна алып келээрин көрсөтүүдө. Көпчүлүк адистер кам көрүү жана дарылоо жашаген жери боюнча жүргүзүлүшү керек деп эсептейт, себеби ири психиатриялык ооруканаларда көп учурларда бейтаптарга керектүү көңүл бурулбай калат, бул алардын укуктарынын бузулушуна алып келет.

Ошол эле учурда сапаттуу кызмат көрсөтүү үчүн жетиштүү сандагы квалификациялуу кызматкерлер болууга тийиш. Кызматтын ишинин түзүмүндөгү Кызмат көрсөтүү жана иштөө ыкмасынын өзгөрүшү психикалык саламаттык кызматынын бардык бөлүмдөрүндөгү кызматкерлердин санын жана кесиптик-квалифкациялык түзүмүнүн өзгөртүүнү талап кылат.

Биринчи медициналык-санитардык жардам деңгээлинде 1707 үй-бүлөлүк дарыгерлер, орто билимдүү 10 549 адистер, анын ичинде, 6191 үй-бүлөлүк медайымдар иштейт. Орто медициналык персоналдын коюму толук түрдө комплектацияланган.

Бирок КР Саламаттык сактоо министрлигинин маалыматына ылайык, бүткүл республика боюнча үй-бүлөлүк медициналык борборлордо психиатр-дары-

герлер менен клиникалык психологдордун 137 кызматтык бирдиги каралган. Алардын иш жүзүндө 9,25 психотерапевт кызматтык бирдиги жана клиникалык психологдордун 29 кызматтык бирдигине адистер орноштурулган, бул аталган адистердин абдан көп жетишсиздигин көрсөтүп турат.

Калкка психиатриялык жардам көрсөтүүнү андан ары өнүктүрүү боюнча комплекстүү чараларды жүзөгө ашыруу зарылдыгы өтө курч маселе болуп турат. Психикалык бузулууну көп учурда дарылоо мекемелерине жаткырбастан эле атайын каражаттар менен алдын алууга жана жеңилдетүүгө мүмкүндүк бар. Ал үчүн кесипкөй кызматкерлерди даярдоо жана үй-бүлөлөрдү камсыздоо зарыл, психиатриялык тез жардам кызматын жакшыртуу, ошондой эле, социалдык обочолонуунун алдын алууга багытталган социалдык тейлөөнү, күндүзгү кам көрүүнү өнүктүрүү керек.

### Сунуштамалар

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:**

1. Психиатриялык мекемелерде турган адамдардын укуктарынын бузулушун жоюу үчүн КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) берген сунуштамалардын аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан аткарылышын кароо жана камсыздоо;

2. Кыргыз Республикасынын калкынын психикалык саламаттыгын 2018-2030-жылдары коргоо боюнча КР Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген (2018-жылдын 1-мартындагы №119) Өкмөттүк Программаны аткарууну камсыздоо.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине**

1. Жашаган жери боюнча, ар түрдүү социалдык дезадаптация түрлөрүнө кабылган бейтаптарга, клиникалык-социалдык көрсөткүчтөрдү жакшыртуу үчүн социалдык аракеттенүү көйгөйлөрүнө, анын ичинде, үй-бүлөлүк бирге аракет кылуу, социалдык тармакты кеңейтүү, социалдык-эмгектик калыбына келтирүүгө байланышкан жарым-кесипкөйлүк жардам көрсөтүүгө багытталган ооруканадан тышкары реаблитация (психиатрлар, психологдор, психотерапевттер, социалдык кызматкерлер камтылган) сыяктуу психиатриялык жардам көрсөтүүнүн альтернативдүү жолдорун өнүктүрүү;

2. Психиатриялык мекемелерде иштөө үчүн адистерди биринчи даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу тутумун жакшыртуу, ошондой эле, биринчи медициналык-санитардык жардам берүү деңгээлинде кошумча даярдоо жолу менен психиатр-дарыгерлерди биргеликте аракеттенүү маселеси боюнча соматикалык тармактык дарыгерлер менен даярдоо, биринчи медициналык тармакта психикалык бузулуу менен жабыркаган оорулууларды аныктоо жана алар менен иштешүү маселелери боюнча биринчи медициналык жардам берүү дарыгерлерин даярдоону өнүктүрүү;

3. КР «Психиатриялык жардам берүү жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиги жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, өнөкөт психикалык оорулардан жабыркаган балдарды КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги менен биргеликте Балдардын психиатриялык стационарынан адистештирилген социалдык мекемелерге которууну камсыздоо;

4. Кабыл алынган ченем документтерине ылайык, психиатриялык мекемелерде бейтаптарды дарылоо тамактануусу жана дарылык азыктандырууну камсыздоо боюнча Кеңештин иштөө маселесин карап чыгуу.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына:**

1. Аймакты өнүктүрүү прораммаларына психиатриялык жардам көрсөтүүнү өнүктүрүү чараларын, жашаган жери боюнча психиатриялык жардам көрсөтүүнү кароо жана кошуу;

2. Биринчи деңгээлдеги медициналык-санитардык жардам көрсөтүү мекемелери, өкмөттүк эмес уюмдары менен биргеликте өз ара жардам топторун түзүүгө көмөк көрсөтүү.

# БАЯНДАМАГА ТИРКЕМЕЛЕР

# №1 ТИРКЕМЕ. 2018-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) СУНУШТАМАЛАРЫ МЕНЕН ЭСЕПТЕШПЕГЕН, АДАМ УКУКТАРЫ МЕНЕН ЭРКИНДИКТЕРИН БУЗГАН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР, ИШКАНАЛАР, МЕКЕМЕЛЕР, УЮМДАР ЖАНА АЛАРДЫН КЫЗМАТ АДАМДАРЫ

| № | Органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол койгон кызмат адамынын Ф.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулган | КР Акыйкатчысынын(Омбудсменинин) ишмердигинин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Жети-Өгүз райондук билим берүү бөлүмү | С. Чекирова | Райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы | Кызыкчылыктардын кагылышы (мыйзамсыз аракеттер) | КР Билим берүү жана илим министринин 2018-жылдын 26-июлундагы №22/6 буйругу менен №22/6 С.Чекировага “сөгүш” тартиптик чарасы берилген. |
| **2** | «Аман банк» Ош обл. филиалы | Ж. Абдыкадыров | «Аман банк» Ош .обл.филиалынын башчысы | КР КЖКнын 166-бер. 4-бөл., 3-бөл., 1-п.1-бөл. Алдамчылык бер. | КР КЖКнын 166-бер.4-бөл. 3-бөл.1-п.1-бөл. менен кылмыш иши козголуп, кармалып, Ош шаарындагы №25 мекемесине камалган. |
| **3** | Ысык-Ата райондук оорукана Кант ш. | А. Аралбаев | Директор | Саламаттыгын сактоого, мед. жардамга укук | Тийиштүү көзөмөлдүк жүргүзбөгөнү үчүн “сөгүш” түрүндө тартипке чакыруу чарасы жарыяланган. |
| **4** | Ысык-Ата райондук оорукана Кант ш. | А. Рустамов<br>А.А. Айылчиева | Дарыгерлер | Саламаттыгын сактоого, мед. жардамга укук (дарыгерлердин шалаакылыгы) | Райондук оорукананын 2018-жыл 1-сентябрдагы №78 буйругу менен “сөгүш” тартиптик чарасы жарыяланган. |
| **5** | Ысык– Ата райондук оорукана Кант ш. | М. Сыхуза | “Тез жардамдын” фельдшери | Саламаттыгын сактоого, мед. жардамга укук | Кант ш. ҮДТ 2018-жыл 4-сентябрдагы №107 буйругу менен “сөгүш” тартиптик чарасы жарыяланган. |

| № | Органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол койгон кызмат адамынын Ф.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулган | КР Акыйкатчысынын(Омбудсмениниин) ишмердигинин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **6** | №93 ОМ | Г. Мадамилова | Директор | Эмгек талаштары Кызыкчылыктар кагылышы | Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын 2018-жылдын 21-февралындагы № №26/1 буйругу менен “сөгүш” тартиптик чарасы жарыяланган. |
| **7** | №5 ҮМБ | К. Саткынова | Терапевт-дарыгер Кардиолог-дарыгер | Саламаттык сактоого, мед.жардамга укук | 2018-жылдын 3-апрелиндеги №71 буйругу менен “сөгүш” тартиптик чарасы жарыяланган |
| **8** | Бишкек ш. Ленин райондук прокуратурасы | М. Кулжабаев | Прокурор | Алар белгиленген мөөнөттө негизделген жооп берүүгө милдеттүү мамлекеттик бийлик органына кайрылуу укугу | Жарандардын кайрылууларын кароо жөнүндө КР Акыйкатчы аппаратынын суроо-талабына өз убагында жооп бербегени үчүн өткөрүлгөн ыкчам кеңешмеде Бишкек ш. Ленин районунун прокурору мындан ары мындайга жол койбоо тууралуу «алдын ала катуу эскертилген». |
| **9** | Бишкек ш. Ленин райондук прокуратурасы | У. Калыков | Прокурордун орун басары | Алар белгиленген мөөнөттө негизделген жооп берүүгө милдеттүү мамлекеттик бийлик органына кайрылуу укугу | Бишкек ш. прокурору Т. Бекмаматовдун буйругу (2019-ж.8-январындагы №1) менен У. Калыков “эскертүү” түрүндөгү тартип жоопкерчилигине тартылган. |
| **10** | Бишкек ш. Ленин райондук прокуратурасы | А. Момункулова | Прокурордун жардамчысы | Алар белгиленген мөөнөттө негизделген жооп берүүгө милдеттүү мамлекеттик бийлик органына кайрылуу укугу | Бишкек ш. прокурору Т. Бекмаматовдун буйругу (2019-ж.8-январындагы №1) менен А. Момункулова “эскертүү” түрүндөгү тартип жоопкерчилигине тартылган. |

| № | Органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол койгон кызмат адамынын Ф.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулган | КР Акыйкатчысынын(Омбудсменинин) ишмердигинин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| 11 | Бишкек ш. Ленин райондук прокуратурасы | Ж. Алымкулова | Прокурордун жардамчысы | Алар белгиленген мөөнөттө негизделген жооп берүүгө милдеттүү мамлекеттик бийлик органына кайрылуу укугу | Бишкек ш. прокурору Т. Бекмаматовдун буйругу (2019-ж.8-январындагы №1) менен Ж.Алымкулова сөгүшү түрүндөгү тартип жоопкерчилигине тартылган. |
| 12 | Бишкек ш. Ленин райондук ИИБ | К. Жаныбеков | Тергөөчү | Алар белгиленген мөөнөттө негизделген жооп берүүгө милдеттүү мамлекеттик бийлик органына кайрылуу укугу | Бишкек ШИИБ башчысы С.Рахмановдун буйругуна ылайык, өзүнө жүктөлгөн функционалдык милдеттерин тийиштүү деңгээлде аткарбаганы үчүн, атап айтканда, жарандардын кайрылууларын кароо жөнүндө КР Акыйкатчы аппаратынын суроо-талабына өз убагында жооп бербегени үчүн Бишкек шаарындагы Ленин РИИБ тергөө кызматынын тергөөчүсү К.Жаныбековго "сөгүш" жарыяланган. |
| 13 | КР Түзөтүү мекемелеринде мыйзамдуулук тун аткарылышын көзөмөлдөө боюнча прокуратурасы | С. Абдылдаев | Прокурордун орун басары | Эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укук жана укуктук коргоонун натыйжалуу каражаты | С.Абдылдаевге карата чара көрүү жөнүндө маалымат баяндама даярдалып жаткан учурда келе элек болчу. |
| 14 | КР Түзөтүү мекемелеринде мыйзамдуулук тун аткарылышын көзөмөлдөө боюнча прокуратурасы | Б. Цой | Прокурордун жардамчысы | Эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укук жана укуктук коргоонун натыйжалуу каражаты | Б.Цойго карата чара көрүү жөнүндө маалымат баяндама даярдалып жаткан учурда келе элек болчу. |

| № | Органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол койгон кызмат адамынын Ф.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулган | КР Акыйкатчысынын(Омбудсменинин) ишмердигинин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **15** | КР Түзөтүү мекемелеринде мыйзамдуулук тун аткарылышын көзөмөлдөө боюнча прокуратурасы | З. Нышанова | Прокурордун жардамчысы | Эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укук жана укуктук коргоонун натыйжалуу каражаты | З.Нышановага карата чара көрүү жөнүндө маалымат баяндама даярдалып жаткан учурда келе элек болчу. |
| **16** | Бишкек ш. Октябрь райондук прокуратурасы | А. Каримов | Прокурордун жардамчысы | Алар мыйзамда белгиленген мөөнөттө негизделген жооп берүүгө милдеттүү мамлекеттик бийлик органына кайрылуу укугу | Бишкек ш. Т. Бекмаматовго А.Каримовду тартиптик чарага тартуу жөнүндө сунуш киргизилген. |
| **17** | КР ИИМ тергөө кызматы | Н. Мамбеталиев | Тергөөчү | Кылмыш ишин тергөөдө кетирген баш аламандыгы үчүн | Тергөөчү Н.Мамбеталиевдин аракети жөнүндө ММКда жарыяланган. |
| **18** | КР ИИМ тергөө кызматы | А. Жумабаев | Тергөөчү | Кылмыш ишин тергөөдө кетирген баш аламандыгы үчүн | А.Жумабаев тартип жоопкерчилигине тартылган жок, бирок кылмыш ишти тергөө КР ИИМ тергөө кызматынын башка тажрыйбалуу тергөөчүсүнө өткөрүлүп берилген. |
| **19** | КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК | Т. Жапаров | Төрага | Акыйкатчы аппаратынын ишмердигине тоскоолдук үчүн | Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери Бишкектеги 1-ТИЗОго жана №47 түзөтүү колониясына мониторинг учурунда тоскоолдук көрсөткөн. |

| № | Органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол койгон кызмат адамынын Ф.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулган | КР Акыйкатчысынын(Омбудсменинин) ишмердигинин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **20** | Нарын обл.Ат-Башы РИИБ | Н. Туратбеков | Тергөөчү | Кылмыш ишин тергөөдө кетирген баш аламандыгы үчүн | Нарын ИИБ башчысы У.Аалиевдин буйругу менен (2018-ж 27.06. №291) тартип жоопкерчилигине тартылып, ага сөгүш берилген. |
| **21** | Түп райондук соту | Б. Астаев | Төрага | Эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укук жана укуктук коргоонун натыйжалуу каражаты | Судья жокто Б. Астаев жаран Ж.А.ны камактан бошотуу боюнча б.а. Бишкектеги 1-ТИЗОдон чыгаруу боюнча чара көргөн эмес . |
| **22** | Бишкек ШИИБ | З. Асанова | Тергөөчү | Эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укук | Өткөрүлгөн ыкчам кеңешмеде З.Асанов мындан ары ушундайга жол бербөө тууралуу алдын ала катуу эскертилген. |
| **23** | Түп райондук соту | А. Абдивалиев | Судья | Эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укук | Өкүм чыгарууда КР КЖКнын 61-беренеси көрсөтүлгөн эмес, алдын алоо кармалган мөөнөтү көрсөтүлбөгөндүктөн Ж.А. Бишкек ш. ТИЗОдо 1,5 ай мыйзамсыз олтурган. |
| **24** | Бишкек ш. Ленин РИИБ | У. Эсенбеков | Участкалык милиционер | Эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укук | КР КЖКнын 305-бер.2-бөлүгүнүн 3-п. жана 174-беренесинин 174-беренесинин 1-бөл. боюнча кылмыш иши козголгон. Учурда КР УКМК БТБ тергөө жүргүзүүдө |

| № | Органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол койгон кызмат адамынын Ф.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулган | КР Акыйкатчысынын(Омбудсменинин) ишмердигинин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **25** | Бишкек ш. Ленин РИИБ | Д. Шейшеналиева | Тергөөчү | Кылмыш ишин тергөөдө кетирген баш аламандыгы үчүн | Бишкек шаарынын Ленин райондук прокуратурасы тергөөчү Т.Керимбековго карата сунуштама киргизген. Бирок Бишкек ШИИБ талкуулоо менен гана чектелишкен.<br>Бишкек ш.прокуратурасы тарабынан КР ИИМ министринин наамына 2018-жылдын 3-декабрында сунуш киргизилген. Анда көрсөтүлгөн мыйзам бузуулардын себептерин шарттарын жоюу жана Бишкек ш.Ленин райондук ИИБ Тергөө кызматынын тергөөчүсү Д.Шейшеналиеваны жана Бишкек ш.Свердлов райондук ИИБ Тергөө кызматынын Т.Керимбаевди жана алардын ишине көзөмөлдүк жүргүзүүчү жетекчилерди тартип жоопкерчилигине тартуу суралган. |
| **26** | Бишкек ш. Свердлов РИИБ | Т. Керимбаев | Тергөөчү | Кылмыш ишин тергөөдө кетирген баш аламандыгы үчүн | Бишкек ш.прокуратурасы тарабынан КР ИИМ министринин наамына 2018-жылдын 3-декабрында сунуш киргизилген. Анда көрсөтүлгөн мыйзам бузуулардын себептерин шарттарын жоюу жана Бишкек ш.Ленин райондук ИИБ Тергөө кызматынын тергөөчүсү Д.Шейшеналиеваны жана Бишкек ш.Свердлов райондук ИИБ Тергөө кызматынын Т.Керимбаевди жана алардын ишине көзөмөлдүк жүргүзүүчү жетекчилерди тартип жоопкерчилигине тартуу суралган. |

| № | Органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол койгон кызмат адамынын Ф.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулган | КР Акыйкатчысынын(Омбудсменинин) ишмердигинин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **27** | Чүй обл. Москва райондук ИИБ | К. Шакенов | Кылмыш иликтөө бөлүмүнүн кызматкери | Алар мыйзамда белгиленген мөөнөттө негизделген жооп берүүгө милдеттүү мамлекеттик бийлик органына кайрылуу укугу бузулган. | Чүй облустук ИИББ башчысы С.Курманкуловдун 2019-ж.4-февраль) буйругу менен өзүнө жүктөлгөн функционалдык милдеттерин тийиштүү аткарбаганы, а.а. КР Акыйкатчысынын суроо-талабына өз убагында жооп бербегени үчүн К.Шакенов тартип жоопкерчилигине тартылып, “сөгүш” берилген. |
| **28** | Чүй обл. Москва райондук ИИБ | Завялова | Кеңсе катчысы | Алар мыйзамда белгиленген мөөнөттө негизделген жооп берүүгө милдеттүү мамлекеттик бийлик органына кайрылуу укугу | Чүй облустук ИИББ башчысы С.Курманкуловдун 2019-ж.4-февраль) буйругу менен өзүнө жүктөлгөн функционалдык милдеттерин тийиштүү аткарбаганы, а.а. КР Акыйкатчысынын суроо-талабына өз убагында жооп бербегени үчүн Завялова тартип жоопкерчилигине тартылып, “эскертүү” берилген |
| **29** | Чүй облустук ИИББ | А.Осмоналиев | Милициянын криминалдык кызматынын башчысы | Алар мыйзамда белгиленген мөөнөттө негизделген жооп берүүгө милдеттүү мамлекеттик бийлик органына кайрылуу укугу | Өткөрүлгөн ыкчам кеңешмеде жүктөлгөн функционалдык милдеттерин тийиштүү аткарбаганы, а.а. КР Акыйкатчысынын суроо-талабына өз убагында жооп бербегени үчүн А.Осмоналиев «алдын ала катуу эскертилген». |

| № | Органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол койгон кызмат адамынын Ф.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулган | КР Акыйкатчысынын(Омбудсменинин) ишмердигинин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **30** | Чүй облустук ИИББ | М. Уметалиев | Улук ыкчам ыйгарым укуктуу | Алар мыйзамда белгиленген мөөнөттө негизделген жооп берүүгө милдеттүү мамлекеттик бийлик органына кайрылуу укугу | Өткөрүлгөн ыкчам кеңешмеде жүктөлгөн функционалдык милдеттерин тийиштүү аткарбаганы, а.а. КР Акыйкатчысынын суроо-талабына өз убагында жооп бербегени үчүн А.Осмоналиев «алдын ала катуу эскертилген» |
| **31** | Ош областтык прокуратурасы | Канабат кызы М. | Бөлүмдүн прокурору | Алар мыйзамда белгиленген мөөнөттө негизделген жооп берүүгө милдеттүү мамлекеттик бийлик органына кайрылуу укугу бузулган. | Ош облусунун прокурору Б.Ж. Казаковдун буйругу (2019-жылдын 12-февралындагы №34-К) менен функционалдык милдеттерин тийиштүү аткарбаганы, а.а. КР Акыйкатчысынын суроо-талабына өз убагында жооп бербегени үчүн Канабат кызы М тартип жоопкерчилигине тартылып, "эскертүү" берилген. |
| **32** | КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК №21 мекемеси | К.Калмаматов | Мекеменин башчысы | Акыйкатчы аппаратынын ишмердигине тоскоолдук | КР Акыйкатчы (Омбудсмена) аппаратынын кызматкерлерин (1-ТИЗОдо кармалып тургандардан же алардын кызыкчылыгында туугандарынан келип түшкөн арыздарды кароо боюнча барган учурда) 1-ТИЗОго киргизүүдөн ЖАМК жетекчилигине шилтеме жасап, баш тартылган. |

| № | Органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол койгон кызмат адамынын Ф.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулган | КР Акыйкатчысынын(Омбудсменинин) ишмердигинин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **33** | Кыргыз Республикасынын Жогорку соту | К. Эсенканов<br>А. Акыева<br>Б. Бактыгулова | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары | КР ЖПКнын 46-бер. Коргоочунун милдеттүү катышуусу тууралуу ченеми бузулган. Өзгөчө оор кылмыш жасаганы үчүн соттолгон А.А.Тимоновго карата кылмыш иши боюнча сот процессинде жактоо үчүн, квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү үчүн адвокат берилген жок, соттолгондун кызыкчылыктарын , Тимонов А.М. гана коргоду, муну менен соттолуучунун квалификациялуу юридикалык жардам алууга конституциялык укугу бузулган. | КР Судьялар кеңешинин тартип комиссиясы КР Акыйкатчысынын КР Жогорку сотунун судьяларын тартиптик жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунушун канааттандырып, аларга тартиптик чара “алдын ала эскертүү” берген. |

| № | Органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол койгон кызмат адамынын Ф.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулган | КР Акыйкатчысынын(Омбудсменинин) ишмердигинин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| 34 | Кыргыз Республикасынын Жогорку соту | К. Джунушпаев<br>Ш. Камчыбеков<br>Б. Бактыгулов | Судьялар | Сот процессинин катышуучусун талаптагыдай эмес кабарлоо, ишти кароонун графигин сактабоо | Бул маселе КР Жогорку сотунун кылмыш-жаза иштери жана административдик укук бузуулар боюнча коллегиясынын жалпы чогулушунда каралган, анда бардык судьяларга иштерди кароонун графигин тыкыр сактоо жөнүндө көрсөтмө берилген. Жалпы чогулуштун жыйынтыгында КР Жогорку сотунун кылмыш-жаза иштери жана административдик укук бузуулар боюнча коллегиясынын бардык курамына «алдын ала катуу эскертилген». |
| 35 | Бишкек шаардык соту | Ж. Мамбеталы<br>С. Бектемирова<br>Н.Черикова | Бишкек шаардык сотунун судьялары | Кылмыш иши соттолуучунун күнөөсүн мойнуна албагандыктан кыскартылгандыктан, КР ЖС Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 19-мартындагы №22-р чечими аткарылган эмес, ага ылайык, доонун эскирүү мөөнөтү өткөнүнө байланыштуу кыскартууга жол коюлбайт, эгер айыпталуучу буга каршы болсо, мисалы өзүн күнөөм жок деп эсептесе | КР Судьялар кеңешинин тартип комиссиясы КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сунуштамасын канааттандырып, Бишкек шаардык сотунун судьяларына карата тартип жоопкерчилигине тартып, "алдын ала эскертүү" берүү чечимин кабыл алды. |

| № | Органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол койгон кызмат адамынын Ф.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулган | КР Акыйкатчысынын(Омбудсменинин) ишмердигинин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| 36 | КР Адвокатурасы | А.Т. Жакыпов | Адвокат | Бишкек ш.Свердлов райондук сотунда айыпталуучулардын адвокаты А.Т.Жакыпов тарабынан алар адвокаттын кесиптик этикасын бузган жол коюлгус аракеттер жасалган. | КР Адвокатурасынын Тартип комиссиясынын чечими менен адвокат А.Т. Жакыпов “алдын ала эскертүү” тартип жоопкерчилигине тартылган. |
| 37 | Кой-Таш а. мектеп | В. Чылпакбаева | Кой-Таш а.мектептин директору | Кызматтык ыйгарым укуктарынан мыйзамсыз аша чабуу | КР Эмгек Кодексинин 82-беренесинин негизинде 2018-жылдын 14-сентябрында ээлеген кызматынан бошотулган. |
| 38 | Баткен обл. Лейлек р-ну Беш-Бала орто мектеби Баткен обл. Лейлек райондук билим берүү бөлүмү | А. Абдураимова<br><br>И. Ниязалиева | Беш-Бала орто мектебинин директору<br><br>Б Баткен обл. Лейлек райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы | Кызматтык ыйгарым укуктарынан мыйзамсыз аша чабуу<br><br>Тийиштүү көзөмөлдүн жоктугу | КР Эмгек Кодексинин 82-беренесинин негизинде Лейлек райондук билим берүү башкармалыгынын №226 буйругу менен ээлеген кызматынан бошотулган.<br><br>КР Эмгек Кодексинин 82-беренесинин негизинде Лейлек райондук билим берүү башкармалыгынын №226 буйругу менен ээлеген кызматынан бошотулган.<br><br>“Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамынын 47-беренесинин 1-бөл.6-п. негизинде КР Билим берүү жана илим министринин №122/4 буйругу менен ээлеген кызматынан бошотулган. |

| № | Органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол койгон кызмат адамынын Ф.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулган | КР Акыйкатчысынын(Омбудсменинин) ишмердигинин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| 39 | Чүй обл. Кемин райондук билим берүү бөлүмү | З. Алиева | Кемин райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы | Кызматтык ыйгарымдарынан мыйзамсыз аша чапкан | Ээлеген кызматынан бошотулган. |
| 40 | Талас обл. Бакай-Ата районундагы В.И.Ленин атындагы орто мектеби | К. Мамбеталиев | Талас обл. Бакай-Ата районундагы В.И.Ленин атындагы орто мектептин директору | Кызматтык ыйгарымдарынан мыйзамсыз аша чапкан | Бакай-Ата райондук билим берүү бөлүмүнүн 2018-жылдын 25-сентябрындагы №11/12 буйругу менен "эскертүү" жарыяланган. |
| 41 | Бишкек ш. №24 мектеп-гимназиясы | С. Муканов | Бишкек ш. №24 мектеп-гимназиясынын мугалими | Педагогикалык этиканы сактабаганы үчүн | Бишкек шаарынын №24 гимназия-мектебинин 2018-жылдын 15-октябрындагы №47 "Педагогикалык этика" жөнүндө буйруктун негизинде "эскертүү" тартип чарасы жарыяланган.<br><br>Ошондой эле директор тарабынан жаш мугалимге "Педагогикалык этиканы сактоо тууралуу" түшүндүрүү маектешүүсү жүргүзүлгөн. |
| 42 | Областтык төрөт үйү Каракол ш. | Э.А. Барыктабасова<br>Э.В. Асанбекова<br>И.К. Атагелдиева | Дарыгерлер | Энеликти, үй-бүлөнү жана балалыкты коргоо укугу бузулган | Ээлеген кызматынан бошотулушкан. Ошондой эле жалпы чогулушта мындан ары ушундай бузууларды болтурбоо жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. |

| № | Органдын, ишкана, мекеме, уюмдун аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол койгон кызмат адамынын Ф.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулган | КР Акыйкатчысынын(Омбудсменинин) ишмердигинин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| 43 | Жалал-Абад облусу. Кочкор-Ата аймактык ооруканасы | Ш.Алибаева | Дарыгер | Ден соолугун коргоо укугу бузулган | КР Саламаттык сактоо министринин 2018-жылдын 28-февралындагы №39 буйругу менен Ш. Алибаева тартип чарасына тартылган, “алдын ала эскертүү” берилген. Түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. |
| 44 | Жалал-Абад облусу, Тогуз-Торо РИИБ | К.Д. Шаволотова К.Т. Токтоналиева | Башчынын орун басары, ИИБ участкалык милиционер | Аялдын үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо укугу бузулган. | Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун ИИБ кызматкерлерине карата тартипке чакыруу чаралары көрүлгөн. |
| 45 | КР Маданият, маалымат жана туризм министрлиги | Т.Сыдыков | Маданиятты, искусствону жана кесиптик билимди өнүктүрүү башкармалыгынын башкы адиси | Алар мыйзамда белгиленген мөөнөттө негизделген жооп берүүгө милдеттүү мамлекеттик бийлик органына кайрылуу укугу бузулган. | КР маданият, маалымат жана туризм министринин 2018-жыл, 12-ноябрдагы №522 буйругу менен сөгүш жарыяланган. |

# №2 ТИРКЕМЕ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) ДАРЕГИНЕ ЖАРАНДАРДЫН КАЙРЫЛУУЛАРЫНЫН КЕЛИП ТҮШҮҮСҮ ЖӨНҮНДӨ 2018-ЖЫЛДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ БОЮНЧА САНАРИПТҮҮ ОТЧЕТ. 2018-ЖЫЛДЫН 31-ДЕКАБРЫНА КАРАТА

| Уюмдун аталышы | Жыл башынан бери келип түшкөн арыздардын жана даттануулардын саны | | | | | Аткарылганы | | Кароодо турганы | | Суроо-талап жөнөтүлгөнү | Суроо-талаптарга жооптор алынган | Көңүл буруу актылары | Даттанууларды жерине барып кароо | Сотко катышуу | Арыз ээсине жооп берилгени | Оозеки консультациялар | Жамааттык кайрылууга кол койгондордун саны | Жалпы кайрылган жарандардын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Анын ичинен: | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | Баары | Аялдардан | Пенсионерлерден | Жамааттык. | Сотко катышуу | Көзөмөлдөн алынганы | Арыз ээсинин пайдасына | Баары | Анын ичинен мөөнөтү өткөнү | | | | | | | | | |
| Борбордук Аппарат боюнча баары | 2092 | 936 | 254 | 97 | 548 | 1790 | 133 | 412 | – | 848 | 1648 | 23 | 261 | 547 | 1572 | 3697 | 1089 | 6781 |
| Ош облусу | 276 | 138 | 75 | 13 | 64 | 255 | 40 | 20 | – | 146 | 118 | 15 | 121 | 75 | 255 | 722 | 230 | 1215 |
| Жалал-Абад облусу | 112 | 52 | 10 | 4 | 46 | 108 | 41 | 4 | – | 127 | 105 | 8 | 79 | 46 | 103 | 138 | 41 | 287 |
| Баткен облусу | 72 | 43 | 7 | 2 | 12 | 72 | 14 | – | – | 90 | 91 | 1 | 26 | 13 | 82 | 385 | 2 | 457 |
| Ысык-Көл облусу | 241 | 136 | 22 | 13 | 69 | 230 | 36 | 11 | – | 241 | 230 | 5 | 40 | 69 | 230 | 543 | 368 | 1139 |
| Нарын облусу | 146 | 70 | 31 | 4 | 47 | 142 | 47 | 4 | – | 153 | 149 | 9 | 125 | 60 | 142 | 211 | 291 | 644 |
| Талас облусу | 72 | 36 | 15 | 1 | 31 | 53 | 14 | 12 | – | 59 | 35 | 9 | 15 | 92 | 75 | 245 | 3 | 1319 |
| Чүй облусу | 226 | 124 | 52 | 8 | 98 | 191 | 51 | 23 | – | 79 | 71 | 9 | 41 | 301 | 189 | 174 | 26 | 418 |
| **Аймактар боюнча баары** | 1145 | 599 | 212 | 45 | 367 | 1051 | 243 | 74 | – | 895 | 799 | 56 | 447 | 656 | 1076 | 2418 | 961 | 4479 |
| **Жазуу жүзүндөгү кайрылуулардын жалпы саны** | **3237** | **1535** | **466** | **142** | **915** | **2841** | **376** | **486** | – | **1743** | **2447** | **79** | **708** | **1203** | **2648** | **6115** | **2050** | **11260** |

# №3 ТИРКЕМЕ. 2018-ЖЫЛГА БЮДЖЕТТИК КАРАЖАТТАР БОЮНЧА ЧЫГЫМДАР СМЕТАСЫНЫН АТКАРЫЛЫШЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ

| | |
|---|---|
| **Бюджеттик мекеменин аталышы** | **КР Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппараты** |
| **Бюджеттик эсептин номери** | 4402011101000268 |
| **Бюджеттин түрү** | Республикалык |
| **Ченем бирдиги** | Кыргыз сому |
| **Функционалдык классификация** | 70337 |
| **Ведомстволук классификация** | 21110 |
| **Отчеттук мезгил** | 01.01.2018 31.12.2018 |

| Көрсөткүчтөр | Элементтер | Смета боюнча жылга бекитилген | Отчеттук мезгилге такталган смета | Отчеттук мезгилге ачылган кредит | Кассалык чыгымдар | Факт жүзүндөгү чыгашалар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ЧЫГАШАЛАР: | | | | | | |
| Айлык акы | 2111 | 20 256 000 | 24 106 700 | 18 655 718 | 18 655 718 | 18 581 452 |
| Социалдык Фондго төгүмдөр | 2121 | 3 028 200 | 3638200 | 2 837 200 | 2 837 200 | 2 776 797 |
| Кызматтык сапарлардын чыгымдары | 2211 | 1 094 600 | 996 600 | 775 744 | 775 744 | 836 687 |
| Байланыш кызматы | 2212 | 1 333 500 | 1 209 200 | 806 699 | 806 699 | 790 941 |
| Ижара акысы | 2213 | 213 600 | 213 600 | 213 600 | 213 600 | 213 600 |
| Транспорттук кызматтар | 2214 | 1 003 500 | 1 022 000 | 1 008 682 | 1 008 682 | 1 001 507 |
| Башка товарлар менен кызматтарды алуу | 2215 | 600 800 | 600 800 | 451 273 | 451 273 | 399 215 |
| Мүлктөргө ремонт жүргүзүү чыгымдары | 2221 | 1 200 000 | 2 236 667 | 1 224 400 | 1 224 400 | 267 400 |
| Чарбалык материалдарды алуу | 2222 | 491 000 | 391 000 | 327 563 | 327 563 | 387 649 |
| Коммуналдык кызматтар | 2231 | 666 400 | 650 900 | 544 233 | 544 233 | 570 419 |
| Эл аралык уюмдардын гранттары | 2621 | | 98 000 | 27 848 | 27 848 | 27 848 |
| Учурдагы жалпы сарптоолор | | 29887600 | 35 163 667 | 26 872 960 | 26 872 960 | 25 864 437 |
| АКТИВДЕР ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР БОЮНЧА | | | | | | |
| Машиналар жана жабдуулар | 3112 | 1 716 100 | 679 433 | 628 910 | 628 910 | |
| Жалпы финансылык эмес активдер | | 1 716 100 | 679 433 | 628 910 | 628 910 | |
| Жалпы чыгашалар | | 31 603 700 | 35 843 100 | 27 501 870 | 27 501 870 | 25 864 437 |

**КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) орун басары** **Алимбаев Е. А.**

**Бухгалтердик эсеп жана финансы бөлүмүнүн башчысы** **Джумашалиева Ж. Б.**

## №4 ТИРКЕМЕ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН 2017-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АДАМДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫН УКУКТАРЫ МЕНЕН ЭРКИНДИКТЕРИНИН САКТАЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ЖЫЛДЫК БАЯНДАМАСЫ БОЮНЧА КР ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН № 2662-VI ТОКТОМУНУН СУНУШТАМАЛАРЫНЫН АТКАРЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ТАБЛИЦА

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ:** | | |
| -Калкты коопсуз ичүүчү суу менен камсыздоо маселелерин чечүүгө багытталган, ошондой эле суу менен жабдуу тутумун куруу, оңдоо жана реконструкциялоо боюнча аткарылган иштерди кабыл алууда каражаттардын максаттуу чыгымдалышын контролдоону күчөтсүн;<br><br>- калкты коопсуз ичүүчү суу менен жабдуу маселелерин чечүү үчүн багытталган финансы каражаттарынын жер-жерлерде максаттуу чыгымдалышын контролдоо процессине жарандык коомдоштукту тартуу боюнча чараларды көрсүн; | Акыркы 5 жылда КР Өкмөтү ичүүчү суу менен камсыздоо секторундагы топтолгон бардык маселелерди бириктирүүгө көптөгөн күч-аракеттерди жумшады.<br><br>Анын ичинде, ичүүчү суу менен камсыздоо тутумун туруктуу өнүктүрүүгө тиешелүү маселелер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Биримдик. Ишеним.Жаратмандык» Программасына өзүнчө бөлүм катары киргизилген.<br><br>Ошондой эле, 2016-жылы Өкмөт тарабынан 2026-жылга чейин Ичүүчү суу жана суу өткөрүү тутумдарын өнүктүрүүнүн стратегиясы бекитилген. Стратегия алкагында, республиканын 31 шаарынын ичинен 16 шаарда жалпы суммасы 11,5 млрд сомдон ашык долбоорлорду жүзөгө ашыруу башталган, анын ичинен: 63% Европа Биримдигинин жана Швейцария Элчилигинин гранттык каражаттары жана 37% Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын каражаттары түзөт.<br><br>Азыркы учурда 94,2 млн АКШ доллары суммасына бааланган масштабдуу «Ала-Тоо булагы» программасын ишке ашыруу башталган. Аталган Программа мамлекеттин ичүүчү суу менен камсыздоо чөйрөсү үчүн абдан маанилүү, ал – Ош, Чүй, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын 115 айылын камтыйт. Ишке ашыруу мезгили - 2018-2023-жылдар.<br><br>Ошондой эле, 2017-жылы июлда Араб координациялык тобу менен 60 млн АКШ доллары суммасына Талас жана Баткен облустарынын 91 айылын Ичүүчү суу менен камсыздоо концепциясы макулдашылган. Аталган долбоор боюнча Ислам өнүктүрүү банкы менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп жатат. Бул долбоорду баштоо 2019-жылдын май айына пландалган.<br><br>Андан тышкары, Азия өнүктүрүү банкы менен 21,4 млн АКШ долларына Нарын облусунун 42 айылын суу менен камсыздоо долбоорун жүзөгө ашыруу боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп жатат. Долбоорду жүзөгө ашыруу 2019-жылдын 4-кварталында башталары күтүлүүдө.<br><br>Жогоруда белгиленген Өкмөттүк документтерди эске алуу менен 2023-жылга чейин өлкөнүн 250 айылында жалпы суммасы 200 млн АКШ долларынан ашык каражатка ичүүчү суу менен камсыздоо тутумун куруу жана реабилитациялоо боюнча чоң иштi жүргүзүү милдети турат. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 30-декабрындагы № 736 токтому менен белгиленген жер алдындагы сууларды алып чыгаруу (жер казынасынан алып чыгуу) максатында жер казынасын пайдалануу укугуна бонустардын ставкаларын төмөндөтүү жөнүндө маселени карасын; | КР Экономика министрлиги Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети менен биргеликте жер казынасы жана жер казынасынан алып чыгуу ставкаларынын классификациялык таблицасына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө КР Өкмөтүнүн чечиминин долбоорун иштеп чыгууда, анда калктуу конуштарды ичүүчү суу менен камсыздоону адистештирилген уюштуруу үчүн жер алдындагы сууларды чыгарууда ставкаларды нөлгө келтирүү (жер алдындагы сууларды алуу үчүн жер казынасын пайдалануу укугуна бонустардын ставкаларын төмөндөтүү (жер казынасынан алып чыгуу) каралган. | Аткарылууда |
| - билим берүү программаларына суу ресурстарын сарамжал пайдалануу боюнча сабактарды киргизүү жөнүндө маселени карасын; | КР Өкмөтү берген маалымат боюнча, аталган маселе учурда каралып жатат (бир кыйла так маалымат алынган жок) | Аткарылган жок. |
| - 2027-жылга чейин улгайган жарандардын турмуш сапатын жакшыртуу боюнча комплекстүү программанын багыттарын аныктоодо жана иштеп чыгууда Картаюу көйгөйлөрү боюнча эл аралык Мадрид планынын сунуштарын, улгайган кызматкерлердин эмгек укуктарына тиешелүү болгон Эл аралык эмгекти уюштуруунун № 162 сунуштарын, ошондой эле «Картаюу жана ден соолук» баяндамасында көрсөтүлгөн БДУнун сунуштарын негиз катары алсын; | КР ЭСӨМдүн 2019-жылдын 29-январындагы чыгыш: 17-9/596 каты. Бүгүнкү күндө КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги «2019-2028-жылдарга Кыргыз Республикасында улгайган жарандардын жашоо-турмушунун сапатын жогорулатуу боюнча иш-чаралардын комплекстүү планын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбоорун иштеп чыкты. Комплекстүүи план эл аралык Мадрид планынын сунуштамаларынын алкагында иштелип чыкты. | Аткарылган |
| - Майыптардын укуктары жөнүндө конвенцияны ратификациялоо тууралуу мыйзам долбоорун даярдоо жөнүндө маселени жана Конвенциянын талаптарын этап боюнча аткаруу үчүн финансы каражаттарын издеп табуу мүмкүнчүлүгүн карасын; | "Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан 2006-жылдын 13-декабрында кабыл алынган жана 2011-жылдын 21-сентябрында кол коюлган Майыптардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясын ратификациялоо тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жөнүндө КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы №433 Токтому кабыл алынган. Токтом "Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан 2006-жылдын 13-декабрында кабыл алынган жана 2011-жылдын 21-сентябрында кол коюлган Майыптардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясын ратификациялоо менен байланышкан мамлекеттик ички жол-жоболорду аткарууну көздөйт. Ал ДМЧАлардын укуктарын коргоого жана алардын коомдун жарандык, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий турмушуна активдүү катышуусуна көмөк көрсөтөт.<br><br>Мыйзам долбоору КР Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынып, ага КР Президенти С.Ш. Жээнбеков тарабынан кол коюлган. | Аткарылган |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды багууну жүзөгө ашырган ата-энелердин (башка адамдардын) эмгеги үчүн компенсацияларды төлөөнү белгилөө жана тиешелүү финансы каражаттарын издеп табуу жөнүндө маселени карасын; | КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-ноябрындагы №556 "Үзгүлтүксүз кам көрүүгө жана көзөмөлгө муктаж ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды багууну жүзөгө ашырган жеке ассистенттин кызматын төлөө шарттары тууралуу Жобону бекитүү жөнүндөгү" Токтому менен 2019-жылдын 1-январынан тартып тынымсыз кам көрүүгө жана көзөмөлгө муктаж ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды баккан жеке ассистенттин кызматын төлөө киргизилген. | Аткарылган |
| - «Чет өлкөлөрдөгү мекендештерди колдоо боюнча мамлекеттик саясаттын негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык:<br><br>чет жерлерде жашаган мекендештерге мамлекеттик колдоо көрсөтүү программасын бекитсин;<br><br>мыйзамды ишке ашырууну камсыз кыла турган зарыл ченемдик укуктук актыларды кабыл алсын; | «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мекендештерди 2018-2020-жылдары мамлекеттик колдоого алуу боюнча Программасын бекитүү жөнүндөгү» Өкмөт токтомунун долбоору 2018-жылдын 22-июнь күнү №02-15/1612 чыгыш каты менен КР Өкмөтүнүн аппаратына киргизилген жана Өкмөт аппаратынын тиешелүү бөлүмдөрүндөгү макулдашуу жол-жобосунан өтүүнүн жүрүшүндө чет өлкөлөрдөгү диаспора өкүлдөрү билдирген пикирлерди эске алуу менен кайра иштеп чыгуу зарылдыгына байланыштуу чакыртылып алынган.<br><br>Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Президенти С.Ш. Жээнбековдун катышуусунда 2018-жылдын 8-9-августунда өткөрүлгөн «Мекендештер-2018» Форумунун жүрүшүндө да Программанын долбооруна сын-пикирлер айтылган.<br><br>Форум убагында Кыргыз Республикасынын Президентинин алдында Мекендештер менен байланышуу боюнча кеңеш түзүүнүн зарылдыгы тууралуу дагы пикирлер ортого салынды.<br><br>2018-жылы 19-ноябрда «Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы чет өлкөлөрдөгү мекендештер менен байланышуу кеңешин түзүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин №232 Жарлыгына кол коюлган, анда Кеңештин аткаруучу органы катары КРӨ алдындагы Мамлекеттик миграция кызматы аныкталган.<br><br>Жогоруда аталган өзгөрүүлөрдү эске алуу менен азыркы учурда мекендештерди мамлекеттик колдоо боюнча Өкмөттүн Программасынын иштелип чыккан долбоору башка мамлекеттик органдардын жана эксперттик коомчулуктун өкүлдөрүн тартуу менен аягына чейин кылдат иштеп чыгууну талап кылат. | Аткарылган жок (тийиштүү документтер жеткире иштеп чыгууда турат) |
| - Кыргыз Республикасынын мигрант жарандарынын эмгек миграциясы өлкөсүндө болуу статусуна карабастан алардын социалдык жана экономикалык укуктарын коргоого, ошондой эле эмгек ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу мезгилинде ылдам көнүгүү жана базалык керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган укуктарын коргоону күчөтсүн; | "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик миграция кызматынын Өкүлчүлүгү жөнүндө" Убактылуу жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик миграция кызматынын Россия Федерациясындагы Өкүлчүлүгү тарабынан отчеттук мезгилде Россия Федерациясындагы Кыргызстан жарандарынын миграция маселелери боюнча мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, алардын эмгек ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруусуна көмөктөшүү боюнча бир кыйла иштер жасалды.<br><br>Мекендештердин адамдык жана жарандык негизги укуктары менен эркиндиктерин коргоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик миграция кызматынын Россия Федерациясындагы Өкүлчүлүгүнүн ишмердүүлүгүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. | Айрым бөлүгүндө аткарылган |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - пенсиялык камсыздоо жана медициналык камсыздандыруу жаатында кызматташуу жөнүндө Россия Федерациясынын жана Казакстан Республикасынын өкмөттөрү менен эки тараптуу макулдашуулардын долбоорлорун иштеп чыксын, анда аталган мамлекеттердин аймактарында убактылуу болгон биздин жарандардын пенсиялык укуктарын ишке ашыруу жана медициналык жактан тейлөө механизмдери каралсын; | Кыргыз Республикасы ЕАЭБ Келишимине кошулгандан кийин Социалдык фонд тарабынан Евразия экономикалык комиссиясынын алкагында, ЕАЭБге мүчө-мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары менен биргеликте, пенсиялык камсыздоо чөйрөсүндө ЕАЭБ мүчө-мамлекеттеринде эмгектенген жарандарды пенсиялык камсыздоо жөнүндөгү макулдашуу долбоору боюнча иш жүргүзүлүп жатат (мындан ары - Макулдашуу).<br><br>Макулдашуу долбоорунун негизги максаты – пенсиялык укуктарды калыптандыруу, сактоо жана жүзөгө ашыруу боюнча иштеп жаткан ЕАЭБ жарандары үчүн тең шарттарды түзүү.<br><br>Бүгүнкү күнү Макулдашуунун басымдуу бөлүгү макулдашылган. Белгилей кетсек, аталган долбоор 2018-жылдын июль айында ички мамлекеттик макулдашуулар үчүн ЕАЭБге мүчө-мамлекеттердин бардыгына жөнөтүлгөн.<br><br>Кыргыз Республикасында ички мамлекеттик макулдашуулардын жыйынтыгы боюнча негизинен, мамлекеттик органдардан эскертүүлөр жана сунуштар келип түшкөн жок.<br><br>Ошол эле учурда Евразия экономикалык комиссиясы тарабынан ЕАЭБ мүчө-мамлекеттеринин пенсиялык камсыздоо жаатындагы компетенттүү органдары менен биргеликте ЕАЭБ мүчө-мамлекеттеринде иштегендерди пенсиялык камсыздоо жөнүндөгү макулдашууну колдонуу Тартибинин долбоору иштелип чыгууда (мындан ары -Тартип).<br><br>Азыркы учурда Тартиптин долбоору боюнча иштер (кеңешмелер жүрүп жатат, анын ичинде, видеоконференция режиминде өткөрүлүүдө) ар бир мүчө-мамлекеттин пенсиялык мыйзамдарынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен улантылып жатат, себеби Макулдашуу долбоорунун ченемдерине ылайык, ал Тартиптин маалыматтарына ылайык жүзөгө ашырылат. | Аткарылууда |
| - жашы жете электерге тиешелүү болгон мүлктү менчиктен ажыратууга мыйзамдуу өкүлдөрүнө уруксат берүү жөнүндө социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын чечимдерин Балдардын иштери боюнча комиссиялар бекитүү же бекитүүдөн баш тартуу тууралуу чечимдер кабыл алууга негиз болгон критерийлерди иштеп чыгуу маселесин карасын; аталган категориядагы иштерди кароонун ар бир учурунда жаңыдан сатылып алынган турак жайдын үлүшүн жашы жете элекке милдеттүү жол-жоболоштуруу жөнүндө маселе мыйзамдуу өкүлдөрдүн жана социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын алдына коюлсун; | 2015-жылдын 22-июнундагы №391 Өкмөт токтому менен бекитилген, Турмуштук оор кырдаалда калган балдар менен үй-бүлөлөрдү аныктоо тартиби жөнүндөгү жобого ылайык, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери ата-энесинен кароосуз калган бала жөнүндө маалымат алууда, ата-энесинин камкордугусуз калган баланын (балдардын) көйгөйлөрүнө ар тараптуу баалоо жүргүзөт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык баланын (балдардын) мүлкүнүн сакталышын камсыздайт.<br><br>Ар тараптуу баалоодон кийин балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери баланы коргоо боюнча жекече пландын долбоорун иштеп чыгат жана аны Балдардын иштери боюнча комиссиянын кароосуна киргизет. | Аткаруу процессинде |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - адамдын укуктары менен эркиндиктерин, анын ичинде тынч чогулуштарга эркиндикке укуктарынын сактоонун үзгүлтүксүз мониторингин жүргүзсүн; | Республиканын ИИБ кызматкерлери өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө 2012-жылдын 23-майындагы №64 «Тынч чогулуштар жөнүндө» Мыйзамды жетекчиликке алат, анда ар бир жарандын тынч жыйындарга чогулуу укугун жүзөгө ашырууга байланышкан коомдук мамилелерди жөнгө салуу каралган. | Аткарылууда |
| - ички иштер органдарынын кызматкерлерин коргоо каражаттары - калкандар, шлемдер, октон коргоочу кийим-кечектер, ок өтпөгөн жилеттер жана ок өтпөгөн транспорттук каражаттар менен камсыздасын; | Бүгүнкү күнү Республиканын ИИБ кызматкерлерин коргоочу каражаттар – калкан, шлем жана ок өткөрбөй турган жилеттер менен камсыздалуусу тиешелүү ченемдин 85% түзөт. Атайын каражаттар менен толук камсыздоо үчүн дагы 70 млн сом талап кылынат. | Аткарылууда (мүмкүн каржы жетишсиз) |
| - Кыргызстан Республикасынын Министрлер кабинетинин 1991-жылдын 1-июлундагы № 321 токтому менен бекитилген Алгачкы текшерүүлөрдү жүргүзгөн адамга, тергөөчүгө, прокурорго же сотко чакырууга байланыштуу күбөлөргө, жабырлануучуларга, эксперттерге, адистерге, котормочуларга жана калыс күбөлөргө чыгымдардын ордун толтуруунун тартиби жана өлчөмдөрү жөнүндө нускаманы колдонуудагы мыйзамдардын талаптарына ылайык келтирсин; ошондой эле алгачкы текшерүүнү жүргүзгөн адамга, тергөөчүгө, прокурорго же сотко чакырууга байланыштуу кол жаңсап которуучулардын чыгымдарынын ордун толтуруунун тартиби жана өлчөмдөрү каралган жоболорду киргизүү мүмкүнчүлүгүн карасын; | КРӨ 12.12.2018-ж. №24-50/14 жообу<br><br>КР Юстиция министрлиги тарабынан «Кылмыш иши боюнча же жосун тууралуу ишти кароо өндүрүшүнө байланыштуу процесстик чыгымдарды төлөп берүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекитүү жөнүндөгү» Өкмөт токтомунун долбоору иштелип чыкты, анда бардык маселелер алдын ала каралган.<br><br>2018-жылдын 15-ноябрында КРӨ токтомунун долбоору КРӨ аппаратына киргизилген. Учурда аталган долбоор аныкталган тартипте макулдашуу жол-жобосунан өтүп жатат. | Аткарылуу баскычында |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - кулагы начар уккан жана кулагы укпаган жарандардын катышуусу менен сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотун жана жергиликтүү сотторун кол жаңсап которуучулар менен камсыздоо чыгымдарын карасын; | КР ЖС алдындагы Сот департаментинин 27.11.2018-ж. №08-5/4765 жообу<br><br>Аныкталган жана бекитилген ченемдердин жоктугунан Брайл шрифти менен дайындалган иштердин тизмеси жөнүндө маалымат жок, ошондой эле, сурдо котормочунун кызмат акысынын баасын аныктоо мүмкүн болбогондуктан мамлекеттик сатып алуулар аталган кызматты сатып албайт.<br><br>КРӨ 12.12.2018-ж. №24-50/14 жообу<br><br>КР Бюджеттик кодексинин 92-беренесине ылайык, сот тутумунун бюджети сот бийлиги тарабынан өз алдынча түзүлөт жана аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу бийлик менен макулдашылгандан кийин республикалык бюджетке киргизилет. Ушуга байланыштуу 2018-2019-ж. сот тутумунун бюджетин түзүүдө, угуусу начар жактарга арналган белгилүү сандагы аппараттарды сатып алуу үчүн керек болгон чыгымдар көрсөтүлүшү зарыл. | Аткарылган жок |
| - кармоонун ар кандай режимдери жана түрлөрү менен соттолгондорду дифференциалдуу кармоону камсыздасын; | Кыргыз Республикасында жүргүзүлүп жаткан сот-укуктук реформанын алкагындагы иш-чараларды жүзөгө ашыруу максатында 2019-жылы КРӨ алдындагы ЖАМК бюжетине 170 млн сом каражат бөлүнгөн, анын ичинде, соттолгондорду муктаждыгына ылайык, ар түрдүү режимдер менен кармоо түрлөрү боюнча дифференциалдуу кармоо каралган. | Аткарылууда |
| - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 1-мартындагы №119 токтому менен бекитилген 2018-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкынын психикалык ден соолугун коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программасынын ишке ашырылышын камсыз кылсын; | КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 1-мартындагы №119 токтомун ишке ашыруу жана 2018-2030-жылдары калктын психикалык ден соолугун коргоо боюнча Өкмөттүн программасын бекитүү планына жана 2018-2022-жылдары алгачкы беш жылга иш-чаралардын планына ылайык КР Саламаттык сактоо министрлиги «2018-2030-жылдары калктын психикалык ден соолугун коргоо боюнча Өкмөттүн программасы жөнүндө» КР Өкмөтүнүн токтомун ишке ашыруу тууралуу» буйрукту чыгарды, жогоруда көрсөтүлгөн ченемдердин негизинде психикалык ден соолук кызматын алгачкы медициналык-санитардык жардам менен интеграциялоо жүргүзүлөт. Мында психикалык ден соолук жагынан кызмат көрсөтүү жана иштин ушул түрүнүн натыйжалуулугу оорулууларды стационарларга жаткыруунун саны кыскарууга жана коомдо социалдаштыруунун деңгээли жогорулоого тийиш экендигинде турушу керек. | Аткарылууда |
| **2) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУ::**<br><br>Кулагы начар уккан жана кулагы укпаган жарандардын катышуусу менен сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотун жана жергиликтүү сотторун кол жаңсап которуучулар менен камсыздоо чыгымдарын карасын; | Юстиция министрлиги тарабынан «Кылмыш иши боюнча же жосун тууралуу ишти кароо өндүрүшүнө байланыштуу процесстик чыгымдарды төлөп берүүнүн тартиби тууралуу Жобону бекитүү жөнүндөгү» Өкмөт токтомунун долбоору иштелип чыкты, анда процесстин катышуучуларынын жашап туруусуна жана жол киресине байланыштуу процессутик чыгымдарды төлөп берүүнүң өлчөмүн аныктоо тартиби; эксперттерге, котормочуларга, адистерге сый акынын өлчөмүн аныктоо тартиби; процесстик чыгымдарды төлөп берүүнүн тартиби; ошондой эле, котормочунун кызматынын баасын максималдуу төлөп берүү каралган.<br><br>2018-жылдын 15-ноябрында «Кылмыш иши боюнча же жосун тууралуу ишти кароо өндүрүшүнө байланыштуу процесстик чыгымдарды төлөп берүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекитүү жөнүндөгү» Өкмөт токтомунун долбоору Юстиция министрлиги тарабынан КР Өкмөтүнүн аппаратына киргизилди.<br><br>Азыркы учурда аталган долбоор аныкталган тартипте макулдашуу жол-жобосунан өтүп жатат. | Аткарылуу стадиясында |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
| --- | --- | --- |
| - жерди пайдалануу (анын ичинде көп батирлүү турак жай үйлөрүнүн үйлөргө чектеш жер участоктору боюнча), атап айтканда аларды ижарага берүү тартибине тиешелүү маселелер боюнча соттук практиканы жалпыласын; | «Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жер тилкелерин берүүгө жана кайра алып коюуга байланышкан чечимдерин, аракеттерин (аракетсиздигин) жокко чыгаруу жөнүндө иштерди кароодо келип чыккан айрым маселелер жөнүндө» КР Жогорку сотунун пленумунун 2018-жылдын 31-майында Бишкек ш. №13 токтому менен кабыл алынган. | Аткарылган |
| - Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын соттор тарабынан сакталышына көңүл бурсун, негизсиз соттук баш аламандыктар фактыларынын орун алгандыгы боюнча жарандардын укуктары бузулган учурларды, ошондой эле соттор тарабынан иштерди кароодо бир жактуу, субъективдүү мамиле жасоо учурларын болтурбасын; | КР ЖС пленумунун токтому менен жергиликтүү сотторго жетектөөчү түшүндүрмөлөр берилген, ошондой эле, КР ЖС сайтына жайгаштырылган. | Аткарылууда |
| - мыйзам менен чатагы бар балдардын иштери боюнча адистештирилген сот түзүү мүмкүнчүлүгүн карасын; | КР ЖС Пленумунун 2017-жылдын 13-октябрындагы №10 "Жашы жете элек өспүрүмөөр тарабынан жасалган кылмыш иштери боюнча соттук тажрыйбалар жөнүндө" токтомуна ылайык, мыйзам менен чатагы бар жашы жете элек балдар боюнча иштерди кароо, ошондой эле жаш балдарга жана жашы жете элек балдарга карата зомбулукка жана аесуз мамилелерге байланыштуу иштер КР ЖС Пленумунун 2015-жылдын 16-июлундагы №7 «КР Жогорку сотунда жана жергиликтүү соттордо 2014-2018-жылдарда КР балдар үчүн юстицияны өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаны ишке ашыруу жөнүндө» токтомуна ылайык, райондук соттордун төрагаларына жана кылмыш иштери боюнча жана облустук соттордун административдик укук бузууларына байланыштуу иштер боюнча соттук коллегиялардын төрагаларына жүктөлгөн. Ушул багыттан алганда өспүрүмдөргө карата сот акыйкаттыгынын чөйрөсүндө көндүмдөрдү жогорулатуу боюнча ар кандай кыскача багыттагы окутуучу соттук иш-чаралар өтүүдө. | Аткарылууда |
| - ювеналдык юстиция маселелери боюнча судьяларды окутууну туруктуу негизде жүзөгө ашырсын жана мыйзам менен чатагы бар балдардын иштерин кароодо алардын ишинин сапатын контролдоону камсыздасын; | КРдагы ЮНИСЕФ КФ колдоосу менен 2017-жылы Бишкек шаарындагы Ленин райондук сотунун судьясы А.А. Сейдакматова тарабынан "Өспүрүмдөргө карата сот акыйкаттыгынын маселелери боюнча соттордун квалификациясын жогорулатуу" окутуу модулу иштелип чыкты.<br><br>Модулдун КР учурдагы мыйзамдарынын жана белгиленген соттук тажрыйбалардын талаптарына шайкеш келерине КР ЖС судьясы – Г.У. Калиева текшерүү жүргүздү.<br><br>2017-жылдагы бул модулдун негизинде, КР ЖК 2014-жылдын 16-октябрындагы №4390-V токтому менен бекитилген 2014-2018-жылдарда Кыргыз Республикасындагы балдар үчүн юстицияны өнүктүрүү Улуттук программасын ишке ашыруунун жана 2017-жылга карата Сот адилеттигинин жогорку мектебинин окуу планынын алкагында Бишкек жана Ош шаарларында 2 семинар өткөрүлгөн, ага 43 төрага жана жергиликтүү соттордун 3 судьясы катышкан. 2018-жылга карата окуу планына ылайык, жергиликтүү соттордун жаңы шайланган төрагаларын балдар үчүн юстиция маселелери боюнча окутуу жылдын экинчи жарымына пландалган. Бул маселе боюнча ЮНИСЕФ дарегине карата КР ЖС кайрылуусу бар, аталган категориядагы иштер боюнча судьяларды окутууга мүмкүнчүлүк жоктугуна байланыштуу 2019-жылда Сот адилеттигинин жогорку мектебинин окуу планынын долбооруна киргизилген. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| –тосмолордун артында (торчо менен тосууда) соттук териштирүү учурунда соттолуучуларды кармоону азайтуу жөнүндө жетекчиликти иштеп чыксын; | «Жергиликтүү соттор үчүн кызматтык имараттардын ченемин бекитүү жөнүндөгү» 05.09.2009-ж. №492 КРӨ Токтомунун негизинде соттолуучуларды кармоо үчүн талаптар аныкталган, ал боюнча соттук жыйындар залдарында кылмыш иштерин кароодо соттук процесс жүргүзүү убагында сот жообуна тартылгандарды жайгаштыруу үчүн төрт тарабынан тосо турган (дубал болсо үч тарабынан) металл торчо же бийиктиги 220 см. келген тунук тосмо орнотулууга тийиш, | Аткарылган жок |
| - процесстин башка катышуучулары менен соттолуучунун бирдей укуктарын камсыздоо үчүн шарттарды түзүү жөнүндө маселени карасын (тосмолордун артына стол орнотуу, башкача айтканда ички торчолор менен тосуу); | «Жергиликтүү соттор үчүн кызматтык имараттардын ченемин бекитүү жөнүндө» 05.09.2009-ж. №492 КРӨ Токтомунун негизинде, соттолуучуларды кармоо үчүн талаптар аныкталган, ал боюнча соттук жыйындар залдарында кылмыш иштерин кароо үчүн соттук процесс жүргүзүү убагында сот жообуна тартылгандарды жайгаштыруу үчүн төрт тарабынан тосо турган (дубал болсо үч тарабынан) металл торчо же бийиктиги 220 см. келген тунук тосмо орнотулууга тийиш. | Аткарылуу стадиясында |
| - тараптардын атаандаштык жана тараптардын тең укуктуулук принцибин сактоо темасы боюнча судьяларга «тегерек стол» уюштурсун; | КР ЖС сот адилеттиги жогорку мектебинин алкагында мезгил-мезгили менен судьяларга «Тараптардын атаандаштыгы жана тек укуктук принциптери» темасында тегерек стол өткөрөт. | Аткарылууда |
| - соттук иштерди кароо мөөнөттөрүнүн сакталышын контролдоону камсыздоо зарылчылыгы жөнүндө жергиликтүү соттордун төрагаларына жетекчиликке алуу түшүндүрмөлөрүн берсин; | КР ЖС пленумунун токтому менен жергиликтүү сотторго жетектөөчү түшүндүрмөлөр берилген, ошондой эле, КР ЖС сайтына жайгаштырылган. | Аткарылган |
| - сотко чакыруу боюнча соттук териштирүүлөргө жүйөсүз себептер менен келбеген адамдарга карата айып пул салуу зарылчылыгы жөнүндө сотторго жетекчиликке алуу түшүндүрмөлөрүн берсин; | КР ЖС жообу 13.11.2018-ж. №01-4/2431.<br><br>Эгерде сотко чакырылган күбө, эксперт же адис эч негизсиз түрдө катышпаса, анда судья тарабынан 50 эсептик көрсөткүч эсебинде айыппул салынышы мүмкүн. Эгерде күбө экинчи жолу эч себепсиз келбей койсо, анда ага карата мажбурлап алып келүү колдонулат, ал тууралуу сот аныктама чыгарат. | Аткарылууда |
| - ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жеткиликтүүлүктү камсыздоо предметине карата соттордун имараттарын инвентаризациялоо жол-жоболорун жүргүзсүн; | Каржылык тартыштыктарга байланыштуу республикадагы бардык сот имараттарында ДМЧА үчүн пандустарды орнотуу мүмкүн эмес.<br><br>Республиканын айрым сотторунда пандустар бар. | Аткарылуу стадиясында |
| - соттордун имараттарында ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга маалымдоо үчүн Брайл шрифтин колдонуу (анын ичинде соттук иштерди угууга багытталган) жөнүндө маселени карасын; | Аныкталган жана бекитилген ченемдердин жоктугунан Брайл шрифти менен даярдалган иштердин тизмеси жөнүндө маалымат жок, ошондой эле, сурдо котормочунун кызмат акысынын баасын аныктоо мүмкүн болбогондуктан, мамлекеттик сатып алуулар аталган кызматты сатып албайт (сурдо котормо кызматынын баасы жөнүндө прайс-барактын жоктугу, жеке компаниялар, КР ЭСӨМ менен Майыптар коому аталган кызматтын баасы тууралуу маалымат бере алган эмес). | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - соттордун имараттарын оңдоодо жана курууда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын аларга жеткиликтүүлүк мүмкүнчүлүктөрүн, анын ичинде колясканын жардамы менен жүргөндөргө мүмкүнчүлүктөрдү, башка жардамчы каражаттар жана көмөкчү каражаттар менен жабдууларды эске алсын; | Каржылык тартыштыктарга байланыштуу республикадагы бардык сот имараттарында ДМЧА үчүн пандустарды орнотуу мүмкүн эмес.<br><br>Республиканын айрым сотторунда пандустар бар. | Аткарылган жок. |
| - бөгөт коюу чаралары жөнүндө мыйзамдарды соттор тарабынан колдонуу практикасын иликтесин жана төмөнкүдөй тиешелүү жетекчиликке алуу түшүндүрмөлөрүн берсин:<br>• камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын тандоодо жана узартууда мыйзамдардын ченемдеринин так сакталышын камсыздоонун зарылчылыгы жөнүндө;<br>• тиешелүү сунуштамаларды чечүүдө формалдуу мамилелерине жол бербөө жөнүндө, анткени айыпталган адамдарды камакка алуу адамдын жана жарандын укуктарын, эркиндигин жана жеке кол тийбестигин чектеген бөгөт коюунун эң катуу чарасы болуп саналат;<br>• соттук териштирүүлөрдү кийинкиге калтырууга алып келген себептердин жана шарттардын талдоосун жүргүзүү зарылчылыгы жөнүндө; | КР Жогорку сотунун 2019-жылдын 8-февралындагы чыгыш №100/02-5/6 жообу алынды.<br><br>Соттор бөгөт коюу чаралары жөнүндө мыйзамдарды колдонушунун практикасы тарабынан 2015-жылы жашы жете элек адамдарга карата бөгөт коюу чараларын тандоо жөнүндө соттук материалдар боюнча соттук практиканы жалпылоо жүргүзүлдү.<br><br>КР Жогорку соту тараптардын кудуреттүүлүгүнүн жана тең укуктуулугунун принцибин сактоо, мыйзамдарды колдонуу боюнча бирдиктүү соттук практиканы түзүү темасына арналган иш-чараларды туруктуу негизде өткөрүп жатат. | Аткарылууда |
| **3) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАШКЫ ПРОКУРАТУРАСЫ:**<br><br>Балдардын иштери боюнча комиссиялардын ишин көзөмөлдөөнү күчөтсүн; | Прокуратура органдары тарабынан «Балдар жөнүндө» Кодекс, Үй-бүлөлүк кодексти, «Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндөгү» жана башка мыйзамдар, ошондой эле, «Турмуштук оор кырдаалда калган балдар менен үй-бүлөлөрдү аныктоо тартиби жөнүндө» Жобонун талаптарынын аткарылышына көзөмөлдүк кылуу боюнча белгиленген иштери туруктуу негизде жүрүп жатат. Анын ичинде:<br><br>2018-жылы прокурорлор тарабынан жашы жете электер жөнүндөгү мыйзамдар жаатын текшерүүнүн жыйынтышында 9331 укук бузуу табылган. Анын ичинен, балдар иштери боюнча комиссияларда – 575 бузуу аныкталган. Мыйзам бузууларды четтетүү үчүн прокурорлор тарабынан 108 көңүл буруу актысы келтирилди, аларды кароонун жыйынтыгы боюнча 55 жак тартиптик чараларга, 5 – администрациялык жоопкерчиликке тартылды. Сотко 12 доо арыз жөнөтүлдү. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин профилактикалык эсебине жашы жете электерди эсепке коюунун жана эсептен чыгаруунун негиздүүлүгү жана мыйзамдуулугу жаатында Жашы жете электердин иштери боюнча инспекциянын ишин көзөмөлдөөнү күчөтсүн; | КР мыйзамдарынын аткарылышына прокурордук көзөмөлдү жүзөгө ашыруу алкагында, жашы жете электерди профилактикалык каттоого алуу жана чыгаруу боюнча ички иштер органдарынын иштеринин мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү туруктуу негизде текшерилип турат.<br><br>Ал эми 2018-жылы Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Прокуратурасы тарабынан Тоң РИИБ текшерүү жүргүзүлгөн, жыйынтыгында 2017-жылы аталган райондун ИИБ Жашы жете электердин иштери боюнча инспекциясы тарабынан негизсиз түрдө 54 жашы жете элек балдар профилактикалык каттоого алынган. Прокуратуранын сунуштамасы боюнча, облустук ИИБ жетекчилиги тарабынан райондук ИИБ башчысынын орун басарына «катуу сөгүш» жарыяланды, ал эми негизсиз түрдө профилактикалык каттоого алынган жашы жете электер каттоодон алынды. | Аткарылууда |
| - жабырлануучулардын, күбөлөрдүн жана башка катышуучулардын сот процессине келүүсүн камсыздоо боюнча иштерди күчөтсүн; | Республиканын прокуратура органдары тарабынан жазык-процесстик мыйзамдын жана КР Башкы прокуратурасынын тармактык укук актыларынын талаптарына ылайык, кылмыш сот өндүрүшү процессине катышуучуларды өз убагында камсыздоо боюнча иштер жүргүзүлүп жатат. | Аткарылууда |
| - прокуратура органдарынын кызматкерлеринин күнөөсү боюнча айыптууларга тиешелүү тартип чараларын колдонуу менен жабырлануучунун, күбөнүн жана башка катышуучулардын сот процессине келүүсү камсыздалбаган учурларга туруктуу талдоо жүргүзсүн; | Кылмыш-жазык процессинин катышуучуларынын республиканын прокуратура органдарынын кызматкерлеринин күнөөсү менен келбей калуу фактылары жок. | Көзөмөлдөнүүдө |
| - ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын укуктарын сактоо (пандустарды, перилаларды, лифттерди, же башка көмөкчү каражаттарды орнотуу), ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын керектөөлөрүн камсыз кылган СНиПтердин талаптарынын сакталышын контролдоо боюнча мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөөнү күчөтсүн; | «Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү жактардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» мыйзамдын аткарылышы боюнча прокуратура органдары 2018-жылы жүргүзгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгында 607 укук бузуулар аныкталган, аларды жоюу максатында прокурорлор 43 сунуштама, 29 эскертүү, аталган мыйзамды бузууга жол берилбестик боюнча 1 жакка эскертме берилди, 11 доо арызы берилип, андан - 9 доо канааттандырылды.<br><br>Жогоруда айтылган Көңүл буруу актыларын кароонун жыйынтыктары боюнча, 131 кызмат адамы тартиптик, 1 кызматкер – администрациялык жоопкерчиликке тартылды. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| **4) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ:**<br><br>- Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги менен биргеликте:<br><br>улгайган адамдарга диагностикалык изилдөөлөрдү дайындоодо баш тартууларды болтурбоо боюнча иштерди жүргүзсүн, аларга берилүүчү дарылоого талдоо жүргүзсүн, жарандардын бул категориясын дарылоо жана реабилитациялоо спецификасынын маселелери боюнча актуалдуу клиникалык протокол иштеп чыксын;<br><br>үй-бүлөлүк медицина борборунун, фельдшердик пункттардын деңгээлинде жакшы улгаюу процесси жана шарттары жөнүндө маалыматтарды таратсын, калкка тиешелүү маалыматтык материалдарды түзсүн; | Комитеттин чечиминде диагностикалык изилдөөлөрдү дайындоодон баш тартууну четтетүү боюнча иш КРда улгайган адамдарга медициналык жардамдын сапатын талдоо менен жүргүзүлө тургандыгы жөнүндө маалымат бар. Улгайган куракта дарылоо жана реабилитациялоо спецификасынын маселелери боюнча клиникалык протоколду иштеп чыгуу 2018-2020-жылдарга Саламаттык сактоо министрлигинин КПсын иштеп чыгуунун календардык планына киргизилет.<br><br>Курактык өзгөчөлүктөрдү көрсөтүү менен жүздөгөн клиникалык колдонмолор жана протоколдор, анын ичинде жүрөк-кан тамыр, кант диабети жана улгайган куракта орун алган башка ушундай оорулар боюнча протоколдо бекитилген. Бакубат карылыкты иш-чаралардын планы менен КРда медициналык жардам берүү тутумуна киргизүү концепциясы иштелип чыгууда, анын маанилүү багыттарынын бири улгайган адамдарын муктаждыктарын эске алган медициналык кароолорду дайыма жүргүзүү аркылуу оорулардын алдын алуу болот.<br><br>Бүтүндөй алганда, ушул сунуштаманы ишке ашыруу боюнча айрым иштер ишке ашыруу стадиясында жүргүзүлүп жатат. | Сунуштама аткарылуу баскычында |
| - Балдардын республикалык психиатриялык ооруканасынын имаратын (Чүй областынын Ивановка айылы) капиталдык оңдоо үчүн каражаттарды артыкчылыктуу тартипте бөлсүн; | КР ӨКМнын токтомунун 4-пунктун аткаруу үчүн Ивановка айылында Балдардын республикалык психиатриялык ооруканасынын (БРПО) имаратын баалоо боюнча комиссия түзүлгөн. | Жарым-жартылай аткарылган |
| - Балдардын республикалык психиатриялык ооруканасын (Чүй областынын Ивановка айылы) балдардын дарыгер- психиаторлорунун кошумча штаты менен камсыз кылсын; | Ивановка айылындагы БРПОнун башкы дарыгери балдар психиатрына окутуудан өттү. | Жарым-жартылай аткарылган (сунуштамада жазылгандарга анча ылайык эмес) |
| - Бишкек шаарындагы Республикалык психикалык ден соолук борборунун бөлүмдөрүн капиталдык оңдоо үчүн кошумча каражаттарды бөлүү жөнүндө маселени карасын; | 2018-жылга саламаттык сактоонун бюджетинде саламаттык сактоо уюмдарында оңдоо-калыбына келтирүү иштерин жүргүзүүгө каражаттар каралган эмес. Баштан-аяк оңдоого каражаттарды бөлүү мүмкүн болбой жатат. | Аткарылган жок |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - психиатриялык мекемелерде санитардык-гигиеналык шарттарды жана тамактануулардын контролдоону камсыз кылсын; | Тамак-аш боюнча ведомстволор аралык комиссия түзүлгөн;<br><br>Көзөмөлдүк оорулардын алдын алуу борборлору жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл тарабынан контролдук туруктуу негизде жүргүзүлөт. | Жарым-жартылай аткарылган |
| - Бишкек шаарынын Республикалык психикалык ден соолук борборунун базасында жана башка региондордо психикалык оорулардан жабыр тарткан 14төн 16 жашка чейинки курактагы балдарды дарылоо үчүн бөлүмдөрдү түзүү жөнүндө маселени карасын; | Иштеп жаткан психиатриялык мекемелердин базасында каржылоо каралган эмес | Аткарылган жок |
| **5) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИ:**<br><br>– улгайган адамдарды пенсияга чыгууну пландаштырууга өбөлгө түзгөн даярдоо программаларын иштеп чыксын жана иш жүзүнө киргизсин. Атап айтканда, улгайган адамдарга төмөнкүдөй маалыматтарды берүү онлайн ресурсун түзүү: | Азыркы учурда ведомстволор аралык жумушчу топ тарабынан 2018-2027-ж. карата Кыргыз Республикасынын улгайган жарандарынын жашоо сапатын жогорулатуу боюнча Улуттук комплекстүү программанын долбоору даярдалган, ага учурдагы өнүгүү тенденциясын талдоо жана баалоо, мыйзамдык база, изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча учурдагы кырдаалды талдоо, стратегиялык максаттар, тапшырмалар жана принциптер, Иш-чаралар планын жүзөгө ашырууга мониторинг жасоо жана баалоо камтылган.<br><br>2018-жылы 25-декабрда министрликтер менен мекемелердин эскертүүлөрүн жана сунуштарын эске алуу менен 2018-2027-ж. карата Кыргыз Республикасынын улгайган жарандарынын жашоо сапатын жогорулатуу боюнча Комплекстүү программанын долбоорун талкуулоого арналган Тегерек стол өткөрүлдү.<br><br>Бүгүнкү күнү «2018-2027-ж. карата Кыргыз Республикасынын улгайган жарандарынын жашоо сапатын жогорулатуу боюнча Улуттук комплекстүү программасын бекитүү жөнүндөгү» Өкмөт токтомунун долбоору Финансы министрлиги, Экономика министрлиги жана Юстиция министрлигинин эскертүүлөрү жана сунуштарын эске алуу менен кайрадан иштелип жатат. | Аткарылууда |
| - укуктук, анын ичинде пенсияга ыктыярдуу чыгуу, пенсиялык камсыздоонун кепилдиктери, ай сайын социалдык жөлөк пул алуу мүмкүнчүлүгү тууралуу маалыматтарды; | КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги тарабынан калкка ай сайын берилүүчү социалдык жөлөкпулду чектөө тартиби жөнүндө маалымат берүү максатында буклет иштелип чыккан, ал эл арасына таратылат. КР ЭСӨМ сайтында пенсиялык камсыздоого укугу жок жактар үчүн кайрылуунун жана социалдык жөлөкпул чектөөнүн шарттары жөнүндө маалымат жайгаштырылган. Мындан тышкары, район аралык/райондук/шаардык эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын стенддеринде КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы<br><br>«Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүктөрү жана караштуу мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын стандарттарын бекитүү жөнүндөгү» №303 токтому менен бекитилген «Ай сайын берилүүчү социалдык жөлөкпулду чектөө» боюнча мамлекеттик кызматтардын стандарттары жайгаштырылды. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - стационардык жана жарым стационардык жеткиликтүү мекемелерди кошуп алганда акы төлөнүүчү жана бекер социалдык кызмат көрсөтүүлөр, жеткиликтүү мекемелер (мекеменин конкреттүү дарегин жана ар бир кызмат көрсөтүүнүн конкреттүү мазмунун, аларды көрсөтүү шарттарын, сапатсыз кызмат көрсөтүүлөргө даттанууларды берүү жол-жоболорун, тиешелүү мекемелердин жана уюмдардын байланыш маалыматтарын, жеткиликтүү жерлерди көрсөтүү менен) жөнүндө; | Министрлик тарабынан «Мамлекеттик жана муниципалдык органдардын социалдык стационардык мекемелердеги акы төлөнүүчү социалдык кызматтарды көрсөтүүнүн Тартибин бекитүү жөнүндө» КР Өкмөтүнүн токтом долбоору Өкмөттүн кароосуна киргизилди. (22.01.2018-ж. чыгыш №17-6/398).<br><br>Аталган токтом долбоору КРӨ аппараты тараптан ал кызматты Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине киргизүү сунушу менен кайтарылган. | Аткарылууда |
| • регионалдык кесиндиде эмгек ишмердүүлүгүн улантууну каалагандар үчүн ишке жайгаштыруунун ар кандай мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө;<br><br>• улгайган адамдар үчүн бош убактыларын уюштуруу үчүн (региондор боюнча) көмөк көрсөтө ала турган клубдар же кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө;<br><br>• бул чөйрөдө билим берүүнүн, окутуунун мүмкүнчүлүктөрү, келечектери жөнүндө;<br><br>• жакшы картаюу процесстери жана шарттары жөнүндө;<br><br>• улгайган адамдарды өлкөдө жеткиликтүү болгон ар кандай башка формалар менен колдоо жөнүндө; | Бүгүнкү күндө Министрлик тарабынан ушул багытта белгиленген иштер жүргүзүлүп жатат.<br>2015-жылдын 3-августундагы №214 «Калкты жумуш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, жумушсуз жарандар акысыз негизде окууга, бош кызмат орундарына ишке орношууда колдоо алууга, өздүк бизнесин уюштурууда консультациялык кызматтарды алууга, коомдук жумуштарды уюштуруу программаларына катышууга укуктуу. Иш табууга көмөктөшүүдө жигердүү чараларынын бири катары аймактык ишке орноштуруу кызматтары тарабынан Бош орундар жарманкеси үзгүлтүксүз өткөрүлөт. Аталган жарманке калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү боюнча натыйжалуу каражат болуп саналат, анткени ал иш табууну каалагандарды көп сандаган иш берүүчүлөр менен бир күнү бир жерде жолуктурууга шарт түзөт, адатта, бул иш издегендер үчүн көп убакытты алган түйшүктүү жумуш болуп саналат. Ошондой эле, азыркы учурда Министрлик тарабынан иштелип чыгарылган Эмгек рыногунун маалымат тутуму пилоттук негизде иштеп жатат, ал иш берүүчүлөр менен иш издегендерге аралыкка карабастан, онлайн режимде тутумдун порталындагы бош кызмат орундары жөнүндө маалыматтарды табууга жана жайгаштырууга мүмкүндүк берет.<br>Аталган тутумду пайдаланууга киргизүү менен калктын ишке орношуусу, ал эми иш берүүчүлөрдүн квалификациялуу кадрларды табуу мүмкүнчүлүгү жогорулай турганы күтүлүүдө.<br>Республика боюнча 127 өз жардам топтору ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө, алар республиканын үч регионунда 12 Өз жардам топтору федерациясына бириккен (мындан ары - ӨЖТФ). ӨЖТФ жергиликтүү өнөктөштөр менен жигердүү кызматташат (жергиликтүү бийлик, жеке ишканалар, уюмдар), аларды ӨЖТФ түзүү жана колдоо процессине тартып келет.<br>2012-жылдын 10-апрелиндеги «Кыргыз Республикасында балдарды, улгайган адамдарды жана майыптарды коргоонун эл аралык күндөрүн жыл сайын белгилөө жөнүндөгү» №237 Өкмөт токтомуна ылайык, жыл сайын 15-сентябрдан 15-октябрга чейин республика боюнча «Улгайган курактагы адамдарга көңүл буруу жана кам көрүү» айлыгы өткөрүлөт. Бир айлыктын алкагында мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары улгайган адамдарга 32,4 млн сом өлчөмүндө кошумча колдоо көрсөтүшкөн (2018-жылдагы бир айлыктын жыйынтыгы боюнча). | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| | 2018-жылы мамлекеттик кызматкерлердин жалпы багыт боюнча мамлекеттик бюджеттин эсебинен окутуу тууралуу билдирүүгө ылайык, аймактык социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын жана Министрликтин 50 кызматкери квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүштү, ал эми донорлордун эсебинен бүткүл республика боюнча 70 кызматкер ар кыл тематикалар боюнча окутулган.<br>Мындын тышкары, Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 2019-жылдын 30-январындагы №6 буйругу менен, балдарды коргоо чөйрөсүндөгү адистер менен социалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча Окутуу программасы жана окуу өткөрүү графиги бекитилген. Ушул жылы 136 адисти жана Министрликтин аймактык бөлүмдөрүнүн социалдык кызматкерлерин окутуу пландалды. | |
| | БУУнун Экономикалык жана социалдык маселелер боюнча департаментинин колдоосу менен Министрлик тарабынан карылыктын кесепеттерин алдын алуу жана азайтуу маселелерин мамлекеттин чечүү мүмкүнчүлүгүн баалоого багытталган карылык боюнча улуттук изилдөө жүргүзүлгөн.<br>- 50+ (плюс) курагындагы адамдар жашаган 4000 үй чарба сурамжылоого алынды;<br>- программада бардык суроолор жана 4000 респонденттин саны боюнча маалымат базасы түзүлдү;<br>– көрсөтмөлүү таблицалар түзүлдү.<br>Алынган жыйынтыктын негизинде мекеме аралык жумушчу топ тарабынан 2019-2028-жылдарга карата Кыргыз Республикасындагы улгайган жарандардын жашоо сапатын жогорулатуу боюнча комплекстүү иш-чаралар планы долбоору даярдалган, ага учурдагы өнүгүү тенденциясын талдоо жана баалоо, мыйзамдык база, изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча учурдагы кырдаалды талдоо, стратегиялык максаттар, тапшырмалар жана принциптер, Иш-чаралар планын жүзөгө ашырууга мониторинг жсаоо жана баалоо камтылган.<br>Иш-чаралар планында ден соолукту алдын ала сактоо жана чыңдоо, саламаттыкты сактоо тутумун өркүндөтүү жана жигердүү узак жашоону илгерилетүү аркылуу улгайган адамдардын сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу артыкчылыгы каралган.<br>Улгайган жарандарга карата мамлекеттик саясат улуттук мыйзамдарга ылайык жүргүзүлөт. Улгайган жарандардын укуктары Кыргыз Республикасынын Конституциясында, пенсия тууралуу мыйзамдарда, согуштун, куралдуу күчтөрдүн жана тыл эмгекчилеринин ардагерлери жөнүндө мыйзамдарда, калкты социалдык тейлөө жөнүндө жана башка укук ченемдик актыларда бекитилген.<br>Министрлик тарабынан «Мамлекеттик жана муниципалдык органдардын социалдык стационардык мекемелердеги акы төлөнүүчү социалдык кызматтарды көрсөтүүнүн Тартибин бекитүү жөнүндө» КР Өкмөтүнүн токтом долбоору Өкмөттүн кароосуна киргизилген. (22.01.2018-ж. чыгыш №17-6/398).<br>Аталган токтом долбоору КРӨА тараптан ал кызматты Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине киргизүү сунушу менен кайтарылган.<br>Бүгүнкү күнү Министрлик тарабынан ушул багытта белгиленген иштер жүргүзүлүп жатат.<br>Мамлекеттик социалдык заказды жүзөгө ашыруу алкагында 2018-жылы 53 социалдык долбоор колдоого алынган, анын ичинен күндүзгү борборлорду түзүү боюнча 2 долбоор жана карыяларды колдоо боюнча 3 долбоор ишке ашырылды. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - турмуштук татаал кырдаалдарга тушуккан улгайган адамдар үчүн бекер социалдык кызматтарды алуу мүмкүнчүлүктөрүнүн спектрин азайтпай туруп, улгайган адамдар үчүн стационардык, күндүзү жана үйүндө багуунун кошумча акы төлөнүүчү кызматтарын киргизсин; | Министрлик тарабынан «Мамлекеттик жана муниципалдык органдардын социалдык стационардык мекемелердеги акы төлөнүүчү социалдык кызматтарды көрсөтүүнүн Реестрин бекитүү жөнүндө» КР Өкмөтүнүн токтом долбоору Өкмөттүн кароосуна киргизилди. (2018 ж. чыгыш №17-6/398 22.01.).<br>Аталган токтом долбоору КРӨА тараптан ал кызматты Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине киргизүү сунушу менен кайтарылган.<br>Бүгүнкү күнү Министрлик тарабынан ушул багытта белгиленген иштер жүргүзүлүп жатат. | Аткарылууда |
| - социалдык кызматкерлердин иштеринин шарттарын ырааттуу жакшыртуу чараларынын спектрин иштеп чыксын, ошондой эле аларды аттестациялоо механизмдерин өркүндөтсүн; | КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 Токтомуна ылайык, Министрлик тарабынан төмөндөгү негизги милдеттерди аткарган кызматкерлердин ишмердүүлүгүн баалоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө:<br>- органдын максаттарына жана милдеттерине жетүүдө кызматкер кошкон салымынын деңгээлин аныктоо;<br>- аткарылган иштердин сапатын, көлөмүн жана татаалдыгын эске алуу менен кызматкердин кесиптик деңгээлин аныктоо;<br>- алдыга коюлган тапшырмаларды аткаруунун учурдагы жыйынтыктарын талдоо;<br>- жыйынтыктарга жетүү процессине өзгөртүү киргизүү;<br>- кызматкердин кесиптик өнүгүүсүн пландаштыруу;<br>- кызматкердин жогорку натыйжаларга жетүүсүнө түрткү берүү.<br>Ишмердүүлүктү баалоону жыйынтыктары боюнча чечим кабыл алуунун бир жолу кызматкердин ээлеген кызмат ордуна ылайыктуулугун же ылайык эместигин аныктоо болуп саналат. | Аткарылууда |
| - социалдык кызматкерлердин адистиктерин жогорулатуу курстарынын мазмунуна геронтологиялык маселелерди киргизсин; | Геронтология маселеси боюнча иштеген социалдык кызматкерлерди окутуу боюнча КР Социалдык кызматкерлердин ассоциациясына сунуш киргизилген. | Аткарылууда |
| - ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн жумушчу орундарын жабдууга иш берүүчүнүн чыгымдарын мамлекет тарабынан компенсациялоо маселесин карасын; | Бул маселени республикалык үч тараптуу комиссия кароого тийиш жана анын жыйынтыгында оң чечимди Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине киргизүү зарыл. Ошондой эле үч тараптуу комиссия калктын жумуштуулугуна көмөк көрсөтүү жөнүндө фонд түзүү маселесин карап чыгуу зарылдыгын билдирет, ДМЧАлар үчүн жумуш орундарын камсыз кылуу үчүн иш берүүчүнүн чыгымдарын республикалык бюджеттен эмес фонддон кароо керек. Ошентип, берилген ушул маалыматтар боюнча аталган маселелер ишке ашырылат. Ошондуктан,сунуштама ченемдик-укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн азыркы учурда тиешелүү сунуштар иштелип чыгып, аткарылуунун үстүндө. | Аткарылууда |
| - үй-бүлө институтун чыңдоо жана өнүктүрүү боюнча калктын маалымдуулук деңгээлин жогорулатуу тутумун иштеп чыксын; | Кыргыз Республикасында 2018-2020-жылдарга карата гендердик теңчиликке жетүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн<br><br>2018-жылдын 19-ноябрындагы №537 токтому менен бекитилген улуттук иш-аракеттер планында үй-бүлө институтун бекемдөө жана өнүктүрүү боюнча калктын маалымдуулугун жогорулатуу үчүн 2.1. максаты камтылган. Сынамык аймактарда сабаттуу ата-энелер чөйрөсүндөгү билим берүү иш тутумун иштеп чыгуу системасын өнүктүрүү максаты камтылган. Ушул максаттарга жетүү үчүн төмөнкү чаралар каралган: жоопкерчиликтүү ата менен баланын өнүктүрүү боюнча ата-эне менен баланын ресурстук борборлорун жана жаңы маалыматтык материалдарды илгерилетүү. Мында, «Жоопкерчиликтүү аталык» программасынын тажрыйбасын жайылтуу болуп эсептелет. Үй-бүлө институтун чыңдоо жана өнүктүрүү боюнча калктын маалымдар болушун колдоо, бекемдөө, ошондой эле деңгээлин жогорулатуу максатында КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 14-августундагы №479 токтому менен 2018-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо программасы бекитилген. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - жетим балдар жана ата-энелеринен кароосуз калган балдар үчүн бала багып алган үй-бүлөлөрдүн кызмат көрсөтүүлөрүн өнүктүрүүнү күчөтсүн;<br><br>- жетим балдар жана ата-энелеринен кароосуз калган турак жайга муктаж балдар багылган мекемелердин (менчигинин түрүнө карабастан) бардык жетекчилерин үй-бүлөлөрдү жана балдарды колдоо боюнча бөлүмдөрдүн жетекчилери менен биргеликте аларды турак жайды (жер участогун) кезексиз алуу укугу менен эсепке коюуну милдеттендирсин. ЖӨБ органдарында жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияларда тиешелүү жыйынтыктарга жетишкенге чейин бул багытта план ченемдүү иштерди жүргүзсүн;\ | КРнын Балдар жөнүндө кодексин ишке ашыруу максатында КР Өкмөтү жетимдерди жана үй-бүлөдө ата-энесинин багуусу жок калган балдарды жайгаштыруу маселелерин жөнгө салуучу төмөнкүдөй ченемдик-укуктук актыларды кабыл алган: Балдарды Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга асырап алууга берүү тартиби жөнүндө жобону, Камкорчулук жана көзөмөлчүлүк жөнүндө жобону, Багып алуучу (фостердик) үй-бүлө жөнүндө жобону. ЭСӨМдүн бюджетинде жыл сайын бул максаттарга акча каражаттары каралат, ошондой эле багып алуучу (фостердик) үй-бүлөнүн кызмат көрсөтүүлөрүн өнүктүрүүгө, атап айтканда, 2017-жылы 2 млн. 439 миң 600 сом каралган, алардын ичинен 2017-жылы багып алуучу (фостердик) үй-бүлөлөрдүн кызмат көрсөтүүлөрүн өнүктүрүүгө 1 млн. 419 миң 600 сом өздөштүрүлгөн.<br><br>2018-жылдын 1-январынан тартып КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 14-августундагы №479 токтому менен бекитилген 2018-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо программасы күчүнө кирди, анда интернат тибиндеги балдар мекемелеринин бүтүрүүчүлөрүнө турак-жайды же болбосо жеке турак-жай курууга жер участогун берүү тартибин иштеп чыгуу боюнча Пландын биринчи кезектеги чараларынын (1-этап) болуп саналат. 2018-жылдын 1-январына карата ЖӨБ органдарында жер участокторун алууга 457 бала кезекте турган. | Аткарылууда |
| - балдардын интернаттык мекемелерден качуусуна өбөлгө болгон себептерди жана шарттарды талдоого алсын, ошондой эле аларды четтетүү боюнча чараларды көрсүн жана андай фактылардын келип чыгышына күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартсын; | Бүгүнкү күндө республика боюнча менчиктин бардык түрүндөгү: мамлекеттик жана менчик жатак мекемелеринин - 143 түрү иштеп жатат, анын ичинен 60ы мамлекеттик менчикте (53 – КР БИМ, 3 – КР ССМ, 4 – КР ЭСӨМ), 25 - муниципалдык, 45 – бейөкмөт уюмдары тарабынан түзүлгөн жеке, 12 миңден ашык балдары бар 12 – диний мектептер, алардын ичинен 5,4% жетим балдар, ал эми башка балдардын ата-энеси жок, же ата-энесинин бирөөсү бар. Балдардын жатак түрүндөгү мекемесинде маалыматтык-талдоо системасы түзүлгөн, ал Министрликтин ачык сайтында көрсөтүлүп турат. Ушул системанын толук кандуу иштөөсү максатында Министрликте, КР Өкмөтүнүн Аппараты тарабынан ишеним менен каралып жаткан балдар үчүн жатак мекемелердеги маалыматтык-талдоо системасынын ишин автоматташтыруунун тартиби жөнүндө Өкмөттүн токтом долбоору иштелип чыккан. Балдардын жатак түрүндөгү мекемелердин көпчүлүгү Билим берүү жана илим министрлигинин карамагында болгондугун эске алып, Министрлик бул маселенин аткарылышын өзүнүн жоопкерчилигине алууну сурайт. | Аткарылган жок |
| - өнөкөт психикалык оорулуу балдарды адистештирилген социалдык мекемелерге которуу жөнүндө маселени чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги менен ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүлөрдү уюштурсун; | Ысык-Ата райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан 2018-жылы 7-декабрда мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун райондук мамлекеттик администрациялары тарабынан балдарды Республикалык балдар психиатриялык ооруканасына (Чүй обл.Ивановка айылы) жайгаштыруунун мыйзамдуулугуна мониторинг жүргүзүлгөн, барган учурда ар бир баланын өздүк иши текшерилген, ал жерде 12 бала стационардык дарылоодон өтүп турган.<br><br>Белгилеп коюучу жагдай, РБПОго балдар КР Саламаттык сактоо министрлигинин психиатрлары тарабынан жөнөтүлөт. Оорусу күчөп кеткен учурда баланы башка социалдык стационардык мекемеге жайгаштырууга мүмкүн эмес. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - Токмоктогу № 2 аралаш психоневрологиялык социалдык-стационардык мекеменин мончо комплексин жана ашканасын куруу жөнүндөгү маселени чечсин; | 100 адамга эсептелген ашкана демөөрчүлөрдүн каражаттарына курулган, мончо комплекси бюджеттик эмес каражаттардын эсебинен курулууда, быйыл пайдаланууга киргизүү күтүлүүдө. | Аткарылууда |
| **6) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ:**<br><br>- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн жалпы билим берүү мекемелерин көмөкчү каражаттар жана жабдуулар (атап айтканда пандустар, лифттер, класстарда атайын орундар, коомдук ажатканаларда атайын кабинкалар ж.б.) менен жабдууну карасын; | КРӨ Аппаратынын жообуна ылайык, 2016-жылдан тартып билим берүү объектилеринин имараттарын долбоорлоодо аларды ДМЧ, анын ичинде, отургуч-араба же башка кошумча жардамчы каражаттардын жардамы менен жүргөн жактар дагы колдоноору эске алынат. | Аткарылууда |
| - жалпы билим берүү уюмдарда баланы айрым бир мөөнөткө коштоп жүрүү үчүн (баланы жаңы кырдаалга көнүктүрүү үчүн) адис (же ата-энесин) берүү мүмкүнчүлүгүн карасын; | КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы иштелип чыккан. Концепцияны мектепке чейинки жана мектептик билим берүүчү мекемелерине киргизүү боюнча программа жана иш план иштелип чыккан, ага ылайык орто билим берүүчү мектепте билим алып жаткан окуучулар, бирок билим берүү процессинде бирөөнүн коштоп жүрүүсүнө муктаж болгон окуучулар, көмөкчү ресурстарга жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат (тьютер, атайын педагог, СПМПС ж.б.). | Аткарылуу баскычында |
| - үй-бүлөлөрүндө тутунган диний жана башка ынанымдарына карабастан балдардын билим алуусун камсыздасын; | 2018-жылдын август айындагы эсептеп каттоо учурунда 2018-2019-окуу жылдарында биринчи класска барган 6-7 жаш курактагы балдардын саны 140 000 баланы түзгөн.<br>Ошондой эле, мектеп жашындагы 2177 бала төмөнкүдөй ар кандай себептерден мектепке барбай калган:<br>- каржылык кыйынчылыктар - 126;<br>- ата-энелердин каалабагандыгы - 22;<br>- документтери жок - 74;<br>- балдар окууга жарабайт - 380 бала;<br>- диний себептер менен - 866 бала;<br>- иштеп жаткан балдар - 709.<br>Үй-бүлөнү, балдарды колдоо жана Балдар иштери боюнча комиссия боюнча органдары менен биргеликте жүргүзүлгөн иш-чаранын жыйынтыгында 1545 бала мектепке кайтып келишкен.<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 19-июнундагы №388 “Мектеп курагындагы жана мектепке баруучу курактагы балдарды каттоого алуунун тартиби жөнүндө” токтомуна ылайык, мектепке барбаган балдарды мектепке кайра кайтаруу боюнча контролдоо иши жергиликтүү мамлекеттик башкаруу, шаар мэриялары жана айыл өкмөттөү тарабынан уюштурулат. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - мектеп фондуларына акчалай жыйноо практикасын болтурбоо боюнча чараларды көрсүн;<br><br>- мыйзам деңгээлинде жалпы билим берүүчү уюмдарга караштуу коомдук фонддорду түзүүгө тыюу салган тиешелүү сунуштарды даярдасын жана киргизсин; | КРнын 2015-жылдын 17-апрелиндеги №84 Мыйзамы кабыл алынган, анда мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын камкорчу кеңештери гана финансылык жана башка материалдык каражаттарды ыктыярдуу негизде тарта алат деп айтылган.<br>ДМЧАлардан, анын ичинде ДМЧА болуп саналган ата-энелерден (мыйзамдуу өкүлдөрдөн) да финансылык каражаттарды чогултууга тыюу салынат.<br>Бишкек шаарынын жалпы билим берүүчү уюмдарында кирүү төгүмдөрүн жоюу боюнча БжИМдин жана Бишкек шаарынын мэриясынын 2017-жылдын 14-июлундагы биргелешкен буйругу чыгарылган, анда борбордун мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын башчысына, Бишкек шаарынын райондук Билим берүү борборлорунун директорлоруна жана билим берүү уюмдарынын жетекчилерине 1-класска кабыл алуу учурунда ар кандай кирүү сыноолорун өткөрүүгө жана кирүү төгүмдөрүн чогултууга тыюу салынган. | Аткарылган |
| - мектепке барбаган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды эсепке алуу мониторингин күчөтсүн; | Мониторинг жүргүзүлүп турат. Бул тууралуу Баяндаманын Билим алууга укук бөлүмүнөн таанышууга болот. | Аткарылууда |
| - инклюзивдик билим берүү программасы боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын билим алуусуна тоскоолдуктарды четтетүүгө багытталган балдардын иштери боюнча комиссиянын, медициналык-социалдык-эксперттик комиссиянын жана психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссиянын ортосунда өз ара аракеттенүү усулдарын иштеп чыксын; | Пилоттук программалардын жүрүшүндө балдардын шал оорусу (ДЦП) барлар үчүн ИПРдин жаңы форматын иштеп чыгуу менен медициналык-социалдык баа берүү (МСБ) жүргүзүлөт, ал социалдык сектордо ведомстволор аралык кызматташтыкта негизги өбөлгө болуп саналат.<br>МСБга билим берүү (психологиялык-медициналык-педагогикалык консультациялар (ПМПК), саламаттык сактоо, социалдык өнүктүрүү (медициналык-социалдык эксперттик комиссиялар МСЭК)) тутумунун өкүлдөрү катышат. Бул иштин алкагында ДМЧ балдарды андан ары социалдаштыруу үчүн МСЭКтин жана ПМПКнын өз ара аракеттенүү механизмдерин пилоттоштуруу жүргүзүлөт.<br>БжИМдин 2016-жылдын 21-октябрындагы №1397/1 буйругу менен ДМЧ балдарды мектепке чейинки даярдоо боюнча программа түрүндө балдарды мектепке чейинки даярдоо боюнча 480 сааттык программага тиркеме бекитилген.<br>2017-жылдын февралында «Мектепке чейинки даярдоо класстарында ДМЧ балдарды окутууну жана тарбиялоону уюштуруу боюнча методикалык сунуштамалар» деген окуу куралын даярдоо аяктаган.<br>КР Өкмөтүнүн «2015-2024-жылдарга КРдагы коопсуз мектептер жана мектепке чейинки уюмдар» программасын ишке ашыруунун алкагында жалпы билим берүүчү 98 уюмду реконструкциялоо, чыңдоо жана баштан-аяк оңдоо боюнча иш жүргүзүлдү. Жаңы объекттер ДМЧнын талаптарын эске алуу менен пайдаланууга тапшырылып жатат.<br>2015-2016-окуу жылында «КРдагы инклюзивдик билим берүү процессинде ДМЧ баланы коштоо» пилоттук долбоору башталды.<br>2016-2017-жылдары көзү азиз жана начар көргөн балдар үчүн окуу китептерин сатып алууга конкурстук тооруктар өткөрүлгөн.<br>БжИМдин, ЭСӨМдүн жана ССМнын 2016-жылдын 25-апрелиндеги биргелешкен буйругу менен аутистик спектри бузулган балдарды табуу жана алардын билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүгү боюнча иш-чаралардын планы бекитилген. Бул буйрукка ылайык, Бишкек шаарынын №34 атайын мектебинин базасында аутизми бар балдар үчүн 2 класс ачылды.<br>2016-жылдын аягында Арабаев атындагы КМУнун базасында Борбордук Азияда биринчи болуп Инклюзивдик билим берүү лабораториясы ачылган.<br>КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 19-августундагы №402-б буйругуна ылайык 2017-жылдын 19-майында ЭСӨМ, ССМ жана БжИМ Эл аралык иштетүү классификациясынын (ЭИК), балдардын шал оорусу (ДЦП) барлардын майыптыгын баалоо, андан соң реабилитациялоонун жекече программаларын иштеп чыгуу боюнча жашоо-тиричиликтин жана ден соолуктун чектөөлөрүнүн элементтерин колдонуу боюнча пилоттук сыноону жүргүзүү боюнча биргелешкен буйрукту бекиткен. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы менен биргеликте ТИЗОдо кармалган бардык балдардын орто билим алуусу үчүн шарттарды түзсүн жана окутуунун үзгүлтүксүздүгүн камсыздасын; | Азыркы учурда министрлик тарабынан №14колониядагы балдар үчүн окуу программасы иштелип чыккан жана 5-11-класстар үчүн окуу куралдары менен камсыз болушкан. | Аткарылууда |
| - мектептердин штаттык тизмесине мектеп психологунун кызмат ордун киргизүү жөнүндө маселени карасын; | маалымат берилген жок | Суроо-талапка жооп келип түшкөн жок. |
| **7) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНЕ:**<br><br>- Кыргыз Республикасынын жарандарына консулдук кызматтардын жана укуктук жардамдын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн Россия Федерациясында консулдук өкүлчүлүктөрдү кеңейтүү практикасын күчөтсүн; | 2018-жылы май жана декабрда ТИМ тарабынан КР Президентине жана КР Премьер-министрине Кыргыз Республикасынын РФтеги Элчилигинин 4 кеңсесин (Якутск, Иркутск, Южно-Сахалинск, Сургут шаарларында) ачуу тууралуу каттар жолдонгон. КР Өкмөтүнүн суроо-талабы боюнча Кыргыз Республикасынын РФтеги Элчилигинин РФтин аймактарында кеңселерин кармап турууга чыгымдардын сметалары жөнөтүлгөн. | Аткарылган жок. Бирок бул багытта иш жүрүүдө. |
| - Консулдук мамилелер жөнүндө Вена конвенциясына жана Россия Федерациясы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы Консулдук конвенцияга ылайык камакта кармалган адамдарга укуктук жардам көрсөтүү боюнча чараларды күчөтсүн; | -КРнын РФтеги чет өлкө мекемелеринде Россиянын аймагында кармалган же соттолгон мекендештерге көмөк көрсөтүү боюнча чараларды күчөттү. Мисалы, бул багытта иштерди активдештирүү максатында РФтин аймагындагы чет өлкөлүк жарандарды убактылуу кармоочу борборлордо, тергөө изоляторлорундагы, түзөтүү колонияларындагы, ИИБ бөлүмдөрүндөгү ж.б жайлардагы КР жарандарын ыкчам кыдыруу жана барууларды жүзөгө ашырды.<br>РФ Юстиция министрлигинин маалыматы боюнча 2018-жылдын 1-декабрына карата Россиянын түзөтүү мекемелеринде КРнын соттолгон 1293 жараны жаза мөөнөтүн өтөп жатышат. Алардын кайрылууларына ылайык, аларды жаза мөөнөтүн өтөө үчүн КРга экстрадициялоого көмөк көрсөтүүнү суранышат, бул маселе боюнча тийиштүү көмөк көрсөтүлөт. РФ жаза аткаруу федералдык кызматынын (ЖАФК) маалыматы боюнча соттолгон кыргызстандыктардын 112 кайрылуусу кароодо турат, алардын ичинен соттолгон 65 адамдын материалдары КР Юстиция министрлигинин РФтеги Эл аралык укук жана кызматташтык департаментине жөнөтүлгөн. КР Башкы прокуратурасы тарабынан 32 соттолгонго КР аймагына кабыл алуудан баш тартылган, соттолгон 3 адам өткөрүп берүүдөн баш тартышкан. 2018-жылы жаза мөөнөтүн өтөө үчүн КР аймагына 48 соттолгон которулган. | Аткарылууда. 2018-жылы Элчилик тарабынан КРнын жаза мөөнөтүн өтөп жаткан жарандарынын электрондук базасы түзүлдү. Кайтып келүүгө 5465 күбөлүк тариздерген, анын ичинен 467 күбөлүк акысыз негизде даярдалган. |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - Кыргыз Республикасынын Москвадагы элчилигинин консулдук бөлүмү көрсөткөн кызмат көрсөтүүлөр жана укуктук жардам, алардын регламенти жөнүндө Кыргыз Республикасынын жарандарынын толук жана сапаттуу кыргыз жана орус тилдеринде маалымдалышын камсыз кылсын; | КРнын РФтеги чет өлкөлүк мекемелери үзгүлтүксүз жана активдүү маалыматтык-түшүндүрүү иштерин КР жарандарынын арасында жүргүзөт, анын ичинде РФ мыйзамдарынын миграциялык ченемдерин, кыргыз-орус иш чараларынын жыйынтыктары, диаспоралдык уюмдар менен жолугушуулар жана Элчиликтин кызматкерлеринин кыдыруулары тууралуу ж.б.маалымдалат. 2018-жылдын ичинде КР РФтеги Элчилиги тарабынан 314 пресс-релиз жана маалыматтар жарыяланган, алардын ичинен: 43ү КР жарандары үчүн актуалдуу маалыматтарды, кулактандырууларды жана алдын ала эскертүүлөрдү камтыйт; 98и жарандардын укук жана кызыкчылыктарын коргоонун алкактарындагы иш чаралар (чыгуулар, текшерүүлөр, аракеттер) иш чаралар тууралуу; 80 билдирүү жума сайын жана ай сайын келтирилген статистикалык маалыматтар менен иштөө жөнүндө; 68и диаспоранын катышуусундагы иш чараларды баяндаган; 25и КР дипломатиялык өкүлчүлүгүнүн жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо маселелери боюнча РФтеги ыйгарым укуктуу органдары менен расмий жолугушууларын чагылдырган. Бардык материалдар жана кабарлар КРнын РФтеги Элчилигинин расмий сайтында жана соцтармактарда жарыяланган.<br>Элчилик тарабынан жарандардын кайрылууларына жана арыздарына жооп берүү аркылуу аларга маалымат берүү боюнча кыйла жумуштарды жүргүзөт. Мисалы, 2018-жылы Элчиликке 1407 кайрылуу түшкөн: 1011и интернет кабылдама аркылуу; 400дөй кайрылуу түздөн-түз түшкөн.  Жазуу жүзүндөгү кайрылууларды талдоо көрсөткөндөй, эң заманбап маселе болуп, жарандык маселелери эсептелет: 67 (21,7%%); жарандардын укуктарын коргоо – 42 (13,6%); кирүүгө чектөөлөрдү алып салуу – 27(8,7%); соттолгондорду экстрадициялоо - 24 (7,8%); документтерди суратып алуу – 19 (6,1%); ОГП алуу жана алмашуу – 16, (5,2%); адамдарды издөө маселеси - 14 (4,5%); документтерди жоготуу жана СВР тариздөө 10 (3,2%).; кылмыш иштери боюнча КР жарандарын кармоо - 6 (1,9%); балдардын күбөлүгүн тариздөө жана виза алуу боюнча суроолор менен -0,3% кайрылуулар бар. Ошондой эле, ар кыл мүнөздөгү кайрылуулар - 80 (25,9%) түздү. Талдоо көрсөткөндөй, социалдык абалы боюнча, негизинен Россияда жүргөн КР жарандары - 115 (104,2%), эмгек мигранттары - 85 (27,5%), КР соттолгон жана кармалган жарандары -52 (16,8%) кайрылат. | Аткарылууда. Элчилик тарабынан туруктуу негизде видео сьемка, интервью уюштурулат, консулдук бөлүмдө КР жарандарынын укуктарын РФда коргоо маселелери боюнча макалалар жарыяланат., 2018-жылы КР экс Элчисинин кыргыз жана орус ММКларында кыргыз-орус эки тараптуу мамилелер жөнүндө 11 интервьюсу уюштурулган |
| **8) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНЕ:**<br><br>- кармалган жана камактагы балдардын тугандарын (жакындарын жана башка адамдарды) өз учурунда кабарландырсын;. | КР ЖПКнын 104-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык. кылмыш жана (же) жосун жасады деп шектелген жашы жете электи кармаган учурда анын мыйзамдуу өкүлү жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга дароо билдирилет. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - жашы жеткен жана жашы жете элек адамдарды УКИлерде бирге кармоо учурларын, ошондой эле алардын дене-бой жана/же моралдык-психологиялык байланышта болуу мүмкүнчүлүктөрүн болтурбасын; | КР Өкмөтүнүн «КР ИИБнын Убактылуу кармоочу изоляторлорунун ички тартибинин эрежелерин бекитүү жөнүндөгү» 02.02.2006-ж. №57 токтомуна ылайык, эркектер жана аялдар, чоң адамдар жана жашы жете электер өз-өзүнчө бөлмөлөрдө кармалат.<br>Республиканын ИИБнын убактылуу кармоо изоляторунун (УКИ) ар биринде жашы жете электерди жайгаштыруу үчүн өзүнчө камера уюштуруу жана түзүү максатында КР ИИМнин көрсөтмөсү чыгарылган, ага ылайык республиканын УКИ жашы жете электерди кармоо үчүн өзүнчө камералар бар.<br>Мындан тышкары, КР ИИМ 16.03.2017-ж. «Республиканын ИИБ УКИ видеокөзөмөл тутумун орнотуу тууралуу Жобону бекитүү жөнүндөгү» №226 буйругу чыгарылган, мындан ары республиканын ИИБ УКИ бардык камераларында прокурорго онлайн жеткиликтүүлүк үчүн жана видеотасмага жаздыруу жабдуусу бар видеокөзөмөл орнотулат. Азыркы учурда 6 УКИде райондун жетектөөчү прокурорунун онлайн жеткиликтүүлүгү менен видеокөзөмөл орнотулду. | |
| - ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан тынч чогулуштарга укуктарынын сакталышынын кепилдигин белгилеген Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын тикелей сактоону камсыздасын, кызмат ордуна жана сиңирген эмгегине карабастан укук бузуулардын жана сөзсүз боло турган жазалоо фактыларынын бардык фактыларын тыкыр изилдесин; | КР ИИМ ыйгарым укуктарына КР ИИО кызматкерлери, жумушчулары тарабынан кылмыш жасоолорду жана укук бузуулардын алдын алуу, профилактикалоо, аныктоо иш чараларын жүргүзүү кирет.<br><br>ИИО кызматкерлери тарабынан мыйзамдуулукту жана кызматтык тартипти кыйшаюусуз сактоо максатында кызмат ордуна жана сиңирген эмгегине карабастан, КР ИИМ ички териштирүү кызматы КР ИИО катарын тазалоо, жарандардын милицияга ишенимин арттыруу жана беделин көтөрүү боюнча иштерди жүргүзөт. | Аткарылган |
| - ыкчам жана башка милдеттердин мүнөзүнө карабастан тынч чогулуштар эркиндигине укуктарды кепилдеген конституциялык ченемдерге ылайык Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Коомдук коопсуздук башкы башкармалыгынын ишин, ошондой эле бузуулардын бардык фактыларын тыкыр изилдөөнү камсыздасын; | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2016-жылдын 18-июлундагы №161 "Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын системасын реформалоо боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын жүзөгө ашыруу боюнча, ошондой эле КР ИИМ түзүмдүк бөлүктөрүн оптимизациялоо үчүн КР Ички иштер министрлигинин Коомдук коопсуздук башкы башкармалыгы КР ИИМдин 2017-ж.10-октябрындагы №856 буйругуна ылайык КР ИИМ коопсуздук кызматына кайра түзүлгөн.<br><br>ИИО кызматкерлери өз ишинде 2012-жыл 23-майдагы №64 "Тынч чогулуштар жөнүндө" КР Мыйзамын жетекчиликке алышат, аталган Мыйзам тынч чогулуштарга болгон ар бир адамдын укугун жүзөгө ашырууга байланышкан коомдук мамилелерди жөнгө салат. | Аткарылган |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - адамдын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо боюнча ички иштер органдарынын кызматкерлеринин укуктук билимдерин жогорулатсын; | 2019-жылдын 6-февралындагы чыгыш №1/942 жооп алынды:<br>- 2016-жылы КР ИИМ Академиясы ИИОнун жетекчи кадрлары жана кызматкерлери үчүн окуу программасын иштеп чыкты, ошондой эле 2016-2017-окуу жылына «Адам укуктары» окуу сабагы боюнча окуу программасы иштелип чыкты.<br>2016-жылы ИИМ Академиясында: «Кармалган жана камакка алынган жактарга карата кыйноолордун жана катаал мамиленин алдын алуу» темасындагы окутуу программасы иштелип чыкты жана КР ИИБ жетекчилик кадрлары жана алдыңкы кызматтары үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарынын окуу-тематикалык пландарына тиешелүү темалар киргизилди.<br>Мындан тышкары, ИИМ Академиясынын курсанттары үчүн «Кыйноолордун алдын алуу» темасында Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбордун жана ӨЭУ өкүлдөрүнүн катышуусунда семинар-тренинг өткөрүлдү.<br>Ошондой эле, ИИМ Академиясы тарабынан 2016-2017-окуу жылына карата «Адам укугу» сабагы боюнча окутуу программасы иштелип чыкты.<br>Республиканын ИИБ бардык бөлүктөрүнө жыл сайын өздүк курамды кесипкөй кызматтык даярдоо тутумуна окутууда, «Адам сатуунун алдын алуу жана каршы күрөшүү», «Кыйноолор жана башка катаал, адамгерчиликсиз жана адамдык кадыр-баркты басмырлоочу мамилелер менен жазалоолорго каршы конвенция», «Жашы жете электерди үй-бүлөлүк зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо, үй-бүлөлүк начар кырдаалды аныктоо, социалдык-кооптуу абалда турган үй-бүлөлөр жана балдар менен иштөөнү уюштуруу, жашы жете электерди коргоо», «Кармалган жана камакка алынган жактарга карата кыйноолордун жана катаал мамиленин алдын алуу» темалары боюнча тематикалык пландарды сөзсүз кошуу жөнүндө телефонограммалар жөнөтүлөт, Аталган тематика Академияда жана КР ИИМ республикалык окуу борборунун квалификацияны жогорулатуу жана баштапкы даярдоо курстарынын окутуу программаларына киргизилген.<br>ИИМ Академиясынын базасында квалификациясын жогорулатуу курстарынан 2016-жылы – 291; 2017-жылы – 432; 2018-жылдын 12 айында – 570 кызматкер өттү. Окутуу процессинин алкагында КР ИИМ РОБ курсанттары үчүн кабыл алып-бөлүштүрүү жайларына, Бишкек ш. ШИИБ убактылуу кармоочу изоляторуна (УКИ) жана КРӨ караштуу ЖАМК тергөө изоляторуна (ТИЗО) туруктуу негизде көчмө сабактар уюштурулат, анда жарандарды аталган мекемелерде кармоо эрежелери жана шарттары боюнча, адамдын ар-намысы менен кадыр-баркын басмырлаган мамиленин бардык түрлөрүнө жол берилбестик, ошондой эле, Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын жана Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелер менен жазалоо түрлөрүнүн алдын алуу боюнча улуттук борбордун кызматкерлеринин ыйгарым укуктары (мандаты), анын ичинде, алардын түзөтүү мекемелерине, укук коргоо органдарына ж.б. тиешелүү аймактарына эч тоскоолдуксуз кирип барууга болгон укуктары жөнүндө маалыматтар берилет. | Аткарылган |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - ички иштер органдарынын жетекчилиги тарабынан катардагы кызматкерлерге карата субъективдүү мамиле жасоо (мыйзамсыз иштен бошотуу ж.б.) учурларын болтурбасын; | 2019-жылдын 6-февралындагы чыгыш №1/942 катка жооп алынды:<br>- ИИОнун Тартип уставына ылайык, кызматкер кызматтык тартипти бузгандыгы аныкталса жана анын күнөөсү далилденсе, ал үчүн жоопкерчиликке тартылат. Айып тартиптик жосундун курамынын субъективдүү тарабынын белгиси болуп саналат.<br>Кызматкер тарабынан тартиптик жосунду жасаган фактысын аныктоо жана тастыктоо үчүн кызматтык иликтөө (текшерүү) үлгүсүндө жүргүзүлө турган кызматтык териштирүү дайындалышы мүмкүн.<br>Тартиптик жаза-чарасы катары ИИБ кызматынан бошотуу түрүндө тартип чарасы кызматкердин андан ары ИИО кызматта калуусуна ылайык келбеген, кызматтык тартипти орой бузуусу же тартиптик жосунду жасаганы үчүн колдонулушу мүмкүн,<br>КР ИИО катардагы жана жетекчилик курамынын кызмат өтөө жөнүндөгү жобосуна жана ИИО Тартип уставына ылайык, кызмат боюнча которуу жөнүндөгү чечимге, кызматтык тартипте ээлеген кызматынан четтетүү, ээлеген кызматынан бошотуу, атайын наамынан төмөндөтүү, ички иштер органдарынан бошотууда кызматкер буйрук чыккан күндөн бир айлык мөөнөт ичинде мындай чечимди жогору турган ички иштер органынын жетекчилигине кызмат боюнча которуу, ээлеген кызматынан бошотуу, атайын наамынын төмөндөтүлүшү, ИИОдон бошотуу боюнча кайрылууга укуктуу.<br>Эгерде жогору турган жетекчинин чечими кызматкерди канааттандырбаса, ал ИИМ Тартип комиссиясына кайрылууга укуктуу. ИИМ тартип комиссиясы ИИО келип чыккан тартиптик талаш-тартыштарды сотко чейин кароо боюнча орган болуп саналат. | Аткарылган |
| - камактагы адамдардын шарттарын жакшыртуу үчүн Ысык-Көл областынын Тоң, Жети-Өгүз жана Түп райондорунун ИББларынын УКИлерин ичүүчү суу, жуунуучу жай жана санитардык түйүндөр менен камсыз кылсын; | – Тоң, Жети-Өгүз жана Түп райондорунун ИИБнын убактылуу кармоочу изоляторлорунда душ кабиналары орнотулган, ошондой эле ичүүчү суу менен камсыз кылынган. | Аткарылган |
| **9) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ ЖАЗАЛАРДЫ АТКАРУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЫНА:**<br><br>- «115 шыр байланыш» кызматынын операторлору менен соттолгон жашы жете электердин ортосунда телефон байланышы боюнча жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн № 14 тарбиялоо колониясын үн угулбаган өзүнчө бөлмө менен камсыз кылсын; | – ЖАМК бул сунуштаманы 2019-жылга ЖАМКнын объектинде реконструкциялоо (кайра пландаштыруу), курулуш жана оңдоо-курулуш иштерин жүргүзүү боюнча негизги планга киргизди. Ага ылайык жашы жете элек соттолгондордун жана «115 шыр байланыш» кызматынын операторлорунун ортосунда телефон байланышы аркылуу купуя маектешүүлөрдү жүргүзүү үчүн үн угулбаган өзүнчө бөлмө менен камсыз кылуу боюнча сунуштама 2019-жылдын биринчи кварталынын аягына карата аткарылат. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - № 25 ТИЗОдо жайгашкан айып пул изоляторунда капиталдык оңдоолорду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүргүзсүн; | 2019-жылдын 31-январындагы чыгыш №13-429 кат жөнөтүлдү:<br><br>- Ош шаарындагы №25 ТИЗОдогу ШИЗО-ПКТны баштан-аяк оңдоо ЖАМКнын баштан-аяк куруу бөлүмүндө негизги, уюштуруу, курулуш-оңдоо иштеринин планына киргизилди. | Аткарылууда |
| – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын өзгөчө режимдеги ТК-19 колониясына № 25 ТИЗОдон өмүр бою эркиндигинен ажыратууга соттолгондорду этаптоо жөнүндө маселени карасын; | Өмүр бою эркинен ажыратууга(ӨЭА) соттолгондорду №25 ТИЗОдон өзгөчө режимдеги №19 мекемеге жөнөтүү мүмкүн эмес, анткени экинчи корпустун курулуш иштери аяктай элек. | Аткарылууда |
| – соттолгон психикалык оорулууларды Кызыл-Жар айылындагы Республикалык психиатриялык ооруканага адекваттуу дарылоо жүргүзүү үчүн которуу жөнүндө маселени карасын; | – ӨЭА соттолгондорду №25 ТИЗОдон өзгөчө режимдеги №19 мекемеге жөнөтүү мүмкүн эмес, анткени экинчи корпустун курулуш иштери аяктай элек. | Аткарылууда |
| - № 25 ТИЗОнун камераларындагы камактагыларды кармоонун чектик лимитин ашыруу фактыларына жол бербесин; | – Сунуштамадан кийин чаралар көрүлдү, №25 мекеменин камераларында камактагыларды күтүү лимитинин чегин жогорулатуу фактыларына жол берилген жок жана ЖАМКнын ТИЗОсунун бардык камераларында жогорулатылган лимитке жол бербөө үчүн байкоо жүргүзүлөт. | Аткарылууда |
| **10) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК СОТ-ЭКСПЕРТТИК КЫЗМАТ ДИНИЙ ЭКСПЕРТИЗАНЫ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУГА ТИЙИШ БОЛГОН ЭКСПЕРТ-ДИН АДИСТЕРИНЕ КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ТАЛАПТАРДЫ ИШТЕП ЧЫКСЫН;** | КРӨ караштуу Мамлекеттик сот-эксперттик кызматтын (МСЭК) 2018-жылдын 20-июлундагы №58 буйругу менен мамлекеттик жарандык кызматтар категориясына кирбеген кызматкерлерге карата, анын ичинде психологиялык-лингвистикалык жана диний экспертизаны жүзөгө ашырууга тийиш болгон эксперт-дин адистерине квалификациялык талаптар бекитилген. Ушуга байланыштуу көрсөтүлгөн талаптарды иштеп чыгуунун зарылдыгы жок. | Аткарылган, сот-эксперттик кызмат диний экспертизаны жүзөгө ашырууга тийиш болгон эксперт-дин адистерине квалификациялуу талаптарды иштелип чыккан. |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| **11) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО КЫЗМАТЫ**<br><br>- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы (мындан ары - Мамкаттоо кызматы) мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрдү сактоо жана кармалгандардын инсандыгын, ошондой эле УКИлерде кармалгандардын санын аныктоо үчүн зарыл болгон Мамкаттоо кызматынын электрондук маалыматтар базасына тергөөчүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылсын; | 2018-жылдын 28-ноябрында Мамлекеттик каттоо кызматы (МКК) менен Башкы прокуратуранын ортосунда ведомстволор аралык маалымат алмашуу жөнүндө макулдашууга кол коюлду, ага ылайык МКК суроо-талап-жооп режиминде аларга карата алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү же прокурор текшерүүнү жана жоруктар жөнүндө жазык иши боюнча сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүп жаткан жеке жактар жана юридикалык жактар, кызматта катталган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлкү жөнүндө маалыматтарды берүүгө милдеттенет.<br><br>2019-жылдын 1-январынан тартып «ЕРПП» АИСтин ишинин алкагында БП, УКМК, ИИМ, ГСБЭП жана ЖАМК кызматкерлерине СМЭВ «ТҮНДҮК" аркылуу «ЖААК» АИС, «ПАСПОРТ» АИС жана «Даректик каттоо», АИС катары онлайн режиминде маалымат алуу үчүн сервистер берилди. | Аткарылган |
| **12) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ ЭКОЛОГИЯЛЫК ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КООПСУЗДУК БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК ИНСПЕКЦИЯ:**<br><br>**-** курулуш фирмаларында эмгек мыйзамдарын сактоо предметине карата туруктуу мониторингди жана контролду жүзөгө ашырсын; | Экотехинспекция ар жыл сайын курулуш фирмаларын, аларда эмгек мыйзамдарынын сакталышы боюнча пландуу текшерүүлөрдү жүргүзөт. | Аткарылууда |
| - эмгекке укук жөнүндө калктын маалымдуулук деңгээлин жогорулатуу максатында маалыматтык-агартуу программаларын иштеп чыксын жана жүзөгө ашырсын; | Калкты укуктук агартуу максатында эмгек инспекциясы маалыматтык программаны иштеп чыккан. Андан тышкары, Экотехинспекцияар кандай эмгек маселелери боюнча ММКда 42 жолу интервью: КТРК, Пирамида, ЭЛТР, Замана, Марал радиосу, Биринчи радио канлдарында аркылуу беришкен. 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча, баардыгы 69 интервью берилген. | Аткарылууда |
| -- жарандардын эмгектик укуктарынын бузулушун болтурбоо максатында менчик компаниялардын жана уюмдардын жетекчилери үчүн эмгекке укуктары маселелери боюнча окутуу жүргүзсүн; | Эмгекке укук маселелери боюнча окутуу максатында жана жарандардын эмгек укуктарынын бузулууларын болтурбоо максатында жеке менчик компаниялардын жана уюмдардын жетекчилери үчүн, 2017-жылы "Технотренинг" ЖЧК менен макулдашуу түзүлгөн. Бул макулдашуунун алкактарында 758 ар кандай ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин өкүлдөрү жана жетекчилери окуулардан өтүштү. 2018-жылы 264 жетекчи эмгек маселелери боюнча окуулардан өтүштү. Мындан сырткары, 28-апрель-Эмгекти коргоонун эл аралык күнүнө карата бир айлык жарыяланды. Бул бир айлыктын алкактарында эмгек укуктарынын ар кандай маселелери боюнча: ачык эшиктер күнү, семинарлар, тегерек столдор өткөрүлдү. | Аткарылган |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| **13) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ МИЛДЕТТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ФОНДУ:**<br><br>- бейтаптардин жана алардын тугандарынын прейскуранттык кызматтар жөнүндө өзүнүн маалыматтарына жана токтомуна ачык жеткиликтүүлүгүн камсыздасын; | бейтаптардин жана алардын туугандарынын прейскуранттык кызматтар жөнүндө өзүнүн маалыматтарына жана токтомуна ачык жеткиликтүүлүгүн камсыздоо үчүн милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду тарабынан бир катар иш чаралар жүргүзүлүүдө.<br>ММКФ сайтында "Суроо бериңиз" рубрикасы жаңыланды, анда сайттын ар бир окурманы суроо берип, жооп ала алат. Мындан тышкары, сайтта «Jivosite» программасыорнотулган, ал аркылуу on-line түрүндө суроолорду берсе болот.<br>2017-жылдын 1-декабрында жарандарга ыкчам көмөк көрсөтүү максатында<br>ММКФнын 113 Шыр байланыш кызматы ачылышы болгон. Ал 113 номери ММКФ аймактык башкармалыктарында иштеген ишеним телефондорун алмаштырган.<br>Медициналык жардам алууда өзүлөрүнүн укуктары жөнүндө калктын маалымдуулугун арттыруу максатында саламаттык сактоо уюмдарында Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген ММКФ жана анын аймактык башкармалыктары тарабынан коомчулук менен системдүү түрдө жолугушуулар уюштурулуп жана өткөрүлүп турат.<br>ММКФ жарандардын бардык кайрылууларын "Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө" (2007-жыл 4-майдагы №67) КР Мыйзамында аныкталган талаптарды сактоо менен карайт. Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдары үчүн баалардын прейскуранты КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2015-жылдын 19-ноябрындагы №658 буйругу менен бекитилген. Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдары аталган буйрукту жетекчиликке алып, Медициналык кызматтарга баалардын прейскурантын бейтаптар үчүн көрүнүктүү жерге жайгаштырууну камсыздашы керек. Жогоруда көрсөтүлгөн буйрук ошондой эле ММКФ сайтында "Документтер" бөлүгүнүн "Буйруктар" бөлүмчөсүндө жайгаштырылган. | Аткарылууда |
| **14) БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ:**<br><br>- жерди пайдалануу маселелерин кароодо Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарын тикелей сактасын; | Бишкек мэриясынын Жер ресурстары боюнча башкармалыгынын (мындан ары -Башкармалык) 2018-жылдын 26-ноябрындагы №30-п. "Жер ресурстары башкармалыгынын ишмердигин оптималдаштыруу жөнүндө" буйругунда Башкармалыктын ишмердигин оптималдаштыруу каралган.<br>Башкармалык тарабынан 2018-жылдагы бардык соттук иштерге талдоо жүргүзүлгөн, анын натыйжасында, Башкармалыктын юридикалык бөлүмүнө соттордун чечимдеринин аткарылышы боюнча иштерди уюштуруу, доо иштерин активдештирүү, Башкармалыктын адистеринин катышуусусуз каралган же Башкармалыктын кызыкчылыгында катышкан кызматтан бошоп кеткен кызматкерлердин катышуусунда каралган иштер боюнча соттук актылар аныкталса, белгиленген тартипте даттануу тапшырылган. | Аткарылууда |
| - Бишкек мэриясынын, ошондой эле мэрияга караштуу Жер ресурстары башкармалыгынын соттук инстанциялардагы мыйзамдуу кызыкчылыктарын алып барган кызматкерлердин ишин контролдоону күчөтсүн, ошондой эле алардын өз кызматтык милдеттерине объективдүү эмес, ак ниетсиз жана шалаакы мамиле жасоо учурларына бөгөт койсун; | Учурда Башкармалык тарабынан Бишкек шаарынын пайдасына эмес чечим чыгарылган соттук иштер инвентеризацияланып жатат, аларды андан ары сот органдарында, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунда кайра каралышын демилгелөө боюнча иш чаралардын планы даярдалмакчы.<br>Талаштарды сотко чейинки кароо тартибинин сакталышынын алкактарында жер тилкелеринин ак ниет эмес ижарачыларына 320 000,0 миң сом суммасына билдирмелер берилген, алар боюнча дебитордук карызды өндүрүү жана ижара келишимин бузуу боюнча 100 доо арыз сот органдарына киргизилген. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
| --- | --- | --- |
| **15) ЖӨБ ОРГАНДАРЫНА:**<br><br>- ичүүчү суу менен жабдуу тутумунун иштөөсү, ал тутумдарды эксплуатациялаган ишканалардын иши, таза суунун сапаты үчүн контролду өз компетенцияларынын чектеринде күчөтсүн; | Атап айтканда, калкты суу менен сапаттуу жабдуу боюнча «Бишкексууканалдын» ишинде көрүлгөн чаралар жөнүндө билдирилет.<br>Калкка сатылуучу ичүүчү суунун сапатына зор көңүл бурулууда. Шаардын калкына сатылып жаткан суу «Ичүүчү суунун коопсуздугу жөнүндө» техникалык регламент КР Мыйзамынын жана 2761-84 ГОСТтун бардык талаптарына жооп берет.<br>Бардык суу толтургучтар зыянсыздандыруунун хлоратордук жана бактерициддик түзүлүштөрү менен жабдылган.<br>«Бишкексууканал» ПЭУнун химиялык-бактериологиялык лабораториясы эл аралык стандартка шайкештиги жагынан аккредиттелген.<br>2018-жылдын январь-ноябрында «Шаарсуутүтүк» химиялык-бактериологиялык лабораториясы Бишкек шаарынын калкына берилүүчү ичүүчү суунун сапатын контролдоону жүзөгө ашырды.<br>Суу менен жабдууну жакшыртуу, саркынды сууларды кабыл алуу жана тазалоо үчүн, ошондой эле 2017-2020-жылдары Бишкек шаарын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн «Жагымдуу шарттар шаары» программасын ишке ашыруу боюнча 2018-жылга Иш-чаралардын планын аткаруу үчүн 2018-жылдын 11 айынын ичинде капиталдык салымдарды өздөштүрүү жана негизги фонддорду оңдоону аткаруу 38,0 млн. сомду түздү, алар боюнча аткарылган иш жөнүндө алда канча кең-кесири маалымат жазылган.<br>Бишкек шаарынын мэриясынын протоколдук кеңешмелеринин протоколдук тапшырмаларына ылайык жана Бишкек шаарынын мэриясынын тиешелүү токтомунун алкагында Бишкек шаарынын мэриясынын ОГУКС курган инженердик тармактарды «Бишкексууканал» ПЭУнун балансына кабыл алууну-өткөрүп берүүнү түгөлдөө боюнча иш жүргүзүлүп жатат.<br>Ошондой эле 2018-жылдын жаз жана жай мезгилинде турак-жай конуштарын суу менен жабдууну жакшыртуу боюнча жасалган иш жөнүндө маалымат берилди.<br>Бүтүндөй алганда, бул багытта тиешелүү иш жүргүзүлдү жана сунуштаманы Бишкек шаарынын мэриясы эске алды. | Аткарылган |
| –ичүүчү сууну сарамжал пайдалануу жана өз убагында акы төлөөлөрдү камсыздоо боюнча калк арасында агартуучулук иштерди күчөтсүн; | Бишкек шаарынын мэриясы 2019-жылдын 17-январындагы чыгыш 10-1-68 каты менен ушул сунуштаманы ишке ашыруу боюнча маалымат берди.<br>Ичүүчү сууну сарамжалдуу пайдалануу максатында төмөнкүдөй иш-чаралар жүзөгө ашырылды:<br>- ичүүчү сууну аяр пайдалануу боюнча ЖМКлар, мектеп окуучулары менен иш жүргүзүлдү, 6 видеоролик түзүлдү, алар телекөрсөтүү аркылуу көрсөтүлдү, буклеттер принтерден басып чыгарылды жана таратылды, «Кабар» басма сөз борборунда ЖМКлардын катышуусу менен пресс-конференция өткөрүлдү жана «Спутник» жана «Ак-Марал» радиостанцияларында «Ичүүчү сууну аяр пайдалануу» темасына тиешелүү интервью берилди;<br>- ичүүчү сууну сарамжалсыз пайдалануу боюнча, анын ичинде үйлөрдө жашыл көчөттөрдү сугарууну жана түркүктөрдү жок кылууну табуу боюнча рейддер өткөрүлдү. | Аткарылган |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| – калктуу конуштарды өнүктүрүү программасын иштеп чыгууда калктын аярлуу жана негизги максаттуу топторунун бири катары улгайган адамдарга көңүл бурсун; | Бишкек шаарынын мэриясы 2019-жылдын 17-январындагы чыгыш 10-1-68 каты менен ушул сунуштаманы ишке ашыруу боюнча маалымат берди.<br>Жыл сайын Бишкек шаарында гана шаардын аз камсыз болгон жана жалгыз бой улгайган тургундарына төмөнкүдөй төлөмдөр түрүндө даректүү социалдык жардам көрсөтүлүп жатат:<br>- жылына 8,4 млн. сом суммасына 4200 аз камсыз болгон шаардыктарга кварталына 500 сом өлчөмүндө социалдык стипендия;<br>- 1932-жылга чейин туулган 1989 адамга жылына 4,9 млн. сом суммасына 500 сом өлчөмүндө ар бир кварталдагы стипендия;<br>- Улуу Ата-Мекендик согушка катышкан 29 аялга жылына 42,0 миң сом суммасына кварталына 300 сом өлчөмүндө стипендия;<br>- аз камсыз болгон жана өтө муктаж улгайган шаардыктарга бир жолу төлөнүүчү материалдык жардам;<br>- 9 Социалисттик Эмгектин Баатырына жана «Ак-Шумкар» жогорку айырмачылык белгисине татыктуу болгон адамдарга 324,0 миң сом суммасына 3000 сом өлчөмүндө мэрдин ар айдагы стипендиясы;<br>- кол менен башкарылуучу автотранспорту бар Улуу Ата-Мекендик согуштун майыптарына жана катышуучуларына, I-II топтогу майыптарга квартал сайын 30 литр өлчөмүндөгү акысыз бензин;<br>- 620 Улуу Ата-Мекендик согуштун ардагерине жана Улуу Ата-Мекендик согуштун сыйлыктары, 1941-1945-жылдардагы кажырман эмгеги үчүн медалы бар ооруктун эмгекчилерине жылына 7,5 млн. сом суммасына 3,0 миң сом өлчөмүндөгү ар кварталдагы стипендия;<br>- 3564 жалгыз бой пенсионерлерге жана пенсионерлерден турган үй-бүлөлөргө жылына 14,4 млн. сом суммасына коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө турак-жай субсидиялары;<br>- шаардык коомдук транспортто жүрүүгө 265,0 млн. сом суммасына жол кире.<br>Бүтүндөй алганда, бул багытта тиешелүү иш жүргүзүлдү жана сунуштаманы Бишкек шаарынын мэриясы эске алды. | Аткарылган |
| - улгайган адамдардын керектөөлөрүнө жергиликтүү деңгээлде үзгүлтүксүз баа берүүнү жүргүзсүн, өз ишинде улгайган адамдардын жана калктын башка аярлуу топторунун (ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелгендер сыяктуу) жашоо турмушун жергиликтүү деңгээлде жакшыруу прогрессин динамикада байкоого өбөлгө түзгөн көрсөткүчтөрдүн тутумун иштеп чыксын жана киргизсин; | Бишкек шаарынын мэриясы 2019-жылдын 17-январындагы чыгыш 10-1-68 каты менен согуштун ардагерелери жагынан жүргүзүлүп жаткан иш жөнүндө маалымат берди.<br>Согуштун ардагерлеринин жана ооруктун эмгекчилеринин турмуш-тиричилик деңгээлин жогорулатуу максатында, шаардык кеңештин депутаттарынын чечиминин негизинде Улуу Ата-Мекендик согуштун ардагерлерине айына 1,0 миң сом өлчөмүндөгү стипендия, 9-майга карата Улуу Ата-Мекендик согуштун катышуучулары жана майыптары үчүн бир жолу берилүүчү 10 миң сом, Улуу Ата-Мекендик согуш жылдарындагы сыйлыктары бар ооруктун эмгекчилери үчүн 5 миң сом акча каражаты төлөнөт, кирешеси төмөн пенсионерлер үчүн коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө өз чыгымдарынын үлүшү азайтылды, субсидияларды РУСР аркылуу берүү механизми жөнөкөйлөтүлдү.<br>Бүтүндөй алганда, бул багытта тиешелүү иш жүргүзүлдү жана сунуштаманы Бишкек шаарынын мэриясы эске алды. | Аткарылган |
| - улгайган адамдар үчүн уюштурулуучу иш-чараларды ар кандай муундагы адамдардын катышуусу жана позитивдүү өз ара аракеттенүү мүмкүнчүлүгүн түзгөн инклюзивдик мамиле жасоо көз карашынан карасын; | Бишкек шаарынын мэриясы 2019-жылдын 17-январындагы чыгыш 10-1-68 каты менен бул сунуштаманы ишке ашыруу боюнча маалымат берди.<br>Жыл сайын Бишкек шаарында Улгайган адамдардын эл аралык күнүнө карата улгайган шаардыктарды, анын ичинде улгайган жана ДМЧАлар үчүн стационардык мекемелерде жүргөн улгайган адамдарды ардактоо боюнча иш-чаралар өткөрүлүп турат, аларга жыл сайын 3585 адам катышат, буга жергиликтүү бюджеттен 2002,1 миң сом бөлүнөт.<br>Бул багытта тиешелүү иш жүргүзүлдү жана сунуштаманы Бишкек шаарынын мэриясы эске алды. | Аткарылган |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - жергиликтүү деңгээлде улгайган адамдардын жана жаштардын арасында волонтердук демилгелерди өнүктүрсүн; | Бишкек шаарынын мэриясы 2019-жылдын 17-январындагы чыгыш 10-1-68 каты менен бул сунуштаманы ишке ашыруу боюнча маалымат берди.<br>Бишкек шаарынын мэриясы жыл сайын улгайган адамдардын буюмдарынын «Жүрөктөн жүрөккө» деген кайрымдуулук ярмаркасын өткөрүп турат. Бишкек шаарынын мэриясы, Ысык-Көл жана Чүй облазттары ар кандай эл аралык уюмдар: «Улгайган адамдар үчүн ресурстук борбор», «ADRA Кыргызстан», «Help Age International» коомдук уюмдары, КР Кызыл Жарым Ай улуттук коому, Фомова атындагы калкты социалдык коргоо коомдук бирикмеси (КСККБ), Кыргызстандын Диабеттик Эндокринологиялык Ассоциациясы, Коомдук технологиялык борбор, Балдарды коргоо борбору менен бирдикте кийизден, жүндөн, ийрилген жиптен колго жасалган, улуттук сувенирдик буюмдарды, ошондой эле айыл чарба продукциясын сунуш кылат.<br>Бул багытта тиешелүү иш жүргүзүлдү жана сунуштаманы Бишкек шаарынын мэриясы эске алды. | Аткарылган |
| - улгайган адамдар үчүн жергиликтүү деңгээлде жеткиликтүү болгон кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалымат берсин, расмий веб-сайттарда жана телефон боюнча жеткиликтүү болгон сурап-билүү кызматтарын уюштурсун жана улгайгандардын укуктары, жергиликтүү деңгээлдеги мекемелер, социалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө так маалыматтарды берип турсун; | Бишкек шаарынын мэриясы 2019-жылдын 17-январындагы чыгыш 10-1-68 каты менен бул сунуштаманы ишке ашыруу боюнча маалымат берди.<br>Бишкек шаарынын мэриясы социалдык өнүктүрүүнүн бардык райондук башкармалыктарында жана түзүмдүк бөлүмдөрүндө маалымат стенддерин толтурду, мындан тышкары, 4,0 миң даана маалымат брошюралары таратылды.<br>Бул багытта тиешелүү иш жүргүзүлдү жана сунуштаманы Бишкек шаарынын мэриясы эске алды. | Аткарылган |
| **16) БАЛДАРДЫН ИШТЕРИ БОЮНЧА КОМИССИЯЛАРГА:**<br><br>– турмуштук татаал кырдаалга туш болгон балдарга карата иш материалдарын кароодо социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынан үй-бүлө менен жеке иштөө планын жана/же баланы коргоо боюнча жеке планды талап кылсын; | Ар тараптуу баалоонун жыйынтыктары боюнча балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу аймактык бөлүмдүн кызматкери баланы коргоо боюнча жекече пландын долбоорун иштеп чыгат жана Балдардын иштери боюнча комиссиянын кароосуна киргизет. | Аткарылууда |
| үй-бүлө менен жеке иштөө жана/же баланы коргоо боюнча жеке планды бекитүүдө турмуштук татаал кырдаалга туш болгон жашы жете электер, атап айтканда мыйзам менен чатагы бар балдар менен мектептик психологдун ишине өзгөчө көңүл бурсун; | Ушуну менен катар, кылмыш кылган жашы жете электердин эң жакшы кызыкчылыктарын билдирүү максатында КР ЖПКнын 396-беренесина ылайык он алты жашка толо элек, ошондой эле ал куракка толгон, бирок акылы кем деп таанылган жашы жетпеген шектүүнү, айыпкерди педагогдун же психологдун катышуусу милдеттүү болгон суракка алууда педагогдун жана психологдун катышуусунун тартиби аныкталган. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| - үй-бүлө менен жеке иштөө планын жана/же Балдардын иштери боюнча комиссиянын чечими боюнча интернат тибиндеги балдар мекемелерине, анын ичинде ар кандай реабилитациялык борборлорго алты айга жайгаштыра турган баланы коргоо боюнча жеке планын бекитүүдө социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын алдына баланы үй-бүлөсүнө кайтарып берүү үчүн чара көрүүнүн зарылчылыгы, же болбосо андай мүмкүнчүлүк болбогон учурда - туугандарынын үй-бүлөсүнө, багып алуучу (фостердик) үй-бүлөгө багып алууга берүү маселесин койсун. Социалдык өнүктүрүү башкармалыктары тарабынан баланы алты ай өткөндөн кийин интернаттык мекемеге жөнөтүү жөнүндө сотко документтерди берүү эң акыркы чара катары каралсын; | Жетим балдарды, ата-эненин укуктарынан ажыратууга же аны чектөөгө байланыштуу ата-энеси жок болгон балдарды менчигинин түрүнө карабастан интернат мекемелерге жөнөтүү балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын корутундусунун негизинде соттун чечими боюнча жүргүзүлөт жана баланы үй-бүлөгө жайгаштыруу боюнча мүмкүнчүлүк болбой калган учурда айла кеткен чара катары колдонулат. | Жооп маселенин маңызы боюнча эмес, бул боюнча жумуш жүрүп жатат |
| - социалдык өнүктүрүү башкармалыктары тарабынан интернат тибиндеги балдар мекемелеринде алты ай болуу мөөнөтүн узартууга жол бербөө боюнча чараларды көрсүн; | Балдарды менчиктин түрүнө карабастан интернаттык мекемелерге 6 айга чейин убактылуу жайгаштыруу, психолого-медико-педагогикалык комиссиянын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын корутундусу боюнча интернаттык мекеме ага ведомстволук баш ийүүдө турган тиешелүү ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жүргүзүлөт. Баланын интернаттык мекемеде болуусунун негиздүүлүгүн кайра кароо баланын үй-бүлөсү анын аймагында жашаган сот тарабынан интернаттык мекеме ага ведомстволук балдарды коргоо боюнча аймактык ыйгарым укуктуу органдардын корутундуларынын негизинде, мыйзамдуу өкүлдөрдүн арызы боюнча, ошондой эле балдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча уюмдардын сунушу боюнча жүзөгө ашырылат. | Аткарылууда (демилгелердин саны көрсөтүлгөн эмес). |
| **17) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ӨЛКӨНҮН АДИСТЕШТИРИЛГЕН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫ ЖАНА ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТТАРЫ УЛГАЮУ ЖААТЫНДАГЫ ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИН ӨНҮКТҮРСҮН ЖАНА ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮ КОЛДООГО АЛСЫН;** | Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги тарабынан БУУнун экономикалык жана социалдык маселелер боюнча департаментинин колдоосунда улгаюу боюнча улуттук изилдөө жүргүзүлгөн, ал улгаюунун залакаларын болтурбоо, же азайтуу боюнча мамлекеттин мүмкүнчүлүгүн баалоого багытталган.<br>– жаш курагы 50 + (плюс) курактагы адамдар жашаган 4000 үй чарба сурамжылоого алынган;<br>– программада сурамжылоого катышкан 4000 респонденттин бардык суроолор жана саны боюнча маалыматтык базасы түзүлгөн;<br>– жыйынтыктоочу таблицалар түзүлгөн.<br>Алынган жыйынтыктын негизинде, жумушчу тобу тарабынан КРда жашаган улгайган адамдардын жашоо сапатын арттыруу боюнча 2019-2028-жылдарга иш чаралардын комплекстүү планды даярдалган.<br>Ал өзүнө өнүгүүнүн азыркы тенденцияларын баалоону, мыйзам базасын, изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча учурдагы тенденцияларды баалоону,стратегиялык максаттарды, милдеттерди жана принциптерди, Иш чараларды ишке ашырууга мониторинг жана баалоону өзүнө камтыйт.<br>Иш чаралардын планында ден соолукка алдын ала кам көрүү жана чыңдоо, саламаттык сактоо тутумун жакшыртуу жана жигердүү узак жашоону илгерилетүү аркылуу улгайган жарандардын сапаттуу медициналык кызматтарга жеткиликтүүлүктү арттыруу каралган.. | Аткарылууда |

| Сунуштама | Аткарылышы тууралуу маалымат, кандай аткарылган жана/же аткарылбаган себеби | Эскертүү |
|---|---|---|
| **18) МАМЛЕКЕТТИК ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ:**<br><br>- улгайган адамдар жөнүндө маалыматтарды берүүдө мамилелерин кайра карасын; улгайган адамдардын дене бою, социалдык жана укуктук көйгөйлөрү гана эмес, ошондой эле алардын жакшы жана позитивдүү улгаюу мүмкүнчүлүктөрүн көрүүгө өбөлгө түзгөн, балансташтырылган маалыматтарды берсин; | КР Маданият жана туризм министрлигинин 2019-жылдын 9-февралындагы каты.<br>Катта Нарын жана Баткен МОТРК улгайган адамдарга арналган «Улгайган адамдар үчүн башкы белек – көңүл буруу», «Офицердик ар-намыс баарынан жогору» деген сыяктуу маалымат сюжеттерин чыгарды деп билдирилет.<br>Ошондой эле 2019-жылдын 5-февралындагы чыгыш № 01/23 жооп катта КРнын «ЭЛТР» мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынан улгайган адамдарды чагылдыруу боюнча жүргүзүлүп жаткан иш жөнүндө жооп алынды.<br>Бүтүндөй алганда, бул багытта иш жүргүзүлүп жатат, биздин сунуштамаларыбызды мамлекеттик ЖМКлар эске алды. | Аткарылган, сунуштама эске алынган |
| - коомдо карылыкты жана улгайган адамдарды, алардын ден соолугун, мүмкүнчүлүктөрүн, аракеттерин, активдүү жашоо мүнөзүн позитивдүү кабыл алуулардын калыптанышына өбөлгө түзсүн; | Сунуштама эске алынды, көрсөтүлгөн маселелер сакталат. | Аткарылууда |
| - жакшы жана активдүү картаюу процесстери жана шарттары жөнүндө коомчулукка маалымдасын; | Сунуштама эске алынды, көрсөтүлгөн маселелер сакталат. | Аткарылууда |
| - улгайган адамдардын жеке өзгөчөлүктөрүн жана жетишкендиктерин эске алуу жаатындагы маалыматтарды чагылдырсын. Улгайган адамдар мамлекеттин жана коомдун өнүгүшүнө мурда кошкон салымы гана эмес, учурда олуттуу салым кошууну улантып жаткан инсан катары каралсын; | Сунуштама эске алынды, көрсөтүлгөн маселелер сакталат. | Аткарылууда |
| - улгайган адамдарды пенсия, жөлөкпул, оору, зордук контекстинде гана эмес, алардын спортто, маданиятта, билим берүүдө болгон жетишкендиктеринин жана кызыкчылыктарынын контекстинде карасын. | Сунуштама эске алынды, көрсөтүлгөн маселелер сакталат. | Аткарылууда |

## КОРУТУНДУ

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы Институтунун он алты жылдык ишмердигинин жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, өлкөдө бул укук коргоо органынын иши мурдагыдай эле актуалдуу жана зарыл. 2018-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы аппаратына арыздардын агымы бир аз азайганына карабастан, Кыргызстандын аймагында адамдын конституциялык укуктарын коргоо темасы ар кайсы дискуссиялык жана диалогдук аянттарда, анын ичинде эл аралык деңгээлде да көбүрөөк көтөрүлүп келүүдө.

Ошол себептен өткөн 2018-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы Институту өз ишмердигинде көбүнчө адам укуктарын бузууларды болтурбоо жана укук бузууларга жол койбоо багытындагы превентивдик чараларга олуттуу көңүл бурду: КР ИИМ жана КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК мекемелерин (түзөтүү колонияларын, тергөө изоляторлорун, убактылуу кармоочу жайларды ж.б.), аларда кармалгандардын, соттолгондордун укуктарынын сакталышы боюнча капыстан текшерүүлөрдү жүргүздү, ошондой эле менчиктин түрүнө карабастан ишкана, мекеме, уюмдарда эмгек укуктарынын сакталышына инспекцияларды жүргүздү.

Акыйкатчынын ишмердигинде мурдагыдай эле приоритеттүү багыт катары маселелер болуп: балдардын, аялдардын укуктарынын сакталышы жана аларды коргоо; жарандардын укуктарынын сакталышы жана аларды коргоо; эмгекке укук; жарандарыбыздын социалдык укуктарынын корголушу; республикабыздын саясий укуктарын жана эркиндиктеринкоргоо; билим берүү чөйрөсүндөгү укуктар; саламаттык сактоого укуктар, эмгек мигранттарыбыздын укуктарын коргоо; аскер кызматкерлеринин жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарынын корголушу, абактагылардын конституциялык укуктарынын сакталышы маселелери эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары Акыйкатчынын (Омбудсмендин) кезектеги баяндамасы менен таанышып, ар бир бөлүмдүн аягында берилген сунуштамалар боюнча тиешелүү токтом кабыл алаарына терең ишенимдебиз.

Жыйынтыгында, эске салчу жагдай: ар кандай маселелер, сунуштар же Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институту тараптан жардам жана көмөк көрсөтүү зарылчылыгы келип чыккан учурда, сиздерден бизде болгон төмөнкүдөй байланыш каражаттары аркылуу кайрылууну өтүнөбүз: телефон **+996 312 663280**, Акыйкатчынын Бишкек шаарындагы Борбордук аппаратынын коомдук кабылдамасына же почта кат-кабарын төмөнкү дарекке жөнөтүү керек: 720040, Кыргыз Республикасы, Тыныстанов көчөсү, 120 (Чүй проспекти менен кесилиште), ошондой эле **www.ombudsman.kg** веб-сайты, электрондук дарек: **ombudsman@inbox.ru**

Жабык мекемелерден кайрылуу үчүн «**115 шыр байланыш**» кызматы иштейт, ал стационардык жана мобилдик телефондордон – **115** кыска номерине чалуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат. Мындан тышкары, ар бир областта аймактык өкүлчүлүктөр бар, алар зарыл жардам көрсөтөт жана зарылчылык болгон учурда башка өкүлчүлүктөрдөн жана бийлик органдарынан же Акыйкатчынын борбордук аппаратынан адистерди ишке тартат.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени)